Б. С. Исаков, Ч. Ь. Исакова



# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ 8

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби




## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Желеги



## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

*Сөзү: Ж.Садыков, Ш.Кулуевдики.*
*Обону: Н.Давлесов, К.Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Алатоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*

Алгалай бер кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер.
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма.*

Б. С. ИСАКОВ, Ч. Б. ИСАКОВА

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

Орто мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби

*Экинчи басылышы*

*Кыргыз Республикасынын билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги бекиткен*

город

"Билим-компьютер"
Бишкек 2007

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я721
И85

Бул окуу китебинин 1-басылышы 2002-жылы Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлиги менен Кыргыз билим берүү институтунун ортосунда окуу китептерин чыгаруу боюнча түзүлгөн № LC TPS1 келишимдин негизинде даярдалган.
Башкы менеджери – И. Б. Бекбоев
Менеджери – Т. Р. Орускулов

*Рецензиялагандар: А. Акматалиев, Н. Ишекеев.*

**Исаков Б. С., Исакова Ч. Б.**

И85 Кыргыз адабияты: Орто мектептердин 8-кл. үчүн окуу китеби. –2-бас. «Билим+компьютер», 2007.– 384 б.: ил.

ISBN 9967–426–28–4

И 4306020400–07

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я721

© Исаков Б. С., Исакова Ч. Б., 2007
© КР Билим, илим жана жаштар саясаты министрлиги, 2007
© «Билим+компьютер» 2007

ISBN 9967–426–28–4

## *АЛКОО*

*Айдан аман, жылдан эсен бол! Кырман толо дан, үй толо жан, короо толо мал, карын толо май, куржун толо курут, мектеп толо бала болсун. Бардык ийгилик, барчылык сага маңдай тер, адал мээнет менен келсин. Сени сабырдуулук, кайрымдуулук коштосун. Ар-намыстын кулу бол. Адилет бол, жакшылык кыл. Колуңан иш келип, сени билим, өнөр, агынан жарылган пейил, ыйман-ызаат, нарк-насил, парасат жана капиет алган өмүр жылоолосун. Ысык-суукка чыдамдуу, бар-жокко, ачка-токко байымдуу бол, жакшылык-жамандыкты көтөрө бил. Көрө-көрө көсөм бол, сүйлөй-сүйлөй чечен бол.*

*«Кайрылып жерди карасам, кара боорум эзилет, карай берсем көз тойбой, кара көзүм тешилет»,– деп аялзаттын паашасы Каныкей айткан, «Ак мөңгү жаткан төрүндө, ак тайлак болуп суналып, адырдан чуурийт кой-эчки, ала аркан болуп чубалып»,– деп улуу акын Жеңижок, «Алда кайдан кебез тартып келаткан кербенчинин төөлөрүндөй чубашып», – деп Алыкул, «Карааныңдан кагылайын Алатоо, калкып жаткан кандай укмуш немесиң»,– деп Мидин ырдаган калкагар тоо, Ата Журт, башкача айтканда, жер соорусу – Сары Өзөн Чүй, түрүлгөн түмөн байлыктуу – Ош, кымыздай чөйчөгүндө сапырылган, бир кезде Махмуд Кашкары дүйнөнүн борбору деп атаган – Ысыккөл, жер чүрөгү – Аркыт менен Арстанбап, мал киндиктүү – Нарын, Манас байырлаган – Талас, кыскасы, ынтымактуу, ырыс-кешиктүү, күнкорсуз Мекениң Кыргызстан, эли-журтуң кут болсун! «Эртең менен болгондо, тоо башынан күлөсүң, нур канатың талыкпай, сапар тартып жүрөсүң», – деп Барпы ырдаган күн жарыгы сага буйрусун. Өзүң да нур чач. Жылдызың жаркырап, жарыгың өчпөсүн. Теңир жалгап, Манастын аруу дүйнөсү колдоп, эрешен тарткан эр болгун. Коломтонун чогу өчпөй, дайыма кереге кенен, уук узун, чамгарак бүтүн, заман кең, өлкөң тынч болсун. Талаа чөл, токой токол, эр азамат маңкурт болуп тозбосун. Бар бол, көп жаша. Учуң узарып, канатың жайылып, элдин керегине жара. Мал чачар эмес, журт багар атуул бол, келечек ээси.*

**I БАП**

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БАЙЫРКЫ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ

*«...Мен калың жоого катуу тийип салгылашып, бирок элимдин өзөгүн өрттөп, андан бөлүндүм. Аттиң! Мен, Барс, жердеги эрдигиме, иштериме жете канбай кеттим»*

Барс-бекке арналган эстеликтеги жазуудан

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАР ЖӨНҮНДӨ

Көөнө түрк доору VI–X кылымдарды кучагына камтыйт. Бирок ошол доордо жашаган түрк тилдүү тайпалардын ичинде **кыргыздар жөнүндөгү дарек** баарынан улуулук кылат. Оболу, «түрк» деген аталыштын өзү да «кыргыз» аталышынан 700 – 800 жылга кичүү.

**Академик В. В. Бартольд** (1869–1930) – Орто Азия менен Борбордук Азиянын орто кылымдагы тарыхын изилдеген көрүнүктүү орус окумуштуусу. Ал 1927-жылы жазган **«Кыргыздар. Тарыхый очерк»** деген эмгегинде кыргыздардын байыркы замандан соңку жаңы доорго чейинки тарыхына кыскача мүнөздөмө берет. В.В. Бартольд ошол изилдөөсүндө минтип жазган: «Кыргыздар – Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек».

Академик В. В. Бартольддун кыргыздар жөнүндөгү үңгүлүү сөзү эмнеден көрөңгөлөнгөн? Дүйнөлүк чыгыш таануу илимин баа жеткис тарыхый булактар менен камсыз кылган орус илимпозу Н. Я. Бичурин (1777–1853-жылдарда жашаган, кечил, улуту чуваш) Россия мамлекетинин тапшырмасы боюнча Пекинде кызмат өтөп жүрүп, кытай тилин эң сонун үйрөнүп алат. Анан кытай, манжур тилиндеги тарыхый китептерди сатып ала берген. Кийин Россияга ошол китептерди, кол жазмаларды буюм-тайымдар менен кошо 15 төөгө жүктөп келген. Бул өтө бай казына эле. Н. Я. Бичурин анан кытай тилиндеги даректерди орусча которуп жазат. Бул эмгектерде башка элдер менен кошо байыркы жана орто кылымдагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар арбын кездешет. В. В. Бартольд жана башка окумуштуулар Н. Я. Бичуриндин (аны Иакинф деп да аташкан) тарыхый даректерин кең-кесири пайдаланып, изилдөө ишин жүргүзүшкөн.

**Кыргыздар жөнүндө кытайдын тарыхый жазмалары** кандай даректерди берет? Б.з.ч. III–I кылымдардагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар кытай элинин улуу тарыхчысы Сыма Цяндын (б.з.ч. 145–86-жж.) «Тарых жазмалары» жылнаамасында, биздин замандын I кылымында Бенгу (32–92-жж.) түзгөн «Ханнаама» тарыхый жылнаамасында чагылдырылган. V, X, XI кылымдарда жана андан кийинки жазылган кытай тарыхый китептеринде да кыргыздар жөнүндө толгон токой маалыматтар бар. Демек, кыргыз элинин жашап өткөн доору жөнүндөгү изилдөөлөр, тыянактар, ой жүгүртүүлөр (анын ичинде В. В. Бартольд, Н. Я. Бичурин ) кытайдын тарыхый жылнаамаларынан көрөңгөлөнөт.

Кытайдын тарыхый чыгармаларында **кыргыздар жөнүндөгү биринчи маалымат** б.з.ч. 201-жылдан башталат. Анда «...баатыр теңир кут... кийин түндүктөгү ангиз, чушур, төлөс, кыргыз ... элдерин бой сундурду», («Кыргыздар», IV китеп, «Кыргызстан», Бишкек, 1997, 92-б.) – деп жазылган. Мындагы «баатыр теңир кут» тарыхта Маодун деген ат менен белгилүү. Ал гунндардын б.з.ч. 209-жылы такка отурган башчысы. Маодун батыштан 26 мамлекетти баш ийдирип, түндүктөн кыргыз сыяктуу бир катар элдерди б.з.ч. 201-жылы багындырып алган. Андан соң б.з.ч. 99-жылдан кийин кыргыздар жөнүндө кайра сөз уланат. Ли Лин – кытай колбашчысы, ал 5 миң жөө жоокерди баштап гунндардын 80 миң аскери менен 8 күн кармашып, каршылашынын он минден ашуун жоокерин катардан чыгарат. Бирок күчтүн тең эместигинен жана азык-түлүктүн түгөнгөндүгүнөн Ли Лин гунндарга багынып берген. Анын колго түшүп бергенин уккан кытай бийлиги Ли Линдин үй-бүлөсүн бүт мууздатып салган. А гунндардын теңир куту (падышасы) бул кол башчыга башкача сый мамиле жасаган, Ли Линге өз кызын колукту кылып берген жана ага хан мансабын ыйгарып, кыргыз аймагын башкарткан. Гунндар менен бирдикте Ли Лин жетектеген кыргыздын атчан жоокерлери б.з.ч. 90-жылы кытай аскерин талкалап, аларды жеңилишке дуушар кылган. Ли Линден кийин (ал б.з.ч. 74-жылы кайтыш болгон) кыргыздарды анын уулу башкарып калган. Гунндардын б.з.ч. 56-жылдагы өз ара бийлик талашына кыргыздар катышат. Учурдагы боло калган мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, кыргыздар чет элдик баскынчылардын бийлигинен кутулат. Бирок бул көпкө созулбайт, Чжичжинин жетекчилиги менен жортуулга чыккан гунн аскерлери б.з.ч. 49-жылы кыргыздарды талкалайт да, анан Каңгай, Турпан аймактарынан жер ооду кылып көчүрүп жиберет *(бул маалыматтарды «Манас» эпосун үйрөнүүдө эске ал)*. Өзүнүн жоокерлерин кыргыздар менен толуктаган Шанүй Чжичжи Минсуу-ну, Энесай боюндагы элди өзүнө баш ийдирген. Ошентип, ушул кезден кыргыздар Борбордук Азиядан жаңы мекени Энесайга журт которо баштайт. Гунндарды кытай аскери б.з.ч. 36-жылы таш талканын чыгара талкалайт жана Чжичжи өлтүрүлөт.

**Энесайга журт которуп** келгенден кийинки I–V кылымдардагы кыргыздар жөнүндө тарыхый жазмаларда эч нерсе айтылбайт. Бирок Таш маданиятына тиешелүү археологиялык изилдөөдөн алынган маалыматтар ошол тарыхый жазмалар калтырып кеткен боштукту аздыр-көптүр толуктап, кыйыр түрдө тарыхый деректерди тартуулайт. Ошентип, бул мезгилде европеоид расасындагы угор, самодий тилдеринде сүйлөгөн калк түрктөшүп, кыргыздашып кеткенин көрөбүз. Демек, кыргыздар өздөрүнө бөлөк элдерди да сиңирип алган.

Түштүк Сибирдеги мамлекеттүүлүктү негиздеген эл кыргыздар болгон. **Мамлекеттин аты Кыргыз деп аталган.** VI–VII кылымдарда аны ажо башкарган. Ажо кышта суусар тебетей, жазда алтын түймөлүү, тик төбөлүү кайырма калпак киерин, кыргыздар кызыл түстү ыйык деп түшүнөрүн, суу, чөп теңирлерине сыйынышарын, бакшыларын «кем» деп аташарын, таруу, буудай, арпа айдашып, жаргылчак менен ун тартып алышарын, калкынын саны бир нече жүз миң, аскери сексен миң экенин, алтын, темир, калай иштетип, куралдары курч болорун, төө, жылкы, уй, кой багарын, кайтыш болгонду отко өрттөп, күлүн бир жылдан кийин жерлигине коюп, аш беришерин, төө оюну, шер оюну, ат оюну, аркан оюну өңдүү оюндарды ойношорун, *эл ээси, тутук, яргут, доргон, саргун, таркан* деген мансап даражалары болорун, мыйзамы өтө катаалдыгын, урушта качкандарын, элчиликке жибергенде милдетин аткарбагандардын, мамлекет иштери жөнүндө ушак-айың тараткандардын жана уурулук кылгандардын башы алынарын, баласы уурулук кылса, анын башын кесип, атасынын мойнуна өлөр өлгөнчө илип коюшарын ж.б. жөнүндө кытай тарыхчылары Оящшу (1007–1072-жж.), Сунчи (998–1061-жж.) жазып калтырышкан. Жогорудагы «шер оюну» дегенди Н.Я. Бичурин үйрөтүлгөн арстандар оюну экенин, ал кыргыздарда кеңири таралганын айтат. Атактуу кыргыз жазуучусу Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романында элибиздин арстан жарыштырып, үлпөт өткөргөнү эң сонун жазылган.

Кыргыз элинин **көз карандысыздык үчүн күрөшү** VI–VII кылымдарда жана андан кийин да улантыла берген. 554–555-жылдарда Кыргыз мамлекетин түрктөр багынткан жана кыргыздардан кулдарды жана метеориттен, темирден жасалган курч кылыч, канжарларды алып турушкан. 630-жылы Түрк кагандыгынын кулашы менен кыргыз элинин колуна эркиндик тийген. Бирок ошол кезде кыпчактардын түпкү теги болгон сир уруусу күч алып, чыгыш түрктөрүн бүт, анын ичинде кыргыздарды да өзүнө караткан. Кыргыз мамлекети күч ала баштайт да, 648-жылы өз элчилерин биринчи жолу Кытайга жиберип, өзүнүн көчмөндөрдүн арасындагы ал-абалын бекемдеш үчүн колдоо издеген. Ошентип, Кыргыз мамлекетинин аскердик кубаттуулугу да чыңдала берген. VII кылымдын аягында Борбордук Азияда ири



саясий өзгөрүүлөр болуп, II Түрк каганаты уюштурулат да, ал коңшу элдерге коркунуч туудура баштайт.

Ошол кубаттуу II Түрк каганатына каршы күчтүн башында **Кыргыз мамлекетинин ажосу Барс-бек** турган. VII кылымдын этегинде Кыргыз мамлекетинин күчүн, аны менен эсептешүүгө мүмкүн экендигин эске алган да, Түрк каганы Барс-бекке Ынанчу Алп Билге деген ардактуу наам берген. Бирок Түрк каганаты тынчтанып калган эмес. Алар Кыргыз мамлекетине кол салган, бирок ийгиликке жетишпей, жортуул тынчтык келишими менен аяктаган. Келишимдин шарттарына ылайык Түрк каганы Капаган Барс-бекти каган деп тааныган жана өз кызын (кээ бир материалдарда жээнин) колуктулукка берген. 709-жылы түрк кошуундары аз жана чик урууларын караткан да, 711-жылдын кышында Көгмөн (Саян) тоосун ашып өтүп, Кыргыз мамлекетин басып алып, жеңишке жетишет.

745-жылы **уйгур каганаты** күч алат да, II Түрк каганатын кыйратат. Уйгурлар кыргыздарды 758-жылы каратып алат. 759-жылы кыргыздар көтөрүлүш чыгарат, бирок жеңилип калат. Ошого карабастан, Кыргыз мамлекети уйгурларга каршы тынымсыз күч топтой берген. Кыргыз аскерлеринин саны жүз миңге жетип, анын ичинде дайыма кызмат өтөөчү кошуундар түзүлгөн. 818-жылы кыргыз ажосу өзүн каган деп жарыялайт, бул уйгурларга каршы согуш жарыялоо менен барабар чечим болгон. Ошентип, 820-жылы уйгур каганы кыргыздарды талкалоо үчүн аскерин жөнөтөт. Ошондон соң 20 жылга созулган кыргыз-уйгур согушу башталган да, ал 840-жылы уйгурлардын талкаланышы менен аяктаган. Качкан уйгурлардын артынан сая түшкөн кыргыз колу 843-жылы Чыгыш Түркстанга кирип, Аньси, Бешбалык шаарларын каратып алган. Ошентип, уйгурларды жеңген соң, кыргыздардын күчтүү державасы – улуу мамлекети түзүлгөн. Бирок бул бийлик узакка созулбастан, улам солгундай берген. X кылымда кыргыздардын колунда Алтай менен Жуңгария гана калат. XI–XII кылымдардагы кыргыздар жөнүндө маалыматтар өтө аз. Моңголдук басып алуулар башталар алдында кыргыздардын ээлигинде инал башкарган эки-үч гана чакан аймак калган.

1207-жылы **Чыңгызхан улуу баласы** Жучини Түштүк Сибирди багындырууга жөнөткөн. Урус-иналдын (санжырада Ырыстаркан деп айтылат) карамагындагы кыргыздар кан төгүүнүн максатсыздыгын билип, Жучини тартуу менен тосуп алган. Ошентип, кыргыз ээлигиндеги үч аймак: Орто Энесай, Тува, Алтай Чыңгызхандын империясынын тутумуна кирген. 1217–1218-жылдарда кыргыздар моңголдорго каршы көтөрүлүш жасашкан, бирок жеңилүүгө учураган. Ошентсе да кыргыздар күрөшүн токтотушкан эмес. Орто Азиядагы моңгол башкаруучусу Хайдунун макулдугу жана кабылдоосу менен кыргыз төбөлдөрү Энесайды баш-

**Энесайга журт которуп** келгенден кийинки I–V кылымдардагы кыргыздар жөнүндө тарыхый жазмаларда эч нерсе айтылбайт. Бирок Таш маданиятына тиешелүү археологиялык изилдөөдөн алынган маалыматтар ошол тарыхый жазмалар калтырып кеткен боштукту аздыр-көптүр толуктап, кыйыр түрдө тарыхый даректерди тартуулайт. Ошентип, бул мезгилде европеоид расасындагы угор, самодий тилдеринде сүйлөгөн калк түрктөшүп, кыргыздашып кеткенин көрөбүз. Демек, кыргыздар өздөрүнө бөлөк элдерди да сиңирип алган.

Түштүк Сибирдеги мамлекеттүүлүктү негиздеген эл кыргыздар болгон. **Мамлекеттин аты Кыргыз деп аталган.** VI–VII кылымдарда аны ажо башкарган. Ажо кышта суусар тебетей, жазда алтын түймөлүү, тик төбөлүү кайырма калпак киерин, кыргыздар кызыл түстү ыйык деп түшүнөрүн, суу, чөп теңирлерине сыйынышарын, бакшыларын «кем» деп аташарын, таруу, буудай, арпа айдашып, жаргылчак менен ун тартып алышарын, калкынын саны бир нече жүз миң, аскери сексен миң экенин, алтын, темир, калай иштетип, куралдары курч болорун, төө, жылкы, уй, кой багарын, кайтыш болгонду отко өрттөп, күлүн бир жылдан кийин жерлигине коюп, аш беришерин, төө оюну, шер оюну, ат оюну, аркан оюну өңдүү оюндарды ойношорун, *эл ээси, тутук, яргут, доргон, саргун, таркан* деген мансап даражалары болорун, мыйзамы өтө катаалдыгын, уруштан качкандарын, элчиликке жибергенде милдетин аткарбагандардын, мамлекет иштери жөнүндө ушак-айың тараткандардын жана уурулук кылгандардын башы алынарын, баласы уурулук кылса, анын башын кесип, атасынын мойнуна өлөр өлгөнчө илип коюшарын ж.б. жөнүндө кытай тарыхчылары Ояцшу (1007–1072-жж.), Сунчи (998–1061-жж.) жазып калтырышкан. Жогорудагы «шер оюну» дегенди Н.Я. Бичурин үйрөтүлгөн арстандар оюну экенин, ал кыргыздарда кеңири таралганын айтат. Атактуу кыргыз жазуучусу Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романында элибиздин арстан жарыштырып, үлпөт өткөргөнү эң сонун жазылган.

Кыргыз элинин **көз карандысыздык үчүн күрөшү** VI–VII кылымдарда жана андан кийин да улантыла берген. 554–555-жылдарда Кыргыз мамлекетин түрктөр багынткан жана кыргыздардан кулдарды жана метеориттен, темирден жасалган курч кылыч, канжарларды алып турушкан. 630-жылы Түрк кагандыгынын кулашы менен кыргыз элинин колуна эркиндик тийген. Бирок ошол кезде кыпчактардын түпкү теги болгон сир урууcу күч алып, чыгыш түрктөрүн бүт, анын ичинде кыргыздарды да өзүнө караткан. Кыргыз мамлекети күч ала баштайт да, 648-жылы өз элчилерин биринчи жолу Кытайга жиберип, өзүнүн көчмөндөрдүн арасындагы ал-абалын бекемдеш үчүн колдоо издеген. Ошентип, Кыргыз мамлекетинин аскердик кубаттуулугу да чыңдала берген. VII кылымдын аягында Борбордук Азияда ири



саясий өзгөрүүлөр болуп, II Түрк каганаты уюштурулат да, ал коңшу элдерге коркунуч туудура баштайт.

Ошол кубаттуу II Түрк каганатына каршы күчтүн башында **Кыргыз мамлекетинин ажосу Барс-бек** турган. VII кылымдын этегинде Кыргыз мамлекетинин күчүн, аны менен эсептешүүгө мүмкүн экендигин эске алган да, Түрк каганы Барс-бекке Ынанчу Алп Билге деген ардактуу наам берген. Бирок Түрк каганаты тынчтанып калган эмес. Алар Кыргыз мамлекетине кол салган, бирок ийгиликке жетишпей, жортуул тынчтык келишими менен аяктаган. Келишимдин шарттарына ылайык Түрк каганы Капаган Барс-бекти каган деп тааныган жана өз кызын (кээ бир материалдарда жээнин) колуктулукка берген. 709-жылы түрк кошуундары аз жана чик урууларын караткан да, 711-жылдын кышында Көгмөн (Саян) тоосун ашып өтүп, Кыргыз мамлекетин басып алып, жеңишке жетишет.

745-жылы **уйгур каганаты** күч алат да, II Түрк каганатын кыйратат. Уйгурлар кыргыздарды 758-жылы каратып алат. 759-жылы кыргыздар көтөрүлүш чыгарат, бирок жеңилип калат. Ошого карабастан, Кыргыз мамлекети уйгурларга каршы тынымсыз күч топтой берген. Кыргыз аскерлеринин саны жүз миңге жетип, анын ичинде дайыма кызмат өтөөчү кошуундар түзүлгөн. 818-жылы кыргыз ажосу өзүн каган деп жарыялайт, бул уйгурларга каршы согуш жарыялоо менен барабар чечим болгон. Ошентип, 820-жылы уйгур каганы кыргыздарды талкалоо үчүн аскерин жөнөтөт. Ошондон соң 20 жылга созулган кыргыз-уйгур согушу башталган да, ал 840-жылы уйгурлардын талкаланышы менен аяктаган. Качкан уйгурлардын артынан сая түшкөн кыргыз колу 843-жылы Чыгыш Түркстанга кирип, Аньси, Бешбалык шаарларын каратып алган. Ошентип, уйгурларды жеңген соң, кыргыздардын күчтүү державасы – улуу мамлекети түзүлгөн. Бирок бул бийлик узакка созулбастан, улам солгундай берген. X кылымда кыргыздардын колунда Алтай менен Жуңгария гана калат. XI–XII кылымдардагы кыргыздар жөнүндө маалыматтар өтө аз. Моңголдук басып алуулар башталар алдында кыргыздардын ээлигинде инал башкарган эки-үч гана чакан аймак калган.

1207-жылы **Чыңгызхан улуу баласы** Жучини Түштүк Сибирди багындырууга жөнөткөн. Урус-иналдын (санжырада Ырыстаркан деп айтылат) карамагындагы кыргыздар кан төгүүнүн максатсыздыгын билип, Жучини тартуу менен тосуп алган. Ошентип, кыргыз ээлигиндеги үч аймак: Орто Энесай, Тува, Алтай Чыңгызхандын империясынын тутумуна кирген. 1217–1218-жылдарда кыргыздар моңголдорго каршы көтөрүлүш жасашкан, бирок жеңилүүгө учураган. Ошентсе да кыргыздар күрөшүн токтотушкан эмес. Орто Азиядагы моңгол башкаруучусу Хайдунун макулдугу жана кабылдоосу менен кыргыз төбөлдөрү Энесайды баш-

карып, мамлекеттүүлүктү калыбына келтиришкен. Моңголдун улуу ханы Хубилай «душманды душмандын колу менен жок кылуу керек»,– деп карамагындагы кол башы кыпчак Тутуханын көчмөндөрдөн түзүлгөн армиясын каптаткан, натыйжада 1293-жылы кыргыздар толугу менен багындырылган. Кыргыздарды куткарууга Хайду жиберген, башында Болоч турган моңгол аскери да Тутуханын колунан талкаланган. Ошондон кийин моңголдор көтөрүлүшкө активдүү катышкан кыргыздарды Энесайдан Жунгарияга, Амурга, Шандунга чачыратып, жер ооду кылып көчүрүп жиберишкен. Ошону менен 1293-жылы кыргыз мамлекеттүүлүгү тыптыйпыл талкаланып жок болгон.

## БАЙЫРКЫ ОРХОН-ЭНЕСАЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ

Негизинен **байыркы Орхон-Энесай жазма эстеликтери** байыркы түрк жазмасынын тутумуна кирет. Алар Орхон жана Эне-сай дарыяларынын бойлорунан табылган VII–IX кылымдарга таандык ташка чегилген жазуулар. Маселен, ага Күлтегинге, Могилянга (Билге каганга), Тонукөккө, Моюн-чурга арналган, андан башка да жүзгө жакын майда эстеликтеги ташка, карапага, жыгачка түшүрүлгөн жазуулар тиешелүү.

Энесайга журт которуп келгенден кийин Түштүк Сибирде алгачкы мамлекеттүүлүктү негиздеген эл кыргыздар болгон. VI кылымдан баштап Кыргыз мамлекети деп атала баштаган. Ошол мамлекетте жазуу-сызуу калыптанган жана өнүккөн. 1992-жылы жарыяланган илимий популярдуу очеркте: «VII кылымда кыргыздардын менчик жазмасы жаралган. Энесай менен Тывада табылган 120дан ашуун байыркы кыргыз жазмасынын эстеликтерин эске алганда, элдин сабаты жогору болгон», – деген жыйынтык чыгарылган. («Кыргызская диаспора зарубежом». Б., «Мектеп», 1992. 11-б.) С.Е. Маловдун «Байыркы түрк жазма эстеликтери» (1953), «Түрктөрдүн Энесай жазмалары» (1951) деген эмгектеринде көпчүлүк эстеликтер байыркы кыргыз тилине таандык деген ой айтылса, окумуштуу Л. Базен азыркы хакас жана тыва жерлеринен табылган жазуулар ошол жерде жашаган кыргыздар тарабынан жазылган болуу керек деп божомолдойт.

Кытай окумуштуусу Ян Рухлинин мындай деп жазганы бар: «Кытай жана чет элдеги байыркы жазма даректерге негизденгенде, **кыргыздар түрк улуттарынын** ичинде эң алгачкы жазуу жараткан улут экендигин көрүүгө болот». Француз тарыхчысы Шавамуни: «Тээ жаңы эранын кылымында эле кыргыздар Орхон-Энесай жазуусун колдонгон», – деп айткан. Кытайдагы кыргыз окумуштуусу Анвар Байтур: «Кыргыздар жаңы эранын V кылымынын баш ченинде 40 тамгалуу жазууну пайдаланган»,– деп белгилеген. Демек, кыргыздар түрк элдеринин ичинен алгачкы жолу жазууну жараткан эл экендигин, V кылымдан баштап Орхон-Энесай жазмасын колдонгондугун байкоого болот.

Эмне үчүн байыркы Орхон-Энесай жазмалары түрк элдери үчүн орток мурас болуп саналат? Ооба, Орхон-Энесай жана Талас жазма эстеликтери түрк элдери үчүн орток мурас, ошол себептен «Байыркы түрк жазма эстеликтери» деп аталат. Бирок жогоруда айтылгандарды эске алсак, анда бул жазмалар байыркы кыргыздардыкы экендигине шек туудурууга болбойт. Демек, Орхон-Энесай жазма эстеликтерин «Кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери» деп атоо туура жана кадиксиз чындык. Албетте, так, кесе айтуу керек, «Кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери» деп атоо, же тескерисинче «Байыркы түрк жазма эстеликтери» деп атоону жокко чыгарбайт. Эмне үчүн? Себеби, кыргыздар түрк тилдүү элдердин тарыхта эрте кездешкен эң улуусу болгону менен, ал, баары бир, түрк тилдүү элдердин курамына кирет, б.а. кыргыздар түрктөрдүн бир салаасы, тили, дили бир, кандаш журт. Экинчиден, Махмуд Кашкары да: «Кыргыз, кыпчак, огуз... элдеринин нукура түркчө жалгыз тили бар» – деп жазып кеткен. Ошондуктан кыргыздар орток мурастын – байыркы түрк жазма эстеликтеринин негизги жаратмандарынын бири болуу менен, аларды өз тарыхы жана маданияты катары таанууга, изилдөөгө жана окуп-үйрөнүүгө акылуу.

Талас жана Энесай жазма эстеликтери Орхон жазма эстеликтеринен кичүүлүк кылабы? Илимпоз И. В. Кормушкин Таластан табылган руна сымал жазуулардын келип чыгышын IX кылымда бул жерге келген энесайлык кыргыздарга байланыштырат. Тетирисинче, С. Е. Малов, И. А. Батманов, В. В. Радлов, П. М. Мелиоранский сыяктуу окумуштуулар Орхонго караганда Таластагы жазуу алгачкысы болуш керек дешкен. Ж. Шериев: «Демек, рун жазуусу Таластан Энесайга, андан кийин Орхонго өткөн деген логикалык тыянак чыгат»– деп жазат. Кандай болгон күндө да, айрыкча, Энесай жана Талас аймактарынан табылгаӊ жазуу эстеликтеринин кыргыз элине таандыктыгы окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү бирдей жалпылыкты түзөт.

Бул байыркы Орхон-Энесай жазма эстеликтери илимге жана дүйнөлүк коомчулукка кандайча белгилүү болгон? Энесайдагы эстеликтер жөнүндө алгачкы жолу (1697-жылы) жазуу жүзүндө кабар кылган адам С. У. Ремезов болгон. Ал Сибирдин картасын түзүп жүрүп, бетине чегилип жазылган таш эстеликтерге туш болгон. Петр I убагында колго түшкөн швед туткуну Ф.И. Страленберг ата журтуна кайтканда, сүргүндө көргөн-билгендеринин негизинде эки китеп жазып, аны 1730-жылы өз тилинде жарыялайт. Бул эмгек тез эле англис, француз, испан тилдерине которулуп, европалыктар Энесайда нечен кылым мурда жазуу-сызуусу бар калк жашап, аларда бөтөнчө тамгалар менен чегилип

жазылган таш эстеликтер сакталгандыгын билишет. Немис натуралисти Д. Г. Мессершмидт да Энесайдагы жазуу таштар жөнүндө маалымдайт. Ошентип, бул эстеликтердин сырын ачууну көздөгөндөр көбөйөт. Страленберг, Мессершмидт да таштагы жазууларды окуй алышпагандыктан, аларды рун жазууларына – батыш германдардын байыркы убактагы ташка, сөөккө, жыгачка чегилген жазмасына окшоштурушат. «Демек, рун тамгасы пайдаланылса, анда ал немистерге тиешелүү жазма болушу мүмкүн» деген ой туулат. Финдер ата-бабасы ошол жактан ооп келгендигин, демек, Энесайдагы табылгалар ошолорго таандык экендигин айта башташкан. Натыйжада фин археологиялык коому Энесайдын Миң-Суусуна эки топ жөнөтүп, 8 сүрөттү, 32 таблицаны камтыган атласты 1889-жылы жарыялап жиберишти. Ошол эле жылы сибирдик археолог Н. М. Ядринцев Орхон өзөнүнөн жазуусу бар залкайган эки таш тапканын археологдордун жыйынында маалымдайт. Ошондон соң рун жазуусу деген сөз менен кошо алар «Орхон-Энесай жазма эстеликтери» деп атала баштаган. Ошентип, мындай жазуу эстеликтеринин аймагы улам кеңейип отуруп, Ч. Жумагуловдун эсеби боюнча таштагы жазма эстеликтердин Таластан, Ысыккөлдөн, Баткенден, Алайдан табылгандарынын саны жыйырмадан ашкан.

Орхон-Энесай жазма эстеликтери кандайча окулган? Өзүнүн Чыгыштан ооп барган тарыхын тактоого ынтызар финдер 1890-жылы Орхонго археологиялык экспедицияны, 1891-жылы ошондой топту орус академиясы да жөнөтөт. Натыйжада Орхон жазма эстеликтеринин эки атласы жарык көрөт. «Чын эле бул таштагы жазуулар кимдики?» – деп окумуштуулардын башы катат. Дагы да ошол эстеликтердин бул ишке өзү кол кабыш кылат, жазуусу бар таш тактанын төрт кырынын биринен кытайча жазуу табылат, анда бул таштар Билге менен Кул Тегинге арналып орнотулганы туюндурулат. Бул ишаратты дароо байкаган Дания окумуштуусу В.Л. Томсен алгач «түрк», «теңири» деген сөздөрдү окуйт. 1893-жылы 25-ноябрда Орхон-Энесай жазмалардагы бардык тамгаларды аныктайт. В. Л. Томсенге удаа орус түркологу В. В. Радлов да бул эстеликтерди окуп чыгып, 15ке жакын арипти тастыктайт, андан соң бардык эстеликтерди окуп, которуп чыгат. Ошентип, Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин сыры ачылды: бул жазмалар байыркы түрк элдерине таандык, ал түрк урууларынын тарыхый, маданий байлыгы жана адабий мурасы. Энесай жазууларында 39 тамга, Орхон жазууларында 38 тамга колдонулган. Сөздөр кош чекит, кээде бир чекит менен ажыратылган. Оңдон солду карай жазылып окулган. Энесай тексттери, кээде анын, тескерисинче, солдон оңду карай жазылган.

Орхон-Энесай жазма эстеликтерин өзүнчө көркөм мурас деп эсептөөгө болобу? Ооба, болот. Мисалы, даркан жазуучу



Т. Сыдыкбеков байыркы түрк жазууларын көркөм баян, болгондо да өз заманынын обонунда айтылган дастан, кошок, поэма экендигин белгилеген. С. Е. Малов Энесай жазмаларын «күмбөз поэзиясы» десе, И. Стеблева: «Күлтегин, Билге каган жана Тонукөк жазмаларын тарыхый баатырдык дастан»,– деп белгилеген. Өзбек жазуучусу А. Фитрат бул жазмаларды абалкы адабият катары караса, казак элинин улуу жазуучусу М. Ауэзов Орхон жазууларын оозеки чыгармачылыктын көөнө үлгүсү экендигин айткан. Ал эми Ж. Шериев: «Күлтегин, Билге каган, Тонукөк эстеликтери мазмун менен формасы жагынан да, ыр курулушу менен композициясы жагынан да байыркы түрк поэзиясынын чыныгы классикалык үлгүлөрү болуп саналат» деген жыйынтыкка келген. Ошентип, Орхон-Энесай жазма эстеликтери тарых, тил илимдери гана эмес, түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз калкынын да адабий көркөм мурасы катары эсептелери шексиз. Буга күмөн саноого болбойт.

## ОРХОН-ЭНЕСАЙ ЭСТЕЛИКТЕРИНЕН

### БАРС-БЕККЕ АРНАЛГАН ЭСТЕЛИКТЕГИ ЖАЗУУ

Барс-бек ким? Барс-бек – VII кылымдын аягы менен VIII кылымдын башында Кыргыз мамлекетин башкарган каган. Ал 711-жылы кыргыздар түрктөрдөн жеңилгенде, салгылашып жүрүп каза болот, сөөгү табылбайт. Бирок бир тууугандары ага арнап моло таш орнотуп, бооруна жоктоо сөздөрүн чегишкен.

Бул байыркы кыргыз жазуусун С. Г. Кляшторный окуган.

**Алдыңкы капталдагы жазуунун окулушу**

1. Он ай елтди өгүм а көлүрти элимке эрдем үчүн мен йерлердин.
2. Элим өкүнчүңө калын йагыка кыйматын тегипен адырылдым йыта.
3. Иниңизге ичиңизге инген йүкү илд түшүртиңиз.

**Сол капталдагы жазуунун окулушу**



Таш бетине чегилген жазуу.

4. Йердеки барс этигим а эрдемлигим а бекме (дим).
5. Атасыз алп эртиңиз ит утсар эрт (т) иңиз а инилиг бүрт үч а барс адырылма йыту.
6. (Бу?) атымыз умай бегимиз (бегмиз) биз уйа эр өзин алты эр алмадың йыта өзинчүм а көзүнчүм адырылма сечиленмү өгүрдим (из).

**Оң капталдагы жазуунун окулушу**

7. Алтун шыңа йыш кейики артчыл тог (г) ыл ат уд ачун а барсым адырылу барды йыта.

8. Төрт инелгү эртимиз бизни эрклиг адырта йыта.

9. Эр эрдем үчүн иним уйарын бөнүмин тике берти.

**Азыркы кыргыз тилине которулушу**

1. Он ай көтөрдү энем! Анан элиме келтирди. Эрдигим үчүн мен жерледим *(Энем мени он ай көтөрдү! Ал мени элиме тартуулады. Мен эрдик менен жашадым, түркүк болдум).*

2. Элим өкүнчүнө, калың жоого катуу тийдим, айрылдын. Аттиң! *(Мен калың жоого катуу тийип, салгылашып, бирок элимин өзгүн өрттөп, андан бөлүндүм. Аттиң!).*

3. Иниңизге, агаңызга инген жүгүн алып түшүртүңүз *(Ингендерге артып, агаларыңызга, инилериңизге тартуу-таралгаларды жөнөтүп турдуңуз).*

4. Жердеги Барс эрдигиме, эрдемиме бөкбөдүм *(Мен, Барс жердеги эрдигиме, иштериме жете канбай кеттим).*

5. Атасыз алп болдуңуз! Иттер (илбээсиндерди) кууганда, кош жанынан өттүңүз! Мүрт (ажал), инилериң менен кошо чири! О, Барс, айрылба! Аттиң! *(Сиз атасыз өсүп, эр болдуңуз. Тайгандарыңыз илбээсиндерди кууганда, конушубуздун жанынан зуулдап өтчү элеңиз! Мүрт (ажал), сен инилериң менен кошо чири! О Барс, бизди таштап кетпе! Аттиң!).*

6. (Биздин) аты-жөнүбүз Умай беги... (бекбиз). Биз уялаш алптарбыз. Сен өзүңө кошо алпты албадың! Күлүгүңдү албадың!

Өзүң кошо үч идишти албадың! Аттиң! О кымбатым» О кенчим! Бизден айрылба! Биз (мурда) кубанчубуз. *(Биздин аты-жөнүбүз Умай бегинен. Биз уялаш эрлерибиз. Алты эркекти сага кошо койбодук! Күлүгүңдү өзүңө кошо койбодук! Үч идишиңди кошо койбодук! О кымбатым! О берекем! Бизди таштаба! Биз мурда кубанчубуз).*

7. Алтын Сунга жышынын артыл! Тукумда! Атын, өгүзүн, дүйнөнү таштап менин Барсым кетти! *(Алтын Сунга токоюнунун кийиктери жер жайнап тукумдай бергиле! Менин Барсым жылкыларын, букаларын, жер үстүн таштап кете берди! Аттиң!).*

8. Төрт агаин азылзат элек. Бизди Эрклиг (жер алдынын билерманы, ажал) айрыды. Аттиң! *(Биз асылзат төрт агаин элек. Бизди Эрклиг (жер алдынын ханы, ажал) айрыды. Аттиң!).*

9. Эр эрдемим үчүн, инилеримин, агаларымын атагы үчүн мага (ушул) түбөлүк таш тигилди. *(Бул эстелик менин эрдигимин урматына, агаларымын, инилеримин атагы үчүн орнотулду.)*

(Эскертүү: *Кашаанын ичиндеги текст Т. Насирдинтегиндин эркин котормосу боюнча берилди. Бул негизги текстти толук түшүнүүгө жардам берет.)*



**Суроолор**

**1. Орхон-Энесай жазма эстеликтерине финдердин эки жолу экспедицияга жөнөтүлүшүнүн максаты эмнеде?**

**2. Кандай себептен байыркы түрк жазуулары «рун жазмасы» деп аталган? Мындай атоонун зарылчылыгы барбы?**

**3. Орхон-Энесай жазма эстеликтериндеги жазуу финдерге таандык болуш керек деген сыяктуу эле байыркы кыргыздарга таандык деп түшүнүү жаңылыштык эмеспи?**

**4. Бул жазууларды кыргыздарга таандык деп эсептөөгө кандай далилдерди келтире аласың?**

**5. Бул жазмаларды байыркы кыргыздардыкы деп атоо менен байыркы түрк жазмасы деп атоонун ортосунда кандай байланыш бар?**

**6. Кыргыздар скифтерге, сактарга, динлиндерге, усундарга ж.б. аралашкан, алар менен жуурулушуп кеткен. Ошентсе да тилин, салт-санаасын жоготпогону кандай? (Муну өз тилин унутуп коюшкан шаардык айрым кыргыз атуулдары менен салыштырып айтсаң да болот.)**

**Тапшырмалар**

**1.** Салыштыр: «Байыркы түрк жазмасын кыргыздар колдонгон» деген түптүү түшүнүк бар.

*а) «Энесай жазуусунун ариптери Орхон жазуусунан мурда жаралган»* (В. Бартольд): *б) «Орхонго салыштырганда, Энесай жазмалары бир кыйла улуулук кылат» (В. Радлов): в) «кыргыз жазмасын VII кылымдан эмес, VI кылымдан эсептµµ керек»* (пайда болушун) (В. Мелиоранский): *г) «Энесай жазмалары Орхон-Селенга жазууларынан 200—300 жыл мурда пайда болгон» (С.Е. Малов): д)* Балким, Энесай жазмасын кыргыздар, Орхон жазмасын түрктөр ойлоп тапкандыр?..

**2.** Тексттин окулушу менен кыргызчаланышында кандай окшоштук жана айырма бар? –... *Элим µкїнчїўµ калын йагыка кыйматын тепиген адырылдым йыта (бул С.Г. Кляшторныйдын окуганы) – Элим µкїнчїўµ, калыў жоого катуу тийдим, айрылдым. Аттиў!* (бул кыргызчаланышы).

*Элим* – элим, *µкїнчїў* – өкүнчүңө, *калып* – калың, *йагыка* – жоого, *кыйматын* – катуу, *тепиген* – тийдим, *адырылдым* – айрылдым, *йыта* – аттиң.

**3.** Байкоо жүргүз: «Эрдем» деген сөз окулушунда үч жолу кездешет: «эрдем үчүн», «эрдемлигим» жана «эрдем үчүн» болуп. Бул сөздөр кыргызчаланышында «эрдигим үчүн», «эрдигиме, эрдемиме», «эр эрдемиме» болуп которулган. Эркин котормодо «эрдем», «эрдик» деп таржымалданган. Т. Сыдыкбеков «эрдемди» «адеп» деп которгон.

Демек, «эрдем» деген байыркы кыргыз сөзү «эр», «эрдик», «адеп» деп которулган. Сенин оюңча, кайсынысы туура? Балким, «эрдеми» деген «эр» жана «деми» (кайраты) деген сөздөрдөн түзүлүп жүрбөсүн?

**4.** ... *«йердеки барс этигим а эрдемлигим а бекме (дим)» – «Жердеги Барс эрдигиме, эрдемиме бµкбµдїм!» – «Мен, Барс, жердеги эрдигиме,иштериме жете канбай кеттим!»* Барс-бектин иши менен эрдигине моокү канбай кетишин кайсы тарыхый окуялар менен түшүндүрө аласың?

**5.** Сөздүк түз: а) Байыркы кыргыз тилиндеги кайсы сөздөр азыр да өзгөрбөгөн. (Мисалы, *биз*), б) байыркы кыргыз тилиндеги кайсы сөздөр азыр таптаза колдонулбайт? Мисалы, *йыта*. в) кайсы сөздөр окшошураак? Мисалы, *алмадыў* – албадың. Булардын ар бирин өзүнчө жаз.

**6.** Көңүл бур: «Адырылдым» деген сөз текстте көп колдонулган. Бул сөздүн биринчи муунундагы «д» акырындык менен «й» же «ж» тыбышына

өтүп кеткен: адырылдым – айырылдым – айрылдым, адыраждым–ажырылтым–ажырадым. Уд–уй да ушундай. Ошондой эле байыркы тилде айрым сөздөрдөгү «й» тыбышы азыркы кезде «ж» тыбышы менен айтылат. Мисалы, йердеги–жердеги, йүн–жүн, йагыка–жоого, йыш–жыш ж.б.

## КҮЛТЕГИНДИН ЭСТЕЛИГИНДЕГИ ЖАЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ

«Күлтегин» – VII кылымга таандык түрк жазма эстелиги. Монголиянын аймагындагы Орхон дарыясынын жээгинде жайгашкан. Кошо-Йайдам деген жерде көлөмү 10,25 х 10, 25 м келген төрт бурчтуу күмбөз. Кире беришинде эки кочкордун, күмбөздүн ичинде таш баканын бедизи жана бир коломто бар. Эзелки убакта Күлтегин менен анын аялынын да бедизи (статуясы) болгон, бирок азыркы мезгилде Күлтегиндин бедизинин башы гана сакталып калган. Күмбөздүн сыртындагы таш мамыга Күлтегин жөнүндөгү чоң жана кичине көлөмдөгү тарыхый баян жазылган. Күмбөздөн Цайдам көлүн карай 3 километрдей аралыкка 160 балбал таш  тизилип коюлган.

Күлтегин – экинчи чыгыш түрк кагандыгынын таанымал кол башчыларынын бири. Билге кагандын тушунда Күлтегин менен анын кеңешчиси Тонукөк түргөш кагандыгына, кытайларга жана кыргыздарга каршы согушкан. Мисалы, Күлтегин 26 жашында Көгмөндү ашып барып, кыргыз журтун байкатпай басып алып, кыргыз каганын өлтүргөн. Ошол эле 711-жылы түргөштөрдү талкалайт. Күлтегин көп салгылаштарды башынан өткөрөт, эрдик көрсөтөт. Ал 47 жашында, кой жылы (731-ж.) өлгөн. Бул эстеликтеги жазууну Иоллыгтегин 732-жылы жаздырган. Ал Күлтегиндин иниси. Демек, Иоллыгтегин аты бизге жеткен туңгуч тарыхчы жана акын, таш китептин автору. Күмбөз 733-жылдын аягында бүткөрүлөт.


Күлтегинге арналган жазма эстелик эки бөлүктөн турат: I) кичине баян 13, II) чоң баян 56 бөлүмдөн куралган. «Аларда, – деп жазат илимпоз Ж. Шериев,– элдин таанымы, диний түшүнүгү, бийлик жүргүзүүнүн адилеттүү салты, элди бирибиримдикте кармоонун акыйкат саясаты, жол башчы, аскер башчылардын, эл башкаруучулардын адилет өкүлдөрү менен баатырдык ишмердиги эргүү менен берилет».

### Күлтегин эстелигиндеги ташка чегилген жазуунун тексти

Таштагы жазуунун үлгүсү

**1) Теңри тег теңриде болмыш түрк билге каган бу одке олуртум. Сабымын ту кети есидгил: алайу инийгүним (инийгүним) огланым, бирики огушым бузунум, бирийе шадапыт беглер, йыпайа таркат буйрук беглер, отуз ...**





***Кыска жазуудан. Жазманын азыркы тамга боюнча берилиши ушундай.***

**1) Үзе көк теңри асра йагыз йыр кылынтукда, экин ара киси оглы кылынмыс. Киси оглынта үзе эчүм апам Бумын каган Истеми каган олурмыш. Олурыпан түрк будунын илин төр (үс) ин тута бирмис ити бирмис ...**

*Көлөмдүү (чоң) жазуу ушундайча башталат.*

### Кыска кичине жазуу

Кыска жазуу Билге кагандын атынан баяндалат. Ал көп элди багындырып, көп жерге чейин жортуул кылат. Кыска жазууда анын төмөнкүдөй сөздөрү бар: «Алтын, күмүш, ичимдикти кыйналбай-кысталбай көп берип жүргөн табгач элинин сөзү таттуу... таттуу сөзү, жумшак асылы менен азгырып, ыраак калкты өзүнө жакын кылды. Жакын конгондон кийин азгырма билим (бузукулук) үйрөнүштү. Эстүү, билги кишини, эстүү алп кишини буза албас; бир киши жаңылса, көп журт тукумуна чейин кетер (жоголор) элең, таттуу сөзүнө, асыл тартуусуна алданып көп түрк эли өлдү». «Каган болуп, жарды элди бай кылдым, аз элди көп кылдым». «Түрк элин жыйып, эл тутканыңды, жаңылып бөлүнгөнүңдү  дагы ташка чектим». «Бул жер тогуз жолдун тоому болгондуктан, түбөлүк таш тургуздум, жаздырдым. Аны көрүп, билин».

### Көлөмдүү жазуу

Көлөмдүү жазуу 53 түрмөктөн турган, өзүнчө баш-аягы бар толук мазмундуу текст. Бирок ошол түрмөктөр алты баянга топтолгон.

*Биринчи баян.* Түрктөрдүн жалпы ал-абалы, табгачтар менен мамилеси (1–10 түрмөк). Жазууда төмөндөгүдөй ой-пикирлер айтылат:

«1) Үстүдө көк теңири, астыда кара жер жаралганда, экөөнүн ортосунда киши уулу жаралган ... Менин бабам Бумын каган, Истеми каган кандыкка отурган».

«2) ... кол баштап, төрт тараптагы элдин баарын караткан, баштуусун жүгүнткөн, тизелүүсүн чөгөлөткөн».

«3) Акылман кандар эле, буйругу да калыс, насааттуу эле, бектери да, эли да түз болгон эле. Ал үчүн элин узак башкарып, мыйзамын жүргүзгөн».

«4) Алар кергек болуш (көзү өттү). ... табгач, тибет, апар, пурум, кыргыз, үч курыкан, отуз, татар, кытан (кара кытай), татабы – мына ушунча журт келишип, ыйлашты-сыктапты».

«5) Андан кийин кан болушкан иниси агасындай, уулдары атасындай болбоду, буйругу да акылсыз, жаман болгон эле».

«6) Бектери журтка түз болбой калганы үчүн, табгачтын журтту кайраштырганы, жоолаштырганы, алдаганы, арбаганы үчүн, ага-ини арасында ырк бузулду. Түрк калкынын биримдиги бузулду».

«7) ... бек болгон уулдар кул болду, сулуу кыздарың күң болду. Түрк бектери түрк деген атын өчүрдү. Бектер табгач атын тутунду, табгач канына баш ийди».

«8) ... эми мындай деди: «Элдүү журт элем, эми элим кана? Ким үчүн журтту курадык? Каны бар элем, каганым кана? Кайсы канга ак эмгегибизди, күчүбүздү беребиз».

«9) Жоолашып, женип чыга албадык. Кайрадан табгачтардын бийлигине баш ийдик. Эмгегин, күчүн табгачка берүүнү каалабаган түрк журту мындай деди: «Мындан көрө өзүбүздү өлүмгө байлайбыз».

*Экинчи баян.* Элтерис каган жөнүндө (11–16 түрмөк). Анда Элтерис кагандын уюштуруучулугу, жортуулдары айтылат:

«10) ... түрк эли жок болбосун деп, атам Элтерис каганды, энем Элбилге катынды теңири колдоп, зоболосун жогору көтөргөн экен. Каган атам 17 эр менен тышка кетип, кол топтоду».

«11) ... жетимиш эр баш кошту. Теңири күч берген үчүн кан атамдын колу бөрүдөй, жоосу койдой болду».

«12) Жети жүз эр болуп, кансыз калган эл-журтту, күң, кул болгон элди курап, ата-баба мекенине кондурду».

«13) Оң жакта – түштүктө табгач эли жоо эле, сол жакта Баз каган, тогуз огуз эли... кыргыз, курыкан, отуз, татар, кытан (кара кытай), татаби – баары жоо эле».

14 –15) Каган атам кырк жети жолу жортуулга аттанды, жыйырма жолу найзалашты (салгылашты), теңир жалгаганы үчүн элдүүнү элсиз, кандууну кансыз кылдык. Жоону жок кылдык, тизелүүнү чөгөлөттүк, баштууну жүгүнттүк».

15 –16) Кан атам... элин, бийлигин куруп, учуп кетти (өлдү). Каган атама арнап, Баз каганды баштап балбал тиктик».

*Үчүнчү баян.* Капаган каган тууралуу (16–21 түрмөк).



(Текстте «агам», Т. Сыдыкбековдун котормосунда «таякем» деп берилет, бирок экөө тең эле Капаганга карата айтылат.)

«16) Агам кандыкка отуруп, түрк журтун курап, чыңап, жардыны бай кылды, азды көбөйттү».

«17) Каган агам менен бирге илгери Жашыл өзөнгө, Шаңтуң жайыгына ..., батышка Темир Капкага чейин жортуулдадык».

«18) Бардыгы 25 жолу жортуулдадык, 13 жолу сүңүштүк (сайыштык), элдүүнү элсиз кылдык, кандуусун кансыз кылдык, тизелүүнү чөгөлөттүк, баштуусун жүгүнттүк».

«19) Барс-бек эле, каган атагын мында биз бердик, карындашымды ага жар кылып бердик. Өзү жаңылды, каганы өлдү, эли күң, кул болду. «Көгмөн жер-суусу ээсиз калбасын», – деп аз кыргыз журтун курап келдик, сүңүштүк (сайыштык)...»

«20) Илгери (чыгышка) Кадыркан жышты (черди) ашып, журтту анда кондурдук, иретке келтирдик. Батышка Кеңү-Тарманга түрк журтун кондурдук, иретке келтирдик. Ал кезде кул кулдуу болгон эле, күң күңдүү болгон эле, иниси агасын билбес эле, уулу атасын билбес эле (жердин кенендигинен, алыстан айжылдап кабарлашып тура албагандыктан).

***Төртүнчү баян.*** Улуу насаат (22 –24 түрмөк)

«22 –23) Түрк, огуз бектери, журт эшитиң. Үстүдөгү теңири баспаса, астыда жер тилинбесе, түрк журту бийлигинди ким жоготот? Түрк эли өкүн! Көрө албастыгың үчүн акылман каганыңа, акыйкат мамлекетиңе каршы болуп, өзүң жаңылдың, өз тузуңа кара санадың. Сенде ынтымак болсо, алыстан жоо келмек беле. Алда кайдан найза сундургандар келмекпи? Ыйык Өтүкен жеринен айрылдың».

«23 –24) Бир кезекте сен чыгышты караттың, батышты караттың. Эми болсо сенин каның суудай агып, сөөгүң тоодой үйүлдү. Бек уулуң кул болду, сулуу кызың күң болду. Билбестигиң үчүн каган агам учуп кетти».

***Бешинчи баян.*** Билге каган (25–30 түрмөк)

*Мындагы сөздөр Билге кагандын атынан баяндалат.*

«25 –26) Түрк элинин аты, даңкы өчпөсүн деп, каган атамы, умай энеми теңири көтөрдү, түрк журтунун аты, даңкы жоголбосун деп, теңирим өзүмдү кандыкка отургузган эле. Мен телегейи тегиз журтка каган болбодум. Курсагы ач, тону жок, басынган, жарды журт эле. Иним Кул Тегин менен кеңештим».

«27) ...түрк журту үчүн түн уктабадым, күндүз отурбадым, иним Кул Тегин менен, эки шад менен өлүп-житип бараткандарды курадым».

«28) Журтумду ирдентейин деп түштүккө огуз журтуна ..., чыгышка кытай, татаби, сол жакка табгачка чейин кол баштап, он эки жолу жортуулга бардым ...»

«29) Теңирим жалгап, кутум бар үчүн, өлүп бараткан элди

тирилттим, ирденттим. Жыланач элди тондуу, жарды элди бай кылдым. Аз журтту көбөйттүм, бактысыз элге жакшылык кылдым».

«30) ... көп журтту ынтымакташтырдым, жоолаштырбадым, көбү мага багынды».

***Алтынчы баян.*** Күлтегиндин эрдиктери (30–53 түрмөк).

«30 –31) Каган атам учканда, Күлтегин жети жашта калды, он жашында Умай энемдей куттуу каныша энем Күлтегин деп эр атын койду. 16 жашында элин, бийлигин чыңдады, алты чуб согдыларга чейин жортуулдадык, чаптык. Табгачтын оң тутугу беш түмөн (50 миң) кол менен келди, салгылаштык».

«32) Ал колду анда жок кылдык. 21 жашында Чача Сөңүнгө чейин жортуулдадык».

«32 –34) Эң алгач Тадыкын Чурдун боз атын минип тийди, ал ат анда өлдү. Экинчи жолу Ышпара-Йамтардын боз атын минип тийди, ал ат анда өлдү, үчүнчү жолу Иегин-Сылык бектин кер тору атын минип тийди, ал ат анда өлдү. Жоо-жарагына жүздөн ашык ок тийсе да, башына бир ок да тийгизбеди. Тигил колду анда ушинтип талкаладык. Андан кийин улук Иркин жоо болду. Аны Турги-Иаргун көлүндө чаптык».

«34–36) Күлтегин жыйырма алты жашында кыргызды көздөй жортуулдадык. Сүңгү бою карды жиреп, Көгмен черин ашып, кыргыз журтун уйкуда бастык. Каганы менен Суңа токоюнда сүңүштүк (сайыштык). Күлтегин Байыркунун ак боз атына айгырына минип опуруп тийди; бир эрди ок менен учурду, эки эрин удаа сайды, ал чабышта Байыркунун айгырынын жамбашы сынды. Кыргыз канын өлтүрдүк, элин алдык».

«37–40) түрмөктөрдө «оттой жанып. Бороондоп келген» түргөш журту менен болгон оор согушту, аларды жеңип алгандыгы, Күлтегиндин эрдиктери баяндалат. Андан ары 41–44 түрмөктөрдө карлук, изгил журтун чапканы, 44–48-түрмөктөрдө тогуз огуз, тоңра уруусу жана огуздар менен салгылашканы айтылат. Күлтегин Азмандын ак боз атын минип көп эрдик жасаганы, тогуз эрди кубалап сайганына чейин даңазаланат».

«50) Иним Күлтегин көз жумду, мен муңайдым, көрөгөн көзүм көрбөй калды, билерман акылым мокоду, өзүм муңга чөктүм. Төбөдөгү теңиримдин буйругу ушундай экен, киши уулунун баары өлөр үчүн туулат».

«53) Он ок тукумуна – өзүмдүн Түргөш канымдан Макрач тамгачы, Огуз-Билге тамгачы келди; кыргыз канынан Тар-душ-Ынанчу Чур келди. Күлтегин кой жылы, тогузунчу айдын он жетинчи күнү учту, 27-күнү койдук. Алкадык (бата кылдык). Күлтегин 47 жашында булут болду ...»



## Суроолор

1. Ушул 53 бөлүмдү ичине алган алты баян өз ара байланыштуубу?

2. Күлтегин 731-жылы кайтыш болгон, 47 жыл өмүр сүргөн, 26 жашында кыргыздарды талкалоого катышкан, ошондо ал качан туулган жана кыргыздарга кайсы жылы кол салган? (Тактык үчүн айтылчу нерсе – түрк элдеринде, анын ичинде кыргыз калкында да кайтыш болгон кишинин жашына бир жашты кошуп эсептээрин эсиңен чыгарба. Ушул ыңгайдан алып караганда, Күлтегин 46 жашында дүйнөдөн кайтып, 47 жашта деп жерге коюлушу мүмкүн).

3. Биринчи баянда түрк элинин биримдиги эмне үчүн бузулуп калды?

4. Төртүнчү баянда «Түрк эли, өкүн!» делет. Мындай өкүнүүгө кириптер кылган эң башкы кемчилик кайсы?

## Тапшырмалар

**1.** 20-түрмөктө (үчүнчү баянды кара) жана 34 –36-түрмөктө (алтынчы баянда) түрктөрдүн Көгмөн черин ашып барып, кыргыздардын талкалагандыгы айтылат. Кандай, булар эки башка окуяны чагылтабы, же бир эле окуяныбы? Төмөнкү фактыларды пайдалан: 1) Элтерис каган 682 –691, Билге каган 761–734-жылдарда кандык кылган; 2) Капаган 693-жылы Кутлуг (бул Күлтегиндин атасы) көз жумгандан кийин каган болгон, кыязы, анын бийлиги Билге каганга чейин созулган өңдөнөт; 3) Барс-бек 711-жылы капыстан болгон согуштун кесепетинен булут болуп (кайып болуп) учуп кеткен; 4) Балким, 20-түрмөктүн өзү эки бөлүк окуядан турушу мүмкүндүр. Айрым изилдөөчүлөр түрк колу менен Барс-бек эки жолу катуу салгылашканын жазат, ортодо 14 жыл тынчтык болуптур. Анда ошол эки салгылашты 20 түрмөктүн кайсы саптарынан ажыратып бөлөр элең? Түрктөр менен Барс-бектин согушу качан болгон?

**2.** Көлөмдүү жазууда түрк калкынын биримдиги бузулуп калгандыгы (6-түрмөктө) айтылат. Анда биримдикти чыңоо үчүн 30 –40 жолу жортуулга чыгуу, согушуу, элдүүнү элсиз, кандууну кансыз кылуу, тизелүүнү чөгөлөтүү, баштууну жүгүнтүү (15-түрмөктү кара) керекпи? Анда согуш бир элди кырып-жойсо, экинчисин бириктирет экен да. Ушундайбы? Ушуларга таянып, байыркы доорго мүнөздөмө бер.

– Баса, жардыны бай кылуу, азды көбөйтүү (16-түрмөктө) үчүн да согушуу, тогуз огуз, кыргыз, курыкан, отуз татар, кытан (кара кытай), татаби (14-түрмөктү кара) деген журттарды чаап, талап-тоноп алуу керекпи?

– Албетте, биримдик өз элиңди коргоодо керек, ал эми башка калк, башка урууларды каратып алууда анын кереги барбы?

– Балким, тизелүүнү чөгөлөтүү, баштууну жүгүнтүү саясаты ири империяны – Түрк каганатын түзүү үчүн керек болгондур. Ошол мезгил үчүн туура болушу мүмкүн. Бүгүнчү? Тизелүүнү чөгөлөтүү, баштууну жүгүнтүү үчүн коңшулаш мамлекеттер менен согушуу керекпи? Кандай дейсиң?

– «Кутулбогондук – бирөө үчүн жеңиш, бирөө үчүн өлүм» деген ойду кайсы түрмөк менен байланыштырар элең?

**3.** Эгерде Күлтегин капыстан кол салбай, бетме-бет кармашка чыкса кыргыздар жеңилет беле? Же Түрк каганы менен кыргыз каганы бир колдон жең, бир жакадан баш чыгарган ынтымакта болсо, мындан ким утушка ээ болмок эле?

**4.** Төмөнкү алты мисалда кандай жалпылык бар?

1) Көлөмдүү жазууда «Үстүдө көк теңири, астыда кара жер жаралганда, экөөнүн ортосунда киши уулу жаралган» деген түшүнүк бар (1-түрмөктө).

2) Эпосто «Манас» баатырга «Асман менен жериндин тирөөчүнөн бүткөндөй» деген сыпат берилет. 3) «Энесайлык кыргыз эр» деген атчан кыргыз жоокеринин IX –X кылымда сүлүк ташка чегилген сүрөтү сакталып калган. Ал кыргыз жоокеринин куюшканында  белгиси коюлат. 4)  белгисин кыргыз ойчулу Чоюн Өмүралы уулу мындайча чечмелейт: баш жагы асман – теңир, аягы – жер, ортосундагы тирөөч – киши. Демек, асман менен жерди киши байланыштырып турат. 5) «Башы – көктө, буту – жерде, бул эмне?» деген табышмак бар. 6) «Төшү түктүү жер урсун, төбөсү бийик көк урсун!» деген баатырдык ант «Манас» эпосунда көп кездешет.

**Кошумча түшүнүк**

Орхон тексттеринин тилинде Энесай жазмасынын тилинен айырмаланган жерлери арбын. М.: Энесай жазмасында этиштер «берти, барды, огурдум, бекмедим, келүртим, йөрүмеди» түрүндө айтылса да, Орхон тексттеринде ушундай эле этиш сөздөр «олурмыш, кылмыс, йүкүнтүрмис, оурпан» түрүндө көбүрөөк кездешет. Иер, эл, Орхончо йир, ил кыргызча киши, этиш – орхончо киси, эсид. Бирок, Орхон жана Энесай жазууларында окшош сөздөр да көп. М.: Энесай текстинде будун, эр, оглан, алтун, йыш өңдүү сөздөр орхончо да ушундай.

**ИЗДЕ, ТАП, ОКУ!**

1. Т. Сыдыкбеков. Көк асаба. – Фрунзе, «Адабият», 1989.
2. Ч. Өмүралы уулу. Теңирчилик. Бишкек, «Крон» фирмасы, 1994.
3. Барс-бек – кыргыз кааганы. (Түзгөн – Т. Насирдинтегин). – Бишкек, «Ала-Тоо», 1993.

**II БАП**

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ КӨРКӨМ КАЗЫНАСЫ

*«... булардын ар бири өзүнчө зор дүйнө, түгөнгүс байлык»*

Ч. Айтматов

## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгы көп түрдүүлүгү, мазмунунун байлыгы, турмуштун чар тарабын байыркы убактагысынан бери кең-кесири, кенен-жайкын жана чебер чагылдыра алгандыгы менен калкыбыздын турмушундагы, рухий маданиятындагы мааниси опол тоодой. Элибиздин байыркылыгы, мамлекет болуп жашагандыгы, оомалуу-төкмөлүү тарыхый кырдаалдарга көп туш келгендиги, элдүүнү элсиз кылып жиберчү баскынчылардын таман астында эзилип жок болбой, кайра өжөрлүк, эрдик жана чыдамкайлык менен оожалып, нечен чилче таратылып, жер ооду кылып жиберилгенде да, өлгөндөн калганы биригип, Теңир ата, Умай эне, Манас ураанын чакырып, боор көтөрүп, бай салт-санаа, үрп-адатын, баарынан мурда, *тилин сактай алгандыгы* оозеки чыгармачылыкка түгөнбөс кулазык болуп берген. Эл өзү жөнүндө өзү ой жүгүртүп, келечегин коргоп калууга бүт акылын, рухий дөөлөтүн жумшаган. Кургак насааттын, супсак окуянын суу кечпестигин түшүнүп, аларды көркөм өнөрдүн асылзаадалык кудурети менен шөкөттөгөн. Мына ушундай көркөм кунар менен жабдылган элдик оозеки чыгармачылык нечен алымча-кошумчаларга, өксүүлөргө тушукса да, муундан-муунга, атадан-балага, улуудан-кичүүгө өтүп, муңбай, муун аралык маданий, тарыхый, рухий байланышты чыңап, өмүр сүрүүдө.

Мисалга кайрылалы. «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторун, Токтогул баштаган белгилүү кыргыз акындарынын чыгармаларын мындай эле коё туралы. Булардан тышкары азыркы кезде Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору китеп кылып басып чыгарууну ниет кылып даярдаган элдик оозеки чыгармалардын көлөмү 40 томдукту түзөт. Алардын бир нече томдору басылып чыгып, элдин колуна тийди. Не деген кенч, байлык. Жалаң эле «Айтыштар» төрт том! Ал эми «Багыш», «Толтой», «Эр Эшим», «Эр Болот», «Бостон», «Жолой кан», «Бегарстан», «Акбарак», «Ак Мактым», «Качкан кыз», «Кыз Сайкал» эпосторучу, толгон ырларычы! «Манас» эпосун айт, ал кыргыз элинин орошон чыгармачыл кудуретин күбөлөп турган айкөл

мурас эмеспи. Анын 1995-жылы миң жылдык маарекесинин бүткүл дүйнөдө жана элибизде белгилениши эпостун жалпы адамзаттык маани-мазмунга ширелгенин айгинелебейт бекен.

Оозеки чыгармачылыкты изилдеген илимпоздор кыргыз фольклорун үч чоң текке бөлөт: биринчиси – эпикалык тек, экинчиси – дидактикалык чыгармалар, үчүнчүсү – лирикалык жанр.

Эпикалык текке мифтер, легендалар, жөө жомоктор, эпостор, дастандар, тамсилдер кирет.

**Мифтер** – байыркы кыргыздардын жашоо-тиричилик тууралуу ой жүгүртүүлөрүнөн улам пайда болгон жаратылыш сырлары, кудайлар, ар кандай укмуштуу күчтөр жөнүндөгү чыгармалар. Алар кишинин жаратылышты али аңдап түшүнө элек мезгилинде ар кандай жоромолдун натыйжасында жаралып, муундан-муунга өтүп жашап келген туунду. Мисалы, кыргыз элинде «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу», «Жети каракчы», «Ак сары ат, көк сары ат» деген мифтер асман телолоруна байланыштуу чыккан.

**Легендалар** – керемет окуялар жана түшүнүктөр баяндалган, угуучулар жана окурмандар тарабынан чындыктай кабыл алынган чыгармалар. Мисалы, жер-суунун аттарынын келип чыгышына байланыштуу кыргыз элинде «Жетиөгүз», «Торуайгыр», «Санташ», «Кызкүйөө», «Шырдакбектин коргону» өңдүү легендалар бар.

**Жөө жомокторго** да элибиз өтө бай. Алар айбанаттар жөнүндөгү, укмуштуу (же кереметтүү), турмуштук жомоктор болуп үчкө бөлүнөт. «Айбанаттар жөнүндөгү укмуштуу жомоктордо, – деп жазат окумуштуу С. Закиров, – кайберендердин каарынан коркуп, таш болуп катып калган мергендер жөнүндө айтылган. Көгүчкөн болуп кубулуп жүргөн перинин кыздары жөнүндөгү жомоктор адамдардын магиялык күчкө ишенген мезгилинде пайда боло баштаган».

**Турмуштук жомоктордо** ошол элдин башынан өткөн тарыхы, турмушу чагылтылып, келечекке болгон кыялдары берилген. Бирок жомоктор канчалык апыртылып, укмуштуу айтылбасын андагы негизги идея адамдардын күндөлүк турмушундагы чындыкты чагылдырат. Жөнөкөй адамдардын жакшы-жаманга, адилеттүүлүккө, адамгерчиликке болгон мамилесин билгизет. Ошондуктан элдик жомоктордо тоону томкоргон дөөлөрдү, кара ниет кандарды жөнөкөй эле жетим бала жеңип чыгат». «Акылдуу дыйкан», «Акылкарачачтан» тартып, түлкүнүн жоруктарына чейинки эл жомоктору бул баланын нур чачып турган жаркын дүйнөсүнүн керемет, эч нерсеге салыштырылгыс бөлүгү. Улуттук нарк, таалим-тарбия, чыгармачыл ой жүгүртүү, элдик тилди сиңирип алуу келечек ээсине жомоктор аркылуу өтөт.

Демек, **жомоктор** – бул эненин ууз сүтүнө барабар касиет, ким андан татпаса, ал рухий жактан жарды жана чабал жан.



Жомокторду ким окубаса, ширелүү окуяларын каныга укпаса, ал улуттун мээр-шыбагалуу кенчинен кур жалак калат.

**Тамсил** – сатиралык мүнөздөгү көбүнесе ыр түрүндө жазылган кыска баян. Элибизде тамсилдер кара сөз түрүндө да айтылган. Мисалы, «Кыргый менен үкү», «Түлкү менен аюунун достугу», «Дыйкан менен доңуз» ж.б. Тамсилдерди Тоголок Молдо сыяктуу акындар ырга айландырышкан. Тамсилдин мүнөздүү белгиси – турмушту аллегориялык түрдө чагылдыруу. Демек, айбандар сүрөттөлүп жатканы менен, негизинен, түлкүдөй куу, койдой жоош, эшектей аңкоо, карышкырдай талоончул, коёндой коркок адамдар жөнүндө сөз кылынат.

**Эпостор** – элдин тарыхый турмушун, маданий-социалдык алабалын, карым-катышын, үрп-адатын, тилегин чагылдырган эпикалык түргө кирүүчү ыр түрүндөгү көлөмдүү чыгармалар. Кыргыз эпостору мүнөзү боюнча эки чоң топко бөлүнөт: 1) баатырдык эпостор, алсак «Манас» үчилтиги, «Курманбек», «Жаңыл Мырза», «Эр Табылды», «Жаныш Байыш», «Эр Солтоной», «Сейитбек», «Жоодарбешим». 2) турмуштук эпостор, мисалы, «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Сарынжы-Бөкөй», «Кедейкан». Баатырдык эпостордо элдин белгилүү бир тарыхый доорунда өткөн согуштук кагылыштары айрым бир баатырдын тегерегинде сүрөттөлсө, турмуштук эпостордо көбүнчө үй-бүлө турмушу, саясий-экономикалык абал басымдуулук кылат. Элибизде «Манас» үчилтигинен башкасын «кенже эпос» деп атоо салт болуп калган. Бул – «Манастын» көлөмүнө карата салыштырмалуу атоо. Болбосо, «Эр Төштүк», «Курманбек», «Кожожаш» ж.б. ондогон кенже эпостордун ар бири өзүнчө залкар чыгарма, алардын ар бири 5 миңден 20 миңге чейин ыр саптарынан турат.

**Дастандарда** (же элдик поэмаларда) окуялар эпостордогудай кеңири сүрөттөлбөйт, каармандын турмушундагы бир орчундуу келкиси гана алынат. Көлөмү чакан болот. «Эр Эшим», «Ак Мөөр», «Карагул ботом», «Кыз Мактым», «Аксаткын менен Кулмырза», «Жалайыр жалгыз» ж.б. чыгармалар дастан эсебине кирет.

**Дидактикалык чыгармаларга** макал, ылакап, жаңылмач, табышмак, калп, санат-насыят кирет. **Макал-ылакаптар** элдик акылмандыктан уюп бүткөн, курч, таамай сөздөр. Анда учкул ыргак да бар. Тарбиялык мааниси өтө зор: эрдикке, ынтымакка, калыстыкка, бир сөздүүлүккө, кең пейилдүүлүккө, намыстуулукка, кайрымдуулукка, ыйман-ызаатка, сабырдуулукка, тазалыкка, сулуулукка, жакшылык кылууга, сүйүүгө, ак ниеттүүлүккө, боорукердикке, акылмандыкка тарбиялайт, эки жүздүүлүктөн, ташбоордуктан, ачкөздүктөн, көрөалбастыктан, бузукулуктан, кара ниеттүүлүктөн, мээримсиздиктен, калпычылыктан, ушакчылыктан, арамзалыктан, ичи тардыктан, сараңдыктан, коркок-

туктан, арам тамактыктан, жан кечтиликтен сактанууга түрткү берет. Алар өтө кыска, бир же эки ыргактуу сүйлөм менен берилет. Макал-лакаптар керектүү учурунда айтылышы менен бутага дал тиет. Алар менен коргонууга жана жүйөгө жыгууга болот. Макалдар – байыртадан өйдө бассаң өбөк, ылдый бассаң жөлөк болгон акыл каражаты. Мисалы, Махмуд Кашкарынын «Түрк сөздөрүнүн жыйнагындагы»: «Киши аласы – ичтен, йылкы аласы тэштин», «Эки кочңар башы бир ашачта бышмас» деген макалдар X кылымдан мурда да колдонулуп келгенин билдирет, анткени макал бир күндө жаралбайт, ал элдин эсинде алтындай кастарланып сакталат, ошондуктан бүгүнкү күндө да элибизде «Киши аласы ичинде, жылкы аласы тышында», «Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт» делип колдонулуп жүрөт. Ал эми санат-насыят, **терме ырлары** да макал-лакаптан көрөңгөлөнүп чыккан түр. Демек, мазмуну макалга, түрү лирикага жакын турган орток туунду. Табышмактар адамдагы тапкычтыкты, сырткы белгилердеги, маани-маңыздагы окшоштукту, айырмачылыкты тез баамдаган сезгичтикти, акылдын курчтугун сынаган көркөм сөз каражаты, өнөр. **Калптар** – балдарга арналган түр, алар жеткинчектердин андап билүүсүн, юмордук сезимин, кыялдануусун өнүктүрөт. Ага жорго сөз, кайталоочулук, уйкаштык мүнөздүү. **Жаңылмач** – чакан жанр. Ал балдардын тилин жатыктырып, так, даана жана тез сүйлөөнү жетилтет.

**Лирикалык текке** каада-салт, эмгек, эм-дом, турмуш, ырым-дарым, сүйүү, айтыш, арман ырлары кирет. **Каада-салт ырлары** элибиздин ар түркүн каадасына, ырасымына, салт-санаасына байланыштуу ырдалган чыгармалар. Ал той, бешик, жоктоо, угузуу, көрүшүү, керээз ырларынан, жарамазан, кошоктордон турат. Эмгек ырлары – оозеки чыгармачылыктын эң байыркы түрү. Ал мергенчиликте, кийим тигүүдө, эгин эгүүдө, кой, жылкы кайтарганда ырдалган, элге кеңири таралган. Эмгек ырлары: «Оп майда», «Бек-бекей», «Шырылдаң», «Тон чык». Мисалы, үрөн себерде минтип ырдалган:

Мына, септим уучтап,
Жылуу жерден конуш тап.
Бу – жетим-жесирге,
Мунусу – карып-мискинге.
Бу – ач-арыкка,
Мунусу – алсыз-карыпка,
Булары – курт-кумурскага.
Мунусу – сурамчыга,
А бул – тилемчиге,
Булары саламчыга.
Калгандары: сизге, бизге, мага
Токчулукту келтирип,
Баба дыйкан жолдошум,
Бардык иштм оңдосун.
Сугатың өксү болбосун,
Өнгөндө арам чөп койбосмун,
Береке бек байласын,
Бердик Баба дыйканга,
Бириң миндеп чайласын.
Арыгын терең чаптырып,
Ачкалыкты жоготуп,
Таш капкандай катырып.
Суу агызып арыкка,
Ушу дүйнө жарыкка.



Эм-дом ырлары элдин мифологиялык жана диний көз караштарына ылайык чыгарылган ырлар. Мисалы, ага «Торпогум», «Козу телүү» ырым ырлары кирет. Ал эми дарым ырларына бакшылардын көрүмү, бадик айтуу, жылан жана кара курт чакканда айтыла турган ырлар кирет. Мындай дарым ырлары азыр дээрлик унутулуп калды.

**Жылан чакканда айтылчу дарым**

Кереч, кереч, кер жылан,
Керегедей бир жылан,
Убай жылан, чубай жылан,
Ок жылан, чок жылан,
Кара тоонун боорунан
Илегилек келет,
Кайт жылан.
Сүрө, сүрө, сүрө чык,
Сүйлөшөйүн бери чык!
Чоң атанда доом бар,
Доолашайын, бери чык!
Ажыдаар, ак жылан,
Арбашайын, бери чык!
Алтымыш баштуу, жүз көздүү,
Боору кызыл, келеңкер,
Сырты чаар келеңкер,
Шыбыратпай шыдыр чык,
Долононун чогумун,
Табылгынын уугумун,
Такыр сени койбоймун.

**Турмуштук ырлар** элдин турмуш салтына, каадасына байланыштуу ырдалган. Аларга үйлөнүү, кыз узатуу тойлорунда ырдалган той баштар, жар көрүү, жар-жар ырлары кирет.

**Сүйүү ырлары** оозеки чыгармачылыкта кеңири учурайт. Анда сүйгөн жардын сулуулугу, акылдуулугу даңазаланат. Анын эки түрү бар. Бири – күйгөн, башкача айтканда, сүйгөнүнө жете албаган жигиттин боздоосу, зары, экинчиси – секетпайлар, мында кыздын жакшы сапаттары ырдалат.

**Айтыш ырлары** оозеки көркөм өнөрдүн байыркыларынан. Ага эки же андан көп акындар катышат да, анда ырчынын билгичтиги, тапкычтыгы, өнөрү, устаттыгы сыналат. Айтыш да бир нече түрдөн: алым сабак айтыш, кордоо айтышы жана табышмактуу айтыштан турат. Мисалы, элибизде Арстанбек, Жеңижок, Эшмамбет, Барпы, Калмырза, Эсенаман, Чоңду, Калык, Алымкул, Осмонкул ж.б. айтыштары бар.

**Арман ырлары** бул да кеңири таралган лирикалык ырлардан. Анда теңсиздиктин, укуксуздуктун айынан чыккан күйүт, капалык, наразылык, муң-зар чагылдырылат. Мисалы, ага «Кыз Кенжекенин арманы», «Чалга берген кыздын арманы», «Насыяга кеткен кыздын арманы», «Ойдай», «Жокчулук», «Койчулардын арманы» ж.б. кирет. Ал эми элдик оозеки чыгармаларды кеңкесири жана ар тараптан изилдеген окумуштуу С. Мусаев лирикалык ырларды мүнөзүнө жараша үч чоң топко бөлгөн:

1) эмгек ырлары, 2) салт ырлары, 3) турмуш ырлары.

**Айрым сөздөрдүн мааниси**

*Магия* (латынчадан алынган, «сыйкырчылык» дегенди билдирген сөз) – байыркы адамдардын мифтик түшүнүгүндө жан-жаныбарлар, башка нерселер адам сыяктуу сүйлөп, ой жүгүртө алат деп эсептеп, аларга кандайдыр бир дубалардын жардамы менен таасир этип, багындыруу аракети. М.: «Манас» эпосунда Алмамбет күндү жайлап, жайдын күнүн кыш кылат. Эр Төштүктүн жаны өгөөдө, Каман алптыкы аркардын кардында ж.б.

*Аллегория* (грекче, каймана маанисинде) – көрүнүштөрдү каймана маниде баяндайт. М.: түлкү –куу, митаамдыкты, арстан – жырткычтыкты, эшек – аңкоо, дөдөйлүктү, ак кептер – тынчтыкты сактоонун, гүл – кызды, булбул – жигитти каймана мааниде түшүндүрөт.

### Тапшырмалар

1. Элдик оозеки чыгармачылыктын мааниси жөнүндө сүйлөп бер.
2. Элдик оозеки чыгармалардын бөлүнүшүн чийме түрүндө чагылдыр.
3. Ч. Айтматов чыгармаларында кайсы мифтерди колдонгон жана анда жазуучу кандай максатты көздөгөн?

## *АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН*

**Фольклор.** Бул – адабий термин. Англис тилинен алынган, «элдик акылмандык» дегенди билдирет. Англиялык окумуштуу В. Томстун сунушу боюнча 1847-жылдан «элдик оозеки чыгармачылык» деген түшүнүк «фольклор» деп атала баштаган. Кыргыз адабият илиминде «фольклор» менен жарыш «улуу сөз», «элдик оозеки көркөм чыгармачылык» деген атоолор да колдонулат. Окумуштуулар: З. Бектенов, Т. Байжиев ага мындай аныктама беришкен: «Фольклор деп эл арасында оозеки айтылып келе жаткан көркөм чыгармаларды айтабыз». Ал эми Ж. Шериев, А. Муратов түзгөн «Кыргыз адабияты» деген терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө «Фольклор – элдик оозеки чыгармачылык» деп чечмеленет да, анын жазма адабияттан айырмаланган беш өзгөчөлүгү белгиленет.

1. Коллективдүүлүгү, бир чыгарманын түпкү тегин жалгыз адам түзгөн болсо да, эл арасында оозеки жашап, ага улам кийинки муундун өкүлдөрү кошумчаларын кошот, айрым жерлерин алып салат, кыскасы, автору белгисиз болот да, коллективдин чыгармасына айланат. 2. Варианттуулугу. Элдик оозеки чыгармаларда туруктуу текст жок болот да, бир эле чыгарма жаралуу мезгили, орду, аткаруучусу жагынан ар түрдүү болуп кала берет, натыйжада анын варианттары келип чыгат. 3. Салттуулугу. Мындай чыгармалардын текстинен тартып, сюжет, образ мотивдеринде окшоштуктар болот да, алар варианттардан варианттарга көчүп жүрө берет. 4. Оозеки болушу. 5. Көркөмдүк системасында туруктуу сөздөрдүн, фантастиканын, гиперболанын көп кездешиши. Фольклор таануу – фольклор жөнүндөгү илим. Кыргыз фольклор илиминин тарыхы Ч. Валиханов, В. Радлов, Г. Алмаши сыяктуу илимпоздордун кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы жөнүндө айткан пикирлеринен башталат. Фольклордук чыгармаларды жазып алууда зор эмгек синирген адамдар бар, алар: К. Мифтаков, Ы. Абдыракманов, А. Затаевич, Х. Карасаев ж.б. Фольклор таануу илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошкон окумуштуулар: К. Рахматуллин, М. Богданова, М. Ауэзов, В. Жирмунский, Б. Юнусалиев, С. Мусаев ж.б. М. Богданова кыргыз элинин лирикалык чыгармаларынын 60ка жакын түрүн аныктаган. «Манас» энциклопедиясы, «Эл адабияты» сериясы боюнча басып чыгарылып жаткан 40 томдук кыргыз фольклор жаатындагы зор жетишкендик болуп саналат.



### Суроолор

1. Фольклор деген эмне? Анын кандай бөтөнчөлүктөрү бар?
2. Кыргыз фольклор таануу илими кандайча өнүккөн?

## «МАНАС» ҮЧИЛТИГИ

## «МАНАС» ЭПОСУ ЖӨНҮНДӨ

*«Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин»*
Манастын сөзү

*«Манас» – өзүбүздү өзүбүзгө далил кылган улуу зат. «Манас» аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. «Манас» бирөөлөр үчүн жөн эле окуя, алыста жаткан жомок сыяктуу. Канча айтсак да, бул улуу санжыра бизге али космостук түшүнүк. Ал ар бир урпак үчүн руханий кубат»*

Чыңгыз Айтматов

*«... жер үстүндө кыргыз барда, адамзат жашап турганда «Манастын» ыры да, сыры да бүтпөйт»*

Аскар Акаев

*«... көр оокаттын артынан сая түшүп, акча, дүнүйө деп акактап турган учурда атуулдук деңгээли төмөн түшүп кеткен кыргыз баласын «Манастын» рухунун бийик деңгээлине сүйрөп чыгуу күн тартибинде турган номур биринчи маселелерден».*

Советбек Байгазиев

### 1. «МАНАС» – КЫРГЫЗ РУХУНУН ТУУ ЧОКУСУ

Ооба, «Манас» – кыргыз рухунун туу чокусу» (Ч. Айтматов). Бул пикир кыргыз элинин башка рухий байлыктарына салыштырмалуу айтылып, эпостун туу чокуда баарынан бийик турганын тастыктайт. Ошону менен бирге «Манас» – миңдеген жылдарга сайманалып калган кыргыз жаны. Аны адабий мурас деп атоо пастык кылат. Ал эпос деп атоого да сыйбайт, тек, адабий

мурас, эпос делип атыгышы анын көркөмдүк турпатына, түрүнө байланышкан. А эгер анын ички маани-жайын, мазмун-маңызын аңтара келсең, четинен эле түйүнчөк болуп түйүлгөн улуу сырды чубап кирсең, анда «Манас»: Улуу Нарк, Улуу Педагогика, Улуу Эрдик, Улуу Сулуулук, Улуу Ыйман-ызаат, Улуу Сүйүү, Улуу Сөз, Улуу Тарых, Улуу Намыс! «Манас» – Улуу Жол, Улуу Мектеп, Улуу Ыр, Улуу Толгоо жана Улуу Санаа! Ал ушунун баарын өз ичине камтып турат. Ооба, «Манас» – кыргыз элин жок болуп кетүүдөн сактаган, бар болуп жашоого үйрөткөн, кыйынчылыктарды жеңип чыгууга такшалткан – Улуу Сабак. Мындай баа аша чапкандык, көтөрө чалгандык эмес. «Манас» – бул байыркыны, кечээгини, бүгүнкүнү жана эртеңкини бириктире кармаган бүтүндүк. Ал мелтиреген мезгилдин жыл сүргүч касиетин күчсүздөндүрүп, Убакыт, Мейкиндик, Материя, Асман сыяктуу чалкып, башы кара, буту айры кишиден Теңир деңгээлине чейин көтөрүлгөн, улам жашарып, түркүм-түс менен кулпуруп, тыңдаган журттун таламына эш, максатына маш, керектөөсүнө бап, аракетине төп келген, ошентип, өз урпагын ээрчип, жакасына жармашып, этегине эрмешип кызмат кылган, ошол кызматынын акыбети кайтып, «кыргыз» деген элди сактап, кылымдын кыйырына, урпактын учуна жеткирген улуу туунду. Мындай өйдө басса өбөк, ылдый түшсө жөлөк кылып алуучу рухий куралды, чыныгы күч-кубатты ойлоп табуунун, аны бардык учурда колдонуп, урунуп жүрүүнүн өзү кандай жаратмандык! Дагы баса белгилөөчү нерсе – бул:

> «Манас» кагазга, ташка, башка буюм-тайымга жазылган чыгармачыл туундулардын баарынан айырмаланат, анткени ал тике эле мээге «жазылган». Акыл-эстен акыл-эске көчүрүлүп турган. Бул – дүйнөнүн атактуу жети кереметинен кем калбаган кубулуш.

Тике эле айтуу керек, азыр «Манаска» Гомердин «Илиадасы» менен «Одиссеясына» (алар канчалык улуу болсо да, бүткүл дүйнө жүзүнө кеңири таралып, аны ар бир адам билсе да) салыштырып баа берүү эскирип калды жана өзүнөн жыйырма эсе кичинелик кылган чыгармага салыштырууга көнүмүш боюнча өнтөлөп жабыша берүү «Манасты» бөксөртүп көрсөтөт. Кыргыз элинин таланттуу уулу, философия илиминин доктору Асанбек Табалдиев минтип жазган: «Эгер биз Саякбайдын талантын Гомер менен аныктасак, эмне үчүн Гомердин талантын Саякбай менен аныктоого болбосун. Саякбай Гомерсиз эле пайда болду». Анысы кандай, «Манас» үчилтиги да «Одиссея» менен «Илиадасыз» эле пайда болгон жана алардан 20 эсе чоң залкар туунду. Демек, тараза таштын кайда ооп турганы бул жерде өзү эле көрүнүп турат. Экинчиден, эпостон энциклопедиялык мазмунду көрө билүү канчалык туура көрүнсө да, ал «Манастын» Улуу Сөз менен Улуу



Эргүүдөн уюп бүткөн көркөм жанын туюндурууда чабалдык кылат, анткени бул чыгарма жалаң маанилер топтомунан турган казына эмес. «Манас» энциклопедиясынын өзү да «Манас» боло албайт.

Ошентип, «кыргыз рухунун туу чокусу» болгон «Манас» – бул элибиздин жүзү, ажары, нечен жүздөгөн жылдарды кечип, эчен заманды аралай чаап, алардын саясында жашаган кыргыз калкынын ой-санаасын, тиричилик өзгөчөлүгүн, нечендеген өнөр асылдыктарын, кунарлуу улама-окуяны, наркты сиңирип алып, келечекти карай «кызыл бороон кыр менен, кыйкырык, чуу, сүр менен» куюндай жүрүп отурган, сел болуп аккан, бүркүт болуп шаңшыган, каркыра сымал кыйкуулаган кыргыз жаны. Бул өлбөстүккө өткөн, «рухий дүйнө» делген, дайыма таасир этүүчү, керектелүүчү улуу чыгарма.

**Эсиңден чыгарба!**

«Ким «Манастан» от тутандырып, бүт акыл-эсин нурдантып албаса, ал ата-бабанын миңдеген жылдар бою кашыктап жыйнаган асыл казынасынан кур жалак калат. Бул рухий ырыскыдан, рухий азыктан, рухий кешиктен оозанбай калуу дегендик. Өз сезиминде «Манастын» ойгонушу – улутчулдуктун жанданышы эмес, бул адам жанынын арууланышы. Миң жылдык рухий дүйнө менен жеке инсандын жанынын тогошушу. Бул – нурдануу, жарыктануу. Жандын арууланышы – бул боюндагы кулчулук сезимди, маңкуртчулукту (маң баштуулукту десе да болот) сыгып чыгаруу, кут сактап, улут безерликтен арылуу, өз канында түпкү тегиңдин намысчыл, билгир, эр жүрөк, досчул, шамалдай сызган эркин, бир сөздүү, ишкер, акыйкатчыл, нарктуу, ыйман-ызааттуу, жоомарт, ак көңүл касиеттеринин агып жүрүшүн сезүү жана ага сыймыктануу».

«Манас сабагы» китебинен

## 2. КЫРГЫЗ ЭЛИ ЖАНА «МАНАС»

Кыргыз элинин байыркылыгы бештен белгилүү. Кытай тарыхы жазып калтырган биздин заманга чейинки 201-жылдагы алгачкы деректен биздин замандын XXI кылымына чейин кыргыз эли башынан не деген мүшкүлдөрдү өткөрбөгөн, аны В.В. Радловдун шакирти С.Н. Майнагашев тапкан ыр менен да туюнтууга болот: «Кырлардагы кайыңдардын бетинде тамга жокпу кыргыз балта чаппаган, өзөндөрдө, жылгаларда, сайларда кыргыз жокпу, кыргын болуп жатпаган?» («Кыргыздар», 2-китеп, Бишкек, 1991, 184-бет). Эгер бул ырда айтылгандарды тарыхый фактылар менен бекемдесек, ошол кытайлар жазып калтырган биринчи деректин өзүндө кыргыздарды гунндардын басып алгандыгы айтылат. Б.з.ч. 90-жылы кыргыздар кытай аскерин талкалоого катышат. Анан азаттык алат. Кайра б.з.ч. 49-жылы Чжижчи кыргыздарды талкалайт, өлгөндөн калганын туш та-

рапка жер ооду кылып көчүрүп жиберет ж.б. Ошентип, 1916-жылдагы үркүнгө чейин кыргыз тарыхына саресеп салып көргөн кишиге баштан-аяк согуш, жортуулдар кездешет. Мунун баары кыргыздарды тебелеп өткөн. Ошондуктан жогорку тарыхый ырда айтылгандай, кыргыз жүрбөгөн өзөн жок жана кыргыз кырылып жатпаган жер да аз. Ошентсе да, кыргын-чапкынды башынан үзгүлтүксүз өткөрсө да, кыргыз эл катары, ээлиги бар мамлекет катары да өзүн сактап кала алды, ал чжи, тухсы, гунн, йагма, ыграк, чарук, чөмүл, кенжек, аргу, йемек, кай, басмыл, йабаку ж.б. элдер сыяктуу тарыхта изи өчүп кеткен жок. Мындай калаймандаган катаал согуштун жаргылчагына түшүп, бирок талкан болуп талкаланбай бүтүн чыккан, андан ары өнүм берген буудай даны сыяктуу кыргыздардын тукум курут болбой, өзүн-өзү сактап калышында, албетте, бир сыр бар. Тарыхта кыргыздар албеттүү, күчтүү, шамдагай, үйрөтүлгөн арстандарды ойнотуп көңүл көтөргөн калк экендиги айтылган. Ырас, жаратылыш берген москоол, бакыбат тулку-бой адамдардын эрдик көрсөтүшүнө, баатыр, балбан болушуна өбөлгө түзөөрү шексиз. Бирок кыргыздарда андан да башка урабас, сынбас, жоголбос отко салса күйбөгөн, суугa салса чөкпөгөн, кылыч чапса кеспеген, найза сайса тешпеген рухий жарагы болгон. Ал кандай кырып-жойгуч чапкын болсо да, өзүн-өзү жоготпоо, наркты, тилди сактап калуу жөнүндө, өлгөндөн калганы кул-күң болуп жүрсө да, бар болуп жашоого умтулуу тууралуу, акырында жеңип чыгып, өзүңчө туунду тигип, ураанынды чакырып, күнкорсуз жашоону, боштондукту жар салган, «алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө санколдой», «бир карасаң – бир киши, бир карасаң – миң киши» болуп туюлган руханий жөлөк, таяныч – «Манас». Ошондуктан эл Манастан «Манасты» жаратып алган.

Демек:

«... тарыхтын катаал да, татаал да оомалуу-төкмөлүү оош-кыйыштарында күчтүү жоонун кыргын-чапкынынын натыйжасында
– башын жоготуп азайса да,
– мамлекеттүүлүгүнөн кол жууп калса да,
– Мекенинен ажырап, куугун-сүргүндө жүрсө да,
– кул-күңгө айландырылса да,
күм-жам болбой, өзүнүн жүзүн, турпатын, жана эң башкы, эң уюткулуу касиетин – тилин сактап калган элдин, өжөрлүк, көктүк жана эрдик менен ташты да как жарып, ага тамыр жайган арча мисал көктөгөн, үзүлсө уланган, бөксөрсө толгон, чачылса жыйналган, тукумкурут болуп тыптыйпыл кырылды дегенде да, дарак сынары түбүнөн кайра чаялап өсүп отурган элдин таянган тоосу, куралы – улуу «Манас».

«Манас сабагы» китебинен



## 3. «МАНАСТЫН» ЖЫЙНАЛУУ ЖАНА ИЗИЛДЕНҮҮ ТАРЫХЫ

Манас баатыр жөнүндөгү биринчи жазма маалымат Сейф ад-дин Аксыкент менен анын уулу Нооруз-Мухамедге таандык. Алар XVI кылымдын башталышында «Мажму ат-таварих» («Тарыхтар жыйнагы») деген китебин жазышкан. Анда Манас баатырдын калмак баскынчылары менен болгон согушу сүрөттөлөт. Ал эми казак окумуштуусу Чокан Валиханов кыргыз жерине үч жолу (1856, 1857, 1858) келген жана «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүн жазып алып жарыялаган. В.В.Радлов да кыргыздарга үч жолу (1862, 1864, 1869) келип кеткен. Ал «Манас» үчилтигинин үч бөлүмүн тең жазып алып, кыргызчасы Санкт-Петербургда, немисчеси 1886-жылы Лейпцигде жарык көргөн. В.В. Радлов жазып алган тексттин жалпы көлөмү 12454 сап ыр. Венгр окумуштуусу Д. Алмаши бугу уруусунан чыккан манасчыдан чакан үзүндүнү (73 сап ыр) жазып алып, аны 1911-жылы жарыялаган. 1903-жылы Орус географиялык коому чүйлүк кыякчы жана манасчы Кенжекарадан «Семетейден» үзүндү жазып алып, аны 1914-жылы кара сөз тү-рүндө орусча жарыялаган. Кенжекаранын үнү фоно-жазууга түшүрүлгөн. 1925-жылы Москвадан «Семетейден бир бөлүм» деген китеп чыккан. Бул Тыныбек манасчыныкы. Китепти басмага Ишеналы Арабай уулу даярдаган. Бул текст 1898-жылы жазылып алынган...

Совет доорунда «Манасты» алгачкы ирет жазып алууга киришкен адам – Каюм Мифтаков (1882–1949). Ал 1922-жылы манасчы Сагымбайдан «Манас» эпосун кагазга түшүрүүнү баштап, ал бир нече барак жазган, бирок бул ишти андан ары Ыбырайым Абдыракманов (1888 –1967) улантып, 1926-жылдын августуна чейин «Манастан» 180373 сап ыр жазып алган. Саякбай Карала уулунан 1930 –1947-жылдардын аралыгында 500553 сап ырды К. Жумабаев, Ы. Абдыракманов, Ж. Рисов, К. Кыдырбаевалар жазып алышкан, анын ичинде: «Манас» – 84513, «Семетей»–316157, «Сейтек»–84697, «Кенен», «Алымсарык», «Кулансарык»–15186 сап ыр. 1935-жылы Шапак Рысмендеевден 46671, 1944 –1945-жылдарда Молдобасан Мусулманкул уулунан 57688, 1938 –1940-жылдарда Багыш Сазан уулунан 41140 сап жазылган. 1937–1939-жылдарда Тоголок Молдо өз вариантын (48492 сап) жазып тапшырган, ал эми Ы. Абдыракмановдун вариантында окуялар кыска берилген (14380 сап). 1960 –1970-жылдарда манасчы Мамбет Чокмор уулунан эпостун үч бөлүгү тең жазылып алынган. Булардан тышкары эпостун айрым бөлүмдөрү көптөгөн айтуучулардан ар кандай көлөмдө кагаз бетине түшүрүлгөн.

«Манас» эпосуна биринчи жолу илимий пикир айткан адам Чокан Валиханов. Ал минтип жазган: «Манас» – бир мезгилге келтирилген жана бир кишинин – Манас баатырдын тегерегине

топтолгон бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, санжыраларынын энциклопедиялык жыйнагы. Кыргыздардын жашоошарты, үрп-адаты, кулк-мүнөзү, географиялык, диний, медициналык түшүнүктөрү, алардын эл аралык байланышы бул өтө зор эпопеяда орун алган ... «Манас» бирдиктүү мүнөздө болгондой көрүнгөн айрым көп окуялардан турат».

В.В. Радлов да өзү жыйнап, жарыялаган «Манас» жөнүндө бир катар илимий пикирлерди айткан: «Кыргыздар өздөрүнүн ырларында кандайдыр бир ажайып жана коркунучту жомоктогон дүйнөнү кадырлабайт, тескерисинче, алар анда өз турмушун, сезимин, умтулуусун, коомдун айрым мүчөлөрүнө болгон идеалдарды ырдайт. Бул ырлардагы баатырлардын башынан ажайып, кээде таң калгандай укмуштуу окуялар өткөнүнө карабастан, алардын баатырлары өтө зор сапаттарга ээ болуу менен бирге, ошол эле убакта аларга адамга тиешелүү начар жактар, кем-карчтары бар чыныгы адамдар?». Профессор П. Фалев «Кара кыргыздардын былинасы кандай курулат?» (1922) деген макаласында «Манас» эпосунун текстин Күлтегин эстелигиндеги жазмалар менен салыштырып, андагы окшоштуктарды аныктаган.

Мухтар Ауэзов (1897–1961) «Манас» эпосун изилдөөгө чоң салым кошкон. Ал «Манас» – кыргыздын баатырдык эпосу» деген эмгегин жазып, анда эпостун айтуучулары, түрдүү варианттары жөнүндөгү орчундуу маселелерди терең изилдеген.

Академик В.М. Жирмунский (1891–1978) «Манас» эпосун изилдөөгө киришүү» (1948) деген эмгегин жазган.

Кыскасы, «Манас» эпосун изилдөөгө арналган миңден ашуун эмгек бар. Алардын арасында К. Рахматуллин, К. Тыныстанов, Б. Юнусалиев, Р. Кыдырбаева, С. Мусаев, Р. Сарыпбеков, М. Мамыров, Э. Абдылдаев, Ө. Караев, К. Кырбашев, А. Жайнакова, С. Бегалиев ж.б. окумуштуулар «Манасты» изилдөөгө орчундуу салым кошушкан.

## 4. МАНАСЧЫЛАР

Манасчы – бул «Манас» эпосун аткаруучу жана айтуучу адам. Ошону менен бирге «Семетейчи» деген да атоо колдонулат. Манасчы жаңы чыгарма жаратпайт, даяр сюжетти пайдаланып, салттык материалды бузбай, так сактайт. Бирок, ал аны өз табылгалары менен байытат жана өнүктүрөт. Демек, манасчы жараткан вариант салттык көрүнүштөр менен жеке табылганын айкалышынан турат.

Манасчынын алгачкы шыгы түшүндө аян берүү, арбак даарыуу менен ойгонот. Мындай кереметтүү түш көрүүгө тушугуу салты ойроттордо да бар. Түш көрүү аркылуу «Манас» айтып калуучулук манасчылардын баарынан кездешет. Бирок түш көрүү таалим алуу, устатты ээрчип жүрүп үйрөнүү сыяктуу касиеттерди



жокко чыгарбайт. Демек, кайсы гана манасчы болбосун чоң устаттын мектебинен өтөт.

Эл оозундагы уламыш боюнча «Манасты» биринчи айткан адам – кырк чоронун бири Ырчуул. Ал айкөлдүн көзү өткөндө, анын тирүү кезиндеги өзү кошо жүрүп көргөн жортуулдарын, башынан өткөргөн окуяларын, эрдиктерин кошок кылып кошкон. Ошол кошок ырларды кийин Токтогул ырчы (XIV кылымда жашаган Жаныбек хандын замандашы) бириктирип, бир бүтүн чыгармага айландырыптыр. Ал эми Мухтар Ауэзов «Жалаң үйдүн порумун жарым күнү ырдаган» Жайсаң ырчы «Манастын» алгачкы ырларын жараткандыгын божомол кылат.

**Келдибек Карбоз уулу** (1800 –1880) – улуу манасчылардын бири. Сагымбай Келдибек жөнүндө: «Жалаң эле Көзкамандар окуясын ырчы бир жума бою айткан» – деп эскерген. Ал эми Чоңду акын менен беттешкенде, Арстанбек ырчынын минтип айткан жери бар: «Келдибек «Манас» айтканда, шамал уруп, бук болуп, боз үйлөргө жүк болуп, чагылган учуп чартылдап, керегe-уук карчылдап, үзүктөрү желпилдеп, түндүк жабуу салпылдап, эшиктери шалкылдап, ат дүбүртү угулуп, журт атасы Манастын, Алмамбет, Сыргак, Чубактын арбагы көзгө урунуп, кырк чоро кырдан суурулуп, кемпирлер турчу балпылдап, келиндер турчу калчылдап, железе кулун чыңырбай, кымызга көңүл бурулбай, азынабай айгыры, төөлөр чөгүп жоодурап, койлор жуушап кепшебей» ... Эл арасында ар түрдүү оорулар көбөйгөндө, малды ылаң каптаганда, Келдибекти ат чаптырып алдырып, «Манасты» күндөп-түндөп айттырышкан. Олбурлуу, толмоч, бакжагай, ак сакалы бар, көзү бакыракай, мурду кырдач, мүнөзү жайдары адам болгон. Бирок, тилекке каршы, бул улуу манасчыдан жазылып калган эч нерсе жок.

**Балык Кумар уулу** да (1799 –1887) Келдибек менен мезгилдеш жашаган, сырткы кебете-кешпири, мүчөсү да келишкен, эки ийни кенен, башы чоң, кулагы калкандай, көзү чагыр, кашы арпанын кылканындай тик, колдору шадылуу, көп күлбөгөн, үнү жоон, сүрдүү киши болгон. 75 жашка келгенде да бетинде бырышы болбогон. Балык «Оркан» жомогун «Манастын» биринчи бөлүгү катары айткан, мындай өзгөчөлүк башка манасчыларда жок. Балыктан Сагымбай, Шапак, Тыныбек ж.б. манасчылар таалим алган.

**Тыныбек манасчы** (1846 –1902) – «Манас» айтуу өнөрүнүн эң көрүнүктүү өкүлү, эл арасында манасчылыгы менен зор кадыр-баркка ээ болгон манасчылардын бири. Ал чоң манасчы Назар менен «Манас» айтышкан. Аны атактуу манап Чыныбай уюштурат. Экөөнө Манас баатырдын өлгөнүнөн күмбөз салынганына чейин айтуу тапшырылат. Назар бир жарым күн айтат. **Күмбөздү** Надыр деген устага салдырат. Тыныбек да бир жарым күн айтып, Күмбөздү Арстан деген эшенге салдырат. Угуп отурган мык-

тылар: «Манастын күмбөзүн же олуя, же эшен салбаса, мынча кылымдар бою турат беле? Тыныбектин айтканы туура»–деп жеңишти Тыныбекке ыйгарышат. Тыныбектен Сагымбай, Тоголок Молдо, Байбагыш, Доңузбай, Молдобасан, Багыш Сазан уулу, Мамбет Чокмор уулу таалим алган. Ушул аты аталгандар менен бирге Тыныбек манасчылыктын өзүнчө мектебин негиздегенин «Манасты» изилдеген С. Мусаев аныктаган. Тыныбектин өзүнөн да бир нече айлап айтылган «Манас» жазылбай калган. Дагы, кудайга шүгүр, 1898-жылы Нарын участковоюнун буйругу боюнча «Семетейден» бир үзүм текст жазылып, ал 1925-жылы Москвадан 184 бет көлөмүндө жарыяланган.

**Акылбек** (1840-жылы туулган, өлгөн жылы белгисиз) манасчынын өнөрүн даңазалаган пикирлер арбын. Ал «Манасты» калмакча да айтчу экен. Арстанбек Буйлаш уулу Акылбек жөнүндө минтип ырдаган: «Чоң манасчы Акылбек чогоол сөздү сүйбөгөн, чоюлган сындуу жан эле. Чоң казатты айтканда ээ-жаа бербей жети күн элирчү жайы бар эле. Калп айтып ыйман жебейин, манасчынын нары эле». С. Каралаев Акылбектин 85 –86 жашында да кебелбей «Манас» айтканына таң калган.

**Назар манасчы** (1828 –1893) –Акылбек, Чоюке сыяктуу манасчылардын устаты. Тыныбек менен «Манас» айтышуу боюнча таймашка түшкөн. Андан эч нерсе жазылып калбаган. Бирок Саякбай Карала уулу 1961-жылы минтип айткан: «Валиханов «Көкөтөйдүн ашын» Ысыккөлдөгү чоң манасчы Назар Болотовдон Токсаба Олжобаевдин айлында жазып алган». Бул маалыматты калпыс деп айтууга болбойт. Назар арык тукумунан. Ал эми арык тукумунун башчысы Токсаба Олжобаев Валихановго «Манас» айттырып бериш үчүн тууганы Назарды чакырышы күмөн туудурбайт. Назар жарды турмушта жашап өткөн, ошондуктан: «Жээрде аттан башка малым жок, Манастан башка жаным жок», – дечү экен.

**Чоюке Өмүр уулу** (1863 –1925) – чоң манасчы С. Каралаевдин устаты. Анын «Манас», «Семетей», «Сейтекти» айтуу боюнча алдына киши салбаганын айтып, уккандар тамшанышкан. 1910-жылы Таласка барып, Манастын күмбөзүнө сыйынып кайткан. Каныкейдин Тайторуну чапканын өтө күчтүү айткан. Ал узун бойлуу, ак жүздүү, чокчо сакал киши болгон.

**Шапак Рысменде уулу** (1863 –1956) «Манастын» үч бөлүгүн тең айткан. Анын манасчы болуп калышына 1876-жылы Кочкорго тууган издеп көчүп келген Балык чоң себепчи болгон. Шапак аны үч жыл ээрчип жүрүп таалим алган. Анын өмүрүндөгү эстекаларлык нерсе – ал «Манас» айта баштаганда, айкөл кырк чоросу менен манасчынын көз алдынан чубап өткөнү токтолбогон. Дагы бир жагдай – Шапак сеп издөө үчүн бир жигит менен Анжыянга жөнөйт. Жол ортолоп калганда, алар бир өргөөгө түш



келишет. Дабыш салса эч ким жок, кыңылдаган гана үн чыгат. Суусагандыктан кымыз жута кетели деп экөө үйгө киришет. Кирсе, бир жигит баканда таңылуу. Байлатма жинди болуптур. Жанында колуктусу бар экен. Жолоочулар кымыз ичишет. Ошондо Шапакка бир ой түшөт: «Манас» айтып көрөйүн, балким, анын арбагы колдоп, эм болуп кеткиси бардыр». Күпүлдөтө «Манас» айта баштайт. ... Ана кыркар тизилген кырк чоро Манас менен үйгө келгендей болду, анан оорулуу жигитти камчы менен бирден чаап өтүп жатышат... Таң каларлык, ошол маалда байлатма болгон жигит шылкыя түшүп, башын жерге салат. «Кокуй, муну көп кишилеп араң байлашкан, чече көрбөгүлө» – деп чырылдаган келинчегине карабай, Шапак жигиттин колубутун чечип, төшөккө жаткырат. Ангыча бул үйдү көчүрүп кетүү үчүн унаа менен туугандары келип: «Бу кандайча, биз араң байладык элек» деп келинден сурайт. Ал көргөнүн айтып берет. Шапактарды кой союп коноктошот. Эртеси алиги жинди болгон жигит: – «Суусап калыптырмын, суу бергилечи» – деп тилге кирет. Туугандары манасчыга эки ат берип сый кылат.

«Канча күнгө чейин айтасыз?» – деген суроого Шапак мындайча жооп берген экен: «Саяктын манаптары Көкүмбай менен Курман бир жылдары мени «Манас» айттырып угууга жайлоого алып кетишти. Мен жайлоо бүтүп, эл кыштоосуна тарагангa чейин «Манасты» айттым. Бул үч айдын жүзү. Ошол айтышта, өзүмдүн баамымда, «Манастын» үчтөн бирин айттым го».

**Жаңыбай Кожек уулу** (1869 –1942) семетейчи болгон. Багыш Сазан уулу (1878 –1958) жакын тууганы Байбагыштан таалим алган. Багыш: «Манасты» айта берсе түгөнбөйт, бирок жазырып жатканда, көп жерлери калып калат экен»,– деп өкүнгөн. Жакшылык Сарык уулунан (1880 –1933) да «Семетей» жазылып алынган. Замандаштары «тирүү энциклопедия», «жандуу сөздүк» деп аташкан. Ыбырайым Абдыракманов (1888 –1967) «Манастын» үч бөлүмүн камтыган чакан вариантын өз колу менен жазып тапшырган. Молдобасан Мусулманкул уулу (1883 – 1935) – «Манастын үч бөлүгүн бүт айткан манасчы. «Манасы» жазылып алынган. Мамбет Чокмор уулу (1896 –1973) да «Манасты» бүт айткан. Семетейчилер Акмат менен Дүңкана да «Семетейди», «Манасты» айтышкан. Тоголок Молдонун (1860 – 1942) өз колу менен жазып бергендери «Манас», «Семетей», «Сейтек» боюнча жүз миң саптын тегерегинде. Балыктын уулу Найманбай да (1853 –1911) «Манас» айткан.

Жогорудагы учкай кепке алынган манасчылардан тышкары да кыргыз элинде манасчылар көп. Мисалы, Даирбек (Сузакта өмүр өткөргөн) Баатырбек датканын «Манасын» түгөндүбү?», – деген суроосуна « – Ээ, датка, 40 күн, 40 түнү айтсам да түгөнбөйт», – деген экен. Бирок андан бир сап да жазы-

лып калган эмес. Мындай таптакыр жазылып алынбаган манасчыларга Түлөберди, Курманалы ж.б. кирет. **Шаабай Азиз уулу** (1927-жылы туулган) «Манас», «Семетей», «Сейтекке» кошуп Эр Сарык, Кулумсарыктар (Сейтектин баласы жана небереси) жөнүндө да айтат. Андан 12 миң сап көлөмүндө «Манас» жазылып алынган. 1000 метр магнитофондук тасмага Шаабайдын айтканы түшүрүлгөн. «Манасынан», «Семетейинен» аздыр-көптүр жазылып алынгандарга төмөнкү манасчылар кирет: Жүгөрү Назар уулу, Дыйканбай Койчуке уулу, Бөрүбай Султан уулу, Алмабек Бойчуке уулу, Акун Таш уулу, Актан Тыныбек уулу, Абдылда Дөөлөт уулу, Абдыкерим Беки уулу, Кенжекара, Матисак Акбай уулу, Семетейчи Сейдене, Мамбеталы Ашымбай уулу, Кыдыралы Кайназар уулу, Калбүбү Сүйүнбай кызы, Калбак Жумагул уулу, Каба Атабек уулу, Уркаш Мамбеталиев, Назаркул Сейдиракманов ж.б.

Кытай Эл Республикасында жашаган кыргыздар арасында да манасчылар аз эмес. 1960-жылдары алынган маалыматтар боюнча өткөн кылымдын акыры менен үстүбүздөгү кылымдын баш жагында бир топ залкар манасчылар жашап өткөн. Алардын жалпы саны жетимиштен ашкан. 1979-жылы бул аймакта отуздан ашуун манасчы жашаган.

**Жусупакун** (1870–1920) дастандын «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Кененим» деген бөлүктөрүн алты ай бою тынбай айткан. 1916-жылы аны Сагымбай Орозбак уулу менен айтыштырышкан. Күнүнө бир бээден союлган. Сагымбай баштап, аягын Жусуп акун уланткан. Калыстар экөөнүн өнөрүн барабар деп баалашыптыр. Ыбырайым Саламбай (1887–1938) «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Кененим», «Асылбача-Бекбача», «Сомбилек», «Чигитей» деп «Манасты» сегиз бөлүккө бөлүп айткан. Садарбай (1897–1938) деген чоң манасчы Манастын беш урпагын айткан. Булардан башка белгилүү чоң манасчылардын катарына Кожомкелди, Эшмат, Мамбетжусуп, Бектемир, Төлөк, Жумабай, Осмон, Намаз, Мамут, Муса кирет. **Жусуп Мамай** – Кытайдагы манасчылардын эң атактуусу жана көп билгени. Анын айтканы негизги вариант деп эсептелинет.

## ҮЧ ЗАЛКАР
## САГЫМБАЙ

*«Дилиң таза болбосо, Манас ата кечирбейт, анын кусуру урат»*
Сагымбайдын сөзү



Кыргыз элинин залкар манасчысы Сагымбай Орозбак уулу 1867-жылы Ысыккөлдүн күнгөйүндөгү Кабырга деген жерде туулган. Атасынын өз аты Акише экен. Ал Жумгалдагы бир чоң ашта аттын байгесине сайылат. Ормон кандын аты чыгып, Акише анын колуна барган. Жылкы кайтарат. Ормон кан «Атың жаман экен, мындан ары сенин атың Орозбак болсун» – деп атын өзгөртүп койгон. Өнөрдүн аркасы менен Орозбак Ормон кандын сурнайчысы деген мартабага жеткен. Сагымбай 13 – 14 жашынан өмүрүнүн акырына чейин (ал 1930-жылы кайтыш болгон) «Манас» айткан. Ал бакжайган кара сакал, кызыл чийкил, көздөрү бакырайып жайнаган, орто бойлуу киши экен. Сагымбай өзү айткан «Манасты» кайра кара сөз менен айттырып укканды жакшы көргөн. Уккан кызыктуу болсо, «чын эле ошондой бекен» деп таң калып, «Кайран берендер» – деп көзүнө жаш алган. Ал «Семетейди» өзүнчө шыктануу менен айткан. Сагымбайдын «Семетейи» «Манасынан» да көркөм экенин жакшы билген Ыбырайым Абдыракман уулу: «Семетейдин Коңурбайдан кун кууган урушун айтканда, жөн эле эсим оогон... Тамам жазылбай, өзү менен кошо кетти»,– деп айтыптыр.

**Түш.** Сагымбай козу кайтарып жүрүп түш көрөт. Бир ак сакал карыя: «Ач оозуңду, балам, алтын шилекейимди чачыратайын, мындан жаман болбойсуң»– дейт. Бала коркуп оозун ачпайт. Карыя: «Манас айткың келеби?» – дейт. Бала сүйүнүп кетип: «Ооба!» – дейт. Ошондо тиги киши Сагымбайдын оозуна шилекейге, кумга окшогон нерсени куюп жиберип, көздөн кайым болот. Экинчи жолку түшүндө Сагымбай катар-катар тигилген чоң боз үйлөрдү көрөт. Тегереги байланган чоң-чоң зоот аттар. Бала четки боз үйгө кирсе, лөкүйгөн чоң кишилер отурушат. Үйдүн тиги бурчунда, бу бурчунда деле күпүлдөп «Манас» айтып жаткан кишилер. Алардын ар бири ар башка окуяны айтып жаткан болот.

– Сен эмне отурасың? – деп сурайт бирөө.
– Бу бала «Манас» айтат экен, – дейт экинчиси.

– И, айтсын, – дешип баары баланы карап калышат.

– «Манас» айтканды билбейт элем, – дейт Сагымбай.

– «Манас» айтпасаң, чаап салам,– дейт бирөө айбалтасын жаркылдатып. Ошол Семетей деген баатыр экен.

– Кокуй, чаап таштайт, айтам де, – дейт экинчиси.

– Айтам, – дейт корккон Сагымбай. Боз үйдөгү кишилердин баары дүр этип аттанып кетишет. Ойгонсо баланын жүрөгү лакылдап калыптыр. Ошондон баштап «Манас» айта баштайт. Өзү да дайым колдоочум Семетей деп, аны айтууга айрыкча ыкылас койчу экен, көпчүлүк учурда «Мен семетейчимин» деп айтканы да ошондон болсо керек.

**Устаттары.** Сагымбай Келдибектен, Балыктан, Чоңбаштан, Тыныбектен, Акылбектен, Найманбайдан, Дыйканбайдан үлгү алган. «Манасты» толугу менен Тыныбектен угуптур. Айтуучулук чеберчилиги боюнча Балыкты башка манасчылардын баарынан жогору койгон.

**Алишер.** Бул адам – Сагымбайдын бир тууган агасы. Экөө бала күндө козу кайтарып жүрүшөт. Жакын айылда той-топур, оюн-тамаша болуп жаткан го, Алишер козу четине Сагымбайды калтырып, өзү ошол жакка жетип барат. Баргысы келип, чыдамы кеткен Сагымбай да жөнөйт. Келсе, Алишер «Семетейди» күпүлдөтө айтып жаткан экен. Ошондо кимдир бирөө:

– Орозбактын мобул уулу да «Манас» айта коюп жүрөт, – деп калат. Көпчүлүк айтсын деп жаалап кетет. Сагымбай ортого отуруп, Алишер токтогон жерден улап кетет. Эл сүрөгөн сайын кызып, чапкан аттай элирет. Аягында эл бата берет, сүйүнгөн Алишер инисин колунан дегдеңдетип сүйрөп алып үйүнө келет, болгон ишти апасына айтып, аксарбашыл өткөрүшөт. Ошондон кийин «Иниме бердим» деп Алишер «Манас» айтканды койгон экен.

**Шакирттери.** Акмат Ырысменди уулу, Багыш Сазан уулу, Шапак Рысменде уулу, Тоголок Молдо, Жаңыбай Кожек уулу ж.б.

**Сагымбайдын бүлөсү.** Улуу манасчынын «Манасын» улантып айткан уул, кыздары болгон. Сагымбайдын Токтобүбү деген кызы 13 –14 жашында «Манас» айткан, тынбай узакка айткан кезде талып жыгылчу. Түнкүсүн короо кайтарганда «Бекбекей», «Шырылдаң» айтып баратып эле элирип, өзүн-өзү токтото албай, «Манаска» өтүп кетчү экен. Бирок «Аял киши да «Манас» айтчу беле, жаагын баскыла» деген өкүм сөз жүрөгүн тилген. «Манас» айткан күнү эле Токтобүбүнү күйөөсү теридей ийлеп сабап жатып калчу дейт. Акыры көкүрөгүнө сыйбай толкуп-ташыган, өзүнөн-өзү төгүлүп турган «Манасты» айтпай кое албай, Токтобүбү кайтыш болуп кетет. Муну уккан Сагымбай бир топ күн «Манас» айтпай үңкүйүп отуруп калган экен. Ал эми Сабира деген кызын (бул Алишердин кызы, атасы өлгөндө бешикте калып, Сагымбайдын колунда чоңойгон) күйөөгө узатаар алдында мурунку кызынын кейиштүү тагдырынан жүрөгү үшүп калган Сагымбай «Манас» айтпай жүр» деген экен. Бирок «Манас» айтканы үчүн ал кызын да күйөөсү ургандыктан, ажырашып кетишкен дейт. Бирок Сабира «Манасты» токтотпогон. Казанга тамакты астырып коюп, малдаш токунуп алып, «Манас» айтып отурчу экен. Бирок таяктан жедеп коркуп, жүрөгү түшүп калгандыктан эшикти илип койгон. Сагымбайдын баласы Аманкул да кичинесинен «Семетейди» эң сонун айткан. Ал 1939-жылы он төрт жашында Кыргыз искусствосунун Москвада өткөн декадасына катышып, костюм-шым, бир кол саат менен сыйланган. 1943-жылы армияга – Ыраакы Чыгыш согуш округуна жөнөтүлгөн. Бир катында «Баягы ит оорум кармап «Манас» айта коем деп, солдаттардын уйкусун бузуп, бир апта «эс алууда» жатып чыктым» деген экен. Согуш аяктаган кезде, кызмат өтөгөн жерде курман болгон. Ошентип, анын «Манасы» да айтылбай калган.

**Жоомарттык.** Сагымбай жан-дилин таза кармаган, кишилик парасатын ыйык тутуп, адил жашаган. Өзү жөнүндө өмүрүндө мактанып сөз айтпаган. Оокаттын артынан да көмөлөнүп-жумаланып түшпөгөн, колдо барын элге таратып берип койгон. Демек, адамдык наркын жоготпогон, тапканын эл менен чогуу-чаран көргөн колу ачык, жоомарт киши экен.

«Манастын» жазылышы. Сагымбайдан «Манас» 1922 –1926-жылдардын аралыгында жазылып алынган. Жазып алууну К. Мифтаков бир аз баштап, калганын жанда жок мээнеткеч адам Ыбырайым Абдыракманов бүтүргөн. Ал минтип эскерген: «1926-жылы август айында – 400 басма табакты толтуруп аяктап, Сагымбай эсинен танып, жарым жан болуп кала берген, мен кайта мугалимдигиме кириштим». Агын суудай аркырап, бир дем менен айтылган «Манасты» токтоп-токтоп айтуу, улам кайра башынан түшүү, келе калган сөздү, куюлушуп нөшөр болгон ойду токтотуп, жазып жатканды күтүп отуруу айтуучуну мокоткон, саламаттыгына доо кетирген. Нечен эргүүлөр жанып кеткен. «Манасты» капортолоп жазып калган учур экен, Ыбырайым минтип сурайт:

– Саке, «Манастын» канчасын жаздык?

Анда Сагымбай чаранын белинен ылдый түшкөн этти жансап:

– Момундан бир чоң алчы,– дейт. Ыбырайым колуна эттен алат. Сагымбай чарадагы этти көрсөтүп:

– Жазылбаган «Манас» дагы ушунча бар,– дейт.

Ушунун өзүнөн эле жалаң «Манас» бөлүмүнүн канчасы жазылбай калганын баамдоого болот. Ал эми «Семетейчи», «Сейтекчи»... Алар жазылып алынганда, дагы бир укмуш кереметтер колубузда болмок. Шүгүрчүлүк. Жазылып алынган «Манастын» өзү эле аны айткан кишинин улуулугун, алптыгын, генийлигин тастыктап турат.

**Өзгөчөлүктөрү.** Сагымбайдын варианты эпостун мурдатан берки айтылып келе жаткан салттык белгилерин толук сактайт. Ошондой эле өзгөчөлүктөрү да бар, алар төмөнкүлөр: 1. Кошойдун Билерикти бошотушу кеңири айтылат, бул окуя башка варианттарда жолукпайт. 2. Манастын Кошойго жолугушу, Карабөрккө үйлөнүшү кеңири баяндалат. 3. Алмамбет мусулман динине киргендиктен, эл-жерин таштап качат. 4. Жети кандын Манаска каршы аракети менен Чоң казатка даярдык ишке ашат. 5. Чоң казатта Манас Бээжинге кан болбойт. 6. Кичи казатта согуш кыргыз жеринде өтөт. 7. Манас Мекеге барат ж.б.

### Сагымбай жөнүндөгү пикирлер

**1. Эл оозунан:** «Сагымбай манасчылардын Манасы эле». «Сагымбай «Манас» айтып кеткен жерден мал оорулары, адам оорулары жоголуп, төрөбөгөн аял төрөчү экен». «Бир жылы Чүй өрөөнүндө «Манас» айтып жүрүп, 400 кер кашка жылкы айдап келиптир». «Сары-Үйдүн кум казактарынын ырчылары менен жолугушканда, тигилер биздин казак, кыргызда мындай олуя ырчы жок дешкен экен». «Сагымбайдын ар бир сөзү – бир аттык».

**2. Токтогул:** «Кыргыздан мындай манасчыны эч көргөн эмесмин, эстен тандым».

**3. Молдобасан:** «Акындык жагынан ага тең келген күчтү көргөн эмесмин, биз анчейин анын баласы катарындабыз».

**4. Алыкул Осмонов:** «Сагымбай Орозбаковдуку болбосо, анда калгандары бизди «Манас» эпосунун күчүнө мынчалык таң калтыра албас эле. Сагымбайдын сөздөрү башкалардыкынан бөлүнүп турат. Сагымбайды окуп туруп, башкалардыкына келгенде, төрт катар үйдөн бир катар үйгө түшкөндөй ылдыйлай түшөсүң... Өзүбүздү көтөрбөй айтканда, ... Сагымбай Орозбаков да Пушкин, Толстой, Данте, Шекспир сыяктуу таң калтыруучу күч болуп сезилет... XX кылымда Сагымбайдын күчүнө тете акын туула элек десек жаңылышпайбыз. Ал элдик адабияттын пири катарында сезилет...»

**5. Асанбек Табалдиев:** «Ал эми ырларынын көркөмдүгү, кооздугу... бизге белгилүү бир дагы манасчыны алдыга салбайт». «Алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй, асман менен жериндин тирөөсүнөн бүткөндөй, айың менен күнүңдүн бир өзүнөн бүткөндөй, алды калың кара жер Манаска жерлигинен түткөндөй»– өңдүү акылыңды ала качып, жүрөгүңдү титиреткен укмуш саптар көркөм фантазиясы оргуп, океандай толкуп жаткан талanttын гана оозунан чыгышы мүмкүн», «... анын талантын салыштыруучу адам тарыхта белгисиз».

**6. Чыңгыз Айтматов:** «Сагымбай... өзүнчө бийиктелген аскар тоо». «Сагымбайдан жазылып калган тексттерди кунт коюп окуп чыккан ар бир адам Сагымбайдын сөз байлыгына, акындык чеберчилигине, ташкындаган сүрөткер кудуретине баш ийбей койбойт. Бул бир ааламда укмуш жаралган уникалдуу талант. Балким, эч убакта кайталанбас руханий көрүнүштүр. «Манас, Манас» болгондон берки эпостун тамчыга тамчы кошулуп, сөзгө сөз, ойго ой кыналып, байыркы кыргыз журтунун бүткүл чыгармачылык кубатын Сагымбай бир өзү дилине сыйгызып тургандай сезилет».

## САЯКБАЙ

*«Сакеңдин өзүн карасаң
Сакадай киши кичине.
Айкөл Манас бут баткан
Алмадай баштын ичине»*

Байдылда Сариногой уулу



Улуу манасчы Саякбай Карала уулу 1894-жылы Ысыккөлдүн Ак-өлөңүнүн Семизбел деген жеринде туулган. 1930-жылдан баштап Саякбай калайык-калкка манасчы катары таанылат. Ал салмактуу, салабаттуу, карапайым жана тартынчаак адам болгон. Момундук жагы да бар эле. «Мага бул киши кээде «Манастагы» асман атып толкуп жаткан океандай окуяларды батырган өзүнүн ички дүйнөсүн шар деп чыгып кетпесе экен деп күч менен бөгөп, оозуна сөз албай отурат го дегендей ой калтырар эле»,– деп жазат окумуштуу Азиз Салиев.

Ал Саякбайды сырттандык, генийлик деңгээлге көтөрүлгөн деп да эсептейт. Мына ушул момураган киши жазуучу Мухтар Ауэзовго кошулганда, сөз сандыгы ачылып кетчү экен. Мукаң: «Бу Сакенди көргөндө, кыйсык сөз айткым келип тур», – деп баштаганда, эки алп тамашалашып бирин-бири «чукулап» киришкен. Саякбай сырттандар деп баалап, ашкере суктанган эки кишиси болгон, алар – Карамолдо менен Атай. «Асмандын ээси – бүркүт», –деп айткан Саякбай. Ал бүркүттүн баатырдыгы менен мырзалыгына бөтөнчө суктанган, куштар адам болгон. Ошол себептен бүркүт таптап, мүнүшкөрдүк кылган. Бир эсептен Саякбайдын өзү да «Манас» асманында шаңшыган бүркүт кебетелүү эле. Саякбай Карала уулу 1971-жылы Бишкек шаарында кайтыш болгон.

**Таасир.** Саякбайдын талантынын эртелеп ойгонушуна чоң энеси Дакиш түрткү болгон. Ал Суранчы сыяктуу чоң манасчылардан уккан «Манасын» небересинин кулагына куя берген. Саякбайга дагы бир сонун шыбага туш болгон. 1924-жылы эң күчтүү манасчы Чоюке Өмүр уулуна жолугуп, аны ээрчип жүрүп «Манас» үйрөнгөн. Акылбектен да таалим-тарбия алган.

**Өңүндө көргөн түш.** Ортотокойдо жарамазан айтып жүрүп, Саякбай жалгыз үйгө бет алат. Тар капчыгайдан өтүп келатканда, кулак жарган укмуштай жаңырык чыгат. Саякбай коркконунан атынын оозу кое берет. Капчыгайдан өтө бергенде, жол боюнда сонун өргөө туруп калган болот. Ашкере сулуу айым алдынан чыгып:

– Аттан түшүп, даам татып кет,– деп кайрылат. Аң-таң болгон Саякбай атын мамыга байлай коюп, сулуу ачкан эшиктен кирсе, үйдө эч ким жок, дасторкон жайнаган дүйүм тамак. «Уялба, жигит, табактагылардын ар биринен даам тат» дейт. Жыртык жаргак шымынан кысынып, эптеп кымырынып-кымтынып, даамдардан ооз тиет да, туруп кетмекчи болот.

– Ай, ай жигит, неге шашасың, тамактан жеп кет, – дейт алиги айым. Саякбай болбой сыртка чыкса, дүрбөгөн эле атчан жоокерлер. Чоң сакал карыя теминип-демитип кирип келет да, оң колун асынган баштыгына салып, бир нерсе уучтап чыгып:

– Мына, жигит, момуну оозуна салып, чайнап жут,– дейт. Же таруу эмес, же кум эмес, бир нерсени уучтап алып оозуна салса, кычырап чайналбайт. Алиги карыя найзасы менен тап берип:

– Бирөөн калтырбай жут, – деп демитет. Анан жоокерлерди көрсөтүп:

– Мына бул Аккуланы мингенди өзүң билесиң. Наркысы – Алмамбет, тиги – Чубак, андан аркысы – Сыргак, – деп бирден тааныштырат.

– Мына бул, өз жолуңа чыкканда, эки кой айдаган киши кезигет, ошол койлорду сатып алып, эл чакырып союп бер да, батасын ал, анан мына бул көргөндөрүңдүн баарын төкпөй-чачпай айтып жүр.

Аңгыча алиги карыя ураан чакырып, жоокерлер жер дүңгүрөтүп жөнөп калат, чаң асманга көтөрүлөт. Чаң таркап кеткенден кийин караса, баягы ак өргөө жок, Саякбай бир таштын түбүндө отурат. Кунаны башын жерге салып нары жакта. Аябай аң-таң болгон, бир чети катуу толкунданган Саякбай аттанып бара жатса, алдынан эки кой айдаган киши жолугат, ал жерден эки койду сатып алат да, үйгө келип, аларды союп, эл чакырып бата алат. Көргөндөрүн айтып берет. Ошондон кийин ал күн сайын уктап жатып «Манас» айтып чыгат. Ошентип, Саякбай Каныкейдин өз колунан даам татып, Бакайдын бергенин жеп, айтканын уккан экен.

**Жазып алуу.** 1935-жылдан баштап Саякбайдын «Манасы» жазылат. Андан жазылып алынган «Манастын» көлөмү 500553 ыр жолунан турат, ал варианттардын ичинен эң көлөмдүүсү. Саякбай «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүн улантып, Сейтектин уулу Кененди, анын балдары Алымсарык менен Кулансарыктын окуяларын да жаздырган. 1952-жылы «Манас» толугу менен Саякбайдан экинчи жолу жазылып алынган. 1968-жылы Саякбайдан эпостун бардык бөлүмдөрү магнитофондук тасмага түшүрүлгөн.

**Таң каларлык касиет.** Саякбайдын төкмө акындыгын андан он эки миң метр киноматериал жазып алган Мелис Убукеев даа-

на байкаган. Ар түркүн себептерге байланыштуу азыр эле тартып алган эпизодду кайра тартууга туура келгенде, Сакең мурдагы айткан сөздөрүн эч качан так кайталабай, улам башкачалап турчу экен. Ал эми манасчы кызып келгенде, камерадагы тасма бүтүп калып, дайыма эле техника анын артынан үлгүрө албагандыгы бөтөнчө таң каларлык. Ошентип, манасчыны техника батыра да, ээрчий да албай залкар таланттын жанында жөндөмсүздүгүн көрсөткөн.

**Өзгөчөлүктөрү**

а) «Манас» бөлүмү боюнча: 1. Манас кырк үйлүү кыргызды баштап Алатоого көчүп келаткан кезде, артынан Эсенкан жиберген куугун келип, кармаш болуп, Манас минип жүргөн атынан, кырк жолдошунан ажырап, өзү курчоодо калат. 2. Ошол учурда кытайларга колго түшүп кеткен Билерикти куткарып келе жаткан Кошой уруштун үстүнөн чыгып, Манасты куткарат. 3. Эгинге Аккуланы алмашып алып келаткан Манаска Кыдыр жолугуп, ага асмандан түшкөн алты курчту белекке берет. 4. Бакайдан дайын угуп, Ажыбай менен Шуутунун жардамы менен Керкекандан Манас Аккелтени кайрып алат. 5. Чубактын таржымалы өзүнчө чоң окуя болуп берилет: Чубак – Акбалтанын баласы, Мединада окуп жүрүп, түшүндө Манасты көрөт да, ага кошулууну көксөйт, бир аксакал дубана Чубакка ат тартуу кылат, ал Анжыян, Кашкар сыяктуу шаарларды багындырат, бирок Бухардан Каныкей менен кармашат; жеңилерине көзү жетип, качып отуруп ууда жүргөн Манаска жолугат; Манаска «Каныкейге үйлөн, Кумайыкты ошол багып берет» деп сунуш кылат. 6. «Көзкамандар окуясы» менен «Көкөтөйдүн ашы», «Семетей» бөлүмүндө сүрөттөлөт. 7. «Чоң казат» окуясы 12 кандын Манаска каршы жээлигиши менен башталат. 8. Чубак менен Алмамбеттин чатагы Кыргылчалдын бузукулугунан келип чыгат. 9. Алмамбет окуясы Талчокуда айтылат: анын атасы – Азиз кан, энеси – Сооронкук кызы Алтынай; Алмамбетти кичинекейинде Кары кан кудукка ыргыттырат, кереметтүү күчтүн жардамы менен бала аман калат, Алмамбет Суук-Төрдөгү Айберген деген көлдөгү ажыдаардан ар түрдүү өнөр үйрөнөт, андан ары Коңурбай менен болгон чатак ырбап отуруп, Алмамбеттин өз элинен качышы менен аяктайт. 10. Алмамбет Манаска кошулганга чейин, Мекеге барып келет. 11. Коңурбай өзүнүн тыңчысы Шуйкучунун жардамы менен Манасты жарадар кылат, дагы согуш күчөп, кыргыздар экинчи жолу жеңишке жетишет. 12. Көзгө атар мерген Кожожаш келип, Алмамбетти, Сыргакты, Чубакты, Көкчөнү, Музбурчакты, Бокмурунду жана Аккуланы атып өлтүрөт ж.б.

б) «Семетей» бөлүмү боюнча: 1. Бакай, Каныкейлерди Кумайык менен изин куудуруп табат. 2. Каныкей жалбарып суранса, теректен сүт чыгат, качкындар ошону ичип эс алышат. 3. Каныкей уктап калганда, Семетейди колдоочулары алып кетет, аны мүйүзү он эки айры ак бугу эмизип турган жеринен табат. 4. Сарытаз Темиркандын иниси делет. 5. «Каныкейдин жомогу» деген баянда Сайкал менен Манас, Көзкамандар жана Чубактын Манаска таарынып кетип калышына байланыштуу окуялар айтылат. 6. Тайбуурулду Манаска Сайкал тартуулаган экен. 7. Жакып берген аякты Семетей улагага ыргытат, аны жыттаган ит мүрт өлөт, кайра аякты ала коюп, Жакыптын башына кийгизе койсо, анын сакал-чачы шыркырап күйөт. 8. Таятасы Темиркан Семетейди Таласка зор урмат менен жөнөтөт, Толтойго кудалашып койгондугуна карабастан, Шаатемирдин кызы Чачыкейди Семетейге алып берет. 9. Кырк чоро чыккынчылык кылганда, аларга Ырамандын Ырчуул менен Шууту кошулбай коет ж. б.

в) «Сейтек» бөлүмү боюнча: 1. Куялы эл менен коштошуп, Семетейдин тиги дүйнөлүк жары болууга шерттешип, элине аттанат. 2. Сейтек элге башчы болуп калат, ал перинин кызы Берметке үйлөнүп, андан Кенен деген уулдуу болот. 3. Кенен аталарынын жолун жолдоп, жоо менен кармашат. 4. Кенендин уулдары Алымсарык менен Кулансарык жоодон тажап, эл барбас аралга барып жашап калышат.

**Баа берүүлөр**

**1. Мухтар Ауэзов** *(казактын улуу жазуучусу)*: «Осы улы адам шалкыган дастандарды жараткан дэулерин соңы гой. Европалыктардын сөзү менен айтканда, Сакең «Последний из Могикан». Булай алп дастаншы Сакеңден кийин дүйнөгө келмейди. Осы улы дэу адамды казак калкы, биздин казак интеллигенциясы жана жастары көрүп калсын деп алдырып келип отурабыз. Сакемди жаксылап көрип калыңдар. Кэзир Сакем алдымызга шыгып, дастандын сезинен айтып береди. Осыны тыңдап, Сакемдин өнөрүн да, сөзүн да, өзүн да эсте тутуп калыңдар» (Бул сөз 1956-жылы кыргыз адабиятынын Алматыдагы күндөрүндө айтылган).

**2. Мурад Бурбуну** *(алжир жазуучусу)*: «Силер жазуу адабиятыбыз болгон эмес, китептерибиз болгон эмес дейсиңер, мынакей силердин улуттук китепкананар – ушул абышка».

**3. Е. Лизунова** *(адабиятчы)*: «Күрпүлдөп, ашып-ташып, тоо суусундай алга умтулган, миллион сап «Манас» эпосун жат билген, белине ак күмүш чөгөрүлгөн жазы кемер кур курчанган, башына ак чокулуу Алатоосу түспөлдөш кара кыюу ак калпак кийген, кыргыздын чыныгы улуу манасчысы С. Каралаев эпостун каармандарынын бири Семетей жөнүндөгү үзүндүнү кызуу аткарып жатты. Ал күчтүү, шаңкылдаган үн менен ырдап, бүркүттүн шаңшыганын да, тулпардын жүгүргөнүн да жаңсап туурай кетет, акын жана жоокердин артисттик колу тынымсыз кыймылда болуп, баатырлардын ач кыйкырыгы, кылычтардын

шаңгыраганы, тулпарлардын дүбүртү аралаша угулган душманга каршы чабуулдун, жан аябас беттешүүлөрдүн поэтикалык жандуу картинасын өзүн дел болуп тиктеген угуучулардын көз алдынан тартып өткөнсүйт. Ырчы токтолгондо, шаттыкка баткан элдин кыйкырык-сүрөөнүнөн залдын ичи жаңырып чыкты. Өзү да жоо-жарагын шайланган байыркы баатырларга окшош С. Каралаевди япондор, арабдар, шведдер, америкалыктар, немецтер, французлар, түрктөр, индиялыктар кубанычтуу куттуктап жатышты».

**4. Кажым Жумалиев** *(казак окумуштуусу)*: «Саякбай – дүйнө жүзүндөгү бир гана адам. Эч жер, эч элде жарым миллион жолдон турган отуз томдук асыл казынаны жатка айтып бере турган экинчи Саякбай жок. Ал – феномен. Саякбай – кыргыз элинин таланттуулугунун айкын далили».

**5. Азиз Салиев** *(кыргыз окумуштуусу)*: «Ал «Манас» айтканда, ким да болсо – кары да, жаш да, кыргызча түшүнгөн да, түшүнбөгөн да, мекендешибиз да, алыскы өлкөнүн адамы да, карапайым малчы да, дүйнөлүк маданияттын чокусуна көтөрүлгөн акылман да – баары оозун ачып отуруп калышар эле. Чарчы бою, чымыр денеси миң толгонуп, тоголок бети алоолонуп, көзү оттой жанып, Сакең күйүп-бышып «Манас» айтып жатканда, ал азыр эле кызыл кыргынды көрүп, же бирөөнүн жүрөк титиреткен зар-мунун угуп келгенсип жана ошолордун баарын шашылыш түрдө калың журтка жеткирүү милдетин аткарып жаткансып көрүнчү. Ал обонду бир туруп өз турпатында кайталап, бир туруп, жорго сөзгө түшүп, бир туруп кубаныч интонациясы менен, бир туруп какшык басымына салып, бир туруп тамаша сөзгө өткөнсүп, бир туруп кадимкидей эле онтоп, анан көз жашын төгүп шолоктоп ыйлап киргенде, ал манасчы эмес, артист эмес, сен менен сүйлөшүп жаткан жалын жүрөк пенде катары сезилчү...»

**6. Чыңгыз Айтматов:** «Симфониялык оркестр сыяктанып, миң кубулуп, миң өзгөрүлүп, трагедиядан лирикага өтүп, санаттан драмага өтүп, бир заматтын ортосунда бирде ыйлап, бирде күлүп, бирде үшкүрүп, бирде кайраттанып, бирде кылкылдаган сан колдой дүбүрттөп, бирде тыптынч көлдөй тынып, бирде суу, бирде шамал болуп дайрадай ташып турган Саякбай Каралаев акын гана эмес, ал ошону менен артист да, композитор да».



## ЖУСУП МАМАЙ



Кытайдагы Кызылсуулук кыргыздардын чоң манасчысы Жусуп Мамай 1918-жылы Ак-чий аймагындагы Меркеч айылында туулган. Жети жашында кат тааныган. Агасы Балбай билимдүү адам экен, ал Чойбек, Ырысменде, Шапак, Найманбай, Балык, Тыныбек, Сагымбай, Жусупакундардын «Манасын» билген, айрымдарын кагазга түшүргөн. Балбай Ыбырайым деген манасчыдан жети жылда Кененим, Сейти, Асылбача, Бекбача, Сомбилек, Чигитей сыяктуу Манастын тукумунун сегиз муунун жазып алууга үлгүрүптүр. Балбайдын жазганын Ысакбек суратып жатат деп Үсөнакун деген киши алып кетип, ал кол жазмалар ошол бойдон дарексиз жоголгон. Балбай 46 жашында Кашкарга айдалып, түрмөдөн жок болгон. Жусуп Мамайдын манасчы болушуна бала кезинде Балбайдын колжазмаларын окугандыгы себеп болуптур. «Манасты» мурда да жазып алган, бирок ал жазма Кытайдагы «маданий төңкөрүштүн» учурунда өрттөнүп кеткен. Жусуп Мамай «Манасты» кайрадан жазып чыккан. Ал «Манасты» айтат, бирок эл кыдырып айтпайт, өзүн жазма манасчымын деп эсептейт.

Жазганы. Жусуп Мамай кагазга «Манастын» 580 миң сабын түшүргөн. Сейтиден калган жерин тактап кошсо, анын билгени 600 миң ыр сабына жетет.

Жусуп Мамайдын вариантындагы айрым өзгөчөлүктөр.

Бул манасчынын вариантында бизде айтылып жүргөн «Манас» эпосунун салттык туруктуу өзөк окуялары толугу менен сакталган. Бирок кээ бир өзгөчөлүктөрү жөнүндө да сөз кылууга болот. Алар төмөнкүлөр: 1. Ороздунун он уулу калмак байларына таратылып берилет да, ар бири ошол байдын аты менен аталып калат. Жакыпты Ногойго, Акбалтаны Нойгутка, Жамгырчыны Эштек аттуу калмакка кармап бергендиктен, алар ошолордун ысымы менен ногой эли, нойгут эли деп аталышат. 2. Жакып Манас жөнүндө айткан баланы азоо байталга таңып, токойго айдап жиберип жок кылат да, чыр чыгарбаш үчүн анын энеси Магдымды аялдыкка алат. Ошол аялдан Серек, Сыргак деген эки уулдуу болот. 3. Манас атасына таарынып, Турпанга барып эгин эгет. Жыйган түшүмүн Чыңгыз ханга тартуулап, андан кула тайды сурап калат. Ошол кула тай – кийинки Аккула. 4. Даакысы

түшпөгөн кула тайды көргөндө Чыйырдынын сол эмчеги сүткө толуп ийий баштайт. Анан эмчегин саап, сүтүн жемге кошуп, кула тайга берет. Ошол замат тай тулпар сынына толуп, Аккула болуп чыга келет. 5. Курал-жарак жасоо, «Манастын» мазмунуна өзүнчө чоң окуя катары кирет: 1) Бөлөкбай жанда жок чебер уста, 2) кенди иштетүүгө күчтү, каражатты, унааны Бакай, Кошой, Акбалталар табышат, 3) кенди иштетүүнүн жүрүшү толугу менен сүрөттөлөт, 4) анан Манаска өз мезгилинин бир да куралы теңдеше албай турган куралдар жасалат, 5) куралдардын сыпаты аны жасаган Бөлөкбай тарабынан айтылат, маселен, кылычтын курчтугун мындан бил, жоондугу төрт кулач чынарды чапканда, аны май кескендей шылып түшөт, ары-бери имергенде, кызыл жалын чачырап турат. 6. Аколпокту Каныкейдин энеси жасайт. 7. Байкерчилик жай турмуш менен катар согуштар да кенен сүрөттөлөт. Алар «Манас менен Дөөдүр алптын кагылышы». «Жаш Манастын Көнөтөйдү сайышы», «Манастын качкан калмактарды кубалап Шоорукка барышы», «Шоорукттун Манастан жеңилиши» сыяктуу окуяларда баяндалат ж.б.

**Пикири.** «Манас» эпосу тээ ата-бабадан, анын акыл гөхарынан тама-тама молугуп, биздин доорго жеткен. Мен мына ушул доорубузга жете келген «Манас» эпосунун бир күйөрманы катары аны көкүрөгүмө бекем түйүп, мындан кийинки урпактарга кагаз бетине түшүрүп калтырууга далбас уруп калган кишимин. «Манас» дүйнөлүк казынадагы гөөр. Ага эч ким чок таштай албайт. «Манас» эпосунун баркы-баасы дүйнөдө изилденген сайын өсө бермек. Кыргыз эли аны тарыхым, тилим, үрп-адатым сакталып жаткан казына деп билет».

**Манасчылык өнөр варианттуулук менен байланыштуу.** Оозеки чыгармачылыктын мыйзамченеми боюнча канча манасчы болсо, ошончо вариант болот. Себеби ар бир манасчы бирибиринен өзөк окуяларды тарытып, же кеңитип бериши, аны угуучулардын каалоосуна жараша кээ бир жерлерин алып таштап, башка бир учурду жаңыдан кошушу, чеберчилиги, ыр саптарын түзүшү, көз карашы боюнча айырмаланышат. Маселен, Сагымбай, Саякбай, Жусуп Мамай – үчөөнүн «Манасынан» эле варианттуулукка таандык айырмачылыктар кашкайып көрүнүп турат. Ошентип, кызыл-суулук жана оогандык кыргыздардын «Манасын» кошпогондо, жалаң эле Кыргыз Республикасынын аймагында «Манастын» кагаз бетине түшүрүлгөн жетимишке жакын варианты бар.



## 5. «МАНАС» ЖАНА АЗЫРКЫ УЧУР

«Манас» эпосун изилдөөгө арналган жана анын элдүүлүгүн талкуулаган Бүткүлсоюздук илимий конференция 1952-жылы 6 – 10-июнда Фрунзе (азыркы Бишкек шаарында) өткөрүлгөн. Ал конференция «Манас» эпосунун негизи элдик экендиги жана анын курама вариантын даярдоо керектиги жөнүндө чечим чыгарган. Бул жыйын ошол мезгилге чейинки «Манас» элдик эмес деген сыяктуу айыптоолорго чекит коюп, манастаануу илиминин өсүшүнө, эпосту окуп үйрөнүү, изилдөө, басып чыгаруу ишине айдың, чалкар жол чаап берген.

1988-жылы «Манас» эпосу боюнча союздук симпозиум (атайын жыйын), 1990-жылы «Манас» эпосун ар тараптан изилдөөгө арналган Бүткүлсоюздук симпозиум өткөрүлгөн. Анда «Манасты» изилдөөнүн жыйынтыктары, багыттары талкууланып, «Манас» эпосунун миң жылдыгын белгилөө сунушу айтылган.

1995-жылы «Манас» энциклопедиясынын эки томдугу чыккан. Ага 140 жылдан берки эпос боюнча жарык көргөн материалдар (манасчылар, жыйноочулар, изилдөөчүлөр, котормочулар жана эпоско байланыштуу чыгармалар, алардын авторлору, эпостун басылмалары, ж.б.) жөнүндө маалыматтар берилген. Энциклопедияга 2200 дөн ашык документ пайдаланылган. Бул – ар бир адам уруна алуучу эң сонун маалыматнаама.

Эгер «Манастын» басма бетинде жарыяланышын 1904-жылы Ч. Валиханов орус тилинде бастырып чыгарган «Көкөтөйдүн ашынан» баштасак, анда 1990-жылга чейин болжол менен «Манастын» 50–60тай китеби, миң жылдыктын ары-берисинде дагы ондогон китеп жарык көргөн. Алардын арасында Б. Юнусалиевдин жалпы редакторлугу алдында жарыяланган курама варианттын 4 томдугу (1958, 1959, 1960-ж.), Ч. Айматовдун башкы редакторлугу астында Сагымбайдын «Манасынын» төрт томдугу (1972 –1982-жж.), Саякбайдын «Манасынын» 5 томдугу (1984–91-жж.) бар. Андан тышкары «Манастын» орус-кыргыз тилинде Москвадан 3 тому, өзбек тилинде Ташкенттен 1–3-китеби, Сагымбай менен Саякбайдын «Манасынын» академиялык басылыштары чыгарылды.

Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин жарлыгы менен 1995-жылы 25–31-августта «Манас» эпосунун миң жылдык маарекеси белгиленди. Бириккен Улуттар Уюму менен ЮНЕСКО 1995-жылды «Манас» жылы деп атады. Бул эпостун достукка, эркиндикке, гуманизмге чакырган мазмунунун эл аралык масштабда таанылышы эле. Экинчиден, бул кыргыз элинин дүйнөлүк маданиятка кошкон зор салымы да болчу. Маарекеден мурун-кийин, ар кандай чөйрөдө, жагдайда сүйлөнгөн сөздөр, ой жүгүртүүлөр, изилдөөлөр, илимий тыянактар,

бүткөрүлгөн иштер калайык-калкка массалык маалымат каражаттары аркылуу жеткирилип, бирдики – миңге, миңдики – түмөнгө таралды. «Манасты» таануу, маанисин ачуу, анын кенчтерин келечекте пайдалануу багытында орошон иштер бүткөрүлдү. Алардын орчундуусу – Манастын жети осуяты.

Манастын жети осуятын Президент Аскар Акаев «мусулмандар өздөрүнүн беш парзын кандай ыйык тутса, биз дагы аларды (жети осуятты) ошондой бийик кармасак, анда келечегибиз кең болот», деген тилек менен сунуш кылган. Алар төмөнкүлөр:

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.
2. Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.
3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.
4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.
5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк.
6. Табият менен таттуу мамиледе болуу.
7. Кыргыз мамлекетин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Бул жети осуятты айкөл Манас тарабынан ар бир атуулга – келечек ээлерине берилген тапшырма деп түшүнүү керек.

Ооба, «Манас» эпосунун темасы – «элдин эркиндиги, көз каранды болбостугу үчүн күрөш, четтен басып келген душмандардан Ата Мекенди коргоо. Эпостогу негизги идея – патриотизм, чын дили менен элге кызмат кылуу» (С. Мусаев). Эгер эпостун тили менен айтсак: «калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин»; үзүлгөндү улап, чачылганды жыйноо; «жоого намыс бергенче, найзалашып топ бузам, ажалым жетсе окко учам». Өз ара чынжырлаша байланышкан темалар чынжырлаша байланышкан идеялар менен биримдикте турат.

«Манас» эпосу искусствонун башка түрлөрүнө да түгөнбөс азык, көөнөрбөс көрөңгө болуп бергендиги менен да айырмаланат. 1939-жылы «Айчүрөк», 1966-жылы «Манас» операсы, Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1983), «Сейтек», (1987), «Айкөл Манас» (1990) драмалары коюлган. А. Жакыпбековдун «Теңири Манас» (1995) романы жазылды. М. Бегалиев «Манас» симфониясын жазып, Б. Жумабаев «Тулпарлар» (1965), «Баатырлар жана айымдар» (1969) деген сүрөттөр түрмөгүн, Т.Т. Герцен Сагымбай Орозбак уулунун вариантына жүздөгөн сүрөттөрдү тарткан. М. Убукеев «Улуу манасчы» (1988) фильмин, «Манас» – кыргыз элинин улуу дастаны» деген эссе-фильмди, Б. Шамшиев «Манасчы» (1965) фильмин жараткан. Т. Садыков «Манас» архитектуралык-скульптуралык ансамблин (1981) Т. Сатылганов атындагы филармониянын алдына тургузган, анда Манастын, Каныкейдин, Бакайдын айкелдери, манасчылардан: Найманбай, Тыныбек, Сагымбай, Саякбайдын айкелдери бар. Демек, ар кандай өнөр ээлеринин таанымал таланттардан мектеп окуучуларына чейин ага дайыма кайрыла берери бышык.



### Суроолор

1. Эмне үчүн «Манас» – кыргыз рухунун туу чокусу? 27–29-беттердин негизинде «туу чокуга» дагы эмнелерди кошумчалай аласың?
2. «Манас» кыргыз элинин басып өткөн жолу менен кандайча байланышкан?
3. «Манасты» жыйнаган жана изилдеген окумуштууларды атап бер?
4. Ч. Валиханов менен В. В. Радлов «Манас» жөнүндө кандай пикирлерди жазышкан?
5. Манасчы «Манасты» кантип айтат?
6. Сагымбайдын манасчылыгы жөнүндө кандай пикирлер бар?
7. Жусуп Мамай Саякбайдан кандай касиеттери менен айырмаланат?
8. Саякбайга Е. Лизунова, К. Жумалиев, А. Салиев, Ч. Айтматов кандай баа берген?
9. «Манастын» канча варианты бар?
10. «Манас» боюнча Бүткүлсоюздук конференция качан болгон жана анда кандай бүтүм чыгарылган?
11. «Манас» искусствонун башка түрлөрүндө чагылдырылганбы? «Манас» энциклопедиясы жөнүндө эмне билесиң?
12. «Манас» эпосунун миң жылдыгы качан белгиленген?

### Тапшырмалар

1. Манасчылар жөнүндө сүйлөп бер.
2. Сагымбайдын өмүрүн, «Манасындагы» өзгөчөлүктөрүн толук айтып бер.
3. Саякбай манасчыга байланыштуу маалыматтарды баянда.
4. Манастын жети осуятын сана.
5. «Манастагы» түш көрүү, аян маселесине ишенесиңби?
6. М. Ауэзов: «Булай алп дастаншы Сакеңден кийин дүйнөгө келмейди»,– дейт. Эмне үчүн?

## «МАНАС» ЭПОСУ

### МАНАС БААТЫРДЫН ТӨРӨЛҮШҮ

#### 1. СҮЙҮНЧҮ!

Аны таштап салыңар,
Байбичеси Чыйырды,
Баянын угуп алыңар.
Киндигин кести баланын,
Эмкисин байкап карагын...
Бакырып жаткан баланы
Бакдөөлөт жерден алганы.

Он бештеги баладай
Көтөргөндө салмагы.
Оозантмакка баланы
Оозуна эмчек салганы.
Өзөгүн үзө бир соруп,
Өлө жаздап калганы...

Үч карын май алганы,
Үч кайтара салганы.
Үч карындын майларын
Аш бышымда жалмады.
Астына алып Чыйырды
Оң эмчегин салганы,
Оболкусу сүт чыкты,
Экинчиси суу чыкты,
Үчүнчүсү кан чыкты,
Чыдай албай, байбичеден
жан чыкты!...

Эми, аны таштап салыңар,
Жакыптан кабар алыңар,
Байлаган аты кырк сегиз,
Баары күлүк тептегиз.
Айылдагы адамдар,
Арбып-дарбып минишип,
Апкаарып жолго киришип,
Тоого чапты топтошуп.
Адырга чыкты анталап,
Бөксөгө чыкты бөлүнүп,
Талаага чыкты дабырап.
«Бай Жакып кайда кетти» – деп,
Баары жүрөт жабырап.
Эркектен неме калбаптыр,
Эки атты бирөө албаптыр,
Кермеде жылкы калбаптыр,
Басып келип Канымжан
Башын үйгө салыптыр.
Үтүрөйүп Акбалта
Үйдө олтуруп калыптыр.
«Абышкам, сен дүнүйөдөн
тойдуңбу?
Атпай журт алган олжодон,
Бирдеме албай койдуңбу?
Сүйүнчүгө шайлаган,
Кызыр чалган Жакыбын
Кырк кара боз байлаган:
Кырк жылкыдан бирди албай,
Сенин кандай шоруң кайнаган?
Булут минип учса да,
Буюрбаса калбайбы,
Буюрган киши албайбы.
Кур чапкан куру калбайбы,
Куп жеткен олжо албайбы.
Көкчолок минип чабарсың,
Кокустан Жакып табарсың!»
Барбаймын деп айталбай,
Акбалта жолго салыптыр,
Куп жөнөтүп Канымжан
Кубанып карап калыптыр.

Айылга жакын көмүскө
Ат кулактуу шабырда,
Кара суунун четинде,
Көк өтөктүн бетинде,
Кара жалдуу Кулабээ,
Бир аксур кулун туудуруп,
Жаткан экен эр Жакып.
Шыйрагын ондоп шыпырып,–
Тумшугун сыгып, телчитип,
Энесине ээрчитип...



Акбалта жетип чакырды,
«Сүйүнчү!» – деп бакырды.
Кубангандан эр Жакып,
«Не дейсиң?» – деп чакырды.
Анда Акбалта муну айтат:
«Айтканымды туюнчу,
Арстаным Жакып, сүйүнчү!
Карыганда байбиче,
Кабылан тапты, сүйүнчү!
Жобонордо байбиче,
Жолборс тапты сүйүнчү!
Жоголордо байбиче,
Жолдош тапты, сүйүнчү!»
Айгайды Жакып уккан соң,
Акылынан таныптыр.
Акбалта келип кашына
Кыйкырса, Жакып кыңк этпейт,
Кыймылдатса, былк этпейт.
Акбалта чоочуп калганы,
Ак калпак колго алганы,
Аккан суугa барганы.
Талып калган Жакыптын
Көөдөсүнө бүрккөнү,
Көтөрүп башын эр Жакып,
Суудан бою үркконү.

Сурады Жакып Балтадан:
«Акбалта чалым, неттиң» – деп,
Сен кай жактан жеттиң? – деп
Суу бүрктүн менин өзүмө
Эч-эчтеке көрүнбөйт,
Караган менен көзүмө.
Кайдан келдиң, Балта чал?
Кебиң болсо айта сал».

«Айтпадымбы сага, – деп,
Эркек тууду катының
Не бересиң мага? – деп.
Байбичең тууду мыкты уул,
Байкасаң Жакып, сөзүң бул.
Баркыраган табышы
Тай чабым жерден угулду;
Олтурат элем үйүмдө,
Окшуп-окшуп жүрөгүм,
Оозума келип тыгылды.
«Бар! Бар! Ыйлап түштү дейт,
Орогондо чиренсе,
Отуздагы кишиден
Ошондо да күчтүү дейт.
Бала да болсо мыкты дейт.
Байбичеден боорун
Балчыктай кармап чыкты» дейт.

«Сүйүнчү!» – дейсиң жакшы кеп.
Эй, ботом, өлөңдүү жерге өрт
койгон
Бир өткүр бала десеңчи.
Өз журтума чуу салчу
Жеткир бала десеңчи.
Кара сууга кан куйган
Бир канкорду тууган белем, дейм.
Калайыкка чаң салган
Бир анткорду тууган белем, дейм.
Кызыл-тазыл көрүнсө,
Кыздарды ала качат де.
Баралына келгенде,
Менин малым суудай чачат де.
Баласы боорун алыппы?
О, байбичем, аман калыппы?

Анда Акбалта кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Балам жок дейсиң, майышып,
Карам жок дейсиң, кайышып,
Баладан малды жуук көргөн
Бакыл киши экенсиң.
Бекинем малга деп жүрүп,
Бейыйман өлөр бекенсиң.
Же берериң болсо берсеңчи,
Бере албасаң сен, Жакып,
Же бербеймин сага десеңчи.
Айтарың болсо айтсаңчы;
Айтар малың жок болсо,
Мен азыр үйгө кайтсамчы».

Каарына Балта алганы,
Ал сөзүнө Жакыбы
Арсаңдап күлүп калганы.
«Андай болсо Акбалта,
Камбарбоздун үйрүнөн



*Т. Т. Герцен.* Манастын төрөлүшү.

Каалап туруп тогузду ал,
Төөдөн алгын төртөөнү;
Төрт түлүк малдан төрт тогуз,
Балтам, сага жетеби?
Калганы болсо, Акбалтам,
Катындардан калпып ал.
Кыз балдардан кымтып ал.
Келиндерден кетип ал,
Сүйгөнүңдөн сүйрөп ал,
Каалаганың кармап ал,
Жээк жергемен жетип ал.
Жетер бекен айтканым,
Сенин сүйүнчүңө, Балта чал?»

## 2. БАЛАНЫН ТУРПАТЫ

«Бешик боосу бек болсун,
Кундагың боосу кут болсун!».
Айтып Жакып бул сөздү
Үйгө кирди бүгүлүп,
Баласын алып болукшуп,
Байбичеси толукшуп,
Олтурган экен сүйүнүп.
Байкайын деп баласын.
Атасы көзүн салганы.

«Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр, –
Эр мүнөзү көрүнөт.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы кең, бели түз,
Айбаты катуу, заары күч,–
Пил мүчөсү көрүнөт.
Жолборс моюн жоон билек,
Бөрү кулак, жолборс төш,–
Бөлөкчө түрү бар экен.
Кеткенден алар кегимди,
Кек алганын көрөрмүн,
Кетирбесе эбимди,
Өткөндөн алар өчүмдү.
Казынамды ачайын,
Кара малды чачайын».

Көргөндүн көөнү бөлүндү,
Арт жагында баланын
Кара-көк жалы көрүндү.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынды,
Көсөө куйрук көк арстан
Оң жагынан камынды,
Нур төгүлүп жолуна,
Баланын «Манас» деп аты
табылды.
Акыл жетпес ойлонуп,
Туулган бала Манастын.
Оң ийninен бир жыттап,
Күр-күр этип толгонуп,
Берен менен арыстаны
Кошо жатты комдонуп.

## 3. АКБАЛТАНЫН АКЫЛЫ

«Сары адырмак шыбыргак
Белди табат экенбиз.
Киндик кесип, кир жууган,
Жерди табат экенбиз.
Паана берип жараткан
Элди табат экенбиз.
Билсең кадыр түн келди,
Ойлоп көрсөң сен, Жакып,
Бизге бир жакшылык тиер
күн келди.
Туулганда кара жер,
Токтоно албай термелди,
Аты Манас бул бала,
Байкасаң бизге шер келди.
Кече чалышарга чама жок,
Алышарга айла жок,
Кара калмак, көп манжуу
Төбөбүздөн басканда,
Кече быт-чыт кылып туш-туштан,
Баарыбызды чачканда,
Кордукту койбой салганда,

Мал менен башка ээ кылбай,
Такыр талап алганда,
Кол-бутубуз байланып,
Кордук көрдүк айдалып,
Капаланып кайгырып,
Өз тууғандан айрылып,
Белгилесек каран түн,
Бендеде болгон эмес мындай күн!
Бирөөбүз түшүп эренге,
Бирөөбүз түшүп кетиппиз,
Чыкпай турган тереңге.
Кириптер болуп кордукка,
Башыбызды тосконбуз.
Ушул бир бала чоңойсо,
Сени беките турган бел болор.
Керише келген душмандан
Сенин кегинди алар эр болор.
Жакып, сенин үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйналат.
Жакып, сенин көөдөндөн капаң чачылат,
Өрттөнгөн жүрөк басылат,
Аман уулуң чоңойсо,
Сенин умачтай көзүң ачылат.
Көрсөң бир иште бушман бар,
Көз көргүс жерде душман бар.

Алыста жатат Эсенкан
Уламадан кеп уктум,
Бул кыргыздын журтунан,
Бала издетти деп уктум.
«Кыргыздан Манас чыгат» – деп
Канына айтып далайды,
Билген экен ушуну.
Казыналык аяры.
Манасты издеп Эсенкан
Калайманды салды дейт.
Тутанып өлгөн кызталак,
Туш-тушка кабар кылды дейт.
Бейлеп, Жакып, кебимди ук,
Бендеде барбы мындай кеп.
Асты кыргыз баласы
Айта көрбө «Манас», – деп.

Капанын баарын жоелу,
Кайрат кылган бололу.
Кыргыздын баары чогулуп,
Кызыр чалган көк жалды,
Азырынча «Чоң жинди» атка коелу.

Жашы он экиге келгенде,
Билбегенди билгизип,
Минтип жолго салалы,
Кайнаган калың душмандар,
Кагышса, кекти алалы!
Он төрткө жашы келгенде,
Кармашта жүрүп катыгат.
Карап тургун ошондо,
Кабылан Манас атыгат!
Кана эми тайды сой, Жакып,
Баламдын аты Манас деп,
Жан адамга туйгузбай,
Жалпы журтка билгизбей,
Өз ичинден кой, Жакып.
Сан кара малды чач, Жакып,
Элдин оозун бас, Жакып!»
Ошондо Жакып берендин,
Картайганча бала жок,
Балалуу болуп турганда,
Той бербеске чара жок.
Кармап-кармап кой союп,
Санат жеткис мол союп,
Кочкор союп, той кылып,
Адам билбес ой кылып,
Кара калмак, кытайдын
Канчалары келиптир,
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Тамашасын көрүптүр.
Ала-Тоодой эт болуп,
Ала-Көлдөй чык болуп.
Бичик чийип, кат койду,
Манастын атын бурмалап,
«Чоң Жинди» деп ат койду.
Жакыптын тою тарады,
Жалпыга кетти кабары...
Баланын аты Чоң Жинди,
Ар жакка атын ким билди?!



**Суроолор**

1. Чыйырды төрөгөн баланын кандай өзгөчөлүктөрү бар?

2. Жакып сүйүнчүнүн ордуна: «Кара сууга кан куйган бир канкорду туулган белем, дейм. Баралына келгенде менин малымды суудай чачат де»,– дейт. Жакыпка бала кымбатпы? Же мал кымбатпы? Мал багар баланын эмнеси жаман? Мал багып, чарбачыл болуунун өксүгү деле жок да? Анда эл багар баланын зарылдыгы жок болуп жүрбөсүн?

3. Акбалтанын сөзүндө кыргыз элин душман быт-чыт кылып туш-тушка жер ооду кылып жибергени, чилче таратканы айтылат. Мындан – кыргыздардын башын бириктирбей, дүйнөнүн туш тарабына тентитүүдөн эмнени байкого болот? Бул бир элди башка калкка кошуп жиберип, башка калкка сиңирип жок кылуунун амалдуу жолубу? Кыргыздарды мындай чилче таратып жиберүү саясаты бар болгондугун тарыхый даректер да аныктайт. Ошондой чилче таратылгандарды кайра бириктирүүнүн мааниси барбы?

4. Эмне үчүн Манас Чоң Жинди деп аталды?

**Тапшырмалар**

**1.** Көрктүү оку: 1) Баланын турпаты, 2) Акбалтанын акылы (көлөмү өзүңдүн каалооңо жараша).

**2.** «Сүйүнчү!» деген теманы Акбалтанын Жакыпка барганынан баштап пьесага окшоштуруп оку. Катышуучулар: Акбалта, Жакып (сөздөрүн өзүң кыскарт).

Үлгү. *Акбалта.* Сүйүнчү!
*Жакып.* Не дейсиң?
*Акбалта.* Айтканымды туюнчу ... (калганы да ушундай).

***Сөз берметтери***

*1) карыганда байбиче кабылан тапты, сүйүнчү; жоголордо байбиче жолборс тапты, сүйүнчү; 2) өлөңдүү жерге өрт койгон өткүр бала десеңчи; 3) баладан малды жуук көргөн бакыл киши экенсиң; 4) маңдайы жазы, башы кууш, кочкор тумшук, кош кирпик, жалаяк ооз, жар кабак, кең көкүрөк, жайык төш; 5) өрттөнгөн жүрөк басылат, умачтай көзүң ачылат; 6) үзүлгөнүң уланат, чачылганың жыйналат.*

## БААТЫРДЫН БАЛА ЧАГЫ

Ат коюлуп, той тарап,
Жер-жерине кеткени.
Арадан жети жыл өтүп,
Сегизге Манас жеткени.
Эркелетип энеси,
Аркалап жүрдү атасы.
– Андасам балаң акыл аз,
Жөнүң таппайт, дөөлөт мас,
Тил азар деймин, тилге кас.
Мал азабын балага,
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга,
Алты ай малай берели.
Катыктырып көрөлү.
Сөз айтууга жатыксын,
Сөөгү бышып катыксын,–
Бул акылды бай Жакып
Байбичеге айтып салганы.
Макул экен бул сөз деп,
Байбиче кабыл алганы.

Ошентип, Жакып Чоң Жиндини өз койчусу Ошпурга малайлыкка берет: «Кээде ач болсун, кээде ток, кеби тийсе, ур да,

сок», – дейт. Ошондон соң Чоң Жинди Кадообай уулу Чегебай экөө козу кайтарып калат.

Күндөрдүн бир күнүндө козуларга тийип, бир козуну көтөрө качкан бөрүнү кубалай отуруп, Чоң Жинди кырк адамга, кырк чилтенге жолугат. Алар «Бөрү болгон биз, башыңа мүшкүл иш түшсө, бизди эсиңе алсаң, дароо жардам беребиз»,– дейт да, көздөн кайым болот. Чоң Жинди тентектигин козу кайтарып жүргөндө койбойт. Талаага кой союп тойлойт. Кырк баланы топтоп, ордо атат, ар түркүн оюндарды ойнойт. Бир күнү калмактын жылкы башчысы Канжаркол деген келип, төрт баланы өлтүрүп, бышып жаткан этти шиш менен сайып алып, жеп отурат. Аны көрүп калган Манас Канжарколду өлтүрүп салат. Ушул өңдүү окуялардан кийин Ошпур арызданып Жакыпка жөнөйт. Андан соң жер коруган калмактар менен жаңжал чыгат. Чабыш чыгат. Саякбай манасчынын вариантында да Ошпурдун чакырыгы боюнча барган Жакып Манастан: «Койду мынчалык неге көп кырдың», – десе, анда Чоң Жинди: «Ээсиз малды көп жыйып, эмне кыласыз», – дейт. Аңгыча от май (жайыт акысы) доолаган Кочку 700 кол менен келип калат да: «Дегениме көн, бурут! Чоң Жинди балаңды колума сал, болбосо кырка тием бээнди, чыгара муштайм мээнди»,– дейт. Манас менен Кочку сайышка жекеме-жеке чыгат. Кочку үзөңгүдөн бут тайып, ээрден көчүк кылтайып, аттан кулайт. Жакып баласына «Кочкуну союп таштадың, калың каздың орумду, кайнатмак болдуң шорумду, ордолуу журтка катылып, чечтирмек болдуң тонумду»,– деп кейисе, Акбалта: «Аман болсо бул бала, өчкөн отуң күйгүзөт, өлгөн жаның тиргизет. Бул Манас добул келсе, жел тийгис булуң, токой, чер болот, доочу келсе, мал бергис кара көк жал эр болот. Эми малдын баарын чачалык, медер кылып Манасты, кыргызды көздөй качалык. Бул Алтайда турганда, не муратка жетелик», – деп кубанат. Калмактын колунан бир гана адамдын мурдун, кулагын тумар кылып тагынган Тагылык деген жоокери качып кутулуп кетет.

**Тапшырмалар**

1. Суроолордун тегерегинде ой жүгүрт: Жакып Чоң Жиндини эмне үчүн Ошпурга малайлыкка берди? Билесиңер, Жакып, чоң бай, сан миң жылкысы, төөсү бар, алтыны алты там толтура. Анан жалгыз баласын малайлыкка бергенин карасаң. Битирдин битири, сараңдын сараңы ушундай иш кылат да. Же башкачабы?
2. Чоң Жинди малайлыкта жүрүп, кандай иш бүткөрдү?
3. Кочкунун жеңилиши Жакыпты кейитсе, Акбалтаны сүйүнтөт. Эмне үчүн?

***Сөз берметы***

*Бул Манас добул келсе, жел тийгис булуң, токой, чер болот, доочу келсе, мал бергис кара көк жал эр болот.*



**АЛГАЧКЫ ЭРДИКТЕР**

Качып барган Тагылыктын «Манастын түрүн карасаң, кынсыз кылыч байланган, кайра жаачу булуттай каар жүзүнө айланган, мунун жүрөгүнөн чаң чыгат, добушунан жан чыгат» деген сөзүн уккандан кийин Эсенкан мурда «Манасты таап келдим» деген аярларынын кыркын кырып салат. «12 жашар Манасты байлап кел», – деп жер майышкан кол менен Жолойду, Дөңгөнү жөнөтөт.

**1. Кырк таман ордо**

Ошол кезде Манастын
Айманбозу шайлалуу,
Кермеде толгон тулпар байлалуу.
Кырк таман чийип ордону
Атып жаткан кези экен,
Тамашага баатырың
Батып жаткан кези экен.
Ичинде Манас жолборсу,
Жанындагы кырк бала –
Жаш баатырдын жолдошу.
Чийип койгон чийинди
Кара баспай, ак басып,
Кыйшыгы жок так басып,
Кадамакты кадашып,
Оюн салып жатканда,
Тоорумак тооруп атканда,
Ичке түштү жаш Манас,
Чүкө чертер чоң оюн,
Ишке түштү жаш Манас.

Кызыкка кыйын батканда,
Чүкө чертип жатканда
Эсен кандын кырк нары
Жүктөлгөн алтын дилде бар,
Кырк нарынын астында,
Кыйла баалуу кызыл нар,
Арт жакта эки жүздөй балбаны,
Кызматкерди шаштырды,
Атып жаткан ордонун,
Ортосун жара бастырды.

Ачууланып эр Манас,
Бир чүкөнү черткени,
Чыркырап чүкө кеткени.

Чүкө ыргыды чыркырап,
Эсенкандын эки нар
Чүкө тийген жилиги
Талкан болду быркырап.
Кызыл нар кыйрап жыгылды,
Балбандары күүлөндү,
Ал балбандын ичинен
Дөөдүр алпы сүйлөндү.
Манасты көздөй чоң Дөөдүр
Балтасын ала жүгүрдү,
Аны көргөн кырк бала
Өлдүк деп жандан түңүлдү.
Манасты кармап алууга
Эки жүз балбан жабылды,
Балакет минтип табылды.
Балбандарды көргөндө,
Кыраан Манас арыстан
Кызыкты мындай салганы,
Чоюн чокмор ойнотуп,
Он экисин жалмады.
Жанындагы кырк бала
Баягыдан жанданып.
Кажылдашкан калмакка,
Кошо кирди кол салып,
Каарды Манас баштады,
Алтымышын тырайтып,
Кырка кырып таштады.
Жетимиш жерден жара жеп,
Дөөдүр качып кутулду.

Муну мындай таштайлы,
Атакеси Жакыптан,
Эми сөздү баштайлы.
«Опсуз тентек чырагым,

Жеттиң менин түбүмө!
Улукка тийип уйпадың,
Уулум, Манас, оңбой кал!»
Ошондо Акбалта келди
күүлөнүп,
Ойрон болгон Жакыбына
сүйлөнүп:

«Өлсө болбойт түк арман,
Өлө берсин көп балбан.
Капаланба, сен Жакып,
Кармалашып көрөбүз,
Каза жетсе, өлөбүз,
Эрте өлгөндүн бирибиз,
Ит урушун салабыз.
Берен Манас балаңы
Белге тануу кылалы.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алты ай урушуп,
Жыйгандын баарын чачалы,
Жылыштап жүрүп олтуруп,
Бул Алтайдан качалы.
Кылдыратпай уук чечип,
Шылдыратпай суу кечип,
Узун жол басып өтөлү».

**2. Жолойдун согушканы**

Аны мындай таштайлы,
Дөөдүр алп барган калың кол,
Ошондон кабар баштайлы,
Жеткен экен чоң Дөөдүр,
Түркүгү алтын чатырга.
Кирген экен жүгүнүп:
«Кызыталак буруттун
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпеген аты бар.
Каарды катуу баштады,
Эки жүздүн баш-башын
Ышкындай үзүп таштады.
Орой чоку баш ооруйт,
Өлчөлүү жердин баары ооруйт.
Чампа чарчап ал кетти,
Бүткөн бойдун баарынан
Диркиреп кара кан кетти».

Дөөдүр минтип турганда,
Дөңгө чыгып күүлөнүп,
Жолой чыкты сүйлөнүп:
«Кызыталак буруттан,
Бурут деген журуттан,
Он экиде бала экен,
Манасын байлап алалык.
Колго тийсе атасы,
Курмандыкка чалалык.
Кадырлуусун кырабыз,
Кара элечек кылабыз!»

Деп ошентип эр Жолой,
Калың колду шаштырып,
Алдындагы Ачбуудан
Ойку-кайкы бастырып,
Чыңыроо тартып жез найдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
Кол кошууну козголуп,
Казган колуң ор келди,
Эсенкандын шаарынан
Каптаган калың кол келди.
Сакал, чачы бириндеп,
Ошондо Жакып дирилдеп,
Эми бөөдө өлүмгө калбай дейт,
Балам,мындай кылсак кантет
дейт:

«Айтканына көнөлү,
Ыгына дың дебестен кирели.
Алтайдан күткөн сан кара
Баарын тартуу кылып берели
Курган жан аман калалык,
Сулуу кыздан бир тогуз
Тандап тартуу кылалык!»
Жакып мындай дегенде,
Безге сайган эмедей
Ыргып кетти эр Манас,
«Кокуй, ата, не дейсиң,
Жоого намыс бергиче,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Малым менен жанымды
Олжого кантип берейин!
Өлбөй тирүү жүргөндө



Не мураска жетейин.
Калкым кыргыз, сен үчүн
Курман болуп кетейин.
Зордукчу кара кытайга
Согушту мыктап салайын.
Телпейген кара калмактан
Быйыл теңдигим тартып
аламын!
Кокуй, ата кейибе,
Найзалашып топ бузам,
Тагдыр жетсе окко учам!»
Деп ошентип зор Манас,
Жоо жарагын шайланды,
Кыргын кылчу нар кескен
Кылычын ичтен байланды.
Ошол кезде кылкылдап,
Кытай каптап калганы...
Бир караса, миң киши,
Бир караса, баатырың,–
Эсеп жеткис сан киши
Араласа, арстан-шер
Ат-атынан күбүлүп,
Чыйрагыраак балбаны
Чын жанынан түңүлүп,
Манаска чыдап туралбай
Манжуу качып шокшоктоп,
Ар жагынан эки дөө
Кайра тосуп токмоктоп,
Балбан Дөңгө, эр Жолой,
Мындай кепти салды эми:
«Кызыталак буруттан
Кырылышып кайтабыз.
Сырттап-сырттап чыгалы,
Зыркыратып кубалап,
Кызыталак бурутту
Ороп кармап алалы!»
Колдун артын эр Жолой,
Айдап алган чагы экен,
Койбоочудай кармашып,
Кайнап алган чагы экен.
Кол алдында чоң Дөңгө,
Кежиге чачы үксөйүп,
Каары келип, какайып
Мурунунан чыккан буу
Кол ыштыктай буркурап,

Артынан кытайдын колу
чуркурап,
Көрчү болсоң эр Дөңгө
Кылкүрөң менен чамынып,
Манаска найза саюуга
Жаткан экен камынып.
Кыраан Манас жаш бала
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Шердин шер экени билинип,
Айманбоз жетти жүгүрүп,
Жетик бала баатырың
Жебеден мурун жеткени.
Жеткен жерден Дөңгөнүн,
Кендир курдун бети деп,
Өпкөнүн бер жак чети деп,
Жан жеринин тушу деп,
Өлөр жери ушу деп,
Кан ичсе тойгус сыр найза
Катуу муштап өткөнү.
Карап турган адамдын,
Бүткөн бою дүркүрөп,
Кылкүрөндүн үстүнөн,
Кулап кетти күркүрөп.
Дөңгө аттан түшкөндө,
Балааны башка салганы,
Баатырың башын кесип алганы.
Ичке жолун төтөлөп,
Кылкүрөндү Манас шер,
Олжо кылып жетелеп,
Кылкүрөң коштоп чыккыча,
Кудай бетин көргөзбө,
Камышты көр, селди көр,
Каптап келген элди көр.
Каардуу Жолой бакырып,
Какандап ураан чакырып,
Каарды катуу салды эми,
Жайнап келген көп балбан,
Манасты тегеректеп калды эми.
«Өлбөй тирүү жүргөндө,
Не муратка жетелик?
Мандайга бүткөн бала үчүн,
Курган жан курман болуп
кетелик.
Ажал жетсе, өлдүк»,– деп,

Капталынан Акбалта
Качырып найза сунганы,
Ортосунда эр Жакып,
Ойрон Манас уулу үчүн,
Кыргындашып турганы.
Калмак качып, бириндеп,
Жайнап калган кези экен,
Баякы Манас көк жалын
Айдап калган кези экен,
Каарды Манас баштады,
Жолоюнан бөлөгүн
Жолго кырып таштады.

Эми Жолой алкынып,
Төбө чачы сүксөйүп,
Жеп ийчүдөй үксөйүп,
Качырган каман төштөнүп,
Алуучу аюу көздөнүп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Мурунунун таноосу
Сеңирдүү тоонун баткалдай,
Бир бетине Жолойдун
Он эки шибээ, кырк манжуу
Ордо атышып жаткандай.
Бир көзүнө карасаң,
Бакалуу көл-буткулдай,
Кашы өрттөнгөн токойдой,
Калбайыңкы эрини
Жылкычы кийген чокойдой.
Кол токмоктой кара чач
Аркасында селкилдеп,
Мунун темингиси телпилдеп,
Көк ала майдан таш кашат
Мандайга чыга калды эми.
Кыраан Манас жаш бала,
Бет алып чукул барды эми.
Манас жакын калганда,
Тике мандай барганда.
Анда Жолой муну айтат:
«Атыңын оозун бура тур,
Манас, Манас дегенде
Барбая түшөт экенсиң,
Суугa салган чаначтай,
Дардая түшөт экенсиң.
Кезегинди бер, Манас!
Жеке сайыш кылалык».
Каалаганың болсун деп,
Кезегин Манас бергени:
«Аябай, найза сай, Жолой,
Аяп калсаң эгерде,
Так эненди алып кал, Жолой!»
Кызыр чалган кабылан
Кылт этпей карап турду эми.
Ачбууданчан Жолой кан
Жетик эрдин бири экен,
Көрүп сындайт Манасты,
Өзү сынчы шум экен.
«Капырай, адамдан бөлөк сүрү бар,
Арстандай түрү бар,
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынат, миң киши
Туш жагынан жабылат.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Пил мүчөлүү бадирек.
Үйдөй кара бөркү бар,
Өчөшкөндүн баарысын
Жеке кырчу эрки бар».
Мына ошондо эр Жолой,
Манасты көрүп күйүндү.
Өз жанынан түңүлдү.
Төбө чачы үрпөйүп,
Кайран Жолой балбаны,
Манаска найза сунганы,
Кезегин берип эр Манас,
Былкылдабай турганы.
Мыктап Жолой сайганда,
Манас кыйшак этип койбоду.
Эр Жолойдун Ачбуудан
Тизеси жерге орноду.
Кытайлардын кан Жолой,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Кылайган арга калбады.
Калталандап шум Жолой
Качар жагын камдады.
«Кайрылса Манас жеди,–деп,
Сайса бурут оң кылбайт.
Эрегише келгенде
Эгери мени соо кылбайт».



Аймаңбоз сайга бир салып,
Найзасын оңдоп колго алып,
Ач арстан төштөнүп,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Атылып Манас жетти эми.
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Найза салып өттү эми.
Кытайлардын чоң Жолой
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Эки өңүрү далбактап,
Эки көзү алактап,
Куюшканын кармады:
Көзү кетти тунарып,
Өңү кетти кубарып,
Ырп этерге алы калбады.
Кайрылып Манас келгиче,
Алтымыш жайсаң, кырк дөөсү
Коргон болуп Жолойго
Тегеректеп жетти эми,
Жөлөп, таяп Жолойду,
Оңдоп жүрүп кетти эми.

### 3. Жолойдун качышы

Эми Жолой кеп айтат,
Берендер уккун деп айтат:
«Ачбууданды мингени
Айкырып жоого тийгени,
Өзүм Жолой болгону,
Ушул болду жазганым,
Бул буруттун колунан
Өлүп кала жаздадым.
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой, шал болду.
Челектей болгон кайран баш
Жарылып, кара кан болду.
Омурткамдын кошмосу,
Бул бурут найза сайганда,
Бөлөк-бөлөк бөлүндү.
Өлбөй-житпей бул жерден
Өз дүйнөнү чачалы,
Эсенкан көздөй качалы.
Кызыталак бул бурут,
Чалышсак чама түк калбайт,
Чарпышсак моюн түк бербейт.
Чарпыша кетсек кокустан,
Кокуйду башка салбасын,
Койбой кармап албасын.
Койдой башты кеспесин,
Курсакты бөөдө жарбасын!»
Деп ушинтип эр Жолой,
Боконо сөөгү болкулдап,
Боор, ичеги солкулдап,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Жолой жолго кирди эми.

Түгөнгөн тоонун урчуктан,
Дүмүрөйгөн тумшуктан,
Качып калган Жолойду,
Кабылан Манас көрдү эми.
Азыр сага жетем деп,
Албай кантип кетем деп,
Аймаңбоз оозун буруптур,
Качып берген Жолойго,
Кабыланың найза сунуптур..
Баарынан тулпар Аймаңбоз
Башын жерге салыптыр,
Арбытып арыш алыптыр,
Эти кызып, ээлигип,
Эң эле катуу жээлигип,
Камыштай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Тынбай чуркап калыптыр.
Айры белес тайпаңдан
Айкөл Манас кабылан
Алты айланта кууду эми.
Жети кайкаң дөбөгө
Жеткилең Манас баатырың,
Жети айланта кууду эми.
Томуктай жерде тоосу жок,
Чым этим жерде суусу жок,
Чымчып жээр чөбү жок,
Ошол чөлдү этектеп,
Ашып Жолой баратат,
Аманат жандан түңүлүп,
Качып Жолой баратат.
Аркасына караса,
Астындагы Аймаңбоз
Көрүнгөндөн көрүнүп,

Көрүнбөсө, союлгур,
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Булуттай учуп закымдап,
Калган экен, кызталак,
Ачбууданга жакындап.

Жакындап Манас барганда,
Былкылдактын Сары-Жаз,
Ичи токой чирик аралаш,
Айласын таппай шашты эми,
Өзү жайчы кан Жолой,
Токойго кирип барганы,
Күн жаадырчу жай ташты,

Көтөрүп суугa салганы.
Астынан булут табылды,
Жер жүзүнө көгөрүп,
Жөө туман түшүп жабылды.
Туш-тушунан зыркырап,
Муздак шамал урду эле,
Тоо башына думпүйүп,
Кара булут турду эле,
Булут учуп бурулуп,
Асмандан алты сай мөндүр
куюлуп,
Тоо-тоонун башы жабылды,
Чуңкурдан туман табылды...

Бөксөнүн баары мөндүрлөп, жаканын баары жамгырлап, жердин үстү бузулуп, кыян жүрөт кылкылдап. Ошондо асмандын бети тутулат, сай-сайлар селге бузулат, чоң Жолой качып кутулат.

**Тапшырмалар**

**1. Талда.** Кырк таман ордо – бул улуттук оюндун бир түрү:

– Бирок чоң Дөөдүр менен болгон окуяда ордо ордону эмес, мамлекетти туюндуруп калган сыяктанбайбы?

– Ордонун ортосун жара бастыруу мамлекетти тебелеп кирүүнү кыйыр түрдө түшүндүрүп жатпасын? Же кандай?

– Балким, мында кыйыр маани деле жоктур?

– Анда эки нардын чүкө тийген жилиги эмнеликтен талкан болуп быркырап кетет, кызык?

**2. Ойлон.** Кээде багынып берүү да аман калуунун эң жакшы жолу окшойт. Жакып Жолойдун жер майыштырган калың аскерин көргөндө, коркконунан өзү дирилдеп, сакал-чачы бириндеп: «Айтканына көнөлү, сан кара малды, сулуу кыздан тогузду тартуу кылып, жанды аман сактап калалы»,– дейт:

– Эмне үчүн Манас атасынын тилин алган жок?

– Же атанын тилин албай коюу ыймандуулукка жатабы?

– Манас: «найзалашып топ бузам, ажалым жетсе окко учам, бирок намысты бербейм»,– дейт. Бул эмне деген көктүк? Ошончо көп күчтү акылы менен таанып турган соң, атасы Жакыптын айтканына макул болуу керек эле да. Буга эмне демекчисиң?

– «Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин»,– Манастын бул сөзүндө кандай маани бар? Анын бул сөзү, сага жагабы?

**3. Байкоо жүргүз.**

1) Жоого каршы бет алып, кыргыз калкынын намысы үчүн найзалашып топ бузуп, ажалы жетсе окко уча турган көктүк менен жоноргон Манастын сага эмнеси кымбат? Өз жанын ойлобой, элдин камы үчүн кара башын сайып салгылашуу, балким баатырдын эноолугудур, апаңгазарлыгыдыр. Анткени, керт баштын кызыкчылыгы да бар да.

2) «Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин» деген Манастын сөзү жана ошого ылайык кылган анын аракети эмне себептен миң жылдап



унутулбайт? Кайра өнүктүрүлүп, улам кулачы узарып отуруп, ушул тапта эпостун варианты жетимишке жакындаган.

3) «Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин» деген бул жөн эле сөз эмес, эпостун көздөгөн максаты, келечек ээсине берер тарбия-таалими, түптөн учка айтар ою, кайра учтан түпкө кеткен байланыштыруучу өзөк да. Демек, эпостун идеясы ушунда болушу мүмкүнбү?

4) Баса, «Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин» деген Манас урааны менен азыркы кезде эгемендүү Республиканын армиясында кызмат өтөөдөн качкан айрым жаштарды карап көрсөң? Намыс, ар деген кайда?

5) Күндү ырым-жырым менен жаадырууга болобу? Эгер болсо, ошондой көзү ачык адамдардын жардамы менен күндү керек учурунда Жолойчо жай таш менен жаадырып алууга не жетсин. Же жай таш учкул кыялдын жемишиби? Анда кээде эл түлөө өткөргөндөн кийин, жамгырдын жаашы кандай? Эмне, адам менен Теңирдин (же космостун) ортосунда тике байланыш барбы?

***Сөз берметтери***

1. Былкылдак куурай бышкыча, мыйзамдын гүлү түшкүчө.
2. Ок өтпөгөн тону бар, ок жетпеген аты бар.

## АЛТАЙДАН АЛАТООГО КӨЧҮҮ

Алтайдан Алатоого келүү – бул Ата Журтту душмандан бошотуу дегендик. Манас кан шайланат. Кошойго барып кол берет жана анын жардамын алат. Манастын колу Музбурчак, Будайык өңдүү нечен баатырлар, Бакай сыяктуу акылмандар, билгирлер менен толукталат. Андан ары Кайып даңды жеңет. Карабөрк – жуткан ашы тамагынан көрүнгөн чүрөктөй сулуу кыз, ошол эле убакта көзгө атар мерген. Атасы Кайып даң жеңилип калгандан кийин да, бул кыз качкан элдин артын кайтарып, жол тосуп согушат. Анын огунан Бакай жарадар болот. Манас өзү келип, бу баатыр кызды ат-маты менен көмөлөтө сайып, колго түшүрөт. Кошой менен Бакай ал кызды Манаска алып бермекчи болот. Бирок кыз: «Атамды өлтүрүпсүң, колго түшкөн адамды өлтүрүү баатырлардын салтына жатпайт»,– деп моюн толгойт. Аңгыча Чалыбай колго түшкөндөрдүн бири да өлтүрүлбөгөнүн, Кайып даң аман-эсен багылып жатканын айтса, кыз ошондо гана ийигет, атынан түшүп, Манастан кечирим сурайт. Кайып данды үй-бүлөсү менен көрүштүрөт, ошондон соң Манас Карабөркко үйлөнөт. Эки эл жарашат. Чоң той берилет. Карабөркко арналган боз үйдүн жасалгасын Жайсаң ырчы ошондо жарым күн ырдайт ... Карабөрк кайнагасы болуп калган Бакайды атып жарадар кылганын эстеп, уялып, дайыма качып турат. Элде: Келиндин кайнагадан ыйбаа кылып качып турушу ошол «Карабөрктөн калган салт» деген түшүнүк сакталып калган.

Алатоого көчүү, демек, Ата Мекенди душмандан бошотуу жер ооду болуп кеткен кыргыздардын баарынын тилеги болгон.

Кызгалдак чөбү кылкылдаган, кымыздык менен ышкыны кошо бышып былкылдаган Алтайда өткөн жыйын туулган жер-

ди душмандан бошотуу жөнүндө болот. Ийри отуруп, түз кеңешип, бир чечимге келишет. Эч ким каршы болбойт.

Ошентип, кол мекенди, Алатоону бошотууга аттанат. Биринчи Текес кандын сыйкырдуу аскери Бакайдын акылы боюнча өрт коюлуп жок кылынат. Текес өзүн өзү өлтүрөт. Эли багынып берет. Манас «Калмактардын жырык ийнесин да албагыла», – деп тентектерди тыят. Анан өзүнөргө арандардан кан шайлап алгыла дейт. Сексендеги Карача кан болууга ниеттенсе, кызы Сайкал «Текестин тонун тоноп алганың жакшы эмес, өкүмдөн жутады белең», – деп тыйып коет. Акыры Текестин иниси Тейишти кан көтөрүшөт. Ал той баштайт. Бардык таң-тамаша болот. Бир оокумда сайышка он жети жашар Сайкал чыгат. Ага каршы беттеп эч ким чыкпайт. Айбатына даай алышпайт. Ошондо сайышка Манас чыгат. Кыз Сайкал «кыргыздын кыйынын таптаза тындым кылайын» деп ойлойт. Манас болсо «Сайкал татынакай кыз экен, катуу сайсам бекерге өлүп кетер»,– деп аярлай, найзаны коомай саят. Ошол маалда Сайкал катуу күч менен найзаны жүрөккө туштап урат. Баатыр аттан түшүп кала жаздайт. Найзанын учу тайып барып оң колтугун жарат. Кыз Манасты далыдан алып, аттан оодарып салмакчы болот. Ошо кезде Чубак: «Бул эңиш эмес, сайыш», – деп Манасты жөлөйт. Кыздын аты жалт берип, артка үрккөндө, баатыр колдон бошонуп кетет. Ызаланган Манас кызды кайра катуу качырып саят, күчтүү соккудан Сайкалдын эси ооп, аттын соорусуна кетет. Анан эптеп оңолуп алып, эл арасына кире качат да, кайра сайышка чыкпай коет. Манаска атын тартуулап кутулат. (Саякбайдын вариантында Сайкал Манаска Тайбуурулду белекке берет.) Ал эми Орго кан да Манастан жеңилет. Бул согуштагы эсте каларлык нерсе – Оргонун аялы Санамкүлдүн келиши. Ал эки баласын, казак Ыраман аттуу вазирди ырчы баласы Каратай менен ээрчите келип, Манастан тынчтык сурайт. Баатыр анын өтүнүчүн орундатат. Жанына Каратайды алып калат да, калганын кетирип жиберет. Ошол Каратай кийин Ырамандын Ырчуулу деп атыгып кеткен. Андан соң Акунбешимди, Панусту жеңип, Манас Ташкенге Көкөтөйдү кан көтөрөт. Ушундай бир нече согуштардан кийин Манас кыргыздарды өз ата-бабасы өскөн жерге көчүрүп келет. Андан соң Алооке алы жетпесин билип, Манаска согушсуз багынат. Ата Журтуна көчүп келген кыргыздар жеримди тарытып жиберди, чаап алам деп Шорук кан желпинет. Ал Каратегин аркылуу ашып келип, Алайды басып кирет. Өзү келип, катылган жоо жөнүндө кабарды Манаска Акбалта жиберет (бул акылман карыя Алтайдан келгенден кийин Нойгут элине кетет). Согушта Шоорук жеңилип, үч жүз миң жоокеринин көбү кырылат. Айласы түгөнүп, өз кызы Акылайды баш кылып, 31 сулуу кыз, кырк бир кызыл нар тартуу менен эки колун ооруна алып, бото курун мойнуна





*Т. Т. Герцен.* Манас.

салып, көз жашын көл кылып, кечирим сурап Манаска келет. Айкөл кечирет. Кыздарды ортого коюп, өз каалаганыңарды тандагыла дейт. Акылай Манасты, калганы бирден чорону тандайт. Кырк күн той болот. Ошентип, Шоорук Манасты күйөө бала кылып, тагын сактап калат. Ал эми Шоорук менен согушуп жүргөн кезде, Алооке өзүнө тийиштүү калмак, кытайларын ээрчитип, түн ката Анжыяндан Кытайга качып кетет. Жолдон 60 уулдун кенжеси Коңурбай алдынан чыгып, кыргыздар менен кырылышам дейт, Алооке «демиңди бас, Манас кийин Бээжинге да барат, күчүңдү ошондо көрөбүз» деп уулун тыйып коет.

### АЛМАМБЕТТИН БАЯНЫ

**1. Алмамбеттин төрөлүшү.** Алмамбет төрөлгөндө Бээжинге жетимиш күнү күн жаап, жер титиреп кетет. Алты жашка келгенде ажыдаардан окуйт. Ажыдаардын сүрүнөн алты миң баладан алты бала тирүү калат да, калганы жүрөгү чыгып өлөт. Кийинки жылы жети миң баладан жети, андан кийинки жылдары сегиз миңден сегиз, тогуз миңден тогуз, он миңден он бала аман калат, калганы бүт кырылат. Ошол тирүү калгандардын бири – Алмамбет. Ажыдаардан нечен көптөгөн өнөрдү, анын ичинде күн жаадырган жайчылыкты да үйрөнгөн. (Шыпшайдар Алмамбеттен үч айча артык окуган экен.)

**2. Чатак.** Анан атасы Азиз кан (атасы Соорондук, энеси Эксер деп да айтылат) баланы такка олтургузат. Алмамбет кара кылды как жарган калыстык менен сурак жүргүзөт. Күндөрдүн биринде Азиз кан бир кездеги Алоокенин Коңурбайы тартып алган Канжайлакты кайтарып алууга Алмамбетти жумшайт. Баатырдын башына балээни үйгөн чыр-чатактын баары ушул жайлоодон башталат. Жер бермек түгүл Коңурбай кайра: «Өтүңдү жарып, көзүңдү оюп, каныңа тоюп, өлүгүңдү Эсенканга жүктөтүп барайын»,– деп чамынат. Сайыша кетишет. Найза жеп, аттан түшүп каларда, Коңурбай боортоктоп оңолот, Алгарага камчы басат. Булуттуу көктүн асты менен, буралган чөптүн үстү менен качып кетет. Эсенканга жетип, минтип айтат:

– Коломтодон кор чыкты, Алмамбет деген зор чыкты. Аттан сайып түшүрүп, кан жөткүрттү өзүмдү. Эми кыям дейт сенин башыңды, кыйратат алтын тагыңды. Ниети бузук жери бар, бул арам иттин бурутка кирип кетер чени бар.

Ордого удаа кирип келген Алмамбет да:

– Коңурбай журтту азапка салды, бечаралардын башын койдой кесет, ичин коендой жарат. Деги аны кой деп айтар жан барбы?

Эсенкан унчукпайт. Эрди-мурду былк этет. Нары кирип кетет. «Эшикке чыкса, алмадай башын алсам», – деп ойлойт Ал-



мамбет. Ошондо, Алманды жактырып калган, кыргоолдой кулпурган Бурулча деген сулуу кыз бурула басып келет да, минтип айтат:

– Ук, Алмамбет. Атам Эсенкандын буйругу менен сени өз атаң өлтүрөт. Ошон үчүн, бара турган эл камда, бата турган жер камда. Балтырың сыяр жер тапсаң, алты жылы жолуңду күтөм!

Алмамбеттин атасы Азиз кан да уулуна аюудай бакырып опурулат:

– Жайлоому айрып бер десем, Коңурбай менен Каңгайдын түп каны Эсенканга неге күч көрсөтөсүң. Каралык бир ниетинде. Чымындай кыям жаныңды. Айттырбай кесем тилиңди. Азыткы жолдон кайт, балам!

Эми эмне кылат Алмамбет? Баары жоо. Апасы менен коштошуп, бурутка кирип кетмей болот. Окторулуп ойногон, ок жыландай сойлогон, Кылжейренге минип, жолго чыгат. «Алмамбет качты!» – деген кабар дүңк этет. Эсенкан Коңурбай баш болгон баатырларды Алмамбетти качырбай кишендеп байлап келүү үчүн жумшайт.

Ошентип, Алмамбетти Нескара, Жолой, Бөрүкөз, Канжаркол, Коңурбай баштаган баатырлар курчап калат. Жалгыздыгы курусун. Эмне кылат? Коңурбайды качырат. Төрө аттан кулап кетеринде, Жөөкүлүк деген аяры жөлөп-таяп куткарып кетет. Теңдешсиз согуш башталат. Эрдигин кара, Каңгайды жалгыз өзү сүрөт. Нескара, Жолой баш болгон жети баатырды катары менен аңтара саят. Бирок, аманат жанга күч келет. Алдан тайыйт Алмамбет.

**3. Эне.** Чарчап, аттан жыгыла турган болот. Шайы ооп турганда Коңурбай учкан куштай зымырап Алмамбетти бет алат. Ошондо ак байбиче Алтынай тору бээни минип, түрмөктөлгөн кара чачын төбөсүнө түйүп, Алмама караан болоюн, ажалым жетсе өлөйүн, деп келип, Коң төрөнү көрүп, буйткадан тосуп калат. Качан Коңурбай тушунан өтө бергенде, өпкө боордун тушу деп Алгараны саят, бирок көзүн жуумп жиберет. Ошондо найза карыш ылдыйдан, кар жиликтин булчуң этин жыра тиет. Коңурбай качат. Бир аз тыныгып калган Алмамбет Кылжейренге минип, Коңурбайдын сонунан жетип саят. Кыжылдаган көп калмак курчап кала электе Мажик жетип, Алмамбетти коштоп кетет. Кайра артына келсе, тору бээ бош калган. Төмөндө Алтынайдын сөөгүн качырга артып кытайлар Бээжинге беттеп бара-тат. Алман аларга жетип, тополоңун тоз кылат. Энесинин сөөгүн ала качып барып, токойго коет. Анан кылкылдаган калың колдон дубалдан аша секире качып, бөксөгө мөндүр жаадырып, түзөңгө жөө туман каптатып, дарыяларды ташытып кутулат.

**4. Көкчөдө.** Алмамбет Кылэртиштин боюнан көк ала ат минген айбаттуу баатыр Көкчө баштаган кылкылдаган колду көрөт

да, бастырып келип салам берет. Жөн сурашкандан кийин Көкчө сары улакты таап, Алмамбетке садага чаптырат. Анан ак боз бээ чалдырат. Алмамбет Көкчөдө туруп калат. Үймө-үй чакырып, казак эли урматтап сыйлайт. Алты ай өткөндөн кийин, Алмамбет касташкан Коңурбай менен Жолойго барып, жылкы тийип келет. Казактын керегеси май болот. Калыстыгы менен калк оозуна илинет. Алдым-жуттумдар болсо Алмамбетти жек көрүшөт. Көп ушакты чыгарат. Бул ушак ырбап отуруп Көкчөгө жетет. Акеркечтин акылы боюнча Көкчө ушакка ишенбейт. Бирок бузукулар сөздү ырбатат. Ошентип, Көкчө аялы Акеркечтин тилин албай жыйын чакырат. Билермандар ага күчала кошуп арак ичиришет. Көкчө мас болот. Ошондо баягы бузуктун сөзү башталат. Күбө катары Көкчөнүн кичи аялы Буудайбекти сурашат. Ал ушакты чындык дейт. Ошентип, Алмамбетти жазаламай болушат. Аны чакыртышат. Өлтүрмөк болуп кеңешишет. Бирок баатыр үйгө келгенде, анын айбатынан бирөө да кол сала албайт. Кайра саламга шашып алик алышат. Ошондо көк сүлөөсүн бөркүн кырданта кийген Көкчө бакырат: «Кытай кул киргенде эмне болдуңар, жанагы айткан сөзүңөр кана». Алман Көкчөнүн төшөгүн баса олтурат. Алмамбет: «Ачууландың кимге?» Көкчө: «Казак ичинде кангыган кулга». Алмамбет: «Жамандык көрсөң жайынды айт, жалпы журтка жайып айт, көргөнүң болсо көрүп айт, бир күнөөм болсо билип айт, антыңдан эмне үчүн айныдың?» Көкчө: «Сен Акеркечти менден тартып алганы жүрөсүң». Алмамбет: «Төрөм, мен төшөгүңдү бассам оңомбу?» Көкчө: «Сен кайдан келген акмаксың, кет!» Ошондо Алман: «Шерттен танба, Көгаланды бер, душманга бир кирип келейин»,– дейт. Анда Көкчө ого бетер көтөрүлүп: «Алмурут тиккен жерге ит мурун чыгат дечи эле, ит ичпей турган ашынан үмүт кылат дечү эле, арстан турган жерге аюу жойлочу беле?»–дейт. Алмамбет: «Алмурут – сен, ит жыгач – мен, арстан – сен, аюу – мен болсом, келе колуңду, шерт мойнунда»– дейт. Кылычын суурул алат. Ачуусу абдан келет. «Малыңды кууп кетем,боз үйүңдү кыйратам», – дейт. Кылычын суурул алат. Кайра ойлонот: «Өлөңдүү жерди өрттөбөй өзүм жүрүп кетейин. Кагыраган бийлердин канын сурап нетейин». Кетип баратканда Акеркеч: «Таластагы көк жал Манаска жетпей кайтпа», – дейт. Алмамбет шашкелик жерге барып, жаңгактуу токойго атын тушап, масы тараса Көкчө келер деп эки күн күтөт. Көкчө да масы тарагандан кийин Алмамбетти издейт. Таппайт.

### 5. Ызгыч куш

Күн батышты алып мандайга,
Тили кургап тандайда,
Чыканак жерге салбастан,
Чырм этип уйку албастан,

Ат керт этип чөп жебей,
Эр кылт этип суу ичпей,
Жолдо Алмамбет бел чечпей,
Эрини чарт кесилип



Ачкадан боору эзилип,
Айнектей көзү сүзүлүп,
Не келет – билбейт бетине,
Өлүмдү алган нээтине.
«Болгон карып экен–деп,
Болжосом, боор бурар жок.
Жатып калсам алсырап,
Кандай жаткан жансың –деп,
Жан-күйүмү сурар жок.
Аркамдан издер ага жок,
Артымда калган бала жок.
Издеп келер иним жок,
Ит ордуна мен өлсөм,
Ичи ачыр менде бир жан жок.
Таянарга тага жок,
Тагдырыма даба жок,
Калкынан азган караанмын,
Каңгырап кайда барамын.
Мээнетин тартып келатам
Мобул, мелтилдеп жаткан
талаанын.
Ат арыктап, жал калбай,
Аяк серпер ал калбай,
Кыркырак кирсе өзүмө,
Кымындай сууну тамызып,
Кылчаяр жан жок өзүмө.
Башымды жөлөр паана жок,
Баркымды билер даана жок.
Кейип угар пенде жок,
Керээз айткан сөзүмдү,
Кериде калып жасатым,
Кузгун чукур көзүмдү».
Жол сурарга жоро жок,
Калк сурарга кара жок,
Бел сурарга пенде жок,
Айыл сурар адам жок,
Калк сурарга кара жок,
Өрдөш кара коо көрүп,
Күн жаткан Ала-Тоо көрүп,
Ойду көздөй бет алып,
Оолугуп ичи тутанып,
Каракырчын, Карасуу,
Кабылан Алман жапжалгыз
Капталган жери мына бу.
Карасуунун тунугу

Найза салса бойлобой,
Сырттан Алмаң караса,
Суу кушунун баары бар,
Саздуу жерди ээлеген
Ызылдак ызгыч дагы бар.
Учуп чыгат башка куш,
Алмамбет буга болгон туш.
Ызгыч – кара кашка куш.
Канаттары күрүлдөп,
Катуу учуп дүрүлдөп,
Аттанып кара суулардан,
Асты Алмамбет кутулбайт,
Ызылдаган булардан.
Кыжыры кайнап кырданып,
Кыраанын Алмаң сурданып,
Суу көтөрбөй сиркеси,
Ызгычка айткан бир сөздү:
«Ызылдаба, ызгыч куш,
Ырасын айтсам ушул иш,
Канаттуудан сен жалгыз,
Кара баштан мен жалгыз.
Койсоңчу ызгыч, кордобо,
Жолума чыгып торгобо
Өзүңдү өзүң зордобо».

Ал сөздү айтып далайып,
Ачкалыктан шалайып,
Коломсокко кол салды
Ошо кушка ок алды.
Киричке жебе чалыптыр,
Телпилдеген ызгыч куш
Чыйылдап келип калыптыр,
Алмандын көргүн санатын,
Ызгычтын атты канатын.
Канатын огу сындырды,
Ызгычтын жанын тындырды.
Азыр ызгыч жыгылды,
Алмамбеттин жолуна.
Аны Алмамбет көрмөккө
Эңип алды колуна
Канаты сынган, алы жок
Кармап көрсө, жаныбар,
Былк этерге шайы жок.
Бөдөнөдөй өзү бар,
Бөжүрөйгөн көзү бар.

Насыят кылып ызгычка,
Алмаңдын айтар сөзү бар:
«Адамга неге катылдың,
Арманда өлүп атылдың.
Катылба десем болбодуң,
Катылып жолум торгодуң,
Кадемиң каткыр оңбодуң!
Тийбегин десем болбодуң,
Титиреп жолум торгодуң.
Тийгенден кайсы оңгонуң?!
Аңкаган чөлдө сен болдуң,
Ач арыстан мен болдум.
Алыңды билип, не тийдиң,
Алымды билбей достошуп,
Ажалдын тонун мен кийдим.
Өз алың билбей сен тийдиң,
Өзүңө окшош болом деп,
Өлүмдүн тонун мен кийдим.
Берсе кудай жолумду,
Чечейин өлүм тонумду,
Бүтүрөйүн канатың,
Бейкүнөө жанга катылбай,
Сен да тап,–деп жолуңду».
Кайнатма кара дары бар,
Сүйкөп алып жарага,
Сынып калган канатын,
Калыбына салганы.
Алып алтай кырмызы
Канатын аста таңганы,
Дарыга канат сырдады,
Тал жибек менен чырмады,
Учурмакка Алмамбет
Ызгычты кармап ыргады,
«Уяңда балаң дагы бар,
Үйүңдү тап, – деп жаныбар»,
Учуруп ийген чагы бар...

Ызгыч куш учкан тарапка көз салса, Алмамбет Бото-Мойнок белинен атынын мойну бир кулач, алаңгыр жаа асынган, арстан эр золкоюп келатат. Бул Манас эле.

6. Манастын Алмамбетти тосуп келатышынын жайы мындай болгон. Бир күнү Манас түш көрөт, түшүндө сонун иш көрөт. Ай талаада келатып ач албарс кылыч таап алат да, аны менен кара ташты шилтесе, ал таш балтыркандай бөлүнөт. Анан кылыч арстан болуп кубулса, жолборстор куйругун чатына кыпчып калтырашат. Арстан ажыдаарга, анан ажыдаар буудайыкка айланат. Анан ал буудайык Манастын колуна келип конот. Баатыр кабагы күндөй ачылып ойгонот. Түштү Ажыбай жоруп: «Буудайык – бул Алмамбет. Ал Көкчөгө келди. Эми ал баатыр өзүңө келип кошулат»,– дейт. Манас Алмаңдын жолун Сары өзөн Чүйдөгү Ашмаранын боюнан, Ак-Эрмендин оюнан тосот.

7. Манас да Бото-Мойноктун белинен Алмамбетти көрөт да, ага «Кызыл түктүү пил экен, кыраакы эрдин бири экен, алыскы ишти ойлогон акылман, айбатына жан түтпөс баатыр жан экен», – деп баа берет. Анан чорolorун чогултуп: «Алмамбет – сунса колду узарткан, жумулса көздү ачкан баатыр. Өжөрлүк кылса, өткөрүп, кейишке салса, кечирип, кетирбей алып калалы»,–дейт. Баары макул болушат. Ошондо Манас Алмамбетти сындан өткөрмөкчү болот.

**Биринчи сыноо.** Манастын акылы боюнча Чалыбай, Ажыбай, Сыргак, Кутунай, Чубак – бешөө күтүлбөгөн жерден кабактан чыга бериште мылтык атып, тарс коюп, добул согуп, карс коюп, жеп ийчүдөй бакырып, Алмамбетти качырып сала беришет. Чаалыгып келаткан Алмамбет чил учкандай селт этип да,



*Т. Т. Герцен.* Алмамбет.

карап да койбойт. Беш баатыр катыла албай тим болот. Кызык, мындай сыноо менен Манас баатыр эмнени билди?

**Экинчи сыноо.** Алдыдагы төрт төбөлүү кырк чатырды беттеп Алман келатат. Миң кадам калганда он эки жигит ат алмак болот. Бирок: «Тарт колуңду, наадан!» – деп Алмамбет тизгинди кагып алат да, андан ары бастырат. Аны карап койгон бир жан жок, бир жеринде ордо, бир канчасы чатыраш ойноп жатышат. Кырданганы кырданып, сурданганы сурданган бойдон. Ит келдиби, төө келдиби, капарга алган пенде жок. Анан Алмамбет Манас отурган төрт төбөлүү көк чатырды көздөй бет алып, аттан түшпөй салам бергүгө ниет кылат. Ошондо Ажыбай: «Улук болсоң, кичик бол. Каары катуу каныбыз, ат менен салам берсеңиз, тирүү калбас жаныбыз. Аттан түшүп алалык, ыгы болсо көк жалга ызаат кылып баралык»,– дейт да, жылоодон алат. Алмамбет муну туура көрөт, аттан түшүп, асталай басып барып салам берет. Манас менен Бакай алик алат. Төрдөн орун берилет. Аңгыча бал чайкаган кымыз алып келинет да, аяк кош колдоп Алмамбетке сунулат. Эрди чарт айрылып, ачка болуп турса да, ал аякты албайт, «Абакеме сунгун» дейт. Бакай ооз тийип, кайра аякты Алмамбетке жылдырат. Баатыр кымыздан аз гана кылт этип жутат. Өзөгүнө түшкөн Алман шылк этип жыгылат. Бир топтон кийин эс алып, баш көтөрүп, тамак ичет. Бул да кызык, экинчи сыноо менен Манас эмнени билди?

**Үчүнчү сыноо.** Манас Алмамбеттин жөн-жайын сурайт. Алман: «Оң караган киши издеп, ооп жүргөн бир жанмын, карсак жүрбөс калыңда карайлаган бир жанмын, кара башым өлүмгө даярдаган бир жанмын, чылбырын үзгөн тулпармын»,–деп жооп берет. Манас: «Аркайган бийик Алатоо, ак марал куруп ким ашпайт, айкын талаа, узун жол адашса жолун ким баспайт»,– дейт да, Алмамбетке Аккуланы, Аккелтени, Сырнайзаны, Аккүбө тонду тартуу кылат. Ошондо ат мүдүрүлүп кайра оңолгончо алтымыш түрлүү акыл, айла ойлоогу үлгүргөн чоросу Серек Манаска акыл салат: «Ат чабалык, ошондон чыгып келген күлүктү Алмамбетке берелик» деп. Манас макул болот. Ат жарыш болот. Алмамбет: «Ат-тонунан мен айрып, кетирбейин айласын, өспөгөн жаман жан кылар өз жанынын пайдасын» деп ойлойт да, Аккуланы байгеге кошпой коет. Аңгыча чапкан аттар келип калат. Сарала чыгып келет. Чоролор: «Алмамбет! Алмамбет!», – деп ураан чакырып сүрөйт. Сарала Алмамбетке берилет. Манас: «Эми кетсең боло берет, кашында жолдошуң жок жүрүш жарабайт, жол узунун чала кет, кашында жети баатырды кайда кетсең ала кет»,– дейт. Алмамбет ойлонот да, минтип жооп берет: «Өлсөм, өлүгүмдү талаада калтырбай турган тууган таптым, ынтымактуу жүрмөккө бата кылалы», –дейт. Кырк баатыр буга ыраазы болот.

*Манас бул сыноо менен эмнени түшүндү жана эмнеге жетишти?*



**8. Туугандашуу.** Чабармандан кеп угуп, Алмамбет келди деп угуп, алтымыш чал менен Жакып чаап келет. «Айланайын ботом» деп, сакалдан жашы төгүлүп, Алмамбетти кучактайт. Боз жорго менен келген Чыйырды Алмамбетти көргөндө, эмчеги ийип кетет. Оң эмчегин Манас, сол эмчегин Алмамбет эмет. Анан айылга жөнөшөт. Айылга келгенден кийин Алмамбет: «Сандаган журтум бүт болсун, баатыр, Сарала мага кут болсун! Атпай кыргыз журт болсун, Аккула сизге кут болсун!» – деп, жоо-жарагы менен Аккуланы кайра Манаска тартуу кылат.

### Кошумча маалымат

Алмамбет баатырдын Кытай жеринен качышынын төмөндөгүдөй себептери болгон:

1. Улуктун урматына адамды курмандык чалуу салтына каршы болуп, аны токтотууга өкүм кылат. Бул аракет ага көп душманды таап берген.
2. Алмамбет жаш бала менен кыздын боорунан жашартуучу дары жасоо адатына тыюу салат. Бул аракет анын каршылаштарын ого бетер көбөйткөн.
3. Алмамбет мусулман динин кабыл алат. Атасын мусулман бол десе, болбой коет, ошондо ал энесин, Мажикти, кырк жигитин ээрчитип качып чыккан.

### Суроолор

1. Көкчө менен Алмамбеттин достугун бузукулар кантип үздү?
2. Манас Алмамбетти үч жолу сынайт. Биринчи сыноодон эмне аныкталды? Экинчи, үчүнчү сыноодончу?
3. Ушул үч сыноонун негизинде Алмамбетке баа бер. Ал Манастын түшүндөгү көргөнүнө төп келдиби?
4. Ушул үч сыноону жүргүзгөн Манас баатырга баа бер. Айкөл кандай адам?
5. Манас менен Алмамбет кандайча бир тууган болуп калды?

### Тапшырмалар

1. Ушул Алмамбет окуясын б.з.ч. 99-жылы гунндарга туткун болуп, анан кыргыздарга кандык кылган Ли Лин менен салыштырып көрсөң. «Алмамбет тарыхтагы Ли Линдин эпостогу чагылышы болушу мүмкүн» деген пикирлер да бар.
2. Алтынай эне уулу Алмамбет үчүн өлүмгө дуушар болот. Эненин баласы үчүн мээри кандай ысык, кандай жалын чачып турганын ушул окуядан билсе болобу? «Энеге таазим» деген ыр жазууга аракеттенип көрсөң?
3. Алмамбеттин Кытайдан качып чыгышынын төрт себеби (кошумча маалыматтагы менен) бар. Сен ошол жер, дин, дары, курмандык чалуу боюнча чатактардын кайсынысын Алмамбеттин качып чыгышынын чыныгы себеби кылып апар элең?
4. Алмамбет баянынан» жети сөз берметин таап, айтып бер.
5. Көрктүү оку: «Ызгыч куш» («Манас» обону менен).

## БААТЫРДЫН ҮЙЛӨНҮШҮ

Манас Алмамбетти үйлөндүрүү үчүн кыргыз, казак, кыпчактан ылайыктуу кыз издеп келсе, Алмаң: «Мени коюп, адегенде өзүң үйлөн»,– дейт. Көрсө, ал Карабөрк менен Акылайдын чогоол, какшыкчыл, адепсиз экенин, баатырга ылайык жар эместигин байкап, катуу иренжип калган экен. Муну ойго алган Манас үйлөнүү жөнүндө атасына минтип айтат: «Куда болуп кайындап, ата карызындан кутул, алып берериңиз эртели-кеч көз кыскан бийдин кызы, ар иш болсо жашырган пирдин кызы, чачылуу чачпак, чалма этек байдын кызы, туура таман, тултук бет, туура тилин чайнаган кулдун кызы, өз бетинче эрке өскөн кандын кызы болбосун. Акылга дыйкан айлалуу, ааламга толук пайдалуу, көңүлү сылык, пейли кең, төрт тарабы болгон тең, жылдызы ысык, жылуу сөз, жазык маңдай, көөхар көз, инжи тиштүү, ширин сөз, алача моюн, түймө баш, көкүлү көркөм, колоң чач, ошондой кыздан тап. Ал акыл менен эр баксын, айла менен эл баксын, сарамжал, ойротто жок уз болсун, оюу терең кыз болсун! Ар бир түрлүү жумуштун аркасын андап болжогон, ашкере сабырдуу, адамга жабыр көрсөтпөгөн, боло турган жумушту алдын ала болжоп билген кыз болсун!» –дейт.

Жакып Алмамбет менен Бакайга акылдашат. Бакай: «Каныкейди уулуңа алып бер» – дейт. Акылмандын сөзү сөз болот. Ошондо Жакып алты атка алтын артып, ак килемди жаптырып, алты жигит кошчу алып, төлгөчү кара Төлөгү менен Букарга аттанат. Жакыпты Каракан (Атемир) жакшылап тосуп алат. «Мен сага төркүлөп келдим, томогосун ала элек, тоодакка шилтеп сала элек сизде бир шумкар куш бар, сары алтындай салмактуу жакшы кыз бар деп келдим, кулдук уруп куда болоюн, балаңа сөйкө салайын деп келдим» – дейт. Ошондо Каракан сакалын салаасы менен тарап, чай кайнатым унчукпайт, ойлонот. Анан аш бышымдан кийин:

–Күйөө болчу кишиң ким? – дейт.

–Акылмандын тунугу, ак калпактын улугу Манасым.

–Ал баландын эки аялы бар. Анын үстүнө Манас да канкор. Кой Жакып, сөзүңдү токтот.

Жакып кетпей коет. Букар шаарын көрөт. Анан шаардын четинен көргөн эки кызды сынайт. Бири – Каныкей: «Оймок ооз, бото көз, күнгөйдүн гүлдүү сыргагы: кооз – койкоң, жылан баш; аркасынан бир бала ээрчитип келет; төгүлгөн кара чачы бар, гүл төгүлөт колунан; жез тырмак иштүү; кызматы кылымга калат; жүлүндөй түптүз бойлуу; карчыга канат, кыргый кол; сарамжалдуу; айыбы – башынан кайгы кетпес». Биринен бири артык. Арууке Төлөк сынайт. Жактырат. Жакыптын көзүнө дүйнө көрүнбөйт. Анан Төлөк төлгө салса, төлгөнүн башы тогуз, аягы сегиз болот. Каныкей менен Арууке экөө тең колубузга тиет деп кудуңдайт.

Ошол кезде Аманбай Караканга: «Каныкейди Манаска берели»,– дейт. Ошондо Каракан мындай акыл салат:

«Калыңы алты жүз кызыл нар болсун,
артылган кызыл зер болсун,
адыр толгон мал, эки миң аппак кой болсун,
мал айдаган кыз болсун,
токсон шумкар, жүз бүркүт,
20 тулпар, жети жүз жорго,
200 төө, жети жолборс, эки шер... болсун.

Ушунча малды Жакып таба албайт, ал эми кызды бербейбиз, деп тике айтсак, айып болор». Ушул акылдашуудан кийин Каракан Жакыпка жогорку калыңды айтат.

– Кулдугум бар, мал аябайм, айткан малыңды жети күндө көзүңө көрсөтөм, – деп Жакып кулдук уруп, эки тогуз Караканга тартуулайт. Анан Жакып: «Алмамбет деген балама Арууке деген кызды кошо бер, бирөөнө бирөө сүрөө болсун»,–дейт. Каракан ачууланат. Хандын Калматай деген жигити эмне десе, макул дей бер, самсытып ошончо малды таба алмак беле дейт. Каракан бармагын тиштеп, макул болот. Жакып айлына кайтат.

Көп кечикпей калыңды алып, Жакып 40 кошчу менен Букарга аттанат. Артынан Манас менен Алмамбет кылкылдаган кол менен жөнөйт. Мал өзөнгө толуп, сел болуп каптайт. Качарына жер таппай, аркарлар малга кошулат. Жыландардын бели кырчылат. Таш бакалар туякка эзилет. Торгой көп малдан коно албай, канаты талыйт. Чаңдан күндүн көзү көрүнбөйт.

Ушунча мал Букарга каптап кирет. Каракан шашат. Тополоң. Айдап келген мал адамды тебелеп өлтүрчүдөй. Каракан ыраазы болот. Манас менен Каныкейдин, Алмамбет менен Аруукенин баш кошуусуна арналган Букарда чоң той болот. Ал той Таласта уланат. Күлүк чабылат, жамбы атылып, көкбөрү тартылат, *өпкө кармап таз чабыш, жөө жарыш, балбан күрөш, эр сайыш, атала баш, ит тартыш* кырк күнгө созулат.

### Суроолор

1. Манастын баатырдык салт боюнча үйлөнүшү кимдин кеңеши боюнча болду?
2. Манас кандай кызга үйлөнмөк болгон?
3. Кыздын калыңын өтө ашырып айтуунун кандай максаты бар эле?
4. Жакыптын Каныкейди сынаганы.

## КӨЗКАМАНДАР ОКУЯСЫ

Кыргыз урууларынын күч алышынан кооп санаган Эсенкан калкын жыйып мындай дейт:

– «Манас деген оңой жоо эмес. Эгер аны сойбосок, жергебизге таш мөндүрдөй жаайт. Шартым бул, эгерде кимде-ким Манасты алдап өлтүрсө, алтын таажы кийгизем, алтын такка мингизем, калмак менен мангулдун бир чоң кандыгын бергизем». Эл коркуп эмне айла кыларын билбейт, ошондо Эсенкан муңайып мындай дейт:

– Кабылан Манаска кабылган тирүү калбайт. Ошондуктан кыргыздан колго түшүрүп келген Көкчөкөз менен Көзкаман, Желтийбес менен Чандаяк, Орозон – бешөө барсын.

Ошентип, бешөө Манасты союп, башын Эсенканга белек кылып алып келүүгө уу жалап, ант беришет. Калмактын Какандагы суу кудугуна сыйынышып, тийсе өлтүрөр уудан алып жолго чыгышат. Жанына урук-тууганым деп көп жолдош ээрчитишет. Анан Көзкаман Манаска кат жиберет. «Кабылан Манас, баатырым, түбүбүз бир, Орозду баатыр өлгөндө тентип кеткенбиз, Кара кытай, манжунун бадасын багып күн көрдүк. Балтырыбыз жооруду, боконо сөөк ооруду. Калмактан өчтү ала албадым. Эми тозуп, боздоп, тентип келатабыз. Майым кетип, сөөк калды. Акыл качып, ал кетти. Карып да, өлүп да кетип баратам. Уламадан улап, өзүңдү издеп баратам. Иним, эми өзүңө айылдаш конуюн, күтүп ал»,–деп жазат. Алардын арам оюн билбеген Манас күлүктөн ылоо байлатып, баглан козунун этин, ширин башты кайнатып, кантты кардай томуруп, сары майдан омуруп, Көзкамандарды тосуп чыгат. Ошондо кеби ширин, сөзү бал Көкчөкөз: «Какандан качып келдик, өзүңдү боор тутуп, сени бел тутуп, элди көрсөк дегенде, көзүбүз жайнады, бизге жай бер, Манас, тоңуп кеттик, тон бер, жөөчүлүк өттү, тай бер, ачкан курсакты тойгуз, Манас, биз душман менен кагышсаң, учарга канатың болорбуз», – дейт. Аларга Манас манастыгын билгизет: атсыздарга аркар аяк, жез билек ат тулпарын мингизет; тонсузга жакасы алтын, жеңи жез, кош бадана, торгой көз тон жакшысын кийгизет; үйлөндүрөт, адырдан аргымак, буудан аралашкан мал берет, ар түлүктөн мол берет, казына оозун ачтырып, дүр-дүйнө, алтын берет. Жээрине тай, ичээрине кымыз белен. Бирок алар арам оюн ишке ашырууга киришет: Көзкамандын үйүнө Манас түшүп кетсин деп кырк аркан бою ор каздырат. Аңгыча ыңгайлуу учур келет. Сары короодо кырк таман ордо салынып, кырк чоро эки бөлүнүп, ордо ойношот. Каныкей кырмызы көйнөк, найча бел кыздан жүздү, келеңкер чачпак, кең соору келинден жүздү жыйнап, Аколпок жасайт. Ошондо Көкчөкөз менен Казкаман Манасты ээндетип, үйүнө ээрчитип келишет.

Көзкаман минтип айтат:



– Манасым, сага келгени арык элек – семирдик, ачыккан элек – тоюндук, пейлибиз чечилди, кетилген жетилди, калмакта жүргөндө катындарча жүгүнчү элек. Тилекти кудай берди. Башыбыз азат болду. Бирок, көк жалым, кантип жатат экен деп биздин алды бир жолу келип көрбөдүң, колубуздан даам татпадың. Келип аш ичпедиң. Сенден аянат белек. Баягы ит ичкирден бар беле?

Көкчөкөз тура калып, кылт этсе өлүп кетүүчү, жыттаса ажал жетүүчү, кырк жылы ачытылып, уу кошулган арактан кесеге мелтирете куят. Көзкаман ала коюп: «Түбүбүз бирге тууган»,– деп Манаска сунат. Көк жал арам ойлобойт. Сунган ууну ала коюп тартып жиберет. Ичкенде Манас бүк түшөт, төбөсү менен тик түшөт, алагар көзү алаят, кыл муруту шыйпаят. Сүрөтү качып, ич күйөт. Кырк чоронун бири жок, көрүнөө жандан түңүлөт. Көкчөкөздүн тогуз уул, Көзкамандын тогуз уул болуп Манасты курчап калышат. Башын кесип байланып, Эсенканга сүйүнчүлөп барсак, алтын таажыны кийип, алтын такка минсек дешет. Кара сурдун сулуусу, аялзаттын нурдуусу Каныкейди олжолоп алсак, Алмамбет менен Чубакты курмандыкка чалсак, Ажыбай менен Бакайды Эсенканга тартуу кылып барсак дешет. «Манас кетсе, бел кетет, кыргыздын түркүгү суурулат», – дешет. Баары Манаска жабылат. Каптайт. Манастын бир жагында кара чаар кабыланы, бет алдында чолок куйрук арстаны чамынат. Баатырдын барааны миң кишидей көрүнөт. Душман сестенет. Манас көзүн жумса, чапмак болушат, көзүн ачса, кайра качышат. Ушундай кырдаал бир нече жолу кайталанат. Арстан эрдин башына алтымыш мүшкүл бир келет. Каңырыгы түтөп, кырк чоросун Бакай, Алмамбеттен Акаярга чейин эстеп, күңгүрөнөт. Ошондо келип калган Акаяр: «баатырым мени да атайт болду бекен?» – деп кулак түрө калат. Өз атын Манастын оозунан угуп, каалгадай кашка тишин таруудай чайнап, «Манастап» ураан чакырып жеке кармашка кирет.

Манасты уулантардын түнүндө Каныкей көзү тартып, уйкудан чочуп ойгонот, бир жаманчылык болорун сезет. Таң атар менен Аккуланы токунуп, олоңдой болгон кара чачты төбөгө түйүп, ок өтпөгөн баданадан төрттү кабат кийип, күрүчтөн күрмөк жем берип, күндө терин алган, арпадан аса жем берип, айда терин алган, алты ай минсе арыбас Аккуланы минип, карагаттай көзүнөн камчы бою жаш кетип, кабырга сөөгү сөгүлүп, Көзкамандын ордосуна сабалап кирип келет. Келсе, «Найза, кылыч короктойт, айбалта доошу дүпүлдөйт, «Манастаган» ураан чыгат. Каарданган Акаяр Көзкамандын ордосунун керегесин бырчыратып, Манасты жаш баладай көтөрүп алып чыгат. Аны көргөн Каныкей калмакка кирип кол салат, маңдайына келгенинин балта менен сойлотот, кылыч менен шылыйт. Кармаш катуу жүрөт.

Ок көп тийип, Каныкейдин башы челек кан болуп, эки колу шал болуп, бүткөн бойдун баарысы кадимкидей нан болуп турганда, тоо көтөргөн Акаяр жебеден мурун жетип, айкөл Манас баатырды Каныкейге өнөртүп өтөт. Анан айтканы:

– Бээжинден келген калмагың байкап билди сырыңды, араң жан кылды абамды. Оодарып кетсең жаман ат, айкөлүм сага аманат. Белинен кармап бүктөп кет.

Каныкей Аккулага олбуй-солбуй камчы урат. Бешташты көздөй качат. Көкчөкөз менен Көзкаман жамгыр кылып жаа тартат. Каныкейдин эмчегине ок тиет. Чаначтай кызыл кан болот. Кең дүйнө тарып, кансырап алы кетет. Намыска кайнаган Каныкей эрдин бек тиштеп, салгылашып отуруп, Манасты куткарып кетет. Кайыпчынын тоосун көздөй качып, үңкүрдүн тумшугунан кузгун жетпес боорчукта Манасты айыктырат. Жерден, элден себеп издетет. Миң түрдүү дары алдыртат. Ал дарыны ичкен сайын Манастын умачтай көзү ачылат, ооруган жери басылат. «О» деп Манас окшуса, өжөк-өжөк заар кетет. Анан денеси кырк тешик болуп тешилет. Кара кан, кыжылдаган заар чыгат тешиктен. Тешикке себеп болот деп, кырк байтал сойдуруп, казысына арстанды бөлөйт. Күнү-түн. Ошентип, кырк биринчи күнү Манас атка минет.

Ал эми Көзкамандар Манас өлдү дешет. Аксарайдын 60 кароолчусун кырып салышат. Түркүгүн сууруп алат. Казына ачып, сары алтынды качырга жүктөйт. Акаярды кырк аркан бою зынданга салат. Суусамырды бет алышат. Болгон окуя жөнүндө чоролорго Кыргылчал кабарлайт. Алар душмандын артынан сая түшөт. Катуу кармаш болот. Көзкамандар жеңилет.

### Суроолор

1. «Өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн куйгөн өрт жаман» деген макал эмнеликтен айтылып калган?
2. «Бөлөк элде султан болгуча, өз элинде ултан бол» дегендей, Көкчөкөз, Көзкамандар кыргыз арасында эле жашай бербейби? Аларга эмне жетпейт? Алтын таажы өз элинен артыкпы?
3. Манасты кантип куткарып кетишти?

### Тапшырмалар

Алмамбет баатыр менен Көкчөкөздөрдү салыштыр. Балким, Эсенкан үчүн Көзкамандар Алмамбет шекилдүү болор да, же кандай?

## КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

Алатоону душмандан бошотууда Көкөтөй Манаска көп жардам кылат. Ушул кызматы үчүн ал кыргыз элине кадырлуу болгон. Баласы Бокмурун төгөрөктүн төрт бурчун чалып, колукту



издеп жүргөндө, кан Көкөтөй набыт болгон. Бокмурун келип, атасынын сөөгүн асемдеп көмдүрөт. Кара ашына калайыктын баарын чакырат да, Манаска кабар айттырбайт. Ошентип, айкөл Манас Көкөтөйгө топурак салбай калган жайы бар.

Бокмурун ашка камынып Алатоодой эт, Алакөлдөй чык кылууну тилек кылат. Манасты бул кеңешке да, Кошойдун чакыралы дегенине карабастан, чакырбайт. Ашты Кошой башкарат. Каркырада өткөрмөй болушат. Бокмурундун эли Ташкенден Каркырага көчөт. Анан кабар таратылмай болот. Учкан куш менен жарышкан, айгай укса шашпаган, ай караңгы түндө да бир изин жаза баспаган, желгенине жел жетпес, басканына мал жетпес, кара байыр казанат, калбыр өпкө, жез канат, кырк күнчүлүк чөлдө кылт этип суу ичпеген, кырк күнчүлүк жолдо булут өңдүү калкыган, чуу укканда бөлүнгөн Мааникерди токутуп, ага жайма көкүл жаш Айдарды мингизип, кабарга жөнөтөт. Лоп дайрасын жердеген нойгут элинен Карачаны, Котондон Жүгөрүнү, Жаркенден кан Жортуулчуну, Оогандан Акунду, Чамбылбелден Жанаалы, Карач эрлерди, Урумкандын Көкбөрүсүн, Кокондон Козубекти, Маргаландан Малабекти, Самарканддан Санжыбекти, Алтын шаардан Алабекти, Букарадан Темирканды, Жетиөзөндү жердеген жедигерден Багышты, чыканактай эр Агышты, Буудайык кандын Музбурчагын, Кеминдеги Эйбит таздын эр Үрбүсүн, Текечи канды, Шыгай канды, Эштектердин Жамгырчысын, Айдаркандын Көкчөсүн, калмактардын Жолоюн, Шибээнин балбаны Ыламаны, солон элинен сокудай сүйрү башы бар, сок билектей чачы бар Ороккырды, манжунун каны Нескараны, кечилдин каны Коңурбайды чакырат. Жээликкен Бокмурун: «Эгер келбесе чаап алам, төрт түлүгүн чачам, калкын кырам, дүнүйөсүн, кыздарын олжолойм, жылкысын тийип алам, жинин кагамын», – деп айттырат.

Чакыргандардын баары келет: күтүрөгөн кол менен, айгайлаган чуу менен, күлүк менен, эр менен ... Бир гана тоодой арка Манас жок. Уй түгүндөй көп калмак менен Жолой келип түшөт, Эл корконунан качып кете жаздайт. Бокмурун кошоматтанып, чоң ширите каптаган кызыл алтын жамбыдан «Мөөсүлүңүз ушу» деп Жолойдун алдына тартат. Жолой балага ыраазы болуп калат. Ороккырга да көтөрө алгыс көп алтын тартуулайт. Тоту куштун куйругун токсон түрлөп сайынган Коңурбай келип түшөт. Ашка келсе Манасты чабам деп камданып, көз жетпеген кол менен. Ага да Бокмурун алтын тартуулайт. Анан Манастын сөөк өчтү душманы, кара жаак чечен, айлакер сынчы Нескара келип түшөт. Алакандай кыргызды такыр чаап алсам деген ой менен. Дароо Нескара Мааникерди сурап чатак салат.

1. **Нескаранын чатагы.** Нескара тизеси жерге бүгүлө кошоматтанган Бокмурунга кабагын карыш салып минтет:

– Ашыңа тоюп, айлыңды чаап, азапты башка салармын, бурут. Дагы ашка келбей койгонду барып чаап аласыңбы, бурут. Антандаган күчүңдү күйүмүн, жиниңди кагамын, бурут. Аш үстүнөн орунду казам, казанга колумду маламын, этиңди талап аламын, башчыңа колду саламын, малыңды тартып аламын, бурут. Айтканымды камда, болбосо алыша турган жериңди айт, бурут.

Боз жезден чоор тартып, Коңурбай менен Жолойго кеңешүүгө жетип келет.

– Эселек кыргыздын эсебин табалы, алптарын сындайлы, алпынын алы жок болсо, кемегесин талайлы, малынын баарын ээлейли, каяша кылганын бүт кыралы, момунун дене кул кылып салалы.

Анын айтканына макул болушат. Калмактар кемегедеги этти талашат, кызматчылар тоо таяна качышат. Нескара ашта жүргөн кыргыздын алптарын чубатууга салат. Анын сыны: Кошой 85те, мойну узарган, соолуп көзү кызарган, көзүнүн кычыгы ириңдеген, бүткөн бою дирилдеген, карып калыптыр. Төштүк эти көк жашык, каны бир кашык, алты жылга оңолбойт, кырс муун болуптур. Музбурчакта токсон эрдин күчү бар, ал Шибээнин каны Ороккырга окшогон неме экен. Көкбөрү кырк күнчүлүк сайышка чыдап берчү эр экен, бирок бул жалгыздан коркпоо керек, алтымыш аяр, миң балбан менен кантара чабышка болот, калганы – кодоңдогон Козубек, чолоңдогон Малабек, эркек кара каргадай модоңдогон Санжыбек. Манасы жок. Ошондогу Нескаранын айтканы:

– Жолой кара тоонун сеңирдей, Коңурбай чыңоолуу кызыл темирдей, аш берем деп кыргын болбогула, айтканыма көн, бурут. Мааникерди бер, бурут, Мааникер – кайып чалыш, чалгынга минсе чарчабас, оорукка минсе оорубас канаты бар мал, Бээжинди беш жолу айланып берендер минер, кара тоону айланып калдай минер мал. Дегениме көн, Мааникерди бер, бурут. Айтканыма көнбөсөң: тарткан этиңди, кишмишиңди жебеймин. Сала турган чырым бар, мүлкүңдү талайм, жиниңди кагам, бириңди койбой кырам. Атаңдын көрү, ит бурут, чатакташпай, чырдашпай, Мааникерди бер, үстүнө жалаң алтын арткыла, анан мага тарткыла!

Ошондо Көкөтөйдүн мырзасы көк жоргонун үстүнөн учуп кете жаздайт. Жүрөгүнө кан кетет. Башына алтымыш санаа бир келет. Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас жер, жыргалдуу Манас кабылан эр эсине түшөт. Жооп айтпастан, элден чыгып, Кошойго жетип барат. Ыйлап жиберет.

– Калмактан катуу күч келди, аба, ооп кетсем жөлөк бол, өлчү жанга өбөк бол, аба, камалып кыргыз өлөт бейм, калкымды калмак бөлөт бейм, төрт түлүктү чачат бейм, дүмүрдү минтип казат бейм, аба. Боздотуп катын-баланы түк койбой айдап кетет бейм, дене кул кылып алат бейм, аба. Дегенине көнөлү, Мааникерди берели. Ашың менен куруп кал, Самаркан көздөй качалы. Улуунун тилин албадым, убарага калганым. Күүгүм кире, күн бата Күн батыш карай качсак бейм, аба!

Анда Кошой:

– Сен айлыңда тим жатпай, аракка тоюп кутурдуң, балам. Балээге башың тушукту, көрмөк болдуң бузукту, балам. Кеңеш кылып Манаска, Мааникер берсең, анан бер, балам. Тепсеп келген калмакка теңтайлашар эр ошол, баарыбызга бел ошол. Көөнү сенден калса да, калкынан көөнү калбас дейм, калмактын укса кабарын козголбой жатып албас дейм, кыстоого калган кыргызды куткарып калчу эр ошол, балам. Кабар жибер Таласка. Карайлап турган кыргызды кара кытай, манжуудан ажыратып алсын де. Баатыр Кошой карыңды калмак байлап алды де. Күн өлчөөсү алты күн, алты күндөн калбасын. Кемегенин башынан Жолой кетпей койду де, буудандарды тартып алды, кызмат кылгандардын эки миңин сойду, кан аралаш зил жутуп, калк балээге калды де,– дейт.

Бир адамга туйгузбай түн ичинде Айдарды Манаска аттандырат. Ал Таласка келет. «Кабарсыз Манас калды эле, кара жолтой Бокмурун кара малга мас болуп, катарга кошпой салды эле» деп ойлоп, жайма көкүл жаш Айдар кантсе да жөнүн табат деп Каныкейге барат. Ал «Менсиз барсаң өлдүң» деп, Айдарды баатырга өзү алып барат. Жаш Айдар Манаска кат берет. Анан кара кытай, манжуулар камчыга ченеп бөлгөнү жатканы, Нескаранын Мааникерди сураганы, кыргыздын дөөлөрүн жөө калтыра турганы, түрү суук калмактардын түгөтө чаап алары айтылат. «Манас, келе көр, кыргызыңды ажыратып ала көр» делет. Манас ачуусу менен жаш Айдарды чаап сала жаздайт. Каныкей арага түшүп: «Жалгызга жалгыз тийбейт, аны кайсап салганда, тешигиң текши болобу, кабарчыны сойгон оңбойт. Жалгызды сойсоң, сага жанаша келер тууган жок, өрт өчкөндөй кылба», – дейт. Бакай да: «Бокмуруңдун азабын балага салба. Кашык канын бериңиз», – дейт. Ошентип, жаш Айдар ажалдан калат. Манас Зулпукор менен ачуусун пилден чыгарып, бөлө чабат, канга сугарып, кайра кынга салат.

**2. Манастын ашка келиши.** Кол аттанат. Каныкей аш башкарып берүү үчүн кошо жөнөйт. Асаба колдо калкылдайт. Акелте жондо жаркылдайт. Аяк каптай боз кисе оң жамбашта жылтылдайт. Манастын оң жагында Бакай, сол жагында Алмамбет. Керней үнү бапылдайт, сурнай үнү такылдайт. Айчыгы алтын туу желбирейт.

Манастан ураан чакырып, чоролор Каркырага жетип барганда, Кошой атасын көргөн эмедей ыйлап жиберет, Калың калмак чуулдап, төрөлөрү келин болуп жүгүнөт. Ошондо Нескара

Манаска көз кырын жиберип, сынаган жери: «Казандай кара бөркү бар, баарыбызды жутуп иер эрки бар. Түп Бээжин бүт келсе да, түгөл кырып кеткидей. Тоо жердеген бурутка тоодой Манас чеп экен». Анан калкына карап кайгырат: «Эми эмне кылабыз, кемегенин башынан этинин баарын жеп койдук, Мааникер сурап жаңылдык. Бизди Каканга чейин сүрөт бейм, бак-дөөлөт баштан кетет бейм».

Анда Коңурбай күүлөнөт:

– Мааникерди бербесе, калмактан колду жыйнаймын.

Анда Жолой:

– Ашына азап салам, атынын баарын алам,–дейт.

Ошол кезде Кошой карыя да Манаска акыл салат.

– Кара кытай, манжуу журт биз менен чабышканы келди. Дегенине көнөлү, Мааникерди берели, ат менен алдап салалы, акылын минтип табалы.

Кошула сүйлөгөн Бокмурун:

– Түгөнгөн ашты не бердик, түгөл кырып кетет бейм. Кыйшык иш кылып койдуң деп, кыйып ийсең баш мына. Мааникерди берип, бүлүктөн кутулалы,– деп ыйлап жиберет.

Ошондо Манастын көзүнөн чаары чыгып минтип айтат:

– Кайрат кетип боюндан чаалыгып калыпсың. Өкүмдүк кылса бул кытай өлүмдөн коркор жаным жок. Мааникер берилбейт. Аны алса, кырыңа чыкпайбы. Эртеңки күнү Аккуланы сурабайбы. Аркы күнү кер Кабыланды, анан Чалкуйрукту жана сурап албайбы. Күлүктү күүп албайбы, кадырлуу Кошой атабыз күпшүйүп жөө калбайбы. Тулпардан ажыраган кыргыз алптары ээрди жонго артпайбы. Анан билгенин калмак кылбайбы, бизди жөөлөтүп жүрүп кырбайбы. Күрдөөлдүү күчүм барында күлүктү кантип берейин, үрпөңдөшүп көрөйүн. Оңой-олтоң олжого кызыгып калган экен го. Камоодо калган калк үчүн жанымды аябайм. Адегенде «конокко келдиң, койгун» деп жылуу сөз айталы, жылуу сөзгө келбесе, анан соолто кырып салайын.

Манас кула атын ойдолотуп, кайнап жаткан калмактын так ортосун как жарып барып, Жолой менен Нескарага айтат:

– Алуучу душман сен эмес, алдырчу кыргыз мен эмес. Күчүңдү коюп, ашың же, конок деп тарткан башың же. Болбосо өлбөгөн жерде калышам, былкылдак куурай бышкыча, мыйзамдын гүлү учкуча, мыктап сага салышам.

Аңгыча кемегедеги этти талатып, кан болгон Баймырза келет да, Манаска болгон ишти айтат. Ошондо кабылан Манас кара жаак камчы менен Нескараны башка тартып жиберет. Карсылдатып манжуну чоролор сабап кирет. Баш айрылып, көз чыгат. Зордукчунун зордугу тыйылат. Каркыранын сайына качып киришет. Ошондо Ороккыр, Музкиндик, Коңурбай, Нескара–төртөө аттан түшүп, Манаска аттарын тартат. Коңурбай баш болуп Манаска жүгүнөт, тизеси жерге бүгүлөт.



**3. Шаан-шөкөттөр.** Ошондо Бокмурунга кайрадан тил бүтөт. Тирилип калыптыр. Керней, сурнай тарттырып, жарчыга кабар айттырат. Ат чабышка миң ат чабылат. Байге алары 61 ат. Байгенин эң азы – тогуз кара, токсон кой. 60 киши ат айдайт. Алты күндүк жолдон кое берилет. Андан кийин жамбы атыш болот. Жамбыны эч ким ата албайт. Коңурбай да, Кошой да, Төштүк да. Акырында Манас атып түшүрөт.

Балбан күрөшкө Жолой чыгат. Аны менен күрөшүүгө эч ким чыкпайт. Ошондо Манастын өтүнүчү боюнча 85 жаштагы Кошой күрөшкө чыгат да, Жолойду көтөрүп чаап, мөөрөйдү алат. Экинчи балбан күрөштө түктүү таман Түкүбайды чыканактай эр Агыш жыгып кетет.



*Т. Т. Герцен.* Кошой менен Жолойдун күрөшү.

Төө чечмейге Ороңгу чыгат. Эр сайышта Манас менен Коңурбай сайышат, Манас жеңет. Ат жарышта Аккула чыгып келет. Эгер ушуну менен баары тынч аяктаса, «Көкөтөйдүн ашы, көп чырдын башы» болбойт эле. Байгенин көбүнөн кур жалак калган жана намысты алдырып жиберген тарап чыр чыгаруунун айласын тапты. Аккуланын байгесин кара кытай, манжу журт талап алат. Жолой, Коңурбай, Ылама эли менен кыргыздарды каптайт, керегe кыйрайт, каяша бергендердин башын алат. Жылкыны түгөл айдап кетишет. Өзөн толо кылкылдаган мал. Көп жылкы кумдай куюлат. Калмактар уюган чаңга жамынып айдап кетишет. Бакайдын алдын ала айтканындай болот. Намыс

алдырып, байгеден кур жалак калган душман күчүн арамдыктан чыгарат – кыргыздын жылкысын айдай качат. Ошентип, чын эле Көкөтөйдүн ашы көп чырдын башына айланат.

### Суроолор

1. «Өз агасын агалай албаган, башка бирөөнүн босогосун сагалайт» деген накылдын Бокмурунга тиешеси барбы?

2. «Көкөтөйдүн ашы–көп чырдын башы» деген – ошол аштан чыккан, бирок нечен кылымдарды карытып, айтылып калган сөз. Эмесе, ошол көп чыр кандайча пайда болду? Кантип чиеленишти? Ал эмнеге алып келди? Аштын күнөкөрү ким? Нескара Мааникерди сурабаса, аш тынч эле өтөт беле? Эгер Мааникерди Нескарага берип койсо да, аш тынч тарайт беле?

3. Бокмурундун копкондугунун аркасы эмнеге алып келди?

4. Ашты ким жөнгө салды?

## ЧОҢ КАЗАТ

**1. Чубак менен Алмамбеттин чатагы.** Жол баштаган Алмамбет Манастан чалгынды ким чала турганын сурайт. Айкөл анда:

– Жолду өзүң чал, жаныңа жолдош кылып бир башы миңге татыган сырттан Сыргакты ал, – дейт.

– Мейли, Сыргак жолдошум болсун, эми Ажыбайдын Карткүрөңүн бер, ал тике ылдыйда шыпырылтпаган бөктөргөлүү, кырк күнчүлүк ысыкта суусабаган мал. Туягы чулу, алыска кетсе азбаган, бир изин жаза баспаган, кошуп салса жылкыны жаңылбай баштаган, арыктабаган аркар сындуу күлүк.

Манас Бозуул менен Ырчыуулду Ажыбайга чаптырат. Ажыкең макул болот. Ат колуна тийген соң, Сыргак Телкызылга минип, Алмамбет кош ат менен чалгынга кетет. Чалгындын кабары келгенче, калың журт жол карайт. Ошондо Кыргылчал ордо оюнун баштайт. Жыйырмадан бөлүнөт. Бир жагын Кыргыл, экинчи жагын Ажыбай баштайт. Төрт байтал байгеге сайылат. Ажыкендин тарабы ута баштайт. Кан сызыкка жакын жерде көмүскөдө калат, аны кезеги келген Кыргылчалдын балдары атып чыгарат. Бозуул кыйшык аттың деп, канды жыдымакка салат. Эки тарап айтыша кетет.

Бозуул Ырчыуулду «өзүм өйдө өзүңдөн, сөзүм өйдө сөзүңдөн, сенин чуусуз куунуң жок» деп чычалатат. Ошондо Ырчыуул «Ордоң менен ойрон бол» деп, аралда жаткан Чубакка чабат. Ошондогу айтканы: «Айтыша келсе атаң тең, алакан ачса колуң тең. Нойгуттун кыраaны сен, ойрон Тейит мен болсом, анан калмактан келген Алмамбет кулдан неге кемсиң. Чалгынды калмак чалды, кеп-кеңеште Чубак жок калды. Тең тууган болгонуң менен, кем туугансың».

Ошондо Акбалтанын Чубагынын жаалы катуу келет. Көктулпарды токутуп, соот-тулгасын кийип, жоо-жарагын алып, «Артынан жетип, Алмамбетти союм» деп, доолбасты карс коюп жөнөп кетет. Анан ордого келип, кара бодур чүкөнү кечип туруп алат. Жаңы өргүгөн Кыргылдын жини келип:

– Чубак, ордого кылбайт мыктылык, мындай тургун,– деп айтат. Ошондо Чубак муну айтат:

– Атаңдын көрү, кырк чоро, сай таппай тентип келген кулга кантип тизгин берем, кантип тобумду башкартам. Чубак жолго чыгат. Уларбозду минип, ак сакалын сеңселткен Бакай короолдон кол бузулганын билет. Чаап барып болгон ишти айтат. «Ашыр датка, дарбазачы Сарытаз Чубакка, Аксаргылды тартсын», – дейт. Ошентишет. Бирок Чубак дарбазачыны жыга чаап салып, атты албайт, чаап жөнөйт. Анан Бакай Аккуланы кындыйтып жетелеп барып Чубакка тартат. Ошондо Чубак токтолуп айтканы: «Манаска он үчүмдө кошулдум. Ошондон бирге жүрүп, калмак менен кармаштык. Ногойдон Нойгут кем беле, Чубактан Манас эр беле. Манасың Сайкалга алдырып коердо, айкырып кирип, ажыратып кеткеним жалган беле, чын беле? Кабылан Манас иниңден каерим кем? Алмамбет кетип чалгынга, оорукта калчу менминби? Эмне, кеп-кеңештен калдымбы? Бул кордук эмеспи. Тоспо, Бакай, жолумду. Аламан коюп жөнөймүн, ажалым жетсе өлөмүн».

**2. Бакайдын Чубакка айтканы**

Ай, ай, балам, токто! – деп,
Акылым угуп, жокто! – деп,
Андасаң сонун ушу бар,
Аалам жердин бетинде,
Албан түрдүү кушу бар.
Канаты менен учуп жүр,
Калкылдап көктө ушу жүр.
Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болмогу
Экөөбүздөн болуучу!

Бузулуп биздер чыккан соң,
Бутунан тартып жыккан соң,
Пил да болсок, жыгылдык,
Миң да болсок, кырылдык!
Байкагын, Чубак, сөзүмдү!
Бөлүнсөң, бөрү жеп кетет,
«Бөлүнүп калды кыргыз»–деп,
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң акыл нак ушу.
Карылык сөзүм меники,



*Т. Т. Герцен.* Бакай.

Калкты бузуп жөнөшүң –
Кандай жумуш сеники?
Кыйнады жанын биз үчүн,
Кылган кызмат сиз үчүн?
Кыргызга кызмат кылганга
Кыйкырып чабыш кай күчүң?

Андан ары Манас Чубак менен Алмамбетти элдештирет. «Эр чекишпей бекишпейт» деген макал ошондон калыптыр. Жолдон жалгыз көздүү Макел дөөнү, анан кароолчу түлкүнү, кулжаны жайлашат. Алмамбет менен Сыргак Каспандын боюнда жаткан калың жылкыны айдап алышат. Ал эми артта калган Чубак жол карап, Манас тук этип алыш үчүн уйкуга кирет. Ошол кезде ит урушун салып, баатырлар жылкыны сүрүп отурушат. Жол караган Чубак аларга кошулат. Жоо, куугун күчөгөндөн-күчөйт.

**3. Шашканда.** Чубак Манаска кабар бермек болуп чаап жөнөйт. Зымыраган боюнча Манаска келет. «Баатыр, тур!»,–деп бакырат. Манастын коңуругу таш жарат. Айласы кеткен Чубак доолду айкөлдүн кулагына даңылдата кагат. Манас ойгонбойт. Өз бою менен тең көтөрүп туруп таштап жиберет. Манас ойгонбойт. «Калмактын колуна түшүп өлгүчө, найза менен сайып кетейин» деп, атка мине калып, сооруга эки эли батыра саят. «Эмне болуп кетти, найзаң мага тийип, сага жин тийдиби?»–деп Манас ойгонот. Чебеленген Чубак: «Катыгүн төрөм, Каңгайдын жери болсо, кармашарыбыз Коңурбай болсо, каптаган калмак эл болсо, анан уктай турган бул жерби? Эмне, Таласта жаттың белең?» – дейт. Анда Манас минтет: «Ашыкпа, Чубак, урунбай жүргөн тоо барбы, урушпай жүргөн жоо барбы, деги аманат жаның соо барбы? Жоо болсо эмне экен, жолуң болгур, ыйлаба, уруша-уруша чыгып кетербиз». Айкөл шашып да койбойт, кенебейт, кебелбейт. Ошондо шашкан Чубактын акылы ордуна, каруусу боюна келет. «Мунун аты да Манас турбайбы, заты да Манас турбайбы! Өзү да Манас турбайбы, сөзү да Манас турбайбы! Манас жолбашчым, Алмамбет колбашчым болсо, калмактан корксом мени кудай урбайбы!» – деген Чубактын атактуу сөзү дал ушул жерде айтылат.

**4. Жеңиш.** Андан кийин жоону Манас жапырып, Сыргак кыргыз колуна кабар берет. Бакай баштаган кошуун келип, салгылаш күчөйт. «Азууларын аркайтып ат өлүгү тоо болот, муруттарын сербейтип эр өлүгү зоо болот» – эпос кыргын согушту ушундайча сүреттөйт. Туруштук бере албай кытайлар качат. Түп Бээжинден жардамга келген көк букачан Мадыкан дөө да жеңилет. Чубак Нескараны баш кылып кытайдын кырк төрөсүн туткундап келет. Төштүк миң балбанды байлап келип, айкөлгө тартуулайт. Кытай колу жеңилет, кыргыздар алар менен жарашат.

Нескаранын акылы боюнча Эсенкан Бурулча менен Бирмыскалга кошуп, миң кыз, көп дүнүйө тартуулайт.Бурулчаны Алмамбетке, Бирмыскалды Чубакка нике кыйып алып беришет. Манаска Чет-Бээжиндин кандыгы берилип, 60 күн той болот. Бирок ошол тойдун алдындагы бир окуя укум-тукумга унутулбай айтылып, ылакапка айланып кетти.

**5. Манасты унуткансып.** Кол башчы Алмамбет кол санагын алат. Ар бир он башы өзүнө тиешелүү жоокер эсебин өткөрөт. Кезек Тазбайматка келет. Кишиси–тогуз, өзү менен он. Бир кишиси кем. Сураса, башында эле өзүнө тогуз тийгенин, аларды аман сактап жүргөнүн айтат. Жарлык боюнча кишисин себепсиз жоготкондун башы алынмак. Тазбайматты алты жигит кармайт, башы алынмай болот. Ошондо Серек тура калып: «Канын кеч,– дейт өтүнүп, – балким, Тазбайматтын эсебине кабылан Манас кирип калбасын. Тизмени карагыла». Серек айткандай болот. Ошондо Тазбаймат: «Улук кишим сен болсоң, унуткан кишиң мен болсом», – дейт. Буга Манас баш болуп бүт кошуун каткырып күлөт. Ошондон «Манасты унуткансып» деген ылакап элибизде сакталып калыптыр.

**6. Соңку согуш.** Кыргыздар тойлоп, Бакай баш болгон баатырлар Таласка кетип, кол азайып, калган кошуун эс алат, тынччылык өкүм сүрөт. Бирок Коңурбай тынч албайт, айбалта жасатып, аны менен бир ыңгайы келгенде Манасты жарадар кылат. Согуш кайра башталат. Бул салгылашта дагы кыргыздар үстөмдүк кылат. Бирок караңгыда да ийненин көзүн жаңылбай аткан Каражой уулу Шыпшайдар (анын аты айрым варианттарда Кожожаш делет) Алмамбетти, Чубакты, Сыргакты, андан соң Аккуланы атып өлтүрөт.

Манас Аколпоктун жакасына тигилген болот окту чыгарып алып, Аккелтени октоп, Шыпшайдар менен катар отурган сегиз баатырдын башын үзө атат. Алардан алыс отурган Коңурбай аман калат. Таластан Тайбуурулду коштоп Бакай келет. Тайбуурулду минген Манас душмандан өч алат. Курман болгон баатырлар менен кошо Сыргактын сөөгүн Кең-Булуңга коет.

Сараланы кармап алып, үстүнө жибек суп аркан менен Алмамбеттин сөөгүн он эки ороп, ага жүктөйт. «Айланайын Сарала, Алмамбеттин сөөгүн аман-эсен көтөрүп, элге жеткир. Бир өзүңө аманат», – дейт Бакай. Анан Сараланын көкүлүнөн жыттап, жолго салат. Кыргыз колу тарайт. Манастын айбалта тийген арка моюн арасы ооруйт. Жарасы ырбайт. Атка мине албайт. Бакай жумшак тал менен карагай арчындап, арчадан керегече жасап, суп төшөккө Манасты жаткызып, бекемдеп таңат. Бакайлар жолго чыгат. Таласка кетет.



### Суроолор

1. Чоң казатта Алмамбет эмне себептен чалгын чалууга тандалган?

2. Чубак: «Чалгын чалчу сеңсиңби, ооруктa калар менминби?» – деп ачуусу келип, чатак чыгарат. Чалгындан коро, ооруктa калып, ордо ойноп, шапар тээп жаткан артык эмеспи?

3. Бакайдын «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет» деген сөзү жеке эле Чубакка тиешелүүбү? Же анын сага жана башкаларга да тиешеси барбы?

4. Коңурбайдын алдаганына ишенүү Манастын кемчилигиби?

5. Чубак баатырдын кулагына доолду данкылдатса да, бою менен тең көтөрүп, кайра жерге шалак эттирип таштап жиберсе да, айкөлдүн ойгонбой койгонунда бир сыр, табышмак бар. Ал эмне? Анан ошол сыр ачылдыбы?

6. «Манасты унуткансып» – бул ылакап. Анын эмнеден келип чыкканын билесиңби? Бирок кызык, эмнеликтен Манас бир жоокерчелик да ысымы эске алынбай унутулат?

7. Саралага Алмамбеттин сөөгүн жүктөп, Таласка жөнөтүшөт. Эмне үчүн мындай ызаатты Сыргакка, Чубакка жасашкан жок?

## БААТЫРДЫН НАБЫТ БОЛУШУ

**1. Баланын үнү.** Каныкей Манастын катында айтылгандай кылып, Алмамбет менен Чубактын ордосун Кең-Аралга кондурат. Олондой кара чачты төбөгө түйүп, кара кашка аргымакты минип, балтыр бешик Семетейди өңөрүп, баатырдын жолун тосуп чыгат. Жакындаганда кабакка кирип кетет да, баланы чымчыйт. Семетей бар-бар этип ыйлайт, чыркырап кулак-мээни жейт. Баланын үнүн укканда, Манас кадыресе кайраттанат. Тайбуурулду минип, Аколпокту кийип, Бозкисени кынай курчанат. Көрсө, Каныкей атайы ушинтиптир. Баласынын үнүн уксун, кайратына келсин деп. Анан айкөлдүн алдынан Каныкей чыгып, сумсайып карайт. Айтат: «Каңгайдагы кармаштан, кабыланым, аман-эсен келдиңби? Берендердин бардыгын калмакка белек кылып бердиңби? Төрөм, бүгүн көргөн эртең жок, дүйнө ошондой. Алмамбет, Чубак эрге окшоп, ааламдан канча шер өткөн. Кеткенге кейиген менен айла жок, өткөнгө өкүнгөн менен пайда жок». Анда Манас минтет: «Каныш, бөлүнтпө менин санаамды, алып келчи бер жакка өлгөндөн көргөн баламды». Бирок Каныкей баланы атасына көрсөтпөйт. Себеби айкөлдүн караганы аман калчу эмес. Айласы кеткенде, Манас камчысын берет. Каныкей аны Семетейдин чекесине тийгизет. Манас ошол чекеге тийген камчыны кур-кур жыттап, кубат алат. Анан айбалтаны бөйрөккө таяп, ордого Чубак менен Алмамбетти жоктоп, өкүрүп түшөт. Андан соң Каныкей Төрткүлдүн төмөн жагына көчүп барып, канТты кардай томурат, сары майдан омурат. Манаска баглан козу, ширин баш жегизет. Анан баатырдын арка моюн арасындагы кабылдап калган жараны көрүп, салкын жайлоого көчөт. Үзүктөй



*Б. Жумабаев.* Каныкей.

калмак эр Шуутудан үпү-апы, кайнатма кара дарыны алдырып, жарага шыбайт. Манастын умачтай көзү ачылып айыгат. Анан баатыр Талас бойлоп конот.

**2. Аманат.** Ошондо Манас Ачмаралдын боюнан бир караан көрөт. Ал баягы Сарала.

Баягы аманат кылып табыштап,
Алмандын сөөгүн жүктөгөн,
Ай тийгендей жаркылдап,
Сарала келген кез белем?!
Уй куймулчак Сарала
Көктөн көкала булут тутулуп,
Алмамбеттин сөөгүн,
Айгайлаган сан колдон,
Ошондо аман алып кутулуп,
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү жарыктык.
Кылт этип демеп, суу жутпай,
Кырт этип чөптү чайнабай,
Түндө тынып калбастан,
Күн мезгилин албастан,
Ошондо башын жерге салыптыр.
Айбан да болсо Сарала
Жаныбар аза күтүп калыптыр.
Кең Таласты бет алып
Жаныбар түптүз качып калыптыр.

Алмамбеттин сөөгү Атбашы аймагындагы Чечтөбө деген жерге коюлат.

**3. Дүйнөдөн кайтуу.** Ошондо Манас: «Жекени белге курчанган, жети түмөн кол келсе, желбегей кирип кол салганы, алтын айдар, чок белбоо, арстаным, Алмам, ала жат!» – деп катуу өкүрөт. Айкөл бүк түшүп, төбөсү менен тик түшүп, сары зил кусуп жиберет. Көрсө, бир кездеги Коңурбай сайган найзанын болот учу кыр аркада калып, ал жүлүндөн бери чиритип жиберген экен. Манас ушул жарааттан кайтыш болот. Керээзинде: «Өзөн бойлой конбогун, өрт өчкөндөй болбогун. Эри өлгөндө аялга, төркүнү жакын болучу. Темиркан көздөй качып кет. Балтыр бешик чунакты Ысмайылга бер. Жашы он экиге келгенде, ата-эне жайын билгизгин» дейт. Анан Аколпокту үстүнө жаап, Зулпукорду башына жаздайт, кашына булдурсунду илет, Аккелтени жанына сүйөйт. Капшытка көзүнөн жаш чууруган Желмаян чөгүп калат. Кумайык Манастын аягына жатат. Ак шумкар кайып болуп учуп кетет. Тайбуурул байлап салса токтобойт, айдап салса оттобойт. Кошой баштаган баатырлар коштошот. Анан Манас дүйнөдөн кайтат. Каныкей камдаткан Эчкилинин кара зоосуна (Баяндын та-

лаасына, Зулпукорго деп да айтылат) Манастын сөөгү коюлат. Жайдын ооз жагы жалгыз киши баткандай, көөлөнгөн ар жагы алты миң кой жаткандай. Алтын түркүк орнотулат. Ичи жарык болсун деп жакут таш, чирибесин деп арчанын күлү төгүлөт. Таманынан билектей суу агып турат. Бирок бул жай эч кимге айтылбайт. Бул сырды чыгарбоого баатырлар өлүп кетер ант кылышат. Ал эми Бакай теректен чаап жасаган жыгач тулкуну суп менен ороп, чарайна менен чаптап, булгаары менен каптап күмбөзгө коюшат.

### Суроолор

1. Каныкей баланы чымчып ыйлатуу менен Манас баатырга таасир көрсөткүсү келгенби?
2. Адамдан эстүү жаныбар Сарала Алмамбеттин сөөгүн Кангайдан Алатоого алып келет. Бул окуя Манаска канчалык таасир этет?
3. Манастын жарасын айыктырган Каныкей эмнени байкабай калган? Эгер мурда билсечи?
4. Манас керээзинде Каныкейге: «Таластан качып кет, Семетейди Ысмайылга бер, ата-энесин он эки жашка чейин билбесин» дейт. Эмне үчүн?
5. Эмне үчүн баатырдын сөөгү күмбөзгө коюлган эмес?

## *ОКУЯЛАР ТОПТОМУ*

Окуялар топтому эпосту кайталоо үчүн сага жардам берет. Окуя топтому сенин малайың. Анын кызматынан пайдаланган окуучу эпосту билет жана ой жүгүртө алат.Бул топтомго кирген ар бир теманын арасында окуя аркылуу айтыла турган ой, максат бар. Мисалы, 1-темада төрөлгөн баланын салмагы 15 жашар өспүрүмдөй, үч карын май менен оозанат, эмчекти соргондо оболу сүт, анан суу, анан кан чыгат. Муну менен эмнени туюнабыз. Демек, төрөлгөн бала жөнөкөй эмес, ал балбан, алп болот.

Окуялар топтому аркылуу Алмамбетти Манас сыноодон өткөргөндөй, сен да өзүңдү сынайсың. Катар номери боюнча ар бир сан менен белгиленген окуяны кара. Билсең – «А» («айкүр» – «билем» дегенди туюндурат), билбесең – «Ч» (бул «чик», билбейм» дегенди түшүндүрөт). Билгениң – айкүргө, билбегениң – чикке! Кана, эсептеп көр, канча айкүрүң, канча чигиң бар?

*«Манас баатырдын төрөлүшү» боюнча:* 1. Үч карын май. 2. 48 ат. 3. Канымжан. 4. Ат кулактуу шабырда. 5. Акбалтанын сүйүнчүлөөсү. 6. Жакыптын талып жыгылышы. 7. Акбалтанын төрөлгөн бала жөнүндө дагы айтышы. 8. Жакыптын наалышы. 9. Акбалтанын таарынышы. 10. Жакыптын сүйүнчүгө бергени. 11. Баланын турпаты. 12. Кабылан, арстан. 13. «Бирөөбүз түшүп эренге». 14. Чоң Жинди деген аттын коюлушу.

*«Баатырдын бала чагы» боюнча*: 15.»Малайлыкка берели». 16. Ошпурда. 17. Кырк чилтен. 18. 40 бала. 19. Канжаркол. 20. Кочку. 21. Жакыптын кейиши. 22. Акбалтанын сүйүнүшү.

*«Алгачкы эрдиктер»:* 23. Эсенкандын каары. 24. Ордону тебелетүү. 25. 200 балбан менен болгон кармаш. 26. Дөөдүрдүн кабары. 27. Жакыптын коркушу. 28. Манастын атасына айтканы. 29. Кандуу кармаш. 30. Дөңгөнүн өлүшү. 31. Манаска жардамдашуу. 32. Жолойдун көрүнүшү. 33. Жолойдун суранычы. 34. Жолойдун Манасты сындашы. 35. Жолойдун качышы. 36. Жай таш.



*«Алтайдан Алатоого көчүү» боюнча:* 37. Манастын кан шайланышы. 38. Карабөрк. 39. Кайнагадан качуу салты. 40. Туулган жерди душмандан бошотуу чечими. 41. Текес. Тейиш. Сайкал. 42. Каратай–Ырчыуул. 43. Алоокенин багынышы. 44. Акылай.

*«Алмамбеттин баяны» боюнча:* 45. Алмамбеттин төрөлүшү. 46. Чатак. 47. Алтынай. 48. Көкчөдө. 49. Бузукулуктун кесепети. 50. Ызгыч куш. 51. Манастын түшү. 52. Биринчи сыноо. 53. Экинчи сыноо. 54. Үчүнчү сыноо. 55. Туугандашуу. 56. Алмамбет баатырдын элинен качышы боюнча кошумча маалымат.

*«Баатырдын үйлөнүшү» боюнча:* 57. Колукту жөнүндө Манастын айтканы. 58. Жуучу. 59. Жакыптын эки кызды сынашы. 60. Калың. 61. Калын малдын капташы. 62. Үйлөнүү тою.

*«Көзкамандар окуясы» боюнча:* 63. Эсенкандын амалы. 64. Көзкамандын каты. 65. Манастын туугандарын тосуп алышы. 66. Манастын туугандарына бергени. 67. Манастын ууланышы. 68. Акаяр. 69. Каныкейдин Манасты куткарышы жана аны айыктырышы. 70. Көзкамандардын жеңилиши.

*«Көкөтөйдүн ашы» боюнча:* 71. Көкөтөйдүн кайтыш болушу. 72. Бокмурундун ашка камынышы. 73. Мааникер. 74. Ашка чакырылгандар. 75. Бокмурундун кошоматтанышы. 76. Нескаранын чатагы. 77. Кыргыз алптарын сыноо. 78. Бокмурундун ыйлашы. 79. Кошойдун акылы. 80. Жаш Айдардын Манаска барышы. 81. Манастын ашка келиши. 82. Манастын Мааникер жөнүндө Кошойго айтканы. 83. Манастын чатакты тыйышы. 84. Аштын шаан-шөкөттөрү. 85. Кара кытай, манжуу журттун байгени талап, кыргыздын жылкыларын айдап кетиши.

*«Чоң казат» боюнча:* 86. Чалгын. 87. Бозуул менен Ырчыуулдун айтышканы. 88. Чубактын ачууланышы. 89. Бакайдын Чубакка айтканы. 90. Жылкыны кайруу. 91. Манастын уйкусу. 92. «Азууларын аркайтып, ат өлүгү тоо болду, муруттарын сербейтип, эр өлүгү зоо болду». 93. Жеңиш. 94. Манасты унуткансып. 95. Шыпшайдар. 96. Таласка кайтуу.

*«Баатырдын набыт болушу» боюнча:* 97. Баланын үнү. 98. Манасты дарылоо. 99. Сараланын келиши. 100. Манастын керээзи. 101. Манастын буюм-тайымдары. Желмаян. Кумайык. Акшумкар. Тайбуурул. Коштошуу. 102. Манастын кайтыш болушу.

### Тапшырмалар

**1.** Чикти айкүр менен алмаштырышың керек, ал үчүн ошон унуткан теманы кайталап кой.

**2.** Окуя топтому боюнча бир-бириңди текшер.

### «БЕЙНЕ» ТОПТОМУ

| | |
|---|---|
| Жакып: | 4, 6, 8, 9, 10, 16, 21, 27, 31, 58,59. |
| Акбалта: | 5, 6, 7, 9, 13, 14, 22, 31. |
| Кошой: | 37, 72, 77, 79, 82, 84. |
| Бакай: | 37, 39, 53, 89, 97, 203. |
| Жолой: | 26, 29, 32, 33, 34, 35, 36. |
| Алмамбет: | 45, 46, 47, 48, 49, 50, 51, 52, 53, 54, 55, 56, 86, 90, 94, 95. |
| Чубак: | 41, 87, 88, 91, 93, 95. |
| Каныкей: | 59, 60, 62, 69, 80, 97, 98, 102. |
| Манас: | 1, 5, 7, 8, 11, 12, 14, 16, 17, 18, 19, 20, 24, 25, 28, 30, 33, 34, 35, 38, 41, 43, 44, 51, 52, 53, 54, 55, 57, 62, 65, 66, 67, 79, 80, 81, 82, 83, 86, 91, 93, 94, 95, 96, 97, 98, 99, 100, 101, 102. |

### «БЕЙНЕ» ТОПТОМУН КАНТИП ПАЙДАЛАНУУ КЕРЕК?

1. Бул «Бейне» топтомунда эпостун тогуз каарманы берилди, ал эми сандар окуялар топтомунан алынды. Маселен, Жакыптын 4 саны аны ат кулактуу шабырда, кара суунун боюнда Кула бээни туудуруп, аксур кулундун тумшугун сыгып, кулагын үйлөп, телчитип жаткан жерин туюндурат, 6 саны–баланын төрөлүшүн уккан Жакыптын талып жыгылышы (калганы да ушундай).

2. Бул топтомдун кереги кайсы? Биринчи – образды толук түшүнүү үчүн керек, экинчи – саны боюнча тез издеп табышыңа мүмкүндүк берет, демек, эмгегиңди жеңилдетет, үчүнчү – сага ыраттуу, так багыт тартуулайт, төртүнчүсү – үстүрт эмес, терең билимиңди камсыз кылат.

**Тапшырмалар**

1. «Бейне» топтомундагы каармандар боюнча оозеки баяндап бер. (Бир каарманды бир окуучу айтып берет. Тапшырманы жазуу түрүндө, кааласаң, 4 – 5 барактан турган сүрөт менен жабдылган реферат кылсаң да болот).

2. «Бейне» топтомундагы образдарды сүйлөп берүүдө сага «Ой сандык» жардамга келет. Ал сан менен туюнтулган окуядан (каармандардын тушундагы сандарды кара) ойду чубап алуунун жолдорун үйрөтөт. «Ой сандыкты» 147-беттен табасың.

## «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУ

Бул эпос – «Манас» үчилтигинин экинчи бөлүмү, башкача айтканда, «Манас» эпосунун тикеден-тике уландысы. «Манастагы» Бакай, Чыйырды, Каныкей, Жакып, тирүү калган чоролор ж. б. өз жашоо-тиричилигин «Семетейде» улантышат. Ал эми кайтыш болгон Манастын ордуна анын уулу Семетей элге баш-көз болушу керек эле. Бирок кырдаал өзгөрүп кеткен болучу. Кан болууга далбастаган, дили, ниети бөлөк күчтөр бийликке келет да, окуя башка нукта өнүгөт. Ошентип, «Манастан» өзүнчө «Семетей» эпосу өнүп чыгат. Бул эпосто баатырдыкты даңазалоого караганда лирикалык жагдай басымдуу. Элдик үрп-адат, салт, сүйүүгө бир кыйла орун берилет. Сырткы душмандан ички душман күчтүүлүк кылат ж.б.

«Семетей» эпосунун отузга жакын варианты бар, алардын ичинде Саякбайдын (316157 сап), М. Чокморовдун (71609 сап), Шапактын (42338 сап), Багыш Сазановдун (67704), Ыбырайым Абдрахмановдун (23584), Тоголок Молдонун варианттары салттык туруктуу окуяларды толук камтыгандыгы менен айырмаланат.

### КАНЫКЕЙДИН КӨБӨШТӨН ЧАБЫЛЫШЫ

Манастын өлгөнүнө кырк күн толо электе Көбөш кан Каныкейге Кыргылчал менен Тазбайматты жумшайт. «Убадасын берип, айткан сөзгө көнсүн, Абыкеге тийсин, илгертеден эле өлгөндөн жесир калуучу, аны кайниси каалап алуучу», – дейт.

Буга Каныкейдин ачуусу келет. Манастын тузу урсун деп, канжар менен экөөн качырып, чала-була саят. Экөө качып барып болгон ишти Жакып менен Көбөшкө айтат. Анда Жакып: «Канчыкты сойгула, кара көзүн ойгула», – деп күүлөнөт. Көбөш минтип бакылдайт: «Мен дегениң аттан! Манастын казынасын баарыңарга беремин. Барбаганыңарды кылыч менен бөлөмүн. Шертим ушул». Анан калың кол менен Манастын айылын чаңытып кирет. Бул кабар Каныкейге жетет. Капаланып, алардан баланы аман алып калуунун амалын кылат.

– Энеке,– дейт Каныкей Чыйырдыга,– Акчийдеги коргонду көздөй кач, ошол жерге жашын. Көз ачып көргөн, ооз ачып өпкөн жетимиңди өлтүрүп коюшат.

– Чыңырба, балам, көк жалдан калган жалгызды менин бооруман тартып ала албайт.

– Катыгүн эне, не дейсиң, Чыйбыт, Кочкор эки арам, Адыбай, Көлбай төрт арам, Абыке, Көбөш – алты арам калмакка аттангансып бизге келатат. Бекинер жер жок, белгилүү Манас шер жок, жашыңды төгүп боздобой, бээ саамга токтобой жашырын, энеке!

Сексенге чыккан Чыйырды буркурап ыйлап, Акчийге бет алат. Ал аңгыча кан Көбөш келип бакырат.

– Кара бет чамасын билсе боло. Канчыктын калаасын талкалайм. Кыйын болсо Манасын тирилтип келсин. Баласын көкбөрү тартам, алып чыккыла!

Анан айбалта менен Каныкейди кенчирге тартып жиберет. Жарактап атка мине албай, каруунга найза иле албай калган Каныкей төбөсү менен жерге бүк түшөт. Оозунан өжөк-өжөк кан кетет. Булдурсун менен эмчегин тиле-тиле чабат. Анан алмадай башын чаба турган болгондо, үзүктөй калпак эр Шууту Көбөштү кармап, жан соогалап калат. Ошол кезде алты арам Көбөштүн жарлыгы менен Семетейдин бешигин таап алып, көкбөрү тартып кетишет. Жоодон тартып алгансып эрдемсинишет. Төрт түлүктөн мал койбойт, тегеректе жан койбойт, соёруна мал, ичерине дан койбойт, такалуудан тай, тамгалуудан кой койбойт, калка кылар таш, сая кылар тал, саап ичер мал койбойт. Бүлдүргө болор жип, бүлкүлдөп үрөр ит калбайт. Ошондо Желденбай деген «сен Манастын тушунда качан киши элең» деп калыстык сөзүн айтат. Желдеңбайды ошол туура сөзү үчүн сүйрөтүп өлтүрөт. Ак ордону, жоо-жаракты талап алышат. Малды камчыга ченеп бөлүшөт. Каныкей эмчегин жара чаптырып, дөөгүрсүгөн дөбөткө кокусунан каптырып армандуу. Манастын керээзи боюнча Букарга кетмей болот.

**1. Семетейди алып качуу.** Ошол Көбөштүн чапканынан кийин Каныкей Семетейди көтөрүп, энеси Чыйырдыны ээрчитип, Букарды көздөй качып жөнөйт. Баланы алмак-салмак көтөрөт. Балтырдан кара кан тамат. Караган, бута, таш көрсө бекине калат. Не кыларын биле албай, отура калып буркурап, Семетейди караса, алты күнү наар албай арбайып, итий болгонсуп калыптыр, кирпиктери салаңдайт, баркырап үн сала албайт, башы көтөрүлбөйт. Ошондо Каныкейдин күйбөгөн жери күл болуп айтканы:

–Айланайын, энеке! Ачкадан бала өлөт бейм, ажалы бүгүн жетет бейм. Эмчекте сүт жок, эс алдырып алууга мен бейбакта күч жок. Жашынарга кабак жок, жалмаларга тамак жок. Эми мен арстанча желип, азык таап келейин, алты күн күт. Кечиксем, өлсөм камың жеп кеткин. Каныкей өлгөн экен деп кеткин.

Ушинтип турган кезде ак сакалын жайкалтып, Бозбуууданын чайпалтып Бакай келип калат. Ал жетимди көрүп, Чыйырды менен Каныкейге кайрат айтмакчы болуп жолго чыккан. Кең-Колго көз салса, чаң уюлгуйт, мал-жан көрүнбөйт. Ак ордо, тал, нар көрүнбөйт. Ар кайсы жерде оркоюп, бузулган дубал. Журтта калган ит жок, тартып койгон желе жок. Эмне болду? Муну көрүп карт Бакай кокту-колот, сайларды аралай чабат. Жүрөгүн муң жаралайт. Серепчилеп ой-тоону карайт. Кайда? Анан Үч-Кошойдун колотуна көз салса, эрбең-эрбең эткен караан көрүнөт. Карга десе кузгундай, жору десе адамдай, адам десе сербейип, көрүнбөйт көзгө караандай. Көңүлү башка бөлүнүп, көзүнүн жашы



төгүлүп, сакалдан жашы куюлуп, чаап келсе Каныкей менен Чыйырды! Кемпир болгон окуяны мындайча баяндайт:

«Бакай, арбын элек, аз болдук, алты арамдын айынан Ала-Көл элек, саз болдук, Алатоо элек, пас болдук. Көбөш шүмшүк казандан бери талкалап, бизди кайырчы кылып таштады».

Бакай үшкүрүнө айтат: «Арстандардын тушунда күркүрөп турганда, дөөлөтүм ташып, алтын-күмүшкө бөлөнүп турганда, дөө болуп турган кезимде, неге өлбөдүм. Карылыктын айынан качып калдым. Кыргылчал сөзүнө турбады. Кырк чорону азгырып кан Көбөштүн кызматына кирип кетти. Эми кайгырба. Жетимиң эр жетип, чачылганды жыйнайт, кеткен келет. Темирканга баргыла. 12 жыл күтөм». Анан Бакай эки буудан ат, отуз күнгө жете турган азык-түлүк берет. Каныкей Тайторуну, Чыйырды Акборчукту минип жолго чыгышат. Бакай бир кыйла жерге чейин узатып келип, калып калат.

**2. «Кош, Талас».** Каныкей кең Таласты кыя албай, көзүнүн жашын тыя албай минтип айтат: «Алтын бешик тууган жер, кагылайын Таласым, өйдө бассам өбөгүм, мүдүрүлсөм жөлөгүм, төбөмдөгү жылдызым, баарыңардан айрылдым. Тентип баратабыз. Сөөгүбүз ар-ар кимдин жеринде калбаса болду. Арбагың менен артыңда калган баланы корго, айкөлүм. Өсүп-өнгөн кең Талас, элиң менен аман бол. Кайрылып жерди карасам, кара боорум эзилет, карай берсем көз тойбой, кара көзүм тешилет. Как жүрөгүм жарылып, кабыргам менин эзилет. Кайда жүрсөм да, кең Талас, кетпессиң менин эсимден, жетиминди жетилтпей, кандуу жаш кетпес көзүмдөн».

Ошентип, күйбөгөнү күл болуп, көрбөгөнү көр болуп, көзүнүн жашы көл болуп, Каныкей менен Чыйырды Таласты таштап кетишет. Ашуу-ашуу бел, адыр-адыр белес ашат, мээ кайнаткан чөл басат. Күндүзүндө тынч албай, түн ичинде уйку албай жүрүп отурат. Мунарык баскан чөл менен, будур-будур бел менен, имерилген жол менен, ийри-буйру суу менен Букарды көздөй жол басат, жол басканда мол басат.

**3. Каныкейдин көлү.** Букардын чегине жеткенде, көзүнүн жашы төгүлүп, Каныкей мындай дейт: «Энеке, туулган жердин четине келдик, мен өткөндү айтып берейин. Атам адегенде эркек көрбөй, он эки кыз көрүптүр. Оё бычып, тоё жеп, ал кыздарын он эки канга бериптир. Он үчүнчү болуп мен туулупмун. Тоюма токсон союлуп, мени эрке кылып өстүрүшөт. Мен экиге чыкканымда Ысмайыл төрөлүптүр. Он экиге чыкканда Букарага бийлик кылганмын. Олондой болгон кайран чач, так төбөгө түйгөнмүн, каалаганды кийгенмин, желбеген жорго мингенмин. Алтын кемер курчанып, күндүзүнө бээ союп, түнөгөн жерге тай союп, Букардын кызын жыйганмын. Баглан козу, ширин этти сейилдикке жайнатып, алты күнү жол жүрүп, ушул жерге келчү

элем. Көрүнүп жаткан кең көлчүк, телегейи тең көлчүк. Сексен келин, сексен кыз сергип эркин күлчү элек. Алтын тактын жанында зор килемим бар эле. Кырк жылы сууга таштаса, кылайып чети оңбогон. Көлдүн тегереги чынар терек, булбулдун мукам үнү үзүлчү эмес. Энеке, ошол көлчүктү көрө кетелик». Алар көлчүккө келсе, таптаза башка көрүнүш: көлчүк соолуп, чынарлар куурап калыптыр, салынуу сарай, салкын жай ураган, топурагы тозгон. Каныкейдин боконосу болк этип, жүрөгү солк этет, көзүнө жаш алып, Чыйырдыга бурулат: «Кагылайын энеке, көлчүгүм соолуп калыптыр, бул эмне болуучу. Буркуратпай долуну, бул укмушту жоручу». Ошондогу Чыйырдынын жоругалы: «Ыйлабагын, Каныкей, сынбасты уста жасабайт, өксүгөн менен айла жок, өкүрсөң өлгөн табылбайт. Өкүнгөн менен пайда жок. Түгөнбөгөн дүйнөдөн түркүн-түркүн эл өткөн, түрдүү-түрдүү шер өткөн. Оо, Каныкей, баш көтөр, көлчүгүң соолуп калганы – көк жалың Манас өлгөнү, чынарың куурап калганы – тайган иттей желип Таластан тентип келгениң, сарайың кулап калганы – замандын баштан кетиши. Баш көтөр, Каныкей, ушул турган көлчүгүң касиеттүү жер экен. Белгиге төлгө салалык. Казанбактай кара чымды карачы. «Кабылан Манас, колдо» деп, Таласка карап каңтарчы. Эгер ичинен кайнап суу чыкса, бизге кудай бергени. Суу чыкпаса, азаптын келгени. Төлгө кабыл келбесе, өлдүк, кабыл келсе, бир жакшылыкты көрдүк». Каныкей Чыйырды айткандай кылат.

Айбалтаны алып, мойнуна кисе салып, Манастын арбагына жалынат. Чымды каңтарат. Суу! Кара булак оргуп чыгат. Көл толот. Чынарлардын жалбырактары желге дирилдеп, жапжашыл ыраңга бөлөнөт. Булбулдар учуп келип, бутакка конуп, көмөкөйдөн күү төгөт. Кош буудан суудан кана шимирип, капчыктары чыгат. Ошондо көзүнүн алды ириндеп, көкүрөгү кирилдеп, Чыйырды курду мойнуна салып, бótодой боздоп Каныкейге жалынат: «Кагылайын, Каныкей, кетилген болот кетилет, күйүттүү кабак ачылат. Семетей атасындай болот, андан көрө алып кел, калган азыкты баабедин кылып, Теңирге жалынып коёлу». Анда Каныкейдин айтканы: «Алты күндүк жол калды. Мындан ары томуктай тоосу жок, кемегедей коосу жок. Буурусун чийген чийин, суур казган ийин жок, мунарык болуп бурчтанат, булаңгыр болуп учтанат, куулар учса кулаган куйкумданган жер ошол, куландардын туягы куйкаланган жер ошол, чымчып жээрге чөбү жок, чып этимге суусу жок, так ошол жерге барганда, алдейлеген жетимдин ажалы бөөдө жетпесин, азыксыз айлабыз кетпесин». Анда Чыйырдынын айтканы: «Ажалы жеткен өлүүчү, өлбөгөн күнүн көрүүчү, тирүү жүргөн адамдын ырысын кудай берүүчү, арыган ат семирчү, ачкан курсак тоюнчу, бул тилегибиз келген соң, куурап калган чынарга кайрылып булбул конгон соң,



какшып калган көлчүгүң кайрадан сууга толгон соң, үзүлгөндөр уланат, чачылгандар жыйылат, ушул жерге түштөнүп, бир кубанып өтөлүк». Ошондо алты чаначтан жарым көөкөр сүт, эки боруктун этинен жарты жилик эт калган экен дейт. Аны жеп, эс алып отурушат. Аңгыча айкырык! Чыйырды менен Каныкей не кыларын билбей калды: бүткөн бойдон ал кетти, өңдөн кызыл кан кетти, шордуу көздөн бөлөк-бөлөк жаш кетти. Ошондо Каныкей эсине келип, энесине минтип айтат: «Төбөбүздөн басат го, төгүп канды чачат го, чыркыратып куу жанды курмандыкка чалат го, казгалдак деген кайран куш кайрылбай учат талаа деп, тентип жүрүп өлдүк ээ, карындан чыккан бала деп, эми армансыз болуп салышып, көргүлүктү көрөйүн, тирүүлөй колго түшпөстөн, кан кечишип өлөйүн, энеке, батаңды бер». Карбаластап жарагын алып үзөңгүгө бут салат. Жок! Келген душман эмес, Ысмайыл. Ал каралуу эжесин тааныды. Анан айбалтаны булкуп алып, бөйрөгүн таянып, жездекелеп өкүрүп жиберет: «Алышкан жоону тепсеген, көзүндөгү кайраты көк жалын болуп өчпөгөн, арстаным жездем, өлбөй кал, оролмо тоонун көк мойнок сеңириндей кан жездем, таштан кайра тартпаган, болоттон учтап аштагандай кан жездем, алсыратып элинди, артка таштап жериңди, айкөлүм жездем, өлбөй кал, улактуу кийик өңдөнүп, эжеке, Букарга тентип келбей кал...» Ысмайылдын аркасынан балбандар да «кан жезделеп» өкүрөт. Ой-тоо тегиз дүңгүрөйт.

Ошентип, эки бир тууган көрүшөт. Ушул эле жолугушууда Каныкей Семетейди Ысмайылга берет. Ырым кылып итаяк кечирип, чыбык кыркат. Ысмайыл саадактын огун сындырып, кылычтын мизин жалап ант берип, баланы багып алат. Букарга кош ат чаптырып кабар бердирет. Анан калаага киргенден кийин, он жети күн той берет.

**Кошумча маалымат**

Жолдо качып келатканда, чарчап-чаалыккан Каныкей касиеттүү байтерекке жалынат. Ошондо бул бай түп дарактын купта жак бутагынан булактай оргуп сүт агат. Качкындар ошол сүттү жан аякка тосуп алып ичишет, кадыресе тоюнуп калышат, ошол жерге түнөшөт. Түн ичинде он эки айры мүйүздүү ак бугу келип, баланы туягы менен ойготуп, эмизип кетет. Алтүндө Семетей жок. Эмгектеген изи боюнча кубалап барган Каныкей баланы ак марал эмизип турганын көрөт. Анан ак марал кайып болуп кетет...

**Суроолор**

1. Көбөштүн «Илгертен эле өлгөндөн жесир калуучу, аны кайниси калап алуучу, Абыкеге тийсин!» деген сөзүндө чындыктын үлүшү барбы?
2. Каныкей Абыкеге турмушка чыгып алса, Семетейге залалы тиет беле?
3. Эгер Каныкей ок өтпөс тон кийип, жоо-жарагы колунда, астында алкынган тулпар болсо, ал Көбөш кандан чабылышы мүмкүнбү?

4. Эгер Каныкей менен Чыйырдыны Бакай таппай калса, качкындар Темкрканга (Атемир, Каракан деп да айтылат) жетет беле?

5. Көлчүктүн соолушу, кайра толушу кандай жышаан?

6. Эмне үчүн Семетейди Ысмайылга бала кылып берди? Каныкей өзү чоңойтсо болот эле да?

**Тапшырмалар**

**1. Ойлон:** – Адамдын башына оор иш түшкөндө аны табият түшүнөбү? Эмнеге байтеректен булактап сүт чыкты да, Семетейди он эки айры мүйүз ак бугу эмизди?

– Семетейди эмизген ак марал, Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги эки баланы асырап чоңойткон Бугу-Эненин, Молдо Кылычтын «Буудайык» поэмасындагы он эки айры мүйүз ак бугу – үчөөнүн ортосунда окшоштук жана жалпылык барбы?

**2. Көрктүү оку:** 1. Каныкейдин Талас менен коштошуусу. 2. Каныкейдин көлү.

***Сөз берметтери***

*1. Такалуудан тай койбойт, тамгалуудан кой койбойт. 2. Булдургө болор жип калбайт, булкулдөп үрөр ит калбайт. 3. Арбын элек, аз болдук, Алакөл элек, саз болдук, Алатоо элек, пас болдук. 4. Кайрылып жерди карасам, кара боорум эзилет. Карай берсем көз тойбой, кара көзүм тешилет. 5. Көгөрүп жаткан кең көлчүк, телегейи тең көлчүк. 6. Салынуу сарай, салкын жай. 7. Арыган ат семирчү, ачкан курсак тоюнчу. 8. Улактуу кийик өңдөнүп, эжеке, Букарга тентип келбей кал. 9. Алышкан жоону тепсеген, көзүндөгү кайраты көк жалын болуп өчпөгөн.*

## СЕМЕТЕЙДИН ЧОҢОЮШУ

**1. Семетейдин чоңоюшу.** Темиркан Семетейди атасы Манас, жери Талас, апасы Каныкей экенин билгизбей чоңойтот. Бир жашында ойногон балдарын жадатат, экисинде көзүнөн учкун чачырап, эр мүнөзү көрүнөт, үчкө чыкканда жолборстукундай көзүнөн жалындап нур төгүлөт, төрт жашында теңтуш балдары кабыргам кыйрап калат деп качат, бешинде берендиги билинип, буудан минип, карууга саадак илет, алтыга чыкканда «атасынан ашат» дешкен, жетисинде шер үндөнүп, жулунган, тогузунда теректерди түп-тамыры менен жулат, онунда ага каршы бир жан чыкпайт, он биринде жанына оттой жигиттерди ээрчитет, он эки жашка чыкканда алоолоп күйгөн өрт болот, кармашканы мерт болот, ит агытып, куш салат, мылтык атып, жаа тартат, жол күзөтүп, жоо безейт. Тентектик кылып дилде чапан, ак селде кожону сабайт. Эшен, кожолор Темирканга келип даттанышат: «Коломтодон шор чыкты, Семетей аттуу зор чыкты. Кожонун башын айрып, эшенди сабады. Өзөндүн талын кыйып ал, бул жетимди тыйып ал. Антпесең Букардан кетебиз. Тайганча желип Каныкей, жетимди көтөрүп Таластан келди эле, бачагар кыргыз тукумун тый, болбосо бул жерде туруп нетебиз, туш-





*Б. Жумабаев.* Тайтору.

тушту көздөй кетебиз». Темиркан даттангандарды зекийт: «Каныкей – өз сөөгүм. Баламды менден бөлбөгүн. Семетей –тулпардан калган туягым, туу казанат чунагым, найзага таккан желегим, кудай алсын баарыңды, арбак урсун молдоңду. Атасы Манас, энеси Каныкей экенин билгизбе». Бирок, «эл оозунда элек жок, бирөө айтып койсо, таятам жашырып жүргөн экен» деп, казынамды бузуп, буламды булап, түбүмө жетпесин. Букарды бузуп, Коконго кордук салбасын», деп ойлойт. Темиркан той бермекчи болот. Билген кишиге Манастын ашы, билбегенге баланын тою. Ошентип, тойго камынуу башталат. Кабар берилип, берендер, найзакерлер, балбандар, мергендер, кара жаак, жез тандай ырчылар, чечендер, эрлер, карылар, сегиз кандын эли чакырылат.

**2. Тайторуну чабуу.** Тойдун шаан-шөкөттөрүнүн ичинен элжуртка кеңири тараганы, атактуусу – Каныкейдин Тайторуну чапканы. «Эгерде балам атасын тарткан эр болсо, анда чапкан атым чыгып келет, жок, чыкпай артта калса, балам атасын тартпай калганы», деп алтымыш асый Тайторуну төлгө кылып чапмак болот. Ошентип, күлүктү суута баштайт: күрүчтөн күрөп жем берип, күндө терин алат, арпадан аса жем берип, айда терин алат. Мейкин сары талаада учкан куш менен жарышып, асмандаган буудандын оозу менен алышып, окоро түйгөн чоң тизгин алаканда карышып, Каныкей Тайторунун ачуу терин чыгарат. Табына келген Тайтору тоо бүркүттөй күрүлдөйт, сөөгүнөн чыккан ачуу тер туяктан ылдый куюлат. Каныкей олоңдой болгон кара чачты төбөгө түйүп, эркек кийимин кийип, чабылчу 643 тулпарга көкүлүн көк жибек, куйругун куу шайы менен түйүп, алды менен токсондогу Чыйырдынын батасын алып, анан Тайторуну чабышка кошот. Бул аракетке ызаланган Ысмайыл Семетейди чакырып: «Жанагы жэң ээлигип ат чапмак болуптур, астыга келсе Тайтору, «Манастап» ураан салып кел, артта келсе Тайтору, жэңди курмандыкка чалып кел», – деп тапшырма берет. Бул сөздү уккан Семетей алтымыш балбан эр менен оозунан түтүн буркурап, көзүнөн жалын шыркырап жөнөп калат... Ошол кезде ээрдей белесте турган Каныкейдин ийнинде отурган перишге – үнү угулуп, бирок өзү көрүнбөгөн жылаңач бала шыбырайт: «Эй, Каныкей, байкушум, алдыга келсе Тайтору, уулуңдун жүзүн көрөсүң, артта калса Тайтору, кардыңан чыккан баладан ажалдан мурда өлөсүң». Муну укканда Каныкейдин оюу онго, санаасы санга бөлүнүп, көзүнүн жашы төгүлөт. Не кыларын биле албай, үстүнө каран түн түшөт.

**3. Каныкейдин арманы**

...Аркама бүткөн олоң чач
Өрүп алмак болдум ээ!
«Ат чабам» деп ээлигип,
Айкөлдөн калган жалгыздан,
Өлүп алмак болдум ээ!»
Деп ошентип Каныкей,
Манастан калган дүрбүнү,
Мойнунан жулуп алды эми,
Дүрбүсүн салып турду эми.
...Деңиздин берки бетинде,
Оргуп-оргуп чаң чыгат.
Темиркандын төрт тулпар
Узап чуркап алыптыр.
Андан бөлөк бир жылкы
Кайда экени билинбейт,
Канча карап турса да,
Каныкейдин көзүнө
Жалгыз караан илинбейт.
«Ай караңгы болгондо,
Түн эмине болуучу?»–
Деп ошентип Каныкей
Кайра дүрбү салды эле:
...Кең Мойноктун мойнунда
Келе жатат Тайтору
Үч жүз аттын соңунда...
«Арбак урган Тайтору
Эми кайдан жүгүрдү!»
Деп, ойлонуп Каныкей
Чымындай жандан түңүлдү.
Кабыргасы сөгүлүп,
Кан аралаш аккан жаш
Акборчуктун жалына
Шорголоп турду төгүлүп...
«Алда, чиркин, куу дүйнө,
Маңдай сөөгүм кайкы эле.
Туулгандан муңайып,
Күн көрөрүм тайкы эле.
Боз карчыга Чолпонум,
Жоо жарагын кие элек!
«Атам» деген Ысмайыл,
Жат экенин биле элек,
Айкөлүм Манас көк жалдын
Ата экенин биле элек.
Тайган иттей мен шордуу
Желгендигим биле элек.
Таластан качып бала үчүн
Келгендигим биле элек.
Куйуктүн белин чыркырап
Ашкандыгым биле элек.
Аркалап алып Таластан
Качкандыгым биле элек.
Энеңмин деп жалбарсам,
Эзелде чунак болбойт ээ!
Кылчайбай шилтеп кылычын,
Курган жанды койбойт ээ?!
Жолуман кармап алат ээ?!
Дөөгүрсүп турган балбандар
Көк бөрү кылып алат ээ?!
Чыркыратып өзүмдү
Чукуп таштап көзүмдү,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат ээ?!
Талаада сөөгүң даңкайып,
Көмүүсүз болуп калат ээ?!
Чакылдаган чакчыгай
Чарасына көзүмдүн
Уяларын салат ээ?!
Тал жибектей чачымды,
Айдай иймек кашымды
Куркулдап кузгун тытат ээ?!
Кардан аппак этимди,
Жулкуп таштап бетимди
Ит-куштар келип жутат ээ?!
Ботодой болгон көзүмдү
Каркылдап карга оет ээ?!
Каалгадай ак тишке
Шакылыктап сагызган
Ойноктоп эркин конот ээ?!
Алмадай болгон эки эмчек,
Кара жору тоет ээ?!
Жайдары жазы кабагым
Кажырдын жеми болот ээ?!
Бүлкүлдөгөн бөйрөктү
Түлкү какшаал оёт ээ?!
Бурулуп бүткөн булчуңду
Бурдап-бурдап сугунуп
Бөрүлөр талап тоет ээ?!
Жоболоңдуу төлгөнү
Тартпай койбой не болдум?!
Тоодой болгон Торуну
Чаппай койбой не болдум?!
Деп, ошентип Каныкей,
Бурамалуу дүрбүнү
Дагы бурап имерип,

«Алтын ооз дүрбүнү
Алты жолу салайын!
Аябай анык түнүлүп,
Баламдын колун тийгизбей,
Каныма жанын күйгүзбөй
Мен өзүм өлүп калайын!»

### 4. Тайторунун чуркашы

Бурамасын имерип,
Буркурап ыйлап жиберип,
Буудандын оозун бурду эле
Дүрбүсүн салып турду эле.
...Ит-Торпунун жолунда
Кезең кырдын оюнда
Санап көрсөң Тайтору
Келе жатат кайран мал
Алтымыш аттын соңунда.
Башын жерге салыптыр,
Аркардай арыш алыптыр,
Мойнун жерге салыптыр.
Болжолсуз арыш алыптыр.
Желгенине жел жетпей
Жеткилең чуркап калыптыр.
Басканына мал жетпей
Башкача чуркап алыптыр.
Эңкейиштеп алганда
Коржондогон Торунун
Эликтей колу сайылат.
Өргө тарта бергенде
Жал-куйругу жайылат.
Талаа-түзгө келгенде
Таманы жерде тарсылдайт.
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдайт,
Араандай оозу ачылат.
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылат.
Кара болот ооздук
Көмөкөйдү каккылайт.
Талжибектей куйругун
Чаткы аякка чапкылайт.
Көкүлүн көккө ыргытып,
Көнөктой болгон туягын
Көрүнгөн жерге мылгытып,
Ойноп кетчү немедей
Ойсондоп башын чулгутуп...
Буйдала түшүп дүрбүсүн
Дагы салды токтолуп.
...Сары адырмак урчукта,
Салынган тоонун тумшукта
Көрүүчүнүн жонунда
Кара талаа боюнда
Келе жатат Тайтору
Отуз тулпар соңунда...

### 5. Тайторуну сүрөө

Ошентип, Каныкей бурамасын имерип, дагы караса, Тайтору он эки тулпар соңунда. Муну көрүп турганда, Каныкейдин көз алдында арбактар...

«Ааламга жетер даты,– деп,
Аяшымдын аты» – деп
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Ай сарала ат минип
Жал-куйругун чарт түйүп.
Жалаң кылыч байланып,
Көпкөк темир курчанган.
Жети түмөн кол көрсө
Желпине кирип кол салган.
Кыргындан кыя кайтпаган,
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Ааламга жетер үнү бар,
Ажыдаардай сүрү бар,
Арыштаган буудапды
Алмамбет сүрөп алыптыр,
Айгайлап жолго салыптыр.
Анын бери жагында,
Узун бойлуу, кең далы,
Найзакердин ыктуусу,
Сан кыргыздын мыктысы,
Азаматтын артыгы,
Кырк чоронун кырааны,
Арстан тууган бу дагы
Акбалтанын Чубагы.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арстандын тиши өтпөгөн,
Көк рапыс тон кийген,
Көкала сындуу ат минген,
Зордугу тоонун сеңирдей,
Жоо көрүнсө жегидей.
Касаба колдо көрүнгөн,
Оозунан оту төгүлгөн,
Кыйкырып найза сунганда
Кырк миң колдой көрүнгөн.
«Жеңекемдин аты» – деп,
Угулду мага даты деп,
Айланайын шер Чубак
Артыкча сүрөп алыптыр...
Асты жагын карасаң,
Кара болот кыргагы,
Кабылан Манас Сыргагы.
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Атка жеңил тайга чак,
Ар убакта жолго сак,
Уйкусу жок эр Сыргак:
Кыраакы баатыр көрөгөн,
Кыйкырышкан жоо келсе,
Кызыл канга бөлөгөн.
«Угулду мага даты» – деп,
Бул жеңекемдин аты» – деп,
Бакырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Бала жолборс эр Сыргак
Тайторуну сүйрөлөп,
Өбөктөп чаап калыптыр...
Анын артын караса,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арстаны
Жандай салып камынып,
Кан майданда жүргөндө,
Камыгып, чоочуп, шашпаган.
Отуз эки жашында
Канышын каран таштаган,
Аккула минген шер Манас
«Байкушумдун аты» – деп,
Угулду мага даты» – деп,
Тайторуну соорулап,
Өзү кууп алыптыр...

Арбактарды көргөндө, Каныкей чыңырып ыйлап жиберет, карагаттай көзүнөн камчы бою жаш кетет. Акборчуктун жалына кан аралаш ысык жаш агып турат шорголоп. Анан эсине келе калган Каныкей дүрбү салса, Тайтору алты буудан соңунда. Баягы Таластан ала чыккан Алмамбеттин сырбараңын кыргы менен кыргылап, тарткы менен тарткылап, жойкума менен жойкулап, тазалап, сүмбө менен сүмбөлөп, куру дүрмөт менен октоп, ошол кезде үч буудандын соңунда келе жаткан Тайторунун кулагы менен көкүлдөн эки эли өйдө ашырып, күп дегизе бир атат. Мылтыктын үнү чыкканда Тайтору жал куйругу диркиреп, тоо бүркүттөй күркүрөп, куюшканы шакылдап учат. Ошентип, Тайтору 643 тулпардын бирине да чендетпей жети бута алдыда келип, биринчи байгеге ээ болот. Каныкейдин төлгөсү төп келет, ал эми Ысмайылдын тапшырмасы менен кеткен Семетей «эжесине» тийбейт, кайра «баласыздай кылбайлык» деп жардам көрсөтүүнүн камында болот. «Тайторуну чыгаралы, алдыда атакемдин Актулпары чыгып келатса да, кармап соёлу», – деп Семетей жанындагы балбандардан ак буудай нанын чайнатып, кылычтын мизин жалатып ант алат. Жолдон Тайторунун көп буу-

дандардын баарынан жети бута чыгып келатканын көргөндөн кийин, баары «Манастап» ураан чакырып, күлүктү сүрөп алат.

**6. Семетейдин Сарытазга жолугушу.** Көбөш Семетейдин өлбөгөнүн билип калып, Сарыны кыйнап, аны тап дейт. Сарытаз билбеймин дегенден кайтпайт. Ачуусу келип, Сарыны Жакыпка кул кылып берет. Ошондо ал Семетейдин аркасынан качып кетет. Эч кимге көрүнбөй көмүрчүнүн башы болуп жан сактайт. «Оюлгур болсо, он экиде – баш, союлгур болсо, жыйырма экиде – жаш, он эки жыл күтөйүн» дейт. Сарыга Семетей кокусунан жолугат. Бала жолборс Семетей Актулпарды минип, колуна Ысмайылдын шумкарын кондуруп, ат аябай мол жүрүп, Майбулактан өтүп, Кеңкөлчүктүн белесине чыгат. Асты мунарык. Үйдөй чынар, боз бадал. Гүл – Токойата деген жер көрүнөт: будурбудур бел, будурмак ашуу, адыр-адыр бел, адырмак ашуу. Бөөтбөөт саз. Каркыра куркулдап, турнанын үнүнөн кулак тунат. Булбул сайрап, күкүк сүйлөнөт. Алмасы бышып, дөң болгон, жийдеси түшүп, көң болгон. Жалбырагы жаргактай, кара курту бармактай, балтырканы билектей, маралдары инектей, кыргоолу кызыл көнөктөй. Семетей Көкшумкар менен көп илбесин алат, канжыгга каз менен кууга толот, ал жерге батпаганын куюшканга тээктейт. Аңгыча союл тийсе жар көчүп кеткен доолбасты камчы менен каң дедире чаап койду эле, көнөчөктөй, текөөрү темир, тээги жез, канаты алтын, эки кез көк бостек күн чыгышты беттеп учат. Семетей ага Көкшумкарды салат. Адис шумкар кыргоолго жетип, тырмак саларда, жан талашып бостек тик ылдый сайылып, чөп алачыкка имерилет. Семетей чаап барса, кызык, бир дөө жүрөт, башы таз, төрт аркан бар жонунда, эчки тону этинде, эрдик сүрү бетинде, жаткан иттей кашы бар, жан казандай башы бар. «Желмогуз болсо керек» деп ойлонот бала. Анан кылган ишин карап, таң калып турат. Төө мойнундай чоң орок менен кош колдоп тикенектүү токойду кыят, төөчө жөөлөп, ачып көздү жумгуча, андай-мындай дегиче, үрпөйгөндүн баарын койгулап, тоодой кылып үйүп жиберет да, кытай оттук боор таш менен кырып ийип чок коюп, куу тезекке от коет. Күү дегизе үйлөп тегерегин үйрөт. Анан алты көнөк суу баткан өгүз баш кара жанаякты, кайнар кара булакка малып, суу сузуп алып күр дегизе бирууртап, күр дегизе бир бүркүп, бир бүрккөндө миң бүркүп көмүр өчөт. Заматта алтымыш төөлүк көмүр пайда болот. Семетей салам айтат. Сарытаз алик алмак турсун, карап да койбойт. Зыңгырап укпай калгансыйт. Семетейдин ичи чок, эки көзү оттой жайнайт. Айтат: «Шумкарымды алып бер!». Сарытаз дагы эле карабайт, көмүрүн шилейт. Баланы бучкагына теңебейт. Ошондо Семетей Сарытазды жөөлөтүп кирет. Анда Сарытаз минтип айтат: «Атаңдын көрү, жетим кул, эми киши болгонсуп, эмне коркондойсуң? Таласты таштап тентип жүргөн сен кандай да, кандардын тепкисинде чыдабай көмүрдө жүргөн мен кандай? Оюнда эчteme жок. Өз атыңды минип, өз тонуңду кийгенсийсиң. Эмнеге мынча желигесиң? Он экиге келипсиң, өз элиң менен өз жериң Таласка качан келесиң? Ысмайылдын куш салуучу жалчысы, Темиркандын куш салуучу бакмасысың». Муну уккан Семетейдин оозунан түтүн буркурайт, көзүнөн жалын шыркырайт. Кара жаак булдурсунду кармай калып имерди, эңкейип турган Сарыны май куйрукка тартып жиберди. Таздын кудайга үнү угулуп, көмүргө башы тыгылат. Жаргак шым айрылып, кара кан сызылып агат. Ачусу келген Сарытаз көмүрдөн тура калып минтип айтат: «Жетим кул, кызыл-ала кылгандай менде кырк атаң, кыргыз өчү жок. Бул токой сага жер эмес, атаң Манас көк жалдын өпкөсүн сайган мен эмес. Белиңди бекем бууп ал, атаңды мойсоп таштаган Коңурбайдан кунун кууп ал. Бул талаа сага жер эмес, энекеңдин эмчегин жара чаап качырган Абыке, Көбөш мен эмес. Көк жал атаң өлгөндө, Абыке, Көбөш жоо болуп, Манастан калган дүйнөнү камчыга ченеп бөлгөн. Энең ошондо Букарга тентип келип, чыбык кыркып ырым кылып, итаяк аттатып сени Ысмайылга бала кылып берген. Эми эл-журтуңду билбей, ай-талаада тентип жүрөсүң. Тээк, таек кылып өзүңдү мен мында көмүр өчүрүп жүрөм. Кан Манастын баласынын өз элине карабай качып жүргөнү кандай кеп? Темирканга дене кул болуп жүрүү кандай кеп? Каныкейдей шордууну тентиген жесир катын дедирген кандай кеп? Эр болсо элин табар деп, аркаңдан келип тил уккан мендей шордуу бар бекен? Же энесин «эжем» деп жүргөн сендей шордуу бар бекен?

Ошондо Семетейдин жашы он талаа, Сарыга жалдырайт: «Кагылайын, Сары аба, билбегенди билдирдиң, ойго келбес сананы көңүлүмө илдирдиң. Булдурсунга жонуңду билбестиктен тилдирдиң. Колум тийди, кечир. Керек болсо айнектей эки көзүмдү оюп ал. Актулпарды ал, керек болсо жанымды ал, аба. Бул айтканың чын болсо, көргөзөмүн көзүңө киши көрбөс сонунду, аба. Манас атам, Каныкей энем экени чын болсо, сизди арды, аба. Манас атам, Каныкей энем экени чын болсо, сизди ардыгын менен кыргызга кан көтөрүп алармын. Айтканымды кылбасам, төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун, атагы урсун Таластын, арбагы урсун Манастын!»

**7. Таарынуу.** Сарытазга жолугуп келгенден кийин, «Тегимди айтпай койду» деп Семетей Темиркан менен Ысмайылга таарынат. Көк шумкарды чынарга ыргытып, Актулпарды бош коюп, Акканкыны жазданып, кыбыланы баштанып, тердикти жамбашына салып, жумган көзүн ачпастан, сунган бутун тартпастан, чукуранып ойгонбой жатып алды дейт. Кабарчыдан кеп угуп Темиркан жетип келип, жети кара буканы кескилетип жиберип, алтымыш торпок, кырк эркечти садага чаптырат. Анан өзү жалынат. Бала былк этпейт. Молдолор дарс окуп, кожолор дуба

салат. Бала бир былк этип койбойт. Ысмайыл, андан соң чоң энеси Алтынай, энеси Күмүшай жалынат. Ысмайылдын Кишимжан деген кызы: «Бирге жүргөн кыялаш, бир энеден уялаш, кагылайын Семетей, кан таарынган болобу. Кагылайын уялаш, калайыктын атасы, калкандуу тондун жакасы, көп чүкөнүн сакасы, туяктуунун тулпары, азуулуунун арстаны, тургун, иним, таарынба», – деп мойнуна колун салып, кытыгылап жиберет. Ошондо каарданган Семетей эжесин: «Бейбак, кытыгылап күлгөндөй сенин ала турган күйөөң жок», – деп кагат. Ызаланган Кишимжан минтет: «Эшек баксаң ардактап, тулпар болбойт, эли башка бул кыргыз тууган болбойт». Ошол тапта шаардын төрөсү Көлөйкан деген келип жанаякка толтура арак куюп, мындай дейт: «Он эки күн таарынып, аш ичпедиң. Минте берсең ичегиң күйүп, дарт болот, боор этиңе кан толот. Муну ичип кой». Семетей буга да болбойт. Ошондо Көлөйдүн жини келип: «Мен эмне, Таластагы элиңди кырып салдымбы, же Каныкейди талап алып качырган Абыке, Көбөш мен бекенмин. Деги эле Букарда Манастын өчү жок. Ошол жердин баласын тукум кылам деген Темирканда акыл жок. Эзелден желке тон болбойт, эптесең жээн эл болбойт», – деп сүйөгөн башты кое берет.

**8. Каныкейдин жомогу.** Кубанган Семетей ыргып турат. Айдай бетин нур чалат. Алтын кемер курчанып, эт жүрөгү өрт болуп, эки көзү төрт болуп, Каныкейге жетип барат. Ошондогу Семетейдин айтканы: «Сен, эжекем десем, энемсиң, толкуган көлдөн жетимди көтөрүп өтөр кемесиң. Каалансам, кадыр түнүмсүң. Каз конбогон көл барбы, казылбаган көр барбы, алп Манастын баласына качып жүрөр жөн барбы? Катыгүн энем, эл кайда?» Каныкейдин жообу: «Оо, кулунум, угуп ал...» Анан ал эл, жерди бирден терип айтат: Таласка барчу жолду айтат, Манастын көзү өткөндө, алты күнү аш ичпей, алты күнү үн баспай улуп калган Кумайык жөнүндө, Алтын туурун талкалап учуп кеткен Акшумкар жөнүн жомоктойт. Дагы Таластын суусу ташып, тал башынан ашканда, суу кечсе, Алмамбет, Манас, Чубак, Сыргактын арбагы жолугарын, Манастын алдатып жарадар болгонун, анан табак-табак кан кусуп жатып, «төркүнгө барып, баланы Ысмайылга ырым кылып бер» дегенин айтат. Манастын күмбөзү, андагы сүрөттөр, Бакай, Желмаян, калк жайын, Тайбуурул, Абыке, Көбөш жөнүндө, атасынын жоо-жарактары: Аккелте, Сырнайза, Акчопкут, Аколпок, Айбалта, Акалбарс жөнүндө, кандагай шым тууралуу баяндайт. Бакайга ишен дейт.

### Суроолор

1. Манас, Семетейдин чоңоюшунда кандай окшоштук, айырмачылык бар?
2. Эмнеликтен Ысмайыл: «Артта калса Тайтору, эжеңди курмандыкка чалып кел», – дейт.
3. Ысмайылдын тапшырмасы боюнча Семетей Каныкейди өлтүрүп коюшу мүмкүн беле?



4. Эгер Тайтору жарыштан чыкпай калса, Семетей атасы Манас, жери Талас экенин билбей, Букаралык баатыр болуп калат эле да. А Сарытаз айтпай койсочу?

### Тапшырмалар

**1. Ойлон:** – Төлгөгө ишенүүгө болобу? Азыркы төлгөчүлөргө карата көз карашың кандай?

– Тайторуну Манас жана анын чоролору сүрөгөнүн Каныкей көрөт. Бул кандай, сүрөгөн кимдер? Арбакпы? Элеспи? Кайыппы? Көзгө неликтен көрүнөт?

**2. Көрктүү оку:** 1. Каныкейдин арманы. 2. Тайторуну сүрөө. 3. Гүп-Токой – Ата жери.

### *Сөз берметтери*

*1. Күрүчтөн күрөп жем берип, күндө терин алат. Арпадан аса жем берип, айда терин алат. 2. Асмандаган тулпардын оозу менен алышып, окоро түйгөн чоң тизгин алаканда карышып. 3. Оозунан түтүн буркурап, көзүнөн жалын шыркырап. 4. Ою оңго, санаасы саңга бөлүнүп. 5. Тоо бүркүттөй күркүрөп, куюшканы шакылдап. 6. Жаткан иттей кашы бар, жан казандай башы бар. 7. Бир бүркүп, бир бүркөндө миң бүркүп. 8. Аркаңдан келип тил уккан мендей шордуу бар бекен, же энесин «эжем» деп жүргөн сендей шордуу бар бекен? 9. Жумган көзүн ачпастан, сунган бутун тартпастан. 10. Коргону бөлөк көктөлбөйт, көңүлү бөлөк эптелбейт. 11. Эзелден желке тон болбойт, эптесең жээн эл болбойт. 12. Эт жүрөгү өрт болуп, эки көзү төрт болуп..*

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Ошентип, Каныкейден эл-жеринин дарегин уккандан кийин, Семетей Таласка жөнөйт. Адыр-адыр тоо, боз будурмак бел ашып, ээн талаа, эрме чөл басып, нечен дайра суу кечип, жүрүп отурат. Мунарыктуу чоң белести ашса, Таластын ичи көрүнөт, чыдай албай жетимдин көзүнүн жашы төгүлөт.

Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас,
Жер соорусу турбайбы,
Муну жердеген адам тунбайбы?!
Адыр-адыр бел экен,
Бөлүнгөн эчен төр экен
Бөлөкчө бейиш жер экен!
Адырдан аркар куюлуп,
Адырдын чөбү суюлуп.
Будурдан бугу куюлуп,
Будурдун чөбү суюлуп.
Тектирден теке камалып,
Текенин жүнү сабалып,
Керүүдөн кийик токтотуп,
Текеси жүздөн топтошуп,
Жаткан экен кең Талас!
Тоолорунда улары,
Токоюнда чынары,
Оролуп чөптөн жүрө албайт
Бугу, марал, улары.

### 1. Кумайык

Адыр-адыр бөлүнөт,
Алыстан караан көрүнөт.
Эски жүнү булайып,

Кош кулагы чунайып.
Улуп чыкты Кумайык.
Бөксө менен бөгүлүп,
Бөгүп келди Кумайык.
Көздүн жашын иргелтип,
Төгүп келди Кумайык.
Үч-Кошойду жээктеп,
Үрүп жүргөн кези экен,
«Семетейим келет» деп,
Билип жүргөн кези экен.
Кумайыкты кучактап:
«Айланайын Кумайык,
Каракандын шаарына
Кара кылар тууган жок
Качып кеткен – мен байкуш,
Кан Манастан айрылып
Кашкулак издеп талаадан
Каңгырап калган – сен байкуш.
Атамдан калган – мен карып.
Талаалап жүргөн сен – карып.
Деп, ошентип Семетей,
Кумайыкты жетелеп,
Барар жагын төтөлөп,
Барбайып карап турганда,
Кула чолок кайып бээ,
Келе калды жанына.
Энеси Каныш айткандай,
Ай туяк чалып жолуна,
Кумайыкты тойгузду,
Кула бээнин канына.

Семетей андан ары түбүнөн ташы калдырап, үстүнөн көбүк жалбырап аңтарылып, сөгүлүп, төө өркөчтөп төгүлүп, ташып, тал башынан ашып кирип жаткан Талас суусун Актулпарын чуратып, жардын башын уратып кечип өтмөй болот. Аны ташыган дайра агызып жөнөйт. Ошондо Семеңди ай Сарала ат минген, түпөгү жок найза алган, сары жаргак шым кийген Алмамбет, көк ырапыс тон кийген, Көгала сындуу ат минген, ач кыйкырык, куу сүрөөн, алышса, арстандын тиши өтпөгөн Чубак, теке жоомарт ат минген, темирдей көпкөк тон кийген Сыргак, жетимиш түркүн тил билген, кара чокко айдаса, калмак тилин билүүчүсү, кызыл чокко айдаса кытай тилин билүүчүсү Ажыбай сүрөп калыптыр. Андан ары караса, «Жетилип келген жетимим, жерден колдоп аламын, ар качан көзүм саламын» деп күүгүм туман көздөнүп, майлаган буудай жүздөнүп, асман менен жериңдин тирөөчүнөн бүткөн, айың менен күнүңдүн бир өзүнөн бүткөн, ай алдында булуттун салкынынан бүткөн, асмандагы жылдыздын жаркынынан бүткөн эр Манас сүрөп алыптыр. Ошентип, Семетей ташыган дайрадан аман-эсен кечип өтөт. Андан соң атасынын күмбөзүнө барат. Мууну бошоп, алтын жаак айбалтаны бөйрөккө таянып, «атакелеп» өкүрүп ыйлайт. Ошондо күмбөздүн ичи күүлөнүп, өзүнөн өзү сүйлөнгөндөй болот. Бул Каныкей апасы айткан жакшы белги эле.

Андан соң кузгундай көзү кызарган, моюн сөөгү узарган, көкүрөгү кирилдеген, Көкчологун камчылап, көзүнүн жашы тамчылап, төө кайтарып жүргөн Бакайга жолугат. Бакайдан мурун төөлөр, асый тайлак, тай тайлак, баары чуркап тайтаңдап, Семетейге жете келишет да, буркурап жыттап калышат. Бакай да «Бул ким болуп кетти, Семетейби, башкабы? Бир сынап алайын»,– деп түбү менен жаш теректи жерден жулуп алып, ошону



менен качырып кирип барганы... Бала качпайт, болкоюп салам айтат. Анан экөө кучакташып көрүшөт, коргошундай эришет.

**2. Жакыптын тосуп алышы.** Бакай Семетейди ээрчитип чоң атасы Жакыптыкына жөнөйт. Адегенде ит кыялын байкап, чалгындап келейин деп өзү барат. «Тентип кеткен чырагың Семетей келди, сүйүнчү!» – дейт. Жакып чал адегенде тетири карап толгонуп, кайра жойлонуп, карсылдап күлөт. «Бачым, Бакай,барып кел, баламды азыр алып кел, тилекти кудай бериптир», – деп сүйүнгөндөй болот. Бакай кетээр менен Бакдөөлөткө минтип айтат.

– Сездирбестен тымызын Семетей келип калыптыр. Башынан бузук, ит Бакай баланы колго алыптыр. Туулбай жатып туйлаган, чаппай жоону коркуткан, кечпей сууну толкуткан бул узабагыр өлбөсө, уят кылат балдарды. Тилимди алгын, байбиче, таза аарчыган пияздай тукумун үзүп салайын. Өзүм ичкен идишке – Бакайга шербет суу камда. Аракка чылап аябай, Семетейге уу камда.

Бакдөөлөт чалынын мындай акмакчылыгына каршы турат. Ошондо Жакып колуна кылычын кармап, кемпирин чаап салмай болот. Корккон Бакдөөлөт Жакыптын айтканын кылат. Бакай Семетейге: «Бергенин байка, атаңа сунбай ичпе»,– деп жолдо эскертип коет.

Семетейди көргөндө,
Бакдөөлөт менен Жакып кан
Басып калды «балам», – деп,
«Балам келип калат, – деп,
Бар беле менин санаам?» – деп.
«Жашында сүйбөй калганга
Армандуумун» – деп баштап,
Каныкейге жүк таштап,
«Энең жайсыз киши эле,
Жетимчем, мени сүйдүрбөй,
Чебер-чендүү күйдүрбөй,
Арстаным Манас өлгөн соң,
Чыйырды эстен адашты.

Качып кетти тил албай,
Таштап коюп Таласты.
Кайсы бирин айтайын,
Көрдүм балам көзүңдү,
Агаларың сагынып,
Тосуп жүрөт өзүңдү! ..
Атасы Манас жашынан
Ачкыл жандуу болуучу.
О, байбиче Бакдөөлөт,
Арак, шербет куйсаңчы,

Суусап келген балама,
Бачым куюп сунсаңчы!
Өзүм иччү шербеттен,
Эр Бакайга куйсаңчы!

Кумурадан Бакдөөлөт,
Куюп сунду шербетти.
Ойлонуп Бакай ар кепти,
Ичип алды унчукпай
Колуна тийген шербетти.

Алтын ооз каркыттан
Ууну куйду балага.
Семетей алып колуна:
«Атага кызмат кылбастан,
Адаштым, ата, жолуман.
Арбагың улуу чоң атам,
Сизден мурун идишти
Колума кантип алайын.
Ичип бер, ата, батаңды!
Тилегиме үйүндөн,
Жеткендей болуп калайын!»
Деп, ошентип, Семетей,
Тура калып сунганда,

Жакып кан шашып жалдырап,
Сөз баштады балдырап:
«Кулунум, уккун чынымды,
Айтайын бардык сырымды:
Таштап койгом аракты,
Айланайын кулунум,
Карылар ичет шарапты.
Бул сыяктуу ичкилик,
Биздей чалга тамакпы?»
Жакып кан ичпей койгон соң,
Манастын уулу эр Семең,
Басалгалуу эр немең,
«Ата-энем татпаган,
Арагын кантип ичемин?
Атамдан мурда кол салып
Тамагын кантип ичемин?
Арак ичпес атамдын
Алдында арак ичпеймин?»–
Деп, ошентип Семетей,
Жорукту башка баштады.
Ит аякка толтуруп,
Аракты куюп таштады.
Маңгыт-Даңгыт иттери,
Жыттаганда кулады.
Ана-мына дегиче,
Жансыз болуп сулады...

Ушундан улам айыбы ачылган Жакып эч ылаажысыз жалдырап отуруп калат. Семетей Бакдөөлөттөн атасынын Аколпогун, Акдобулун алат. Андан кийин Бакай: «Сен аркаман аяңдап келе бер, мен Көбөштөн чалгын чалайын», – деп алдыга кетет. Көбөшкө сүйүнчүлөйт. Көр Көбөш бакан менен Бакайды башын айрый чабат, кырк чоро арачалап калат. Ал эми Абыке болгон чындыкты айтып, кемчиликти мойнуна алат. Манастан калган Тайбуурулду берет. Бирок Көбөш «Тирүүмдө Аккелтени, Сырнайзаны бербейм», – деп жаалданат.

**3. Акшумкар.** Аңгыча болот текөөр, боосу жез, боору кара, мойну кез, куйрук башы жалтылдаган, куудан аппак жүнү бар, саңоорлору сары алтын, таканак жүнү баары алтын, чырымтал жүнү чылк алтын, текөөрү болот темирден, серпкени жерге себилген Манастын Акшумкары жайган канаттары туудай ачылып келип коноот. Семетей шумкарды кучактайт. Ал кордукка көзү жеткен соң, туулган жагына кетип калган экен. Анан Семетейдин келерин күтүп жүргөн.

**4. Чыккынчылык.** Ошентип Семетей өз эл-жерин көрүп, моокуму канып, кайра Букарга тартат. Каныкей уулуна арнаган Ак өргөөсүн бүктөп, кызыл нарга жүктөйт. Темиркан энчи берип, Шаатемир кызы Чачыкейге үйлөндүрүп узатат. Чөйчөктөй көздүү Сарыга да ат жакшысы мингизилип, тон жакшысы кийгизилет. Ал да Семетей менен Таласка жөнөйт. Көч Кеңколго түшөт. Абыке Көбөшкө, Жакыпка жетимди тосуп алалы дейт.

Ага көгөрүп Жакып болбойт. «Семетей эртең эле малды, жанды, дүнүйөнү тартып алат, ошондуктан ал тууган эмес», – дейт. Анан Семетейди өлтүрүп келүү үчүн аттанышат. Зордук менен элди кошо айдайт. Көбөш атасынын оюн кубаттайт. Абыке аргасыз кошулат. Анан Семетейдин айылына чабуул коюшат. Семетей Көбөштү аттан жыга сайып, Абыкени качырбай кармап алат. Экөөн орго салдырат. Жакып жок. Издесе, Каратоонун ташында Бакай экөө кармашып жатыптыр. Бакай аны атынан тартып түшүрүп, алкымдан алат. Анан аны да эки уулу жаткан орго салдырат. Көбөшкө кызмат кылып калышкан кырк чоро да айласын таппайт, бири-бири менен сөгүшүп, акылынан ажырайт. Акыры калмакты көздөй качышат. Эки күн өткөндөн кийин уккан Семетей артынан кууп жетип, тогуз жерден токтотуп, Тайбуурулду тартат. Чоролор болбой, согуша кетишет. Ушул согушта кырк чоро кырылат. Кочкордун калкын жыйдырып, көрүн каздырып, сөөгүн ардактап, ар биринин эрдигин жомокчуга ырдатып койдурат. Атактуу уста алдырып, 40 күмбөз салдырат. Чоролордун арасынан эки баланы тирүү алып калып тарбиялайт. Бирөө –Күлчоро, экинчиси –Канчоро. Экөөн Каныкей Семетейге туугандаштыруу үчүн эмизет. Күлчоро эмген жагынан сүт, Канчоро эмген жагынан кан чыгат. «Канчоро түбү душман болот, өлтүрүп салалы»,– дейт Каныкей, ага Семетей болбой коет.

### Суроолор

1. Семетейдин келерин Кумайык, Акшумкар, төөлөр кайдан билди?
2. Бакай Семетейди эмне үчүн түптүү дарак менен качырып сынады?
3. Көбөш го мейли, а кырк чорого эмне жок? Алар эмнеликтен Семетейге каршы чыгышты?

### Тапшырмалар

Көрктүү оку: 1. Таластын көрүнүшү. 2. Кумайык. 3. Жакыптын Семетейге уу берип өлтүрмөк болгону. (Манасчыларды туурап айтсаң да болот.)

### *Сөз берметтери*

*1. Түбүндө ташы калдырап, үстүндө көбүк жалбырап. 2. Таластын суусу ташыптыр, тал башынан ашыптыр. 3. Аңтарылып, сөгүлүп, төө өркөчтөп төгүлүп. 4. Күүгүм туман көздөнүп, майлаган буудай жүздөнүп. 5. Кузгундай көзү кызарган, моюн сөөгү узарган. 6. Кучакташып көрүшөт, коргошундай эришет. 7. Чаппай жоону коркуткан, кечпей сууну толкуткан. 8. Ак өргөөсүн бүктөйт, кызыл нарга жүктөйт. 9. Будурдан бугу куюлуп, будурдун чөбү суюлуп, адырдан аркар куюлуп, адырдын чөбү суюлуп.*

## СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ ҮЙЛӨНҮШҮ

Чынкожо менен болгон чырдын чыгышына Семетейдин аларды ынтымакка чакырышы себеп болгон. «Түбү бир тууганбыз, биримдикке келели», – деп айттырат. Муну Чынкожо тетири түшүнөт, биргелешсе теңдигинен ажырап, букара болуп калчудай сезет өзүн. Ынтымактан качканына өчөшкөн Күлчоро Чынкожонун атына ногойдун эн тамгасын салат. Ал аз келгенсип, кетерде Чынкожонун жылкысын Таласка айдай кетишет. Чынкожо да тим жатпайт. Жедигердин Толтою менен достошот да,



*Б. Жумабаев.* Семетей.

аны Семетейге каршы көкүтөт. Жүйөсү бар экен. Темиркан кошоматтанып, Толтойдун ала турган колуктусу Чачыкейди Семетейге алып берип коюптур. Эми андан өч алуу керек экен. Ал үчүн бир кезде Манас Семетейге кудалап койгон Айчүрөктү Толтой алышы керек. Кантип? «Эпке көнсө, каада менен Айчүрөктү алалы, эпке көнбөсө, Акун кандын шаарын таш-талкан кылып, элин чабалы» деген бүтүмгө келишет. Эки баатыр көчө барышып, Акун кандын шаарын камайт. Анан «Айчүрөктү берсин!» – деп жуучу жиберет. Акун кан: «Айчүрөктү бербейм, мен эмне эр өлтүрүп доого калыптырмынбы? Айчүрөк–Семетейдин колуктусу», – деп коет. Мындай жоопко ачуусу келген Чынкожо согуш ачат. Шаар камоодо калат. Ошондо Акун дагы Чынкожого минтип айттырат: «Чынкожонун Кара атын, Толтойдун Суркоенун баш кылып калың берип, 80 күндөн кийин Айчүрөктү алсын». Ошол кезде Айчүрөк камап жаткан жоодон эли-жерин куткарар шер издеп, ак куу кебин кийип учуп чыгат. Ойлойт: «Минтип кордук көргөнчө, эр Семетей баатырды өзүм издеп табайын. Чакырып келейин. Анан зордук кылган Толтойдун маани-жайын көрөйүн». Канатын күнгө каккылап, куйругун күнгө чапкылап, ак куурай башын сыдырып, ай-ааламды кыдырып учат. Коңурбайды сынайт, Музбурчакты, айтор, учуп баратып, көргөн баатырдын баарын сынайт. Анжиян менен Ташкенден, анан Кара-Буура, Чаткалдан өтөт. Жолдон Манастын күмбөзүн көрүп: «Кайнатам Манас баатырдын үстүнөн учуп өтпөйүн», – деп айланып өтүп, Төрткүлдүн төмөн жагында, айкөлдүн тиккен багында, Кайнардын кара көзүндөгү Семетейдин он эки канат ак ордосуна жакын боз секиге барып конот. Ошондо Семетейдин аялы Чачыкей ордодон чыгат маңкайып, ак кулжадай даңкайып. Алтындан чапкан ак сөйкө акыректе жаркылдайт. Шурудан тизген чач мончок аркасында шаркылдайт. Булут болуп калкып келет, Айчүрөк ага өтүнүчүн айтат.

– Сары алтындай эжеке,
Айта турган арызым бар.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Асмандан мунар боз болуп,
Жедигердин Толтойго,
Жетип барып дос болуп,
Толтойдон барып кол сурап,
Он эки түркүн кол сурап,
Шаарымды басып сабады,
Жайы-кышы камады.
Элиме бүлүк салганда,
Качып келдим аркалап,
Чымындай жанды калкалап,

Анттышкан жары Чүрөктү
Эр Семетей баатырың,
Талашып барып алабы?
«Күңү болуп калат» деп
Көңүлүңө албагын!
Атап туруп ант берем,
Атабыз Манас арбагын!
Өрүдө үйүн ондоюн,
Көчкөндө төөң комдоюн,
Жалган айтсам оңбоюн!
Кырк жылы кызмат кылайын,
Акылың болсо, эжеке,
Айтканыма көнөрсүң!



*Б. Жумабаев.* Айчүрөк.

Деген кезде Чачыкей
Чочуп кетти солк этип,
Чогоол-чогоол кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
Шайтан сүрө кара бет,
Шакылдабай ары кет!
Карысыңбы, жашсыңбы,
Каркылдап учкан казсыңбы?
Куркулдап учкан куусуңбу,
Куркурап аккан суусуңбу?
Кайдан келген долусуң?
Кызылды кийген оңорбу.
Атасынын төрүндө,
Эр издеген оңорбу?
Эр албаган эски күң,
Кашка таман, кески күң.
Чачы куудай болгуча,
Тиши буудай болгуча,
Акун кандын төрүндө,
Көп олтуруп зак болгон,
Саамай чачың ак болгон.
Эр Семетей баатырдын
Аташканы – Чачыкей,
Чүрөк, сенден кем эмес.
Сага окшогон чор таман
Чачыкейге тең эмес.
Айтканыңды кылгандай
Арачы кишиң мен эмес.
Баатырдын уулу Семетей
Сени алуучу шер эмес.
Кара таман, ак саамай,
Бул айтканың эп эмес!

... «Айланайын, эжеке,
Толук жайым айтайын,
Кабар салып кайтайын!
Эр Семетей баатырың
Тайбуурул атын минеби?
Жоодон коркпос эр болсо,
Айчүрөк жайын билеби?
Чынкожо менен Толтойдон
Же Чүрөгүн тартып алабы?
Же Чүрөктү берип Толтойго
Таласта жатып калабы?
Айланайын, эжеке,
Айныбай жыйна эсиңди,
Ак болоттой төрөңө
Айтып берип сөзүмдү,
Чынкожо, Толтой деген жоо,
Чын төрөм менен кас экен.
Камсыз жаткан төрөмө
Кара боору таш экен.
«Акундын кызын алам – деп
Анын арка жагынан,
Семетейге барам – деп,
Такалуудан тай калбай,
Таласты талап алам – деп,
Камап жатат калааны.
Мага эже сен болсоң,
Сага синди мен болсом.
Тамаша менен таң атсын,
Күлкү менен күн батсын!
Көчкөндө төөңү айдайын,
Өрүдө бээни байлайын,
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болоюн.
Бедерлүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн!..
Асыл төрөң Семетей,
Аргасын мунун табабы?
Аташканын алдырып,
Же намысы жок балабы?» –

Деген кезде Айчүрөк
Чачыкей туруп кеп айтат:
«Какылдаган карабет,
Шайтандан келген элчиби,
Көз байлоочу серчиби?!
Өлбөй туруп төрөсүн
Серчи күңгө берчүбү?!
Чачыңды кесип албасам,
Күң кылып ишке салбасам,
Таманыңды тилбесем,
Эшек кылып минбесем,
Чачыкей болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!» –
Деп, ошентип Чачыкей
Ачбилектен алганда,
Арманды башка салганда,
Акундун кызы Айчүрөк,



*Б. Жумабаев.* Күлчоро, Канчоро.

Адамдан башка байкалып,
Ак сымаптай чайкалып
Коргошундай көлкүлдөп,
Тунук суудай мөлтүлдөп,
Каргыш айтып кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
«Эрке катын Чачыкей,
Баатырдын уулу Семетей
Талаага чыкса, меники!
Үйдө калса, сеники!
Сонорго эртең барганда,
Акшумкарын салганда,
Кара суунун боюнда,
Ак була болуп бурулуп,
Алты түрдүү кубулуп,
Үч көрүнүп көзүнө,
Жолго жатып калбасам,
Шумкарын колдон албасам,
Акшумкарын издетип,
Азапка башын салбасам!
Андан айла келбесе,
Кара суунун көлчүктөн
Туура кечип өткөндө,
Ак балык болуп кылтылдап,
Алтындай болуп жылтылдап,
Үч көрүнүп көзүнө,
Сыр көрсөтүп өзүнө,
Балык болуп калбасам.
«Балык» деп басып алганда,
Канжыгага чалганда,
Колундагы шумкарын,
Эптеп кармап албасам.

Андан айла болбосо,
Өрдөк көлдөн өткөндө,
Жекендүү көлдүн жээгине,
Шабырлуу көлдүн четине,
Ак куу болуп албасам,
Башымды көлгө салбасам,
Кара күчкө куркулдап,
Балырды сүңгүп калбасам.
«Куу» деп кушун салганда,
Эптеп кармап албасам,
Эр төрөнү ээрчитип,
Элиме алып барбасам!
Өзүңө тиет карабет,
Өкүмсүп кылган далбасаң!
Ушул ишти кылбасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Айчүрөк болбой өлөйүн!» –

деп Айчүрөк куркулдап учуп жөнөйт, артында куюн, шамал, шыбыргак... Бөксөнүн башы мөндүрлөйт, жаканын башы жамгырлайт. Көздөн кайым болот.

Акыры Айчүрөк ойлогон оюна жетти. Сонорго чыккан Семетейге үч сыр көрсөтүп, Акшумкарды алып кетет. Дайынын Чачыкейден угуп, Акшумкарды издеп барган Семетей чоролору менен колуна тиет. Анан Семетей Чынкожо, Толтой менен согушуп, жеңишке жетишет. Толтойдун Суркоён деген күлүгүн Семетей кармап келатса, Күлчоро менен Канчоро бул тулпарды соогатка сурашат. «Мурун жеткениң ээ бол» деп Семетей чылбырды ыргытса, чапчаңдык кылып Күлчоро илип кетет да, Суркоёнго ээ болуп калат. Канчоро «Чылбырды Күлчоро жакка оодук ыргытты», деп ичине кек сактап коет. Андан соң Акун кан чоң той берип, Айчүрөк менен Семетейди үйлөндүрүп, Таласка узатат.

**Суроолор**

1. Өчүгүү эмненин негизинде келип чыкты?
2. Эмне үчүн Акун кан 80 күндөн кийин Айчүрөктү Толтойго бермек болду?
3. Айчүрөк эмнеликтен Чачыкейге жалдырайт?
4. Ким утту?

**Тапшырмалар**

**1. Ойлон:** – Айчүрөктүн Ак куу болуп учушун мисалга алсаң. Чын эле адам куш болуп абада уча алабы? Же кандай?

– Чачыкейдин Айчүрөккө берген жообу туура эле да. Же Чүрөктүн айтканына макул болуш керек беле?

**2. Көрктүү оку:** Айчүрөк менен Чачыкейдин кайым айтышуусу.

*Сөз берметтери*

*1. Канатын күнгө каккылап, куйругун кумга чапкылап. 2. Ак куурай башын сыдырып, ай-ааламды кыдырып. 3. Булут болуп калкып. 4. Өрдөө үйүң оңдоюн, көчкөндө төөң комдоюн. 5. Кололуу кумган колго алып, кол жуугучуң болоюн. 6. Коргошундай көлкүлдөп, тунук суудай мөлтүлдөп. 7. Ак балык болуп кылтылдап, алтындай болуп жылтылдап.*

## СЕМЕТЕЙДИН КОҢУРБАЙ МЕНЕН СОГУШУ

Семетейдин түшүнө Манас чоролору менен кирет. Баатыр чочуп ойгонот. Манастын өчүн алуу, кегин кууш керек. Доолбас урулуп, Сарыкан келет. Семетей Бакайга акыл салат. Акылман карыя быйыл кое тур дейт. Бирок Семетей болбойт. Арбактар көрүнбөсө болот эле дейт.

**1. Каргыш.** Аңгыча акырын басып шоодурап, эки көзү жоодурап, ак тамагы былкылдап, айдай бети жаркылдап, аяктай алтын сөйкөсү акыректе жаркылдап Айчүрөк таңкы булбул өңдөнүп Семетейге айтат:

– Айланайын төрөм, быйыл казатка барба! Түндө түш көрдүм, түшүмдө мүшкүл иш көрдүм, канжыгадан баш көрдүм, кан сыяктуу жаш көрдүм, кол көөкөрдөн аш көрдүм, сары өзөн ылдый сел жүрдү, аягы өйдө өрт күйдү. Бул эмне болучу? Сен жортуулдан кайтканда, эр чырагы эки көз жумулуңку көрүндү, темир кийген тулку бой солдоюңку көрүндү, эр чалгыны эки кол шалдайыңкы көрүндү. Бул эмне болучу?

Кара мүртөз Семетей Айчүрөккө:

– Баатырдын алдынан түлкү чыкса кылактап, олжо болот дечү эле, аял чыкса булактап жолтоо болот дечү эле. Жолума туура турба, кесир кылба! – деп, камчы шилтейт. Айчүрөк бүк түшөт. Анан:

– Кеткениңден келбей кал, кербен үйүн көрбөй кал, очогор тийсиң өзүңө, от чагылсын көзүңө. Коңурбай өтүңдү жарсын! – деп каргап жиберет. Каныкей:

– Каргышыңды кайтарып ал, «эрлүү катын таяк жейт, койлуу катын куйрук жейт», – дейт. Айчүрөк каргышын кайтарып алат, жерге түкүргөндө, түкүрүгүнөн таш жарылат. Ошентип, таңдайында мөөрү бар Айчүрөктүн каргышы жанат.

**2. Коңурбайдын жеңилиши.** Биринчи эле алар Мурадылдын амалына тушугат. Ал күндү жайлап, ак жайдын күнүн кыш кылып, эки атты алып кетет. Төртөө эки ат менен калат. Ошол себептүү эки чоро оорукта калтырылат. Андан ары Коңурбайдын сыйкырдуу сакчылары: Куу түлкүгө, Куу Кулжага, Куу өрдөккө жолугушат. Түлкүнү Кумайык, өрдөктү Акшумкар алат. Аккулжаны Бакай атып өлтүрөт. Андан соң Семетей жылкычы башы Карагулга жолугуп, анын сакалын жулат. Ал Семетейди «мен силердикимин, туткунда жүрөм» деп алдап, Алгара деп башка кашаң атты мингизип, анан сууга киргенде чокмор менен башка уруп качат. Семетей сууга ага турган болот. Ошондо Тайбуурул кайрылып келип, куйругун салып, баатырды өлүмдөн куткарат. Тулпарга жайдак минип, Карагулду кууйт. Жетип Алгараны куйруктан алат, куйрук жулунуп калат. «Ал эми бириң сакалсыз, бириң куйруксуз кете бергиле», –деп, кайра тартат. Коңурбайдын жылкысын айдап жөнөшөт. Семетей артта Аколпоктун бүчүсүн чыгарып коюп келатат. Коңурбай андып келип, Семетейди олпоксуз ачык төшүнө очогор менен атат. Ошол маалда Күлчоро келип калып, Семетейди өлүмдөн куткарат. Коңурбайды жарадар кылат. Бакай кыргыздын ырымын кылалы деп, Күлчорону Айчүрөккө жумшайт. Айчүрөк куу болуп учуп келип, Семетейдин үстүнөн үч жолу аттайт, ошондо ок түшөт. Баатырдын жараатына кырма дары сүйкөп, анан казыга ороп айыктырышат. Кийин Коңурбай Таласка чабуул жасайт. Семетей Коңурбайды жекеме-жеке кармашууда жеңет. Башын кесип алат. Ошону менен өч алынат.

**Суроолор**

1. Семетей эмнеликтен Бакайдын тилин албай койду?
2. Эгер Айчүрөк каргышын кайтарып албаса эмне болот эле?
3. Айчүрөктүн түшүн жорусаң.
4. Семетей: «Баатырдын алдынан аял чыкса булактап, жолтоо болот дечү эле», – дейт. Семетей жаңылдыбы? Жаңылбаса, Айчүрөк алдынан чыкмак түгүл, үстүнөн үч жолу аттап, аны айыктырып алды го?

***Сөз берметтери***

***1. Акырын басып шоодурап, эки көзү жоодурап. 2. Ак тамагы балкылдап, айдай бети жаркылдап. 3. Канжыгадан баш көрдүм, кан сыяктуу жаш көрдүм. 4. Сары өзөн ылдый сел жүрдү, аягы өйдө өрт күйдү. 5. Эр чырагы эки көз жумулуңку көрүндү. 6. Очогор тийсин өзүңө, от чагылсын көзүңө. 7. Кеткениңден келбей кал, кербен үйүң көрбөй кал. 8. Айрылбаган баш калбай, алжайбаган каш калбай.***

## СЕМЕТЕЙДИН КАЙЫП БОЛУШУ

*«Аргымак багып, ат бактым*
*Айлансын Буурул буудандан.*
*Азамат жыйдым, эр жыйдым*
*Айланып кетсин Канчоро*
*Күлчородой туугандан»*

**1. Үмөтөйдүн кун доолашы.** Көкчөнүн уулу Үмөтөй чоң казатта өлгөн атасынын кунун Семетейден куумай болот. «Коңурбайга аттанганда, мени кошуп албайбы, же жеңиштен соң олжобуйла бербейби? Чоң салгылаштан кийин Семетей да начарлагандыр. Олжону тең бөлсүн, же болбосо баш-аягын жыйдырбай талкалайм, тоодой болгон Буурулду тартып алам, тозокту башына салам» – дейт. Айтканынан жанбайт. Чамынгандан чамынат. Акеркеч да: «Экөөң карын бөлөсүн, тең туугансың, кой. Кыргыз сага жеңдирбейт, оңой эл эмес. Алар өлгөн сайын өөрчүйт, түгөнгөн сайын түтөйт. Андан көрө аны менен жакындаш, көңүлүңдү оорутпайт, күлүгүңдү жоорутпайт, күлкүңдү ачат. Атаң Манас менен доону бирге доолашкан, жоону бирге жоолашкан. Тилимди алсаң кой, кыянат ойду жой, биргелешүү той»,– дейт. Эне сөзүн Үмөтөй укпайт. Кирген суудай шаркырап калың кол менен Таласка кирип келет. Алдынан бозум куштай айланып, көзүнөн оту чачырап, жойлогон жолборс өңдөнүп Күлчоро тосуп чыгып мындай дейт:

– Урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай, ат арытып, жер чалган, чаң бургутуп, жол чалган, табылгынын чогундай, тарткан жаанын огундай сен кимсиң? Душман болсоң, бакырып жекеге чык. Тууган болсоң, аттан түшө кал, Ак тулпардай сүрөөндөшпүз, ак буудайдай үрөндөшпүз. Бирок, абакемдин бөлөсү, кармашчудай түрүн бар.

Ошондо арпасын чийки оргонсуп, Үмөтөй жооп бербейт, үзүр сөзгө келбейт. Айтканы бул:

– Бек десең, бектин өзүмүн, кайнардын кара көзүмүн. Көкчөнүн өчүн алганы келдим. Тайбуурулду баш кылып тулпардан тартуу камдасын. Кол куушуруп, кулдук уруп, Бакайды кошо тартууласын. Болбосо пейлин айтсын, кармашар жерин айтсын. Жуукур кул, уктуңбу?

Күлчоро Үмөтөйдүн көөдөктүгүн бетине айтат. Үмөтөй темирдей көк, айтканына бек экен. Атасы бүгүн өлгөнсүп, куржундагы пулу чачылгансып ачууланат. Күлчоро өзүн-өзү токтотот, Семетейге Үмөтөйдүн зордугун айтат. Семетей ага мындай дейт: «Карын бөлөм кармашпасын. Эл кылып мында алып кел. Ага болбосо, башына чырды салып кел». Күлчоро кайра келет. Үмөтөй найза менен тосуп алат. Карс этип найза тиет. Күлүмсүрөгөн Күлчоро «дагы сай, болбосо тилимди ал, Семетейге баралы», дейт. Үмөтөй мында да болбойт. Кекке, өчкө туулган неме экен. Жаралуу камандай айкырып, Көкчөлөп ураан чакырат. «Семетейдин туусуң жыгам» деп ант кылат. Күлчоро Үмөтөйдү тоо томкоргон эмедей ыргыта сайып салат.

**2. Тайбуурулдун тартууланышы.** Сарыкан, Бакай, Каныкей, Күлчоро болуп кеңешип, жер каптаган мал менен, көз тайгылтаар зер менен Акеркечтин алдына түшмөй болот. Кайгырганын билгизип, кошок коштуруп, жүйө менен көңүл айткан чечендерди топтотот. Үмөтөйдүн эрдигин ырчыларга ырдатмак болот. Тулпарларды тиздирип, алардын үстүнө минген кишинин колуна бирден шумкар кондурат. Өлүктү нар буурага жүктөйт. Ошондо Канчоро: «Эрдин аты эрге тең. Кир сактатпай тууганга кексиз болуп кетелик, кунга Буурулду кош» – дейт. Семетей макул болот. Аза күткөн туу менен, жер чайпалткан чуу менен Тайбуурулдун көкүлүнө үкү тагып, Акеркечтин алдына жөнөшөт. Ошондон «Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени – Семетейдин ажалынын жеткени» деген сөз элде айтылып калган экен.

**3. Антташуу.** Канчоро менен Чачыкей шыбырашып сырдашат. Семетейге ор казат, ор казганда мол казат. Үмөтөйдүн кунуна Тайбуурулду бергенде, эми кезек келди деп сүйүнүшөт. Семетей менен Күлчорону жок кылып, бирибиз кан, бирибиз каныша болсок деп эңсешет. Канчоро арам оюн ишке ашыра баштайт. Адегенде элди Суусамырга көчүртүп жиберет. Жакадагы Бакайдын салган тамында Семетей, Күлчоро, Сарыкан болуп олтурушканда, мындай деген оюн билдирет. Канчоро: «Чалгын чалып келейин, он күнгө уруксат бергиле, кокустан душман келбесин, кордукту мыктап бербесин». Баатыр макулдук берет. Канчоро Күлчородон Суркоёнду сурап минет. Чалгынга кетет. Олуя-Ата, Меркини, Наманганды чалгындайт. Анан Анжиян тараптан Кыязды издеп табат. Антты, бир нече жолу кат бергенин эсине салат. Көрсө, Канчоро Семетейди жок кылуу үчүн мурда эле тил байлашып жүргөн тура. Мына эми айтып олтурат, Кыяздын агасы кан Толтойду өлтүргөн Семетей канкордон өч ала турган убакыт келди деп. Анан экөө кылычтын мизин тиштешип антташат. Семетей Тайбуурулдан айрылып, мизи кетип, мокоп турган кезде, Таласта толгон киши жок учурда өч алмай болушат.

– Туура он беш күн. Эсептен адашпа. Мен күмбөзгө канкорду ээрчитип барам. Ошерден кабыргадан басабыз, канын суудай чачабыз, – дейт Канчоро. Анан чыккынчы чоро жолго түшөт. Таласка келип жоо жок экенин айтат. Ичинен ою ордунан чыкканына кубанат. Чачыкей менен сырдашат. Он беш күн өткөндө Канчоро баягы амалын ишке ашырат.

**4. Амал.** Манастын күмбөзүнө барууга адегенде Күлчорону, анан Семетейди көндүрөт. Каныкей күмбөзгө барууга каршы болот. Ошондо анын айтканы:

– Айланайын жалгызым, эт-жүрөгүм солкулдайт, көзүм тартып болкулдайт. Тайбуурулдан айрылып, канатың сынып кай-

рылып калдың. Ушу бүгүн үйдөн чыкпа. Түндө түш көрдүм. Түшүмдө жаман иш көрдүм: канжыгадан баш көрдүм, кол көөкөрдөн жаш көрдүм, Талас ылдый өрт көрдүм, Олуя-Ата көл болду, алчагай мүйүз ак эркеч айды карап маарады, тултук мүйүз көк бука туу түбүндө көрүндү, кырк эмчектүү көк канчык кыдырата шимшиди, үнүн баспай кыңшыды, карс этип чынар терек жыгылды, сыймык куш колдон кетип, бөпөлөсөм конбоду. Манастан калган сыр чыны куйсам ичи толбоду, тил алып бээнди үйгө сой.

Канчоро анда «күмбөздө бирөө туруптурбу, катыгүн, эне, не дейсиз, карып калган окшойсуз?» – деп болбой туруп алат. Каныкей чоронун мизин кайтарбайт. Дагы минтет:

– Көк жал Манастын төлгө ташы бар. Айкөл жолго чыгарда ошол ташка барып, бута атым жерге чейин көтөрүп, анан таштап салчу. Ошондон кийин жоого аттанчу эле. Көтөрө албаса, жолум болбойт деп үйгө кайра келүүчү. Силер да ошенткиле. Көтөрө албасаңар, көбүрбөй үйгө салгыла.

Айчүрөк да чыга калып минтип айтат:

– Бүгүн жылдызга каршы күн. Мыйзам учуп, күз болсун. Жалпы эл көчүп келсин. Ошондо кары дебей, жаш дебей атакемдин күмбөзүнө зыярат кылалы.

«Энемдин тилин албай, сенин тилиңди алат белем», – деп ага Семетей болбойт. Жолго чыгат.

**5. Төлгө таш.** Каныкейдин көзүнө ошондо баатыр уулунун аркасынан ээрчип жүрүүчү жолборсу, акмалап жүрүүчү ажыдаар ак жыланы көрүнбөйт. Алда кандай болот деп эне менен келини ыйлап калат. Баатырлар төлгө ташка барышат. Семетей эки жолу аракеттенип көтөрө албай коет. Мурдунан каны тамчылап кетет. Күлчоро көтөрмөкчү болот, зылдай оор, чоронун өпкө, боору биригип кабышат, оң жак буту кырт этип аксап калат. Семетей кетмек болот. Канчоро: «Эми мен көтөрүп көрөйүн», – дейт. Анан төлгө ташты тебетей алган эмедей жеңил эле көтөрөт. «Тилекти кудай берди, төлгө чороңо келди. Эми жүргүлө»,– дейт ал. Беркилер макул болушат. Беркилер суудан өтүп күмбөздүн жанына келишип, ак боз бээни чалып, кырк кулактуу казанга казы-карта салышат. От жагышат. Бирок кызык. Эт кайнабайт. Аңтарылып түрүлөт.

**6. Жоо.** Ал аңгыча болбоду. Тегеректеп жоо келатат. «Багыш кан!» – деп чуруладашат. Ошондо Канчоро: «Жоону мен талкалайм, Кыяздын башын найзага илейин. Суркоёнду, жоо кийминди бер. Чынында төлгө таш мага жакшы ишаарат берген. Кезек меники. Душманды кырайын, карап тургула», – дейт. Семетей макул болот. Канчоро Суркоёнду минип, жоого бет алат. Экөө жаман ат менен ээрчимей болушат. Канчоро максатына жетип, беркилерди мыкты куралынан, күлүк атынан ажыратып алган соң, душманды көздөй качат. Найзалашып топ бузбастан, Кыяз менен өбүшүп көрүшөт. Жоо тегеректеп келет экөөн. Күлчоро өңү-түшүн биле албай, Канчорого жалынат: «тай кунандай тебиштик, тайтайлашып эништик, тилимди алып кайра тарт, чоро. Минтип Каныкейдин сүтүн кантип актайсың. Көңүлүңдө кир болсо, кетирели, чоро».

Эл олку-солку боло түшөт: «Манас – азган-тозгон аз элге ата болгон неме эле. Анын жалгызы болот чеге курч, бороондон тосуп алуучу кут, добул келсе, жел тосчу чер эле. Душмандан коргогон чеп эле. Азыктын баарын чачалы, ушу турган жедигер, түп көтөрө качалы». Ошондо эл белести ашпай, Канчоро менен Кыяздын «Каптап кет!» деген буйругун укпай туруп алат. Элин көрүп Кыяз да: «Семетейге кол салбайлы. Кабылан менен чабышпайм, канкоруң менен алышпайм. Ордо толо кыргызга опол тоодой чеп экен. Айбаты артык шер экен. Канчоро жолдош, тилимди ал, агасына таарынып, иниси жоо болчу эмес, тууганга кара санап «баатырлык» кылган оңбойт. Андан көрө салам айталы, дос болуп калалы»,– дейт. Канчоронун жаалы кармайт. Жедигер менен Кыязды кырып жибере жаздайт. Айтканы:

– Атаңдын көрү, аңылдак Кыяз! Сени баатыр десем – коркок, эрен десем – каччу Кыяз экенсиң. Коондой ичиң жарылып, жатчу неме экенсиң. Тоотору тартып алдына барсаң, томуктай башыңды жулат. Эки көзүңдү чукуйт, көк торпоктой үйрөтөт, жол үстүнө сүйрөтөт. Убадаң кана? Арамың болсо аны айт, азыр сени сүрөмүн. Кун кубалап келип, ара жолдо былчылдайсыңар. Азыр баарыңарды кырам, жедигер. Кайра тартып элдешип, Семетейге киремин, анан как куйкаңды тилемин, жедигер. Күлчоро экөө бириксек: өрүшүң туман, чаң болот, өлчөлүү күнүң тар болот.

Ушул сөздөн кийин Кыяз Канчорого кулдук урат. Бийликти Канчорого берет. Убаданы бек кылып, адам өлөр шерт кылат. Семетейге найза саят. Анын найзасын баатыр бөлө чабат да, өзүн этектен алмай болот. Канчоро качып кутулат. Күлчоро Кадырбай менен Төлөбайды өлтүрөт. Ошондо Арчатору жүрбөй калат, кулагы тердеп, баш чайкайт. Семетей кейийт: «Аргымак багып ат жыйдым, айлансын Буурул буудандан. Азамат багып, эр жыйдым, айланып кетсин Канчоро Күлчородой туугандан. Мен тулпар деп байталды бактым. Канчорону тууган деп, шайтанды бактым. Эми жаңы эле башын кошкон эл эмне болот?»

**7. Кайып болуу.** Анан аттан түшүп, камчынын сабын таянып, чыканактайт. Ошо кезде жарагы жок Семеңе Канчоро өпкө, боордун тушу деп найза саят. Кыяз аттан түшүп Семетейдин башын кесмек болот. Учуп жеткен Күлчородон жазганып Кыяз атына мине качат. Ошол маалда эрип кеткен немедей Семетей көзгө түшпөй жок болот. Кайсалактап калың жоо анын сөөгүн таба албай калышат. Ошондо Күлчоро мындай дейт:

– Абакем такыр өлгөн жок, өлгөнүн адам көргөн жок. Эл сактаган эр өлбөйт, элди баккан жер өлбөйт. Эсинде болсун, ит

чоро, эр төрөгөн эл өлбөйт. Алдамчы доңуз, мыкты болсоң, жарак бер, анан күч менен өлтүр өзүмдү. Манастын арбагы тирүү, ал көздөгөнүн соо койбойт, ит чоро!

Канчоро кынынан кылычын сууруп, Күлчорону качырат. Аны Кыяз токтотот:

– Кой, баарын уу ичкендей кылбагын. Семетей өлгөн сөөгүн көрсөткөн жок, бул–сыр. Ыйык адам экен. Жабагынын жалындай жалы бар тура. «Толтойду өлтүргөн ушул, жайлайбыз»,– дейт Канчоро. Бирок Кыяз Күлчорону өлүмдөн сактап калат. Көптөп жатып Күлчорону байлап алышат. Анан чечиндиришет. Бул баатырдын да мойнунда ыйык кара жалы, далынын үстүндө казандай калы бар экен дейт. Кан Кыяз аны көрүп шашып кетет да, далысынан чоң көнөктөй эт кесип, дал ортосун сойдурат, чемирчегин ойдурат. Күлчоро эсине келип, салаасын кыймылдатмакчы болот. Жок! Бери тартса ийилбейт, ары сунса жыйылбайт. Чемирчеги союлган, карга-кузгун эчак эле тоюнган. Андан кийин Канчоро, Кыяз Сарыкан менен согушат. Жеңе алышпайт. Канчоро орго кирип жатып, Сарыканды калына атып жыгат. Анан жайлоодогу бейкут жаткан элди чабышат. Чыйырды менен Каныкей күнгө айланат. Айчүрөктү Кыяз, Чачыкейди Канчоро алат. Бакайды мал кайтартат. Каныкей жарылып өлмөкчү болгондо, Айчүрөк: «Он жылы күт, энеке, жалгызыңдан туяк-белек калды. Эркек болсо, элине тутка, кек алат. Неберең кыз болсо, ошондон кийин өлөлүк» – деп колундагы канжарын ыргытып жиберет.

### Суроолор

1. Үмөтөйдөгү дүнүйөкордук, энесинин, Күлчоронун тилин албаган көкбеттик аны ажалга түрттүбү?
2. Үмөтөйдүн өлүмүнөн ким пайда тапты?
3. Канчоро Семетейге эмнеликтен өчүккөн?
4. Канчоро ойлогон оюн кантип ишке ашырды?
5. Төлгө таш кандай белги берди?

### Тапшырмалар

1. Семетей акылман энеси Каныкейдин, колуктусу Айчүроктүн тилин албайт. Төлгө таш берген жышааңды да көңүлүнө илбейт. Эмне, аны тагдыр айдап баратабы? Анын тагдыры Канчоро, Чачыкей, Кыяз — үчөөнүн колунда беле?

2. Семетей кайып болуп кетет. «Эл өзүнүн сүйгөн баатырын өлтүрүүнү каалаган эмес, ошондуктан аны кайып кылып жиберет» деген да пикирлер бар. Бул туура болушу мүмкүнбү? Балким:

– эл өзүнүн сүйүктүү баатырын өлтүрүүнү каалабагандыгы өз ишеничин өлтүрүүнү каалабагандык болбосун;
– эл өзүнүн сүйгөн каарманын түбөлүк өлбөстүккө айландырып жаткандыр;
– өз каарманын кайыпка айландыруу — бул жөн эле мифтик түшүнүк;
– бул — айкын чындык, Семетейдин рухий жаны тирүү, ал байыртадан бери эле өзүнө жаккандарды колдоп, оболу, көзүнө көрүнүп келет



*(Сагымбайдын тїшин кара). (Ушул кайыпка айлануу маселеси боюнча талкуу уюштурсаўар да болот).*

### Сөз берметтери

*1. Кыянат ойду кой, биргелешүү той. 2. Табылгынын чогундай, тарткан жаанын огундай. 3. Ак тулпардай сүрөөндөшпүз, ак буудайдай үрөндөшпүз. 4. Арпасын чийки оргонсуп. 5. Темирдей көк, айтканына бек. 6. Тоо томкоргон эмедей. 7. Көк торпоктой үйрөтөт, жол үстүнө сүйрөтөт. 8. Өрүшүң туман, чаң болот, өлчөлүү күнүң тар болот. 9. Эл сактаган эр өлбөйт, элди баккан жер өлбөйт, эр төрөгөн эл өлбөйт.*

## ОКУЯЛАР ТОПТОМУ

*«Каныкейдин Көбөштөн чабылышы» боюнча:* 103. Көбөштүн чапкыны. 104. Бакайдын жардамы. 105. Талас менен коштошуу. 106. Каныкейдин көлү. 107. Чыйырдынын акылы. 108. Арбак жана көл. 109. Ысмайылга Семетейди берүү. Кошумча маалымат.

*«Семетейдин чоңоюшу» боюнча:* 110. Семетейдин бала чагы. 111. Төлгө. Тайторуну суутуу. 112. Ысмайылдын тапшырмасы.113. Периштенин үнү. 114. Каныкейдин арманы (көрктүү окуу). 115. Тайторунун чуркашы. 116. Тайторуну сүрөө. 117. Гүл-Токой-Ата. 118. Сарытаз. 119. «Сен Ысмайылдын куш салуучу жалчысысың». 120. Кишимжан. 121. Каныкейдин жомогу.

*«Семетейдин Таласка келиши» боюнча:* 122. Таластын көрүнүшү. 123. Кумайык. 124. Талас суусу жана арбактар. 125. Бакай. 126. Жакыптын тосуп алышы (көрктүү окуу). 127. Акшумкар. 128. Көбөш менен 40 чоро.

*«Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү» боюнча:* 129. Чынкожо. 130. Айчүрөктүн учушу. 131. Айчүрөк менен Чачыкей. 132. Үч сыр. 133. Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү.

*«Семетейдин Коңурбай менен согушу» боюнча:* 134. Каргыш. 135. Коңурбай менен болгон согуш. 136. Ок аттоо. 137. Өчтүн алынышы.

*«Семетейдин кайып болушу» боюнча:* 138. Үмөтөй. 139. Акеркечтин айтканы. 140. Тайбууруулдун тартууланышы. 141. Канчоро менен Кыяз. 142. Амал. 143. Каныкейдин түшү. 144. Төлгө таштын ишааратЫ. 145. Жоо. 146. Семетейдин кайып болушу...

### Тапшырмалар

1. 103 төн 146 га чейинки темалардан билгениңди «А» (айкүр), билбегениңди «Ч» (чик) менен белгиле.

2. Ар бир теманын аягында окуя жана ал айтмакчы болгон ой бар. Ошону байка. Окуядан ой чубап үйрөн (147-бетти кара).

3. Билбей калганың чик, бирок сенде бир да чик болбоого тийиш. Ал үчүн унуткан жериңди дароо оку, эсиңе түшүр.

4. Окуя топтому боюнча бири-бириңди текшерсең да болот.

## «БЕЙНЕ» ТОПТОМУ

| | |
|---|---|
| Каныкей: | 103, 105,106,108,109,111, 113, 114,116, 121, 143. |
| Бакай: | 104, 125,126, 135. |
| Жакып: | 126,128. |
| Семетей: | 103, 109, 110, 112, 117, 118,119, 120, 122, 123, 124,125,126,127,128,132,133,134,135,136,137. |

Айчүрөк: 129,130,131,132,133,134,136.
Күлчоро: 128,138,144,146.
Канчоро: 128,140, 141,142,144,145,146.
Чачыкей: 131, 140, 141.

## «БЕЙНЕ» ТОПТОМУН КАНТИП ПАЙДАЛАНУУ КЕРЕК?

1. «Бейне» топтому окуялар топтомуна удаа келип, анын мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланат. Мисалы, Каныкейдин тушундагы сандар (103,105 ж.б.) окуя топтомундагы сандар.

Маселен, 103 саны «Каныкейдин Көбөш кандан чабылышы», 104 – «Бакайдын жардамы», 105 – «Талас менен коштошууну» туюндурат. Ал эми бул окуянын баары 97–101-беттерде бар. Калган сандар да ушундай.

2. «Бейне» топтому аркылуу каармандын образын тез түшүнө аласын. Себеби ар бир каармандын тушундагы сандар ошол кейипкерге тиешелүү маалыматтарды алаканына салып бергендей иш кылат. Демек, сенин эмгегинди жеңилдетет, чачылып жаткандарды топтоп берет. Ошол аркылуу сен каармандын дидарын, ой-максатын, аракеттерин аңдап биле аласын.

*Үлгү.* Жакыптын образы. Анын тушунда 126,128 сандары бар. Дароо «Окуя топтомун» карайбыз. 126 –«Жакыптын тосуп алышы», 128 – «Көбөш менен кырк чоро». Ал эми баяндоо менен коштолгон көркөм текст 111–115-беттердеги «Семетейдин Таласка келиши» деген теманын 2-жана 4- бөлүмдөрүндө жайгашкан. Бул окуяларды билесин, эгер эсинден чыкса, кайра көз жүгүртүп окуп кой. Ошентип, бул эки окуя менен Жакыптын образы толукталат. 1. Жакып – ит кыялдуу чал, анын бул кыялы Бакайга белгилүү. 2. Ал ошол үчүн Семетейдин дайнын укканда тетири карап толгонуп, кайра жойпуланып, карсылдап күлөт. Демек, ал небересинин келишин жактырган жок, ошон үчүн тетири карап кетти. Ичине бүлүк түштү. Бирок аны Бакайга билдирбөө керек, ошондуктан, жойлонуп, карсылдап күлдү. Сүйүнгөн түр билдирет. Бакай кетери менен, ойго келбей турган укмуштай чараны ойлоп табат. Бакдөөлөткө уу даярдатып, ошо менен Семетейди – небересин тындым кылмак болот. «Таза аарчыган пияздай тукумун үзүп салайын» – дейт. Семетей үйгө келгенден кийин Жакып жогорку оюн ишке ашырышка аракет кылат. Бирок Семетейди Бакайдын акылмандыгы, байкагычтыгы сактап калат. Бала да уу кошулган аракты «арбагы улуу чоң атамдан мурда мен кантип ичейин» деп, кайра идишти Жакыпка сунат. Жашоо, өмүр сүрүү ага да керек экен. Балдырап да, шалдырап да калды. Семетей аракты ит аякка куюп салды эле, келип тумшук салган эки ит ошол замат сулайт. Айыбы ачылган Жакып эми кантет? Жерде жарака болсо, кирип кетсе болмок.

3. Жакып өз небересине уу бергидей, эмне, ал эс-акылынан айнып калган чалбы? Болбосо, айылдагы кайсы гана карыяны алба, ал «алдына кетейин, силерден топурак буюрсун» деп тилек кылат. Жакыптын деңгээли ошолордон да төмөн. Эмне үчүн мындай? 4. Себеби, Жакыпка дүнүйө, мал-мүлк небересинен да кымбат. Анын ачыккан көзү эч качан тойбойт. Ал дүнүйө чачып, кыргыз элин коргой турган эр азаматтарды жыйнаганы үчүн Манаска да катуу нааразы болгон. Жакыптын жан-дүйнөсүн ысытып турган нерсе байлык, байлык жана байлык. Ага байлык дегенде үзүлүп түшкөн жана өзүн тарткан Көбөш, Абыке кымбат. Жакыпка эл багып, журт асырай турган Семетейдин тыйынчалык кереги жок. Эгер бул небереси тирүү турса, ал дүнүйө жыйноого, зордук менен өкүмдарлык кылууга тоскоолдук кылат, «оё кесип, тоё жей албай» калат, ошондуктан аны «таза аарчыган пияздай» кылгысы келет. 5. Демек, Жакыптын көз карашы: «Байлык, дүнүйө боор эт менен тен, аны сугалактык менен жыйноо керек, ал баладан да, небереден да, ар-намыстан да, элдик наркtан да кымбат». 6. Жакып ушул көз карашынан тайбайт. Өзүнүн беттегенинен жанбай, жаңы көчүп келген Семетейге согуш ачтырып, анан кармашып жатып өлөт. 7. Ошентип, байлык, дүнүйө Жакып үчүн өзүнүн керт башынан да жогору. Ошол байлыгы үчүн, дүнүйө топтоого кеткен жолду сактоо үчүн керт башын садага чабат. 8. Корутундулар: 1) Жакыптын жолу – бул да таасирдүү, учу үзүлбөгөн жол, анткени байлыкка үзүлүп түшүп умтулуу боло келген жана боло бермекчи; 2) Бирок Жакыптын дүнүйөгө ач көздүгү – бул оору; 3) Жакыптын терс кылык-жоругу да сабак, ал адал эмгек, агынан жарылган пейил менен жашоонун, ыймандуу, ар-намыстуу турмуштун артыкчылыгын кыйыр түрдө каңкуулайт ж.б.

*(Бул «Жакыптын образы» – болжолдуу үлгү. Калганы да ушул өңдүү жол менен кетет.)*

### Тапшырмалар

1. «Бейне» топтомунун негизинде Семетей менен Айчүрөктүн образын сүйлөп бер.
2. Канчоро менен Күлчорону салыштыр.

## «СЕЙТЕК» ЭПОСУ

«Сейтек» – бул «Манас» үчилтигинин үчүнчү бөлүмү. «Семетей» эпосунун тикеден-тике уландысы. Анын 12 варианты белгилүү. Ошолордун ичинде көлөмдүүлүгү жана толук камтылгандыгы жагынан Саякбайдын, Жакшылыктын, Мамбеттин, Ыбырайымдын варианттары айырмаланат. «Сейтек» – бир эле учурда үчилтикти корутундулап, аякталышты билдирип турган, ошол эле учурда өзүнчө салттык сюжетке ээ чыгарма.

### СЕЙТЕКТИН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛА ЧАГЫ

**1. Канчоронун кан болушу.** Акыры Канчоро өзүнүн тилегине чыккынчылык жол менен жетет. Кыязды Семетейге каршы тукуруп, курал-жараксыз чыккан Семетейди капыстан басып келген душмандын колуна сала берип, өзү култ этип жоо тарапка өтүп кетет. Семетей кайып болуп, Күлчоро туткунга алынып, Айчүрөк Кыязга аялдыкка берилет. Эми ойлогон оюн орундатуу керек эле. Канчоро сары каймал төө союп, сандап жаткан бээ союп, ат чаптырып той кылат. Өзүн кан деп жарыя кылып, алтын таажы кийип, алтын такка отурат да, элге салык салат. Калайык калктан миң карача төө, миң кара кашка бээ, миң төөгө теңдеген чай, миң төөгө жүктөгөн кызыл алтын зер бер деп сурайт. Анын алымына чыдабай эл качмак болот. Же качып кирер эл таппайт, же тирүүлөй кирер көр таппайт. Ошондо Куту бийдин баласы Акжолтой: «Айчүрөктүн боюнда бала бар, эгер эркек төрөсө, ошону белге таңуу кылабыз, ошого чейин күтөлү, тентибегиле» дейт. Эл анын тилин алат. Чынкожо Толтойдун куну деп элди талоон кылат.

**2. Жазалоо.** Олуя чал Бакайды өлтүрбөй, житирбей 80 балбанга көкбөрү кылып тарттырат. Анын куудай сакалы кубарат, көзүнүн жашы он талаа. Өлөйүн деп өлө албайт. Же чапчышарга чама жок. Ичи өрттөнүп, боору чок. Кайрат качып, ал кеткен, ооздон шекер, бал кеткен, бадырайган көз кеткен. «Эмне, зымырык этин жеп, өлбөс болуп калгамбы? Же кузгундун көзүн жедимби? Эмнеге өлбөдүм. Каныкейдин айтканы чын чыкты. Аны көрбөй, сокур болуптурмун», – деп боздойт. Анан Канчорону каргайт. Таш боор Канчоро аны көк ала койдой сойдурат, куру дүрмөт ок менен аттырат. Анан чөп алачыкка паанектеп күн көрөт.

Күлчоронун аялы Акбаланын таманын тилип туз салат, төбөсүн тилип курт салат. Үй кайтартып коет. Каныкей музоо кайтарат. Күлчорону Кыяздын кырк жылкычы, сексен кулуна отунчу, суучу кылып беришет. Кончуна кызыл чок салып жиберип кордошот. Эртең менен эрте тургузуп, тери ийлетишет. Талпактай сабашат. Карыган жылкы томугун жегизип, каткырышат. Уктатпай бийлетишет. Тогуз аяк сууну катары менен кыйнап ичиришет. Кементайы дал-дал болуп айрылган. Далысынан кара кан агып турат. Анысы аз келгенсип, чорону көкбөрү да кылып тартышат. Өлөйүн дейт, бирок аны бир үмүт өлтүрбөйт, анткени Айчүрөктүн боюнда бала бар.

**3. Арамзалык.** Айчүрөктүн өлбөй калышы да төрөлө турган балага байланыштуу болгон. Кыяз анын көзүн карайт. Ушундай перизаадага күйөө болгонуна сүйүнөт. Атайы Айчүрөккө арнап той өткөрөт. Анан он ай чамасындагы убакыт өтөт. Айчүрөк толготот. Ошондо ичинде арамы бар Кыяз бир кишиге билгизбей, бир кишиге туйгузбай сыйкырчы жети кемпирди чакырат. Алар көзү тойбогон, журт бузганын койбогон, толготкон аялдын көзүн байлап салчу дубакөй экен. Кыяз аларга: «Кыз төрөсө Айчүрөк, аппак ороп алгыла, мага сүйүнчүлөп салгыла. Эгер эркек уул болсо, ал зилинде мага душман. Ошондуктан мобу мизи ажыдаардын уусуна сугарылган устара менен киндигин кескиле. Бала ошондо тындым болот. Акыңар үчүн буттап алтын зээр берип, эне кылып алам. Кыйла тартуу мал берем, кызыл куйрук нар берем, толгон дүйнө малымды берем, Тооторуну да»,–дейт. Кемпирлер шыпылдап макул болот. Ошол кезде бул сүйлөшүүнү дене күң болуп жүргөн Карачач угуп коет да, дароо кабарды Айчүрөккө жеткирет. Перизаада шып этип кирип келишкен арам ойлуу жети кемпирге сары саамал кымыздан куйдурат. Айтат: «Сары саамал кымыздан ичкиле, суусаганыңар басылып, умачтай көзүңөр ачылат. Силер азапка себеп болуп, чоң жакшылык кыласыңар, ажалды суурул аласыңар, көзүңөр ачык. Көзүм жалдырап, сөөгүм шалдырап, чымындай жаным чыркырап турат. Жетөөң умачтай көздү ачкыла»,– дейт. Кемпирлер уу кошулган кымызды тартып жиберишет да, бүк түшөт. Коломтонун жээгине оро казып, аларды көөмп салат. Анан Сейтекти төрөйт.

**4. Сейтек.** Баланын оң чекесинен күн, сол чекесинен ай көрүнөт. «Мандайга сайган желек, баатырдан калган белек, туу казына чунак» деп Айчүрөк сүйүнөт. Баланын аркасында кара жал экиге бөлүнүп турат. Семетейдин дал өзүндөй, тим эле оозунан түшө калгандай. Тиктесе жүрөк жангандай, көрсө суусун кангандай. Анан ойлонот: «Кой, эл-жерди табыш үчүн, канкорлордон өчтү алыш үчүн, бул баланы шек билгизбей Кыяздын баласы кылайын, ага эркек төрөп бердим деп аябай милдет кылайын» дейт. Баланын киндигин өзү кесип, ак көйнөккө салып, анан Кыязга жетип барып, сүйүнчүлөйт: «Эркек уулдуу болдуңуз, мына!» Ошондо Кыяз каарданып эл мыктыларын чакырат, эл арасында элдин кутманы, жаагы ачылган чечени, камбылы, кеби нуска, сөзү бал Куту жатык сүйлөп, бек таштап, кеп баштайт:

«Оо, балам, Кыяз, тилимди ал, канды кудай урарда, катыны менен кабышат, калкы менен чабышат, канды балээ басарда, жумшаган кулу кежектейт, үйүндө ашын эсептейт, кан башынан бак кетет, астынан алтын так кетет, ала аскардай бел кетет, андан кийин эл кетет, Баатыр Кыяз, санааңды бузупсуң, бөлөктүн уулу депсиң го, бөйрөктөн чыккан баланды, жылдызын оңдон болуптур, баланын тоюн кыл»,–деп кара тилин кайрайт. Кутунун Семетей үчүн Кыязга чоң кастыгы бар экен. Анын айтканын эл эп көрүп колдоп, чуркурап жиберет. Эми Кыяз эмне кылат? Эптеп баланы колго алуу керек. Анан тындым кылса болот. Ошону ойлоп Айчүрөккө айтып турганы: «Көөдөндө ысык жүрөгүм, Чүрөк! Таап бердиң, кабак ачар баламды, алып келчи көрөйүн, ачып оозум өбөйүн, элге ат койдуруп алайын». Жасакерленет. Айласы түгөнөт Айчүрөктүн. Эрте сөзү – кеч болот. Анан сыр алдырбай жаркылдап күлүп, кайраттанып баланы Кыязга берет.

**5. Кылтылдаган тагдыр.** Ошондо баланын таштай салмагынан Кыяздын такасы жерге кирет, бели зыркырап ооруйт. Баланын түбүндө жоо болорун билет. Элге минтип айтат: «Айланайын кандарым, акылга дыйкан жандарым, өйдө чыксам – өбөгүм, ылдый түшсөм – жөлөгүм, керилсе жоо чабарым, этегимдеги бала, ал бала эмес, кызыл балаа, бизге душман зилинде, өзү бөлөк түрүндө, убалынан коркпой азыр эле жайлайлы, баланын жанын кыялы, балтыргандын тамырын суургандай кылайын, тукумдук кара таруунун куургандай кылайын». Айчүрөк сабы алтын, толтосу көөхар Акмилтени кабынан суурул алат. Кыяздын жанындагы көп төрө жарыла берет. Ошондогу Айчүрөктүн каарданып айтканы: «Казгалдак деген кайран куш кайрылбай учат жем үчүн, канымды төгүп жиберем, карындан чыккан бала үчүн, Жетиөзөндү жер, жедигерди эл, Кыязды шер экен деп келгенмин. Сен, Кыяз, баатыр эмес, катын экенсиң, арам пейил каапыр экенсиң, угуп кой, Кыяз, бала үчүн адегенде сени садага кылам, ажылдасаң төшүңө канжар малам, жарып өлтүрөм сени, болбосо, чарайнада баланын чатагын кантип сен билдиң? Же курсактан чыккан бул бала куланды куюй качтыбы? Куржунда пулуң чачтыбы? Же казынаңды чачтыбы? Же муну өлтүрүп сойгондой, тындым кылып койгондой кандарыңды чаптыбы? Жаның чыккыр, жаш бала сага душманбы? Ак куу кебин кийбесем, Акун кан көздөй жүрбөсөм, кең Үргөнчтөн кол алып, буланды булап албасам. Өзүңдөн чыккан баланы өлтүрмөк болгон экенсиң, өз балаңды душман көрүп калыпсың». Анан этектеги баланы Кыяздан тартып алат. Учуп кетсе, Айчүрөктүн урушуп түпкө жетерин да Кыяз билет. Анан калп эле карс-карс күлөт: «Айчүрөк, сен сырттансың, сынаганды билбейсиң, эмнеге баладан бетер тилдейсиң, жаңы туулган балама, ботом, душмандык кылсам оңомбу? Каркыбар, сенин эрдигинди сынагам, койдум,



Чүрөк, койдум, эки тизгин, бир чылбыр, айсулуум, сага бердим, эми тоюңа токсон сойдургун, баланын атын койдургун, Чүрөк». Ошентип, Кыяз арсаландап күлөт, жойпуланат. Анан эл ат кое албай, көпкө толкуйт. Ошондо Кыдыр ата келип: «Аты Сейтек болсун!» – дейт. Эл «оомийин» деп бата кылат. Анан Кыдыр ата көздөн кайым болот. Соңунан эл тарайт. Ошондон баштап Айчүрөк Сейтекти бир кишиге көргөзбөй, кирдүү аяктан ичирбей, кирдүү кийим кийгизбей, канаттууга express кактырбай, камчылууга чаптырбай, тумшуктууга чокутпай болот сарайдын ичинде багат. Мойнуна тумар тактырат, алдейлетип бактырат. Жетимдигин билгизбейт, жедигер тилин тийгизбейт. Эптеп багып баланы эрешен тарткан эр кылды. Эр уулу менен тең кылды. Ошентип, бала он үчкө келет. Шердик сыны да, эрдик сыны да көрүнөт.

**6. Сейтектин Карадөөгө жолугушу.** Сейтек мылтык атып, жаа тартып аңчылык кылып жүргөндө, кара кула ат минген, карагайдай найза алган, кыны жок кылыч байлаган, ийни салык, өзү зор, жазы маңдай, жайык төш, кылча мурун, кызыл көз баатыр алдынан чыгат. Сейтек минтип ойлонот: «Кыйынсынган дөө менен беттешип, атын олжо кылып алайын, тырмак алды ушул болсун»–деп. Жан койбостой жээлигип, жаш жолборстой ээлигип, жакын кирип барганда алиги атынан түшө калып Сейтекке жалынат: «Найзага белги желегим, айкөлдөн калган белегим, элинден азып каңгыдың, эл журтуңан айрылдың, бирөөгө бакма уул болдуң, азыр төксөң канымды, Карадөө абаң мен мына! Ырастап айткан сырымды, ырдайын уккун ырымды, сен– айкөлдөн калган сом балтасың, асылдан калган чоң аркамсың, жериң Талас, сенин атаң Семетейди Канчоро менен Кыяз жок кылган, атаң талаада кайып болуп кеткен, Кыяз талап алды малыңды, Таласка төктү канымды, базарымды байлады, башымды жарды, чынарымды кыркты, Айчүрөктү олжолоп алды, Бакайды кордоду, Каныкей чоң энеңди күң кылды Канчоро, атакеңдин курдашы–Күлчорону тирүү кармап алып, эки далысын оюп, кырк жылкычыга отунчу кылып койду, кең дүйнө тар болду, Сейтек балам. Эми сен кара чепкен, ак калпак элиңди, жылгындуу Кең-кол, чоң Талас жериңди качан табасың? Мен ооруга себеп, эң кылдат таап Момунжанды табам, ал чоң атаң Манас менен дос болгон, ал Күлчорону айыктырат. Сейтек балам, Күлчоро сага аманат, Кыязга өлтүртүп койсоң жаманат». Ошентип, Карадөө алты тулпар менен, Айчүрөк берген кат менен аяш ата Момунжанды издеп кетет.

**7. Күлчоронун Сейтекке жолугушу.** Туткунда оң далысын ойдуруп онтоп, сол далысын ойдуруп шорлоп жүргөн Күлчоро «Айчүрөк эркек төрөптүр» деген кабарды укканда бир сүйүнөт. Ичинен он эки жыл өтүшүн күтөт. Өлөйүн деген оюнан кайтат. Сейтекти «Эрешен тартып эр кылсам, эр уулу менен тең кыл-



*Б. Жумабаев.* Сейтек.

сам» деп ойлойт. Ошентип, Сейтек 12ге чыгат. Ошондо Күлчоро жылкычы башы Карагулдан жети күнгө уруксат сурайт. Айчүрөктөн эски-уску кийим сурап алайын дейт. Күрсүлдөгөн Карагул оң жооп бермек түгүл, Күлчорону жылкычыларга тепкилетет. Ошондо Күлчоро жүлүнгө жетер сөз айтат: «Жылкычы башы Карагул, ак болот элем мокодум, өлө турган чак жетти, билекте кубат барында баатыр да элек, шер да элек, балакет кайда дээр элек, биз да тайлак басып жээр элек, кара болот Зулпукор, көөлөгөн эрдин өзү элек, тоодой-тоодой алптарды жөөлөгөн эрдин өзү элек, кыргызга кызыл туу элек, душманга ызы-чуу элек, эми мусапырмын, кан алдына барып, кийим сурап алайын, уруксат бер». «Жети күндөн калбай кел»,– деп Карагул опурулат. Ошентип, Күлчоро ордого өлдүм-талдым дегенде жетет. Кыяз көрүп калып, аны айбалта менен жыга чабат. Чыга калган Айчүрөк Күлчорону өлүмдөн куткарат. Ак өргөөгө киргизип, болгон иштин баарын айтып берет. Анан Сейтекти көргөзөт. Күлчоро баланы басып жыгылат. Сүйүнгөнүнөн ыйлайт. Сейтек Семетейге опокшош: кулагына кулагы куюп койгон эмедей, мурунуна мурунун кыйып койгон эмедей, баш териге баш тери каптап койгон эмедей. Бой келбети тоодой. Толкуну көлдүн шарындай. Ай кулагы калкандай, Семетей тирилип келгенсийт. Күлчоро баштан өткөн окуяны–эки чорону Каныкейдин эмчегин эмип, биринен сүт, биринен кара кан чыкканынан тартып, акыры Канчоронун бузукулугунан баарынын кул, күң болгонуна чейин айтат. Күлчоронун кебин угуп, Сейтек да көзүнө жаш алат. Анан жедигер эли, Жетиөзөн жери эмес экенин, душман менен кармашып, эл-жерин табарын, жетиге чыкканда эле энеси Айчүрөктөн атасы жөнүндө укканын кеп кылат. Анан Айчүрөк Кыязга барып Сейтек сан түмөн жылкыны, сай тулпарды көрө турганын айтат. Кыяз: «Саламат барып, сак келсин, сагындырбай бат келсин»,– деп макул болот. Бирок ичи өрт. «Ушул бала түбүмө жетет го» деп ойлойт. Ошентип, Сейтек Күлчорону ээрчип, жылкыга барат. Ошондо күрсүлдөгөн Карагул: «Күлчорону өлтүргүлө, бооруна казык каккыла» деп укурук менен качырат. Муну көрүп Сейтектин жини келет да, Карагулду жаткыза чабат. Анан Күлчорону ак чатырга киргизип, ак боз бээни соет. Баатыр чорону май менен жуудуруп, казыга бөлөйт.

**8. Момунжан.** Жердин жүзүн сыдырып, төгөрөктүн төрт бурчун төрт айлана кыдырып жүрүп Карадөө аяш ата Момунжанды Багдаддан табат. Ал Семетейдин кыйышпас досу экен. Семендин өлүмүнө катуу кейийт. Карадөө Күлчоро жөнүндө да айтат. Момунжан аны айыктыруу үчүн жолго чыгат. Пилге ок дары арттырат. Алтымыш балбандын ар бири белине кетмендей токочтон байланышат. Конгон жерде демдеме күрүч, ширин аш. Кыясы кыйын бел ашып, кыйын дайра көл кечип, кыйла күнү чөл ба-

сып Момунжан Алатоого келет. Анан Күлчорого кошмо кызыл дары менен кошо «эбеп» менен «себепти» ичирет. «Апы-үпү» деген дарыдан берет. Бирок алар Күлчорого таасир этпейт. Чоро чымындай жандан түңүлөт.

**9. Токсон кетмен.** Ошондо дагы жаңы акыл ойлогон Момунжан көнөчөк баштуу көк даңгытты баса калып союп, анын кечирин Күлчоронун далысына жамап, сыртынан кырк жолу кырма кызыл дары менен кайнатма кара дарыны шыбайт. Ошондо Чоронун ооруган жери басылат, умачтай көзү ачылат. Арадан эчен күн өткөндөн кийин Күлчоронун сүйрүсүнө сүт толот, ийрисине эт толот. Күчүн сынап, чоюн баш менен жолум үйдөй кара ташты тартып жиберсе, чокморунан чок чыгат, кара таштан от чыгат. Анан токсон кетменди кабаттап коюп, бели мекчейип, көзү чекчейип, бармагынан май чыгып, билегинен кан чыгып жаа тартат. Жебе токсонунан тең өтүп, жерге кирип кетет. Демек, чоро кайра калыбына келген экен. Энеден кайра туулгандай болот. Күлчоронун урматына ай туяк чалынат, үзүлгөн уланат.

### Суроолор

1. Сейтек менен Семетейдин бала чагы окшошпу?
2. Эл кайсы үмүткө байланып качпай калган?
3. Кимдер жазаланды? Алар ушундай жазага татыктуу беле?
4. Кыяздын арамза оюу эмнеликтен ишке ашкан жок?
5. Карадөө Сейтекке эмнелерди айтты? Ал «Семетей» эпосундагы Сарытазга окшош эмеспи?
6. Күлчоро Сейтекке кантип жолукту?
7. Момунжан Күлчорону кантип айыктырды?

### Тапшырмалар

**1.** Күлчоронун туткун болуп жүргөндөгү кыйналып, оор азап тартышын эсиңе түшүр. Эл үчүн күрөшкөн мындай эр азаматтар неге мынчалык азап тартат? Семетей чыккынчынын кесепетинен мертинет. Күлчоро өлүк десе тирүүдөй, тирүү десе өлүктөй абалда. Болбосо, Бакайда кайсы күнөө?

**2.** Канчоро элге оор салык төлөтөт. Үмөтөй байлыктын артынан сая түшүп келип, ажал тапкан. Канчоро да бийликке байлык топтоо максаты менен келдиби? Алар «Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин», деген Манастын ураанын тебелеп-тепседиби?

**3.** Сейтекке ниети кас Кыязды Айчүрөк аз жерден жарып сала жаздайт. Бул баланы сактап калуу үчүн жасалган эрдик. Ал кайраттуу гана кишинин колунан келет. Алмамбеттин энеси Алтынайдын, Каныкейдин балдарын сактоо үчүн жасаган эрдиктерин эсте. Ой толгоо түрүндө дилбаян жаз.

***Сөз берметтери***

*1. Көзүм жалдырап, сөөгүм шалдырап. 2. Оң чекесинен күн, сол чекесинен ай көрүнөт. 3. Тиктесе жүрөк жангандай. 4. Кеби – нуска, сөзү – бал. 5. Эрте сөзү – кеч болот. 6. Курсактан чыккан бул бала куланды кууй качтыбы? 7. Мойнуна тумар тактырат, алдейлетип бактырат. 8. Билекте кубат барында баатыр да элек, шер да элек, балакет кайда дээр элек, биз да тайлак басып жээр элек. 9. Кыргызга кызыл туу элек. 10. Саламат барып, сак келсин, сагындырбай бат келсин. 11. Сүйрүсүнө сүт толот, ийрисине эт толот. 12. Бели мекчейип, көзү чекчейип.*



## КЫЯЗДЫН ӨЛҮМҮ

**1. Тооторуну суроо.** Кызгалдактын гүлүндөй албырып кызарган, камчыдай бели ийилген, кара көзү нур төккөн Айчүрөк Кыязга уй баш жан аякка шарап куюп берет. Ал үчтү удаасы менен тартат. Анан каткырыгы таш жарып, Айчүрөккө ыраазы. Чечекейи чеч болот. Чеч кап менен төп толот. Анан мактана баштайт. Ошондо Айчүрөк андан малга кеткен баланы алып келүүгө Тооторуну сурайт. Кыяз адегенде бербейм деп ачууланат, кайра Айчүрөктү кыя албай макул болот. Бирок ичи өрт, ары карап мыңкылдайт, бери карап кылтылдайт. Анан Чүрөктү өзү атказат. Ошондо Тоотору баш чулгуп окуранат. Тил бүтүп, минтип сүйлөмөк болот. «Эй, Кыяз, биттейде бириктик, бармактайда баш коштук, ойноо бала сен элең, ооз жарма тай мен элем, эми сен эр, мен тулпар болдум, бирок сен аялга алдаттың, Тооторуну экинчи минбейсиң, канатың кайрылды, Кыяз». «Ат сүйлөсө окус, жанжал болор», – деп Айчүрөк чач мончок менен маңдайга тартып жиберет да, тулпардын тилин байлап салат. Кыяз Тооторунун сөзүн укмакчы болуп Айчүрөктү токтотот да, аттын жалын сылагылайт, бирок тил жок, үн жок. Эмне болду? Уят болгон Кыяз «Саламат барып, сак келгин», – деп Айчүрөктү жөнөтөт. Анан Тоотору булуттай сызат, баскан жери быркырайт, таманы жерге тарсылдайт, ак тизгин колдо карышат, кара болот ооздук көмөкөйдө карсылдайт. Бир оокумда Айчүрөктөн өч алууну ойлогон күлүк баш бербей ала качып жөнөйт. Тулпардын жал-куйругу жайылат, дыркырап учат. Айчүрөк жандан түңүлөт. Дароо сыйкырлап, Тооторуну чобур кылып салат. Анан аяш ата Момунжанды, Карадөөнү, Сейтекти жана Күлчорону издеп табат.

**2. Кыяздын өлүмү.** Ошол кезде Кыяз түш көрүп, түшүндө мүшкүл иш көрөт. Аты чобур болуп калыптыр. Ак шумкары колго конбой айды көздөй сызат, калканы талкаланып, ок өтпөгөн күпөнү Сейтек кийип алыптыр. Калың жедигерди жыйнап түшүн айтат да, басканынан жан чыгып, дүбүртүнөн чаң чыгып, каардынып, жеке аттанат. Мингени – Кылкүрөң. Каракырды ашканда Айчүрөктүн кызыл жууркан–кучмач ээри көрүнөт. Арам ой жылт этет. «Болду болбоду, Айчүрөк күйөөгө чыгып, тою болуп жатат». Жини келип, буура төөдөй күркүрөйт. Атына камчы басат. Жолун Күлчоро тосот. Кыяздын сунган найзасын айбалта менен бөлө чабат. Ошол маалда Чоронун жытын сезген Кылкүрөң *(ал олжого келген мал экен)* бура тартып, чукул бурулат. Жалдан кармап калууга үлгүрбөгөн Кыяз жорудай далп этип аттан кулайт. Анан ач карышкырдай шоңшоюп отуруп калат. Күлчо-

ро да атайын аттан түшүп, Кыяз менен жөө кармашып: кылыч менен, айбалта менен чабышат, ок өтпөс чопкуттар быркырайт, анан багалектен алышып, балбанчасынан алышат, көк букадай сүзүшөт, ач буурадай чайнашат. Акыры Кыяз алдан таят, ошондо «жардам бер» деп Сейтекти чакырат. Айчүрөк Манастын жолуна деп, Тооторуну мууздап салат. Күлчоро Актинтени Кыяздын сүбөсүнө малып алат. Анан жаш баатыр калың жедигерди жыйнап, Карадөөнү кан шайлайт.

### Суроолор

1. Тоотору кишиче сүйлөйт жана акыл айтат. «Адамдай эстүү жаныбар» деген сапат «Манас» эпосундагы Саралага эле эмес, так ушул Тооторуга да таандык. Мындан кандай жыйынтык чыгарышка болот?

2. Ошентип, Кыяз атайы чукул бурулуп жалт берген Кылкүрөңдөн кулайт. Анан ал ач карышкырдай шоңшоюп отуруп калат. Күлчорого оңдой берди болду, Кыязды каалагандай чаап өлтүрсө болмок. Жок, Күлчоро эрдик салтын сактады. Ал дагы атынан түшүп, жөө кармашка чыкты. Бул Күлчоронун жаңылыштыгыбы?

### *Сөз берметтери*

*1. Чечекейи чеч болуп, чеч кап менен төп болуп. 2. Ары карап мыңкылдайт, бери карап кылтылдайт. 3. Биттейде бириктик, бармактайда баш коштук. 4. Ач карышкырдай шоңшоюп. 5. Көк букадай сүзүшөт, ач буурадай чайнашат.*

## СЕЙТЕКТИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Сейтек Таласка көчөт. Көк ала майдан, айчыгы алтын кызыл туу асмандата ашталат. Көчтө– ыр. Көчтө– кыз куумай. Көчтө– ит агытып, куш салуу, ат арытып, жер чалуу. Сейтектин жүрөгү дегдеп, ичи кайнайт. Денеси балкып, көзү жайнайт. Бою дүркүрөйт. Жети атасы көз жумган жер мунарыктайт.

**1. Тайбуурул.** Анан жаш баатыр зэр белдей белести ашса, астынан Тайбуурул чыгат. Тулпардын кулагына коргошун куюлуптур, үстүнөн жайы-кышы жүк кетпей – жоор, жал-куйруктан айрылган. Кучак болгон сан жок, кербенчилердин жорток атына айланыптыр. Күнчүлүк жерден Сейтектин жытын алып качып чыгыптыр. Артынан кербен башы Карасарт кууп келет. Жаныбар айтайын десе тили жок, Сейтекти жыттап турат. Окто, чылбыр, чому бар, кыр арканын үстүндө он эки жерде жоору бар. Кабыргасы каржаят, калактай саны тартаят. Омуртка сөөгү оркойгон, каршы-терки бөлүнгөн. Ар бир кабыргасынын үстүнөн ириң салаалап куюлуп турат, жүнүн кум сирке баскан. Сейтек да Тайбуурулдун көкүлүнөн жыттайт. Алар Тайбуурулдан улам Семетейди эстешет. Анан Тайбуурул кайып болот.

Сейтекти буркураган боз инген тосуп чыгат. Анан торпок кайтарып жүргөн чоң энеси Каныкейге жолугат. Сейтектин артынан Күлчоро менен Айчүрөк баштаган көч Таласка келет. Эл кубанат. Кайгы басылып, капа ачылат. Үзүлгөн уланып, жоголгон табылат.

**2. Канчоро.** Эл Канчоронун зордугун, кыяны тосуп көч алганын, эр өлтүрүп өч алганын айтат. Күлчоро ордого барат. Канчоро канды караса, жумулган көзү ачылбайт, сунулган буту тартылбайт. Кейпи султан. Көк кенедей семирген. Күлчоро: «Тай-кулундай тебиштик, талашып эмчек эмиштик, бирге жүрүп торолдук, бир тууган болуп чоңойдук, жоону бирге жооладык, бирок сен абамды кара жер менен тең кылдың, бузукка туулган жан болдуң. Мен Кыяздан качып келдим, ырыс алды – ынтымак, бирдикти койсок бир жерге, катылып бирөө келеби, бармактуу адам батабы, тырмактуу душман тиеби?» – дейт. Бул сынап айтылган сөздөр Канчоронун кулагынын сыртынан кетет. Кайра: «Кыяз кул, сага кылбасам, өткөн жылы алакандай кат берип, Күлчорону жайлап, кылычтап башын ал, тындым кылып сал»–десем, укпаганын кара. Сен куйту кулсуң. Өлтүрбөйүн, тирүүңдө жогол. Бакай, Каныкей, Акбалага барбай кет!» – деп бакырат. Күлчоронун «Семетейдин уулу Сейтек келди. Аккелтени, Зулпукорду, Бозкисени бер» дегенин да укпайт, ач камандай күүлөнүп, өкүрүгү таш жарат, «кылыч тиер мойнуңа, кан шорголор койнуңа, тагыма көзүң салбай кет, бээ саамдан калбай кет!»–дейт. Анда Канчоронун аялы Чачыкей «Аколпокту, Аккелтени бербеймин, андан көрө Күлчорону тындым кылып сал, мал аяган каралуу, жоо аяган жаралуу»–дейт, чыңырып. Ангыча перизаада Айчүрөк кирип келет. Так ушул жерден Чачыкей өлтүрүлөт, Айчүрөк Аккелтени Канчоронун жүрөк тушуна уруп, кайра тээп туруп тартып алат. Ошентип, эл менен Манастын укум-тукумуна, жакындарына жасалган кастыктан өч алынат.

**3. Семетейдин элге кошулушу.** Карадөө 3–4 ай салбурунга барып, ат арытып, жер чалып, ит агытып, куш салып, кулан кууп, аң уулачу экен.Бир күнү Семетейди көрөт. Көрсөперинин кызы Көкмончок сыйкырлап алып кеткен экен. Семетейдин кулагы укпас кер, тили жок дудук, адам менен иши жок. Аң уулагандан башканы билбейт. Карадөө абакелеп кыйкырат, бирок Семетей укпайт. Кенебей зыңгырайт. Кирпик үйрүп, каш какпайт. Анан кеч кире Кайыпчынын Караүңкүрүнө кирип, көздөн кайым болот. Карадөө элге, Айчүрөккө кабарлайт. Анан Семетейди издеп чыгышат. Карадөө баягы жерге келсе, Семетей ак үңкүрдү бет алып кетип баратат. Аскар тоодой, тогуз дайранын бириккендеги шарындай. Ачып көздү жумгуча, айта-буйта дегиче, тогуз мойнокту басып өтөт. Анан тозоттогу чоронун жанынан бастырат. Күлчоро Тайбуурулду чылбырдан алып, «абакелеп» жалынат. Семетей зың-зың этип кенебейт, тирүү десе өлүктөй, өлүк десе тирүүдөй. Ошондо Күлчоро кыйкырып сүйлөйт. Семетей тилге келип айтканы: «Үнүңдү боолгодум, сен Күлчоро-

суң, кечээ жаак алдында жаак чыгып, тил алдында тил чыгып, Канчоро душмандык кылганда кара булут жабылды, жер силкинип, асмандан алты сай мөндүр шыбыргак жаап, түн түштү. Ошондо ургаачыдан уз, кыйын сулуу кыз көрдүм. Оймок ооз, бото көз, кырмызы көйнөк, кымча бел. Ал жаасын окуп жайлады, адегенде канымды бузду, алым кетип, анан көзүмдү көргүс, кулагымды керең кылды. Тайбуурулду кайып кылып колума тийгизди. Шумкарды да эми кишени жок, тору жок байланууда турамын. Көкмончок деген зайыбым бар. Өлүү болуп көрдө жокмун, тирүү болуп элде жокмун. Эй, балдар, эл кайда, жер кайда? Бакай эсенби? Энем Каныкей барбы? Эгер энемдин эмчегин ээмп уктасам, жытынан түнү жыттасам, көз, кулагым ачылат, ооруган жерим басылат, жанымдан азыр чуу качып кутулат, эгер энем жок болсо, менден күдөрүңдү үз...» Ошондо Карадөө айылга чабат. Бакай менен Каныкейди алып жетип келет. Анан Семетей ач болотту жазданып, Каныкейдин эмчегин эмет, булактап сүт чыгат. Баатыр кылкылдата сорот. Ошол ошо болот да, Семетейдин көзү көрүп, кулагы ачылат. Анан курбу-курдаш, жанжоро ак буудайдын унундай жуурулушуп калышты, ак бөкөндүн кылындай суурулушуп калышты, ободогу жылдыздай жумулушуп калышты. Кемигени толуп, бөксөргөнү ашып,үзүлгөнү уланып, жылгындуу Кеңкол, кең Таласта эл жыргалга батат.

**4. Сарыбайдын согушу.** Сарыбай – желмогуздун уулу. Ал жердин түгөнгөн учунда – Желпиниште туулган. Кабылганын кайсаган, кез болгонун кемирген баатыр. Ойноктогон желмаян аты бар. Көзү ачылган ородой. Саадактары кетмендей. Манастын тукумун өрт өчкөндөй кылсам деген ою бар. Анан сыйкырчыдан айкөлдүн уулу Семетей бар деп угуп, аны баш кылып тегиз союп алуу үчүн аттанат. Жолдон Карадөө менен салгылашат. 7–8 күн алыша албайт. Акыры Сарыбай жолу мүйдөй чоюн баш менен Кылкүрөңдүн белин үзө чаап, анан кулаган Карадөөнүн башын кесип, канынан кочуштап жутат. Ошондон соң Таласты беттейт. Кыргын согуш башталат. Күлчоро менен Сарыбай сайышат. Экөө алыша албайт. Сарыбай күчөгөндөн күчөйт. Ошондо Айчүрөк кыяматтык досу Кайыпчал кызы Куялыга учуп жөнөйт, жетип болгон окуяны айтат. Куялы жигиттери менен Таласка жетип келет. Сайышта Желжетпес деген күлүктү минген бул баатыр кыз Сарыбайды өлтүрөт. Жеңиштин урматына ай туяк чалынып, той берилет. Азууларын аркайткан, алдыңкы эрдин шалпайткан, өрдөктөй мойну койкойткон, чуудаларын чубалткан нар төө, казысы карыш бээ союлат. Казына оозу ачылып, тогуз күнү элге дүнүйө таратылат. Алп кыз Куялы да: «Менин дагы элим бар, эл сагынбас, эр болбос, уруксат эткиле кетейин», – деп суранып, өз жерине кайтат. Эл барчылыкта жана тынччылыкта жашоосун улантат. Акбермет деген сулууга үйлөнгөн Сейтек элге арка, баш-көз болот.



**5. Кайып болуу**

«Сапарыбыз карыбас,
Кезип жүрөр кез келди»–
Дешип Бакай, Каныкей,
Күлчоро менен Семетей,
Айдай катын Айчүрөк
Бешөө кайып болушуп
Кетмек болду сапарга.
Сапардын жайын укканда,
Эл чогулуп дуу болду:
«Ушу Бакай менен Каныкей
Толкуп жаткан бел эле.
Семетей менен Күлчоро
Добул келсе, жел тийбес,
Доочу келсе, мал бербес,
Тажаал келсе, жан бербес
Бузулбас Каптоо бел эле.
Калың кара чеп эле»–
Деп, калайык турганда
Беш берендин ичинен
Семетей баатыр кеп баштайт:
«Улуу-кичүү, кары-жаш,
Курбу-курдаш, талапташ,
Ар түйүндү чечип кой,
Жаман-жакшы өткөн иш
Кайран журтум кечип кой?!
Ала-Тоону жер кылган,
Азаматын эр кылган,
Ак калпактуу калың журт
Кыйрың менен эсен бол!
Биз кеткен менен сапарга
Кыжылдаган жоо болсо,
Жолотуп жоону киргизбей,
Кайып болгон биздердин,
Жогубузду билгизбей,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Журтка балаа тарттырбай,
Өрүшкө душман жолотпой,
Өкүмдү ичке киргизбей,
Баш-көз болор Сейтек бар,
Биздер кеттик сапарга,
Өлбөс журтум, кошкула!..»

Ошентип, Сейтектин өрүшкө душман жолотпой, өкүмдү ичке киргизбей, элди коруп сактап каларына ишенген Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро–бешөө кайып сапарына – түбөлүк өлбөстүккө аттанып кетишет.

### Суроолор

1. Тайбуурул, Бозинген Сейтекти тосуп чыгат. Бул «Семетей» эпосундагы Семетей баатырды тосуп чыккан Кумайыкка, Акшумкарга, тооллорго окшошпу?
2. Эл эмнеге кубанды?
3. Күлчоро Канчорону эмне үчүн сынады? Анын Канчородон коңүлү кала элек беле?
4. Семетей кантип элге кошулду?
5. Сарыбай «Манастын тукумун бүт өрт өчкөндөй кылсам» деген оюна жеттиби?

### Тапшырмалар

**1. Ойлон:** – Кайып болгон киши кулагы кер, тили дудук, кирпик үйрүп, каш какпай, эч ким менен иши жок болот экен. Анан ушундай абалдагы Семетей Каныкейдин эмчегин ээмп, жытын жыттаганда, неликтен анын кайыбы жоюлуп кетти? Эмне, эненин ак сүтү жана жыты кайыптан да, Көкмончоктун сыйкырынан да жогорубу?

– Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро – бешөө кайып болуп кетишет. Кайып болуу, демек, бул өлгөн жок дегендик. Буга сенин көз карашың кандай?

– Эпостогу беш кишинин кайып болушу мурунку Көкмончоктун Семетейди кайып кылышынан айырмаланабы?
**2. Көрктүү оку:** «Кайып болуу».

***Сөз берметтери***

*1. Ит агытып, куш салуу, ат арытып, жер чалуу. 2. Ичи кайнайт, көзү жайнайт. 3. Кыяны тосуп көч алган, эр өлтүрүп өч алган. 4. Көк кенедей семирген. 5. Бармактуу адам батабы, тырмактуу адам тиеби. 6. Кылыч тиер мойнуңа, кан шорголор койнуңа. 7. Мал аяган каралуу, жоо аяган жаралуу. 8. Ак буудайдын унундай жуурулушуп калышты, ак бөкөндүн кылындай суурулушуп калышты. 9. Жолум үйдөй чоюнбаш.*

## *ОКУЯЛАР ТОПТОМУ*

1. «Сейтектин төрөлүшү жана бала чагы» боюнча: 147. Канчоронун кан болушу. 148. Жазалоо. 149. Күлчоронун көргөн күнү. 150. Жети кемпир. 151. Сейтектин төрөлүшү. 152. Кутунун Кыязга айтканы. 153. Кыяздын балага кастыгы. 154. Айчүрөктүн чечкиндүүлүгү. 155. Сейтектин чоноюшу. 156. Сейтектин Карадөөгө жолугушу. 157. Күлчоронун уруксат сурашы. 158. Күлчоронун Сейтекке жолугушу. 159. Жылкыда. 160. Момунжандын келиши. 161. Токсон кетмен.
2. «Кыяздын өлүмү» боюнча: 162. Тооторуну суроо. 163. Тоорунун ою. 164. Кыяздын өлүмү.
3. «Сейтектин Таласка келиши» боюнча: 165. Сейтек Таласта. 166. Тайбуурулдун тосушу. 167. Күлчоронун Канчорого айтканы. 168. Канчоронун жообу. 169. Өчтүн алынышы. 170. Карадөөнүн Семетейди көрүшү. 171. Семетейдин элге кошулушу. 172. Сарыбай. 173. Куялы. 174. Жеңиш. 175. Кайып болуу.

**Тапшырмалар**

**1.** Билгениңе «айкүр», билбегениңе «чик» белгисин кой.
**2.** Окуялар топтомун кайталагандан кийин «чик» белгиси жоюлат, ишиңдин баары «айкүр» конот.

## «БЕЙНЕ» ТОПТОМУ

Бакай: 148, 175.
Канышкей: 148, 165, 171, 175.
Айчүрөк: 148, 150, 151, 154, 155, 158, 162, 163, 169, 173, 175.
Семетей: 170, 171, 175.
Күлчоро: 149, 157, 158, 159, 160, 161, 164, 167, 168, 169, 171, 175.
Канчоро: 147, 148, 167, 168, 169.
Сейтек: 150, 151, 153, 154, 155, 156, 158, 159, 165, 166, 172, 174.
Кыяз: 150, 152, 153, 154, 162, 164.

**Тапшырмалар**

**1.** «Манас», «Семетей» боюнча түзүлгөн «Бейне» топтомунун үлгүсүндө иште.
**2.** Айчүрөктүн, Сейтектин бейнесин түзүп жаз.
**3.** Күлчоро менен Канчоронун бейнесин салыштыр.



**Кошумча маалымат**

«Сейтек» жыйынтыктоочу мүнөзгө ээ. Эмне үчүн? Себеби мындай. «Манаста» жер ооду болуп чачырап кеткен кыргыздар конушту душмандан бошотот, бирок аягында эл башында турган «калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин» деген күчтөр азапта калышат, Манас кайтыш болуп, үй-бүлөсү тентип кетет. Күткөн бейпилдик мында да болбойт. «Семетейде» да ошондой, эл адегенде жыргап-куунап жашашат, анан «жаак ичинен жаак, тил ичинен тил чыгып», Канчоро Семетейдин бийлигин кулатат, Күлчоро туткун болуп, Айчүрөк олжого кетет, демек, мында да эл күткөн бейпилдик өкүм сүрбөйт. Калкаман калк күткөн үмүтүнө «Сейтекте» жетет. Ички (Канчоро, Кыяз), сырткы (Сарыбай) душмандар жеңилип, камчылууга чаптырбай, тумшуктууга чокутпай асырап, өрүшкө душман киргизбөөчү баатыр Сейтек эл-журтка башкөз болуп калат. Демек, эл күткөн бейпилдик келет. Ошон үчүн көңүлү бир жаңсыл болгон Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро–бешөө кайып болуп кетишет. Ошентип, «Манас» үчилтиги «Сейтекте» жыйынтыкталат.

## «МАНАС» ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ

### I. Айымдар

«Манас» үчилтиги боюнча жалпы алып көрсөк анда аялзатына орошон орун берилген. Эпостун бир эле парчасында сүрөттөлгөн Карабөрк сулуу кылган аракети менен түк эсинден кетпейт. Ал чегинип бараткан атасынын жоокерлеринин артында калып, кууп келаткан кыргыз аскерлерине жамгыр кылып жаа тартат. Колго түшкөндө да, ар-намысын жоготпойт. «Колго түшкөн адамды өлтүрүү эрдик эмес» деп Манаска зайып болуудан баш тартат. Качан колго түшкөн атасы тирүү экенин көргөндө гана баатырга жар болууга макулдук берет. Ал эми мурда Бакайды ок менен жарадар кылгандыгы үчүн уялып, ызаат кылып, кайнагасынан дайыма качып жүрөт. Эпосто мындай каармандар өтө көп. Каныкей, Айчүрөккө окшогон айымдардын аткарган иши опол тоого барабар. Алардын энелик мээринин жарыгы өз үй-бүлөсүнө гана эмес, бүтүндөй бир журтка тиет. Алар акылман, эр, көрөгөч, дарыгер, сарамжал, улуттук нарк-насилдин ээси, билгир, улуу педагог, үйдүн куту...

**Тапшырма. 1.** Өз алдынча иштөө үчүн «Бейне» топтомдорун кара. Андан төмөнкү айымдарды бөлүп ал да, ага тиешелүү сандарды бириктир. Ошондо төмөндөгү тизмеге ээ болосуң.
К а н ы к е й («Манаста»): 59, 60, 62, 69, 80, 87, 98, 102;

(«Семетейде») : 103, 105, 106, 108, 109, 111, 113, 114, 116, 121, 143;
(«Сейтекте»): 148, 165, 171, 175.
А й ч ү р ө к («Семетейде»): 129, 130, 131, 132, 133, 134, 136;
(«Сейтекте») : 148, 150, 151, 154, 155, 158, 162, 163, 169, 173, 175

А л т ы н а й (47), Сайкал (41), Карабөрк (38,39), Акылай (44), Канымжан (3), Чачыкей (131, 140, 141).

2. Бул тизмедеги ар бир сан – окуя. Анын темасы «Окуялар топтомунда» бар. Ошол боюнча эсиңе түшүр, унуткан болсоң, өзөк окуялардан окуп, толуктап ал.

3. «Манас» үчилтигиндеги ушул айымдар боюнча кандай пикириң бар? Эмнеси үлгү? Сага кандай таалим берет? Эмнесин үйрөнөсүң? Кайсынысы жакпайт? (Талкуу уюштурсанар да болот.)

## II. Адеп, сын, даанышмандык

1. Адеп «Манаста»: 15, 24, 28, 39, 49, 52, 53, 57, 72, 75, 87, 88, 89, 94;
«Семетейде»:103,104,113,114,119, 126, 128, 131, 134, 138, 142;
«Сейтекте»: 148, 149, 153, 167.

**Тапшырма.** Сандын ордундагы тема аркылуу окуяны эсте. Окуялар топтомун кара.

2. Сын «Манаста»: 11, 12, 32, 34, 45, 51, 57, 59, 77, 91;
«Семетейде»: 115;
«Сейтекте»: 151, 157, 158.

**Тапшырма.** Сандын ордуна теманы кой, ал аркылуу окуяны эсте.

3. Даанышмандык «Манаста»: 13, 22, 69, 79, 97, 98,100;
«Семетейде»: 107, 111, 128, 143, 144;
«Сейтекте»: 152, 154.

**Тапшырма.** Сандын ордуна теманы кой, ал аркылуу окуяны эсте.

*Үлгү.* 13 – «Бирөөбүз түшүп Эренге». Бул темада Акбалта Жакыпка акыл айтат. «Киндик кесип кир жууган жерди табабыз, паана берип жараткан элди табабыз» дейт. Душман жер ооду кылып жибергенин, бул бала үзүлгөндү улап,чачылганды жыйнарын, уккан кабарын, Манаска Чоң Жинди деп ат коюунун зарылдыгын түшүндүрөт. Ошентип, Акбалта өткөн-кеткенди, баланын алп баатыр болуп чоңоерун гана айтпастан, келечекте болуучу кесепеттерге да алдын ала бөгөт коет. Бул – чыныгы даанышмандык.

## III. Мифтер

Миф «Манаста»: 12, 17, 36;
«Семетейде»: 106, 108, 113, 116, 123, 124, 130, 136, 144, 146;
«Сейтекте»: 166, 170, 171, 173, 175.

**Тапшырма.** Сандын ордуна теманы кой, анан ал аркылуу окуяны эсте.

*Үлгү.* 12 – «Кабылан, арстан». Текстте «Көргөндүн көөнү бөлүндү, арт жагында баланын кара-көк жалы көрүндү, кара чаар кабылан капталында чамынды, көсөө куйрук көк арстан оң жагында камынды»деп берилет. Кабылан менен арстан баатырга сүр кошуп турат, бирок анын бул жерде колдонулушунун сыры Манастын колдоочусу экендигинде. Демек, алар мифтик кубулуш.



## IV. Эпостун поэтикасы

Албетте, поэтика – бул чыгарманын көркөм түзүлүшү жөнүндөгү илим. Демек, «Манастын» поэтикасы дегенден окуялардын курулушун, образдардын түзүлүшүн жана көркөм каражаттарды түшүнөбүз. Биринчи – окуялардын курулушу боюнча таанышасыңар, анткени өзөк окуялардын топтому берилип, алар менен бир кыйла тааныштыңар. Анда окуялар башталып, өнүгүп, чиеленишип, курчап отурат да, белгилүү бир чечилишке эгедер. Ушулардын өзү бири-бири менен чынжырдай бекем байланышта. Бири экинчисине шарт. Ошентип, бир бүтүндүктү түзөт. Ушунун өзү–көркөмдүк. Экинчиден – окуялардын өзү бир же бир нече каармандын образынын оожалышына көрөңгө болот. Каармандар менен да «Бейне» топтому аркылуу таанышасың

Ал эми көркөм сөз каражаттарынын айрым үлгүлөрү ар бир параграфтын соңунда «Сөз берметтери» деген темада берилди. Демек, муну менен да кыйыр түрдө таанышсың. Ошентсе да, айрым көркөм сөз каражаттары жөнүндө маалымдап берүүгө болот.

**1. Эпитеттер:** ***Эр, шер, айкөл, канкор, баатыр, арстан, жолборс, кабылан, сырттан, куу, аяр*** **ж.б. Мисалы, Айкөл Манас.**

**2. Мүнөздөмө эпитеттер:** ***алышса адамдын күчү жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн (Чубак); чыканактап калбаган, чырм этип уйку албаган, бүткөн бою чулу таш (Сыргак); ат мүдүрүлүп, кайра оңолгончо алтымыш түрлүү акыл-айла ойлонгон (Серек); караңгыда көз тапкан, капылетте сөз тапкан*** **(Бакай) ж.б.**

**3. Салыштыруулар:** ***көзү көлдүн быткылдай; кышкы кирген буурадай; тоо бүркүттөй күркүрөп; майлаган буудай жүздөнүп, күүгүм туман көздөнүп.***

**4. Метафоралар:** ***көздөн жалын шыркырап, оозунан түтүн буркурап; жолборс жүрөк, таш билек.***

**5. Гиперболалар:** жан казандай башы бар, жаткан иттей кашы бар; каалгадай кашка тиш.

**6. Литота:** чыканактай Эр Агыш: томуктай болгон тоосу жок; коргошундай Манасты корголдой кылып көтөрүп.

Ошентип, эпостогу маанилер көркөм шөкөт менен ширелген.

## V. Ой сандык

*(Окуядан ой чубап алуу ишмердиги)*

1. Эпосту окудуң, окуяларын билесиң, ал эми окуядан ойду кантип чубап алуу керек? Антпесең эпостун тереңинде катылган сырды – сага таберик кылып ата-баба калтырган руханий мурасты өздөштүрүүдөн оолак каласың.

2. Ойду чубап алуу өзөк окуялардын топтому боюнча жүргүзүлөт. Аны төмөнкү үлгү боюнча элестетип түшүн.

*Үлгү.* «Көркөм уютку» деген тегерек алкактын ичине «Алтынай» деген теманы коебуз. Окуя топтомундагы катары – 47. Эсиңдедир, жолун тоскон кытай, манжунун жети баатырын Алмамбет катары менен ыргыта саят да, шайы кетип, айнектей көзү тунарып, эси ооп, аттан түшүп отуруп калат эмеспи. Ошондо Коңурбай Алмамбетти камынтпай сайып өлтүрүш үчүн учкан куштай зымырап жөнөп калат. Ошол маалда ак байбиче Алтынай Алмама караан болуп берейин, ажалым жетсе өлөйүн деп, тору бээге минип, түрмөктөлгөн кара чачты төбөгө түйүп... (калган окуя эсиңде, кайталоонун зарылдыгы жок). Мына ушул окуя борбордо. Андан ой чубап алуу керек. Биринчи– «Кандай ой айтылган?» Жооп: «Бул чакан окуя муну




туюндурат. Энелер уулунун адилет иши үчүн отко да, чокко до түшөт. Алтынай эне өлүмгө кокусунан кабылбайт. Ал аң-сезимдүү түрдө уулу үчүн курман болууга барат». «Эне баласы үчүн жанын садага чабат, ошон үчүн энени сыйла, төбөңө көтөрүп бак»– «Манас» Алтынай аркылуу ушундай улуттук наркты, көөнөрбөс ойду айткан. Экинчиси – «Образдардын ачылышы». Мында ушул бир жылт эткен окуя аркылуу Алтынайдын образы ачылат. Эненин кимдиги, кандай адам экендиги, ой-максаты аңдалып билинет. Алтынай – мыкты эне, уулун жанынан артык көрөт. Анын максаты – адилеттикти издеп чыккан уулуна жөлөк болуу, кара башын садага чабуу. Үчүнчүсү – «Салыштыруу». Бул окуя Каныкейдин Семетейге, Айчүрөктүн Сейтекке кылган камкордугуна окшош. Айырмасы – кыскалыгы.Төртүнчүсү –«Тарбиялык мааниси». Адилеттик үчүн күрөшкөн уулу үчүн курман болуу үлгү алууга татыктуу. Ошон үчүн эне ыйык, эне–мекендин борбору, куту. Ошол себептен миңдеген жылдар бою мындан укумтукум тарбия алган. Бешинчиси – «Баа бер». *(Бул сенин жекече мамилең.)* Жооп: «Бул окуя мага жакты, ошондой эле өмүр бою эсимден кетпейт. Алгаранын ичин жара сая албай калганына өкүнөм. Бирок найза саярда көзүн жумуп жибериши кемчилик эмес. Сайышка катышпаган ким деле болсо ошентмек. Алтынай, менин оюмча, Каныкей менен Айчүрөктүн образын толуктап турат».

### Тапшырмалар

1. Өз алдынча иштөө үчүн. Окуяны өзүң танда. Аны «Көркөм уютку» деген борборго коесуң да, анан беш багыт боюнча эпостон ой чубап аласың.

2. «Сунуш кылынган окуялар»: 24. Ордону тебелетүү. 28. Манастын атасына айтканы. 52. Биринчи сыноо. 91. Манастын уйкусу. 144. Төлгө таштын ишараты. 161. Токсон кетмен.

### *Эскертүү*

*1. Жогорку үлгү боюнча окуядан ой чубап алуу иши бардык теманы камтыбайт.*

*2. Бирок билиш керек, көкүрөгүңдө турсун. Ичиңен туй, сез, түшүн.*

*3. Мындай окуянын аркасында турган ойду чубоо ишмердиги сага башка көркөм чыгармаларды окууда да керек.*



### ИЗДЕ, ТАП, ОКУ!


1. Саякбай Каралаев. «Баатырлар жана айымдар». – Фрунзе: «Мектеп», 1967.
2. «Айкөл Манас». (Кара сөзгө айландырган К. Мамбетакунов). – Бишкек, 1995.
3. «Айкөл Манас баяны». (Кара сөзгө айландырган Б. Максүтов). – Бишкек, 1995.
4. «Манас» (кара сөзгө айландырган К. Жусупов), – Бишкек, 1995.
5. Жакыпбек А. «Теңири Манас». – Бишкек: «Кыргызстан», 1995.
6. Исаков Б. Манас сабагы. – Бишкек: «Кыргызстан», 1994.
7. Исаков Б. Манастын жети осуяты. – Бишкек: «Учкун» концерни, 1997.


### *АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН*

**Баатырдык эпос.** Бул – кыргыз эпосторунун чагылдырган окуяларынын мазмунуна жараша айырмаланган бир салаасы. Баатырдык эпостор – эл-журтту, Ата мекенди тышкы жоодон сактап калуу үчүн кара башты сайып эрдик көрсөтүүнү, «өзөктөн күйгөн өрт, өздөн чыккан жат» болгон ички душмандарды талкалап, жеңип чыгууну, бейпил, бардар турмушка жетүүнү даңазалаган чыгармалар. Мындай эпосторго «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Курманбек», «Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Шырдакбек», «Жаныш-Байыш», «Жаңыл Мырза» ж.б. кирет Илимпоз Райкул Сарыпбеков ага мындай аныктама берет: «Баатырдык эпос – элдин өзүнүн жашоосу, көз карандысыздыгы үчүн душман күчтөр менен кагылышууларынан келип чыккан күрөшүн чагылдырган чылк ыр же кара сөз аралашкан көркөм баян». Демек, баатырдык эпостордун мүнөздүү өзгөчөлүгү–тынч жан сактоо жана көз карандысыздык үчүн элдин ички жана тышкы душмандарына каршы кыл чайнап, каруусун казык, кара башын токмок кылып эрдик менен салгылашуу. Мисалы, Манас селдей каптап келген душманды көргөндө, өзүнүн керт башынын амандыгынан элдин ар-намысын жогору коет: «Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе, өлөйүн, өлбөй тирүү жүргөндө, не мураска жетейин, калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин, найзалашып топ бузам, тагдыр жетсе, окко учам». Демек, мындай көрүнүш баатырдык эпостордун баарына мүнөздүү.

III БАП

# ОРТО КЫЛЫМДАГЫ АДАБИЙ МУРАСТАРДАН

*«Белектин баары бүтөт, жок да арга,*
*Мен берген түтөт, турат кылымдарга»*
Ж. Баласагын

## ЖУСУП БАЛАСАГЫН

### «КУТТУУ БИЛИМ» ПОЭМАСЫ

**1. Жусуп Баласагындын өмүрү.** Жусуп Баласагын Чыгыштын ойчулдары аль-Фараби, Бируни, Абу али Ибн-Сина, Ибн Рушд жана алп акындар Рудаки, Фирдоуси, Омар Хайям, Низами, Навоилердин катарында турат. Ошол кездеги тарыхый шарт боюнча араб тилинде жазбастан, ал аль-Фараби, Бируни, Махмуд Кашкары сыяктуу чыгармасын түрк тилинде жазган. Бул жөнүндө акын мындай деп жазат:



«Кийик эле түрк сөзү тоодо жүргөн,
Үйрөттүм, үйүр кылдым анын өзүн.

Сылап-сыйпай бакканда жоошуп калды,
Бирок али унутпайт азоо кезин.

Чарчабастан жыйнадым Сөздүн кутун
Аңкытты анан сөздөр жыпар жытын».

Ал жазган китептин аты – «Куттуу билим» («Кутадгу билиг»). «Түрк тили» деген түшүнүктүн чежиресин чечип түшүнүү керек. Өз учурунда түрк тилин жыйнап, аны кенен-кесири изилдеген Махмуд Кашкары уйгур, татар, йябаку, кай, басмыл, башкур, булгар, субар, ж.б. элдер түркчө сүйлөшөрүн, бирок өздөрүнчө да сөздөрү бар экенин белгилейт да, накта түрк тилинде сүйлөгөн *кыргыз, кыпчак, огуз, тукси, йагма, чигил, йарук* эли экенин жазган. Демек, Махмуд Кашкары – бул тарыхтын кашкайган күбөсү, анын пикирлери – үстүрт ой жүгүртүү эмес, өзү XI кылымда кыдырып, көрүп, сүйлөтүп, угуп, салыштырып,



салмактап чыгып, анан барып чыгарган тыянактары. Ошол накта түркчө сүйлөйт деген калктардын ичинде бүгүнкү күндө сакталып калганы да – кыргыз тили. Калган кыпчак, огуз, тукси, йагма, чигил, йарук элдери өз атын жоюп, башка тилдерге сиңип кетишкен. Демек, Жусуп Баласагын чыгармасын жазган түрк тили тикеден тике жана биринчи иретте кыргыз тилин да камтыйт. Ошентип, ал жалпы түрк элдеринин орток акыны болуу менен бирге, нагыз түркчө сүйлөгөн жана нагыз түркчө сүйлөгөндөрдүн ичинен бүгүнкү күндө сакталып калган жападан жалгыз калк – кыргыз элинин да өз акыны.

Жусуп Баласагын болжол менен 1015–1018-жылдарда туулуп, 1070-жылдан кийин кайтыш болгон. Кайда, качан өлгөнү жөнүндө так маалымат жок. Чүй боорундагы Баласагын шаарында төрөлгөн. Ал шаар Токмок шаарынын четиндеги Буརананын аймагы экендигин, ага Акбешим шаарчасы да кирерин В.В. Бартольд, А.Н. Бернштам өңдүү чоң илимпоздор жазып кетишкен. 1069–1070-жылдары «Куттуу билим» поэмасын жазып, аны Караханийлер каганы Тавгач Буура хакан Абу Али Хасанга (ал 1056–1103-жылдарда бийлеген) тартуу кылган. Бул дастан үчүн акынга «Улуу хас хажиб» деген ордолук чин ыйгарылган, «хас хажиб» хандын атайын кеңешчиси деген маанини билдирет. Кээ бир тарыхый маалыматтарда Жусуп Баласагын (же Жусуп Баласагуни) деп атоо менен катар Йусуф Хас Хажиб деп аталышы да жогорку ордолук чинге байланыштуу.

**2. «Куттуу билим» поэмасы жөнүндө**

«Карып калдым, элүүдө менин жашым,
Капкара кузгун эле, ак куу башым...

Он сегиз ай ичинде жазып бүттүм,
Терип сөздүн асылын келсе жөнү», – дейт Жусуп.

Демек, ал «Куттуу билим» дастанын баштаганда элүү жаш курагында болгон, он сегиз айдын ичинде аны сөз асылы менен шөкөттөп жазып бүткөн. Ушул поэманын жазылып бүткөн убактысын окумуштуулар 1069–1070-жылдар деп эсептешет. Албетте, бул дастан – түрк элдеринин ортолук мурасы. Азыр анын жалпыга белгилүү үч көчүрмө нускасы бар. Бири 1439-жылы Герат шаарында (азыркы Афганистанда) уйгур арибы менен жазылган нуска, ал Вена шаарында сакталуу. Экинчиси – Каир нускасы, ал араб арибы менен XIV кылымдын биринчи жарымында көчүрүлгөн, Үчүнчүсү – 1914-жылы табылган Наманган нускасы, ал XII кылым менен XIII кылымдын ортосунда араб арибы менен көчүрүлгөн. Бирок тамга араб, уйгур элиники болгону менен, сөзү түрктөргө таандык. Академик В.В. Радлов «Куттуу билим» уйгур тилинде деген өзүнүн алгачкы аныктоосунан баш

тартып, минтип жазган: «1891-жылы мен Вамбердин көз карашы менен толук макул болуп, «Куттуу билим» байыркы уйгур тилинде жазылган деген пикирде элем. «Куттуу билимде» уйгур деген сөз бир дагы жолу кездешпейт. Менин «Куттуу билим» уйгур тилинде эмес деген пикирге келишиме өз эне тилинде биринчи китеп экенин көрсөткөн автордун сөзү негиз болуп отурат». Жусуп Баласагын өзү жазган эмгектин тили жөнүндө минтип эле ачык-айкын айткан: «Түрк сөзүнүн көркүнө нак тунарсың». «Куттуу билим» дастаны немис, түрк, орус, өзбек, уйгур, англис, кыргыз ж.б. тилдерге которулган.

### «КУТТУУ БИЛИМ» ПОЭМАСЫНЫН КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны, аны изилдеген окумуштуулардын пикири боюнча, түрк тилиндеги алгачкы энциклопедиялык чыгармалардын бири. Анткени анда бардык тиричиликтик жагдайлар бар, ал өтө бай тарыхый-этнографиялык маалыматтардан тартып, жүрүш-туруш, адеп, тил, дин, акыл, бак-дөөлөт, билим, адилеттик, ыйман, нысап, каниет, жакшылык, жамандык, мамлекетти башкаруу, элге кызмат кылуу, үй-бүлө, кесиптин өзгөчөлүктөрү өңдүү толгон-токой маселелерди мазмунуна чөгөрүп турат.

Көөнө түрк тилинен которулган *(аны кыргызча сүйлөткөн Т. Козубеков)* бул дастан элибизде эки жолу (1988, 1993) өзүнчө китеп болуп жарыяланды. Көлөмү – 490 бет. 13444 ыр сабынан, же бейт түрүндөгү 6722 кош саптан турат.

**1. Кириш сөз.** Дастандын башталышы кара сөз түрүндө. Бул бет ачарда төрт маани камтылган: 1) Жерди-көктү жараткан, кыбыр эткен жан-жаныбарларга жан салган, ойлогону орундалган кудайга жана анын тиреги Мухаммед пайгамбарга алкыш айтылат; 2) түрк сөзү менен жазылган бул китепти Чиндер (Түндүк Кытай) «Такыбалык жыйнак», Мачиндер (Түштүк Кытай) «Мамлекет түркүгү», чыгыш өлкөлөрү «Өкүмдарлар зыйнаты», ирандыктар «Түрктөрдүн «Шах китеби», айрым адамдар «Өкүмдарларга осуят китеп», турандыктар «Куттуу билим» деп аташкандыгын кеп кылат; 3) мында бул китепти жазган Баласагындык киши такыба, сыпаа экендиги, бул эмгегин Кашкардан бүтүрүп, аны чыгыштын өкүмдары Тавгач-кандын ордосуна тартуулаганы, ага зор урмат-сый көрсөтүлүп, хас-хажиб наамы берилгендиги, ошондон тартып анын зоболосу көтөрүлүп, «Улуу хас-хажиб Жусуп» деген аты оздон түшпөй даңкталгандыгы баяндалат; 4) бул китептин өзөгү түбөлүктүү түшүнүктөр: адилет, дөөлөт, акыл, каниеттен турарын, адилетти Күнтууду Элик (өкүмдар), дөөлөттү Айтолду (увазир), Акылды Акдилмиш (увазирдин уулу), каниетти Өткүрмүш (увазирдин иниси) деген аттар менен ата-



гандыгын белгилейт. 1–75-бейттерде кара сөз түрүндөгү баш сөздө айтылган маани ыр менен кайталанат. Өзү жөнүндө минтет:

Эске тут, бил китепти жазган адам,
Атактуу, сыпаа, сөзмөр болгон абдан.

Акылдуу түркүн-түркүн билим билип,
Жүрүптүр эл ичинде ойноп-күлүп.

Ал жетип журт ичинде урмат-баркка,
Бай экен калыс сөзгө, акыл наркка.

Күз-Ордо – анын туулуп-өскөн жери,
Жатык тил, учкул сөздүү тууган эли.

Шык айдап тууган жерден чыгып кетти,
Бүткөрдү бөтөн жерде бул китепти.

Багыштап бардык дитин жазып накта,
Эмгегин аяктады Кашкар жакта.

Сен үчүн түркчө ырлар тартуу кылдым,
Окуурда мага арнап дуба кылгын.

Өтөрмүн бул дүйнөдөн, уккун өзүң,
Акыл тут айкандарды ачып көзүң.

Акын атактуу, сыпаа, сөзмөр, акылдуу, түркүн-түркүн билим алган, калыс сөзгө жана наркка бай инсан. Эл ичинде ойноп-күлүп, урмат-баркка ээ болгон. Туулган жери – Күз-Ордо (Махмуд Кашкары Баласагын шаарынын бир аты Күз-Ордо, экинчи аты – Күз-Үлүш экенин жазып кеткен). Дагы бир белгилөөчү нерсе–дастанды акын туулган жеринен эмес, бөтөн жерден – Кашкар жактан аяктаган. Мына ушундай кириш сөздөн кийин дастандагы темалардын катары берилип, ошондон соң поэма кайра 1-бейттен башталат.

**2. 1–33-бейт.** Бул ырлар жараткан кудайдын урматына арналган.

Мисалы: Мен сөзүмдү баштайын кудайым деп,
Жараткандын жалгаса амири көп.

Даңкына, урматына санак жетпес,
Кудайым түбөлүктүү, өлбөс-өчпөс.

Улуулук сенин гана улуу белгиң...
Теңдеши жок бир өзүңө, болбойт эч ким.

Сага эч ким кошула албайт, сен – бүтүнсүң,
Аягы, башы да сен бардык иштин!

... Чынында түбөлүктүү бир өзүңсүң,
Бирөөсүң, кошулбайсың өзүңө-өзүң.

Сен өзүң ичте-тышта дайым барсың,
Көрбөйбүз, көңүлдөсүң дайым – ал чын.

...Бардыгын сен жараттың жанды, денди,
Баары өлөт, сенсиң жалгыз түбөлүктүү!

**3. 34–48-бейттер.** Пайгамбардын жакшы сапаттарына арналат. Акын пайгамбарга: «Кыяматта бура көрбө жүзүңдү, жол көрсөтүп сакта мендей кишинди!»–деп кайрылат.

**4. 49–62-бейттер.** Бул ыр саптарын акын дин, шарияттын түркүгү, пайгамбардын төрт шакирти: Атык (Абу-Бекр), Фарух, Осмон, Азирет Аалыга арнайт.

**5. 63–123-бейттер.** Бул бөлүмдө Тавгач Буура Кара кандын сапаттары даңкталып, ага удаа тартуу жөнүндө баяндалат.

Тартуунун алгандырсың жүзүн, миңин,
Тартуум сага берер «Куттуу билим».

Белектин баары бүтөт, жок да арга,
Мен берген түтөт, турат кылымдарга.

Чогулткан байлык кетер суудай агып,
Жазуунун өмүрү узун, күндөй жарык!

**6. 124–147-бейттер.** Асмандагы жылдыздар, жети планета, мезгил жөнүндө айтылат.

Үч белги жазга төбөл, үчү–жайга,
Үчү–күз, үчү–келет кышкы айга.

Жолукпайт, айлампада тегеренет,
Көрүшпөйт, бирин-бири ээрчип жүрөт.

**7. 148–161-бейттер.** Адам баласынын акылы менен билимине багышталган.

Адамзатты жаратты жандан артык,
Акыл, билим, өнөрдү берди калпып.



**8. 162–192-бейттер.** Тилге арналган.

Илим менен билимге көпүрө – тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.

Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлотот, башын алат.

Тил–арстан, босогондо комдонгон,
Бошоп кетсе өзүңдү да жеп койгон.

Көп сүйлөбө, а көрөкчө так сүйлө,
Түмөн сөздүн оң мааниси – бир сөздө.

Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр түбөлүктүү, өлбөйт ал.

Адам өлсө, сөзү калат артында,
Жакшы атагы жашай берет калкында.

**9. 193–230-бейттер.** Мында китеп ээси урпактарга кайрылат.

Билимдүү аз, эң арбын билимсиздер,
Акмактар көп, эң эле аз илимдүүлөр.

Акмактар акылдууга душман келет,
Акмактар акылдууну бузуп жүрөт.

Сөз деген төөгө окшош буйлаланган,
Жетелесең моюнун толгоп турган.

Киши көөнү түпсүз деңиз ашынган,
Билим – бермет эң түбүнө катылган.

Баары өтөт, түбөлүктүү – жакшы атак,
Жакшы адамдын ишин айтып макташат.

Сен да өтөсүң, калтыр жакшы атыңды,
Атың калса, сактаганың даңкыңды.

**10. 231–287-бейттер.** Жакшы иштердин сапаттары жөнүндө айтылат.

Жаштык өтөт, өмүр бүтөт элирген,
Бу дүйнө – түш, сен да өтөсүң өмүрдөн.

Өмүрүңдү ата журтка арнасаң,
Жыргап-куунап, кор болбойсуң эч качан.

Бул дүйнөгө далай эрлер келишкен,
Жашап, өнүп, кез келгенде өлүшкөн.

Бек болсоң да, кул болсоң да бүт баары,
Өлөт бир күн, артта калат аттары.

Жакшы адам тирүүсүндө алкыш алат,
Жамандар өлсө дагы каргыш табат!

Жамандык өрт сыяктуу тутанган соң,
Туш келгенин калтырбай мойсоп койгон.

Элин сүйүп, жакын болсо билимге,
Жакшыларды жакын кылар түбүндө.

Төрдөн орун тийген болсо наадaнга,
Улагада калганыңа арданба.

Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк,
Ач көзүңдү, билимге умтул тезирээк.

Адам оюу айтылат го сөз менен,
Сөзү жакшы – сүймөнчүктүү жүзгө тең.

**11. 288–349-бейттер.** Окуу менен билимдин пайдасына арналган.

Окуу – түндө, алдыңдагы шам чырак,
Билим алсаң, маңдай ачык жаркырап.

Сокур дешет билимсизди, жөн дебе,
Окуу гана жарык чачат дүйнөгө.

...Өнөргө ээ болосуң окуу менен...
...А билим байлык каткан казынага тең...

Билимдин жыпар менен мааниси окшош,
Экөөнү өзгөлөрдөн катып болбос.

Жыпарды канча катсаң, жыты чыгат,
Билимди айткан сөзүң дайын кылат.

Билим болсо–жан кыйышпас дос саган,
Илим болсо–кесиптешиң, кошунаң.

Билимдүүгө окуу кийим, аш болот.
Билимсиздер ушак менен дос болот.



Бир душман – тили болот айтар ушак,
Да бири, куру убада–тарткан тузак.

Үчүнчү ичимдикке берилгендик,
Белгилүү анын арты–тирүү өлүк!

**12. 350–397-бейттер.** Китептин атынын берилиши жана карылык тууралуу.

Жаштык өтөт көз ирмемде–баалай бил,
Кармасаң да өмүр бүтөт–билип жүр.

Карып калдым, элүүдө менин жашым,
Капкара кузгун эле, ак куу башым...

Алтымыш «Кел бери!» деп үндөп турат,
Бармын жыгылбасам жолдон сулап!

Жаш кезимде баары кубаныч, күлкү эле,
Эми ичкеним-уудай ачуу бир неме.

Ийилбес жебе элем, жаадай болдум,
Жүрөгүм учкан жебе, толбойт ордум.

**13. 398–461-бейттер.** Мында адилет өкүмдар Күнтууду Элик жөнүндө баяндалат.

**Күнтууду ким?**

Ал Күнтууду дүйнөгө атагы ашкан,
Бактылуу, бардык жакта даңкы дастан.

Адилет, түз сүйлөгөн, сурай билип,
Калпы жок, сөзү, оюу көктөй бийик.

Ал болчу акыл-ойлуу, ишке чапчаң,
Бузукка – күйгөн жалын, каска-капкан.

Тартынбай, ишти адилет чече билди,
Күн санап анын даңкы арта берди.

Илимдүүнүн бардыгын колуна алды,
Билимдүүнү чакырып ишке салды.

Бир жолу кейип калды ойлоп өзү:
«Бийликтин иши татаал, ачуу сөзү.

Түйшүктүн көптүгүнөн баш адашат,
Акылдуу адам керек жөндөөчү бат.

Мен үчүн иш башкаруу барат оорлоп,
Акылдуу адам болсо, көмөк болмок.

Так кылып буйругумду орун кылса,
Айттырбай ичти, тышты билип турса!»

**14. 462–764-бейттер.** Айтолдунун Күнтуудуга кызматка өткөндүгү туурасында айтылат. Айтолду Күнтуудунун өзүнө жардамчы издеп жатканын угуп калат да, дароо бул кызматка барууну чечет. Күсөмүш деген досу бар эле, ошого тилегин айтат. Күсөмүш макул болот да, Күнтуудунун хас хажибине барып жолугуп, максатын айтат. Хас хажиб Айтолдуну чакыртат да, анын тилегин өз оозунан угат. Айтолдунун асыл адам экенин билип, аны кетирип жиберет да, өзү Эликке жолугуп, кездешкен адамдын так, түз, акылман, билимдүү экендигин айтат.

– Чакыр, кана, келтир, ал кайда? Аны мага көргөз,–дейт Элик. Хажиб Айтолдуну чакырып келет. Айтолду мындай дейт:

– Кулуңмун, эшигиңде кызматчыңмын, буйурсаң ак кызматың кылмакчымын. Тилегим мени куубай бөлүп, жаныңа жакын карма, ишке чегип.

– Кызмат кыл, ачык пейил, дитиң менен, чынчылга бектин дайым колу кенен! – деп Күнтууду макул болот.

Ошентип, Айтолду Күнтуудуга кызмат кылат. Баш көтөрбөй, пейили менен иштейт. Иштин көзүн таап, Эликтен көп сый көрөт. Ошондой күндөрдүн биринде Күнтууду Айтолдуну чакыртат. Өкүмдар өзү жалгыз эле. Элик жайдарыланып суроо салса, Айтолду терс бурулат жүзүн үйрүп. Эмне болуп кетти? Күнтууду:

– Түркөйлөрдүн түркөйү сенсиң ушу! Өтө ишенип, иш кылгам го жакпаган, эл алдында эми кантип актанам. Бутту сунуп чиренесиң эмнеге, айтчы бул жер сен отурчу жер беле? Бекке өзүңдү бир коюп теңебегин. Бек деген – от, отко жакын барбагын, күйүп бекер күлгө айланып калбагын.

Ошондо Айтолду күлөт да, минтип жооп берет:

– Сурап калдың эми тыңша сөзүмдү. Орун бердиң, ага мен отурбадым, «мага орун жок» дегеним болчу аным. Мен Дөөлөт, келем токтоор жайды билбей. Сен карасаң, көзүмдү жумдум бекем, дагы да ким экеним билсин дегем. Мен өзүм дөөлөт келем, сокур келем, ким тартса ошону ээрчип кете берем. Ак жүзүндөн жүзүмдү буруп алганым, мендеги мүнөз өзгөрүлмө, кыялым чапчаң. Бакыт аккан суу менен жүргөн желдей. Бакыт – кут, өзгөрүлмө, бапа болбойт, жылмышып жерге түшүп, учса–конбойт.

– Түшүндүм,– дейт Элик,– айтчы эми, өзүң кимсиң, тегиң кандай?



– Мен байлык менен бийликке болом өзөк. Ыракат, жыргал баары мени менен. Түйшүктөр өтөт башка жолу менен. Кут менен табыштыңбы – бекем карма, бакытты бага албасаң – кырсык анда.

– Бийиксиң, эми билдим,– дейт Элик,– барбы сенин кыпындай кемчилигиң?

– Ар кандай адамдар бар, менде жок жамандыкты жармаштырар. Айтышат «Өзгөрүлмө, туруксуз»– деп. Касиет өзгөрүлөт – анда жок өөн, о, бегим, түрдү гана мен өзгөртөм. Бактым бар деп кубанба, келет-кетет, дөөлөт бар деп ынанба, толот–бүтөт.

– Ооба, сен,– деди Элик, өзгөрүлмө, туруктуу болосуңбу көз ирмемге.

– Тездикте менин сырым,– дейт Айтолду,– кийик сымал ылдаммын. Мени кармоо кыйын, анткени мен күлүкмүн. Кармоочу шамдагай, ылдам болсо, ошол мени чыгарбай кармайт колдон.

– Канчалык сенин күчүң? Кандай чалма ылайык кармаш үчүн?

– Бар андай толгон кишен,– дейт Айтолду, – мени издеген адам ынсаптуу, бой көтөрбөс, жаркылдаган, жылуу сөздүү болсун. Текебердиктен, жамандыктан, ала көөдөндүктөн алыс болсо, өзүнө тең адамды чогуу тутса, мүнөзү иши менен бийик чыкса, улууну ак дилинен урматтаса, кичүүнү орду менен сыйлап турса, кишини кордобосо, кичүүнү басынтпаса, ичимдикке жолобосо, өз байлыгын максатсыз коротпосо, кол-бутун оюн-шооктон алыс кылса, бар күчүн жакшылыкка жумшап турса, дөөлөттү кармай турган чалма ушул. Ооба, дөөлөт – күлүк кийик жапайы, кармаган соң бекем карма сен аны. Бек кармасаң, ал кача албайт эч жакка, бир бошонсо, кайра илинбейт тузакка.

– Түшүндүм,– деди Элик, – сен бакытсың, ынакмын, бирок неге башыңды ала качтың? Аттиңай, туруктуулук жок го сенде, бул сенин сыртың жоомарт, ичиң балээ. Баладай терметесиң мээрим төгүп. А кайра мурдуң чүйрүп кетип каласың. Ишиң, сөзүң бүт жалгандай көрүнөт.

– О, Элик,– деди Айтолду,– жаман, жакшы жагымды айттым баштан. Мени алдап кармоо жолун айтып бердим. Жүгөндү ката албаса, тосчу немең, кийиктей так секирип качып кетем. Кут бир келет – бакпасаң кетип калат, бак бир конот–үйлөсөң өчүп калат. Бакытка колуң жетсе, карма бекем, бошотсоң сага экинчи келбейт, ишен. Бакыт шарты – дайым таза жүрүү, ар кандай жаман иштен алыс болуу, чалынбастан күнөөгө өмүр сүрүү.

– Сапатың,– деди Элик,– бийик да, пас. «Айтолду» деген аттын кандай жөнү?

– Акылман Айга окшошсун деген эле,– деди Айтолду. – Ай дагы жаңырганда ичке болот, аз-аздан улам өсүп, улам толот. Толгондо бүт ааламды жарык кылат, ал нурун адам үчүн чачып турат. А бирок көркөмү өчө баштайт батар чакта. Азайып, анан

барып өчүп тынат, кайрадан түнгө жарым шоола чыгат. Мага да дал ушундай өзгөрүү ак, көрүнүп же жоголуп турамын бат. Кадал ушундай өзгөрүү ак, көрүнүп же жоголуп турамын бат. Кабатат. Мен кетсем, мурунку түрүнө ал кайра түшөт, жыйган мүлкү чачылып, баштапкы таз кейпине келет мүлдө. Менде да касиеттер дал ушундай, бир түшүп, кайра көккө чыгып турмай. Кетем-кетем, жер жүзүн айланамын. Ошон үчүн ат койгон «Айтолду» деп. Дөөлөтмүн – мына ушунда толук-кемим. Бир менде ооруун да, дарың сенин. Ишенгин, болгон чындык ушул, кармасаң да, куусаң да эрк өзүңдө.

– Толук уктум сөзүңдү,– деди Элик,– дили жакын сезилди. Кудай буйруп туш болупмун өзүңө. Күнү-түнү сен болосуң кашымда.

Ошентип, Күнтуудуга Айтолду жагат. Ал кызматын ак өтөп, Эликтин ишине жардам берет.

### Суроолор

1. Кириш сөздө эмнелер баяндалган?
2. Кириш сөздө акын өзү жөнүндө эмнелерди айткан?
3. 1–33-бейттерде кудай жөнүндө кандай ойлор чагылдырылган?
4. 63–123-бейттердеги «Белектин баары бүтөт, жок да арга, мен берген түтөт, турат кылымдарга, чогулткан байлык кетер суудай агып, жазуунун өмүрү узун, күндөй жарык» деген саптардагы маанини чечмеле.
5. Адамзаттын башка жан-жаныбарлардан артык жаралышы эмнеге негизделген?
6. Күнтууду ким, кандай адам? (398–461-бейттерди пайдалан.)
7. Айтолду Күнтууду менен кантип байланышты?

### Тапшырмалар

1. Көрктүү оку: 162–192, 193–230, 231–288, 288–349, 350–397-бейттер боюнча.

2. Алым-сабак түрүндө окугула: 1-маектешүү 462–764-бейттердеги «Түркөйлөрдүн түркөйү сенсиң ушу!» дегенден башталат. «Деди Элик», «дейт Айтолду» деген жерлери окулбайт. Маектешүүчүлөр: Күнтууду Элик, Айтолду. Ал эми бул эки каарманды ар бириң эле алмаштырсаң болот.

3. Сөздүккө жаз: Элик – Кара кагандар дөөлөтүндө бийлик ээлери алып жүргөн титул, бийлик ээгеси дегенди түшүндүрөт.

## 15. 765–1044-бейттер.

### Айтолдуга жооп

Күнтууду Айтолдуну чакыртат. Эликтин кабагы бүркөө, терең ойго баткан. Отурган орду – үч буттуу күмүш такты. Колунда бычак. Оң жагында идиште бал, сол жагындагы идишке уу куюлган.

**Күнтууду.** Тилди сайрат! Неге дудуктай үн катпайсың. Бул жерде бөтөн жандар жок го!

**Айтолду.** Өкүмдарым, сүйлөөгө келбей жатат дарман-алым. Сен азыр байкашымча бөлөкчөсүң, ийменип тилден калып турам өзүм. Акылман үйрөтүптүр түркөй жанга: «Ачуулуу бек алдына жакын барба!» Андан да жакшы айтыптыр бир акылман: «Бектин каары от менен уудан жаман».

**Күнтууду.** Муну кандай түшүнөм, неге иймендиң, суруң качып жүзүңдөн?

**Айтолду.** Таң калганым, эмне үчүн отурганың күмүш такты? Максаты эмне? Бычагыңда кандай сыр бар? Үчүнчү–уун менен таттуу шире, кеседе, ондо, солдо турат неге? Карасам ачуулуусуң, каардуусуң, ушундан жүрөкзаада болуп турам.

**Күнтууду.** Түшүндүм, баарын сага туюнтайын. Чакырдым, сени түйшүк ишке тарттым. Өзүңдүн ким экениң ачык айттың. Айтам азыр жүргөн-турган салтымды, билип жүргүн менин кайрат, даңкымды. Мына мен Адилеттин өзү болом, адил заңдын аярлар көзү болом.

Мына так–мен отурган бийлик кылып,
Үч буту бек кармаган турат тутуп.

Үч буттуу буюм бекем болот экен,
Туруктуу болсо үч буту–орун бекем.

Кокустан үчтүн бири кыйшайганда,
Экөөсү кошо кетет, кулайт анда.

Таянчы үчөө болсо, буюм бекем,
Төрт болсо, бири кыйшык болот экен.

Кыйшайган түшүп кетет ийри жолго,
Бузук бар, кайсы жерде кыйшык болсо.

Түз нерсе кыйшайган соң кулап калат,
Пейли түз – былк этпестен ордун табат.

Бери мени карачы, Адилет – мен,
Чындык, калптын жолдору ичке экен.

Чындык менен иш кылам, көндүм ага,
Бексинби же кулсунбу, бирдей мага.

А бычак өзүң көргөн колумдагы,
Ушундай курчтук керек, билгин аны.

Бычактай иштеримди шарт-шарт кесем,
Нааданды жазалаймын тездик менен!

Таттуу шире эмнеге? Азап чегип
Жүргөндөр чындык табат менден келип.

А ууну-бузуктугун өзү туюп,
Чындыктан качкандарга берем куюп.

Уулумбу, бөтөн жанбы, тууган же дос,
Жолоочубу жолдогу, күтпөс жолдош.

Заң алдында бардыгын бирдей баалайм,
Жөнү жок каралабайм, же актабайм.

Бийликтин эң негизи адилеттик,
Чындык барда козголбой турат бийлик.

**Айтолду.** «Урматтуум, айтчы эми, кандайча «Күнтууду» аттуу ысым жөнү.

**Күнтууду:**
Күндү көр эч кемибей толуп турат,
Жарык оту түгөнбөй күйүп турат.

Менин да сапаттарым күнгө окшош,
Адилет иш бөксөрбөйт, кемип койбос.

Экинчи–Күн ааламга жарык чачат,
Адамга нурун төгүп турат жайнап!

Үчүнчү –Күн асманда ысык айдайт,
Жер бетине миң түркүн гүлдөр жайнайт.

Бийлигим жеткен жерге өмүр берет,
Жакшы зандан эл жыргап, чөл көгөрөт!

Күн нурун бардыгына бирдей төгөт.
Жакшыга да, жаманга да бирдей бөлөт.

Иштеримде менин да күндөй сапат,
Баары бирдей өзүмдөн чындык табат.

**Айтолду:**
Айтчы өзүң, кандай ишим сага пайда?
Аткарам бардык ишти күчүм барда!

Өкүмдарга кылган ишиң жакпаса,
Кир болосуң жүрсөң дагы таптаза.

**Күнтууду.** Түшүндүм сөздөрүңдү. Баяндайм мен жараксыз сапаттардан, жолобо, алыс болгун андайлардан. Жактырбайм, жан талашкан жалгандарды. Ач көздүк, уятсыздык жана дагы чорт кыял, токтото албас адамдарды. Өктөмдүк, жаалдуулук–жаман мазак, тажаалдар, ичкичтер да болот азап. Ушулар мага жакпас кемчиликтер. Эгер сен ак кызматкер болом десең , алыс болуп булардан, жолобо сен.

**Айтолду.** Жакшы киши ким болот? Өзгөчөбү адамдан кулк-мүнөзү?

**Күнтууду.** Жакшы адам бул: ишинен элге пайда болсо, эл ишин баштап турса жакшы жолго, ал кызматын кылбаса элге колко. Жакшылык жасап, кайра тилебесе, пайдасы болот ага миң бир эсе.

**Айтолду.** Мага айтчы, адилеттик кандай өзү?

**Күнтууду.** Адилет – ак дил киши, төп келген сөзү дагы, дили, иши. Дайыма бирдей болсо сырты, ичи, анда ал адилеттүү ошол киши. Пенде көп, бирок азыр адамдар аз, адилет адам азыр көп табылбас.

**Айтолду.** Жакшы адамда болор бекен кемчилик? Жамандар оңолобу өзү жүрүп?

**Күнтууду.** Жакшы адам эки түрлүү. Бири төрөлгөндөн адилет жан, чындыкты эмгек менен кошо оозанган. Адилет жолду тандайт анын бири. Ээрчиме жан келишет үчүнчүлөр. Жамандын да эки түрү болот. Биринде жаман адат такыр калбайт, жармашкан, өлмөйүнчө кутула албайт. Анчалык бузук эмес айрымдары, кээде алар ээрчип кетет жакшыларды. Жакшылык өзү жакшы, баасы кымбат, андан да аны жасоо, кымбатыраак. Жакшы иштин жолу татаал, тайгалак, ага дилгир жетет, жалкоолор жолдо калат. Жамандар болбос ишке кегин сактайт, жакшынын атын булгап ушак таштайт. Жакшылык жасап көнгөн жасай берет, таарыныччты унутуп, мээрин төгөт. Жакшы адам болсо дагы жамандалган, мен ага ынак досмун, эч танбаган. Адамдын көрүп турам, алкы жаман, жакшылык аз, жамандык миң-сандаган.

### Күнтуудунун суроолоруна жооп

**Күнтууду.** Сен айттың азыр эле тил зыянын, айтчы эми, а пайдасы барбы анын?

**Айтолду.** Орду менен жигердүү айтылган сөздөрдүн пайдасы чоң. Жаман сөз билими жок тилден чыгат. Акылмандар карын эмес, ой багар. Билим менен акыл табар, ой табар... Ден семиртер тамак оодон сиңет, жан семиртер сөз кулактан кирет. Билимдүүнүн болот эки белгиси. Бири–напси, бири–тили, тыйса аны, бакыт ага дайра болуп куйганы. Билимдүү жан тыят дайым кулкунун.

**Күнтууду.** Канча сүйлөп, качан токтоо жөн экен?

**Айтолду.** Сөз маанисин билбейбиз, онун ойлоп, бирин гана сүйлөйбүз. Бирин айтып, тогузун тый – керексиз, кажетсиз сөз капта калсын демекпиз.

**Күнтууду.** Сөздүн пайда, зыяныбы?

**Айтолду.** Жүйөөлүү сөз – зор атак. Орундуу сөз – кулду көккө чыгарат. А эгер сөзүң болсо орой, түркөй, асмандан алып түшүп көргө түртөт.

**Күнтууду.** Айтчы сөздүн өлчөмүн?

**Айтолду.** Көп сөздүү маңыз делет. Мааниси жок, жадатып сүйлөй берет. Берген суроонун жообу так болсо, ал ошончолук барктуу. Көп тыңшап, аз сүйлөгүн.

**Күнтууду.** Кимди тыңшайм?

**Айтолду.** Сөзүн ук акылдуунун, а анан түркөйлөргө айтып чыккын. Улуунун сөзүн угуп, кичүүгө жеткир.

Мына ушундай *суроо-жооптордон* кийин Күнтууду Айтолдуну увазирлик кызматка коет. Айтолду дити, ак ниети менен иштегендиктен, калк байып, элдин бактысы артат. Айлар, жылдар жаңырып, жаңы калаа, жаңы жайлар салынат. Айтолдунун аркасы менен Күнтуудунун атак-даңкы бүт дүйнөгө тарайт.

**16. 1045–1547-бейттер.** Айтолдунун дүйнөдөн кайтышы жана уулу Акдилмишке айткан керээзи жөнүндө баяндалат.

Айтолдунун баарына колу жетти,
Баары бар, бирок учуп өмүр өттү.

Толук ай мына кемип батып барат,
Жай өтүп, суук кышка калды карап.

Дененин төрт кубаты тил табышпайт,
Бири–соо, калган үчөө бир кырсыктайт.

Карын да, жайында эмес, тамак сиңбейт,
Кырсык басып, кошулуп көңүл кирдейт.

Күчтөн тайып, баш көтөрбөй үңүлдү,
Айла барбы, шыңга бою бүгүлдү.

Келген кесел чалып жерге кулатты,
Муңга батып, төшөгүндө ал жатты.

Айтолдунун ден соолугун, ал-жайын Күнтууду келип сурайт. Ошондо вазир буларды айтат.

Белгилүү да. Төрөлгөнгө өлүм бар,
Тике турган–акын бир күн куланар.

Асмандагы Күндө дайым батуу бар,
Сүйүү–күйүт, таттуусунда ачуу бар.



Жебедей туптуз элем, бүктөп белди,
Өмүрүм бүттү менин, өлүм келди.

Өлүм деген учу-кыйры жок көк деңиз,
Түбү терең, чыгарбас түшкөн жанды.

Ажал–бул тирүүлөргө ачык эшик,
Тирүүлөр кутулган жок качып өтүп.

Анан Айтолду уулу Акдилмишке акыл-насаатын, керээзин айтат:

– О, уулум, мен да өтөм, сага калды орунум, жыйган дүйнөм. Сен көзүмдүн карегисиң, аман-эсен өмүр сүр. Бул дүйнө – аялдама, келип-кетер, ажыдаарды сорбойт деп айткан бекер.

Ата жолун көрсө бала тегинде,
Көнүп кетээр оорго да, жеңилге.

А уулуң өскөн болсо эрке-талтаң,
Үмүт үз, адам чыкпайт андайлардан.

Уулум толсун десең акыл-эске,
Билим бер, жаштайынан көндүр ишке.

Билип ал, жолун айтам тарбиянын...
Көп жашап, көп балалуу бир атанын:

«Эрке өстүбү балдарың – жаман адат,
Өмүр бою кайгыда – жашың агат.

Эрке өстүрсөң баланды корсун анда,
Күнөө атада, бирөөгө доомат кылба.

Балдары орой болсо сөз укпаган,
Күнөөнү издөө керек эне-атадан».

...Жакшылык кыл, алыс бол жамандыктан,
Анда отурган орунуң болот кутман.

Ачуу–душман, алдырба ага деги,
Жаман иш –уулуу жылан чагар сени.

Жойпуларга ишенбе, келсе кезек,
Жойпулар кылчаңдабай сатып кетет.

Ушакчыны жолотпо жан-чөйрөңө,
Сырыңды жайып салат бардык элге.

Бирөөгө көз артпагын, шарап ичпе,
Бул экөө алып барат жаман ишке.

Сабырлуу бол, бар ишти ойлоп иште, –
Баарында, бардык иште токтоо, түз бол,

Тилди тыйып, жөнү жок жаман айтпа...
Азгырма адамдардан алыс болгун.

Жакшы сөздү туу кылып көкөлөткүн,
Напсинди тый, дайыма жүргүн адал.

Кирчү болсоң, байкагын чыкчу жерин,
Кор болосуң чыга албай калсаң өзүң.

Ачуу келсе, токтоткун акыл менен,
Чыдамкайлык – бакыттын жолу деген.

Алдыңдан бакыт жапса дарбазасын,
Чыда, күт, аны акыры сен ачасың.

Жалган сөздү жашоодо айта көрбө,
Жалганчы шылдың болот калың элге.

Дос-тууганды ала жүр жакын кылып.
...Кичүүгө, улууга да болгун сылык.

Туз, даамың кенен болсун адамдарга,
Күнөөсүн кечирип кой, уят кылба.

Бак ачылса, буркан-шаркан ташыба,
Жакшылык кыл, жыйылсын эл кашыңа.

Кубанба байлыгыңа оомал-төкмөл,
Ишенбе дөөлөтүңө, а да бекер.

Өмүрүң–көргөн түштөй заматта өтөт,
Кур бакыт-жапайы куш учуп кетет.

Арак сени жүз эсе кылса уят,
Бузуктук бакытыңды айдап чыгат.

Аталык насаатымдын баарын айттым,
Бек түйгүн жүрөгүнө, унутпагын.
*(Анан Айтолду Күнтууду Эликке арналган керээзин жазат.)*



«Байлык кууп, кызыгына түшпөдүм,
Бүт ишинди тактык менен иштедим.

Кутман Элик! Бул жашоо айдоо талаа,
Түшүмүн жыйнап алат сепкен гана.

Эмне эксең – жериңе ошол өнөт,
Эмне берсең – ошону төлөп берет.

Байлык деген туздуу суу тазарбаган,
Тил катып суусаганда кандырбаган.

Адамдар жайылган кой, бек – чабаны,
Малчыга сапат керек багуучу аны.

Дарбазаңдын алдында ач бөрү көп,
Сак болуп, койду түгөл багуу керек.

Кутман Элик! Дүйнөдөн өтүп барам,
Бир кайгым – артта калган жалгыз балам.

Сала жүр көз кырыңды суранарым,
Караан кылып жаныңа алгын дайым.

Эгерде мени сыйлап, көңүл бөлсөң,
Уулумду тарбиялап, камын көрсөң».
*(Айтолду кайтыш болот. Акдилмиш ыйлап аза күтөт. Күнтууду балага көңүл айтат. Ошондо Акдилмиш Эликке атасынын керээз жазылган катын берет.)*

### Суроолор

1. Айтолду баласына керээз мүнөзүндөгү канча насаат айтты? Ар бирин өзүнчө ата. Мисалы, *биринчи*–баланды эрке-талтаң өстүрбө, баланы эрке өстүрүү ата-эненин күнөөсү, ошондуктан перзентиңе билим бер, жаштайынан көндүр ишке. *Экинчи насаат* – жакшылык кыл. *Үчүнчү насаат*–? Мындай насааттын саны 33 кө чейин жетет. Ар бирин өзүнчө белгиле.

2. Ушул Айтолдунун уулуна айткан 33 нускасынын ар бири сага да тиешелүүбү?

3. Эгер сага да тиешелүү болсо, анда алардын ар бирин өзүңдүн чыныгы келечек максатына айландыра алар белең?

4. Эгер сенде ошондой ниет болсо, аны кантип турмушка ашыруу керек? Ооба, сабакта «ушулардын баары менин келечек максатым болот» деп айта берүүгө мүмкүнчүлүк бар. Бирок турмуштачы? Адам, анын ичинде сен да жакшы нерсеге да, жаман нерсеге да азгырыласың. Кызыгып кетесиң да, өзүңдү унутуп коесуң. Анан кемчилик кетиресиң, арам ишке малынасың. Ошон үчүн Жусуп Баласагын айтып жатпайбы, *«Пенде көп, адам аз»* деп. Пенде көр оокаты үчүн уурулукка, каракчылыкка бара берет. Ал эч

нерседен жийиркенбейт, тонойт, жулуп алат, алдайт. Мындай аракетине кымындай уялып да койбойт. «Заман ушундай» деп коет. Бул ыймансыздыкка таянган, жалаң пайда деп бийлеген, акча деп ырдаган өзүнчө жол. Буга түшсөң да болот. Экинчиси – Айтолду уулуна айткан жол. Ушул эки жолдун кесилишинде турган жан – **сенсиң**. Кыргыз элинин акыл нускасы *«Адам болуу аста-аста, айбан болуу бир паста»* дейт. Анда адам кайсы жол, айбан кайсы жол менен кетет?

5. Ата-эненин келечеги – бала. Акдилмишти Күнтуудуга дайындап, Айтолду туура иш кылдыбы? Же бул азыркы кездеги «тааныш издөө», «тирек күтүү», «таянган тооң болсо, түкүрүгүң түйүм алтынга айланат» дегендин өзүбү? Анда балага камкордукту кандайча көрүү керек?

### Тапшырмалар

**1. Окугула: 2-маектешүү**

(Күнтуудунун Айтолдуга берген жообу боюнча. Увазирдин суроосун 1-окуучу, өкүмдардын жообун 2-окуучу көрктүү окуйт. Кадимки турмуштагыдай маектешет.)

**3-маектешүү**

(Айтолдунун берген жообу боюнча. Мында да Күнтуудунун суроосун 1-окуучу, Айтолдунун жообун 2-окуучу көрктүү окуйт. Маек олуттуу өтөт. Ал жөн эле сыр чубоо эмес. Анда акыл сынашуу бар. 1–2-маектер да ошондой.)

**2. Ойлон:** – Айтолдунун насааттарын класстык чогулушта талкуулап чыгууга болобу?

– Аманчылыкка койсо, келечекте өзүң да ата-эне болосуң, ошондо ушул насааттардын сага кереги тийиши мүмкүнбү?

**17. 1581–3130-бейттер.** Айтолдунун керээзин ишке ашырып, Акдилмишти Күнтууду камкордугуна алат. Анан баланы ишке тартат. Акдилмиш бел байлап, чарчабай кызмат кылат айлап-жылдап. Кез-кез «Жүрөктөн чыккан таза жообуңду бер», –деп Күнтууду чегип суроо салып турат. Алардын баарына бала илгиртпей жооп берет. Акдилмиш сынына толот да, Элик аны казына башчысы кылып дайындайт. Бул ишти да Акдилмиш эң сонун аткарат. Анан баланы увазирликке ишке көтөрөт. Акдилмиш бул ишти жөндөп алып кетет. Натыйжада кайгы, кырсык эл башынан арылат, өлкө гүлдөп, калк байыйт, дос көбөйүп, душман азаят. Элик да тынчтыкта, молчулукта, жыргалды эли менен кошо көрүп жашайт. Ушундай күндөрдүн биринде Акдилмишти Элик чакыртып мындай дейт:

– Укчу, уулум. Ата көрдүң, бирок таалимин алган жоксуң. Атаң сага окуу, билим бере албады, мен дагы үйрөтпөдүм, билем аны. Анан мынчалык даражага кантип жеттиң?

–Акылды кудай берет. Ал төрөлгөндөн бир болот ээси менен. Ошондуктан, *акылы адамзаттын – бекем кишен, чындык менен адепти кармап жүргөн.*

Адамдын бар акылы мээде болот,
Асыл нерсе ар дайым башка конот.



Түшүнгүн. Караңгы үй–адам деген,
Жарык күн ага келет билим менен.

Жакшылыкты бир гана акыл берет,
Билимден урмат, атак кошо келет.

Акылы адамзатты малдан бөлөт,
Дүйнөдө акылга эмне туура келет?

Адамды айбандардан айрыйт акыл,
Билими артык болсо–ошол асыл.

Акылдуу жакшы жолду таба билет,
Керегине тартынбай таамай кирет.

Түшүнбөстү тез эле түшүндүрөт,
Кандай түйүн болсо да чече билет.

Оңду-солду, алды-артын таамай көрөт.
Баарын билип, баарына мөөнөт берет.

Учканды илип, куткарбайт качкандарды,
Кыйшыкты оңоп, тез жалгайт сыныктарды.

Акыл – чырак түндөсү, сокурга – көз,
Денеге – жан, үндөбөс дудукка – сөз.

**Ач көздүк**

*(Акдилмиштин жообунан)*

Ач көз болбо, абийирди бийик карма,
Сөздө, иште адилет болгун жанга.

Тойбос болот өмүрдө ач көз киши,
Ач көзгө аздык кылат дүйнө жүзү.

Ач көздүк–кесел болот айыкпаган,
Дүйнөдө энчи күчү жетпейт аган.

Ач көздөрдүн ичинде байы болбойт,
Дүйнөнү бүт жесе да, карды тойбойт.

**Абийир**

Абийири бар адамдар таза сүттөй,
Уятсыздын иши да калат бүтпөй.

Жараткан кимге абийир, берсе уят,
Андайга сансыз байлык сыйлык кылат.

Жаман иштен сактаса–абийир сактайт,
Жакшы ишке баштаса–абийир баштайт.

**Шайкештик**

Иттерге башчы болсо баатыр арстан,
Иттер да арстан болот андан ашкан.

Арстандарга ит башчы болор замат,
Арстандар итке айланат арсылдашкан.

(Акдилмиште акылдын кенчи бар экен. Ал ошол кенчтин капкагын ачып, бек, увазир, аскер башы, хажиб, ордо башы, элчи, катчы, казыначы, башкы ашпозчу, суусун башы кандай адам болорлугун акылмандардын, билимдүүлөрдүн сөзү, элдин макалы менен шөкөттөп Күнтуудуга айтып берет. «Көзүм да, тилим да, колум да сен, даңкым чыкты түптөнүп сени менен»,– деп Күнтууду акылман Акдилмишке өтө ыраазы болот.)

### Суроолор

1. Күнтууду балага кандай камкордуктарды көрдү?
2. Элик эмнеге таң калды?
3. Акыл жөнүндө Акдилмиштен кандай сөздөрдү укту?
4. Акдилмиш акылман бекен?

### Тапшырмалар

**1. Жатта:** Ач көздүк. Абийир. Шайкештик.
**2. Ойлон:** Акдилмишти увазир коюудан Күнтууду жаңылдыбы? Же эмнеликтен жаңылган жок?

**18. 3131–5034-бейттер.** Өз ара маектешүүлөрдүн биринде Күнтууду: «Дили таза, асыл адамдан сен жалгызсың, сага жөлөк боло турган адам табылса жакшы эле. Айтчы, сага жардам бере турган досуң барбы?» – дейт. «Андай киши бар,–дейт Акдилмиш, – аты Өткүрмүш, мага тууган, бирок ал бул дүйнөдөн жүзүн буруп, тооп кылып кудайга кулдук уруп, сыйынып тоого чыгып кеткен. Ал менден билгени жүз эсе артык жан. Эгер ал мени менен бирге болсо, акыл менен баш болмок бардык ишке». «Чакырт!» – дейт Элик. Күнтууду Өткүрмүшкө кат жазып, аны Акдилмиш алып барат. Туугандар кучакташып көрүшөт. Анан Өткүрмүш Эликтин катын окуп, ойго батат. Ал: «Кечир, мени өз жайыма кой. Мен Эликке эч кандай пайда келтире албаймын. Кудай деп касам ичкем, кайра артыма кайтуу болбойт», – дейт.



Өткүрмүш жооп жазып, чакырыкка барбайт. Күнтууду Өткүрмүшкө экинчи катка «Балдан ширин сөздөрдү айтсам сага, уудан ачуу жообуңду бердиң мага». «Сен элге жөлөк болгун, көңүл бөлүп, эл кызматын кылбаган – тирүү өлүк», «Адам эмес, жалаң өзүм дегендер, чыныгы адам – элдин камын жегендер». «Өзүнчө тынч жашаган жакшы эмес, эл менен бирге болуп, бирге кеңеш» – деген сыяктуу сөздөрдү жазып, дагы увазирди жөнөтөт. Анан туугандардын ортосундагы узак маектешүү болот. Акдилмиш бекке, ордо кызматчыларына, караламан элге, теги мыкты адамдарга, даанышманга, илимдүүлөргө, дарыгерлерге, эмчилерге, түш жоруучуларга, жылдыз саноочуларга, акындарга, дыйкандарга, соодагерлерге, малчыларга, усталарга, кедей-кембагалдарга, аялды тандоого, балдарды тарбиялоого ж.б. кандайча мамиле жасоо керектиги жөнүндө айтып берет. Өткүрмүш бул жолу да чакырыкка барбайт.

Күнтууду Өткүрмүшкө үчүнчү жолу Акдилмишти жиберет. «Чакырыкка келбесе да, кеңеш берип, анан барып өз ишин уланта берсин» – дейт. Буга Өткүрмүш дароо макул болот. Ошентип, Өткүрмүш Күнтуудуга конок болуп келет.

**19. 5035–5450-бейттер.** Мында Күнтуудунун өтүнүчү боюнча Өткүрмүш кеп-кеңештерди берет.

**ӨТКҮРМҮШТҮН НАСААТТАРЫНАН**

**1. Акдилмишке**

Байлыкка умтулгандык–бөөдө кырсык,
Өзгөртөт кулк-мүнөздү такыр бузуп.

Турмуш сага тузакчы көрүнбөгөн,
Кадам сайын тузагын камдап жүргөн.

Алаңгазар адамдын көзү тойбойт,
Көргө түшүп жатса да жалкып койбойт.

Өз өмүрүң өзүңө энчи келет,
Эмне берсең өмүргө, кайра берет...

Өмүргө топук кылар үч нерсе бар,
Үчөөнөн тең адамзат жыргал табар.

Биринчиси–ичкен тамак, жеген ашың,
Экинчиси–өмүр кошкон аял затың.

Үчүнчүсү–ден соолук, тирилигиң,
Бул үчөөнүн сактоо керек бирдигин.

Сен мени шаар, элге чакырасың,
Напси кетсе –канткенде кутуламын.

Напси –душман тараган бардык элге,
Тузагын жайып койгон бардык жерге.

**2. Күнтуудуга** *(1-катка жооптон)*

Ичер тамак, киерге кийим демек,
А мага мындан бөлөк эмне керек!

Жакам бүтүн, ичерге тамагым бар,
Буйруганы кудайдын болор даяр.

Мейли, барып босогоңо түнөйүн,
Жашоо үчүн анда эмне тилейин.

Экөөбүз тең бир кудайдын кулубуз,
Алдында анын бирдей тагдыр, кунубуз.

Кулга кулдун бөйпөңдөшү болобу,
Кулга кайра кул болгондор оңобу?

Карыным ток, кийим бүтүн турушум,
Пайдасы жок жыйган байлык курусун!

**3. Дагы Акдилмишке**

Каалаганым турмуштан толук алдым,
Ач көздүк, курмандыктын кечкем баарын.

Ыргыттым күнүмдүктүн азгырыгын,
Тилек бүттү, сөзүм жок, бейпил жаным.

Кийгеним–кой териси, арпа–ашым,
Жетет ушу, унуткам мен башкасын.

Напсинди тый, дайыма алып колго,
Мына ошондо чыгасың туура жолго.

Тек өткөрбө күнүндү желдей сызган,
Билип кой, кайра келбейт колдон чыккан.

Жакшылыкка жакшылык кылуу керек,
Бир иш кылсаң, он эсе кайрып берет.

Чындык ачуу болсо да чыдоо керек,
Чындык сөздөн өзүңө пайда келет.



**4. Дагы Күнтуудуга**

Акылмандын көрөгөч сөзүн тыңша:
«Жүзүң эмес, ичиниз болсун таза».

Бардык нерсе баалуусу ичиндедир,
Ичи бошпу–андайдын көркү көмүр.

Баалагын, тирүүлүктү элге арна,
Бүт өмүрдү кыпындай өзүң алба.

Улуктук, бийлик жана атак-урмат,
Шум өлүм оозун ачса, баары калат.

Бар ишиңди бүтүргүн акыл менен,
Напсини эмес, жүрөктү уккунуң сен.

Бардык жерде жакшылык өнсүн десең,
Эң алгач өзүң таза болсоң экен!

Тартипсиздик болбосун элде десең,
Үлгү болуп эл камын дайым жесең.

Сак жүргүн, дайым болсун көзүң өткүр,
Арка болуп элиңе мээримдүү жүр.

Ач көзгө сансыз байлык аздык кылат,
Барга канаат кылгандар бакыт табат.

**20. 5953–6419-бейттер.** Мында Өткүрмүш ооруп калып, Акдилмишти чакыртат. Ал жетип барат. Ага Өткүрмүш *(Өткүрмүш–Айтолдунун иниси, демек, Акдилмиштин атасынын бир тууганы)* өзүн ажал чырмап алганын айтат. «Сен неге жаман сөздү сүйлөп кирдиң, өлүм күтүп турганын кайдан билдиң?»–дейт Акдилмиш. Өткүрмүш түшүн айтат:

Шаты көрдүм, тепкичи элүү экен,
Бийик болчу, жаңылбай жазы десем.

Көтөрүлдүм шатыга чыктым тынбай,
Чокусуна бир нече тепкич бардай.

Чокусунан бир атчан суусун сунду,
Баарын ичтим, суусунум канып турду.

Андан соң көтөрүлүп көккө жеттим,
Дайным чыкпай асманга сиңип кеттим!..

**Бул түштү Акдилмиш жоруйт**

Учкандыгың көкөлөп, атак делет,
Бийик учсаң, атагың бийик келет.

Бийик учсаң, болосуң дөөлөткө бай,
Атак-даңкың артылат эчен курдай.

Шаты бийик – а сенин бактың бийик,
Айтылар улуулугуң элиң сүйүп.

Шаты көрсө түшүндө–урмат, атак,
А тепкичи урматка жакындатат!

Идиштен колго алып, сууну ичсең,
Өмүрүң сенин узун болот экен.

Көкөлөп көккө сиңип учуп кетсең,
Теңирим бар тилегиң берет экен.

**Ушул түштү Өткүрмүш башкача жоруйт**

Жорубадың түшүмдү толук мага,
Угуп ал, мен жоруюн эми сага!

Бийик келген шатыны көргөндүгүм,
Ал менин сүрүп келген өмүр-күнүм.

Чыккандыгым шатынын кылда учуна,
Өмүр жолдун түгөнүп бүткөнү да.

Эң башынан жолуккан жалгыз атчан,
Андан алып сунулган сууну жуткам.

Идиштеги сууну бүт ичкенимди,
Өмүр–дедиң –эң узун мага келчү.

Сен айткандай суу деген өмүр болот,
Жарымын ичип, жарымы калса толот.

Жарымын ичкен болсом ошол суунун
Калмак дечи алдыда жарты өмүрүм.

Толук ичтим мен сууну идиштеги,
Эсен-соо өмүр сүргүн өзүң эми.



Түшүмдө өзүм бийик учуп чыктым,
Дайынсыз көк асманга түпсүз життим.

Ал учкан жан, бийиктеп денден кетип,
Кайтып келбес жайына кеткени өтүп.

Көргөн түштүн мааниси мына ушундай,
Башкача эмес аны сен жоругандай.

Жооткотуп көтөрдүң көңүлүмдү,
Куба албайсың туш келген өлүмүмдү...

**Өткүрмүштүн Акдилмишке калтырган керээзи**

Туура жолдон адашпа, кутман боорум,
Өмүрүңдү болбоско коротпогун.

Тирүүлөрдүн баарына боорукер бол,
Сөздө, иште ак болуп, түзөгүн жол.

Ач көз болуп дүйнөгө көзүңдү артпа,
Дүйнө калар, үмүтүң тийип ташка.

Жөнөкөй бол, пейлиңди кенен карма,
Айыбын ачпа бирөөнүн эл алдында.

Напсиңди тыя бил да, ачууңду бас,
Өзүңдү бузук жолдон алыстат, кач.

Жакшы адам күйүмдүү, белдүү келет,
Бирөө үчүн аянбай жанын берет.

Элге пайда тийгизген жоомарт киши,
Боорукер, жалпы элге улук өзү.

Ошентип, бир аз күндөн кийин Өткүрмүш кайтыш болот. Акдилмиш катуу кайгыга батат. Ага Күнтууду көңүл айтат. Акдилмиш ыраазы болот. Ошону менен чыгарма аяктайт.

**21. 6420–6645-бейттерде.** Жусуп Баласагын жаштык, карылык, мезгилдин катаалдыгы, достордун мерездиги, билим акыл жана китептин жаралышы жөнүндөгү ой толгоолорун айтат. Ошолордун ичинде төмөнкү саптар чыгарманын жыйынтыгы болуп кала берет.

*Ушунда бар сен үчүн улуу сабак,*
*Өлгөн өлөт, өрнөгү сага калат.*

Бул улуу сабак бизге чейин айтылып келген, элдин башынан не бир укмуш согуш алааматтары өткөн, кылыч түйүлгөн түйүндү эле чечпей, түйүндөй болгон баштарды кесип, шыпырып түшкөн, натыйжада эл суюлган, ошентсе да бул улуу сабак мерт жебей сакталып бизге жетти. Дагы нечен кылымдарды карыта берер.

### Суроолор

1. Өткүрмүштүн Эликтин чакырыгына келбей коюшунун себеби кайсы? Канга кызматка келсе, байлыкка туйтунуп, не бир жыргалдарды башынан кечирбейт беле?
2. Өткүрмүштүн насааттарында Эликтен, Айтолдудан, Акдилмиштин создорунөн айырмаланып турган кандай өзгөчөлүктөр бар? Аларды белгиле.
3. Өткүрмүш кандай түш көрдү?
4. Аны Акдилмиш кантип жоруду?
5. Өткүрмүш кандайча жоруду?

### Тапшырмалар

**1. Көрктүү оку:** Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан насаатары. Күнтуудуга айтканы. Өткүрмүштүн керээзи.

**2. Ойлон:** – Жусуп: «Кул кылат адамдарды сарандыгы», – дейт. Бул кандай? Сараң киши байыйт да?

– «Өз өмүрүң өзүңө энчи келет. Эмне берсең, өмүргө кайра берет», – муну кандайча түшүнөсүң?

– «Билип кой, кайра келбейт колдон чыккан»–бул эмне? Мезгилби, түшүп калган акчабы, өмүрбү, аккан суубу?

– «Напсиңди тый!» – дейт. Бул эмнеге тиешелүү? Оокаткабы, соодагерчиликкеби, акчагабы, ичкиликкеби? Же тилек кылууну, илхамды тыюу керектир?

– «Эл кызматын кылбаган–тирүү өлүк»–бул сапты кандайча түшүнөсүң?

### «КУТТУУ БИЛИМ» ДАСТАНЫ БОЮНЧА КОРУТУНДУЛАР

Мына, «Куттуу билим» дастанынын кыскартылган баянын өзүң окуп чыктың. Аны менен аздыр-көптүр кабардарсың. Эми ошол билгендериңе таяна отуруп, төмөндөгүдөй учкай корутундуларды чыгарууга болот. Ошого макулсуңбу?

**Биринчи корутунду.** Чыгарма баштан-аяк сүйлөшүүлөрдөн турат. Ошол маектешүүлөрдө өмүр сүрүү, кантип жашоо жөнүндө ой жүгүртүүлөр, акыл айтуулар бар. Ошонун баары насаат түрүндө. Чыгарма чылк эле суроодон жана ага берилген жоопторлон куралган. Бирок суроону сыноо, жоопту акыл калчап баа берүү коштойт.

**Экинчи корутунду.** Поэмада «кантип жакшы жашоо керек» деген түбөлүктүү көйгөй талкууланат. Бул Чыңгыз Айматов көтөргөн «Канткенде адам уулу адам болот?» деген маселе менен үндөш. Бул көйгөйгө Жусуп Баласагындын каармандары мындайча жооп берет.



**Күнтууду.** Ар бир жан адилеттикти, туура ишти, чындыкты туу тутканда, ар бир инсан жакшы жашайт.

**Айтолду.** Ар бир жан келген бак-таалайды, дөөлөттү көтөрө билиши керек.

**Акдилмиш.** Ар бир адам бардык нерсени акыл менен иштеши зарыл.

**Өткүрмүш.** Ар бир адам барга каниет кылып, напсисин тыюуга тийиш.

**Үчүнчү корутунду.** Дастанда «Өлкөнү кантип жакшы башкарууга болот» деген түптүү маселе талданат.

**Күнтууду.** Өкүмдар адилет болгондо, ал күн сыяктуу нурун күчтүүгө да, алсызга да тегиз чачканда, элге кызмат кылганда, өлкө бай, мамлекет күчтүү болот. Демек, адилеттүү башкаруу– өлкөнүн тиреги.

**Айтолду.** Адилеттүү бийлик ай сыяктуу бирде толуп, бирде кемип турган бак, дөөлөттү кармай билгенде өлкө күчкө толот.

**Акдилмиш.** Ар бир иш өзүнчө мамилени, акылды талап кылат. Ар нерсенин тилин табуу керек. Ошондуктан мамлекет акыл менен башкарылганда гана күчтүү болот.

**Өткүрмүш.** Ар бир өкүмдар, мамлекет башчысы, жетекчи напсисин тыйып, топук кылып элди башкарышы керек.

Демек, жогорку төрт багытты тең тутунуу менен өлкөнү жакшы башкарып, элди гүлдөтүүгө болот.

**Төртүнчү корутунду.** Чыгармада төрт өзөк бар. Алардын ар бири өзүнчө милдетке эгедер. Айталы, **Күнтууду** – бул өзүнчө образ, бейне. Ал жалпылаштырылган, ошол эле учурда жекече инсан. Жана да ал **адилеттиктин** символу. Мамлекет башчысы. Жеке көз карашы бар атуул. Ал өлкөнү, элдин турмушун жакшыртыш үчүн эң мыкты, таза, акылман адамдарды издеп таап, бооруна тартат. **Айтолду** – бул да өзүнчө образ, бак-таалайдын, бак-дөөлөттүн символу. Мамлекет ишинде увазир, аткаруу бийлигин колунда кармап турат. Адилеттүү бийликке таянып, өлкөнү күчтүү, элди бай кыла билет. **Акдилмиш** – Айтолдунун уулу, атасынан кийин увазирлик кылат. Бирок бул адам акыл-эси боюнча атасын кайталабайт. Ал акылдын, акылга таянган билим, илимдин символу. Акылман бардык нерсени көрө билет, түшүнө алат жана аларды өз ордуна жайгаштырат. Акыл адамга эки түрдүү келет. Бири – табигый, төрөлүү менен кошо берилет. Экинчиси – билим, илим, окуп үйрөнүү менен. Бирок экөө тең адилетке таянганда пайдалуу жана көпкө кызмат кылат. **Өткүрмүш** – бул Айтолдунун иниси. Анын өзгөчөлүү касиети – барга каниет кылуу, напсини тыюу, азгырыкка, кумарга алданбоо. Адамга аз эле нерсе керек. Напсиңди агытсаң, көзүң тойбойт. Бул киши ушундай көз караш менен жашаган образ жана каниет кылуунун символу.

Демек, ушул **төрт адам** (образ, символ) чыгарманын өзөгү. Ушул төрт өзөк башкы касиетин сактоо менен, алар эриш-аркак. Бири-бири менен байланыштуу. Анткени алар ар бир адамдын жүрөгүндө, акыл-эсинде жолугушат да, эр азамат атуулдун руханий жан азыгына, үзүрлүү аракетке, демек, жаратуучу, түзүүчү күчкө айланат. **Төрт өзөк** – бул өзүндү өзүнө таанытуучу, кем-карчыңды, бөксөңдү толтуруп туруучу бакубат курал. Ошентип, айталы, VIII класстын окуучусу Молдосан уулу Ташмат (Эшмат, Талантбек ж.б.) адилет,бардар, бак-таалайлуу, акылдуу, билимдүү, каниетчил инсан болууга тийиш. Баса, бул төрт касиет өзгөчө эмес, ал кадимки эле кол жетерлик, ар бир эле жаран ийгерип алуучу сапат.

**Бешинчи корутунду.** Бул поэма жөн эле тарыхтын эстелиги эмес, ар бирибизге: сага, мага, баарыбызга таандык насаат. Миң жыл өткөндүгүнө карабастан, күнү бүгүнкүдөй жаңы, утуру колдонулган жана колдонула берүүчү маани-маңызы жоголбогон мурас. Төмөнкү **төрт кут** тогуз жолдун тоому шекилдүү. Төрөлгөн жан андан өтөт. Буйтап кете албайт.

**Биринчиси** – адилет, чынчыл бол. Сен ушул сапатка эгедер болсоң, анда падышадайсың, кандык деңгээлге көтөрүлөсүң, Күн сымал нур төгүп турасың–поэма ушинтип айтат.

**Экинчиси** – сен бак-таалайды күтө бил, байлыгыңа, дөөлөтүңө мактанба, ошондо сен бакыттын, куттун өзүнө окшойсуң.

**Үчүнчүсү** – сен акылдуу бол. Ошондо сен даанышман деңгээлинде болосуң.

**Төртүнчүсү** – сен каниет кыла бил. Ошондо сен эң жаман сапат – ач көздүктөн, алкы бузулуудан кутуласың.

Мына ушул төрт өзөк, төрт каниет, кут сенин аң-сезимиңде, адамдык бейнеңде тогошот. Ошолорго ээ болсоң, зээниңе токусаң, дилиңди бийлетсең **сен адамсың.** Жусуп Баласагын эңсеген, ата-энең тилек кылган чыныгы адамсың. Болбосо, жамандыгы жакшылыгын тебелеген, жалаң кара курсактын камынан өйдөлөй албаган, башы кара, буту айры бир көр пенде боюнча каласың. Ошондуктан «Куттуу билим» парасатың, наркың, ыйманың...

## *АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН*

**1. Дидактикалык чыгармалар.** (Бул «Дидактикалык адабият» деп да айтыла берет). «Дидактика»–грек сөзү, кыргызча «үйрөтүү, окутуу» деген мааниде. Бул термин XVI кылымдан тартып колдонула баштаган. Мисалы, 1657-жылы чех педагогу Я.А. Коменский «Улуу дидактика» деген эмгегин жазган. Ошону менен бирге бул сөз көркөм адабият тармагында да пайдаланылат. Дидактикалык чыгармалар – бул көркөм сөз аркылуу акыл-насаат үйрөтүүчү адабият. Ал философиялык, диний, адеп-ахлак маселелерди көркөм сөз түрүндө баяндайт. Мисалы, Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» поэмасы чылк дидактикалык ойдун берметтеринен уюп бүткөн. Китептин кайсы барагын ачпагын жайнаган дидактикалык саптарга туш болосуң. «Кеп көркү – тил, ойдун көркү сөз болот. Кишиде – жүз, жүздүн көркү көз болот». «Төрдөн орун тийген болсо нааданга, Улагада калганыңа арданба» ж.б. «Куттуу билим» поэмасынын койгон маселеси, көтөргөн жүгү да дидактикалык төрт өзөктүн (адилет+бакыт+акыл+каниет) бирдигине негизделген. Ушул төрт өзөктүн биримдиги философиялык ой жүгүртүүнүн да жемиши болуп саналат. Демек, «Куттуу билим» көркөмдүк менен шөкөттөлгөн дидактикалык ойдун казынасы. Андан, кайсы гана маселе болбосун, үлгү, акыл, насаат алууга болот.

Ал эми кыргыз элинин оозеки көркөм сөз чыгармачылыгында «дидактика» түшүнүгү жанрдык түрдү ажыратып айырмалоого үчтүн бири болуп катышат. (1. Лирикалык түр. 2. Эпикалык түр. 3. Дидактикалык түр). Бул түргө макал, ылакаптар, табышмактар, санат-насыят жана терме ырлары кирет.

**2. Бейт** бул чыгыш поэзиясында колдонулуучу эки саптуу ыр. Ал эки сап бири-бирине тыгыз байланышып, белгилүү бир маанини, бүткөн ойду туюндурат. Бейт түрүндө жазылган ырлар араб, парс поэзиясында кең-кесири учурайт. Мисалы:

Иле албайт, ошондуктан кур убара,
Кузгундун канатындай дүйнө кара. ***(Низами)***

Кайгынын септи уругун тагдырына,
Сугарып кара көздүн жамгырына. ***(Навои)***

Каны кызуу жаштар бар, дайым шашма,
Алпарып алтын башын урат ташка. ***(Фирдоуси)***

Кыргыз акындарында да бейт менен жазган акындар бар:

Бириң–набат, бирин–кант,
Бириң–жоомарт, бириң–март.
Бириң–комуз, бириң–үн,
Бириң–аалам, бириң–күн. ***(Барпы)***

Ал эми Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны баштан-аяк бейт түрүндө жазылган. Мисалы:

Биринчисинде, мактанчаактык–жаман иш,
Экинчисинде, алдамчылык–арам иш.

Үчүнчүсү алып сатар, сарандык,
Акмактарга ушул үчөө бүт таандык.

***(Жусуп Баласагын)***

## МАХМУД КАШГАРИ

### «ТҮРК ТИЛДЕРИНИН СӨЗ ЖЫЙНАГЫ»

*«Түрк тилдер сөз жыйнагы» Орхон-Энесай жазма эстеликтери сыяктуу бардык түрк калктарынын орток мурасы, эзелки тилдерди сыпаттоочу күзгүсү болуп саналат»*

Тынчтыкбек Чоротегин



**«Эки кочкар башы бир ашачта бышмас»**– бул тилибиздин тогуз кылым мурдагы угулушу. Азыр «Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт» делет. Негизинен, «ашачтан» башкасын которбой эле түшүнүүгө болот. Ал эми «ашач» аш бышыруучу буюм экени баамдалат. Демек, байыркы кыргыз тили тогуз кылым өткөндөн кийин да өз турпатын сактап калган. Мындай так кесе бүтүм чыгарууга кириптер кылуучу ондогон, жүздөгөн мисалдарды сунуштап отурган ким? Тастыкталган тарыхый далилди, кынтыксыз иликтенген кудайдын кол мөөрүндөй дарекнааманы жазып калтырган кандай пенде? Ал Махмуд Кашгари – түрк дүйнөсүнүн улуу даанышмандарынын бири. Орошон тилчи жана окумуштуу. Ал 1029–1038-жылдардын аралыгында **Ысык-көл өрөөнүндөгү Барскан** шаарында туулган. «Жок, ал Кашкардын четиндеги Опал кыштагында төрөлгөн» деген да иликтөөчүлөр бар. Анын атасы Хусейн ибн Мухаммед ибн Йусуф Кадыр кан Барскан шаарын жана дубанды бийлеген бек болгон. Махмуд Кашгари ошол кездеги илимдин борборлорунан – Кашкар, Багдад, Бухара шаарларынан билим алган. Ал түрк эли мекендеген жерлерди кыдырып, алардын тилиндеги өзгөчөлүктөрдү жана окшоштуктарды изилдеген. Анын **«Түрк тилдери тууралуу синтаксистин маңыздары»** («Китаб жавахир ан-нахф фи мугат ат-түрк») деген эмгеги болгон, бирок ал бизге сакталып жеткен жок. Бирок **«Түрк тилдеринин сөз жыйнагы»** («Дивану лугати ат-түрк») деген китеби биздин күндөргө сакталып жетти. Махмуд Кашгаринин качан жана кайсы жерде дүйнөдөн кайткандыгы беймаалым.

«Түрк тилдеринин сөз жыйнагы»–1072–1077-жылдардын аралыгында жазылган энциклопедиялык эмгек. Ага чигил, йагма, карлук, кыргыз, огуз, тухси, уйгур, кыпчак ж.б. түрк тилдериндеги 7500дөй сөз камтылып, ар бир сөздүн арабча котормосу берилген. Китеп сегиз баптан турат. Сөздүк түрүндө түзүлгөн. Кээ



бир маанилер кеңири түшүндүрмө менен чечмеленет. Айрым сөздөргө байланыштуу 300гө жакын макал-ылакап, жүзгө жакын ар кандай ырлар, дастандан үзүндүлөр колдонулган.

«Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» – бул түрк элдеринин орток мурасы. Биздин муунга бул китептин 1266-жылы 1-августта Абу Бекер ас-сави ад-Димашкы көчүргөн нускасы гана жетти. Ал нуска Стамбул шаарындагы улуттук китепканада сакталууда. 1915–1917-жылдары Рифат Билге деген мугалим 638 беттен турган ошол колжазманы үч томдук кылып Стамбулдан жарыялаган. Бул сөздүк түркчө, өзбекче, англисче, уйгурча которулган. Кыргыз тилинде айрым үзүндүлөрү жарыяланган.

**1. Т. Чоротегинден.** Махмуд Кашгаринин китебинин коомго белгилүү болуп калышынын да тарыхы бар. Ал Рифат Билгенин (1876–1953) эскерүүсү менен башталат да, башка маалыматтар менен толукталат.

«...Бир оздон толкундана сурадык.

– Сиз өзүңүз аны көрдүңүзбү деги?

– Не деп турушат булар! Жараткан эгем жалгап, бүгүн ошол китептин ээси болуп калбадымбы, – деди. –Ар аптада эки-үч жолу Сахаблар чаршысына *(китеп базарына)* баш багып, жаңы бир нерселер бар бекен деп китепчелерден сүрүштүрө кетчү адатым бар. Кечээ да башбактым. Китеп сатуучу Бурхан-Бейдин дүкөнүндө отурдум. «Бирдемкелериң жокпу?»– дедим.

– Бир китеп бар, бирок ээси отуз лира *(алтын акча менен)* сурап жатат. Бул китеп мага келгенине бир жума болду. Мен муну жогорураак баага алып калабы деп Билим берүү министри Эмрулла-эфендиге көтөрүп бардым. Ал киши китепти комиссиясына өткөрдү. Бир аптадан кийин башбактым. Он лира сунуш кылышты. Мен: «Китеп меники эмес, чоочун бирөөнүкү. Отуз лирадан бир да лирага кемитип бере албайм», – дедим. Жооп иретинде: «Биз отуз лирага бир китепкана сатып алабыз. Китебиңизди алыңыз, каалабайбыз!» – деп китепти кайтарып беришти. Карап көрүңүз, эгер ишиңизге жараса, алыңыз! – деди.

Али Эмири китеп далдалчысына кол жазманын наркы чоң экенин билгизбөөгө тырышат, дароо баасы көтөрүлүп кетет деп чочуйт.

– Билим берүү министрлиги он лира сунуш кылып жатса, мен он бешти гана сунуш кылам. Автору Кашкардан чыккан бир белгисиз адам экен...–деп маалкатат. Китеп далдалы кол жазманы калтырган адам жашап калган бир аял экенин, мурдагы каржы министри Назиф-Пашанын жакындарынан экенин айтат. Паша тиги аялга китепти берип жатып: «Бекем сакта! Кыйналган чагында китепчилерге алып бар. Алтын акча менен отуз лирага сат!..» – деген экен. Акыры Али Эмири карыздап отуруп отуз лира таап, үстөгүнө алтын лирадан үчтү далдалчы Бурхан-Бейге берип, бул дүкөндөн узаганча шашат.

Китеп баасын мекендештерине: «Бул китеп эмес, Түркстан өлкөсү. Түркстан түгүл–бүткүл дүйнө!» – деп, Али Эмири досуна, жолдошуна, туш келгенге айтчу экен.

...Талаат-Паша 1916-жылы Башкы министр болуп калган. Ошол адам укук министри Ибрахим Бей – эфендинин үйүнөн Али Эмиринин этегине тооп кылат.

– Урматтуу устатым, – деп сүйлөп келип, Талаат-паша, – бул китеп миңдеген жылдарга чейин жашай албас, чирип жок болор. Китепти жашартуу үчүн эскиден келген дурус усул, ыкма бар эмеспи... Бул–басма усулу. Басмага түшсө, бул китеп миң болот, он миң болот, жүз миң болот,–деп «Түрк тилдеринин сөз жыйнагын» басмага берүүсүн суранат. Али Эмири буга макулдугун берип: «Биринчиси – китептин баасын билген, аны этияттап-кадырлап сактаган килистик мугалим Рифат-эфенди гана редакторлоп чыгарышы керек; экинчиси – китепти Рифат башка эч адамга карматпай өзүндө сактасын» – деген шартын коет. Ошентип, көзгө сүртөр жалгыз нуска китеп Рифат Билгенин колуна өтөт. Бат эле басма ишин баштайт. Ошол эле күндөрү Талаат-паша тарабынан бөлүнгөн алтын акчалай үч жүз лира сыйлык Али Эмириге тартууланат, бирок ал мындан таптакыр баш тартып, бул сыйлыкты «Дивану лугати ат-түрк» деп атап, жардамга муктаж болгон бир ар-намыстуу бүлөгө ыйгарууларын өтүнгөн экен.

Басма иши кызуу жүрүп жатканда Рифат кол жазманы үйдө сактагандан чочулап, калайык китепканасына, Мамлекеттик басманын кассасына жана башка жерлерге кайрылса,алар да коркуп албай коюшат. Акыры айласы түгөнгөндө балдарына: – Көзүңөр дайыма ушул китепте болсун.Кокустан коңшуга же бир ишке барышыңар керек болсо, бириң калып бул китепти кайтаргыла, – деп балдарынын бөлмөсүнүн дубалына китеп баштыкка салып илип коёт. – Эгерде бир жакка чогуу чыга турган болсоңор, бул баштыкты өзүңөр менен кошо ала жүргүлө. Мен үйдө жокто непаада өрт кетсе,эч нерсени куткарам деп дүрбөбөй,так ушул баштыкты алып чыккыла. Бул баштыкты куткарсаңар,эч нерседен камтама болбогула... Түнүчүндө болсо баштыкты Рифат жаздыгынын астына басып жатчу. Ошентип бир жарым жыл кастарлап сакталган соң, кол жазма түрүндөгү китепти ээсине ыракмат айтып тапшырышат.

... Таш басмадан (литографиядан) чыккан томдордо хижранын (мусулманча жыл эсептөөнүн) 1333–1335-жылдары көрсөтүлгөн. Бул жылдар азыркы календарь боюнча 1915–1917-жылдарга туура келет. Ошентип, китепкөй Али Эмири менен мугалим Рифаттын туш келип калгандыгы чоң роль ойноп, өз доорунун ажайып көөхары болгон «Түрк тилдеринин сөз жыйнагынын» колжазмалык тагдыры ың-жыңсыз өмүр сүрүү коркунучунан кутулуп, илим ааламындагы өчпөс жылдызга айлануу шы-






«Дивандын» жалгыз кол жазмасынын 1-бети.

багасына ээ болду» (*Т. Чоротегиндин «Махмуд Кашгари жана анын «Дивану лугати ат-түрк» сөз жыйнагы» китебинен, Бишкек, «Кыргызстан», 1997*).

**2. Т. Сыдыкбековдун иликтөөсүнөн.**

– Эринчээкке эшик – арт, эринчээк болбо балам,– дечү энем.

– Эшик артың эмне, эне? – десем.

– Арт – ашуу. Эринчээк кишиге эшик ачып чыгуу ашуу ашкандай көрүнөт,– дээр эле энем.

...Ушул макалды мен кийин Махмуд Кашгаринин китеби –«Түрк сөздөрүнүн жыйнагынан» окудум. Элибиз айткан: «Жылкы аласы сыртында, киши аласы ичинде» деген бүгүнкү макалы мындан тогуз жүз жыл мурда жазылган китепте эч бузулбай, дал ушундай жазылганы бизди кубантпай кое албайт. «Кузгундуку куу жыгачтын башында, бөрүнүкү тең орток» деген макалыбыз «Түрк сөздөрүнүн жыйнагында» мындайча: «Кузгундуку жыгач башында, бөрүнүкү орток». Бул жерде кийинки тогуз кылымдын ичинде байыркы макалыбызга «куу», «тең» деген эки сөз кошулганын көрөбүз. *(Андан ары залкар жазуучу салыштырып көрүү үчүн бир нече макалдарды берет. Алар төмөнкүчө жайгаштырылды. Кашаа сыртындагысы –Махмуд Кашгариники, ичиндегиси кыргыздыкы).*

1. Түлкү өз йиниге урса узуз болур (Түлкү өз ийнине үрсө, котур болор).
2. От тесе агиз күймес (От деген менен ооз күйбөс).
3. Киши сөзлешү йилки йизлешү (Киши сүйлөшкөнчө, жылкы кашынышканча).
4. Суф комегинче этүк тартма (Суу көрмөйүнчө, өтүк чечпе).
5. Тилиң тугмишти тишиң йазмас (Тилиң түйгөндү тишиң чечпейт).
6. Тевей минип кой ара йашмас (Төөгө минип койго жашына албас).
7. Беш эренек түз эмес (Беш кол бирдей эмес).
8. Ач не йэмес, ток не темес. (Ач не жебес, ток не дебес).
9. Карга казга өткүнсө, бути сынур (Карга казга теңелсе, буту сынар).
10. Көккө сагурса, йүзге түшүр (Көккө карап түкүрсө, жүзүңө түшөр).
11. Эркеч эм болур, эчкү эти йэл болур (Эркеч эти – эм, эчки эти – жел).

12. Кош кылыч кынга сигмас (Кош кылыч кынга сыйбайт).

13. Күзөкү узун болса, элик күймөс (Көсөө узун болсо, кол күйбөс).

14. Эки кочңор башы бир ашачта бышмас (Эки кочкор башы бир казанда кайнабас).

15. Кут белгиси – билик (Кут белгиси – билим).

**3. Качкынбай Артыкбаев** (окумуштуу): «Сөздүк түрк тилинде жазылган. Ал эми түрк тилине М. Кашгари өзү таза түркчө деп санап көрсөткөн түрк элдеринин тилдери кирет. Демек, мындай болгондон кийин «Сөздүк» ошол автор өзү атаган түрк элдеринин азыркы учурдагы тукумдарына бирдей таандык эстелик экендиги талашсыз чындык болуп чыга келет».

**4. Жээналы Шериев** (илимпоз) «...Махмуд башка түрк урууларына караганда кыргыз урууларында көбүрөөк болгон. Буга кыргыз тилине гана таандык, кыргыз элинин жашоо шарт, турмуштук өзгөчөлүктөрүнө, жашаган жерине байланышкан сөздөрдүн эмгекте өтө жыш кездешүүсү айкын күбө. Далилдерге кайрылып көрөлү. Угут, чебич, укурук, улар, алп, арка, өрмө, алачык, сеп (кыздын себи), көмөч, чотур, чарык, көмөлдүрүк, мончок, тузак сыяктуу сөздөр...»

**Суроолор**

1. Махмуд Кашгари качан туулган жана кайдан билим алган?
2. Ал кандай эмгектерди жазган?
3. «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» кандай эмгек? Ага эмнелер камтылган?
4. Бул эмгек кандайча коомчулукка белгилүү болуп калган?
5. Т. Сыдыкбековдун иликтөөсүнөн эмнени үйрөнүүгө болот?
6. К. Артыкбаев менен Ж. Шериевде кандай ой-пикирлер айтылган?

## МАХМУД КАШГАРИНИН «ТҮРК ТИЛДЕРИНИН СӨЗ ЖЫЙНАГЫ» КИТЕБИНИН КЫРГЫЗЧА ТАРЖЫМАЛЫ

### 1. Т. Чоротегиндин котормосунан

*2-бетте*

...Мен өзүм алардын (түрктөрдүн) тили өткүр чечենинен, айтары ачык жетигинен, көөдөнү эң тетигинен, эң ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуум менен бирге, түрк, түркмөн-огуз, чигил, йагма, кыргыздардын калааларын жана талааларын изилдедим, алардын тилдерин жана накыл сөздөрүн ээнге туттум. Акыры алардын ар бир уруусунун тилин өтө кылдат жат кылдым, жыйнаганымдын тартибин өтө сымбат кат кылдым.



*3-бетте*

...Ушул китебимди Алла-тааланын көмөгүн көксөө менен түбөлүккө эстелсин да, өчпөс издей чектелсин деп жазып бүттүм, ага «Дивану-лугати-ат-түрк» (**«Түрк тилдеринин сөз жыйнагы»**) деген атты туттум...

*13-бетте*

...Андан соң кыркыз (кыргыз), кыпчак, огуз, тухсы, йагма, ыграк, чигил жана чаруктар. Алардын нукура түркчө жалгыз тили бар.

*21-бетте*

**ИДИШ** – идиш. Бул сөз менен йагма, тухсы, йемек, огуз жана аргу (элдери) ар кандай эле кумура, табак жана башка идиш-аяктарды аташат.

*22-бетте*

**УЛУШ** – чигил тилинде «кыштак» маанисин, ал эми Баласагындагы калктын жана ага коңшулаш болгон аргу өлкөсүндөгүлөрдүн тилинде «шаарды» билдирет. Мындан улам Баласагын шаары «Күз улуш» деп аталган.

*23-бетте*

**ҮТҮК** – шыбак аспабы сыяктуу темир. Ал ысытылат да, кийимдин бырыштары кетсин үчүн аны менен бастырышат.

*26-бетте*

**ҮПҮП** – сасык үпүп. Аны «үбкүк» деп да коюшат.

*37-бетте*

**ОРДО** – Баласагындын жанындагы бир баш калаа. Мындан улам Баласагынды Күз-Ордо деп аташат.

*87-бетте*

**КЕНД** – огуздардын жана аларга тыгыз баш кошкондордун тилинде «кыштакты» билдирет. Ал эми түрктөрдүн басымдуулары үчүн – «чөлкөм». Мындан улам Фергананын баш калаасы – «Өзкенд», башкача айтканда, «өзүбүздүн шаарыбыз» деп айтылат.

*91-бетте*

**ТЕМУР** – темир. Макалда айтылат: «Көк төмүр кирү турмас». Мааниси: көк темир аракетке келбей тынчыбайт, башкача айтканда, кандайдыр бир нерсеге тийбей калганда да, ал жарадар кылат. Анын башкача да мааниси бар.

Кыргыз йабаку, кыпчак жана башкалар бирөөгө касам ичиргенде, же аны менен келишим түзгөндө, кылычты кындан суу-

руп чыгышат да, тигинин алдына тосуп, мындай деп айтышат: «бу көк кирсүн, кызыл чыксун». Мааниси: «бул темир ылайым көк бойдон кирип, кызыл чыксын, башкача айтканда, эгерим алиги убадага каршы чыкса жана бузса ал канга боелсун» дегени. Ал адам темирден өлүп, демек, темир андан өч алат. ... алар темирди өтө аздектешет.

*91-бетте*

**ТАВАР** – сатыкка чыгарылчу буюм. Жандуусу да, жансызы да. Огуздар «тауар» деп айтышат.

*92-бетте*

**КОБУЗ** – чертип ойноло турган музыкалык аспап (комуз).

**КЫМЫЗ** – кымыз. Бул –бээнин сүтү, ал сабаларда сакталып коюлат, анан кычкылданат. Андан соң ичилет.

*153-бетте*

**«ТҮТҮН КОБУРСА ЫШЛАНУР»**. Мааниси: кимде ким көп түтөтсө, ага чакабай койбойт. Муну менен козголоң кылган ар бир адамга анын азабы тийбей койбосу көңүлгө туттурулат.

**«ТЕШ ЙЕР АНЫ КАТУРДЫ»** деп айтылат, чет жер аны катырды, башкача айтканда аны тажрыйбага эгедер жана сыноодон өткөн адам кылды дегени.

*251-бетте*

**ЫСЫК-КӨЛ** – Барскандын көлүнүн аты. Анын узундугу отуз фарсах, туурасы – он фарсах (1 фарсах – 6 чакырымдай).

*301-бетте*

**МИҢ** – санактын миң саны. Макалда айтылган: «Бириң-бирин миң болур, тама-тама көл болур». Мааниси: бирин-сериндеп жыйылып отуруп миңге жетет. Ошондой эле тамчы дагы биринин артынан бири тамса үзгүлтүксүз чогулса, көлчүктү толтуруп коет.

*311-бетте*

**АРСЛАН**–арстан. Бул (сөз) менен бийлик эгелеринен аташат. Макалда айтылган: «Алын арслан тутар, күчин сычган тутмас». Мааниси: айла менен арстанды тутууга болот. Күч менен чычканды тутуп болбос.

*319-бетте*

Ушул китеп (түпсүз) мөөнөт жүгөндөсүн, салым заты түбөлүккө түгөнбөсүн!



**2. Айрым котормолор** ***(которгон Ч.Исакова)***

**БИЛГЕ** – акылдуу, билимдүү. Ырда мындай айтылат:

Билге ериг езгү тутуп сөзүн ешит
Ердземини өгренибен ышка сора –

Билимдүүнүн жакшынакай эшит сөзүн,
Ишке колдон, үйрөнгүн бар өнөрүн.

**АШЫШ** – казан. Макалда мындай айтылат: Ашыш аиур түпүм алтун камуш аиур мен каидамен – Казан айтар: түбүм – алтын, чөмүч айтар: мен кайдамын? Бул мисал өзүнүн ким экендигин билгендердин алдында мактанган кишиге карата айтылат.

**ЕРМЕГҮ** – эринчээк, жалкоо. Макалда мындай айтылат: Ермегүгө булыт иук болур – Жалкоо үчүн булут – жүк.

**ТӨРКИН** – төркүн. Урук-туугандын мекендеген жери, ата-баба үйү. Кыз төркиниге келди – Кыз төркүнүнө келди, ата-энесинин үйүнө келди.

**ЕГРИ** – ийри. Макалда мындай айтылат: Иылан кендү егрисин билмес този бойнын егри тер – Жылан өзүнүн ийрилигин билбей, төөнүн мойнун ийри дейт.

**ЕЗГҮ** – изги, жакшы. Ырда мындай ырдалат:

Келсе киши атма аңар өртер күле
Баккыл аңар езгүлүкүн агзын күле –

Киши келсе, күл чачпа ага күйдүрөр,
Тосуп алгын күлүп - жайнап, жадырап.

**ТАГ** – тоо.

Таг тагка кабушмас киши кишиге кабушур – Тоо тоого кошулбас, киши кишиге кошулар.

**СУВ** – суу.

Сув бермеске сүт бер – Суу бербегенге сүт бер. Бул макалдын мааниси: Сага жамандык кылганга сен жакшылык иште. Ошондо сенин жакшылыгың аны сага кул кылып берет дегенди билдирет.

**БУЗ** – муз. Буздан сув тамар – Муздан суу тамат. Бул макал кулк-мүнөзү атасыныкына окшогондорго карата айтылат.

**МЕҢ** – жем. Куш тузакка мен үшүн илинүр – Куш тузакка жем үчүн илинет. Бул макалда кулкун үчүн кыйынчылыкка туш болгон адам жөнүндө айтылат.

**КЕҢ** – кең, кенен. Макалда мындай айтылат: Кең тон упрамас кеңешлик билик артамас – Кең тон тозбос, кеңешкен бийлик азбас.

Кең тон жыртылбайт, акылдашып, кеңешип иштеген иш бүлүнбөйт. Бул өзүм билемдикке салбай, өзгөлөр менен кеңешип иш кылган жөн деген маанини берет.

**УЗУШДЫ** – уюду.

Иогрут узушды – жуурат уюду.

**ӨГҮТ** – үгүт, насаат, таалим.

Алгыл өгүт менден огыл ердем тиле,
Бойда улук билге болуп билкиӊ уле –
Уулум, менден таалим алып, ыйман тиле,
Улук болуп, билиминди чачкын элге.

**МУНДА** – мында. Ырда мындай айтылат.

Емгексизин тургу иок мунда таму
Езгүлүкүг көрмезип ажүп чыкар –

Мээнеттенбей туруу жок мында бекер,
Көргөзбөй ыракатын дүйнө өтөр.

**СӨҢҮК** – сөөк.

Езгү ер сөӊүкү ерир, аты калур – Изги эрдин сөөгү чирисе да, аты калар. Жакшы адамдын сөөгү топуракта чирисе да, аты түбөлүккө калат.

**КУТ** – бак-дөөлөт, кут. Ырда мындай айтылат:

Кут кувыг берсе идзим кулуна
Күндө ышы иүксебен иукар ашар –

Кут берсе теӊирим кулуна,
Оӊолор күндө иши жогорулап.

**ТЕРГИ** – дастаркон.

Тилин тергиге тегир – Тили дастарконго жеткирет.

Бул макал кишинин өнөрү өзүнүн тилинен билинет деген мааниде айтылат.

**ӨГРЕНДИ** – үйрөндү. Ол билик өгренди – Ал билим үйрөндү. Ырда мындай айтылат:

Ердем тиле өгренибен болма күвез
Ердемсизин өгүнсе еӊмегүзе еӊер –

Өнөр – билим үйрөнүүдөн тартынбагын,
Умтулбасаӊ бул жашоодон кыйналасыӊ.

**АКЫШТЫ** – акты. Сувлар акышты – суулар акты. Ырда мындай айтылат:

Кар буз камук еришди
Таглар сувы акышды
Көкшин булыт өрүшти
Кайгүк болуп егришүр –

Кар, муз түгөл эриди,
Тоодон акты суулары.
Булуттар көк бетинде
Кайык болуп зуулады.

**ТҮГСИН** – төрт чарчы түйүлгөн түйүн.



Тегме шешек өкүлди
Букукланып бүкүлди
Түгсин түгүн түгүлди
Йаргалымат иөркөшүр –
Түр байчечекей жайнады,
Бучүрлөрүн байлады.
Төрткүл түйүн түйүлдү
Гүл ачууга жакындап.

**Кошумча түшүнүк**

Илимпоз Жээналы Шериев Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» деген китеби боюнча айрым тыянактуу пикирлерди сунуш кылат.

1. «Түрк тилдеринин жыйнагынын» төмөндөгүдөй тендешсиз мааниси коомчулуктун көз жаздымында калууга тийиш эмес: **биринчиден** – бул жыйнак – тил таануу илими боюнча түркологиядагы ири салым, үлкөн изилдөө; **экинчиден**, этимологиялык сөздүк, түшүндүрмө сөздүк, түрк тилдеринин салыштырмалуу сөздүгүнүн баары бириктирилип жаралган уникалдуу кошмо сөздүк; **үчүнчүдөн**, ал түрк поэзиясын, макал-ылакаптарын өз ичине камтыган көркөм мурас; **төртүнчүдөн**, түрк урууларынын теги, каада-салты, үрп-адаты жөнүндө маалымат берген тарыхый этимологиялык изилдөө; **бешинчиден**, түрк калктары жайгашкан жер-суулар менен кыштак-шаарлардын аттары, аларга берилген түшүндүрмөлөрдү камтыган ономастикалык изилдөө. *(Этимология – сөздүн түпкү тегин, тарыхын изилдөөчү тил илиминин бир тармагы. Уникалдуу – өтө сейрек учуроочу, ономастика – энчилүү аттарды, алардын тарыхын изилдөөчү тил илиминин бир тармагы).*

2. «Диванда» берилген ыр түрмөктөрдү шарттуу түрдө тема жагынан төмөндөгүдөй ажыратып бөлүштүрүүгө болот: 1) жаз жөнүндө; 2) кыш менен жаздын талашы; 3) мергенчилер жөнүндө; 4) бөрүгө аӊчылык кылуу жөнүндө; 5) бир салгылашуу жөнүндө; 6) насыйкат; 7) сүйүү ырлары; 8) илим жөнүндө; 9) бирөөлөрдү эскерүү ырлары – кошоктор.

**Суроолор**

1. Махмуд Кашкары ким жана ал кайсы тилдерди изилдеген?
2. Автор кандай тилек кылган?
3. Нукура түркчө сүйлөгөн элдерди ата?
4. «Улуш» жана «ордо» деген сөздөрдөн чечмелениши менен Жусуп Баласагын төрөлгөн шаардын байланышы барбы?
5. Макал мисал кылынган сөздөрдү ата.
6. Кайсы сөздөр азыркы кыргыз тилинде колдонулат? Кайсынысы колдонулбайт?

*Үлгү:* идиш – колдонулат,
улуш – колдонулбайт

7. Ж. Шериевдин кошумча түшүнүктө айтылган эки тыянагын кайталап айтып бер.
8. Берилген ыр түрмөктөрү мааниси жагынан Ж. Шериев классификациялаган топтордун кайсынысына таандык?

## Тапшырмалар

**1.** Т. Сыдыкбеков мисал келтирген, «Түрк тилдеринин сөз жыйнагынан» алынган он беш макалды жатта. Мисалы: түлкү өз ийниге урса узуз болор.

**2.** Котормолордо мисалга алынган макалдарды бөлүп көчүр. Булардын азыркы колдонулуп жүргөн варианттарын таап көрчү.

Үлгү: «Жыйнакта»: Муздан суу тамат – Азыркысы: Алма сабагынан алыс түшпөйт.

**3.** Сөздүктөн «кенд» сөзүн үйрөндүң. Өзгөн шаары «Өзкенд» (өзүбүздүн шаарыбыз) деген мааниден алыныптыр. Ташкен, Самарканд, Чымгент, Жаргент, Наманган, Торкенчи?

**4.** Улуш, ордо, кенд деген сөздөр шаар, калаа, кыштак, чөлкөм деген маанилерде колдонулуптур. Мындан шаар, калаа, кыштакты, демек, калк отурукташкан чөлкөмдү мындан тогуз кылым мурда эле ар кандай (улуш, ордо, кенд) аташкан экен. Бул ошол кездеги түрк тилиндеги сүйлөгөн элдердин тил өзгөчөлүгүн көрсөтүп жатпасын?!

**5.** «Келсе киши атма аңар өртер күле
Бакыл аңар езгүлүкүн агзын күле» – деген ыр түрмөгү төмөндөгүдөй которулду:

Киши келсе, күл чачпа ага күйдүрөр,
Тосуп алгын күлүп-жайнап, жадырап.

Эгерде меймандостукка үндөгөн бул саптарды эркин которууга туура келсе, сен кандай которор элең?«Күл чачпа ага күйдүрөр» дегендин ордуна кайсы фразеологизмди койсок болот? Үйүнө келген кишини, мейманды үй ээсинин суз, кабагын бүркөп кабыл алышын, жактырбаган мамилени кантип түюндурабыз?

Киши келсе, ........ ... ........,
Тосуп алгын, күлүп-жайнап,жадырап.

IV БАП

# УЛАМЫШКА АЙЛАНГАН АКЫНДАРДЫН МУРАСТАРЫНАН

## АСАН КАЙГЫ

**Чокан Валихановдун баасы:** *«Асан Кайгы – көчмөн кыргыздардын философу»*

Элибизде ысымы уламышка айланып кеткен ойчул, акылман, сынчы жана акын адамдар бар. Алар: Кетбука, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Жээренче чечен, Асан кайгы, Санчы сынчы ж.б. Булардын ичинен Токтогул ырчы, Жээренче чечен, Толубай сынчы, Асан Кайгы XIV–XV кылымдардын ары-берисинде мезгилдеш жашап өтүшкөн экен. Эл арасындагы «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деген канаттуу сөз да ошол замандан бери акындык менен сынчылыктын чен өлчөмү катары жашап келет.

Асан Кайгынын өмүр баяны жөнүндө так маалымат жок. Ал XIV кылымда Жаныбек кандын тушунда жашаган. Бирок бул адам казак, ногой, кыргыз, кара калпак элдеринин турмушуна өзүнүн өлбөс-өчпөс изин бадырайта калтырып кеткен. Уламага айланып кетүү –кемчилик эмес, улуулук. Ал укум-тукумга ойчул, акылман, сынчы адам катары жеткен адам. Өмүр бою элдин муңун муңдап, зарын зардап ырдаган жан. Ошондуктан анын «Зордун түбү кор болот», «Зыянсыз жыланга да кара санаба», «Жакшылык иш адамдан, жамандык иш айбандан», «Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт», «Өткөн жамандыкты суугa салып, отко өрттө», «Жарды болсоң, ардуу бол», «Атадан каргыш алган оңбойт», «Кумурсканын буту сынса, кудуретке маалым» деген сыяктуу мааниси терең сөздөрү элге сиңип кеткен, ал эми жеке ой-пикирдин элдик болуп кетишинен ашкан мындай сыймык ар кимден эле табыла бербейт. Бирок, Асан Кайгынын чыгармачыл мурасынан элге сакталып жеткени өтө аз. Ошентсе да анын чыгармачылыгынын үч тармакка ажырымдаларын белгилөөгө болот: 1) ырлары; 2) аңгеме, аңыз, уламыштар; 3) философиялык ой жүгүртүүлөр; учкул сөздөр.

**1) «Очерк» берген маалыматтан.** Асан Кайгынын ырларынын мазмунун, багытын калктын турмушу, эл камы түзөт. Ал жалаң гана адамдар эмес, тирүү жандыктарды да аяп, алардын кайгысын тартат. Ошондуктан «Асан Кайгыча» деген ылакап сөз калат. Бир жылдары кар калың түшүп, кыштын катаал болушунан, бороон-чапкындан мал-жан зыянга учурайт, элдин үрөйү учуп, кыйын абалда калышат. Бир кабарда мындай жагдай калк-

тын жер оодарып, конуш которгон мезгилинде болот. Ошондо Асан Кайгы тирүү жандыктын тукуму кырылып калбагай эле, мал-жандан кол жууган калктын тагдыры кандай болор экен деп кайгырып, узак ырдаган экен. Чыгарманын толук жана узак айтылган нускасы Тоголок Молдодон 1938-жылы «Асан Кайгынын сөзү» деген ат менен жазып алынган, 86 ыр жолунан турат. Асан Кайгынын турмуштук көз карашынын негизин боорукерлик, жандуу, жансызды аео – асанкайгычылдык түзөт. Натыйжада бүтүндөй жан-жаныбардын дүйнөсү акылмандын көз алдына тартылып, «катуу суукта боорун жерден көтөрө албаган бака, басууга буту жок жылан, кышкы камы жок донуз, корголор тешиги, кирерге эшиги жок конуз, тоо-ташты мекен кылган элик, жерге-сууга батпай жүгүрүп жүргөн жейрен кантти экен?»– деп убайым чегет. «Отун-суусу жок жесир кантти , башында киери , ичерге тамагы жок жетим кантти, боюн токтото албай калчылдаган карынын, кепичин кие албай, келини тил албай айласы куруган кемпирдин күнү не болду? Ушундай кыйын кырдаалда кандын каарын кошо тарткан калктын тагдыры кандай болор экен?»– деп кайгыга батат. Асан Кайгы эл камын ойлоно берип катуу ооруп калат. Бир кабарда акындын сөөгүн төөгө жүктөп Нурбиштин чыгыш жагындагы бир аралга көмүшкөн. Экинчи маалыматта анын сөөгү Ысык-Көлгө коюлат. *(«Акындар чыгармачылыгынын очерктери» деген китептен.)*

**2) Чокан Валихановдун баасы.** «Асан Кайгы – көчмөн кыргыздардын философу».

**3) Асан Кайгыга кайтып келүү.** «Асан Кайгынын адеп-ахлагы–бул айкөл гуманизмдин, жаратылышка түшүнүүнүн, аны урматтоонун, табият менен жуурулушкан улуу акылмандыктын жана руханий сергектиктин символу. XX кылымда адамзатка дал ушундай «Кожожаш» менен Асан Кайгынын философиясы жетишпегендиги үчүн жаратылыш катуу жабыркап, дүйнөнү экологиялык кыямат каптап отурат. Жаратылыш менен гармонияда жашоо – бул кыргыздын илгертен келаткан философиялык рух салты. XX кылымда биз ушул улуттук философиядан ажырап калганбыз. Азыркы эгемендүүлүктүн, демократиянын, улуттук кайра жаралуунун шарттарында «Кожожаш» менен Асан Кайгынын философиясына кайрадан кайтып келүү – ыйык мекенибиздин экологиялык саламатчылыгынын оңолушунун жана кыргыз баласынын ата конушту жашыл арчадай жайкалтып, көк шибердей көйкөлтүп, бир боор Алатоосу жана бүтүндөй табият менен кучакташып, жуурулушуп бакубат жашоосунун булагы, ачкычы болмок» *(Советбек Байгазиев).*

**4) Асан Кайгынын Ысыккөл жөнүндө айтканы:**

Керме, керме, керме, тоо
Оту, чөбү жок туруп,



Малы семиз керме тоо
Упа, эндиги жок туруп,
Кызы сулуу керме тоо.

**5) Асан Кайгынын даанышман сөзү.** «Таңдайлашкан доо келсе, маңдайлашкан жоо келсе, калк алдында беттешип, калыс кебин айтпаса, калк камчысын чаппаса, чечендиктен не пайда? Жоодон суурул албаса, жолун тосуп барбаса, калкка назар салбаса, башын байлап барбаса, баатырдыктан не пайда? Элим – элим дебесе, элдин камын жебесе, улук алды чыкпаса, улуу сөздөн айтпаса, акылмандан не пайда? Калкым-калкым дебесе, калктын камын жебесе, кан алдына чыкпаса, калыс сөзүн айтпаса, башын катып уктаса, карыяндан не пайда?

### Суроолор

1. Асан Кайгынын замандаштары кимдер болгон?
2. Асан Кайгы адамдык кайсы сапаттары менен айырмаланат?
3. Чокон Валиханов ага кандайча баа берген?
4. Асан Кайгыга эмне үчүн кайтып келүү керек?

### Тапшырмалар

Жатта: 1. Керме тоо жөнүндөгү ырды.
2. Асан Кайгынын даанышман сөздөрүнөн.

## КАНТТИ ЭКЕН?

1. Салган тамы жок,
Кылган камы жок,
Алган даны жок,
Баккан малы жок,
Мал багарга алы жок,
Көзү-башын көгөртүп
Баягы көгөн байкуш кантти экен?
2. Жатарына жайы жок,
Көрө турган көзү жок,
Чымын байкуш кантти экен?
3. Таразасын көтөрүп,
Тарбандаган шор тумшук,
Ташбака байкуш кантти экен?
4. Боору жерге жабышкан,
Баса албаган балчактап,
Бака байкуш кантти экен?
5. Куйругу жок, жалы жок,
Кулан байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?

бир тобу каргадан келип чыгат. Ал эми кыргыз элинде бугу уруусу мүйүздүү бугу энеден, кайназар уруусу кайберенден жаралганы кеп кылынат. Демек, «айбанаттар дүйнөсү адамга чоочун эмес, жакын, кандаш» деген түшүнүк байыртадан эле айтылып келген. Так ушул түшүнүк менен Асан Кайгынын ырларынын ортосунда байланыш барбы?

4. Манас баатырдын бир жагында кара чаар кабылан, бир жагында чолок куйрук көк бөрү (кээде арстан) чамынат. Асмандан алп кара куш, жерден ажыдаар көрүнүп, айкөлдүн сүрүнө сүр кошот. «Семетейде» Ак шумкардын жоголушу бактын тайышы катары түшүнүлөт. Айчүрөк кааласа, ак кууга айлана алат ж.б. Ушундай түшүнүктөр тегин жерден чыкканбы?

### Тапшырмалар

**1. Убалдан корк**

Жылан – ыйык, азиз. Ошон үчүн үйгө кирген жыланга ак чачып чыгарат. Кыязы, ак чачуу «сага пейлибиз ак» дегенди туюндурса керек. Ошол пейилге ыраазы болгон жылан да үйдөн чыгып кетет өңдөнөт. Элибиз «Чаклаган жылан өлбөсүн» (Асан Кайгы «Боорунда буту жок жылан байкуш кантти экен?»–деп толгонот. «Зыянсыз жыланга да кара санаба»–дейт) деген накылын кулакка куюп, нечен кылым өз тукумун тарбиялап келген. Ооба, «чакпаган жылан өлбөсүн»–бул ата-баба наркы, калтырган акылы, таалими, салты. Бирок аны кулакка илбеген да жандар болбой коймокпу?

...Үч-төрт бала арык жээктен кездешкен жыланды жабыла таш менен уруп жатышат. Бирөө урган ташынын дал тийгенине мактанып кыйкырат. Экинчиси куйругунда жаны калат деп, ошого чейин жанчууда. Таш да, топурак да кан, жыландын денеси былчырап калды. Эми ушул балдардын кылганы туурабы? Ооба, туура эмес дейсиң, бирок сен өзүң да бир нече жолу жылан өлтүрүүгө катыштың да. (Же катышып да калышың ыктымал). Тирүү жандыкты, болгондо да буту жок, сойлоп жүрүп күн көргөн, чымчыкка окшоп сенден уча качып кутулуп кете албаган бечара жандыкты жанчтың. Ошонуңа эрдемсип да калдың. Бул эмне? Бул – мыкаачылык, жан алгычтык. Бул Асан Кайгы сыяктуу акылман адамдар калтырган улуу сабактын тамырын үзүп алган, ажырап калган маңкуртчулук. Жылан да (мейли ал бака, чымчык, балапан ж.б. болсун) сен сыяктуу бул жарык дүйнөгө жашоого келген, тирүү жүрүүгө укуктуу макулук да. Анан ошонун жарык дүйнөсүн өчүрүүгө кантип колуң барды!? Кантип дитиң чапты?! Кантип убалдан коркпогон жан алгычка, мыкаачыга айланып кеттиң, адам баласы.

**2. Салыштыр:** Бир бөкчөйгөн кемпир кумурсканын уюгун тентек балдардан дайыма коруйт. Уюкка дан таштап коюп турат. Ушул кемпирден улам бир эки жигиттин кылганын талкуулоого болот. Элестет. Бири албеттүү, талтөөндөй жигит. Аттын такасы кебетеленген муруту бар. Аты жогунда алтын шакек жылт этет. Ууртунда чылым. Ошол жигит кумурсканын уюгун трактору менен тебелетип, сокосу менен айдап, жер менен жексен кылып кетти... Оюна эчтеке да келген жок. Жашоо ушундай... Эмне, уюкту айланып өтүп, жер айдабай кетсинби? Жок, ал өз милдетин так билет. Ала калтырбай жерди жакшы айдашы керек... Экинчи жигитке келели. Анын ат така муруту деле жок. Шакеги деле көрүнбөйт. Бирок айдоодо кала турган кумурсканын уюгун бир кыйла убара болуп жатып, арык жээктеги шыраалжын өскөн жоноско көчүрүп койду. Бул аракетин «Мен минттим» деп эч кимге айткан деле жок. Табигый көнүмүш менен иштеди.

Эми ушул үч адамдын аракетин салыштырып көр. Кимиси Асан Кайгыга окшош? Сен ушул үч кишинин кайсынысына окшошкуң келет?



**3. Билип ал:** – Мукамбет пайгамбардын бир хадисинде «Өзүңө да, башкаларга да зыян кылба!» деп айтылган. Ал эми шариятта «Залапсыз айбандарды максатсыз өлтүрө берүү, айбандарды башка-көзгө сабоо, тирүү макулуктарды мазактоо жана кыйноо, айбандарды жана куштарды бири-бирине тукуруп алыштыруу» арам жана зулумдук болуп эсептелет.

**4. Кайсы жагындасың?**

«Ар бир адам жаратылышты коргоого милдеттүү!» – муну эреже десе да, ураан десе да болот. Көп жерде тактада жазылып турат. Бирок муну ар ким ар кандай түшүнөт. Бирөөлөр үчүн – ал кургак эреже, а башка бирөөлөр үчүн – аракеттин нукура өзү. Ошол кургак эрежечилер, мисалы, чылымдын чогун өчүрбөй таштагандыктан, токойлор өрттөнөт, кийинки кезде өңдөгөн гектар жайыт жерлериндеги бадалдар өрттөнүп,аны менен кошо кыртыш күйүп жатат. Мындай өрттө жемиши менен өсүмдүктөр дүйнөсү гана күлгө айланган жок да, эсеп жеткис курт-кумурскалардан тартып жок болуп кетүүдө. Тирүү дүйнөнүн бир бөлүгү шамал эзген күлгө айланып калат. Бул – кыямат-кайымга окшош нерсе. Ал эми жыл сайын тоонун бооруна жаңгак, бадам, жийде, мисте, арча, карагай ж.б. көчөттөрүн тигип, аң-дөңдүү, таштак, айдоого жарамсыз жерлерге мырза терек отургузуп жаткан, туулган жерди жашыл ааламга айландырып, жан-жаныбарларга Асан Кайгыча кам көрүп, алардын байырлоосуна шарт түзүп жүргөн адамдар да аз эмес. Сен өзүңдүн ордуңду аныктачы, каягындасың?

**5. Көрктүү оку.**

**6. Ар бир түрмөккө токтоп, ой жүгүрт.**

## АСАН КАЙГЫНЫН АЙТКАНЫНАН:

1. Адам өлсө өлүк, жан өлбөйт.
2. Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.
3. Сабырдын түбү – сары алтын.
   Саргарган жетээр мураска,
   Сабырсыз калар уятка.
4. Акыл оошот, ырыс жугушат.
5. Жакшыга ызаат бооюң сатып өт.
6. Бай мактанса, бир жуттук,
   Баатыр мактанса, бир октук.
7. Зордун түбү кор болот.
8. Зыянсыз жыланга да кара санаба.
9. Жарды болсоң, ардуу бол.

### Тапшырмалар

Асан Кайгынын ар бир сөзүнүн маанисин чечмелеп айтып бер.

*Үлгү:* 1-сөз. «Адам өлсө өлүк, жан өлбөйт». Мында даанышман адам «Адамдын денеси, тулку-бою гана өлөт, ал эми андагы рух, жан өлбөйт. Адамдын жаны укум-тукумуна өтүшүп, руху (жан дүйнөсү) жер үстүндө калат. Жандын тирүүлүгүнүн башка да касиети бар, ал арбак болуп сезилет, аян берет, жышаан болуп туюлат, элес болуп көрүнөт. Анын өлбөгөнү ошол» деген сыяктуу ой жүгүртүүгө түрткү берет.

2-сөз–? 3-сөз–? 4-сөз–? 5-сөз–? 6-сөз–? 7-сөз–? 8-сөз–? 9-сөз–?

## АСАН КАЙГЫНЫН САНАТТАРЫ

1. Көлдө жүргөн конур каз,
Кыр кадырын не билсин!
Кырда жүргөн тоодактар
Суу кадырын не билсин!
Айылдагы жамандар
Эл кадырын не билсин!
Көчүп-конуп көрбөгөн
Жер кадырын не билсин!
Көчсө, коно билбеген,
Консо, көчө билбеген,
Акылыңа көнбөгөн
Журт кадырын не билсин!

2. Эдил бол да, Жайык бол,
Эч ким менен урушпа.
Жолдошуңа жоо тийсе,
Жаныңды аяп тырышпа.
Эрдин куну болсо да,
Алдыңа келип калган соң,
Кол куушуруп барган соң,
Аша кеч да, кое бер,
Мурдагыны куушпа.
Акын болсо бирөөдө
Айыбын таап ала бер,
Эрегишип урушпа.
Сеники жөн болсо да,
Атың чыкпас дуруска.

3. Мүнөзү жаман адамга,
Анан кайра кайрылба.
Жакшы көргөн кишинден,
Жалган айтып айрылба.

4. Өлө турган тай үчүн,
Көчө турган сай үчүн.
Желке териң курушуп,
Ар ким менен урушуп,
Ачуу–душман, артынан
Түшүп кетсең кантесиң,
Түбү терең куушка.

5. Бакыт конгон эрлердин,
Ар бир иши оң болор.
Дөөлөтү күндө артылып,
Не кылса да оң болор.
Тайгандары түлкү алып,



Карчыгасы каз илип,
Сөз сүйлөсө жөн болуп,
Не десе да жарашар.
Байсың деген ат коюп,
Эли оозун карашар.

### Суроолор

1. Ушул ырларды акыл санаты деп айтууга болобу?
2. Бакыттын белгиси кандай экен?
3. Эмнеликтен жолдоштон жанды аябоо керек?
4. Алдыңа келип, кол куушуруп, кечирим сурагандын күнөөсүн кечип жиберүү керекпи?
5. Мүнөзү жаманга экинчи жолу кайрылып мамиле түзүүнүн зарылдыгы барбы?
6. Калпычылыктын айынан жакшы көргөн кишиден ажыроо кемчиликпи?
7. Негизсиз («Өлө турган тай үчүн, Көчө турган сай үчүн») иш үчүн «түбү терең куушка» түшүп кетүүнүн зарылчылыгы кайсы?

### Тапшырмалар

**1.** Жогорудагы санаттын беш түрмөгүнүн ар биринин мүнөзүн аныкта. Негизинен үлгү, насыят, терме ырларынын кайсынысы басымдуулук кылат.
**2.** 1-түрмөктү жатта.

### Эскертүү

Эдил – азыркы Волга, Жайык – мурунку Яик, азыркы Урал дарыясы.

V БАП

# XIX– XX КЫЛЫМДАРДАГЫ ЭЛ ЫРЧЫЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

**Ырчылык**, б.а. **акындар** поэзиясы – кыргыз элинде туу чокуга чейин көтөрүлгөн, керегеси кенен, чамгарагы бийик өнөр. Көлөмү боюнча дүйнөдө теңдешсиз «Манас» эпосу да, Арстанбектин «Тар заманы» да, Женижоктун «Аккан суусу» да, Барпынын «Мөлмөлүмү» да– ырчылык өнөрдүн жемиши. Так ушунусу менен ырчылыктын мааниси, барк-баасы өтө жогору. Экинчиден, ырчылардын чыгармаларында даанышмандык, элдик салт, тааным, нарк-насил, сулуулук дүйнөсү, нуска, таалим-тарбия, санжыра, жамандык, жакшылык жөнүндөгү насааттар, калктын тиричилиги, ой-мүдөөсү, арманы жашайт. Ошондой эле элди эл, журтту журт кылып бириктире кармап турган туу казыгы –тил байлыгы да бүткүл коюздугу, куюлушуп турган мукамы менен ырчыларда сакталат. Маселен, Женижок сөз берметтерин кыноонун ири устаты болуу менен бирге, ал он сегиз миң ааламды оодарыштырып ырдап, анын чыгармаларынын бир учу Теңирге төнүп, экинчи өңүрү байыркы кытай философиясы менен тамырлашып жатканын окумуштуу Чоюн Өмүралы уулу тастыктап чыккан. Ал эми байыркы ойчулдар дүйнө төрт кубулуштун – жер, суу, шамал жана оттун бирдигинен турат дешсе, Барпы ошол төрт кубулушту түгөл айтып, алардын үстүн «Күн менен жаап» *(К. Даутов)*, терендетип ырдаган.

Ошону менен бирге кыргыз элинин байыркы эл болгондугу, башынан не бир алаамат окуялар өткөндүгү, ошолорду улам кийинки муунга айтып туруу, ошолор аркылуу таалим-тарбия жүргүзүү зарылдыгы – ырчыларды керектеген. Жада калса, чакан той да ырчыларсыз өтпөгөн. Ыр даңкты көтөрүүнүн да, кадыр-баркты, беделди түшүрүүнүн да курч куралы болгон. Ошон үчүн ырчыларга колунда барлар гана эмес, бийлик ээлери да тартуу берип кошоматтанышкан. Солто элинин билерманы Байтик Канай уулу Балыкоозду өтө катуу урматтап, өз өргөөсүн анын конушунан төмөн тигип, көп маселени аны менен кеңешип чечкен. Озоке деген болуш «Саринжи-Бөкөйдү» ырдап бергендиги үчүн Сартбай ырчыга тогуз жылкы берип, сый көрсөткөн. Бирок ырчынын курч сөздөрүн көтөрө албай, Музоокедей кылып башын айбалта менен жара чапкан учурлар да аз эмес. Токтогул Сибирге айдалып, Барпы казыкка керилип сабалган.

Ырчылардын ырын угууга болгон муктаждык элде да күчтүү болгон. Кадимки Арстанбек ырчы төгүп ырдап жатканда, угуп отурган элдин үстүнөн кара нөшөр куюп жиберет. Угуучулар ырды суу болгондугуна кайыл болуп, ордунан жылбай отуруп уккан. Ал эми Женижоктун ырын бир жигит кызыл уук кылып сыйрылган боз үйдүн сыртынан жарданган көпчүлүк менен бирге кунт коюп угуп жатып, керегенин көзүнөн башы кандай өтүп кеткенин билбей калган. Дагы бир кабарда бир аял казанга буудай кууруп жаткан кезде, Токтогул ырдап калат. Ырды катуу берилип тыңшагандыктан, зайып буудайдын күйүп жатканын да сезбейт. Акын: «Куурай күйүп чок болду, буудай күйүп жок болду»,–деп атайы ырга кошуп кетсе да, берки элес албаган экен. Демек, мына ушундай керектөө зарылдыгы кыргыз элинде ырчылар өтө көп болушун шарттаган. Адабият окумуштуусу Жаки Таштемировдун келтирген маалыматы боюнча өткөн кылымда эле Кетментөбө өрөөнүндө отуздай (алардын ичинде *Токтогул, Эшмамбет, Накен, Жаңыбай, Коргоол, Курман, Шадыкан* ж.б.) ырчы болгон. Таласта жыйырмадай *(*алардын ичинде *Эсенаман, Сартбай, Чоңду, Балыкооз, Кызылчеке, Жаныш, Сокур Калча, Назар, Сырдуукомуз, Айдараалы, Үмөтаалы, Сары ырчы, Кара ырчы ж.б.).* Түштүктө *Орозаалы, Мыса, Нышан, Нурмолдо, Ташмат, Сыртымбет, Жолдош, Ботобай, Арзыбай, Женижок* сыяктуу төкмө акындар жашап өтүшкөн. Барпы өзү ырдашып жүргөн тогуз ырчынын атын атаган, алардын арасында *Бекназар, Көр Чокобай, Казыбай, Алим Токтор уулу* деген акындар бар. Ырас, жогорудагы аты аталгандардан тышкары Нарын, Чүй, Ысыккөл аймактарында да көп залкар ырчылар жашап өтүшкөн. Оболу, ар бир уруунун өз ырчысы, жамакчысы болгон. Ошон үчүн Куйручуктун «Оо, түнкатар түнтөй журт экен, түтүнү сайын ырчы экен» деп айтканы бекеринен эмес. Бирок, жогорудагы аты аталгандардын көпчүлүгүнүн чыгармалары биздин күнгө сакталып жеткен жок. Ошентсе да алардын көптүгү элибиздин ырчыларга айрыкча маани бергендигинин далили болмокчу.

Ырчылык өнөрдүн да терең тамыры бар. Ырас, чыгармачыл иш *(анын ичинде ыр чыгарып ырдоо да)* – жаралышы боюнча жекече көрүнүш. Ошондуктан бир кезде «Оп майданын» да өзүнчө автору болгону шексиз. Алар бизден канчалык алыс болсо, ошончолук белгисиз. Түпкү башатын жоюп коет. Бирок өзүн жоюп жиберүү тагдырынан тыш калып, бизди карай түпкүрдөн, үрүлбүрүл болсо да, нур чачып тургандары жок эмес. Эл алардын ысымын, оболу, айрым ырларын да эсинде сактап, санжыраларында чагылдырган. Алардын бири–**төлгөчү Кара Төлөк.** Бул адам аты чуулуу Атылакандын увазири болгон. Атылакан – бул тарыхтагы кадимки Атилла баатыр, ал 434–453-жылдарда гунндарга жол башчылык кылып, жортуул жасап, көп элдерди багындырган, Чыгыш Рим империясынан салык алып турган. Ошол Атылакан 453-жылы кайтыш болгондо, уйдун шүдүңгүтүн минген Төлөк тоого чыгып, арманын минтип айткан экен:

Балкан, Балкан, Балкан тоо,
Балкан тоого мен чыксам,
Башында бар айры тоо.
Айры тоого мен чыксам,
Көлдө жаткан көп өрдөк
Ылаачын тийсе бөлүнөт.
Ылаачындай шумкарым
Атылакандан айрылып,
Элди кайдан табамын?
Эл карааны көрүнбөйт,
Журтту кайдан табамын?

*(С. Закировдун «Кыргыз санжырасы» китебинен алынды.)*

Ошентип, Төлөк калган жасак (кол, аскер) менен эл-журтту таап келет да, Атылакандын өлгөндүгүн анын аялына, баласына, элине комуздун күүсү менен угузат. Албетте, бул ырчылар жөнүндө элдин эсинде сакталып калган эң алгачкы из. Ырас, төлгөчү кара Төлөктүн аты «Манаста» да, Молдо Кылычтын «Буудайыгында» да кездешет. Бирок ырчы катары Атылакандын заманында жашап, анын туулган жерди издеген ыры Асан Кайгыны эске салса, дүйнөдөн кайтууну күү менен угузушу *Кетбука* ырчынын Жуучу өлгөндө аны атасы Чыңгызканга (Айган деп да аталат) угузганына окшош. Албетте, булар эки башка окуя, күү менен угузуу салттык көрүнүш болушу мүмкүн. Бирок оозеки чыгармачылыкта мурунку өзөктүү окуя кийинки мезгилге, атактуу ысымга, чоң окуяларга көчүрүлүшү, сиңирилип турушу боло келген көрүнүш. Кантсе да төлгөчү кара Төлөк жөнүндөгү учкай маалымат ырчылар жөнүндөгү алгачкы кабарды Атылакан (Атилла) заманына алып баргандыгы менен маанилүү. Ал эми *Токтогул, Кетбука, Асан Кайгы, Толубай сынчы, Санчы сынчылар* Чыңгызкан, Аксак Темир, Жаныбек кан бийлик кылган мезгилдин ары-берисинде жашап өтүшкөн. Кетбука Чыңгызкандын тушунда жашаган, ал канга анын тун уулу Жуучунун өлүмүн (Жуучу 1227-жылы набыт болгон) комуз күүсү жана табышмактуу ыр менен угузган. Бул ырдын кыргыз элинде беш варианты бар. Табышмактуу ырдагы «Туу куйругу бир кучак тулпар качты, Айганым, туурунан бошонуп шумкар качты, Айганым» деген сыяктуу кайталангыс салыштыруу, болгон окуяны каймана мааниде туюнта билүүнүн күчтүүлүгү Кетбуканын мыкты ырчы болгондугунан кабар берет. Ал эми Токтогул ырчы Аксак Темирге (1336–1405) мезгилдеш. Оболу Токтогул «Кудаяндын тушунда куурап калдык, куурулгуч баштуу кожону туурап калдык», «Арбагы Кыргызкандын сени урар, кыргызды кыйын кыйнап салдың домок» деген өңдүү Аксак Темирдин баш кесер желдети Кудаяндын кордугуна каршы тайманбай ырдаган. Ошон үчүн аны Аксак Темирдин дал өзү Самаркандда эл алдында даргага асырып, өлүгүн жору, ит-куш жесин деп, ай-талаага таштаттырат, жакындарына өлүктү көмүүгө, үн чыгарып ыйлоого тыюу салат деп айтылат уламыштарда. Демек, Токтогул чындыкты тике бетке айткан, өлүмдөн коркпогон эр мүнөздүү ырчы болгон. *«Токтогулдай ырчы бол»* деген нусканын жаралышына да жогорку окуя себеп болсо керек.

Кокон кандыгы 1710-жылы түзүлүп, 1876-жылга чейин бийлик жүргүзгөн. Аны Шахрук бий негиздеген. Шахруктун небереси Эрдана бийдин тушунда Кокон кандыгы күчөп, Бухара эмиринен биротоло кол үзгөн. Анан Кокон кандыгы 1807–1810-жылдарда Кетментөбө, Теңиртоо, Талас, Чүй, Ысыккөл өрөөндөрүн басып алып, аскерлери үчүн ал жерлерге чептерди курган. Бул Орто Азиядагы чоң мамлекет 1840-жылдардан начарлай баштаган да, чыр-чатак көбөйгөн. Кокон кандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүштөр байма-бай болуп, акыры 1876-жылы бул кандык бийлигин токтоткон. Бирок Кокон кандыгынын ордуна башка бир зор, кубаттуу бийлик –Россия падышачылыгы жылып келаткан. Ал 1855-жылы Ысыккөлдү, 1868-жылы Чүй Теңиртоо кыргыздарын, 1865-жылы Ташкенди, 1876-жылы бүткүл Фергана өрөөнүн ээлеген. Ошентип, кыргыз эли бүт Россия империясынын карамагына өткөн. Ал 1917-жылга чейин бийлик кылган.

Кыргыз эли Кокон кандыгы менен Россия империясы тарабынан гана эзилип калбастан, казак-кыргыз жана ич ара уруулук чабыштан да алсырап, онтоп турган. Чабыштардын аягы үзүлгөн эмес. Ойрот-жунгарлардан узакка созулган жортуулунун натыйжасында сүрүлүп, жер ооду болуп, чабылып-чачылып, азыптозуп, кайрадан туулган жерге кайтып келип орун-очок алып жаткан элди 1775–1776-жылдарда Абылай кан чапкан. Абылай кан кетерде миң түтүн (600 түтүн деп да айтылат) кыргызды өзү менен кошо көчүрө кеткендигин тарыхчы Белек Солтоноев «Кызыл кыргыз тарыхы» деген китебинде жазып калтырган. 1819–1820-жылдарда солто менен сарбагыш уруулары согушса, 1854-жылы бугу менен сарыбагыш урууларынын чабышы болуп, ал бир жылга чейин созулган. 1846–47-жылдары кыргыз элин каратып алмакчы болгон согушта казак Кенесарынын колунун таш-талканы чыккан. 1911-жылы катуу жер титирөө болсо, 1916-жылы Россия империясынын көрсөткөн запкылыгына каршы кыргыз элинин улуттук-боштондук үчүн болгон көтөрүлүшү башталып, ал жеңилип калган.

**XIX кылымдагы кыргыз ырчылары** ушундай сырткы жана ички капсалаң күчөп, «капкандай белден чаап» кысып, «тайган иттей такымдап» талап, коогалаң дүйнө «устаранын мизиндей оодарылып»(Арстанбек) турган кезде жашашкан. Мындай карама-каршылыгы менен жашаган заман *Калыгулдун, Арстанбектин, Молдо Кылычтын, Алдаш Молдонун* чыгармачылыгында

терең из калтырган. Мисалы, ошол мезгилдин көрүнүктүү акыны Арстанбек Кокон кандыгын жактырбай: «Тегереги кыргыздын темирден тарткан тор болду, түшкөн жери кыргыздын кырк кулач терең ор болду, көчмөндүү биздин көп кыргыз көк чапан сартка кор болду, зекетине кокондук беш көкүлдүү кызды алды, оймоктуудан узду алды, кулактарын карыштап, короодон тандап койду алды, кызматына бойду алды, көлдүн башын сарт алды, көкүрөктү дарт алды» деп ырдаган. Ушул эле Арстанбек Россия империясынын кыргыз элине кылган бийлигинин терс таасирин да айтпай кое алган эмес. Казак акыны Каңтарбай менен беттешүүсүндө ал минтип айтат: «Башалык менен башкарып, башынды орус кармады, күндө мыйзам чыгарып, заманынды кууруду, топурак кылып жууруду, каркыра кылды элинди, каратып алды жеринди, кайыштырды белинди, тоодак кылды элиңди, талоонго алды жеринди, кабакка салды эринди, эми кимге айтасың, ичиндеги кегинди, жакшы жерден ажырап, тоо-ташка кыргыз чегинди, каршы турар чама жок, кара жол кылды көлүндү, касапка салды элинди, көч алды болду орусуң, өз колунда бийлик жок, кулаалы болду болушуң, о, армандуу дүнүйө, байыр кылар бийиң жок, баш калкалар ийин жок». Ырчы ушундайча кашкайтып айтып салган. Акындар элдин эң сезгич катмары катары калктын ал-абалын, замандын түрүн ырдоодо тайсалдабай, чындыкты тике карап, болгонун болгондой, көргөнүн көргөндөй ырдаган. Бул ыр менен айтылган тарых, элдин тагдыры. Мындай акындар керт баштын көйгөйүнөн өйдө көтөрүлүп, жалпы журтту ырдап, өзү жашаган заманды – мезгилди баалоо, мүнөзүн аныктоо, башкы белгилерин көрө билүү деңгээлинин кыл чокусунда турушкан.

Ооба, кыргыз эли ырчыларга бай. *«Ырчы»* деген сөз *«акын»* деген сөз менен маанилеш. Түшүндүрмөлүү сөздүктөрдө мындайча аныктама берилет: «Акын – жалпы эле ыр жазган, же төгүп ыр чыгарган киши», «акын – ыр чыгаруучу, ыр түрүндөгү көркөм чыгарманын автору, ыр чыгарып ырдоочу ырчы», «акын – казак, кыргыздарда оозеки түрдө алдын ала камынбай туруп шыдыр ыр чыгарган адам. «Ырчы» деген сөзгө маанилеш». Ушул жогорку тыянактарга таяна отуруп «акын» (же ырчы) түшүнүгү төмөнкү үч жагдайды мазмунунда тогоштуруп кармаганын байкоого болот: 1) ыр оозеки ырдалат; 2) ал алдын ала даярдыксыз ырдалат; 3) төгүп ырдалат. Байыркы Ырамандын Ырчыуулунан азыркы Замирбек Үсөнбаевге чейин ушундай, б.а. оозеки, алдын ала даярдыксыз төгүп ырдаган ырчылар. Бул «ырчы» (же акын) түшүнүгү жаттап алган ырын обонго салып ырдагандарга (айталы, Эсен Нурманбетова, Гүлнур Сатылганова) жана жазма акындарга (айталы, Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев) окшош эмес. Ал жогорку үч жагдай боюнча өзгөчөлөнөт. Бирок тур-



мушта Мыскал Өмүрканова менен Осмонкул экөө тең ырчы деп кандай айтылып келсе, төгүп ырдаган Алымкул да, ырларын кагазга жазып чыгарган Алыкул Осмонов да ошондой эле «акын» деп атала берет. Төкмө ырчылар жөнүндө академик В.В. Радлов кызыктуу маалымат жазып калтырган. Ал кыргыз акынынан «Тиги же бул ырды айтып бере аласызбы?» деп сураган. Ал ырчы мындайча жооп кайтарган экен: *«кандай ыр болбосун мен ырдап бере аламын, анткени Кудай мени ыр өнөрүнө жараткан, ал менин оозума сөздөрдү келтирип турат жана аларды издөөнүн мага зарылчылыгы жок; мен ырды эч качан жаттап үйрөнгөн эмесмин, баары өзүмдөн чыгат»*. Демек, ырчылар «баарын өзүнөн чыгарат», оозеки төгүп ырдайт.

Албетте, ырчылардын **чыгармаларынын тематикасы** турмуштун өзү сыңары көп түркүн. Маселен, заман, коом жөнүндө ой толгоолор Калыгул менен Арстанбекте, адамдын ички дүйнөсүнүн тереңдигин арзуу лирикасы аркылуу чагылдыруу Барпы ырчыда, туулган жер менен жаратылышты жерине жеткире шөкөттөп айтуу Жеңижокто, коом менен жеке инсандын ортосундагы мамиле Токтогул Сатылгановдо басымдуу. Санат түрүндөгү үлгү, терме,насыят ырлар ырчылардын баарында эле бар, алардын баары үй-бүлөнү, элди, жамаатты, жеке адамды тарбиялоону көздөйт. Демек, ар бир ырчы – лирик, казалчы, кара ыр түрүндөгү көлөмдүү ырлардын жаратуучусу. Аларда мактоо да, кордоо да, заманга, жеке адамга баа берүү, учурашуу, коштошуу да, өнөр чеберчилигинин таймашы – айтыш да бар. Мисалы, Калмырза, Айтике, Осмонкул, Ысмайылдын ырлары да ошондой. Ошондой эле учурда ырчы – эпик. Мисалы, Калык ырчы аш-тойдо, ар кандай жыйындарда төгүп ырдоо менен катар, эпикалык чыгармалардан «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Кедейкан» эпосторун, «Ак Мөөр», Карагул ботом» дастандарын, Алымкул төкмө «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш», «Саринжи-Бөкөй» өндүү кенже эпосторду айткан. Демек, ырчылар элдик оозеки чыгармаларды жадында сактап алып жүрүүчүлөр жана өнүктүрүүчүлөр болуп эсептелишет. Алар – макал-ылакап, улама, мифтерден «Манаска» чейин эстеринде сактаган өзгөчө таланттар. Ырчылар элдик оозеки чыгармаларды кагазга түшүрүүдө чеиемсиз кызмат кылышкан. Мисалы, 1996-жылдан «Эл адабияты» деген серия менен жарыялана баштаган кырк томдук китеп ошол ырчылык өнөрдүн үзүрүнүн натыйжасы.

Азыркы кезде эл ырчыларынын төкмөлүк салты кан буугандай токтоп калган жери жок. Кудайга шүгүр, уучубуз куру эмес, Эстебес, Ашыралы, Тууганбай баштаган көчтө Замирбек, Таирбек (Барпынын шакирти), Майра Керим кызы, Табылды Актанов (Тыныбек манасчынын небереси) өндүү талантуу ырчылар келет.

Кыскасы, элдик оозеки чыгармачылык менен тыгыз чырмалышып жаткан ырчылык өнөрдүн натыйжасы сырттан караган көзгө да даана байкалган. Илим дүйнөсүнө кеңири таанымал түркolog, Орхон–Энесай жазма эстеликтерин алгачкылардан болуп окуган окумуштуу **В. В. Радлов:** *«Жорго сөзду дүйнөдөгү эң жогорку өнөр деп эсептейт. Ошондуктан кыргыздарда элдик поэзия жогорку баскычка жеткен»,*–деп жазган. Бул туура жана калыс пикир, ал эми элдин оозеки чыгармачылыгын изилдеген окумуштуулар төмөндөгүдөй тыянактарды чыгарышкан.

**Биринчи жыйынтык:**

... «Бир кездерде жазуу-сызуусу бар, өз алдынча өсүп-өнүккөн эл болсо да, тарыхтын өйдө-ылдыйлуу татаал жолунда ошол көрүнүктүү ордун, өнүккөн өнөрлөрүн, алардын ичинде жазуу-сызуусун да сактап кала албай, натыйжада көптөгөн кылымдар бою билгендери менен көргөндөрүн, жалпы эле бүт табылгаларын – алар жөнүндөгү маалыматтарды көркөм баянга айландырып, оозеки сактап, укум-тукумга ошол ооз жүзүндө өткөрүп келүүгө мажбур болгон кыргыздар үчүн алардын оозеки көркөм чыгармалары өзгөчө баалуу табылгаларын чогултуп жыйноочу казынанын – **эстин,** башынан өткөргөндөрдүн урунттуу учурларынан кабар берген **тарыхтын,** коомго, ар бир инсанга моралдык, укуктук, жүрүш-туруш эрежелерин туюндуруучу **жыйнактын,** таалим-тарбия берүүчү **куралдын,** оң-терс, жакшы-жаман жөнүндөгү түшүнүктөрдү чечмелеген **туюнтманын,** ж.б. жашоо-тиричиликтин көп кырдуу зарылдыктары үчүн пайдаланууга боло турган **энциклопедиялык мазмундагы «китептин»** милдетин аткарып келген. Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгынын мааниси, жашоо жөндөмүнүн сыры, **өткөндүн үнү, жаңынын жаңырыгы** болуп, улам кийинки шартка ылайыкташып, **талабына жооп берип,** күйөрмандарды тейлөөсүн улантып, **эстетикалык ыракат тартуулап,** бүгүн да өз күчүн жоготпой келе жаткандыгында.

*Самар Мусаев, Абдылдажан Акматалиев*

**Экинчи жыйынтык:**

«Тарыхый өнүгүш жолунда жакшы менен жаманды, ийгиликтин кубанычын, жеңилүүнүн ызасын, гүлдөп өнүгүүнүн ыракатын, төмөн чөгүүнүн, басынуу кайгысын бир эле эмес, көптөгөн жолдорун башынан өткөрүп, **эркиндиги, көз каранды болбостугу, элдин биримдиги, ынтымагы үчүн дайым күрөшүп, адамдык акыл-дөөлөттөрдү туу тутуп,** аздектеп, өз башынан өткөргөн урунттуу учурлары менен алгылыктуу табылгаларын мончоктой тизип, ал байлыгын этият сактап, бапестеп багып, өзгөчө жогору баалап, **кыргыздардын оозеки көркөм чыгармачылыгы адаттан тыш өсүп-өнүккөн.** Буга түрткү болгон негизги себеп – элибиздин



түптүү, тектүү байыркы элдердин бири экендиги жана ошол элдин өтө узак мезгилди камтыган тарыхый жолундагы рухий байлыгынын каймагын, маңызын, көп жактуу бай мазмунун бөксөртпөй сактоодогу **казынанын милдетин жалгыз оозеки көркөм чыгармачылыктын аткарып келгендиги».**

*Самар Мусаев, Абдылдажан Акматалиев*

**Үчүнчү жыйынтык:**

«Оозеки көркөм чыгармачылык өзгөчө мааниге ээ болуп, ушунун натыйжасында тарыхта өтө сейрек учурай турган феномендик мүнөздөгү абал түзүлгөндүгүн «Манас» эпосунун мисалынан – **дүйнөнүн сегизинчи укмушун** – башка эч бир кезикпеген, өзү сыяктуулардын арасында теңдеши болбогон жомокту – эпосту жаратканынан да таасын байкоого болот. Бир жерге байыр алып отурукташтан шартта жашаган египеттиктер таштан пирамиданы курган сыяктуу эле ат үстүндө, көчмөн турмушта жашаган кыргыздардын өз укмуш эстелигин өзү кайда барса, ошол жакка кошо ала жүрүүгө ыңгайлаштырып, көркөм чыгарма түрүндө жаратkandыгы. Натыйжада, кыргыздар жараткан дүйнөнүн сегизинчи укмушу башкалар жараткан укмуштардан өзгөчөлөнүп, эң **катуу гранит таштан да, курч болот темирден да бекем** кылымдардын карытар убактысына, күндүн аптабы, шамал менен жаандын кыйраткыч күчтөрүнө моюн бербей турган, китептик жаңы өмүрү менен **бөксөрбөй, кемибей түбөлүк жашай бере тургандыгында.**

*Самар Мусаев, Абдылдажан Акматалиев*

Албетте, жогорудагы жыйынтыктар элдик оозеки көркөм чыгармачылык менен камыр-жумур болуп аралашып кеткен ырчыларга да тикеден-тике тиешелүү.

**Суроолор**

1. Кыргыз элинин турмушунда ырчылардын мааниси кандай?
2. Ырчы менен көпчүлүктүн (аламан калктын) ортосунда кандай карым-катыш бар?
3. Эмне үчүн ырчылар көп болгон?
4. Төлгөчү кара Төлөк, Токтогул ырчы, Кетбука кандай акын?
5. Кокон кандыгы менен Россия падышачылыгына эл ырчылары кандай көз караште болгон?
6. «Ырчы» деген сөздүн маанисин чечмеле?
7. Акындардын ырчылык жана эпикалык арымы кандай?

**Тапшырмалар**

1. Окумуштуулардын бирин-бири толуктаган үч жыйынтыгын сүйлөп бер.
2. Ойлон: Ырчылык өнөр акырындап жоголушу мүмкүнбү? Же келечекте Токтогул, Арстанбек, Жеңижок, Барпыга окшогон ырчылардын чыгышы сени күмөн санатпайбы?

## КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ

*«Калыгул аттын кашкасындай таанымал акын. Кыргыздар Калыгулдун сөздөрүн олуялыкка тагандан башкага барбагандыгы маалым».*

Ыбырайым Абдыракманов

Бул даанышман акын 1785-жылы Ысыккөлдүн күнгөйүндөгү Кара-Ой–Сары-Ой деген жерде туулган. Ал кадимки «Жаңыл Мырза» дастанындагы Үчүкө баатырдын тукуму. Үчүкөдөн Дөөлөткул, андан Бай, Байдан Калыгул. Түпкү теги манап насилинен. Диний кат-сабаты болбогон, бирок намаз окуган. Ал калк арасындагы чиеленишкен чоң доолорду чечип, элди жараштыра билген. «Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок» деген байыртадан келе жаткан элдик мыйзамды жанына эш тутуп, үзөңгүнү тең темингендиктен, калыс бий атыккан. Ошол себептүү *«Кара кылды как жарган Калыгулдай калыс бол»* деген ылакап жаралган. 1855-жылы кайтыш болгон.

1. **Калыгулдун акындык өзгөчөлүгү.** «Калыгул чыгарган ырларын обонго салбай, жөн эле маселдетип айтып берген. А кезде ырларын обонго салып, комузга кошуп ырдагандарды ырчы дешкен. Ал эми Калыгул болсо чечендик искусствосунун өкүлү катарында өзүнүн терең образдуу, санат, накыл, макал-лакап иретиндеги сөздөрүнө философиялык маани киргизип, даанышмандык көрк бергендиктен аны акын аташкан. Анын үстүнө анын манаптык даражасы да ырдап отурууга, же комуз кармоого жол бербеген. Мындай даражадагы адамдардын ырдашы, ал кездин шарты боюнча, уят иш болгон»,–деп жазган Ыбырайым Абдыракманов. Мындай акындык өзгөчөлүктү ырастаган төмөндөгүдөй маалыматты тарыхчы Белек Солтоноев берет: «Калыгул ырчы эмес, даанышман болгондуктан ашка-тойго барып ырдабаган. Сөзүн көп ачылып айта бербеген. Көп убакта унчукпай отура берген. Сөзүн макалдатып, акырын, токтоолук менен акыл-насыят катарында сүйлөгөн. Айылдын дөңүндө, чогулушта, үйгө көп киши келсе, үйүт кылып сөз айткан. Айтар сөзүн айтып туруп, кээ убакта күңгүрөнүп кетип, анда-санда «Ээ, ушундай эмеспи!»– деп, оң, сол ийнин карап коюп сүйлөгөн». Ал эми манасчы Шапак Ырысменде уулу Калыгул жөнүндө мындай казал калтырган: «Айткан кеби, масели, адам жетпейт эсеби, кумдай сөзү түгөнбөйт, күнүндө түрлүү кеп айткан, чечендиги бар эле, ченден чыккан жан эле, көрбөгөндү көп айтат, окуп келген немедей, ою менен бек айтат, укпаган сөздү көп айтат, уламадай кеп айтат».

2. **Нускоочу акын.** Ш. Үмөталиев – Калыгулдун чыгармаларын изилдеген окумуштуу. Ал «Калыгул Бай уулу» деген көлөмдүү макаласында акындын ырларын талдап, төмөнкүдөй ой-пикирлерди айткан: «Калыгулдун чыгармачылыгындагы башкы мүнөздүү көрүнүш – анын насыятчы акын катарында чыккандыгында. Мындай көрүнүш кыргыз оозеки поэзиясына жана анын алдыңкы өкүлдөрүнөн болгон көрүнүктүү акындардын поэзиясынын бардыгына таандык. Атүгүл, бүткүл чыгыш поэзиясында дидактикалык поэзия байыртадан эле башкы орундарды алып келген. Калыгулда турмуштагы кыйынчылыктарды жеңе турган нерсе – өмүр менен өлбөгөн адамдын иш тажрыйбасы. Өлбөгөн адам ар кандай жакшылыктардан түңүлбөөсү керек. «Аргымактын азганы – аркы-терки басканы, азамат эрдин азганы – көчкөндө жөө басканы, аргымакта жал жок деп, жолго таштап кетпеңер, азаматта мал жок деп, жоого таштап кетпеңер!» Ал өтө кыска жана элестүү образдарды колдонот да, ага нукура зергердик устаттык менен кайталангыс оригиналдуулук киргизет. Чынында эле, Калыгулдун кайсы ырын алып карабайлы, алардын ар бир сабы дээрлик өзүнчө терең ой толгонуунун жемиши. Алардын ар биринде көп учурларда көркөмдөй айтылган залкар ойлор каймактап турат. Бирок алардын бардыгы биригип келип да, кандайдыр бир борбордук идея, ойго багындырылат. Негизги ой толгонуусу ошого баш ийет. Калгандары ошонун тегерегинде топтолуп, ошону туу катары көтөрүп, көрктөндүрүп тургандай».

3. **Санаттар.** Ш. Үмөталиев акындын санаттарын эки түргө бөлүп карайт. **Биринчиси**– дидактикалык санаттар. Анын мындай санаттары акыл, насыят иретинде чыгарылып, терме формасы менен берилген. Алар жандуу тил менен, жалпыга жеткиликтүү, жаттап алууга ыңгайланган учкул сөздөр менен, кененкесир, кулачтуу, жигердүү, өзүнүн чегине жараша тыянак катары айтылат. **Экинчиси** – чечендик маанисиндеги санаттары. Чечендик сөздүн бул түрүндө залкар канаттуу образдар алдыңкы планга коюлат. Өзүнүн мазмуну боюнча да, формасы жагынан да дидактикалык поэзиянын көрүнүштөрүнөн жогору турат. Мында акыл-насааттардан көрө коомдук турмуштун залкар жана тамырлуу жагынан козгогон саясий-коомдук, же элдин тагдырына байланыштуу жалпы ой толгонуулар орун алган. Ал темасы жагынан масштабдуураак келет, негизги багыты күнүмдүк турмуштагы тиричиликтен көрө, келечекке умтулган мотивдер басымдуулук кылат.

4. **Өмүрзактын айтканы** *(Өмүрзак – куудул Куйручуктун атасы. Ал Ормон айлына барып, Калыгулдун өз оозунан укканын баласы Куйручукка айтып берген. Андан Тоголок Молдо уккан).*

Ал кары киши:

– Баатыр, дагы кандай шумдуктар болот? – деп сурады. Кары кишиге жооп бергени:

Түтүнгө келе чыгым деп келет го?
Кези келсе, жетим уул, тул катынды жеп келет го?
Он түтүнгө бирден тың чыгаар.

Бирин көрүп, биринен бири шум чыгаар.
Уй пул болоор, кул бий болоор.
Токой токол болоор, токол байбиче болоор.
Тегерек-чака тыйын чыгаар.
Атасынан баласы кыйын чыгар.
Кызыл-кызыл кыялар, кыргыек талга уялаар,
Такыясын колго алып, кыз жигитти кубалаар.
Сааганың сары бээ болоор,
Ичкенин ит ичпес сары суу болоор.
Этеги жок, жеңи жок чапан чыгаар,
Эң кийинки балдарың тапан чыгаар.
Тегиз жерден тегирмен чыгаар, тексиз жерден бий чыгаар.

Ээ, ыраспы?–деп оң ийнин караганда, отурган элдин баары күңгүрөнүп жиберишкен дейт.

– Баатыр, ошондо элдин айласы эмне болот?
– Ал болсо, сары орустун заманы дейт,
Сары орустан кара орус чыгат.
Сары оруска күйүк түшөт,
Элге бир бүлүк түшөт.
Он үйдө бирден казан болоор,
Орчун шаар базар болоор...
– Андан ары эмне болот?
– Ошол кара орустун убагында, 15 жылдан кийин байпагың манат, батегиң киш, босогоң алтын, итаягың мис болор, кой үстүндө торгой жумурткалаар. Жесир катын минден кой айдайт,– деген экен. Калыгул өзү ырчы эмес эле киши экен, бирок маселдетип уйкаштырып, келечекти көп айтчу дешет.

*(Тоголок Молдодон угуп, кагазга түшүргөн Абдыкалык Чоробаев, 1940-жыл.)*

**Суроолор**

1. Калыгул ким? Кайда, качан туулган?
2. Ыбырайым Абдыракманов Калыгул жөнүндө эмне деп айткан?
3. Белек Солтоноев акын жөнүндө эмне деген?
4. Калыгул эмне үчүн нускоочу акын?
5. Калыгулдун санаттарынын эки өзгөчөлүгү?
6. Өмүрзактын айтканында кандай замандар жөнүндө сөз болот?

**МАСЕЛДЕР**

1. Көгүчкөн учар жем чыкса,
Көк тулпар чуркаар тер чыкса.
Көңүлү тынаар көпчүлүк,
Көзгө токтоор эр чыкса.



2. Кара куш карайт кардына,
Кара жемсөө азамат
Кайрылбайт жакын-баарына.
Кайраты бар эрендер
Карагай найза кармаган
Карыштырып колуна.
Кара жемсөө жигиттер
Канча бүлүк болсо да,
Кайрылбайт экен тобуна.
3. Уй пул болоор,
Кул бий болоор.
Тоо токол болоор,
Талаа токой болоор.
Токол байбиче болоор,
Аяк адам баш болоор,
Баш адам пас болоор,
Тегиз жерден тегирмен чыгаар,
Тексиз жерден бий чыгаар,
Акча кагаз пул болуп, тыйын чыгаар,
Айылын жоодой андыган жыйын чыгаар,
Атасынан баласы кыйын чыгаар,
Этеги жок чапан чыгаар,
Эң кийинки баласы тапан чыгаар.
4. Там бир жылы көбөйөөр,
Дарак бир жерден көгөрөөр.
Каркыра катары менен жүрөөр,
Кадырын билген киши билээр.
5. Эр адамдын жаманы жүрүшүнөн кул болоор,
Ургаачынын жаманы кыялынан тул болоор.
6. Акыл, макал–экөө бирдей келээр,
Ал экөөнүн айтканы күндөй тиер.
Билбеген наадандардын ичи күйөөр,
Билген адам ошону байым кылаар,
Көкүрөккө ойлонуп, дайын кылаар.
7. Орой киши баатыр болоор,
От чыкпай жериң такыр болоор.
Ошол заман жакын болоор.
Аягың таш болоор, кулуң баш болоор.
Тууганың кас болоор, корооң бош болоор.
Мингениң жыгач ат болоор.
Ыгы жокко жан берип,
Ыйманынан жат болоор.
8. Кызыл, кызыл кыялар,
Кыргый талга уялаар.
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалаар.

9. Өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат деп айткан,
Миң түтүнгө бир киши,
Болуш чыгат деп айткан.
Буйрук менен кондурган,
Конуш чыгат деп айткан.
Узун чөптүн баарысын,
Оруп чыгат деп айткан.
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп чыгат деп айткан.

10. Кийин чыккан адамы,
Илим билген амалдуу.
Аяр болот деп уктум.
Кандай кылган жумушка,
Даяр болот деп уктум.
Ошондогу адамдар,
Молдо болот деп уктум.
Минген атын карасаң,
Жорго болот деп уктум.

11. От араба, дилгирем,
Жол кыскарат ошондо.
Этек, жеңи чолоюп,
Тон кыскарат ошондо.

12. Кыйкырганы бел ашпай,
Үн кыскарган бир заман.
Кылса, жумуш бүтпөгөн,
Күн кыскарган бир заман.
Кожо-молдо жоголуп,
Дин кыскарган бир заман.
Орозо, намаз окубай,
Тил кыскарган бир заман.

**Масел** – бул ырдалбай, сүйлөнүп айтылган ыр. Жай салмак менен макалдата баяндалат. Бул азыркы кездеги ырааты менен үн кубултуп окууга окшош. Ыр саптары эркин, ошого жараша муун санагы эркин болот. М.: тоо токол болоор – 5 муун, атасынан баласы кыйын чыгаар – 11 муун, ошого карабастан 5, 11 муундуу ыр саптары аралаша келе берет. Маселдин мазмуну, коомго, келечекке, заманга тиешелүү ой жүгүртүүлөрдү камтыйт.

Жогорудагы акындын маселдерин туура түшүнүүнүн ачкычы «Өмүрзактын айтканында» («Калыгул Бай уулу» деген теманы кара). Анда акын адегенде сары орустун да, кара орустун заманы келе тургандыгын айткан. Сары орус дегенден падышалык Россиянын бийлигин, кара орус дегенден В.И. Лениндин курган заманын болжолдоп туюнууга болот. Калыгул, 1855-жылы кайтыш болгон, өзү айткан сары орустун да бийлигин көргөн жок. Бирок Россия мамлекети жөнүндө кабардар болгон. Анткени Атаке бий 1785-жылы Россияга элчи жиберген. Элчилер Петербургга жетип, орус императору Екатерина II ге Атаке бийдин атынан үч илбирс, беш сүлөөсүн терисин тартуулашкан. Падыша аял да жакшы сый кылып, Атакеге 800 сом күмүш акча бердирип жиберген. Элчилер 1789-жылы кайтып келишкен. Ал эми 1825-жылы сегиз адамдан турган кыргыз элчилери орус падышачылыгына барган. Бул окуялардан өз мезгилинин атактуу адамы Калыгулдун бейдарек калышы мүмкүн эмес эле. Демек, Россия падышачылыгына карата акындын өзүнүн жекече мамилеси, пикири, өз түшүнүгү болушу бышык. Аны ал өз маселдеринде чагылткан. Сен да төмөндөгү санак менен белгиленген түрмөктөрдүн негизинде ой жүгүртүп көр. *(Ыр түрмөгүндөгү катар сандар китеп түзүүчүлөр тарабынан коюлду.)*

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор**

1. «Уй пул болоор». Бул жылкыны уй басып кетет дегенден улам айтылганбы?» «Ат–адамдын канаты» деп жылкыны жанындай жакшы көргөн эл уйдун артык бааланышын жактырган эмеспи? Акын кийинки келчү «сары орустун» заманында уйдун барк-баасы көтөрүлүп кетерин алдын ала туюп айтканбы? Же ушул сап аркылуу асыл жылкынын ордун мурду сасык уй басып кетеринен сактандырганбы? Же кандай?
2. «Кул бий болоор», «Токол байбиче болоор», «Аяк адам баш болоор», «Тексиз жерден бий чыгаар», – булар боло берүүчү, кездешүүчү эле турмуштук көрүнүш да. Баш адамдын пас, пас адамдын баш болмогу боло келген жана боло бере турган нерсе да. Аны элдик «Жакшыдан жаман туулат, бир чөйчөк талканга алгыс, жамандан жакшы туулат, адам айтса ынангыс» деген макал да ырастап турат. Же «сары орустун» заманында эле жакшы жаманга, жаман жакшыга айланып кетеби?
3. «Тегиз жерден тегирмен чыгаар», «Акча кагаз пул болуп, тыйын чыгаар», «Талаа токой болоор» – мунун эмнеси жаман?
4. «Тоо токол болоор», *(«Токой токол болоор» деп да айтылат)*, «От чыкпай жериң такыр болоор» деген саптардын жаратылыштын жакырланышына, башкача айтканда, арча, карагай, тал-терек, ар түркүн бадалдардын кыркылып кетишине байланышы барбы?
5. «Эң кийинки баласы тапан чыгаар», «Тууганың кас болоор, короон бош болор», «Кылганың касам ант болор», «Ыгы жокко жан берип, Ыйманынан жат болор» деген саптарды кандайча түшүнөсүң?
6. «Атасынан баласы кыйын чыгаар», муну кандайча түшүнүү керек? Баласы атасынан акылдуу чыкса жаманбы? Же адепсиз баланын атасына акыл үйрөтүп турушун айтып жатабы?
7. «Там бир жылы көбөйөөр», «Дарак бир жерден көгөрөөр», «Каркыра катары менен жүрөөр» – бул саптар аркылуу акын эмнени айтмакчы болгон?
8. «Эр адамдын жаманы жүрүшүнөн кул болоор, Ургаачынын жаманы кыялынан тул болоор» дегенди кандайча түшүнөсүң, болжолдоп чечмеле. *(тул–жесир, эри өлгөн аял).*
9. «Акыл менен макал – экөө бирдей келээр. Ал экөөнүн айтканы күндөй тиер». Бул саптарда кандай маани катылган?

**Тапшырмалар**

**1. Өз алдынча ойлон:** 8, 9, 10,11, 12-маселдер боюнча.
**2. Сыр чуба**
Калыгул маселдерин кандай муктаждыктан улам айткан? Анын атуулдук мүдөөсү эмне? Болбосо «Атасынан баласы тапан чыгаар», «тоо токол болоор», «аяк адам баш болоор, баш адам пас болоор» деп айтыштын кажети кайсы? Сөзсүз, анын алдына койгон кандайдыр бир максаты бар да. Тегин жерден чөптүн башы кыймылдабайт. Болжоп айтып көр.

### Кошумча маалымат

1991-жылы «Мурас» журналына (№4) Акмат Карыбай уулунун «Калыгул олуя жөнүндөгү эскерүүсү» жарыяланган. Анда Калыгул Ормон кандын суроосуна жооп берет. Бул жоопто Калыгулдун жалпыга белгилүү ырларын толуктап турган ыр саптары да кездешет. Алар төмөнкүлөр:

Суу эшкен талаа сактайсың,
Кайрымы кем бала сактайсың.
Коко куурай шыргый болот,
Катын эрине кыргый болот.
Арасы жыш айыл конот,
Айткан сөзү айың болот,
Алып сатар байың болот.
Мал туягы көбөйүп арык болот,
Жердин түгү азайып карып болот.
Сары изиң саналуу,
Санааң камалуу заман чыгаар.

## САНАТТАР

1. Кызаргандын баарысы
Манат болот турбайбы.
Кылган иштин баарысы
Адат болот турбайбы.
Ырдагандын баарысы
Санат болот турбайбы.
2. Кара килең болбой, кар кетпейт,
Капсалаң болбой жут болбойт.
Кара өзгөй болбой, доо болбойт.
Шагылы болбой, зоо болбойт.
Шайыры болбой, эл болбойт,
Пейили жакшы, кем болбойт.
3. Чаң созулат тамандан,
Жакшылык келбейт жамандан.
4. Аскар, аскар, аскар тоо,
Аягы барып чат болот.
Атадан алтоо болсоң да,
Сыйлашпасаң жат болот.



5. Ийри жыгач түз болот,
Тезге салып ондосо.
Душманына кор болот,
Өз тууганын кордосо.
6. Бул дүйнөдө не карып?
Сатылбаган бөз карып.
Айтылбаган сөз карып,
Замандашы болбосо,
Карыя болоор тез карып.
Кадырын жеңе билбесе,
Бойго жеткен кыз карып.
Эл жакалай конбосо,
Бетегелүү бел карып.
Каз, өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улук адил болбосо,
Убара болот эл карып.
7. Кетсе дөөлөт колуңдан,
Келмеги кыйын мал кайтып.
–Келе–деп келсе бересең,
Кейитет жанды саргайтып.
Чырпыгың сынса талыңдан,
Чынар болбойт ал кайтып.
Чындап ажал келген соң,
Чыккан жан келбейт ал кайтып.
Өткөн өмүр – качкан куш,
Колуңа келбейт ал кайтып.
8. Катынды мээнет чырмаса,
Каяша айтат эрине.
Жардыны мээнет чырмаса,
Аштыгы чыкпайт жерине.
Жакшыны мээнет чырмаса,
Жакыны менен кас болот.
Баланы мээнет чырмаса,
Сары карт чыгып, таз болот.
Келинди мээнет чырмаса,
Кайненеси кас болот.
Атты мээнет чырмаса,
Аягынан басынат.
Төөнү мээнет чырмаса,
Котур болуп кашынат.
Байды мээнет чырмаса,
Ашканага жашынат.
9. Жекендүү көлдүн бал камыш,
Жылкы салса, от жанат.

Уулу жаман болгон соң,
Дөбөдөй болгон атасын
Ат үстүнөн ит кабат.
10. Боло турган жигиттин,
Жүрөгүндө оту бар.
11. Аргымак мойнун ок кесет,
Азамат мойнун жок кесет.
Аргымакта жал жок деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Азаматта мал жок деп,
Жоого таштап кетпеңер.
Өзөндүү суута тал бүтөт,
Өлбөгөн кулга мал бүтөт.
12. Жаман атты буйга миң,
Түнөп калган уйга мин.
Чанач алып суута мин.
Ишенимдүү жакшы атты,
Көтөрүлгөн туута мин,
Кулак тунган чуута мин.
13. Атың кашаң болгон соң,
Аштан, тойдон калган соң,
Күлүктүгү не пайда?
Алганың сулуу болгон соң,
Аркырап беттен алган соң,
Сулуулугу не пайда?
14. Ак кула аттар кимде жок,
Жүгүрбөсө тайча жок.
Ага-тууган кимде жок,
Сыйлашпаса жатча жок.
15. Жакшы чыккан азамат,
Элин билет дечү эле.
Ошол адам ойлосоң,
Кимден чыгат деп айткан.
Ушул турган калайык,
Элден чыгат деп айткан.
16. Мээнет кетпейт бечелден,
Сөз кутулбайт чеченден.
17. Жамандын баары таарынчаак.
18. Алгыр болсо тайганың,
Алтындан таап, каргы так.
Ала албаса андайды
Айлансын андан, башка чап.
19. Унчуккандан унчукпаган жакшыраак.
20. Жигиттерге кыз жакшы,
Мүнүшкөргө куш жакшы.



Тил албаган жаманга
Акыл сөздөн муш жакшы.
Алыска сапар жол жүрсөң,
Аземдүү жорго ат жакшы.
Окусаң илим үйрөнүп,
Орундуу жазган кат жакшы.
Сарандардын миңинен
Жалгыз да болсо март жакшы.
Чар тарапка мал оттоп,
Чарба малга тоо жакшы.
Качса кетет кутулуп,
Кийиктерге зоо жакшы.
21. Жакшы болсоң, жердей бол,
Баарын чыдап көтөргөн.
Таза болсоң, суудай бол,
Баарын жууп кетирген.
22. Ырыс алды– ынтымак,
Ынтымагың жок болсо,
Алдыңдан таяр алтын так.

* * *

Санаттар терип айтылат, мазмуну насаат, үлгү түрүндө болот. Калыгулдун ырлары да ошондой. Анда акыл айтуу, үйрөтүү, жол көрсөтүү, тарбиялоо мааниси күчтүү.

### Суроолор

1. «Жакшы болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн» деген сапты кандайча түшүнөсүң? Бул чыдамсыз, урушчаак окуучуларга тиешеси барбы?
2. «Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген» деген саптарчы?
3. «Ынтымагың жок болсо, алдыңдан таяр алтын так» деген ыр сабынын мааниси кандай?
4. «Унчуккандан унчукпаган жакшыраак». Анда «бетке айтам», «көзүнө айтам» дегендер эмне болот?
5. «Жамандын баары таарынчаак». Анда жакшыда таарынуу деген сезим болбойбу? Баарына эле ыраазы болуп, баарын эле терең түшүнүү менен кечире бериш керекпи?
6. «Жүрөгүндө оту бар» – мааниси тайманбас, кайраттуу эр дегенди туюндурат. Уурулукка, карактоого баргандар да тайманбас болобу?
7. Уулу жакшы болсо, ат үстүнөн атасын ит каппайбы? «Ит» деген бул итпи, же башка балээби?

### Тапшырмалар

1. Төмөндө Калыгулдун ырларынан 21 санат жайгаштырылган. Ошолордун ар бирин мүнөзү боюнча аныктап, аларга ой жүгүрт. Айталы, 1-санат киришүү өңдүү. 2-санатта тыянак, жашоо корутундулары айтылат. Мисалы, «Кара килең болбой, кар кетпейт», «Кара килең»–жазгы абанын жылымык тартып турушу, демек, качан айлана кара килең тартып, жылымык ымырт

басканда кар кетет. Капсалаң – бул каардуу бороон. Демек, бир нече күнгө басылбай, каардуу бороон болгондо, жут болот, жер бетин чылк кар басып, оттоорго эч нерсеси жок мал (илгери мая-мая чөп жыйылган эмес) кырылган. Кара өзгөй – чыр, кыянатчыл, уятсыз, катаал, орой жан. Демек, доочу чыр, уятсыз, орой болот ж.б.

2. 3-санатта тарбия-таалим күчтүү. «Жакшылык келбейт жамандан» мында жамандын колунан жакшылык келбегени тастыкталат. Демек, ар бир эле жан жакшылык кылганы боюнча өзүнүн жакшы, же жаман адам экендигин билип алса болот, минтүү сага да тиешелүү.

3. 4-санат. Бул да тарбияга тиешелүү. Маанисин өзүң чечмеле.

4. 5-санат. Бул да тарбияга таандык.

5. 6-санат. «Карып – мусапыр, бечара, карашар-карманары жок» деген маанини билдирет. Демек, бөз сатылбаса, эч ким албаса, сөз айтылбаса, карып, мусапыр, бечара болот. Ошон үчүн бөз сатылып, айтылар сөз айтылып кетиши керек. Ошондо карып болбойт. *(Калганын да ушундайча баянда.)*

6. 7-санатта эмненин кайтып келмеги кыйын? Таптаза кайтып келбестер кайсы?

7. 8-санат. Бул чылк нуска. «Мээнет чырмаса» – «азапка малынса» дегенди түюндурат. Бул нусканы жатта жана өз сөзүңө кошуп сүйлө, ошондо кебиң чечен болот.

8. 9,13, 14, 16, 17, 20-санаттарга байкоо жүргүзүп, санаттын мүнөзүн аныкта.

9. 10, 11, 12, 15, 18, 25, 27-санаттарда кайсынысы турмуш корутундусу, жарашыктуулук, акыл айтуу экенин такта.

## АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

*«Арстанбектин ырлары да Калыгулдун масөлиндей маанилүү, Көкөтөй менен Куйручуктун сөздөрүндөй таамай жана курч. Токтогулдун ырларындай лирикалуу жана шайыр...»*

Тазабек Саманчин

1992-жылы жер айдоо маалында кыртыштын арасынан кийиз таңгак табылат. «Алтын!» Жок, ал алтындан да кымбат асыл мүлк, мурас – Арстанбек ырчынын ырлары эле. Ал 60 жыл көмүлүп жаткан. Аны чоң-кеминдик Кабай Абдыракман уулу деген мугалим 1920–30-жылдары залкар комузчу Мураталы Күрөңкө уулу өңдүү адамдардын оозунан жазып алган, анан Түштүк Кыргызстанда кызмат өтөп жүрүп, 1937-жылдагы репрессиянын курманы болгон. Ата-энеси Кабайдын жазгандарын куран менен кошо кийизге ороп, короонун четине көөмп коюшат. Анан алардын көзү өтөт да, көмүлгөн кийизди эч ким билбей калган... Ошентип, улуу акын капыстан жана кокустан өз элине кайтып келди. «Кайратың тоону бузса да, кашыгың көлдү сузса да, оозуңан чыккан сөзүңө зоо куланып учса да, эл менен сен адамсың, элден чыксаң жамансың, кабарың күнгө кетсе да, жылдызга колуң жетсе да, жараткандын дүйнөсү, бүт колуңа өтсө да, эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң» деген өңдүү өлбөс-өчпөс ырлар кийиз менен кошо чирибей элдин өз колуна тийди.

### КЫСКАЧА ӨМҮРҮ

Арстанбек Буйлаш уулу 1824-жылы Ысыккөлдүн тескей сыртында туулган. Буйлаш – эл арасында кадыр-барктуу, дөөлөттүү, бий болгон адам. Бирок ал кичүү аялы Төрөканды салбар *(салбардын мааниси: күйөөсү аялынын оокат-тиричилигине каралашпайт, же башын ачып кое бербейт, байдын кем бүлөсү болуп жүрө берет)* кылып таштагандыктан, атасынын жарыгы Төрөкандан төрөлгөн баласына да тийген эмес. Оокат оозуна кенен жетпей, куур тон менен куурап жүрүп, жерден боорун көтөрөт. Андан соң атасы аны кой-козуга салган,камкордук көрбөгөн. Бирок бала көргөн кордугуна басынган эмес, кайра байбиченин балдарын уруп, кийимин тартып кийип, атын жыгып минген. Эл арасын кыдырып ырдап, комуз черткен. Буйлаш Арстанбекти канчалык басмырлап турса да, кийин убайды ошондон көрөт. Кокон кандыгы Буйлаш баш болгон тынымсейит уругунун мыктыларын Анжиянга чакыртып, ошерде ак үйлүү кылып кармайт. Атасынын аркасынан барган Арстанбек эл аралап комузун чертип, ырдап жүрө берет. Алымбек датка анын кабарын угуп, чакыртып алат. Адегенде Арстанбекти комузчулар менен беттештирет. Баарын жеңет. Анан анын ырлары Алымбек даткага жагат да, жанына алып, ырдатып жүрөт. Ошол кезде Арстанбек атасынын жайын айтат. Ошентип, кадырга илинип калган ырчынын мүдөөсү аткарылып, Буйлаш жанындагы жакшылар менен бошоп, элине кетет. Болгондо да көп олжо-буйла менен. Демек, Арстанбек өнөрү менен атасын абактан бошотуп алган. Өзү датка менен бирге жүрүп, той-тамашаларга катышат. Көп эл, жер көрөт. Нечен ырчы, комузчулар менен беттешип, айтышканын жеңип турган. Жыл маалы өткөндөн кийин Арстанбек Алымбек даткадан уруксат алып, өз элине кайтат. Акындын даңкы ушунчалык бийик болгондуктан, тынымсейит эли анын астына жорго тартып тосуп алат. Чоң урмат, сый көрсөтүлөт. Ошондон тартып анын жылдызы баркырап жанган. Ыр менен комуз жагынан алдына киши салбаган. Кыргыздын оң-солуна, казак-кыргызга бирдей таанылган атактуу ырчы болгон. Ал кыргыз элинин башынан өткөн ири окуяларды: Кокон кандыгынын кыргыздарга кылган бийлигин, бугу менен сарыбагыш урууларынын өз ара бир нече жылдарга созулган кандуу чабышын, казак каны Кенесарынын элибизге болгон чабуулун, падышалык Россиянын кыргыз жерин каратып алган колониялык бийлигин өз көзү менен көргөн. Арстанбек 1878-жылы 54 жашында дүйнөдөн кайткан.

**1. Тазабек Саманчиндин изилдөөсүнөн:** «Чындыгында, Арстанбек колониялык доордогу кыргыз адабиятынын таңга маалкы чолпон жылдызы болчу. Арстанбек – өтө көп ырдаган акын. Тематика, жанр, түр жагынан да чектелбестен, арышын кең таштаган. Лирикалык сүйүү, арман ыр, кошоктордон тартып, социалдык мааниси терең болгон чоң поэмаларды да чыгарган. Өз чыгармалары менен гана чектелбестен элдик поэмаларды – «Кожожашты», «Бердикожо», «Беш казак», «Чоро» деген жомок, поэмаларды айткан.

Арстанбектин чыгармалары ар түрдүү мүнөздө. Анын ырлары кээде кишини кабартып, кайратка келтирип, кара жерди каңтарчудай күч-кубат берген эпикалык мүнөздө болсо, кээде жүрөктү элжиретип, жибектей үлпүлдөгөн жумшак лирикалык мүнөздө болгон. Кээде кишинин каңырыгын түтөткөн романтика болсо, кээде күн тийгендей кабак ачкан шат күлкүлүү юмор...» *(Т. Саманчин – окумуштуу. Анын «Арстанбек» деген эмгеги 1941-жылы жазылган.)*

**2. 500 күү.** «Арстанбек баш-аягы болуп беш жүзгө жакын күү чертчү экен. Мунун ичинен бир далайы өзүнүн төл чыгарма күүлөрү болуу керек. Кичинекей обон күүлөрдөн тартып, чоң күүлөргө чейин черткен. Кийинки убакка чейин «Арстанбектин күүсү» деп бир топ күүлөрдү комузчулар чертип жүрүштү. Арстанбектин «Толгоосу», «Мендирманы», «Камбарканы», «Айганы», «Камкасы», «Тили буруусу», «Кер өзөнү», «Кой бөлөөрү», «Манасы» ... Ал комузчулар менен чертише келгенде, буту менен да чертип жиберип, комузчуларды жеңип алчу экен...» *(Т. Саманчин).*

**3. Талып Молдонун эскерүүсү.:** «Мен келсем эл үйдүн ичитышын бербей толуп чыгып кеткен экен. Арстанбек «Тар заман» деген ырынан баштады. Кары, жаш дебей отургандардын баарын ыйлатты. Анан ыйлаган элди сооротуп, кайта каткырып күлдүрдү. Бир кезде кара нөшөр жамгыр жаады. Үйдөн орун тийбей, тышта отургандар төөнүн комун, кап, кементай жамынышып уга беришти. Кызып алган Арстанбек ырын бирде ошол кара жамгырдын нөшөрүндөй төгүп, күн күркүрөгүндөй удургутуп, бирде чайыттай ачык асмандан күндүн илебиндей ыры менен элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм кирди. Жыйылган эл Арстанбектин ырын угуп отура берип, өрүштөгү малы эсинен чыгып кетсе керек, ал ырын токтотуп: «Кеч кирди, эми малыңарды тейлеп алгыла», – деген кезде эстерине келип, ырга маашыр болгон эл кынжылып зорго тароого бет алды. Мурун далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум. Бирок ыраматылык Арстанбектей кыябына келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок» *(Талып Молдо – 1849–1949-жылдарда жашаган чоң билимдүү адам. Окуган китебин тизмелеп жүргөн, 14700 китеп окуган).*



**Суроолор**

1. Кийиз таңылчак кандайча табылган?
2. Эл жөнүндө Арстанбек эмне деген?
3. Буйлаш баласынан кандайча убай көрдү?
4. Арстанбек кандай окуяларды өз көзү менен көргөн?
5. Т. Саманчин Арстанбектин ырларына кандайча баа берген?
6. Комузчулугун сүйлөп бер?
7. Арстанбектин ырчылык күчүн Талып Молдо кандайча элестеткен? Кара нөшөр жааса да, элдин ордунан тура калбай уга бергени, кеч кирсе да алардын малы эсинен чыгып кеткени эмнеден кабар берет?

## ТАР ЗАМАН

1. Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм ток чакта,
Кыл сакалым жок чакта,
Карылардан көп уктук,
Уламадан сөз уктук.
Ошондо өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат дечи экен.
Узун чөптүн баарысын
Оруп чыгат дечү экен.
Кыска чөптүн баарысын
Коруп чыгат дечү экен.
Ай-ааламдын баарысын
Соруп чыгат дечи экен...
Улуу суунун баарысы
Чулук болот дечи эле.
Кичи атанын баарысы
Улук болот дечи эле.
Жаан-чачын азайып,
Шамал болот дечи эле.
Адамзаттын билгени,
Амал болот дечи эле.
Кыш көбөйүп жылынан
Жай азаят дечү эле.
Карындагы жыйылган
Май азаят дечи эле.
Короодогу айдаган
Кой азаят дечи эле.
Журтта ургаачы көбөйүп
Бой азаят дечи эле.
Ошол орус чыкканда,
Төгөрөктөп урдурган
Коргон чыгат дечи эле.

Тегеретип баарысын
Кагаз менен иштетип
Соргон чыгат дечи эле.
Кийгенинин баарысы
Буту-колун жашырбай
Дорбол чыгат дечи эле.
Куран жатып үстүнөн
Кат жүгүрөт дечи эле.
Ошо катты көтөрүп
Ат жүгүрөт дечи эле.
Карагайдын башында
Чыны болот дечи эле.
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот дечи эле.
2. Ушул орус чыкканда
Кара жол кылар көлүндү,
Эсепке алар жеринди,
Кайсандар сенде чама жок,
Капкандай чабар белинди.
3. Ушул орус келгенде,
Аштык чыгар жерди алар.
Бээден туулган керди алар,
Ошондо
Менменсинген эрди алар.
Бузукту журтка көп салар.
4. Капкандай чапты белинди,
Каптап алды элинди,
Сурап алды жашынды,
Каттап алды башынды.
5. Бул орусту карасаң,
Ченчи салып жерди алды.
Бээден туулган керди алды,
Карды салык байды алды,
Кача турган жайды алды.
6. Милтеси жок мылтыгы,
Түтөгөнүн айтайын.
Жылдан жылга орустун
Күчөгөнүн айтайын.
7. Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.
8. Көч алды болор орусуң,
Сары журт болор конушуң.
Жайлоо тургай төр кайда,
Жайылып жаткан эл кайда,
Ачып кирер көр кайда?



9. Бул орусту карасаң,
Суу-сууга салды бекетти,
Болуштарды карасаң,
Катыныңдай кекетти.
10. Жасоолдор келет шарактап,
Жардынын жалгыз атын карактап.
11. Акча катты койнуна,
Насыя түштү мойнуна.
Азаматтан күлкү өлдү,
Айдап жүрүп жылкы өлдү.
Жорго жолдон суурулду,
Кайран заман куурулду.
Бей-бечара момундар
Баткак болуп жуурулду.
12. Ушу заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.
13. Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүнүйө.
14. Шум жалгандын белгиси–
Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптаган тузду көтөргөн.
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болду элибиз.

## «ТАР ЗАМАН» ЖӨНҮНДӨ

«Арстанбек – кыргыз эли башынан өткөргөн бир топ алааматы күчтүү, капсалаңы катуу, кан төгүлгөн кызыл кыргындуу күндөрдү көрөт. Менменсинген эрлер өлүп кетет. Кыргыз жерин катын-баланын ыйы, эр азаматтын үшкүрүгү басат. Заман кыйчалыштап, олку-солкусу көбөйөт. Арстанбекке ушул заман кыйчалыштаганы менен гана бүтчүдөй түрү көрүнөт. Бул кезде тили, дини башка, табы мыкты, күчтүү жоо кыргыз жерине жакындап келип калат. Бул орус падышачылыгынын кабары кыргыз элине катуу угулат. Эл арасында капсалаң катуу жүрөт. Көчмөндүү эл ары кетет, бери кетет. Малы, башы чачылат. Ансыз эле мындан мурун чабылып, чачылып, тукулжураган эл акырында Россия падышачылыгына айласыздан туруп берет. Арстанбек замандын ушундай түрүн көрүп туруп, «Тар заман» поэмасын ырдаган. Бул поэмасында Арстанбек замандын түрүн чебердик менен мүнөздөйт. Элдин малы, башы, жер-суусунан айрыларын айтат. Элдин таалайсыз келечегин сүйлөйт... Арстанбек «Тар

заман» поэмасын ырдаганда, бул поэма эл арасына желдей тарап жайылат. Ошондо мыктылардын бири: «Арстанбектин тилин кесип, көлгө салуу керек, – деп жарыялайт, – анткени келер жамандык бир ырчынын, бир сынчынын оозунда болот»,– деп акындын өлүмүн негиздеп түшүндүргөн. Эл бузукунун тилине кирип, акынына кол көтөрө алган жок. Кайта аны «Булбулум» дешип барктап, асман-айга көтөрүштү.

Арстанбек «Тар заманды» 1860-жылдардын ичинде чыгарган. Бул поэмасын кийинки 15–20 жыл ичинде эл алдында үзбөй ырдап жүргөн. Ошондуктан Арстанбек «Тар заманын» улам өзгөртүп, оңдоп, анын көрктүүлүгүн арттыра берген. Арстанбектин көзү өткөндөн кийин, поэма көп бурмаланып, бузулган. Кээ бир ырчылар поэмага өз сөздөрүн да, ырларын да кошуп жиберишкен. Анын алгачкы түрүнүн тарпы гана калган.

Акын бул ырды он беш жыл бою үзбөй ырдап, күнүнө бир нече жолу кайталап айтса да, эл андан кымындай жадап койгон эмес. «Тар заманды» укканда, көз жаштарын салаалатып, башына түшкөн мындай каран күнгө айласыздан гана чыдашкан.

Падышалык Россия кыргыз элин каратып алуудан мурда кыргыз жерине бийлигин тургузарын Арстанбек мурунтан эле эл арасында какшап ырдап жүргөн.

Кара жол кылар көлүңдү,
Коруп алар жериңди.
Кайсаңдаар сенде чара жок,
Капкандай чабар белиңди.

Бул ырын Арстанбек кыргыздардын уруу баштаган кан, баатырлары ынтымакка келип, күчтөрүн бирге жыйнап, бул күчтүү жоого каршы турса экен деген тилек менен айткан. Бирок бай-манаптар падыша өкмөтүнүн зордугуна каршы туруунун ордуна Арстанбектин тилин кесип, көлгө салып жоготуу аракетинде болушкан. Бир топ кыргыз уруулары, аларды баштаган Балбай баатыр сыяктуу кайсы бир илгери тилектүү адамдар падыша өкмөтүнө баш ийбөөгө аракет кылат. Бирок бул аракеттер антаалап, ар кайсы жерден чыгып, туташ күчкө ээ боло албайт. Өз ара жоолашып жаткан кыргыз уруулары жарашып, ынтымакка келишкиче, падыша өкмөтүнүн экспедициялык войскасы кыргыз элин чаап, жерин басып алды. Арстанбектин айткандары келе баштады. Падыша өкмөтү кыргызды каратып алары менен ага кылган жабырчылыгын Арстанбек өтө таамай мүнөздөп, «Бээден тууган керди алды, ченчи келип жерди алды» деп элдин жер-суусунан айрылып, малы таланганын айтат. Падыша өкмөтүнүн бийлигинен кыргыз эли эзилип кутула албасына көзү жетип: «Жайлоо тургай төр кайда, ачып кирер көр кайда?» – деп муңканып, каңырыгы түтөйт».

*Т. Саманчин*



«Өткөн тарых, ар мезгил ар кыл көз караштагы адамдарды жаратат. Себеби адам ошол доордун, мезгилдин духун өзүнө сиңирет, канчалык өз доорунан, мезгилинен башкача болоюн десе да боло албайт, мезгил агымына каршы сүзө албайт. Бир мезгилде жашап өткөн акындар да ошол өз мезгилинин кулу да, үнү да, жарчысы да болушкан. Арстанбек акын да ошондой эле. Негедир анан ошол өз мезгилинин акынын кийин башка бир мезгилдин, «советтик» деп аталган мезгилдин партиялык идеологдору «соккуга алышкан», «тепкилешкен». Анткени алар мезгилге, турмушка, элдин абалына Арстанбек жашаган доордун көзү менен карашкан эмес, жүз жыл кийинки саясат менен карашкан. Кызык, Арстанбек, же Калыгул жүз жыл кийин бийликке келчү, болгону 60–70 жыл жашачу коммунисттик партиянын саясатына ылайыктап ыр жазыш керек беле? Андай кылганда алардын ыры «туулбай жатып туна чөкмөк».

Бирок советтик саясат, коммунисттик тоталитардык идеология Арстанбектин ырларынан «ката» таап чыкты. Советтик көз карашка ылайык келбейт деп чыкты. Силердин эле ата-энеңер Арстанбектин атын уккан менен анын ырларын окуй алышкан эмес, себеби китептерин чыгарбаган, кол жазмалары «темир сандыкка» салынып, анын атын атагандар «эл душмандары» катары эсептелген.

Эчак көзү өткөн Арстанбек аны билген эмес, ырларынын тагдыры ошондой күнгө кабыларын ойлогон да эмес, ал эмнени көрсө, көөдөнүнө кандай ой келсе ошонун баарын ырга айланта берген. Чыныгы акын деген ошондой болот: бул же тигил саясатка ылайыктап ыр чыгарбайт, адамдын оюн, насилин, ички дүйнөсүн ырга айланта берет.

Арстанбек ошондой тагдырда жашады. Акын ырларын билбей калган өткөн XX кылымдын 50–90-жылдарынын муундары гана көп нерседен утулду...»

*А. Муратов*

### Суроолор

1. Арстанбектин бул ырынын элдин эркиндиги жана эзилгендиги менен кандай байланышы бар? Эгер байланышы болсо, аны эмне менен далилдейсиң? Эгер байланышы болбосо, ага кандай жүйө келтире аласың?
2. Арстанбектин бул ыры орус эли менен болгон ынтымакка доо келтире алабы? Же «Тар заманда» айтылгандар падышалык Россияга гана тиешелүүбү?
3. Жер-сууңду тартып алып, өзүңдү такыр жерге сүрүп салган падышалык Россия бийлигинин саясатын достуктун аркасы менен иштелген дешке болобу?
4. Арстанбек акын кыргыз элинин чыныгы атуулу, эр азаматы болгонбу? Же бир ууч байлардын мүдөөсүн көздөгөнбү? Ырларга таянып, далилде?
5. Арстанбектин атуулдук ар-намыстуулугунан үлгү алууга болобу? Же анын ырлары адамды бузуп коебу?

6. Сен жашаган заманын жана анын тагдыры жөнүндө Арстанбекке түшүнө аласыңбы?

7. Жеке түйшүк ар бир адамда бар, бирок андан өйдө көтөрүлүп, жалпы элдин мүдөөсүн, түйшүгүн акылга салып иликтөөнүн, ыр аркылуу ага канат бүтүрүп айтуунун пайдасы барбы?

8. Көз карандысыз, эгемендүү Кыргыз Республикасынын түзүлүшү менен Арстанбектин купуя тилеги ишке ашты дешке болобу?

### Тапшырмалар

«Тар заман» ыры поэма деп да, кара ыр деп да аталып жүрөт, бирок ал чыгарма элдин эртеңи жана башына түшкөн мүшкүлү жөнүндө ой жүгүрткөндүгү менен маанилүү экендиги белгилүү. Чыгарманын өзү келки, бирок ал атайы сан санагы менен 14 ыр түрмөгүнө айландырылып берилди. Минтүү ар бир түрмөккө өзүнчө көңүл бурдуруу, ой токтотуу ниетинен жаралды. Эми ушул ырларга сересеп салып, байкоо жүргүзүп көрсөң.

**1. «Тар замандагы»** ырлар мезгили боюнча *боло элек* жана *болуп жаткан* окуялардын топтошуусунан куралган. Ошол 14 ыр түрмөгүнүн ичинен кайсынысын *боло элекке*, кайсынысын *болуп жатканга* кошуу керек?

**2.** *Боло элекке* таандык ыр түрмөктөрүндө кандай ойлор айтылыптыр?

**3.** *Болуп жатканды* билдирген ыр түрмөктөрүндө эмнелер баяндалыптыр?

**4. Сыр чуба**

Төмөнкү саптарда акын эмнени айткысы келген?

1. Заманың келди жакындап, тайган иттей такымдап.
2. Устаранын мизиндей, оодарылган дүнүйө.

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ

*«... Ал гениалдуу акын болгон»*
Чыңгыз Айтматов

*«Токтогул Сатылганов – байыркы кыргыздардан келаткан төкмөлүк өнөрдүн залкар өкүлү»*
Раиса Кыдырбаева



**1. Кыскача өмүрү.** Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал улуу акын Токтогул 1864-жылы Кетментөбө өрөөнүндөгү Кутчусуу деген жерде туулган. Атасы Сатылган жамактап ырдай койгон, куйкум сөздүү, куудул киши болгон. Буудай, жүгөрү эгип, эптеп күн көргөн. Апасы Бурма элдик ырларды, жомокторду көп билген, ошол чөлкөмдө кошокчулугу менен атагы чыккан адам экен. Демек, ушундай чөйрөдө өскөндүктөн, Токтогул 13 жашынан эле ырдай баштаган. 1889-жылы июнда манап Бактияр Суусамырдагы *(Кетментөбө Суусамыр болуштугуна кирген)* толкун жөнүндө Олуяата уездинин начальниги Каллаурга билдирүү жиберет. Ошол себеп боюнча 11-июнда бир топ адам менен Ийрисуу жайлоосунан Токтогул кармалат. Андан Наманган түрмөсүнө айдалып келип, суракка алынат да, 8-августта сот Токтогулду өлүм жазасына өкүм чыгарат. 18-августта өлүм жазасы 7 жылдык мөөнөт менен каторгалык сүргүнгө алмаштырылат. Токтогул Сибирге айдалат. Андан 1905-жылы жаз айларында Омбу, казак жергеси аркылуу качып чыгып, декабрь айында эл-журтуна келип жеткен. Бирок төрт жыл бою Талас, Аксы ж.б. жерлерде жашырынып жүргөн. Токтогул Сибирден качып келгендиги жөнүндө 1909-жылы 20-декабрда падыша төбөлдөрүнө өзү билдирген. Минтүүгө Сибирден 1905-жылы аны менен бирге качып келген Айдараалынын 1909-жылы декабрь айында кармалышы себеп болгон. Акындын мойнуна түрмөнүн сыйыртмагы кайрадан салынышы мүмкүн болучу. Ошол себептен бир эмес, бир нече жолу падышалык төбөлдөргө арыз менен кайрылып, кечирим сурап, туулган жеринде жашай берүүгө уруксат сураган. Бул арыз каралып, бирок канааттандырылган эмес. Ошол себептен Токтогул 1910-жылы июль айында экинчи жолу камакка алынып, Наманган түрмөсүнө отургузулган. Бирок 1904-жылдагы падыша уулдуу болгонуна байланыштуу жарыяланган мунапыстын негизинде улуу акын 1910-жылдын ноябрында азаттыкка чыккан. Анткени ал мунапыс боюнча эгер күнөөлүү качкын 1904-жылдын 11-августуна чейин

каторгалык тартиптен бошонгондон кийин, ачыкта жашап жүргөн жеринен качса, ал кайрадан Сибирге айдалмак эмес. Ал эми Токтогул 1904-жылы 7-августта колуна бир жылдык паспорт алып, Балаган уездинин Яндинск болушуна жашоого (эркин) жиберилген. Мунапыс боюнча ал Фергана өрөөнүнө кетүүгө укук алган. Бирок жергиликтүү төбөлдөр Токтогулду жана ал сыяктуу сүргүндө жүргөндөрдү жерине кетирүүгө шашылбаган. Колдоруна керектүү документтерди берген эмес. Бул Токтогулдун чыдамын кетирип, качып чыгышына бирден бир түрткү болгон.

1917-жылдагы падышалык бийликтин кулатылышын, Октябрь революциясынын жеңишин Токтогул кубаныч менен тосуп алган. «Теңчилик доор чыкканда, териме батпай семирдим»– деген акын. 1919-жылы «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду» деген ырын чыгарган. Кийин жаңы уюшулган колхозго мүчө болуп кирген. 1933-жылы 17-февралда өзүнүн турагы Сасыкжийдеде 69 жаш курагында кайтыш болгон. *(Акындын Сибирге айдалышына жана азаттыкка чыгышына байланыштуу материалдар тарыхчы К. Молдокасымов тапкан архивдик документтерге негизделди.)*

**2. Көрүнүшү.** Чыканактай болгон кичине, эти чымыр, куш тумшук, сакал-муруту, чачы агарган, бирок көздөрү оттой күйүп турган, сүйкүмдүү киши экен. Бутунда көлөч маасы, үстүндө кара чаар чыт тышталган пахталуу чапан, башында кара көрпө тебетей, анын төбөсү аппак сурп менен тышталган *(Т. Үмөталиевдин эскерүүсүнөн).*

**3. Устаттары.** Чоңду, Эсенаман, Сартбай. Чоңду – бул кадимки Арстанбек менен айтышкан, Айтыке ырчы менен ата-баладай болуп жүргөн төкмө. Эсенаман – Жангарач, Байтиктер менен замандаш, Жеңижок менен айтышкан акын. Сартбай – ырчылыгынын күчү менен бир барган жеринен кырктай жылкы айдап келген, «Саринжи-Бөкөй» сыяктуу дастандарды айткан залкар акын.

**4. Керемет тагдыр.** Токтогулдун чыгармачылыгы өтө бай.

Эл оозунан анын ар кандай көлөмдөгү 109 ыры, бир дастаны («Кедейкан») жазылып алынган. Ушунун өзү анын ооздон түшпөгөн, ырдаган ыры угуучулардын көкүрөгүндө уюп калган элдик акын экенин далилдейт. Бул – элдин мүдөө, максатына төп келтире ырдагандык. Экинчи өзгөчөлүк – ал өз ырларынын каарманы. Негизинен акындын дидары, жеке тагдыры ырларына өрүлүп, чырмалып калган. Бул атайы иштелбеген табигый көрүнүш. Үчүнчүдөн, Токтогулдун акындык турпаты улуттук мүнөзүн, ой-тилегин, кыялын, насаатын, санаасын, адеп-ыйманын өзүнө батырып турат. Бул – керемет тагдыр жана керемет кубулуш.

**5. Комузчулугу.** Токтогул алтымыштан ашык күүнүн автору. «Тогуз кайрык», «Миң кыял», «Чоң кербез» өңдүү элге кеңири



тараган күүлөрү бар. 1928-жылы анын 18 күүсүн музыка изилдөөчү А. Затаевич жазып алып, 1934-жылы аны Москвадан чыккан «Кыргыздын аспаптык 250 күүсү жана обону» деген китепке кошкон. Акын күүлөрдү үч топко – кара күү, залкар күү, кол ойнотмо күү деп бөлгөн.

**6. Айтыштары.** «Манапты ээрчип эт жеген мадырайган соргок» Арзыматтан баштап Токтогул отузга жакын акын менен айтышкан. Алардын арасында ырчынын тул карасы Эшмамбет, кара жаак Калык, төкмө Алымкул, залкар Барпы менен ырдашкан алым сабактары бар.

**7. Айткан дастандары.** Токтогул «Манас» эпосун, «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Шырдакбек», «Нариккан», «Кедейкан», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Ак Мөөр» дастандарын айткан. Бирок андан бизге жеткени – «Кедейкан», ал Калык Акиевден жазылган.

**8. Шакирттери:** Эшмамбет Байсеит уулу, К. Акиев, А.Үсөнбаев, Б.Алыкулов, Коргоол Досуев, А. Огомбаев, Ш. Шеркулов.

**9. Мезгилдештери:** Жеңижок, Тоголок Молдо, Ныязаалы.

**10. Ысым ыйгаруу.** Кыргызстандагы көп мектептерге, филармонияга, өзү туулган районго, совхозго, суу сактагычка, ГЭСке Токтогулдун ысымы берилген.

**11. Наам.** 1965-жылдан адабият, искусство жана архитектура жаатындагы эмгек сиңирген чоң таланттарга Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлык ыйгарылат. Бул наамга Т. Абдумомунов, А. Токомбаев, А. Токтомушев, Ч. Айтматов, Т. Үмөталиев, Н. Байтемиров, Ж. Мамытов, Б. Жакиев ж.б. татыктуу болушкан.

**12. Өрүштүү өнөр.** Токтогул жөнүндө опера, кинофильм, бир нече драма, симфониялык чыгармалар бар. «Токтогул» операсы 1940-жылы коюлган. «Токтогул» көркөм фильми 1969-жылы тартылган. Акындын өмүрүн чагылдырган К. Жантөшевдин «Эл ырчысы» (1952), 1960 –1970-жылдарда Р. Шүкүрбековдун «Акындын үмүтү», Т. Абдумомуновдун «Сүйүү жана үмүт», К. Маликовдун «Айланган тоонун бүркүтү», Т. Касымбековдун «Алымкан», Б. Жакиевдин «Миң кыял» драмалары жазылган. В. Власов «Токтогул» деген симфониялык поэманы жараткан. Г. Айтиев Токтогулдун Бишкек шаарындагы эстелигин (1976) жасаган.

**13. Улама.** «Токтогулга табият ырды канча берсе, комуз күүсүн андан да көп берип салыптыр. Анын жасаган комузун керегеге жөлөп койсо, өзүнөн өзү үн чыгып, булбул болуп сайрайт, кишиче сүйлөйт...». Мындай уламалар акындын көзү тирүү кезинде эле эл арасында көп айтылган.

## ГҮЛДӨП АЛ

Кара күрмө шай кийип,
Бойлогула кыздар ай,
Кадыр, көңүл бар чакта
Ойногула, кыздар ай.
Кайрылып келбейт өмүрүң,
Ойлогула, кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кайран жашты картайтып
Койбогула, кыздар ай!..

Кызыл күрмө шай кийип,
Бойлогула, кыздар ай,
Кызуу көңүл бар чакта
Ойногула, кыздар ай,

Кылчайып келбейт өмүрүң,
Ойлогула, кыздар ай,
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кызык күнүң өткөрүп,
Койбогула, кыздар ай!...
Кызыл жибек түрдө бар,
Кызыл тилим сүйлөп ал.
Кылчайып келбейт өмүрүң,
Кыз экенде гүлдөп ал.

Жашыл жибек түрдө бар,
Жаңсап тилим сүйлөп ал.
Жанып келбейт өмүрүң,
Жаш экенде гүлдөп ал,
Жалтанбагын, качпагын,
Жаш ойнобос көрдө бар.

Кайран өмүр барында,
Балалыктын чагында.
Гүлкайырдай гүлдөп ал,
Күлгүн жашың барында,
Карылык кууп жеткен соң.
Кайран өмүр өткөн соң,
Кара чым басып денеңди,
Каларсың жердин жайында...



* * *

«Гүлдөп ал» деген чыгарманын ырдалышын жазуучу Т. Касымбеков *«Келкел»* романында мындайча берген: «Тыяктан эле шаңгырап ырдап келе жаткан ырчынын абазы шатыра-шатман зоокту суу жайпап өткөндөй тып басып кетти. Бул тааныш, көбү канып, көбү укпай калып ынтызар болуп жүргөн абаз. Оюнун ташташып, бир тарабы дуу жөнөкөй ырчынын алдын тосо, бир тарабы арттан дүрдүгө калышты.

*Кара күрмө шайы кийип,*
*Бойлогула, кыздар ай...»*

Бул ыр жөнүндө филология илиминин доктору *Р. Кыдырбаева* минтип айтат: «Өмүрдүн, сулуулуктун гимни, жаштыктын көз ачып-жумгуча өтүп кетчү тездиги – акындын лирикалык ырларынын башкы жана түпкүлүктүү касиети, ал элдик күйгөн, секетбай ырлары менен тыгыз байланыштуу. Бул планда акындын мүнөздүү ыры – «Гүлдөп ал». Ал ырында өмүрдүн учкулдугун, ошол сонун курак өтө электе жагалданып-жасанып, гүлкайырдай гүлдөп алууга үндөйт. Кызыл түс, гүлкайыр – кыргыздын оозеки чыгармачылыгында жаштыктын, гүлдөөнүн символу...»

### Суроолор

1. Бул ырды «өмүрдүн жана сулуулуктун гимни» десе болобу?
2. Акын эмнеге үндөп жатат?
3. Жаштыктын көз ачып-жумгуча өтүп кетер тездиги кайсы ыр саптарында берилген?

### Тапшырмалар

**1. Ойлон:** 1. Акын: «Кадыр, көңүл бар чакта ойногула, кыздар ай», «кайран өмүр барында, гүлкайырдай гүлдөп ал» – дейт. Ойноп, гүлдөп алуу деген эмне? Жаркын маанай менен күлүп-жайнап жүрүүбү, шаан-шөкөт менен көчөдө бийлеп, ырдап басуубу, кечелерге дайыма катышып туруубу? Же кандай?..

**2.** «Жаш курак бул түбөлүктүү эмес» – акын ушинтип айтат. Жаштык кайратың, жигериң, демиң ташкындаган куракта эмне иш бүтүрүү керек? Эсиңдеби, кыялга мас болуп дөөгүрсүгөн Бокмурун Көкөтөйдүн ашына айкөл Манасты чакыртпай коюп кандай мүшкүлгө тушукканы.

**3.** Ырды көрктүү оку.

**4.** Бул ыр саптары кандайча үйкашат? Байкоо жүргүз.
*Үлгү:* Барында – чагында (калганын өзүң тап)...

## АЛЫМКАН

Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң.
Бир күнү оору, бир күн соо...
Алымкан, азабың тартсам билбейсиң.
Бетегелүү майданым,

Пейили жакшы жайдарым!
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым!

Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, мундууга салбай кыйын иш!..

Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет,
Алымкан, карыпка салбай кыйын иш!..

Саркештеп тиккен жоолугуң,
Сарсанаа кылат жоругуң.
Көккештеп тиккен жоолугуң,
Көп санаа кылат жоругуң.

Токтогул черткен «Жаш кыял»
Тыңдасаң боло, Алымкан,
Ак шайы жоолук колго алып
Булгасаң боло, Алымкан.
Аз күнчөлүк өмүрдө,
Жыргасаң боло, Алымкан!..

* * *

1. Бул ырга Р. Кыдырбаеванын түшүндүрмөсү:

« – акын сүйгөнү Алымкан жөнүндө *классикалык махабат лирикасын* жаратат;

– акын сүйгөн кызына карата болгон алоолонгон ысык сезимин ачып, ички арман-кумарын өзгөчө эргүү менен төгөт;

– ашыгын «ачылган кызыл гүлгө», көрккө көрк кошкон дилдеге, аптапта жанды сергиткен «көлөкөлүү майданга» салыштырат;

– аны улуу тоолордун бийик чокусунан учуп чыккан улуу куш (бакыт кушу) катары санап, махабат зардабын тарткан өзүнө келип конуусун сабылып суранат;

– акын сүйгөнүнүн «саркештеп тиккен жоолугун» өзгөчө бир сүймөнчүк менен эскерет. Анткени кулпурган ал жоолук сүйгөнүнүн, махабаттын символикалык элеси, аны эстеген сайын лирикалык каарман «сары санаага» батып, жаштык кумары өзүнөн-өзү ашып-ташат».

2. *Алымкан* Токтогулга замандаш, ал Аксы багытындагы Субан деген бардар кишинин кызы болгон. Бул кыз да Токтогулду жакшы көргөн, бирок атасы макул болбой Алымканды каалабаган күйөөгө берип жиберген. Токтогул түрмөдөн келгенден кийин, Алымкан акынды өзү чакыртып, тай сойдуруп, мейманчылайт. Башына сүлөөсүн бөрк кийгизет. «Көзүм жаныңызда жок болсо да, көңүлүмдөн чыккан жоолугум белиңизде болсун» деп өзү жасаган белбакты Токтогулдун белине курчайт *(эгер кызыксаң, бул жөнүндө Т. Касымбековдун «Келкел» романынан окуп алсаң болот)*.



**Тапшырмалар**

1. Ырды жатта.
2. Акындын Алымканды сүрөттөшү: «Атка салган дилдейсиң», ... (калганын өзүң улант).
3. Акындын өз ал-абалынын сүрөттөлүшү: «Сарсанаа кылат жоругуң...» (калганын өзүң тап).
4. Акындын өтүнүчү: «Кайрылып мага келе кет...» (калганын өзүң тап).
5. Алымкандын кийинки тагдыры жөнүндө эмнени кошумчалай аласың?

## ЖАШТАРГА

Жагалданып байге алса,
Күлүк ат көркү жарышта.
Жакшы болсоң азамат,
Болбос ишке тырчыгып,
Жаман сөзгө барышпа.
Андан көрө жадырап,
Жакшы сөз менен арышта.
Жакшы кийсең, жаш балдар,
Көйрөңдөнүп элирбе.
Жаш кезинден кызмат кыл,
Баркыңды билген элиңе.
Кез-кез келчү мейманда,
Тамагыңды катпагын.
Душманыңа алданып,
Элиңдин сырын сатпагын.
Бет келген жоодон качпастан
Ишеничин актагын.
Жаш кезиңден жаркылдап,
Эмгегиңден талбагын.
Кагыштырып калп айтып,
Көрүнгөн жерге барбагын.

**Тапшырмалар**

1. Ырды көрктүү оку.
2. Бул ырдын «Гүлдөп ал» менен «Алымкандан» айырмасын аныкта?
3. Ушул ыр боюнча өзүңдүн жүрүш-туруш эрежеңди түзүп көрсөң.
Үлгү: 1. Болбос ишке тырчыкпа (калганын өзүң улант).
2. ... ... ... .
3. ... ... ... .

## КОШ, АПАКЕ!

Боздодуң, апа, боздодуң,
Кайгымды кайра козгодуң.
Кайрат кылсаң болбойбу,
Тирүүмдө жоктодуң...
Каруун кетет, кейибе,
Кулак сал менин кебиме.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Карчыга куштай айланып,
Келермин кайра элиме!
Айланайын апаке,
Балапандай баккансың,
Ак сүтүңдү эмизип,
Бооруңа басып жаткансың.
Мага окшогон жалгызды,
Зарлап жүрүп тапкансың.
Айланайын апаке,
Уккун менин сөзүмдү.
Картайганда көп ыйлап,
Алдырба муңга көзүңдү.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Акыр бир күн алармын
Керимбайдан өчүмдү!

«Кош, апаке!» деген ырдын жаралышына себеп болгон окуяны акындын чыгармаларына көп жылдар бою изилдөө жүргүзгөн окумуштуу Ж. Таштемировдун эмгектеринен жолуктурууга болот. «Кетментөбө өрөөнүндөгү эл, – деп жазган ал, – жети ата жана бир атага бөлүнүп, Рыскулбектин балдарынын эзүүсүнөн кутулуш үчүн каршы көтөрүлүп, бир нече жолу чабыш болгондон кийин: «Эл колдоруна курал алып, Анжыянга басып киргени жатат, тез аскер жибергиле»,– деп манаптар Намангандын гарнизонунан солдат сурашкан болчу. Алтымышка жакын солдат шашылыш жиберилип, алар Кетментөбөгө жетери менен топ-топко бөлүнүп, тизмедеги адамдарды кармаш үчүн жүрүп кетишип, 11-июндун түнү (1898-жылы) көп адамдарды туткундашкан. Анжыянга басып киргени жаткан коркунучтуу адамдардын тизмесинде Токтогул да көрсөтүлгөн. Ал ак жеринен жалган жалаа менен кармалды. Жергесинен айдалып жөнөрдө, жыйналып келген элге кайрылып, «Кош, элим», «Кош, апаке» деген ырлары менен ичтеги күйүтүн билдирген».

### Суроолор

1. Бул ырдан кейигендик байкалабы?
2. Апасын акын кандай сөздөр менен сооротот?



3. Энеси соорондү деп ойлоого болобу?
4. Акын эмнеге муңкүрөгөн эмес? Же капыстан пайда болгон оор кырдаалда шылкыйбай башын көтөрүп, апасын үмүттөнгөндүргүсү келгениби? Деги ушул ырдын далдасында турган Токтогул кандай адам?

## АЙЛАНГАН ТООНУН БҮРКҮТҮ

Күн тийбес тамда жатамын,
Күч кетип, эс ооп, алсырап.
Алдымдан нымдуу сыз өтөт,
Айласыз жатам жалдырап.
Козголоор менде дарман жок,
Кол, бутта кишен шалдырап.

Тим жатсам дале сабашат,
Тил билбей солдат балдырап.
Арачалар адам жок
Аябай эстен тандырат.

Айланган тоонун бүркүтү
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салдырдым.
Ойлонуп түшкө кирбеген
Көркоолорго багындым.

«Айланайын тийбе», – деп,
Айласыздан жалындым.
Кысталгандан өлсөм дейм,
Кымбатын кыйбайм жанымдын.
Күү чертип, эркин сайраган,
Күкүк элем наалыдым.
Күжүрмөн тынбай чуркаган,
Күлүк элем талыдым.
Кор болбой турган алтын баш
Күйүттө жүрүп карыдым.
Көз жашын эстеп, ич күйөт
Сүйүшүп алган жарымдын.
Он жашар жалгыз баламды,
Ойлонуп күндө сагындым.
Зарлантып койгон күнөөсүз,
Заманага таарындым.

Токтогул менен кошо сүргүндө болгон Болот Жыртаков деген адамдын эскерүүсү: «Мени, Токтогулду жана бир тобубузду

Байкал темир жолунун туннелине иштөө үчүн жиберишти. Иркутскиден 25 километрчелик алыска кеттик. Аскалуу тоону тешүү, корум ташты шилеп, кумду ташуу оңой болбойт экен. Мына ушундай жумушта төрт жыл бою иштеп жүрдүк. Кирпич заводунда, таш көмүр шахтасында да иштедик. Айдоодо жүргөнүбүзгө жети жылча болуп калды, оор эмгек, начар турмуш, кыйноо менен кыстоо, мунун үстүнө элди-журтту, бала-чаканы сагынуу кошул-ташыл болуп кетти».

### Суроолор

1. Айланган тоонун бүркүтү деген ким? Ал эмне үчүн торго чалынды?
2. «Күкүк элем, күлүк элем» дегенин кандайча түшүнөсүң?
3. Акын заманага таарынганын айтат. Күнөө кимде? Жети ата менен бир ата өз ара каршылашпай койсо, «түрмөгө түшүү, Сибирге айдалуу» деген иштер болбойт эле да. Туулган жеринде ойноп-күлүп жүрө бермек. Рыскулбектин балдарын «Беш каман» атыктырып ырдап, тапканы ушубу?
4. «Тек жүрсөң, ток жүрөсүң» деген макалдын акынга тиешеси барбы?
5. «Ачкачылык менен суукту, солдаттардын ыза-кордугун баштан өткөрүп, Сибирь жолдорун жөө басып, Байкалга жетип, жолдо тилемчилик кылып жүрүп да акын адамга болгон ишенимин жоготкон эмес. Сакал-чачты агарткан сүргүндүн адам чыдагыс оор шартында аны ошол ишеним сактап жана аман алып калган» *(Р. Кыдырбаева)* деген ой жүгүртүүгө кошулууга болобу? Балким, акындын ден соолугунун мыктылыгы же чыдамкайлыгы себеп болгондур?

### Тапшырмалар

1. Ырды жатта.
2. Уйкаштыктарына байкоо жүргүз.

### ЭҢСЕГЕН ЭЛИМ АМАНБЫ?

Эңсеген элим аманбы?
Ээгимдеги сакалым
Элсизде жүрүп агарды.
Булбул элем сайраган
Муңканып айтам саламды.
Арзып жүргөн ажырап
Элим аман барсыңбы,
Ээрчишип өскөн жашымдан
Теңим аман барсыңбы?
Кызыл кыргак тагынган
Келин аман барсыңбы?
Мен кеткенде аркамдан
Чыккан аман барсыңбы?
Кулак салып ырымды,
Уккан аман барсыңбы?
Малай болуп жалданып,
Ыйлагандар аманбы?



Кара оокатка жандарын,
Кыйнагандар аманбы?
Жан тынымын дүйнөдө
Кылбагандар аманбы?
Көк келтекке жыгылып
Кыйрагандар аманбы?

Коюн багып байлардын,
Кул болгондор аманбы?
Бир жыл акы – бир көйнөк,
Пул болгондор аманбы?
Жайы-кышы жаанга
Суу болгондор аманбы?

Сар самандай саргайып,
Зарлагандар аманбы?
Жыйын-топту аралап,
Барбагандар аманбы?
Каршылык менен кармалып,
Калкымдан кеттим айдалып.
Калың кыргыз элиме
Кайтадан келдим айланып.

Кайнап, күйүп чок болдум,
Кайгылуу күнгө токтолдум.
Калың кыргыз элиме,
Кайрылып келген окшодум.
Каргашалуу заманды,
Кайгырып көрдүм амалды.
Кайрылып келип турамын,
Кадырман журтум, аманбы?

### Суроолор

1. Акын малай болуп ыйлагандар, кара оокатка жалданып кыйналгандар, көк келтекке жыгылып кыйрагандар, кой багып кул болгондор, жайы-кышы жаанга суу болгондор, күч-кубаты байларга сордургандар, жыланайлак тоо-ташты жол кылгандар, сары самандай саргайып зарлагандар, жыйын-топту аралап барбагандар менен учурашат. Ал Арзыматты, Керимбайды, Байгазыны ойго албайт. Эмне үчүн? Алар акын эңсеп келген элдин ичине кирбейби?
2. Токтогул 1905-жылы Сибирден качып элине келген. Демек, ал бул учурашуу ырын 41 жашында ырдаган. 41 жашты эл сөзү менен айтсак кылычтай кындан суурулуп турган, ал-күчтүү курак. Анан акындын сакалы эмнеге агарды?
3. «Кайнап, күйүп чок болдум» деген ыр сабынын маанисин чечмеле? А «Кейибеймин кеткенге, өкүнбөймүн өткөнгө. Мен ыраазы боломун, эл-журтумду көргөнгө» дегенин кандайча түшүнсө болот?

### ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТТИН УЧУРАШУУСУ

Эсенгул карыя бул Буураканднын белиндеги Эшмамбет менен учурашууну Токтогулдун өз оозунан уккан. Ал минтип айтчу экен.

... Сагызган изи кар жаап койгон. Өгүзүнө өбөктөй минип кой жайып жүргөн койчудан:

– Тетиги кумдамага куш салып жүргөн кимдер? – дегенде:

– Ал Байгазы болуш, Тогузтородон туйгун алып келген экен, ошого коён куудуруп салып жүрөт,– дейт.

– Алардын арасында Эшмамбет барбы?

– Узун, чоң кара сакал, толмочу Эшмамбет.

... Буураканднын белин карай бастырып жөнөдүм. Ойлодум, адегенде ырдабайын, Эшмамбет бирдеме десе, анан өзүнө жараша көрөйүн. Эшмамбет тааный коюп эле:

– Кунандын оозун керген бейм,
Кудайым чындап берген бейм.
Куюгуп элден адашкан
Кургурум Током келген бейм? – деп, мага учурашып ырдай баштады... – дечү эле Токтогул *(Акын Т. Абдиев топтогон материалдардан)*. Эшмамбет андан ары учурашуусун мындайча улантат:

Аргымак оозун керген бейм,
Аябай кудай берген бейм.
Айдалып кеткен Сибирге,
Акын Током келген бейм?
Акындыгы кыргызга
Маалым Током келген бейм?..

Каранын оозун керген бейм,
Каардуу торго кармалган,
Кара жол Сибирь айдалган,
Кара жаак, кайкы тил
Кайраным Током келген бейм?!

Күлүктүн оозун керген бейм,
Күнадыр келип кармаган,
Күйүттүү күндө зарлаган,
Күмүш жаак, күлүк тил
Күкүгүм Током келген бейм?
Кара чепкен, кыйма тон,
Кийген Током келген бейм?
Камакта туткун көп жылы
Жүргөн Током келген келген бейм?
От араба, машине
Минген Током келген бейм,



Залимде туткун көп жылы
Жүргөн Током келген бейм?

Маскөөдөгү түрмөдө
Жаткан Током келген бейм.
Баабединдер жар болуп
Баккан Током келген бейм?

Итке чеккен чанага
Түшкөн Током келген бейм.
Ичкиликке кара чай
Ичкен Током келген бейм?

Андан ары Эшмамбет «алты жылы пияда баскан, алтындын кенин талкалап казган, жети жылы пияда баскан, жездин кенин талкалап казган, күнү-түнү пияда баскан, күмүштүн кенин талкалап казган Током келген бейм» дейт. Анан «Түрмөдө каттың байланып, тууганга жетпей зарланып, туурунa кондуң, Токтогул, турумтай куштай айланып»,– деп келет да, «Абалтан ишиң ак экен, ачылыптыр бактыңыз, ачылгандын белгиси – айланып элди таптыңыз»– деп куттуктайт. Анан жылаңаяк, жылаңбаш басканын, жыты сасык там үйдө жатканын, этеги жок, чолок тон кийгенин, күнөөсү жок жалынга күйгөнүн, Токтогул менен кошо айдалган 62 кишинин адатын, аман калган санатын сурайт. «Бозортуп солдат баарыңды айдап алды, Токтогул, Молдосан менен Карабаш, кайда калды, Токтогул?» Кулдамбай, Мамыр, Курама кайда? Тирүү бекен? Айдыраалы, Супатай, Сары эмне болду? Шадыбекчи? Баратаалы, Салбанды көрдүңбү? Чыйбыл кайда? Кыдыраалы балбан эмне болду? Сибирге айдалгандардын канчасы өлдү? Аларды көмө алдыңбы? Ушулардын баарын ыр менен сурайт. Эшмамбет дагы «Аман көрдүң, Токтогул, аркаңда жалгыз балаңды, Куп дөөлөтүң бар экен, кучактадың жарыңды» – деп айтат. Токтогулдун баласы өлүп, аялы кетип калгандыгынан кабарсыз экен. «Ачыптыр кудай жолуңду, арылткан экен шоруңду, аттан түшчү, Токтогул, бир кармайын колуңду, кое бербей карышып, коюн-колтук алышып, кучакташып турайын», – деп Эшмамбет ырчы чыныгы ниетин айтат. Ошондо Токтогул минтип ырдайт:

Амансыңбы, карагым,
Азыраак айткан сөзүңө.
Алсырап кетип барамын.
Эч кабарын албапсың,
Имерилип барбапсың,
Өлгөндө турпак салбапсың,

... «Карып атам келди», – деп
Кайтканымды белгилеп,
Кайрылып тосуп делбиреп,
Капатын жайып чыгарым,
Карангылап өчүптүр,
Кантейин жалгыз чырагым!
Каралдымдан ажырап,
Капалуу күндө турамын.
Катын менен баланын
Кабарын билбей сурадың...

**Кошумча маалымат.** Бул эки акындын учурашуусун К. Акиев жазып тапшырган. Бардыгы – 991 сап ыр. Андан башка да бир вариант бар, ал 434 сап. Мында да Эшмамбет: «Капталдын куму эзилет, кайберендин изиби? Кармалып кеткен элимден, кадимки Током жүзүбү? Адырдын куму эшилет, ак жолборстун изиби, айдалып кеткен элимден, акыным Током жүзүбү?» – деген өндүү эргиген түрмөктөр менен баштайт.

Бирок жалпы жонунан К. Акиев тапшырган вариант менен өзөгү бир. Эмне үчүн эки вариант? Себеби жөнөкөй. Бул учурашуу – элге абдан кеңири тараган ыр. Аны угууга куштар болуп сурангандар да абдан көп болгон. Ошондой өтүнүчтөр боюнча эки акын бул ырды көп аткарышкан. Ал эми ошол ар бир ырдалышында ыр сөзмө-сөз кайталанбайт, жалпы сомосу бир болгону менен башка вариант жаралат. Бул оозеки чыгармачылыктагы жана төкмө өнөрүндөгү табигый көрүнүш. Ошентип, ушундай же ушул өңдөнгөн кырдаалдан кийин эки вариант пайда болгон.

**Р. Кыдырбаева мындайча түшүндүрмө берет:** «Эшмамбет Токтогулду «булбулум», «күкүгүм», «торгоюм Током» деп сүймөнчүлүк менен атын атап, Сибирге айдалган тарыхын, анын көргөн азап-тозогун баяндап өтөт жана акындын баштан өткөргөндөрүн айтып берүүсүн өтүнөт. Токтогул ага өктөсүн, жалгыз баласы Топчубай көз жумганда топурак салып акыркы жолуна узатып койбогонуна таарынычын айтат.

Ушундай чегинүүдөн кийин башкы темага өтүп, Эшмамбет менен саламдашып, өз башынан өткөргөндөрү, сүргүндүн катаал жолунда жок болгон достору, жолдоштору жөнүндө баяндап, Эшмамбет тарабынан айтылып, бирок аягына жеткирилбеген сюжетти улантকандай болот. Бири төкмөлүк менен айтып өткөн ой, экинчи акындын төкмөлүк менен айткан жообун талап кылат, ушул ык менен чеберлердин айтышы түзүлөт».

### Суроолор

1. Эшмамбет эмнелерди сурады?
2. Ал суроосунан кандайча жаңылышып калды?



3. Токтогул эмнеге таарынган?
4. Токтогулдун «Жанымда бирге жүргөнсүп» дегенин кандайча түшүнсө болот?
5. «Буудан элем, талыдым» – дейт акын, бул сөз анын акындыгына тиешелүүбү, же ден соолугунабы?
6. «Отурар алтын туурум жок» дегени эмнеси?
7. Эшмамбет түрмөдөн келген Токтогулдун оозун араандай ачып жүгүргөн күлүккө окшоштурат. Муну кандай карайсың? А балким, «керген бейм», «берген бейм», «келген бейм» деп уйкаштыруу үчүн эле колдонуп жатпасын?
8. Токтогул өлгөн баласын учуп кеткен булбулга, чырактын өчкөнүнө салыштырат. Булбулдун учуп кетиши менен чырактын өчүшү оной эле нерсе да, анда эмне үчүн перзентинин чарчап калышын ошол оной көрүнүшкө окшоштурат? Же акын булбулдун безене сайрашы менен чырактын өз өмүрүнө чачкан жарыгын көңүлүнө түйдү бекен?
9. Токтогул түрмөдө жүргөндө баласынын чарчап калганы аз келгенсип, аялы да башка күйөөгө тийип кетет. Бул тагдырдын жазасыбы? Же «Токтогулду өлдү, биротоло келбейт» деп үмүтүн үзүп койгонбу? Балким, аялы баласы чарчап калгандан кийин, улам эске түшүп турган оор кайгыны унутуш үчүн турмуш шартын өзгөртkөндүр, башкача жашоо издеп кеткендир... Сенин жекече пикириң кандай?

### Тапшырмалар

1. Адегенде эки акындын учурашуусун окуп чык, анан аны мазмуну боюнча канча бөлүктөн тургандыгын аныкта?
2. **Сөздүккө жаз: пияда** – жөө; **жамбы** – илгерки заманда акчанын ордуна жүргөн, уютулган күмүш; **туур** – алгыр куштарды кондуруучу жыгачтан жасалган атайын отургуч; **Ак эшен** – Мадали эшен, ал 1898-жылдагы Анжыян көтөрүлүшүн жетектеген: Токтогулду манаптар ушул көтөрүлүшкө катышкан деп, жалган жалаа менен карматышкан, **баабедин** – кудай жолуна бериле турган садага.

## ДҮНҮЙӨ

Келеринде, дүнүйө,
Толукшуп чыккан айдайсың.
Кетеринде, дүнүйө,
Суу жүрбөгөн сайдайсың.

Келеринде, дүнүйө,
Өзөнгө бүткөн талдайсың.
Кетеринде, дүнүйө,
Өлүмдөн бетер алдайсың.
Келеринде, дүнүйө,
Мөмөлүү дарак шактайсың.
Кетеринде, дүнүйө
Суу жетпеген кактайсың.

Келеринде, дүнүйө,
Ай менен күндөй жарыксың.
Кетеринде, дүнүйө,
Таманы түшкөн чарыксың.

Келеринде, дүнүйө,
Кош тегирмен ноодойсуң.
Кетеринде, дүнүйө
Көз жетпес бийик зоодойсуң.

Келеринде, дүнүйө
Алтын жагоо куштайсың.
Кетеринде, дүнүйө
Кышкы чилде муздайсың.

Келеринде, дүнүйө,
Алтын така тулпарсың.
Кетеринде дүнүйө,
Артынан кууса жеткирбес,
Айланып учкан шумкарсың.

Келеринде, дүнүйө,
Алтын тутка түркүксүң.
Кетеринде, дүнүйө,
Туурдан учкан бүткүтсүң.

Келеринде, дүнүйө,
Кебелбес эрдин мүлкүсүң.
Кетеринде, дүнүйө,
Көрүүдөн качкан түлкүсүң.

Келеринде, дүнүйө,
Байгеден чыккан аттайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Мөмөсү түшкөн шактайсың.

Келеринде, дүнүйө,
Кубулуу тоодо уларсың.
Кетеринде, дүнүйө
Куйругун жанчкан жылансың.
Келеринде, дүнүйө,
Кериде жайык конушсуң.
Кетеринде, дүнүйө
Капкагы сынган комузсуң.

Келеринде, дүнүйө,
Чытырман калың токойсуң.



Кетеринде, дүнүйө
Жыртылган тери чокойсуң.

Келеринде, дүнүйө,
Ак үйгө салган айнексиң.
Кетеринде, дүнүйө
Туткасы сынган чайнексиң.

Келеринде, дүнүйө
Ала кар жаткан бийиксиң.
Кетеринде, дүнүйө
Мергенден качкан кийиксиң.

Келеринде, дүнүйө
Жыйырма беш жаштайсың.
Кетеринде, дүнүйө
Жыдыган кара чачтайсың.

Келеринде, дүнүйө,
Айчыгы алтын туудайсың.
Кетеринде, дүнүйө
Соолгон кудук суудайсың.

Келеринде, дүнүйө,
Булутсуз тийген күндөйсүң.
Жанаша чыгып ыргалган
Жазгы талдай бүрдөйсүң.

Кетеринде дүнүйө
Булут баскан түндөйсүң.
Карарып алса көңүлүн,
Кармаса колго кирбейсиң.

Келеринде, дүнүйө
Түнкүсүн жарык айдайсың.
Адамдын көөнүн сергиткен
Жашыл гүлдүү жайдайсың.
Кетеринде дүнүйө
Кайрылып карап койбогон
Кайыры жок байдайсың.

Келеринде, дүнүйө,
Жаз бүрдөгөн терексиң.
Жагалдантып көңүлдү
Жаш, карыга керексиң.
Кетеринде, дүнүйө
Түбү түшкөн челексиң.

Келеринде, дүнүйө
Ташып чыккан булаксың.
Кетеринде, дүнүйө
Желсиз өчкөн чыраксың.

Келеринде, дүнүйө
От жакпай оргуп кайнайсың.
Күн тийгендей жаркырап
Күлө багып жайнайсың.

Дүнүйө чиркин ушундай,
Колундан качкан кушундай.

«Дүнүйө» деген ыр Токтогулдун даанышман акын экендигин тастыктап турат. Төмөнкү берилгендерге көз жүгүрт.

| Келеринде дүнүйө | Кетеринде дүнүйө |
|---|---|
| 1. Толукшуп чыккан айдайсың. | 1. Суу жүрбөгөн сайдайсың. |
| 2. Өзөнгө бүткөн талдайсың. | 2. Өлүмдөн бетер алдайсың. |
| 3. Мөмөлүү дарак шактайсың. | 3. Суу жетпеген кактайсың. |
| 4. Ай менен күндөй жарыксың. | 4. Таманы түшкөн чарыксың. |
| ... ... ... ... | ... ... ... ... |
| 20. От жакпай оргуп кайнайсың. | 18. Желсиз өчкөн чыраксың. |

Мындай келеп-келеби менен айтылып, салыштырылган көрүнүштөр менен акын эмнени айткысы келген?

### Биринчи көз караш

«Дүнүйө» түшүнүгү «дүйнө, дүйнө жүзү» дегенди жана мүлктү, үй тиричилигиндеги байлыкты туюндурат. Бул ырда «дүнүйө», «байлык» түшүнүгүнө туура келет. Демек, дүнүйөң, байлыгың болсо, толукшуп чыккан айдайсың, мөмөлүү дарак шактайсың, алтын жагоо куштайсың, алтын така тулпарсың, чытырман калың токойсуң, ай менен күндөй жарыксың, айчыгы алтын туудайсың, ташып чыккан булаксың, от жакпай оргуп кайнайсың... Адамды адам кылып турган – байлык. Ошондуктан ал бийик. Жок болсо – аны издейсиң, бар болсо – аны коргойсуң, көбөйтөсүң. Байлык – бул жалпы түшүнүк, ал көп акчаны (сом, доллар, дилде, тенге), көп мүлктү (товарды) билдирет. Адам, чындыгында, акчанын, товардын, дүнүйөнүн кулу. Муну төмөндөгү пикир менен аныктаса да болот: «Чөнтөгүндө дилдең барда канга да салам бербейсиң. Бул бир укмуш нерсе го, чиркин! Жаныңдан да, үй-бүлөңдөн да артык го! Жокту бар кылат. Барды жок кылат. Адамзаттын тирүүлүгү ошого казыктай байланып калган». *(Э. Өмүракуновдун «Жыландар каныкасы» романынан).* Мунун жалган жери барбы! Эгер колуңда байлыгың, акчаң жок болсо, анда сен суу жүрбөгөн сайдайсың, таманы түшкөн чарыксың, мөмөсү түшкөн шактайсың, куйругун жанчкан жылансың, капкагы сынган комузсуң, түбү түшкөн челексиң... Улуу акын Токтогул бул ыры менен байлыктын маанисин эң сонун чечмелеп берген. Андан үйрөнүү – ар бир инсандын милдети.

### Экинчи көз караш

«Дүнүйө» – бул байлыкты, чоң чөнтөктүүнү даңазалаган ыр эмес, ал тирүүчүлүктүн, бар болуп жашоонун данкталышы. Көптүн арасында, көчтүн карасында тирүүчүлүктүн ырыскысын көрүп, бирөөнү алдабай, чыныгы ак мээнет менен жашасаң, ошол чыныгы дүйнө. Көзүң көрүп, жаркырап турган дүйнө – бул бейиш, бул бак-таалай, бул адамдын келкели. Кеткен дүйнө – бул тозок, бул талкалануу, өчүү, өлүү, жок болуу. Ошондуктан, бар болуп жашоо, тирүүлүктүн насибин тартуу, ак пейилди жоготпоо: толукшуп чыккан айдай, мөмөлүү дарак шактай, булутсуз тийген күндөй, айчыгы алтын туудай, ташып чыккан булактай, алтын така тулпардай болуу. Эгер кишинин адамдык касиети өчсө, оюн арамдык бийлесе, ал рухий жактан өлөт, анан ал түбү түшкөн челектей, капкагы сынган комуздай, соолгон кудук суудай, таманы түшкөн чарыктай керексиз. Демек, ар бир тирүү пенденин алдында эки жол бар, бири – жарык дүйнө, экинчиси – караңгы дүйнө. Улуу акын ошол эки дүйнөнү алаканыңа салат, бирок экөөнүн бирин тандап ал дебейт, акылың менен андап түшүнүүнү өзүңө калтырат.

#### Тапшырмалар

**1.** Ушул «Дүнүйө» деген ырдын негизинде келип чыккан эки көз карашты салыштыр. Сенин оюнча, экөөнүн кайсынысы туура?..

**2.** «Дүнүйө» деген ыр боюнча класста талаш-тартыш мүнөзүндөгү талкуу уюштургула.

**3.** Ой-пикир далилденүүгө тийиш. Ошондуктан тиешелүү жергиликтүү жана гезиттик материалдарды да пайдалан.

### ӨМҮР

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу.
Жаратканы чын болсо,
Жай-жайына койсочу.

Кызыл оңбос болсочу,
Кыз буралбас болсочу.
Көгөргөнү чын болсо,
Гүлдөр соолбос болсочу.

Жибек оңбос болсочу,
Жигит өлбөс болсочу.
Жигит менен кыз өлсө
Жерге көмбөс болсочу.

Чөп куурабас болсочу,
Көз тунарбас болсочу.
Кызыл жүзү бозоруп,
Кыз кубарбас болсочу.

Картаң өмүр жыйырма беш,
Жашка барар болсочу.
Кайран жанды кол менен
Жасап алар болсочу.

Өзөңгө элим толсочу,
Өмүр өтпөс болсочу.
Жашка ажал келбес болсочу,
Жакшы адам өлбөс болсочу.

Балалыкта гүл чайнап,
Балапан куштай толорсуң.
Кайран өмүр өткөн соң,
Кайрылып келбей коёрсуң.

Аргымак болсоң ноёрсуң
Ак болот болсоң жоёрсуң.
Алтындай өмүр өткөн соң,
Артына келбей коёрсуң.

**Тапшырмалар**

**1. Ырды көрктүү оку.**

**2. Ойлон:** – Өмүр – бул ар бир адамдагы төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки аралык. Демек, бир келген жаралуу – бул өмүр. Ал ошонусу менен кайталангыс, ажайып, асыл, сулуу жана бийик. Бирок жараткан ошол бергенинин баарын эмнеге алып коет, өмүрдү эмнеге түбөлүктүү кылбайт? Неге жаш карыйт? Бергенин кайра алып койгон жараткандын жаңылыштыгыбы?

– Ошол өмүрдүн толукшуган бир курагын өткөрбөй коюуга болобу? Бул жаш карыбайт, ат арыбайт дегендик да. Токтогулдун «Гүлдөп ал» менен «Алымканды» ырдаган курагы өчтүбү, же экинчи өмүрүн жашап жатабы? Демек, өмүр өтпөс болуш үчүн эмне кылуу керек? Сагымбай, Жеңижок, Саякбай, Арстанбек, Тоголок Молдо, Барпы ж.б. сыяктуу экинчи өмүргө (чыгармаларында жашап жаткан) ээ болуу зарылбы? Кантип?

– Акындын оюу боюнча адам 25ке чыккандан кийин картайбай, так ошондой болуп – толуп турган курагы, тепсе темир үзөңгүнү үзгөн кайраты менен дагы 60–70 жыл жашаса деген тилеги туура эле да. Анда жараткан (кудай, теңир) мындай берешендикти адамга неге ыйгарбады? Анда өмүрдүн өтүшү, гүлдүн солушу, чөптүн куурашы табигый мыйзамченемдүү эле нерсе да.



## КАРЫЛЫК

Көмүрчүнүн атындай
Кыйшаң болгон кезегим.
Көп өмүрүм өткөрүп
Шыйпаң болгон кезегим.

Араба тарткан тор аттай
Оор болгон кезегим.
Омурткамдан жыртылып
Жоор болгон кезегим...

Сайраган булбул тилинди
Бууйт экен карылык.
Сайгактай болуп өмүрдү
Кууйт экен карылык.

Картайып кеттим, Токтогул,
Кара чачым ак болуп,
Кайран жашты жоктодум,
Канаттуу куштай балалык,
Кайрылып келбейт окшодуң.

Белди эңкейтип күчтү алды,
Берметтей аппак тишти алды.
Бузулуп урап короосу,
Булдурттап кызыл тил калды.

...Бир кезекте байкасам,
Кериде кызыл тал элем.
Келин-кыздын жанында
Көп сүйлөчү бала элем.
Кеч киргенде кадимки
Күйүп турчу шам элем.
Керектүү күчтүн барында
Керилген булбул жан элем.

Бул кезекте байкасам,
Кериге оттоп мал болдум,
Кезегим кетип башымдан
Кебимди таппай дал болдум.
Келин-кыз түгүл бу кезде
Кемпириме зар болдум.

...Күндө үч убак май берип
Сыйласаң келбейт жашчылык.

Күнүгө арман күү чертип,
Ыйласаң келбейт жашчылык.

Күндө мээнет тарткызып,
Кыйнасаң кетпейт карылык.
Боюна туташ чапталган,
Туйласаң кетпейт карылык.

Күндө муңдуу күү чертип,
Чакырсаң келбейт жашчылык.
Күрөк менен күмүштү
Сапырсаң келбейт жашчылык.

Бакшы болуп кыйкырып,
Бакырсаң кетпейт карылык.
Бычагыңды этиңе
Батырсаң кетпейт карылык.

Күндө үч убак телмирип,
Жалынса келбейт жашчылык.
Бүтүн денең алтынга
Малынса келбейт жашчылык.

Арстандан бетер качырып,
Чамынсаң кетпейт карылык.
«Арбак урган шүмшүк» деп
Таарынсаң кетпейт карылык.

...Элден мурун эңкейтип,
Белимди алды карылык.
Эки бутту жылдырбай
Кишен салды карылык.

Үстү-үстүнө үшкүртүп,
Күчүмдү алды карылык.
Дал ортомду бүкчүйтүп,
Мүчөмдү алды карылык.

Шалбыратып теримди
Этимди алды карылык.
Айдай тунук тастайган
Бетимди алды карылык.

Карайлатып тунартып,
Көзүмдү алды карылык.
Эми билсең, оңбогур,
Өчүң кандай, карылык!

Балдан таттуу ооздон
Сөзүмдү алды карылык.



Ушинтип жүрүп акыры
Өзүмдү алды карылык.

Айткан сөздү угузбай,
Кулакты алды карылык.
Жаштыктын соккон дубалы,
Урап калды карылык.

Жетимишке барганым,–
Жеткирип айткан арманым.
Жемирилген жарга окшоп
Кетти менин дарманым.

Жаш кезекте жабыгып
Жыргал көрбөй зарладым.
Жетимиш жашка туш кылып,
Армандуу дүйнө, алдадың.

Эсил кайран, Токтогул,
Эркин жашты жоктогун.
Эсил өмүр, гүлдөй жаш
Эки келбес окшодуң.

Кайрып чертчү, Токтогул,
Кайран жан, кайрылып келбейт окшодуң,
Картайып белим бүкчүйдү,
Калкымдан кетер окшодум.

### Суроолор

1. Бул ыр арманбы? Арман болсо, ал жалаң Токтогулга таандыкпы? «Карылык да буйруган жаш» деп арман кылбай койсо не болот? Сен буга эмне деп жооп айтар элең?

2. Адам өлүмдү жакындатып келаткан карылыктан корккондуктан арман кылабы? Кээ бирөөлөрдүн «бала-чаканын алдында алса, кудайга арманым жок» деп шүгүрчүлүк кылганын кандай түшүнсө болот? Же бел бүкчүйүп, көз тунарып, тиш түшүп, кулак укпай калганга адамдын зээни кейийби? Анда Токтогулдун «Өмүр» деген ырындагыдай өмүрдүн өтпөгөнү эле абзел го.

### Тапшырмалар

Ырды башынан аягына чейин окуп, адамдын кантип карыганын сыпаттаган саптарга токтол.

Үлгү: «Көмүрчүнүн атындай, кыйшаң болгон кезегим». Кыйшаң болгону капка салынган көмүрдү артканда, жонунда жоору бар байкуш ат кыйшаң этип буралып араң басат. Карыган адамдын ал-абалы ошого барабар. (Ушундай 7–8 сапты өзүң аныкта).

## ТОКТОГУЛДУН ӨЛҮМ АЛДЫНДАГЫ ЫРДАГАНЫ

Эки эли тилим сүйлөсүн,
Эки эли тилим өзү эмес,
Ээрчиген добуш үндөсүн,
Эсилиң Токоң көзү өтсө,
Эсине алып ким көрөт
Эңилчек баскан мүрзөсүн?..
Элимден кетсем мейличи,
Эркинде элим гүлдөсүн.

Кара тилим сүйлөсүн,
Кара тил жалгыз өзү эмес,
Комузум добуш үндөсүн,
Кайран Токоң көзү өтсө,
Кайрылып келип ким көрөт
Кара чым баскан мүрзөсүн?..
Калкымдан кетсем мейличи,
Калың журтум гүлдөсүн.

Боз булбул Токоң сүйлөсүн,
Боздогон жалгыз тил эмес,
Борумдуу добуш үндөсүн.
Боз булбул Токоң көзү өтсө,
Бурулуп келип ким көрөт
Боз турпак баскан мүрзөсүн?
Араңдан кетсем мейличи
Аркамда элим гүлдөсүн!

Улуу акын кайтыш болор алдында да «Элимден кетсем мейличи, эркинде элим гүлдөсүн», «Араңдан кетсем мейличи, аркамда элим гүлдөсүн!» – деп калайык-калкка жакшылыкты, өнүгүп-өсүүнү каалаган. Ушул ырында «Кайран Токоң көзү өтсө, кайрылып келип ким көрөт, кара чым баскан мүрзөсүн?..» деген ой да айтылган. Бирок эл өзүнүн талanttуу уулун унутуп койгон жок; 1) акындын калк арасында калган мурасын топтоп, үзгүлтүксүз китеп кылып чыгарып келатат; чыгармаларынын эки томдук жыйнагы 1968-жылы өзүнчө, 1989-жылы дагы өзүнчө чыгарылган; 2) анын ысымы менен Мамлекеттик сыйлык белгиленген; 3) акындын өмүрүн чагылдырган бир нече адабий чыгармалар жазылган; 4) маарекелери белгиленип турат, мисалы, 1989-жылы акындын туулган күнүнүн 125 жылдыгы өткөрүлүп, атайы ага арналган илимий конференция болгон, «Кербез» аттуу фильм элге көрсөтүлүп, сүрөт көргөзмөсү ачылган; Москвада салтанаттуу кече өткөрүлгөн; 5) сөөгү коюлган жерге бейит белгиси салынган ж.б.



Кыскасы, кыргыз эли төкмө акындардын ичинен Сатылган уулу Токтогулга өзүнчө, өзгөчө сый-урмат көрсөтүп келүүдө. Ар бир нерсенин кайрымжысы болот. Бир кездеги Токоңдун чыгармалары аркылуу элине көрсөткөн сый-сыпаты кайра өзүнө агылууда.

### «КЕДЕЙКАН» ДАСТАНЫ

Бул дастандын эки варианты бар. Бири – К. Мифтаков 1923-жылы А. Үсөнбаевден жазып алган. Экинчиси – Токтогулдуку. Аны Калык Акы уулу жазып тапшырган. Бирок мунун да кыскартылган варианты бар, ал 1950-жылдан бери акындын китептерине басылып келе жатат. Ырас, бул дастан элдики. Бирок бул чыгармада улуу акындын кошкон салымы да бар, бир кыйла өлчөмдө анын көз карашы да чагылдырылган. Ошол себептен «Кедейкан» эпосу Токтогулдун чыгармалары менен бирге берилип жүрөт.

Дастандын баш каармандары: Керээз (Кедейкан), Гүлсаана кемпир жана Азимкан. Алардан тышкары Керээздин 4 жолдошу, Ак эшен, кожо-молдолор катышат. Илгери кыргыз катуу ачарчылыкка учурап, туш-тарапка тентип, кайың саап, кыздары шимүүр шимип, жардылыктан итке минип, азып-тозгон кезде, Түркмөн жерине каңгып барган Кураманын Керээз деген баласы болот. Ал төрөлө электе атасын, үчкө чыкканда энесин жутуп, томолой жетим калат. Аны Гүлсаана деген кемпир асырап алат. Бирок жетимдин жүргөн жери ызы-чуу, Керээз басса да, турса да бир жүргөн өзүндөй төрт жолдош таап алат. Бешөө такай уурулук кылышат. Мен баймын дегенден Керээздин уурдап жебегени калбайт. Ошондо аны кармаш үчүн хандын жигиттери сары изине чөп салып, сая түшөт. Бир жолу кармалып, кайра төрт жолдошунун жардамы менен бошонуп кетет. Анан Гүлсаана кемпирдин акылы боюнча Керээз Кыйба (Хива) шаарына Ак эшенге кол берүү үчүн жөнөйт. Куур тон, куу чокойлуу кедей нечен күн, нечен түн жол басат. Акыры буттары шишип, басалбай көчүгү менен жылып олтуруп, Кыйба шаарына жетет. Мечиттин жанына жатып алып: «Эшенди кайдан табамын, ага кантип кол берем»,–деп буркурап ыйлай берет. Андан кийин анын кабарын угуп келген эшендин бутун кучактап буркурайт. Ак эшен аны таза кийинтип, нөөкөр кылып алат. Он күн өтөт. Ошондо Керээз дагы Ак эшенге барып сыр сурап, Азимкандын эшенди катуу кадырлап-кастарлаарын, сураса чымындай жанынан бөлөгүн берерин угат. Оболу, эшен: «Айтчы, Кедей сырыңды, толтурайын кемиңди» – деп мактанып салат. Керээз жым дей түшөт. Анан Ак эшенге сырын ачат. Көрсө, ал канаты бар жан алгыч азирейил периштеге жолугуп калыптыр, ал Керээздин чымындай жанын алмак экен. Он үч күн нөөмөт бериптир.

Он күн өтүп, эми үч күнү калды. Анан шордуу бала жан таслим болот. Үч күндүк өмүрдө бала кандын тагын минсе эмне болот. «Азимкандын тагын үч күнгө сурап бер?»– дейт Керээз. Кечээ эле бит басып өлгөнү турган кедей бүгүн кан болгусу келип калганын кара. Ак эшен эми эмне кылат. Азимкан чымындай жанынан бөлөгүн аябайт деп салбады беле. Өз сөзүнө өзү чалынат. Олуя киши калп айтмак беле. Жүйөгө жыгылып, кан ордосуна Керээзди ээрчитип барып, үч күнгө такты сурап берет. Үч күндүн ичинде Кедей элди чогултуп, казынаны ачтырып, жартысын калайыкка таратып берет. Ошентип, журтту колуна алат. Жер-жердин баарында увазир жар чакырып жүрүштү.

Кимдин кимдин заманы,
Кедейкандын заманы.
Алтын тагын алдырып,
Азимдин кетти амалы.

Үч күн өтөт. Жан алгыч азирейил periште Кедейкандын жанын албайт. Көпчүлүк: «Таксыр, Кедей каныбыз, Багындык сизге баарыбыз»,– дейт. Жетим бала, жесир аялдан тартып казынадан алган дүнүйөгө карк болуп, Кедейканга ыраазы. Азимкан тактан ажырап, элден куулат. «Каргасам кара таш кылам, колу-бутуңду шал кылам, көздөрүңдү көр кылам, кулагыңды кер кылам» деп опурулган Ак эшендин да күчү эч нерсеге жетпейт, такты Азимканга алып бермек түгүл өзү эл-журттан качып жоголот. Азимкан тентип кетет. Анан Кедейкан энеси Гүлсаананы, төрт жолдошун алдырып, калыс сурак жүргүзүп, кандык доорун сүргөн экен.

### Суроолор

1. Эл Кедейкан аркылуу эмнени айткысы келген? Уурулуктубу? Бийликке жетүүнүбү? Алдамчылыктыбы? Убададан тануучулуктубу?

2. Кедейкандын такка жетиши алдын ала ойлонулуп иштелгенби, же кезинде боло калуучу кокустукпу?

3. Алдамчылыкты, сенин оюңча, кечирүүгө болобу? Же алдамчылык акылдуулуктун жемишби?

4. «Акылдуу дыйкан» жомогун эсте, аны V класстан окугансың. Кедейкандын бийликке келиши андан эмнеси менен айырмаланат?

5. Токтогул падышалык бийлик менен жергиликтүү бийликтен жапа чегет. 1898-жылдан 1910-жылга чейин азап тартат. 46 жашында сакалы агарып, буурул болуп карыйт. Ал эми «Кедейканда» Керээз такка отуруп, адилет сурак кылып калат. Мына ушул эки окуянын ортосунда кандай байланыш бар?

6. Кедейкандын кандыкты алып, калыстык менен эл сурашы Токтогулду кызыктырганбы, же ушундай бийликтин өкүм сүрүшүн каалаганбы?

7. Токтогул «Кедейкан» дастанын айтууга качан кызыккан? Түрмөдөн мурунбу, же түрмөдөн кийинби? *(Божомолуңду айт.)*





**Философиялык лирика.** Азыркы адабият таанууда лирика тематикалык багыты боюнча граждандык, философиялык, сүйүү жана пейзаждык болуп шарттуу түрдө бөлүштүрүлүп каралат.

Философиялык лирика: өмүр, жашоо, дүйнө жөнүндөгү субъективдин (адамдын) ички ой-сезимин чагылдырган ырлар. В.Г. Белинский мындай деп жазган: «акын ... бир эле убакта ойчул. ... Поэзия менен философия бири бирин жерибестен, өз ара ушунчалык жуурулушуп кетишет, кайсы бир философиялык чыгарманы алды менен поэтикалык деп, ал эми поэтикалык чыгарманы философиялык деп алууга болот».

Кыргыз философиялык лирикасынын тамыры акындар чыгармачылыгынан башталат. Акындар, биринчиден, ой күтүп, ой баккан ойчулдар. Анан барып көкүрөктөгүсүн ыр менен төккөн төкмөлөр. Санат насыят, терме, үлгү ырларында ой толгоолордун эмне деген казынасы жатат. Алар аалам, дүйнө, өмүр, өлүм, адам, анын жашоосу, жакшылык менен жамандык, ынтымак, арзуу, арман, каниет кылуу сыяктуу алмустактан келе жаткан татаал, түбөлүктүү маселелердин тегерегинде ой жүгүртүп ырдашкан. М.: Женижок «он сегиз миң ааламды» оодарыштырып ырдаган. Анын ырларынын бир учу Теңирге төнүп, экинчи өңүрү байыркы Кытай философиясына тамырлаш экендигин философ Ч. Өмүралиев тастыктайт. Ал эми Барпы «ойчул катары ааламдын жаралыш картинасы жөнүндө философиялык көз караштарынын өзүнчө бир бүтүн системасын түзгөн акын. Эгерде элдик философия менен байыркы даанышмандардан башталган идеялар боюнча дүйнө төрт кубулуштун – жер, суу, шамал жана оттун биримдигинен турат деп каралып келсе, Барпы ошол төрт кубулушту толук айткан» *(К. Даутов).*

Ал эми акындын «Айт, айт десе» деген ырында аалам менен адамдын ажырагыс биримдиги даңазаланат:

Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган
Ааламдагы адамды айт.

«Ажал» деген ырында «Көрүнбөс көзгө ажалдын көпкө сырын чечейин, чече албасам ошону, ырчылыктан кечейин», – деп жалпы философиялык маселе өмүр, өлүм жөнүндө ой жүгүртүүнү максат кылат.

Токтогулдун даанышман акын экендигин айгинелеген ырларынын бири – «Дүнүйө». Дүнүйө – бул тирүүчүлүк. Акын аны эки өңүттөн карайт.

Биринчиси: Келеринде, дүнүйө,
Толукшуп чыккан айдайсың.
...Булутсуз тийген күндөйсүң.
Жанаша чыгып ыргалган
Жазгы талдай бүрдөйсүң.

Экинчиси: Кетеринде, дүнүйө
Булут баскан түндөйсүң.
Карарып алса көңүлүн
Кармаса колго кирбейсиң.

Демек, дүнүйө, адам жашоосу акын ырга кошкон, карама-каршы эки түшүнүктүн тутумунан турат. Улуу акын ошол эки түшүнүктү алаканга салгандай элестүү сыпаттайт.

Дүнүйө чиркин ушундай,
Колдон качкан кушундай,– деп бул айныксыз чындыкты моюнга алат.

Токтогул, Барпы, Женижок, Тоголок Молдо, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч сыяктуу акындар өз заманынын алдыңкы интеллектуалы катарында жалпы адамзат турмушуна таандык түбөлүктүү түшүнүктөр жөнүндөгү ырлары менен кыргыз философиялык лирикасынын салттуу үлгүлөрүн жаратып кетишкен.

## ЖЕҢИЖОК КӨКӨ УУЛУ

*«Ырга калганда, жаактуудан ага пенде тут келеби? Жең акең деген дүйнөнүн төрт түркүгү: жер, суу, жел, от санатын санжыргалап айткан киши да»*

Токтогул



**1. Кыскача өмүрү.** Өтө Көкө уулу 1860-жылы Таластын Сарыкөбөн чөлкөмүндөгү Кызыладыр (азыркы Карабуура районунун Жийде айылы) аймагында туулган. Өтөнүн чоң атасы Жээналы. Андан Мураталы, Сейталы, Көкө. Көкөдөн Өтө, Болотой, Карагыз. Атасы менен апасы Алтынай удаа кайтыш болгон. Ошентип, үч бала томолой жетим калган, аларды чоң атасынын бир тууганы Сейталынын баласы Баялы багып алган. Өтөнүн тестиер кезинде колуна барсылдак жара чыгып, айыккан жерлери ала болуп калат. Ошол ала оорусунун айынан Аксыга – таякелеринин колуна кетет. Ал жактан сабаты ачылып, окуп, жазганды үйрөнөт. Анан ырчылыкка ойт. Нурмолдо менен айтышып, аны жеңгенден кийин Өтө аты калып, Жеңижок атыгып кеткен. Турагы Аксы районундагы Карасуу кыштагы болгон. Өмүрүн ошол жерде өткөргөн. 1918-жылы оорунун айынан дүйнөдөн кайткан.

**2. Мойнуна таш байлап...** Ташкара чакан той берет. Кара курсактын камын жеп, Өтө да кемегенин жанында от жаккандарга аралашып жүргөнүн Ташкара байкап, бир жигитин чакырып: «Тээтиги Өтөнү эмне кемегенин жанына жолотосуңар? Ала менен ооруп кетиптир го! Оорусу элге жугат, бир көк жетим менен таластык көбөйбөйт да, азайбайт, алып барып, мойнуна таш байлап, Карабууранын суусуна салып ийгиле! Жообун мен берем»,–дейт. Эки жигит Өтөнү Карабууранын жээгине алып келип, суута салып жибермек болушканда, бала: «Жанымды аман койгула, акелер, Аксыдагы таякелериме качып кетейин», – деп жалынып жиберет. Эки жигит: «Экинчи көзгө көрүнбөгүн», – деп Өтөнү Аксыга качырып жиберишет да, «Баланы Кара-Буура суусуна салып жибердик»,– деп Ташкарага калп айтып коюшат.

**3. Айке.** Ал кезде аксылыктар менен таластыктардын жайлоосу жанаша болгон. Таластыктар менен аксылык Беки байдын алыш-бериши жакшы экен. Күндөрдүн биринде таластык бай сурап калат:

– Канча балаң бар?

– Бирөө эле.

– Аял алсаң, төрөп бербейби?

– Ай, эми кайдан? Картайып калбадымбы. Мага ким кызын бермек эле?

– Башка бербесе, кызымды мен беремин.

Ошентип, эки бай убадалашат. Беки төрт түлүк малдын ар түрүнөн күргүштөтө айдап калың берет. Бекинин ошондогу үйлөнгөнү – Айке. Ал үч уул төрөгөн. Айке 25ке келгенде, күйөөсү өлүп, бүткүл байлык, бүткүл бийлик анын колуна өткөн. Ошол Айке төркүндөрүнөн келген Өтөнү өз баласындай асырап, дарттын дарылатып айыктырат. Аюунун терисин сыйрытып, жылуусу тарай электе Өтөнү ошого орогон. Ошондон эм түшкөн. Өтөнү окуткан да Айке. Зээндүү жана тирикарак бала молдо болуп кетсе деп ниет кылган *(Жеңижок атындагы орто мектептин мугалими Эсенгелди Урусалы уулунун эскерүүсүнөн).*

**4. Жеңижок атыгышы.** Кеч күздө бир топ адам *(ичинде Өтө да бар)* Наманганда базарлап келатып, Кербен базарына кайрылышса, элдин ортосунда айтылуу Нурмолдо ырчы дин, шарият жайынан ырдап жаткан экен. Нурмолдо ырдап токтолору менен, угуп турган Өтө алгач өзүнөн улуу кишиге ырдап салам айтат, анан суроо артынан суроо жаадырып, Нурмолдонун шаштысын кетирип, айткан сөздөрүн жокко чыгарат. Нурмолдо жооп бере албай калат. Ошондо Өтөнү биринчи көргөн эл эки жеңи карысынан жок кемсел кийген жаш жигиттин төгүп ырдаганына таңданып:

– Атаңдын көрү-ой, бу жеңи жок, жалмаңдаган анык жеңи жок эме экен го. Жеңижок бала жеңди, бу Жеңижок кыйын ырчы экен! – деп дуу дей түшөт.

Ушундан улам Өтө Жеңижок атыгып кетет *(сынчы Аман Токтогулов.)*

**5. Көксулуу.** Көксулуу – күлгөн күлкүсү күмүш үн, жароокер кыз. Анын көркүнөн көз жалтанат, көмөкөйдөн бал тамат. Аны көрбөй калса, Жеңижоктун көзүнөн жаш көнөктөп агат. Кыз ак седеп таккан чыптамачан, ак көйнөкчөн келатса, көлдөгү ак куудай каалгып, көөлгүп келет. Бирок жаш жигиттин сүйгөн кызына колу жетпейт. Ата-энеси Көксулууну кудалашкан жагына берип жиберет. Ырчы кейиште калат. Ал эми Жеңижоктун Нурмолдону жеңгенин уккан аблетимдик Сулайманкул датка жигитине акынды чакыртып келет, «ырда» дейт. Жеңижок бир эт бышым ырдайт. Ырчынын талантына ыраазы болгон датка Жеңижоктун жолдошторуна: «Жеңижоктун атын Карасууга үйүнө алып кете бергиле! Мен ага башка ат тандап мингиземин, Баялы бий менен Садырга менден салам айткыла» – деп жөнөтүп жиберет. Ошондон соң Жеңижокту Сулайманкул датка өз айылы Аблетимде бир жумадай ырдатып жүрөт да: «Бали, Жеңижок балам, каалаганыңды айт? Алакандай Аксы ачсам алаканымда, жумсам уучумда, келинби, кызбы, калыңы менден. Үйлөнтүп коеюн»,– дептир. Ошондо Жеңижок: «Аркыттан Көксулуу деген кыз менен сөзүм бүтүшүп калды эле, аркыттык Артыкбай дүнүйө, күч, бийликке салып менден тартып алып, келиндикке баласына алып берди, ошону алып берсеңиз»,– дейт. Сулайманкул датка сөзүнө туруп, Көксулууну Жеңижокко тартып алып берет да, Артыкбайдын баласына башка бир байдын кызын калың төлөп алып берет. Ошентип, зор таланттын аркасы менен Жеңижок сүйгөнү Көксулууга жеткен. Баялы бий Карасуудан жер бөлүп, ага там салып, бак тиктирип берген. Ал жер азыр да «Өтөнүн ырабаты» делет. Ошол жерге акындын атындагы орто мектеп салынган. Ал эми Көксулууну андан бала көрбөгөнүнө карабастан, Жеңижок өмүрү өткүчө кастарлап, алаканына салып баккан. Барган жерине, нечендеген шаан-шөкөткө аялына жасалгалап жорго мингизип, өзү менен кошо ала жүрүп ызаат кылган. Албетте, бул ошо заманга бап келбеген ыңгайсыз жорук болгон, бирок сүймөнчүккө айланган залкар акындын бул жүрүшү көпчүлүккө өөн учураган эмес.

**6. Ыр нөшөрү. Коргоолдун айтканы:** Жеңижок деген бир шыбакты эт бышкыча сүрөттөп бүтпөгөн нөшөр акын экен. Кийин Өтө абамдын көзү өткөндө келсем, тууган-уруктары жөнөтүшпөй, бир төө союп беришти, ошол төөнүн эти түгөнгөндө кеттим. Мени эч жерде төө союп сыйлашкан эмес.

**Эл оозунан:** Көлдөн чүрөк учуп чыккан. Жеңижок аны айтып түгөткүчө жолоочулар эки белди ашып, коно турган жерине жете келишкен экен.

Ал эми жазуучу **Төлөгөн Касымбеков** «Келкел» романында Жеңижоктун кыргоолдун корозун Карасуу айлынан Кербенсарай, андан Наманган шаарына барганча ырдап, куштун көгала моюн болгон кезине араң жетип, кыргоол жөнүндөгү ыр-дастан ошондо да бүтпөй калганын эң сонун сүрөттөйт.

**7. Көрүү сезиминин күчү.**

Көбүргөнүн салынып,
Көк асманын жамынып...

Мындай образ каймагы бузула элек ыксыраган табият менен киндиги биргелеш элдердин поэзиясында гана болушу мүмкүн.

Ак мөңгү жатат төрүндө,
Ак тайлак болуп суналып.
Адырдан чууруйт кой-эчки
Ала аркан болуп чубалып...

Билген кишиге эки сап ыр өзүнчө эле албан образ – ат эмес, пил көтөргүс образбы дейм? Бизге көндүм сыяктанып турганы менен, европалык поэзияда кулакка кандай угулар эле. Чынында анда реалдуулуктун көзү жылтырап турат. Азыркы туюм менен айтканда, космикалык масштабдын аймагы туюлгансыйт.

Ал эми адырдан чууруган кой-эчкини чубалып жаткан ала арканга теңештирүү не деген образ, не деген көрөгөчтүк! Сүрөткер акын мыжыгып отурбай, мына ушинтип эле көзгө даана элестетип таштайт эмеспи.

Кызыктырат көргөндү
Кыналып өскөн кайыны.
Күз болгондо атайлап,
Керене гүлдүү сарала
Кийгендей көйнөк шайыны.

Кылгырып турат бирөөсү –
Кыз болуп калбай айыбы.
Кыз пери жүрчү кетпестен,
Керемет жомок жайы бу!

Мында акындын көрүү сезиминин күчтүүлүгүн байкоого болот. Чынында эле табият бардык боектору менен көбүнчө күздүн күнү күркүрөп күчүнө кирет эмеспи. Ошо керемет дүйнө ичинде керене гүлдүү сарала көйнөк кийип алып кылгырып турган кыз периси дирилдеп соккон шамалга теңселип-термелип, жете албас пендесин ого бетер суктантып – эликтеп, назы менен эзип жаткансыйт. Бир таң каларлык нерсе – бул ырдан Пушкиндин «Нереидасы» менен Феттин «Дианасы» эске түшөт. Булар билген кишиге – күмүш чөйчөктөгү алтын жумурткалар! Дүйнөлүк лирикада мындайлар өтө аз! *(Сынчы Шаршенбек Үмөталиев)*

**8. Сөз берметтеринин сели.** Жеңижок, мейли Бакайырдагы жалгыз тал менен сырдашабы, мейли жыланга чактырып алып, өмүр менен өлүмдүн ортосунда кылоо-кылоо болуп турган абалынан козгойбу, мейли өчүп бараткан махабаттын күлүндөгөн чогун ичкертип отурабы, мейли Эсенамандар менен күпүлдөшүп айтышка түшөбү, же сынган кернейдей түрү суук замандын албан маселелеринин ичинде башын катырып жол издейби, же салабаттуу акылман катары акыл-насааттарга өтөбү, же кыргыз жеринин көркүнө өтөбү, айтор, эмнеге гана кайрылбасын – таман алдынан чукугандай сөз таап, сөз берметтерин үйөр менен селдей ташкындатууга жетик усталардан. *(Ш. Үмөталиев)*

Бул окумуштуунун айтканын кандайдыр бир өлчөмдө айылдык карыялардын эскерүүлөрү да тастыктап турат.

**Айылчы Озоке уулу:** – Илгери Өтө бир үйдө ырдап жатса, Асылбек деген жигит кызыгып тыншап жатып, керегенин көзүнөн башы кантип өтүп кеткенин билбей калат. Ыр бүтөт. Эл ордунан турса, Асылбек керегеге кылтакталып калган экен.

**Борукул Алыбай уулу:** – Жигиттик курагымда Өтөнү ээрчип, аттын буту жеткен жерге чейин барып, аш-тойлордо бирге болдук. Жеңижок кайсы элге барбасын, кадырлап тосуп алар эле. Өтө отурган үй кызыл кереге болуп жыланачталып, ырдап киргенде элдин жөөлөгөнүнөн кереге-ууктар качырап, сынып да кетүүчү. Карандай төгүп ырдаганга калганда, ага бир да ырчы чендечү эмес. Кечинде ырдаса, таңды атырып, эртең менен ырдаса, күндү батырып, узакка чейин төгө берчү.

**Малабек Шатман уулу:** – Жеңижок кайнагам эле. Анын агасы Болотойдун кызына мен үйлөнүп, өмүрү өткөнчө Жеңижок менен кол үзүшпөй катташып жүрдүм. Кыштообуз да бирге болуп, жайлоону да бирге жайлачубуз. Жеңижок сакалын тегиздетип, боюна карап, сыпаа жүргөн адам болчу. Көздөрү жайнап, аппак жүзүнө жарашып, адамдын сулуусу эле. Аялы Көксулуу абдан адамгерчиликтүү, өңдүү-түстүү, нары чебер киши болгондуктан, аялдар кийим бычтырып алышчу.

Кыштын узун түндөрү Жеңижокко эл жомок айттырар эле. «Жаныш-Байыш», «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Манас», «Семетейди» көп уктук. Жеңижок ырдаганда, аралашып жүргөндөй көзгө көрсөтүп ырдоочу. Аблетим аскасынын боорунда калган Кожожашка энесинин заркакшап ыйлаганын укканда, төбө чачың тик турчу. Анын ырдабаган ыры жок болчу. Жер дүйнөнүн баарын эле ырга кошуп салчу. Ырдаар алдында бир күрсүнүп алып, тилин соймондотсо, өгөөдөй болуп узара түшчү. Бир айтканын экинчи кайталоочу эмес. Оозун ачса эле ыр келе берер эле...

**9. «Он сегиз миң ааламды оодарыштырган» акын.** Жеңижоктун ысымы эл ичинде дайыма Токтогул, Эшмамбет сыяктуу айтылуу төкмөлөрдүн аты менен катар айтылат. Анын ырчылык талантынын таң каларлыктай күчтүүлүгүн, жер-көктүн ортосунда куштай эркин чабыттап, он сегиз миң ааламды оодарыштырып, дүйнөнү колуна тегерете кармап тургандай ырдаган киши болгонун даңаза кылган сөздөр көп. Бул анын бизге чейин толук эмес, көп өксүктөр, кыскартуулар менен жеткен ырларынан да көрүнүп турат. Замандаштарынын айтымында, ал жалаң агын суунун өзүн жети күн катары менен сүрөттөп түгөтө алчу эмес экен. Мен бул сөздө эч апыртуу жок го деп ойлойм. Жеңижоктун башка көп ырчылардан айырмаланып, аалам, жер, суу, адам баласынын бул турмуштагы орду, милдети, жаратылыш менен катышы жөнүндө терең ой жүгүртүү менен ырдаганы анын өз алдынча билимдүү, ойчул акын болгонун айгинелеп турат.

*(Чыңгыз Айтматов)*

**Тапшырмалар**

Тогуз тема – бул тогуз «айып». «Айыптан» кутулуунун жолу – жогорудагы тогуз теманы тең шатырата сүйлөп берүү. Ураагы: «Айтып берген кутулат, унчукпаган айыпка тутулат».

1- тема – ? 2-тема–? 3-тема–? 4-тема–? 5-тема–? 6-тема–? 7-тема–? 8-тема–? 9-тема–?

## ЖАЛГЫЗ ТАЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

**Жеңижок:**

Бакайырда жалгыз тал,
Баласы жок байкуш тал!
Жол боюнда жалгыз тал,
Жолдошу жок байкуш тал.
Тукабадай жайылган,
Бүрүң кана, жалгыз тал?
Экөө элең башында,
Бириң кана, жалгыз тал?

Кайрылып келип конгондой,
Каргага түнөк болгондой
Канаты жок жалгыз тал,
Кайгысы көп байкуш тал!
Бурулуп келип конгондой,
Булбулга түнөк болгондой,
Бутагы жок жалгыз тал,
Муңга толгон байкуш тал!

Аймактуу чогуу жашаган,
Элиң кана жалгыз тал?
Алабакан болгондой,
Ачаң кана жалгыз тал?
Аркалап жүрүп чоңойткон,
Атаң кана, жалгыз тал?
Ничке тартып кетипсиң,
Денең кана жалгыз тал?
Көтөрүп жүрүп чоңойткон,
Энең кана, жалгыз тал?
Өзүң жалгыз турупсуң,
Бириң кана, жалгыз тал?
Өзүң менен бир тууган,
Иниң кана, жалгыз тал?
Көрүнбөйсүң ыраактан,
Караң кана, жалгыз тал?
Тегеренип ойногон,
Балаң кана, жалгыз тал?

Өзүң менен бир тууган,
Агаң кана, жалгыз тал?
Апаң менен туушкан,
Тагаң кана, жалгыз тал?
Же керилип чыккан бутак жок,
Кейиштесиң байкуш тал!
Карайган талдын бирисиң,
Калың топтон ажырап,
Кандай жалгыз жүрүсүң?
Эки талдын бирисиң,
Эл-журтуңдан ажырап
Эмне жалгыз жүрүсүң?

**Тал:**

Беш-алты ооз сөз кылып,
Аңгеме-дүкөн курадың.
Ажырап турган жалгыздын
Ал-абалын сурадың.
Теңтушуна ээ кылып,
Терип-тепчип сурадың.
Телмирип турган жалгыздын
Теги-жайын сурадың.
Кара жердин боорунда
Калганың бар шөкүлдү.
Кайгырасың жалгызга
Арманың бар шөкүлдү.
Кызыл күңгөй кыштообуз
Душманың бар шөкүлдү.
Кызыл өңүң кер сары
Бушманың бар шөкүлдү.
Булактагы жалгызмын,
Муңдуу болгон байкушмун.
Башаттагы жалгызмын,
Баласы жок байкушмун.
Тукабадай жайылган
Шамал алды бүрүмдү.
Өзүм менен тең өскөн
Адам кескен инимди.
Өзүм менен бир тууган
Агамды кести бул адам.
Апам менен бир тууган
Тагамды кести бул адам.
Ачайып чыкты бутагым
Алабакан кылам деп,
Ашканага курам деп,
Ар ким келип кести эле,
Ал себептен түгөндүм!
Узун чыккан бутагым
Уукчу келип кести эле,
Убайым тартам ал үчүн.
Бурулуп чыккан бутагым

Буурусун үчүн кести эле.
Мунайганым ал үчүн.
Түзөлүп чыккан бутагым
Түндүкчү келип кести эле,
Түгөнгөнүм ал үчүн.
Бул жерде жалгыз турганым,
Пендеге болсун убалым.
Ангырап жалгыз турганым,
Адамга болсун убалым!

Женижок:

Тал да болсоң далайдан
Тегин эмес экенсиң!
Берешелүү адамдан
Бегине эмес экенсин.

Тоногон сенин шагынды,
Айрыган баштан багынды,
Тентип кеткен Женижок
Заманага таарынды!

**«Жалгыз тал» деген ыры** адамдын ички сезим дүйнөсүн тереңинен антара сүрөттөгөн **кыргыз лирикасындагы эң алгачкы нукура көркөм элегия болуп саналат.** Ташкара деген зулум бийдин кесепетинен өзү туулуп-өскөн Таласынан безип кетүүгө аргасыз болгон жана өмүрүндө бала көрбөй, туяксыз куубаш өтүп бара жатканына чексиз кейиген сезимтал акын Бакайыр деген айылдын четинде канат-бутак, бүрүнөн айырылып, кураап калууга бет алган кокойгон жалгыз талга суроо менен кайрылып, муң чечишет, өзөгүн өрт алган армандардан козгойт:

Тукабадай жайылган,
Бүрүң кана, жалгыз тал?
Экөө элең башында,
Бириң кана, жалгыз тал?

Өтө жүйөлүү суроо менен жооптор, өз ордуна кынап коюлган образдуу теңештирүү менен салыштыруу, символдор, айтайын деген ойду таасирдүү кылуу максатында ар кандай көркөм боёкторду, бөтөнчө тал менен сырдашуу ыкмасын колдоно билиши – **акындын чоң табылгасы.** Мында **сюжет да бар, бу сюжет** – драмалуу, анда образ да бар, ал образ – кейиштүү... Бакайырдын четиндеги жалгыз талдын жанында жүрөгү арманга толгон акын дагы эле буркурап тургансыйт. Аны коштогон бечара тал да канат-бутагын тоноп салган ырайымсыз адамга наалат айтып, **соогунон жалын чыгарып,** кулап бара жаткансыйт... Бул образдын күчү өмүрдүн маңызын ойлонтот *(Ш. Үмөталиев).*



**Тапшырмалар**

1. Ырды оку. Андан соң окумуштуунун пикирине көңүл бөл.
2. Кыргыз лирикасындагы эң алгачкы көркөм элегия дегенди кандайча түшүнөсүң?
3. Кайсыларды акындын чоң табылгасы деп эсептоого болот экен?
4. Создукко жаз.

**Элегия** – автордун ички кайгы, санаасын билдирүүчү лирикалык ырлар.
**Символ** – бир көрүнүштү, окуяны, нерсени билдирүүчү шарттуу белги. *М.: көгүчкөн – тынчтыктын символу.*
**Сюжет** – адабий чыгармадагы окуялар топтому.
**Ода** – лирикага кирүүчү шаңдуу ыр.

5. Ырды Калыгулдун «Тоо токоп болор», «От чыкпай жериң такыр болор» деген ыр саптары менен салыштыр.
6. Жалгыз талдын монологун түз.

### Сенин көз карашың кандай?

«Манаста» «тоо түгөнүп уч болот, жол түгөнүп үч болот» делет. Ошол сыңары сен бараткан жол үчкө бөлүнүп кетти дейли. Бирок ар бир жолдун айрылышында сөз жазылган такта орнотулган. Окуп, кайсы жолго түшүп кетүүнү тандап алуу өз эркиң. Балким, улам этегине чейин жол жүрүп, үчөөн тең басып өтөрсүң. Ал да өз ыктыярын.

**1-такта:** «Бул чыгарма улуу акын Женижоктун өзү менен сүйлөшүүсү. Өзү суроо берет да, ага жалгыз тал жооп берет. Чындыгында, жалгыз талдын өзү – Женижок. Ошентип, акын өзүнүн ички толгоосун, санаасын ушундайча түр менен чагылдырат. Жолдошу жок, баласы жок, каргага түнөк болчудай канаты жок, булбулга түнөк болчудай бутагы жок жалгыз тал сопоет. Анын эли, атасы, энеси, агасы, тагасы жок, тегерегиндеги талдын баарын кыркып кеткен. Эми жалгыз талдын өзүнүн канат-бутагы тонолууда. Кууроо абалында турат. Ошол жалгыз тал – акындын өзү. Муну тартынбай эле акын өзү суроо берип, кайра ага өзү жооп берген чыгарма катары түшүнүү абзел».

**2-такта:** «Жок, бул чыгармада акын өзү менен өзү сүйлөшкөн жок. Мындай бир жактуу түшүнүүгө болбойт. Мында ырчынын айтайын дегени жалаң адам тагдырын камтыбайт. Акын жаратылышты атайын жандандырып, аны менен кадыресе киши сыяктуу сүйлөшүп, ошол аркылуу табиятты коргоо маселесин көтөргөн. Мындай маектешүү ыкмасы башка чыгармаларда да бар, мисалы, «Тоштүктө» аюу, жолборс, Чалкуйрук, алар түгүл кумурска да адамча сүйлөп жиберет. Ал эми Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинде Толгонай Жер менен кадыресе маектешет. Бул да ошондой. Женижок «атаң канадан»

баштап толгон суроолорду берет. Ошонун баары жалгыз талдын абалын сүрөттөөгө, адам баласынын убалдан коркпогон, керектөөсүн канаттандыруу, демек, ала бакан, уук, түндүк ж.б. жасоо үчүн талкалоодон кайра тартпаган жапайычылыгын, экологиялык сабатсыздыгын далилдөөгө багындырылган. Мындай талкалоочу күч ар кимде, ошонун ичинде сенде да бар. Эгер адам акыл-эси менен өзүнүн жапайычылыгын башкара албаса, анда «тоо токол болот» (Калыгул), киши жаратылышты бүлүндүрөт, ошол бүлүндүрүү аркылуу өзүнө өзү кол салып жатканын билбейт. Өзү өзүнө кол салганын билген да адамдар бар, уламада Жанузак деген карыя жазга маал кырчын талды бир карыштан туурап, эки куржун көзүн толтуруп, аны артынып алып, булак көрсө, ошол жерлерге тигип, ат жеткен жерге чейин кете берген адам болгон. Куржуну бошогондо, кайра толтуруп дагы жолун уланткан, дагы тиккен. Ошентип, аны эл ушул иши үчүн Чынасыл деп атыктырышып, 9 жылы бий шайлашкан экен. Бирок Чынасылдай дили таза, аруу адамдардан айырмаланган, табиятты талкаламак түгүл өрттөп жиберүүдөн да кайра тартпаган, ниети карарган пенделер да кездешет. Ошондой түркөйлүктөн арылуу керек. Жеңижок жалгыз тал аркылуу ушуну айтат».

**3-такта:** «Жок, бул чыгарманын жаратылышты коргоого эч тиешеси жок. Бардыгы акындын керт башына, анын тагдырына таандык. Жалгыз тал бул каймана мааниде алынган. Анын канат-бутагынын тонолушу – бул акындын канат-бутагынын тонолушу. Жалгыз тал – бул эл-жеринен, тууган-туушканынан сүрүлүп кеткен Жеңижок, бул кучактап сүйөргө бала көрбөй, наристе жытын буркурата жыттоодон алыс калган, ошонусуна санаасы санга бөлүнүп, дүйнөнү армандуу тиктеген Жеңижок. Ал өзүн жалгыз тал кебетесинде сыпаттап, жалгыз тал кейпинде элестеткен. Балким, ыр мындайча жаралышы мүмкүн. Топ атчан менен келаткан Жеңижок Бакайыр айылынан өтө берерде сопойгон жалгыз талды көргөн. Көрөр менен андан көз тартып ала албай, өз тагдыры элестелип, көкүрөгүнө ыр тирелген. Сезимтал акын анан аны өз арманы менен кошуп, төгүп жиберген...»

## ҮЙ-БҮЛӨ

1. **Аял**

Алганың жакшы болгон соң,
Кирсең үйүң ордодой.
Көңүлүңдү куш кылат
Кымбат баары жоргодой.
Таза болот сымбаты,
Алганыңдын бир башы,



Жаркыраган айнектей
Кармаган казан тулгасы.
Ачык болот кабагы,
Барды-жокту байкатпай
Берекелүү табагы...
Алганың жаман болгон соң,
Кирсең үйүң кепедей.
Кийимиң сасып кир болот
Төштүгү чирик текедей.
Айыл десе кам урат,
Элечегин пар кылат.
Тапылдатып элегин
Башы-көзүн чаң кылат.
«Аш кыл» десең, нан кылат,
Анын орто жерин кам кылат,
Тое жеген адамдын
Ичин жаман дем кылат.
Баласын төргө чычырат,
«Байдөбөт» – деп чакырат,
Байдөбөттөн калганын
Буту менен шыпырат.
Тактасына бит сыгат,
Үбөлүк менен ит урат.
Муну эмне кыласың?!
Же саамайын саксайтып
Сата албасаң базарга,
Же эки көзүн чекчейтип
Көмө албайсың мазарга,
Атаны кызык, арман күн!

2. **Уул**

Уулуң жакшы болгон соң,
Кымбат баа жакут таш.
Кызык базар көргөндөй,
Ар жыйында кеп урса,
Ар кандай пенде көнгөндөй,
Көңүлү ачык жаркырап,
Жолу болгон мергендей.

Уулуң жаман болгон соң,
Киши келсе кенебейт.
Кишиге өзүн теңебейт,
Оолугуп сүйлөп обу жок,
Өз акылын ченебейт.
Сөөлөтүндө шаани жок,
Сөзү жукпайт–маани жок.

Айылдап жүрөт дардайып,
Каерде бышкан аштын ээси.
Чач, сакалын агартат
Ата менен энеси.
Кулагына илинбейт,
Айткан акыл, жемеси.

**3. Ага**

Аган жакшы болгон соң,
Күндө кызык, күндө той.
Айлындан кетпейт топ жыйын,
Кандар курган ордодой...
Аган жаман болгон соң
Туурасы чыгат өгүздөй,
Ичинен насаат кеп чыкпайт,
Тирүү эмес, өлүктөй.

**4. Ини**

Инин жакшы болгон соң,
Кымбат баа жакут таш,
Кызыган шаар базардай.
Ар дубанга кеп урса,
Айткан кеби казалдай...
Инин жаман болгон соң,
Бак конбогон мазардай.
Кырмандан дан айырган
Боолугу бош бакалдай.

**5. Жамаат**

Жамаатың жакшы болгон соң,
Ырыска ыктоо эл болот.
Каршылашып жоо келсе,
Биригип каптай сел болот.
Ичинен карып көрсөтпөй,
Кара тоодой бел болот.
Жайланган жерин кең болот,
Жазы журтун жадырап,
Теребелин тең болот.
Мындай ынтымактуу жамаатка
Кетпеген ырыс-бак конот.
Жамаатың жаман болгон соң,
Үйү жакын конушпайт,
Ар кимиси арды айтып,
Ыркырашып болушпайт.
Жазга маал алсырап,



Көтөрмөгө дан сурап,
Карындары тоюшпайт.
Тогу болсо – көрө албайт,
Ачы болсо – бөлө албайт.
Жакшы менен жаманды
Жараткан тенир эрикпей,
Жамаатын жаман болгон соң,
Он сегиз болсо пайда жок,
Чуркураган көп иттей.

*(Ырда номерленген тема жок, ал окуу китебинин авторлору тарабынан коюлду.)*

### Тапшырмалар

**1. Көрктүү оку.**

Үн. Эй, калайык-калк, үй-бүлө кандай болгондо жакшы?
*Кыздар.* Алганың жакшы болгон соң...
(Хор менен чыккан көрктүү окуу. «Берекелүү табагы» деген саптан аяктайт.)
Үн. Ооба, аял – үйдүн куту. Бирок кандай болгондо үй-бүлө жаман?
*Балдар.* Алганың жаман болгон соң...
(Аягы «Атаны кызык, арман күн» деген ыр сабынан бүтөт.)
Ырдын 2-, 3-, 4-, 5-бөлүктөрү да ушул ыңдүү окулат.

**2. Сүрөттө.**

«Үбөлүк менен ит урат». (Элестүү баян менен баянда.)

### Суроолор

1. «Боолугу бош бакалдай» дегенин кандайча түшүнүүгө болот?
2. «Оолугуп сүйлөп обу жок» дегеничи?
3. «Каерде бышкан аштын ээси» дегени кандай?
4. «Үйү жакын конушпайт, ыркырашып болушпайт» дегенин кандайча түшүнөсүн? Ырас, кошунан жаман болсо, боз үй менен көчүп кетсе, алыс отурса болот, ал эми там-таш куруп алгандарчы, анда итче ыркырап турган кошунадан кутулуу үчүн үй-жайын таштап кетиши керекпи?
5. «Күндө кызык, күндө той» – бул эмне?
6. «Түркүн, түркүн дүнүйө, дүнүйө өтөр бир күндө, алты күн атап болгуча, бир күнү буура болуп зиркилде» деген ыр саптары менен маанилешпи?
7. «Ичинен карып көрсөтпөй, кара тоодой бел болот» дегени кандай?

## БАЛАЛЫК

Бир жашында билбеген,
Эки жашар болгондо
Энесине эркелеп
Ыйлап жүргөн балалык.
Элде жокту тапкын деп,
Кыйнап жүргөн балалык.
Үчкө жашы толгондо,

Ай тийген тоонун түндөрүн!
Кекире жагып үйлөгөн,
Кесир сөздү сүйлөгөн.
Кезектүү сөзгө көнбөгөн
Катте дөөлөт балалык.
Арча жагып үйлөгөн,
Ашык сөздү сүйлөгөн,
Айтылган кепке көнбөгөн
Анык дөөлөт балалык.
Он төрткө жашы келгенде,
Дердейип калат кичине,
Каранып калат бой-башын
Келин-кыз кирип түшүнө.
Он бешке жашы барганда,
Оюнга тойбойт көңүлү.
Он алтыга барганда,
Оюн салган кунандай,
Окторулган жыландай
Ордунда турбас балалык.
Он жетиге барганда,
Ой-тоону кезип ышкырат,
Ойлонуп бир аз иш кылат.
Ой-санаасы жок болот
Оюндан көөнү ток болот.
Он сегизге барганда,
Ооматы келген кез экен,
Он тогузга өткөндө,
Омоктуу жаштын өзү экен.
Жыйырмага барганда,
Жыла басып жүргөйсүң,
Жыгылаарың билбейсиң,
Жыйынды көзгө илбейсиң.
Кайкая басып жүрөсүң,
Каткырып доор сүрөсүң.
Коштой жүргөн балалык,
Кой десе кайдан билесиң.
Жыйырма бирге барганда,
Жылаажын болот добушун,
Жыргалы артык жаштык ай,
Жылдырбай койсо толушун!..
Жыйырма экиге барганда,
Боз жорго болсо мингениң!..
Боз өргөө болсо киргениң,
Болжогон кезде жолугар,
Ботогөз болсо сүйгөнүң.





Кара бөрк болсо кийгениң,
Каалаган жерде кабылар
Кара көз болсо сүйгөнүң.
Жыйырма үчкө барганда,
Кызыктуу жаштын барында
Кыргый мүчө, кара көз,
Кылыгы менен айтып сөз
Кыздар турат жаныңда.
Жыйырма төрттүн өзүндө
Боз туйгундай жаштык кез,
Бозосу жок мастык кез.
Бой тирешкен душманга
Бой бербеген курчтук кез!..
Ак туйгундай жаштык кез
Алчактатып ат минсе,
Арагы жок мастык кез.
Аңдып келген душманга
Алдырбаган курчтук кез.
Жыйырма бешке барганда
Жылкыдай туйлайт жүрөгүң,
Жыландай сойлойт билегиң,
Жылытат музду илебиң...
Эргиген куштай жүрөгүң,
Эңишсең жыгат билегиң,
Эритет музду илебиң.
Жыйырма бешке отуз жыл
Жашатып койсо эмине?
Жаңылатып өмүрдү
Жасатып койсо эмине?
Жыйырма бешке кырк жылы,
Кондуруп койсо эмине?
Жаратканы чын болсо
Каалаганын адамдын
Болдуруп койсо эмине?
Кайран өмүр жыйырма беш
Өтпөй турган болсочу,
Жок дегенде он жылга
Кетпей турган болсочу!..
Ачып көздү жумгуча
Өтүп кетет балалык.
Кайра келгис сапарга
Көчүп кетет балалык.
Агышы катуу шар суудай
Агып кетет балалык,
Алоолонтуп жалынын
Жагып кетет балалык...

Андан ары улуу ырчы 30, 40, 50, 60, 70, 80, 90 жана 100 жашты ырга кошот. Бирок ошол 30–100 жаштын баарын алоолонгон жалыны менен ысытып турган курактын барк-баасы мындайча берилет: «Дөбөгө чыгып оштонуп, бакырсаң келбейт балалык, ак боз бээ союп бүлүнүп, алдынан өтүп жүгүнүп, «айланайын жаштык» деп ошо, чакырсаң келбейт балалык». Жүздөн ары өлүм, ырас, төрөлүү кандай ак болсо, дүйнөдөн кайтуу да ошондой ак. Келген жандын кетмеги бар. Ошол адам жанынын токтошун да акын: «Ак боз аттай зуулдап, аккан суудай шуулдап, кирип кетет турбайбы, аалам жайы белгисиз, акылың деги жеткисиз, эрип кетет турбайбы! Көк жоргодой зуулдап, көктөмдө суудай шуулдап, кирип кетет турбайбы, кабары деги белгисиз, кармап жүрүп жеткисиз, житип кетет турбайбы!»– деп өзүнө таандык чеберчилик менен таасын чагылтат. «Бирок өлүм – житип жок болуу эмес, улануу. Өмүрдүн азы да, көбү да кызык, сонун, кайталангыс. Ошого каниет кылуу керек»– дейт акын. «Балалык» мындайча аяктайт.

...Өзүң өтсөң өмүрдөн
Уул-кыз улайт эмеспи,
Билдирип аты-жөнүндөн.
Бака терек кыйылса,
Балаты калат эмеспи.
Башың өтсө дүйнөдөн
Балдарың калат эмеспи.

Жарыкчылык дүйнөдө
Бир күн да болсо күн кызык.
Эсен болсо алтын баш,
Жолуга берет эмеспи
Өмүрүндө миң кызык.
Өмүрдү аз деп чанганда
Жарыкчылык дүйнөгө
Келбей койсоң кантмексиң?
Бул өмүрдүн кызыгын
Көрбөй койсоң кантмексиң?
Бетеге өспөй, чөп өспөй
Саз да болсо жакшы экен.
Жарыкчылык, жашоо күн
Аз да болсо жакшы экен!..

## ӨМҮР МУНАРАСЫ

Жеңижок «он сегиз миң ааламды оодарыштыра ырдаган» акын гана эмес, адам өмүрүн, жашын жана жанын ырдаган улуу



ырчы болгон. Анын «Балалык» деген ырынын көлөмү 600 саптан ашык. Аларды Асанбай Жусупбеков деген эр азамат адам учугун улап, сары изине чөп салып издеп, сурамжылап, жер кезип, эл кыдырып жүрүп, акыбети кайтып, аксылык Сулайман Рыскулбек уулунан 419 сап, Карабууралык Нартай Бекмамат уулунан 202 сап ыр жазып алган. «Балалык» Жеңижоктун 1982-жана 1999-жылы чыккан китептерине киргизилген. Эми бул узун түрмөк ыр бүткүл кыргыз элинин энчиси болуп калды. «Балалык» узакка ырдалган кара ыр. Ошол эле учурда ал санатка да окшошуп кетет. Жана да мазмунуна адам төрөлгөндөн кайтыш болгонго чейинки бүт өмүрүн камтыган дастан шекилдүү. Демек, санат десең – дастан, дастан десең – ыр. Ошолордун баарынын белгилерин өзүнө топтогон чыгарма. Белгилүү сынчы Ш. Үмөталиев «Балалык» жөнүндө минтип жазган:

«Бу чыгарма – өмүр жөнүндөгү илгертен келаткан элдик ойлорду поэтикалык жактан жалпылаштырган лирикалык дастан. Өмүрдүн алтындай кымбат кездери жөнүндө тереңден козгоп, жүрөктүн толтосун солкулдата безенген акын чыгарманын башынан аягына чейин окуучуну да, угуучуну да сыйкырдуу сөздөрдүн керемет күчү менен дубалап, жашоо жөнүндө, өмүр жөнүндө дагы бир жолу ойлонтуп, купуя сырдуу дүйнөнүн көрүнбөс эшигинин алдына алып барып таштайт. ... Жеңижокту окугандан кийин мындай ойго чалдыгасың: өз убагында анча баркка алынбас жашчылыктын поэзиясы кандай гана сонун, кандай гана суктанарлык...»

### Тапшырмалар

Сен да бул ырды окуп чыктың. «Балалык» бир карасаң акыл-эске сыйбоочудай сезилет. Көлөмдүү. Бирин кармасаң, экинчиси азоо жылкыдай жайлоонун төрүндө даң салып, колуңа илинбейт. Аны кармагыча, дагы көркөмдүк ташкыны көчүп келет, сулуулук сели каптап келет... Ошондуктан мындай кылалы.

**1. Элестетсең...**

«Балалык» – бул жүз тепкичтүү өмүр мунарасы. Учу көккө төнөт. Бир тепкич менен экинчи тепкичтин аралыгы – бир жаш. Ошондо жүз тепкич жүз жашты туюндурат. Демек, тепкичтен тепкичке көтөрүлүп отуруп, жүзгө – акын чеберчилик менен курган өмүр мунарасынын кыл чокусуна чыгасың. Анан ааламга көз жүгүртсөң болот. Жок, шашпайлы. Сан бирден, өмүр төрөлүүдөн, мунара биринчи тепкичтен башталат. Ошондуктан сөз биринчи тепкичтен болсун.

**2. Дагы элестет.**

– Кадамыңды биринчи тепкичке койдуң, анда «бир жашында билбеген» делген. Демек, бир жашында эч нерсени билбейсиң, адам сүлдөрү бар муштумдай кызыл эт – бир жандык...

– Экинчи тепкич: «Эки жашар болгондо энесине эркелеп ыйлап турган балалык, элде жокту тапкын деп, кыйнап турган балалык». Демек, баланын тили чыгып калат. Ыйлап да, кыйнап да турган курак экен...

– Үчүнчү тепкич – (муну өзүң тап жана маанисин чечмеле).

– Төртүнчү тепкич – ?
– Бешинчи тепкич – ?
– Алтынчы тепкич. Буга бир аз байырласаң жеңе менен эжеден уяпбаганы, зарыгып жумшап жатсаң да тил албаганы эмнеси? Алдасаң алданып калганычы, ата-энени барктабаганычы?
– Жетинчи тепкич – ?
– Сегизинчи тепкич. Сегиз жаш курагына акын 21 сап арнаган, анын ар бир сабына ой токтот да, чечмеле.
– Тогузунчу тепкич. Бул курак 12 сап менен берилген, мунун да ар бир сабындагы маанини чечмеле.
– Онунчу тепкич – ?
– Он биринчи тепкич – ?
– Он экинчи тепкич –?
– Он үчүнчү тепкич – ?
– Он төртүнчү тепкич – ?
– Он бешинчи тепкич – ?
– Он алтынчы тепкич – ?
– Он жетинчи тепкич – ?
– Он сегизинчи тепкич – ?
– Он тогузунчу тепкич – ?
– Жыйырманчы тепкич – ?
– Жыйырма биринчи тепкич – ?
– Жыйырма экинчи тепкич – ?
– Жыйырма үчүнчү тепкич – ?
– Жыйырма төртүнчү тепкич – ?

Жыйырма бешинчи тепкич: 1. «Эргиген куштай жүрөгүн, энишсең жыгат билегиң, эритет музду илебиң» – муну кандайча чечмелейсиң.

**3. «Жыйырма бешке отуз жыл жашатып койсо эмне?** Жаңылатып өмүрдү жасатып койсо эмне?» – дейт акын. Эмнеликтен жыйырма беште 30, 40 жыл жашоону каалайт? Анын кандай өзгөчөлүгү бар? Бирок, жаш каапоого, тилекке карабайт. «Ачып көздү жумганча, өтүп кетет балалык, кайра келгис сапарга, көчүп кетет балалык, агыны катуу шар суудай, агып кетет балалык, алоолонтуп жалынын, жанып кетет балалык» – деп жатпайбы акын. Көчүп жаткан, өтүп жаткан, агып жаткан өмүрдү 30 – 40 жыл токтотуп туруунун зарылдыгы кайсы? Акын эмнени айткысы келген?

**4. Унутпа!**

«Балалыкта» Жеңижок, албетте, таалим-тарбиялоо жөнүндө айтууну максат кылбаса да, баланын табигый касиетин, өзгөчөлүгүн түшүнүү боюнча элдик педагогиканын бийиктигинде турат. Чыгаан педагогдор Януш Корчак (1878–1942), В. А. Сухомлинский (1918–1970) баланын табиятын Жеңижокчо түшүнүү менен дүйнөлүк педагогиканын туу чокусуна көтөрүлүшкөн.

Ошол эле учурда «Балалык» – адам жана анын өмүрүн, жанын ырдаган залкар чыгарма. Асылдын асылы, кундуу да, куттуу да, ырдын өзөгү – өмүрдү куштарлана, кумарлана сүйүү, бар болуп жашоону даңктоо, так ушунусу менен Жеңижок улуу ырчы.

**5. Жаттап ал.**

1. Сегиз жашка барганда,
Оюнга такыр тойбогон.
Оромпой тээп, чики атып,
Ок жыландай сойлогон.
Жар боорунда балапан,
Алып жүргөн балалык.



2. Тогуз жашка чыкканда,
Дөбөт менен мышыкты
Кабыштырган балалык.
Кимиси кыйын экен деп,
Салыштырган балалык.
Эки айылдын жылкысын
Алыштырган балалык.

3. Он үчкө жашы чыкканда,
Кыраңдын терет гүлдөрүн.
Карагат издеп кетишет
Калтырып алыс үйлөрүн,
Кымыздык, ышкын теришет.

4. Өмүрдү аз деп чанганда,
Жарыкчылык дүйнөгө
Келбей койсоң кантмексиң?
Бул өмүрдүн кызыгын
Көрбөй койсоң кантмексиң?

Алдыртан кошуп ийишип,
Айгыр менен айгырын
Алыштырган балалык.
Дөбөгө чыгып барышып,
Таш омкоруп алышып,
Менин атым күлүк деп,
Жарыштырган балалык.

Кызыгын көрүп дүйнөнүн.
Куулук менен иши жок,
Кубанып айтат билгенин.
Ак чөлмөк ойноп өткөрөт
Ай тийген түнүн түндөрүн.

Бетеге өспөй, чөп өспөй,
Саз да болсо жакшы экен.
Жарыкчылык, жашоо күн
Аз да болсо жакшы экен.

**6. Чыгарма жаз.**

*Темалар:* «Аккан өмүр», «Өмүр асылдыгы», «Балалык кыял», «Көчкөн өмүргө серп салып» (ушул сыяктуу балалыкка байланыштуу бир теманы тандап аласың). **Үлгү:** «Бутакты сындырба, – дейт ата-эне, мугалимдер, ал жашыл ааламдын сенин колуң жеткен кичинекей бир бөлүкчөсү». Ооба, бул туура. Бирок ойногон кезде бул тууралык эсте болбойт. Чыбыкты сындырып алып, ат кылып минип кетем. Астымда кырчын тал эмес, тулпар... Куйругу чубалат... Ал ооздугун кемирип, жер чапчып, башын чулгуйт. Тизгинди кое берсем, Аккуладай сызганы турат. Колумда кылыч... (Калганын ушул өңдүү улант. Сөз арасында «Балалыктын» айрым саптарын пайдаланасың. Жогорку темалардын бирин ыр же пьеса менен жазсаң да болот.)

**7. Салыштырып оку.**

Он бешинде шаркырап аккан булактайсың,
Жыйырмаңда жарда ойногон улактайсың,
Отузда күйүп турган чырактайсың,

Кыркында кынга салган болоттойсуң,
Элүүдө белден ашкан адамдайсың,
Алтымыш жаш кайра көчкөн элдей экен,
Жетимиш жергеси менен тең экен,
Сексениң кара жерден кем экен,
Токсонуң тонго сепкен бор экен,
Баланын баласына кор экен.

*(Эсенаман ырчыдан)*

## АК КУРЖУН ТОЛО ЫР КАЛДЫ

Алтын менен чайкаган
Кутуң калды, Жеңижок.
Айда барып кеп айткан
Журтуң калды, Жеңижок.
Күмүш менен чайкаган
Кутуң калды, Жеңижок.
Күндө барып ырдаган
Журтуң калды, Жеңижок.

Ак куржун толгон ыр калды,
Алган жарым тул калды.
Көк куржун толгон ыр калды,
Кошулган жарым тул калды.

Кызыл ат жорго желдирбей,
Кылым кыргыз чогулса
Кимдин уулу дедирбей,
Кыямат өтүп барамын
Кучактап бала мен сүйбөй...

Кең Аксынын күмүш бар
Ээриң калды, Жеңижок.
Күкүгүнөн ажырап,
Элиң калды, Жеңижок.
Тамашалап кеп айткан,
Теңиң калды, Жеңижок.
Телкүрөңдөй күлүктү
Темине чапса тер чыгар.
Теңтуштарым келгенде,
Теңир урган бул үйдөн
Теңселип ырдап ким чыгар.

Жети канат ак өргөөн,
Жети айланып мал баскан.
«Жеңижок, алың кандай», – деп



Жергелүү журтум көрүүдө
Жетине албай калбастан.

Аргымак тандап ат минбей,
Ак кыжым салып салт жүрбөй,
Алтындан жүгөн ойдурбай,
Аргымак оозун чойдурбай,
Арманда кетип барамын!

Күмүштөн жүгөн ойдурбай,
Күлүктүн оозун чойдурбай,
Күлүктөн тандап ат минбей,
Көк кыжым салып салт жүрбөй,
Күйүттө өтүп барамын!..

Жабагысы тай болбой,
Жардыларым бай болбой;
Кулундарым тай болбой,
Курама журтум бай болбой;
Тескейден сууну бурдурбай,
Темирден коргон урдурбай;
Күңгөйдөн сууну бурдурбай,
Күмүштөн коргон урдурбай;
Эркечим койду баштабай
Ээрчише конгон жардыга
Эчкиден бөлүп таштабай;
Сайдан түтүн булатпай,

Сарала жылкы чубатпай;
Көкойдон түтүн булатпай,
Көк ала жылкы чубатпай;
Айылдан келген тууганга,
Ак ичик бербей артууга,
Ак шумкар бербей тартууга;
Көргөнү келген тууганга
Көк ичик бербей артууга,
Көк шумкар бербей тартууга;
Сайга желе кактырбай,
Сайдан өткөн кишини
Саамалына чакырбай;
Кырга желе кактырбай,
Кырдан өткөн адамды
Кымызына чакырбай;
Жылжыма жорго минбедим,
Жыргап бир доор сүрбөдүм...

Айдама жорго минбедим,
Атандын көрү, куу дүйнө,
Армансыз өмүр сүрбөдүм...
Түлкүнү кийбей башыма,
Түрлөнүп өспөй жашыман;
Суусарды кийбей башыма,
Сыланып өтпөй жашыман;
Жети аркар чыккан жылдыздан,
Жеңижок ырчы атыгып
Жез тандай чыктым кыргыздан.
Караган десем, барк окшойт.
Кайрылып мени алмакка
Кадалып тийген дарт окшойт.
Чырмоок десем, барк окшойт,
Чыңыртып алып кетмекке
Чындап бир келген дарт окшойт.
Кыймалуу калпак, кара шым
Кие турсам не болмок?
Кыркма сакал болгуча
Жүрө турсам не болмок?!
Саймалуу калпак, сары шым
Кие турсам не болмок?
Сары сакал болгуча
Жүрө турсам не болмок?

* * *

...Жазуучу Э. Отунчиев акын Т. Үмөталиевден бир кур Жеңижок жөнүндө сурамжыласа, ал буларды айтып берген экен:

– Менин таятам Үрүс деген киши эле. Бозо салчу. Бир жолу анын үйүнө Өтө келди. Жалдуу тору ат минип алыптыр. Көзү балбылдаган, тегерек сакалдуу, сулуу киши экен. Өтө кат-сабаттуу, молдо киши болгон. Кол жазмаларын куржунга салып алып, Уфага барып китеп кылып чыгартам деп, Ташкенге барган экен. Ал кезде Орусия менен Германия согушуп турган убак болгондуктан, Ташкендегилер «алыс жолго чыкпаганың оң, тыякта кызыл кыргын болуп жатат» – деп кеңеш беришет. Кайран акын куржун толо ырларын кайра алып келиптир.

Ошол ырлар азыр да дарексиз. Бирок Жеңижоктун «Ак куржун толо ыр калды» деген ыры бизге жетти.

**Суроолор**

1. Жеңижок өзүнө кайсы ыр саптары аркылуу кайрылган? Аны менен акын эмнени айткысы келген?
2. Бала көрбөгөндүгү жана ак куржун толо ыр калгандыгы кайсы саптарда берилген?



3. Акын «Ак куржун толо ыр калды» деген ырын кандай маанайда ырдаган?
4. Ырчынын арманы кайсы саптарда бар?
5. Акындын тилеги кайсы ыр түрмөктөрүндө чагылдырылган? Ал түрмөктөрдүн ар бирин бөлүп көрсөт жана маанисин чечмеле.
6. «Кыймалуу калпак, кара шым, кие турсам не болмок?» деген ыр саптарынан аягына чейин оку. Ушул ырларда эмне басымдуу? Өкүнүүбү, өмүрдү сүйүүбү, арманбы?

**Тапшырмалар**

1. «Жабагысы тай болбой» дегенден төмөн он-он эки сап ыр жатта. Аякы эки сабы «Жылжыма жорго минбедим, жыргап бир доор сүрбөдүм» дегенден бүтөт.

2. «Кыймалуу калпак, кара шым, кие турсам не болмок? Кыркма сакал болгуча, жүрө турсам не болмок! Саймалуу калпак, сары шым, кие турсам не болмок? Сары сакал болгуча, жүрө турсам не болмок?». Бул саптарды да жаттап ал.

## АККАН СУУ

1. Жети кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу.
Жер, ааламдын баарысын
Багып чыккан аккан суу.
Алтын канат, жез куйрук
Балык чыккан аккан суу.
Ак кыянын боорунан
Агып чыккан аккан суу.
Өмүр отун тутантып
Жагып чыккан аккан суу.
Көк жалкаяк асканы
Тешип чыккан аккан суу.
Көк торполуу көк жарды
Эшип чыккан аккан суу.
Зоодон сынбай бир жери
Кулап түшкөн аккан суу.
Аяк-башын үзүлтпөй
Улап түшкөн аккан суу.
Ташка тийип чачырап
Баркыраган аккан суу
Далай жерге токтобой
Шаркыраган аккан суу.
Кууш жерге келгенде,
Күркүрөгөн аккан суу.
Үрөйүндү учуруп
Үн сүрөгөн аккан суу.
Жайык жерге барганда,

Жаркыраган аккан суу.
Эңкейишке киргенде
Аркыраган аккан суу.
Кулагыңды тундуруп,
Капчыгайды чуу кылып,
Шаркыраган аккан суу.

2. Сурап-сурап отурсаң,
Кайда болот аккан суу?
Тескейи бийик терең сай
Коодо болот аккан суу.
Ак асаба мелжиген
Зоодо болот аккан суу.
Башы туюк капчыгай
Сайда болот аккан суу.
Издегенге табылбас,
Жайда болот аккан суу.

3. Аягы жок, колу жок,
Токтойм деген ою жок,
Жүрүп келген аккан суу.
Чайга салып ичишке
Набат кылат аккан суу.
Барган жерин кулпунтуп
Абат кылат аккан суу.
Жердин бетин жайнатып
Чөп жаратат аккан суу.
Төрт түлүктү семиртип
Эт жаратат аккан суу.
Алма, жүзүм, алмурут,
Алча кылат аккан суу.
Четин, шилби, карагай,
Арча кылат аккан суу.

4. Арык казып төтөлөп,
Алып кетсе жетелеп
Кете берген аккан суу.
Бөлгөн жерге токтобой,
Чарчаганга окшобой
Жете келген аккан суу.
Кара таштан шаркырап
Түшүп жаткан аккан суу.
Жан-жаныбар шимирип
Ичип жаткан аккан суу.

5. Ай, аккан суу, аккан суу,
Ай ааламды баккан суу.



Сыр-Дайрадан кең туруп
Сыр аякка баткан суу.
Жабыркатпай жай-кышы
Жандын баарын баккан суу.
Кара шибер, көк майдан
Саздуу болот аккан суу.
Кайрысаң келет арыкка
Баштуу болот аккан суу.
Тоодон аккан жеринен,
Жаралганда тегинен
Тунук болот аккан суу.
Тазалыгы жагынан
Карап турсаң баарынан
Улук болот аккан суу.

6. Алты айчылык жол бассаң,
Арасынан үзүлбөй
Созуласың, аккан суу.
Алтымыш бөлөк баш жагың
Аягың келип бир жерден
Кошуласың, аккан суу.
Дыйкан чарба адамды
Жабыркатпай баккан суу.

7. Жоодураган бото көз,
Моймолжуган ширин сөз,
Күмүш үндүү, күн жүздүү,
Жан эргиткен бал тилдүү,
Шыбырашып сүйлөшүп,
Бирин-бири жүр дешип,
Аста күлүп, шыңк этип,
Алтындан иймек сөйкөсү
Кулагында жылт этип.
Муну көргөн жигиттин
Эт жүрөгү зырп этип,
Эки челек көтөрүп
Кыздар келген аккан суу!

8. Ай тамагын кылайтып,
Ак көйнөгүн булайтып,
«Секетбай» деп ыр ырдап,
Аккан сууга сыр айтып,
Жанаша басып кыналып,
Өңүн суудан каранып,
Тоту куштай таранып
Келиндер келген аккан суу!

9. Белдемчисин байланып,
Балдарына айланып,
Небересин ээрчитип,
Секин басып чайпалып,
Отурганда «белим» деп,
Чочуганда «эрим» деп,
Кемпирлер келген аккан суу!

10. Ак сакалын жайкалтып,
Аста сүйлөп нарк айтып,
Жолдун ташын теришип,
Булак оңдоп беришип,
Чалдар келген аккан суу!

11. Божурашып сүйлөшүп,
Бир күндө он беш суу кечип,
Суу боюна барышып,
Суу мылтык жасап алышып,
Суу мылтык менен атышып,
Бир кумардан канышып,
Балдар келген аккан суу!

12. Ай туяктан арнашып,
Ак боз бээ тандап союшуп,
Арча көпкө чыдайт деп,
Каржыгачка коюшуп,
Карагай кесип кынашып,
Чеңгек менен бекитип,
Суу кечпей малы өтсүн деп,
Эл катташып оңсун деп,
Көпүрө салып көпчүлүк
Элдер келген аккан суу!

13. Таң кашкайып сүргөндө,
Булутту шамал сүргөндө,
Суу катуулап киргенде,
Тараза жылдыз бөлүнүп,
Ой-тоонун баары көрүнүп,
Сүрүлүп жылдыз качканда,
Таңкы Чолпон батканда,
Өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап,
Суудан кара буу чыгып буркурап,
Асмандан жылдызы качып дыркырап,
Токойдо гүлдөр гүл бурак,
Бутакта булбул ыр курап,
Шыбакта торгой чулдурап,
Жылгадан алты миң булак шылдырап
Жарашкансың аккан суу!..



14. Күн жайылып келгенде,
Күңгүрөнүп күч алып,
Күмүш комуз күү чалып,
Күн келбетин бетине
Жаркыратып түшүрүп,
Чаңкап келген мал-жанга
Тартынбастан ичирип.
Күмүштөй болуп жалтылдап,
Берекесин арттырып,
Ийип берген балкылдап!
Бири консо, бири учуп,
Эки жагын карашып,
Канаттарын тарашып,
Мукам-мукам сайрашып,
Жагжагына толтуруп,
Балапанга суу берип
Куштар келген аккан суу.

15. Куйрук-жалы бир карыш,
Кулан келген аккан суу.
Аягы жок, колу жок,
Жылан келген аккан суу.
Боору менен сойлогон,
Буту менен баскан да,
Асман менен учкан да,
Мурду менен тынган да,
Баары өзүнө келишкен,
Асилденсиң, аккан суу!

16. Кечки мезгил болгондо
Күндүн нурун сүртүнүп,
Күлүндөп көркүн жойбогон...

17. Түн ичинде карасаң,
Өзөндүн ичи шуулдап,
Сан жылдызды батырып,
Табактай айды калкытып,
Аттай болгон балыгын,
Асманды көздөй атылтып.
Күкүмдөлгөн тамчысың
Күргүштөп жээкке чачылтып...

18. Жер үстүнө мелмилдеп,
Дарыя болгон аккан суу.
Жеңижок төккөн ыр менен
Жарыя болгон аккан суу.
Желпип өткөн жерине,

Жемиш өсүп бак болгон,
Келип кеткен жерине
Шаар орноп, эл толгон.

19. Жээгинде сайраган
Күкүк менен булбул бар.
Көлүндө киши көрбөгөн
Кара кашка дулдул бар.
Жүнү сеңсен, ак куйрук
Кундузу бар аккан суу.
Көзгө жылуу көрүнгөн
Жылдызы бар аккан суу...
Дүйнөдө түркүн сонунду
Мына ушинтип баккан суу.
Кимге болсо барабар
Мумуядай жаккан суу!

20. Керүүдөн кыян кошулуп,
Сел болосуң, аккан суу.
Этек жагың буулса
Көл болосуң, аккан суу.
Жайык жерге келгенде
Алтын менен күмүшкө
Тең болосуң, аккан суу.

21. Кыртыш байлап бетине
Жүн чыкпаган аккан суу.
Айбанатпы, адамбы,
Башын салса, «тур, кет!» деп
Унчукпаган аккан суу.

22. Жаздын айы келгенде,
Булак ийип, таш жарып,
Тоо башынан мөңгү эрип,
Токсон миң булак бир келип,
Каарданып киргенде,
Ылдый карай сүргөндө,
Байлап койгон сал агып,
Көпүрөлөр дагы агып,
Кечип кирген мал агып,
Байкабаган жан агып,
Бузуп өткөн кыяны,
Бул – аккан суунун зыяны.

23. Ташка тийген жеринен
Көгүш жалын от жанып,
Жарга тийген жеринен
Жолум үйдөй из калып.



Түптүү терек токтобой,
Бир куурайга окшобой,
Агып барат даң салып.
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Мөңкүп барат жинденип.

24. Туш тарапка бет алып,
Агып өттүң аккан суу.
Он сегиз миң ааламды
Багып өттүң аккан суу.
Аласасын адамга
Берип өттүң, аккан суу.
Кышын-жайын барабар
Коргошундай көлкүлдөп,
Тунук болуп мөлтүлдөп,
Эрип өттүң, аккан суу.
Өмүр шерик адамга
Болуп өттүң, аккан суу.

25. Касиеттүү аккан суу,
Сенсиз бизге күн кайда,
Жайнап өскөн гүл кайда?
Ушул турган сулуулук
Жоголмок баары бейпайда?

26. Күз мезгилде карасаң,
Мөңгүсү аздап эриген,
Булагы ийбей кемиген,
Жинин каккан бакшыдай
Жарым болуп суу кеткен.
Эртең менен кечинде
Буркурап чыккан буу кеткен!..
Кыш чилдеде карасаң,
Көк муз, карга оронуп,
Көңүлдүү ыры жоголуп,
Түнгүюкта чулдурап,
Агып жатат булдурап...

27. А жаныбар аккан суу,
Күнү-түнү аксаң да,
Кызмат этип жатсаң да,
Кадырыңды билбейбиз...
Жок дегенде, бир жылда
Зыярат кылып жүрбөйбүз.

28. Суу сыйлаган зор болор,
Суу кордогон кор болор.

29. **А жаныбар аккан суу**
**Жок дегенде бир күнгө**
**Келбей койсоң таарынып,**
**Кесирленип жүргөндөр**
**Чуркайт эле ак уруп.**
**Барктабастан жүргөндөр**
**Айчылык жерде болсоң да**
**Жетет эле жалынып.**
**Бир ууртап сени алганда,**
**Колунда болгон дүйнөсүн**
**Берет эле жабылып.**
**Бирок сен андай эмессиң,**
**Чалкып жаткан кененсиң,**
**Керектеген жандуунун**
**Кызматына беленсиң.**
**Байыртадан бер жакка**
**Керектелип келгенсиң.**

30. Бали, ыракмат, аккан суу,
Түбөлүккө агарсың.
Укум менен тукумга
Белек болуп бараарсың.
Күүлөрүңдү черте бер,
Күкүктөнүп кете бер,
Темир комуз кага бер,
Толкуп-ташып ага бер.
Тегеренип жер жүзүн
Турмуш отун жага бер!
Мөңгү болуп ашууда
Үнөмдөлгөн аккан суу.
Жети күн, бир түн айтсам да
Түгөнбөгөн аккан суу.
Аккан, аккан,аккан суу,
Бардык жанга жаккан суу!..

## «АККАН СУУ» – АГЫП ТУРГАН КЫРГЫЗ РУХУ

Ооба, бул – жети күн, жети түн айтса да түгөнбөгөн, аккан суудай күркүрөгөн, шаркыраган, төгүлүп-ташкан керемет ыр. Маани-маңызы, дүйнө таанымы боюнча, кубулуштагы шайкештикти жана өзгөчөлүктү таамай көрө билүү жана көзгө көрсөтө, акылга уюта чагылдырышы боюнча поэма – дастандардын чаркы жеткис опол тоодой жүк көтөргөн, ошол жүгү менен булут челип көккө төнгөн, этеги жети кабат жерге таянган чыгарма.

*Жеңижок – чоң даанышман акын.* Анда аккан суу эле эмес, шаркырап дүйнө да агат. «Артынан жоо куугансып, көчкөнүн



көрчү дүйнөнүн, кирген суудай шаркырап, акканын көрчү дүйнөнүн, түгөнбөгөн мезгилден, ашканын көрчү дүйнөнүн» – дейт улуу акын. Демек, аккан суу бул жалаң эле суу эмес, аккан дүйнө. Өнүгүп, өзгөрүп, кубулуп, кыймылдап турган кубулуш. «Аккан суунун» бир учу дүйнө менен ашташса, экинчи учу Теңир таанымы менен алгоолошот. Жеңижок ошонун баарын көкүрөгүнө батырган, нарк катары алдейлеп сактаган, кайра ошонун баарын рухий жан байлык катары жан мээрин, сөз берметтерин ыр менен шөкөттөп, учтан түпкө келаткан салтты, жолду, наркты калкка чеч береке болуп чечилип жеткирген инсан. Эми анын «Аккан суу» деген ыры жөнүндөгү төмөнкү ой-пикирлерге көңүл төшө. Алар Жеңижоктун чыгармачылыгын камтыган изилдөөлөрдөн алынган.

Жеңижоктун «Аккан суу» деген ыры деп жазат, – *Ш. Үмөталиев* – **кыргыз поэзиясынын өз доорундагы кылда башы** деп айта турган чыгармалардын бири. Бул ырды окуганда, негедир мактоо жетишпегенсип турат. Ар кандай мактоо анын алдында жупуну тартып, коруна калгансыйт. Ырдын мазмуну да, көркөмдүгү да ушундай. Эргип алган акын асман-жердин арасын кенен-кесир чабыттап, бардыгына өмүр берип жаткан аккан сууну көкөлөтө көтөрүп, **көркөм сөз берметтеринин шаркыратмасын куюп жибергенсийт.** Азыркы тил менен айтканда, «бардык жол Римге алып келбейт, бардык жол Мекеге да алып келбейт, **бардык жол Аккан сууга алып келет»** дегенди айтмакчы болот. Жер каймактагандан берки «он сегиз миң ааламдагы» бардык жан-жаныбар, макулук, өсүмдүгү, пендеси менен кошо аккан сууга милдеттүү. Аккан суу – бардык башталмаларды башталмасы... Ошон үчүн аны дал ошо кирсиз суунун өзүндөй абийир менен, ыксап менен, ыйман менен, этияттык, билгичтик менен пайдалануу керек. ... **Эпикалык дастан түрүндөгү бул чыгарманы** жалаң гана сууга арналган ода деш бир жактуу, дегеле ошондой болгон күндө да, анын мазмуну эч тайыздабас эле: **акын аккан суунун монументалдык образын бардык мүнөздүү** жагынан ажарын ача сүрөттөй алган. **Аккан суу табият менен жаратылыштын каймана жалпы космикалык образы өңдөнөт».**

«Бардыгы өтөт, кыймылсыз эч нерсе жок». Бул пикирди айкындоо үчүн өзгөрүп туруучу дүйнөнү агын дарыя менен, ал тургай шар суу менен көркөм салыштырууну пайдаланат. Жеңижоктун чыгармаларында суу көрүп турган кадимки суу эмес, аккан суу, шаркырап аккан суу, башкача айтканда, түбөлүк кыймылдагы тиричиликтин башталышы. Суунун бууланышы абаны тоюнтат, анан жамгыр аркылуу суу кайра кайтып, жерге сиңип, булактар агып чыгат. Бардык нерсе кыймылда...» *(Ж. Жаныбековдун Жеңижокко арналган «Даанышман ойчул» деген китебинен.)*

«Аккан сууну» философ *Чоюн Өмуралы* уулу минтип чечмелейт:

«...Жер үстүндө ийкемдүү сенден жумшак эмне бар? Учуң учсуз, түбүң түпсүз, кылаан жатат кыйырсыз. Дымый берип шар берет, жыйрылат да зыр берет. Жети каттан желип өтөт. Буу болот да көккө айланат, суу болот да кайра агат. Түмөн өмүр жайнап чыгат, түркүн иштер кайнап чыгат. Жандуу менен жансыздын баарына тең аккан суу! Жер менен көк арасы ойноп турган аккан суу. Оңу дагы солу жок туйлап турган аккан суу.

...Тараза жылдыз бөлүнүп, ой-тоонун баары көрүнүп, сүрүлүп жылдыз качканын, танкы Чолпон батканын, өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап, суудан кара буу чыгып буркурап, асмандан жылдызы качып дыркырап турган саатын туйлатып, типтирүү кармап, шыргалан-оту менен жүрөгүнө бүркүп-бүркүп турбайбы кайран Өтө!

**...Ушул саптар арасында не деген дүйнө жатат.**

Аста күлүп шыңк этип, алтындан иймек сөйкөсү кулагында жылт этип, кыз калкылдайт бул сууда. Ай тамагын кылайтып, аркардай танын булайтып, «секетим» деп ыр ырдап, аккан сууга сыр айтып, өңүн суудан каранып, тоту куштай таранып ай келин калкыйт бул сууда. Ак сакалын жайкалтып, аста сүйлөп нарк айтып чал калкылдайт бул сууда. Секин басып чайпалып, отурганда «белим» деп, чочуганда «эрим» деп кемпир агат бул сууда. Баары агат... агат... Байыртадан бери агат...

«Тиктеп турат байкасам
Калыбынан жазбаган
Канаты бар аккан суу...»

Жетишет! Мындан артык эч ким эч качан айта албайт. Мындан учкул, мындан чулу жана кыска эч бир дух жашай албайт. Бул – Женижок акын аркылуу агып келген кыргыз руху.

... Дүйнөнүн өзүндөй түптөн агып келген ушул укмуштуу тунук саптардын унгусуна уюйм, уюйм... иримине тунам, тунам... Дүйнө менен дүйнө болуп кошулуп-жошулуп барат канымда, аккан суунун шобурту дилиме сыр шыбырайт... Шыбырайт да мөлт этип мени өзүнө тамчыдай кошуп алат... Улуулук ушундай... жөнөкөй. Аккан суудай, чыккан чөптөй...»

**Тапшырмалар**

1. Ушул чыгарманы сапма-сап көздөн кечирип иликтеп көр.
Үлгү:
Суроо:
–Аккан суу кайдан чыгат?
Жооп:
– Жети кабат жер астын жарып чыгат.
– Көк жапкаяк асканы тешип чыгат.
– Көк торпулуу көк жарды эшип чыгат.
– Ак кыянын боорунан агып чыгат.



Суроо:
– Аккан суунун мааниси, милдети кандай?
Жооп:
– Жер-ааламдын баарысын багат.
– Өмүр отун тутантып жагып турат.
– Чайга салып ичишке набат кылат аккан суу.
– Барган жерин куллунтуп абат кылат.

2. Калган 4–30 менен белгиленген ыр түрмөктөрүнөн суроого жоопту өзүң камда. Ким туура жоопту өзү тапса ал акындай сезгичтикти көрсөткөн болот.
Суроо:
– Аккан суунун көрүнүш сыпаты кандай?
Жооп:
– Зоодон сынбай бир жери, кулап түшөт аккан суу.
– Аяк-башы үзүлтпөй улап түшөт аккан суу.

3. Ырды аягына чейин окуп, аккан суунун калган сыпатын өзүң тап.

4. Оку жана элестет.
«Ташка тийип чачырап, баркылдаган аккан суу, далай жерге токтобой, шаркыраган аккан суу, кууш жерге келгенде, күркүрөгөн аккан суу, жайык жерге барганда, жаркыраган аккан суу, энкейишке келгенде, аркыраган аккан суу, кулагыңды тундуруп, капчыгайды чуу кылып, шаркыраган аккан суу...»

5. Аккан сууну таңкы кооздук менен элестетип айтып бер (13-түрмөктү кара).

6. Көрктүү оку: 8–12, 14-ыр түрмөктөрү.

### Суроолор

1. 15-түрмөктөгү «Боору менен сойлогон, буту менен баскан да, асман менен учкан да, мурду менен тынган да» деген саптар кандай маанини түюндурарын чечмелеп айтып бер?
2. «Кечки мезгил болгондо, күндүн нурун сүртүнүп, күлүндөп көркүн жойбогон» дегенди сүрөттөп айт?
3. «Келип кеткен жерине шаар оркоп, эл толгону» кандайча?
4. Аккан суунун зыяны кайсы жерде сүрөттөлгөн?
5. Аккан суу адамга кандайча өмүр шерик?
6. Суунун чалкыган кеңендиги сүрөттөлгөн ыр саптарын тап.
7. Эмнеликтен суу сыйлаган зор, сууну кордогон кор болот?
8. «Күүлөрүңдү черте бер», «Темир комуз кага бер», «Тегеренип жер жүзүн, турмуш отун жага бер» деген саптардын маанисин чечмеле.
9. «Сырдайрадан кең туруп, сыр аякка баткан суу» –дейт. Сыр-Дарыядан аккан суу кантип сыр аякка батсын?

**Салыштырып окуу үчүн**

1. «Кундуу сапат – суу тариздe'. Суу баарына жакшылык кылып жатып эч бирине каршылык кылбайт. Эч ким даабас ыплас жайга да ылгабай агат. Кундуу сапатка эгедер жан суудай мөлтүр болгону ийги».
**Лао-Цзы** – кытай даанышманы, б.з.ч. IV кылымда жашаган.

2. «... баары агат...агат... өзүнүн башатына барат».
**Кун-фу-зы** – кытай даанышманы, б.з.ч. IV кылымда жашаган.

3. «...Теңир алдында тамчыдай жумшак туруп, таштай катууну көзөйт. Каяктандыр желип чыгып, каяккадыр житип жок».
**Лао дан** – кытай даанышманы, б.з.ч. II кылымда жашаган.

**4.** «...Бар зат түрү жоктон жаралган, бар добуш үнү жоктон тарапган. Анын баласы – нур, небереси – суу. Нур төгүлот – ирмелбейт. Суу көрүнот – кармалбайт. Суу баарынан улук».

**«Хуайнацзы»** китебинен, б.з.ч. II кылым.

### *АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН*

**Ассонанс жана аллитерация. Ассонанс** – бул уйкаштыкта же улам кийинки сөздөрдө үндүү тыбыштардын кайра-кайра кайталанышына негизделген көрүнүш. Ал эми **аллитерация** – көркөм чыгармадагы окшош үнсүз тыбыштардын кайталанып келиши, *ассонанс* да, *аллитерация* да – экөө тең поэзияда өтө жыш кездешет. Алар эпикалык, лирикалык чыгармалардан тартып, макал-лакаптарга чейин кучагына алат.

Коктусу сайын кекилик,
Көк кушту көктөн көргөндө,
Кобулга качат бекинип.
Көк ирим дайра көлүнөн,

Козудай болгон балыгы
Көрүнөт көзгө секирип.
Карагай, арча, төгөрөк*
Кылымдап өсүп жетилип.
Караган, тикен ичинде
Калышы желге желпинип.
Кишини тиктеп, таңыркап,
Кайыбы качпай шекинип,
Коктудан уккан булактан,
Комуздун күүсү чертилип.
Кыймылдайт кайың бутагы,
Көк кашка сууга серпилип

*(Жеңижоктон)*

Мында ар бир сабы үнсүз «к» тыбышы менен башталып, аллитерацияны жаратты. Муну аллитерациянын тигинен келиши десе болот. Ал эми анын туурасынан да келген учурлары бар. Мисалы: «Көк кушту көктөн көргөндө», бу сапта «к» тыбышы алты жолу кайталанды.

Ал эми төмөнкү ыр саптары «а» үндүү тыбышы менен башталып, ассонансты түздү. Бул анын тигинен келиши.

Аксымды айтам кубанып,
Ак мөңгү жатат төрүндө

* *Төгөрөк* – бака терек



Ак тайлак болуп суналып.
Адырдан чууруйт кой-эчки
Ала аркан болуп чубалып.
Ак булак чертет комузун,
Аземдүү күүсүн чыгарып.
Ак көйнөк кийген жаш келин
Акырын кайтат суу алып.

*(Жеңижоктон)*

Ассонанс аллитерация сыяктуу эле туурасынан да жайгашат. «Көк кушту көктөн көргөндө» деген сапта «ө» тыбышы алты жолу кайталануу менен ассонансты пайда кылды.

Куулары көлбүп көлүндө,
Кароолчу чымчык жай алган,
Караган шактын өзүндө.
Кузгундары куркулдайт,
Кундузу кумда бултулдайт.

Кара карга какылдайт,
Кабар берип алыстан
Суу сагызган шакылдайт.

*(Жеңижоктон)*

Бул ыр түрмөгү тигинен да, туурасынан да аллитерациялык, ассонанстык үндөшүүлөр менен торчолонгон. Сегиз сап тең «к» тыбышы менен башталды. «Куулары көлбүп көлүндө», «Кара карга какылдайт» деген саптарды «к» тыбышы туурасынан жайгашты. «Көлбүп көлүндө» («ө» тыбышы), «Кузгундары куркулдайт» («у» тыбышы), «Кундузу кумда бултулдайт» («у» тыбышы), «Кара карга какылдайт» («а» тыбышы) деген саптарда ассонанс пайда болду.

Демек, көркөм чыгармадагы мындай тигинен жана туурасынан жайгашкан тыбыштардын үндөштүгү (ассонанс жана аллитерация) эмне үчүн керек? Мындай үндүү жана үнсүз тыбыштардын ыр сабындагы үндөштүгү куюлуша келүү менен поэтикалык ойдун мукам, таасирдүү, угумдуу жана көркөм болушуна көмөк берет.

## БАРПЫ АЛЫКУЛОВ

*«Кыргыздан чыккан Барпы ырчы*
*Кыйланы жеңген алп ырчы»*
Байдылда Сарногоев

*«Жарышка түшсө жел менен,*
*Жаактуу пенде жеңбеген»*
Осмонкул



**1. Кыскача өмүрү.** Кыргыз эл ырчысы, элдик оозеки поэзиянын классиги, кеменгер акын Барпы Алыкул уулу 1884-жылы Жалалабад аймагынын Сузак чөлкөмүндөгү Ачы кыштагында туулуп, 1949-жылы кайтыш болгон. Кедей үй-бүлөдөн. Атасы Алыкул жалчылык менен күн көргөн. Ошол көр тирликтин айынан ал тогуз баласын багалбай, экөөн – Болот менен Барпыны бардар адамдарга малай кылып берген. Алыкул ырчы да болгон, ал 1904-жылы дүйнөдөн кайткан. Барпы кичинесинен жокчулуктун запкысын тартып чоңойгон. 1915-жылы ал улуу акын Токтогулга атайы барып жолугуп, андан таалим алган. Улуу акын анын өнөрүн жогору баалап, ат мингизген. Барпы Октябрь революциясынан кийин жаш Совет мамлекетин чындоого белсенип катышкан, 1920-жылдарда жарды-жалчы комитеттин төрагасы, Чангент айыл Кеңешинин төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1930-жылы анын бир тууган агасы Болотту басмачылар өлтүрүп кетишкен. Андан соң өзү да ооруп, көзү көрбөй калган. Тагдыр акынды аеосуз жазалаган. Бир гана кызы аман калып, 23 перзентин жерге берген. Акын майышкан, бирок сынган жок. Азиздигине, колунан бирөө жетелеп жүргөнүнө карабай Улуу Ата Мекендик согушта мекенди коргоо үчүн жөнөп жаткан жоокерлерди темир жол вокзалынан ырдап, «Аман барып, кан ичер душманды жеңип келгиле, Манас атаңардын арбагы колдосун!» – деп ак батасын берип узатып турган.

**2. Ырдын жаралышы.** Атасы Алыкул Шаамурза уулу үчүн 9 баланы багуу кыйын эле. Ошол себептүү Барпыны 8 жашынан малайлыкка берди. Бала колдон-колго өттү. Назарбайдан Калматка, андан Мадалы ажыга, кайрадан Назарбайга. Эч кимиси ырайым кылган жок. Баары залим, ач көз, таш боор, алдамчы. Байлыктын артынан эт-бетинен кулагандар. Чычкандай баланы жумшай берди, жумшай берди. Бакканы – мал, алганы – отун, жакканы – от, укканы – заар тил, жаткан жери – саманкана, бүрүшүп иттерден орун талашат. Ушундай оор азаптардан кийин, он бир жашында Барпы көз оорулуу болот. Бир көзүнө ак түшөт. Анан жашоодон аша кечип, өлгүсү келет. Сөөккө өткөн кордуктан кутулуунун ушул гана жолу калгандай. Түбөлүк кыймылсыздыкка, ың-жыңсыз тунгуюкка кетсе, бардык азаптан кутулчудай.

Жок, Барпы өлгөн жок. Күндөрдүн биринде анын оюн өзгөрткөн бир укмуш болду! Чалкасынан жаткан. Асманда түрмөктөлгөн булуттар каалгып баратат... Бала көзүнүн жашын сүрттү да, булуттарды карап кыйкырды. Кандайдыр жеңилдене түшкөнүн байкады. Кыйкырып-кыйкырып алганда, бугу тарап, азаптары унутулуп, көңүлү ачылганын айт. Демек, кыйкырып-кыйкырып ырдаса болот турбайбы. Кандайдыр сөздөр уйкашуу менен куюлушкан ыргак пайда болорун туйду. Кызык, анын эми өлгүсү келген жок. Башкача бир турмуш башталды!

Дагы бир күнү мындай окуя болду. Назарбайдан акысына алган бир кара башыл эчкиси бар эле. Ал Барпы кайтарган кой менен кошо жайытта болчу. Чарчаган бала көзү илинип кетет. Ошол маалда койго карышкыр тиет. Кашабандын тишине дыркырап үрккөн миң койдун бири да урунбай, баягы акыга алган эчки илинет. Ошондо ушул кырсыкка жаны ачып, жини шакардай кайнаган Барпы бөрүгө болгон каргышын ыр менен айтат. Маани да, уйкаштык да өзү эле куюлуп келе берет, келе берет... Ошол ошо болду. Ал өзүнүн ырдай аларына ишенди.

Көрсө, өзүндө бугуп жаткан табигый шык, жөндөм бар экен да. Толкунданып, же бир нерсеге кабатыр болгондо, ошол шыктын капкагы шарт ачылып, уйкаштык, ыргактуу маани төгүлө берет, төгүлө берет тура. Ошентип, Барпы өзүн өзү капыстан ачат. Бүт ынтаасы менен ыр чыгарууга берилди. Ыр букту таратып, көңүлдү гана көтөрбөстөн, койчу-колондордун арасында барк көтөргөн да касиети бар экен.

Алардын Барпыны ырдатып уккусу келгенин, уккандар кубанычка батып, сүрөп турганын айт. Ошентип, ыр өлүмдү сүрүп чыгарды. Жашоо деген кызык, сонун тура! Күндөрдүн биринде малайынын ырчылыгын кулагы чалып калган, азыраак жамакчылык жайы бар Назарбай Барпыны беттеп, жектеп, кордоп ырдап жиберди. Бала да жалтанган жок. Тилин да тартпады. «Кыйналып жүрүп өлбөсөм, кегимди сенден аламын»,– деп орой көзү чарай айтып салды.

Жинденген Назарбай ырдан алдырып койгонуна өчөштү, баланын мойнуна жумушту күргүштөтө үйдү. Демин суутуп, эмитен мокотуп салбаса, көксөөсү жанбай тургандай. Эми бала ырчы эмне кылат? «Ырдоо керек!» Барпы бир күнү өзү кайтарган байдын малын айдап жиберди да Мака-Торпок деген айылдагы таякелерине качып кетти.

**3. Эшекке жабуу жапкандай.** Барпы бала ырчы атыгып, эл арасында аздыр-көптүр кадыры өсө баштайт. Ырчылык жаман эмес, анча-мынча тапканы да болот тура. Бир жыйынга барса, ал жерде эл көзүнө көрүнүп калган Ташмат, Нышан, Сыдык, Карамурза, Кара Жолдош, Көр Жолдош деген ырчылар бар экен. Алардын арасында быжыгыр сакалдуу, бетинде чаары бар Карамурза деген Барпынын музоосунда сүзүп, топко экинчи келгис кылып салгысы келет да, баланы беттеп ырдап калат. «Тексиз, жугундучусуң» дейт. Барпынын кызыл кемсел кийип турганын көрүп, «кызсың» дейт. Бала ырчы сүздүргөн жок. Кайра: «Кишини кийимге карап баалоо – наадандык. Табылган кийимди кийүү айып эмес» – деп акылдуу нуска айта келип, анан Карамурзаны сөздүн чогуна кактады.

...Эшекке жабуу жапкандай,
Итке тумар таккандай.
Журтта калган кашыктай,
Ит мүлжүгөн ашыктай.
Кара чаар Мурзага
Кандай кийим жарашат?..

Күлкү! Каткырык! Жеңилген Карамурза атын моюнга бир чаап, жыйындан чыгып кетти.

**4. Ат менен тондун кызыгы.** Базаркоргон тараптагы бир чоң тойдо Барпы Сыдык деген ырчыны айтышта жеңет. Ошондо болуштукту талашып жүргөн Семетей найып өзүнө каршы тараптын ырчысынын жеңилгенин угуп, Барпыга абдан ыраазы болот. Үйүнө ээрчитип келип, акынга үстүнө тон жаап, астына ат мингизет. Анан аял алып берди. Тартышчылыкта жашаган кишиге мындан артык сый-сыпат, урмат болобу! Сүйүнгөн Барпы Семетей найыпты даңктап «Беш бала мактоо» деген ыр чыгарып салды. Ошентип, күндөрдүн биринде бай акынга жыландын башын кылтыйтат: «Башка ырларыңды токтот, бизди гана макта. Туз уруп кетет!» Барпы эми мурункудай элди кыдырып ырдай албай калды. Билинбей отуруп, аркандалып калганын туйду. Эми эмне кылуу керек? «Качуу керек!» Бир түнү үйүн да, атын да, аялын да таштап Барпы качып кетти! *(Же Семетей найыптын айтканына моюн сунуп, оокат-тиричилигин өткөрө бергени оңдуу беле?)*

**5. Ыр азабы.** Күндөрдүн биринде Чангент кыштагына эшен келет. Аны көпчүлүк төбөсүнө көтөрүп күтүп алат. Ага келип кол берип, таазим кылгандар көбөйөт. Ошондо анын чачпагын көтөрүп жүргөн сопу, молдолор чогулуп алып, эшенге минтип айтышат: «Айлыбызда Барпы деген кайырдин ырчы бар. Ал баарыбызды шерменде кылып бүттү. Сөксө тил, урса келтек өтпөйт ага. Ошого бир сыр көрсөтүп коюнуз, жини кагылып калсын!» Эшен макул болот. Барпыны чакырып келишет. Эшен диний санжырадан кеп чубайт. Жүрөк түшүрө тургандай тозоктун оор жазасын, укмуштай кыйноолорду көзгө көрүнө тургандай таасирдүү, элестүү жана ишенимдүү түрдө айтат. Угуп отургандар жакасын кармап: «Кудай, күнөөмдү кечире көр» деп, ичтен келмесин кайрып отурушат. Анан сөз аяктаганда, Барпы ырдап кое берет. Бир топ нерсени айта келип, акын:

Алдап-соолап пайданы,
Байдан көрдүң, эшеним.
Өзүң өлбөй тозокту
Кайдан көрдүң, эшеним,–дейт.

Чагылгандай каарып түшкөн сөз күчүнөн мууну калчылдап-титиреген эшен: «Каапырды жоготкула!» деп кыйкырат. Ооба, ал үйдөн Барпыны кууп чыгышат. Бул окуяны угуп калган Дыйкан болуш айылдын урматтуу мейманына тил кайрыган адепсизди жазаламай болот. Барпыны айдатып келип, 500 сом айып салат. Акын эмнесин бермек эле. Ошондо Дыйкан төрт казыкты төрт жерге кактырып, анан ошого Барпынын колу-бутун төрт тарапка кердирип коюп, камчы менен сабатат. Дагы жакшы, Барпынын бир тууганы Болот чаап барып, тууган-туушкандарына «Жаман да болсо тууган го, өлүмдөн арачалап калалык» деп кабарлап, элден акча чогултуп келип, аны болушка берип, Барпыны куткарып кетет.

**6. «Өзүмдүн ырчым».** Барпы акын өмүрүндө алтымышка жакын ырчы менен айтышкан. Алардын арасында Жеңижок, Токтогул, Бекназар, Калмурза, Нышан, Карамурза, Сыдык, Ботобай, Нурмолдо деген акындар болгон. Булардын ичинен Токтогулду, Бекназарды, Нышанды устаты катары эсептеген. Айтышка чыккандыгына байланыштуу Барпы өзү минтип айтчу экен: «Эң биринчи мени менен айтышчу «Өзүмдүн ырчым» болгон. «Өзүмдүн ырчым» дегенимдин мааниси мындай – мен жаш кезимде өзүмдү айтышка даярдап, үйдөн алыс ээн коктуга барып, куурайдан адам кебетелентип каракчы кылып алып, ага баланча ырчы деп ат коюп, алым сабак айтышып, анын атынан да, өзүмдүн атыман да ырдап машыкканмын. «Ырчым» да мага бош келбей, мен да ага бош барбай, кыскасы, көпкө чейин кармашып жүрдүм. Акыры «Ырчымды» жеңе баштадым. Эми ырчылар менен айтышсам боло берет деп чечтим. Ошентип, ырчылар менен бет келишип айтышканга чейин өзүмдү машыктырып жүргөмүн. Эгер мен ошол «Ырчымдан» жеңилген болсом, айтышка чыкпаган болор элем. Мен аны жеңе баштаган соң, өзүмө өзүм ишенип калдым» *(Жолболду Төрөкан уулунун эскерүүсүнөн)*.

**7. Түмөнбай досуна айтканы.** «Досум, мен карып баратам. Өбөк болор бала жок. Менден калары – ыр. Ыр менин канымдан пайда болгон перзентим. Көзүм көрбөйт, бирок көкүрөгүм соо. Кудай салган

караңгы түндүн ичинен Күндү издейм. Эми сен ырларымды жаз, мугалимдериңе жаздыр, окуучуларың кол кабыш кылсын».

**8. Барпы мунарасынын бийиктиги.**

I. ... «Токтолуу деген болбойт эле. Кайсы жакка бурса, ошол жаака шаркырап ага берчү» *(Кызы Парпиева Бурул).*

II. ... «Улуу Барпы акындын керемет ыр саптарына үңүлгөн сайын, менин эсиме Чыгыштын ар кайсы доордо жашап өткөн **Омар Хайям, Хафиз, Жами** сыяктуулары түшө берет. Барпы булардын бири менен да замандаш эмес экенине, алардын акындык мурастары менен деле (аттарын, балким, эшиткендир) бейкабар экенине карабастан, ошолордун адабий **олимпине** чейин кантип көтөрүлгөнүнө таң кала берем. *(Жунай Мавлянов, жазуучу.)*

III. ... «Акындын тили метафоралуулугу, сырга бай, ойго тереңдиги менен гана эмес, эбегейсиз мукамдыгы, шириндиги менен да айырмаланып турат. Ал тилдин бүткүл мукамын, ыргагын кармап калууга, ар бир сапка нукура музыкага айлана турган гана сөздөрдү шурудай тизе билүүгө өтө устат» *(Кусейин Карасаев, тил илиминин мудариси).*

IV. ... «кыргыз адабиятынын **классиги**, булбул таңшык ырчы...» *(Темиркул Үмөталиев, акын).*

V. ... «Көпчүлүк арасында Барпы күлүк аттын башын коё берген сымал ырды төгүп жибере турган» *(Төлөн Шамшиев, акын).*

VI. ... «Барпы акынга акындык кудуретти жаратылыш үч эсе энчилегенин көрөбүз. «Өзүңдү жакыр эттим. Көзүңдү азиз эттим. Анын өктөсүнө көркөм сөз каухарын этегиңе толтура төктүм. Аларды кандай кынаптап, кандай көрктөсөң өз эркиң, азиз булбул!» дегени байкалат жаратылыштын» *(Түгөлбай Сыдыкбеков, жазуучу).*

VII. ... «ошол «көр» Барпынын зор талантына өткүр сезгичтиги, терең зиректиги эриш-аркак келип, жөн көз көрбөстү көрүп, жөн кулак эшитпести эшиткендиги кишини, кишидеги мөлтүр махабатты, өмүр, өлүм, болмушту, жан-жаныбарды, дүйнөнү, тагдырларды, жер-сууну, шамалды, отту, Күндү, ааламды таамай көрүп, так сүрөттөп ырдоого дүрмөт берди» *(Түгөлбай Сыдыкбеков).*

VIII. ... «Жылдар өткөн сайын Барпы мунарасынын ажары ачылат» *(Түгөлбай Сыдыкбеков).*

IX. ... «Мен Барпынын ырын бир нече жолу уктум. Ал суу кошпой ырдаган төкмө эле» *(Аалы Токомбаев, акын, жазуучу).*

X. ... «Дегинкиси аялзатынын асылзаадалыгын, ички жана сырткы сулуулугун, адеп-актык жактан өзгөчө бийик турган тазалыгын, жакшы адамгерчилик сапаттарын, улуу шарапаттын көкөлөтүп ырдоо жагынан Барпынын алдына чыга турган кыргыз акынын табуу кыйын. Бул жерде ал Хафиздин катарында турат. Бул жерде эч апыртуу жок, тарых өзү көтөрүп чыкчу жыланач чындык гана айтылып жатат» *(Кадыркул Даутов, сынчы).*



XI. ... «кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада өткөн (1958-жылы) он күндүгүнүн учурунда орус жолдоштор Барпынын чыгармаларын жогору баалап, аны кыргыздын **Некрасову, Беранжеси** деп аташты... Барпы өлбөс-өчпөс ырларды жараткан. Ошондуктан ал өлбөс акын» *(Мухтар Борбугулов, адабиятчы).*

XII. ... «Барпы дайым эл тарабында болуп, дайыма эл таламын жактап ырдоо менен катар, бай-манаптарды, эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн кылмыштарын аябай ашкерелеп, аларды катуу сынга алган» *(Жаки Таштемиров, Барпынын чыгармачылыгына алгач изилдөө жүргүзгөн илимпоз).*

XIII. ... «Акындын кайсыл гана чыгармасын албайлы, андан көзү өткөн атактуу ырчылардын, замандаштарынын, биринчи кезекте Токтогул, Женижок, Тоголок Молдо өңдүү чоң таланттардын, ошондой эле Чыгыштын классикалык поэзиясынын, бүтүндөй доордун жандуу жаңырыгы, даана басылган мөөрү сезилип турат». *(Кадырбек Матиев, философ).*

XIV. ... «Барпы бу баш-аягына адамдын акылы жетпеген ааламды, нурун чачкан Күндү, аягы жок, башы жок шамалды, жердин жети кабат түбүнөн атып чыккан сууну, айры бут пенде баласынын каш-кабагынын ортосунда жүргөн ажалды, адамды адам кылып бийикке оболоткон улуу сезимди ж.б. ырга кошуп, түбөлүктүү суроолордун айланасында ой жүгүртөт. Адам оюнун ушунчалык тереңдиги, учкулдугу, улуулугу Барпынын чыгармаларында өзгөчө бир көркөмдүк менен чагылдырылган...» *(Бекташ Шамшиев, окумуштуу).*

XV. ... «Барпы ырдаганда акырын, салмактуу баштап, анан үнүн бийиктетип, обдулуп алчу, кызыганда белин таянып ордунан тура калганын өзү да билбей калчу. Өмүрүндө колуна комуз кармаган жан эмес. Анык төкмө эле. Көл-шал болуп тердеп, улам жоолугу менен бетин сүртүп коюп, шаңшый берчү. Угуп отургандар бирде мемиреп, бирде толкуп...

...Угуучуларды бирде алтынчы асманга алып чыкса, бирде жетинчи жердин алдындагы окуяларга дуушар кылчу... Эл жакасын кармап, алда кандай башка бир ааламда жүргөнсүп, реалдуу турмушту кээде байкабай да калар эле» *(Түмөнбай Байзаков, акын, ал Барпы менен дос болгон, көп ырларын жазып алган, 1970-жылы Барпынын бир томдук жыйнагын түзгөн).*

XVI. ... «Барпынын көкүрөгүндө уру бар болчу. Оң эмчегинин тушунда эле. Барпы өзү алды ачык жегде кийип жүрчү. Ырдаган кезинде уру көөп, орточо алмадай болуп чыңалып чыкчу. Ырды акырын арым менен баштап, улам катуулап, улам арымын жогорулатып, кийин оозуна келип турган ыр тизмектерин айтууга жетише албай шашылып, демиккенсип кетер эле. Ыр күүсүнө күүлөнүп, отурган жеринен тизелей калып, эки колу менен жер таянып ырдай баштачу. Барпы көкүрөгүндөгү уруна

толгон демди ыр менен чыгарууга үлгүрө албай демигип бара жаткансып кетер эле. Жорго сыңары ырга абдан күүлөнгөндө, тизелеген жеринен тура калып, басып кетип ырдар эле» *(Жолболду Төрөкан уулу, Сузактагы Маркай кыштагынын тургуну).* (Баса, ур – бул сырткa томпоюп чыгып турган жаш баланын муштумундай шишик. Кийин табып Барпынын өтүнүчү боюнча аны жарган, ичинен кан эмес, же зил эмес, түсү алтын сымал жалтыраган суюктук чыккан. Кийин ошол урдун орду калга окшоп кара дак болуп бүткөн. Ушул урга байланыштуу эл арасында улама көп айтылып калган. Кыскача мааниси мындай: «ур анын денесиндеги ыйык касиет, ал акынга дем берип, көкүрөгүнө ыр толтуруп турган, урду алдыргандан кийин ал мурдагыдай төгүп ырдай албай калган, ошондо «мен ушинтип калдымбы?» деп ыйлап да жиберчү экен...).

**9. От жана адам.**

**I. От – теңир**

«Барпынын чечмелөөсүндө «Жалындуу Күн, жаркын От – жылуулуктун теңири». От – жердеги кичинекей Күн. От дүйнөгө аккан суу менен Күндөй эле табигый зарыл нерсе. Ал жашоонун бардык чөлкөмү менен байланышкан, анда бүт тиричилик бар. Жада калса, мылтык да отсуз атылбайт. От жалпы эле жарык дүйнө: өмүр да, улуулук да, сулуулук да, арлуулук да, сүйүү да. От менен турмуш жанданып, толук көркүндө алга жадырап-жайнап шандуу жылат. Ушул себептүү «От бар жерде түн болбойт, оту өчкөндүн үйүндө ооз ачкан үн болбойт». Ансыз дүйнөнүн куну качат, маанайы пас, түсү күңүрт. Ал суудан да, буудан да, чуудан да, туудан да чыкпайт. Тек гана «Булутка булут жабышса, булутка булут кагышса, жарк-журк этет чагылган. Опурталдуу болсо да, От ошондон табылган», кадыресе табигаттын кубулушу, реалдуу чындыгы. Улуу ырчы жаккан улуу Оттун айырмасы менен баа-баркы ушунда» *(К. Даутов).*

**II. Аалам агымындагы адам**

«Барпы бул дүйнөнүн борборуна «Аалам менен төрөлүп, Аалам менен бирге өткөн» Адамды коет. Анын улуулугу ушунчалык: «Адамды кудай таанибай, адам тааныйт Кудайды». Ошондуктан ал дүйнөнүн бирден-бир ээси, түркүн өнөр тапкы түзүүчү, өзгөртүүчү. Адам баарын пайдаланат: асманда нурун чачып, бүткүл жашоо-тиричиликти жүргүзүп турган Күн да, айкөл Жер да, өмүр азыгы Суу да, аягы жок, башы жок Шамал да, «арлуулуктан шам жаккан алоолонгон От» да киши кызматында болот; адам аларды жашоо ыңгайына карата пайдаланат, керектөөсүнө карата жумшайт, өмүр-турмушун ошолор менен өткөрөт. Адам дүйнө менен адам, дүйнө адам менен толук, көрк-келбеттүү. Алар бири-бирине муктаж, бөлүнбөйт. «Агымы менен ааламдын адам гана бирге агат». Барпыга дейре бир да ырчы, бир да жазгыч



акын адам темасын бул деңгээлге чейин көтөрө ырдай алган эмес. Анын улуулугунун бир белгиси ушунда» *(К. Даутов).*

**Тапшырмалар**

Улуу жана залкар акын Барпынын өмүрүнөн сага тогуз шиңгил тартууланды. Алар: 1. Кыскача өмүрү. 2. Ырдын жаралышы. 3. Эшекке жабуу жапкандай. 4. Ат менен тондун кызыгы. 5. Ыр азабы. 6. «Өзүмдүн ырчым». 7. Түмөнбай досуна айтканы. 8. Барпы мунарасынын бийиктиги (16 бөлүк). 9. От жана адам. Кыргыз элинде байыртан келаткан салт бар, ал тогуз айып бул жазалоо, тогуз тартуу – бул сыйлык. Маселен, Жаныбек деген кан Буудайык үчүн Кара Төлөк саятчыга сыйлык катары төрт түлүктөн тогуздап мал берген. Сага да тогуз тапшырма берилди. Билсең – тартуу, билбесең –айып.

Айыпка жыгылбаш үчүн тогуз тапшырманын ар бирин өзүнчө оку, бирок бирин толук билгенден кийин гана экинчисине өт. Тапшырмалардын ичинен эң оору жана кыйыны – 8, 9. Мындагы 8-тапшырма 16 тепкичтен турат. 16 тепкичтин ар биринде сага арналган бирден гүлдесте бар. 1-тепкичте гүлдестени Барпы акындын кызы Бурул сунса, 16-тепкичте сузактык карыя Жолболду даярдаган гүл бар. Демек, сага көптөгөн жазуучулар, окумуштуулар кызмат кылат.

Албетте, гүлдесте дегенден тестеленген билимди түшүнөрүңө күмөн санабайм. Ал эми 9-тапшырма кыргыз элинин таланттуу сынчысы К. Даутовдон алынды. Бул окумуштуучалык Барпыны эч ким жалпы журтчулукка түшүндүрүп бере элек. К. Даутов «чыныга куйган балга малынган чымын» сыяктуу Барпынын поэзиясына түшүп кетет да, андан кана татып, анан балдай ширин сын, изилдөө жаратат. Сен да андан татып көр, окуучум. От жана адам жөнүндөгү Барпынын ырларынын маани-маңызын сынчынын көзү менен көрүп, сөзү менен сүйлөөгө мүмкүнчүлүк аласың.

**Айрым сөздөргө түшүндүрмө**

**жегде** – эркектин сырткы көйнөгү; жакасыз тигилет

**классик** – илимдин, адабияттын, искусствосун өзгөчө белгилүү, таанымал, үлгүлүү ишмери.

**шедевр** – искусствонун, адабияттын эң мыкты ийгилиги болуп саналган, өзгөчө артыкчылыгы, жеткире иштелгендиги менен айырмаланган эң көрүнүктүү чыгарма.

**метафора** – бир нерсени, көрүнүштү, башка бир окшош же жакын нерсе, көрүнүш менен атоо; мисалы: тоосу – сепил, мында тоонун бийиктиги сепил менен берилүүдө.

**философия** – жаратылыштын, адам коомунун жана ойлоонун өнүгүшүнүн жалпы мыйзамдары жөнүндөгү илим.

**Беранже** (1780–1857) – француз акыны, азатчыл идеяларды даназалаган.

**Жами** (1414–1492) – перс, тажик философу, акын, музыка изилдөөчү.

**Некрасов Н. А.** (1821–1877) – орус акыны, «Россияда кимдер жыргайт?» деген атактуу поэманын автору.

**Омар Хайям** (1048–1122) – перс, тажик акыны, философ, математик, ал дүйнөгө акын катары рубаилери (төрт саптар) менен таанылган.

**Хафиз** (1325 –1389) – перс акыны, лирикалары дүйнөнүн көп тилдерине которулган.

**термоядролук реакция** – жеңил атом ядролорунун өтө жогорку температурада оор ядролорго биригүү реакциялары, ал жылдыздардагы энергиянын булагы.

**Олимп** – Грециядагы бийик тоо (бийиктиги 2911 метр). Байыркы грек мифологиясында ага кудайлар келип-кетип турушкан.

**адабий олимп** – адабий чыгармачылыктын бийиктиги (же «туу чокусу» десе да болот).

## АЙТ, АЙТ ДЕСЕ

Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт...
...Жылуу сөздөн тилдөө көп,
Күлгөнүнөн ыйлоо көп.
Алуу эмес, берүү көп,
Ар азапты көрүү көп,
Калктын ичин бөлүү көп,
Көпчүлүктү сөгүү көп,
Көздүн жашын төгүү көп,
Тирүүлөрдөн өлүү көп.
Көңүлү өспөй чөгүү көп.
...Бирди эмес, жүздү айт,
Берекелүү күздү айт.
Үйүр болуп адамга
Илбесин алган кушту айт.
Азга жылуу, көпкө ызгаар,
Кычыраган кышты айт.
«Кыш чилдеде иште» – деп,
Томаякты желкелеп,
Бай көрсөткөн муштту айт.
...Айт, айт десе, чындыкты айт,
Айлыкты эмес, жылдыкты айт.
Ак пейилдүү адамды
Азгыруучу шумдукту айт.
Ачкалыктын айынан
Ач, жыланач кулдукту айт.
... Айтам десең чындыкты,
Башка кайгы салганды айт.
Өмүр бою эзилип,
Уу тырмакта калганды айт.
Башыңа түшкөн азаптан
Куткаруучу балбанды айт.



* * *

**«Айт, айт десе...».** Мындай ырлар башка ырчыларда да бар. Мисалы, Жеңижок санатты, китепти, тарыхты, сырды, мунду, күчтү, сүрдү, көлдү, төрдү, күлүктү, бүркүттү, «алганды айтпай, бергенди», «душманды жеңип келгенди», устаны, капканчыны, «керилип кетмен чапканды, адал дүйнө тапканды», мергенчини, карыяны ж.б. айтуу керектигин өз алдына максат кылып коет. Ал эми залкар акын Чоңду «Алтынды каткан ташты айтам, акылды каткан башты айтам», «Өзөккө бүткөн дартты айтам, өзүңдөн чыккан жатты айтам» деп эмнени ырдай тургандыгын сабалап, ак жаандай төгүп жүрүп отурат. Барпынын «Айт, айт десе» деген ыры, байкап көрсөң, өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Кыш, куш, күз, жүз жөнүндө учкай эле айтылат да, башкы көңүл, ой чордону алга кадамдаган, ааламда ар өнөр менен жашап жаткан адамга баш ийдирилген. Демек, «Айт, айт десе...» – адамга арналган ыр. Эмне үчүн адамды ырдай тургандыгын да акын жогорку ырдын 5–15, 22–37-саптарында ачык-айкын айткан. Ошентип, акындын **мүдөөсү – адамды, анын ал-абалын, турмушун** ырдоо. Адам баласынын бири күлсө, миңи ыйлагандыгына кабыргасы кайышат. Анан ошол адамды ырларынын өзөгүнө жайгаштырарын максат кылат. Демек, «Айт, айт десе...» – Барпынын программалык маанидеги ыры. Акын өзүнүн алдына койгон мындай милдет-озуйпасын эң сонун аткарган. Анын чыгармаларында түркүн адамдар: Мөлмөл баштаган аруу кыздар, болор жигит менен болбос жигит, аялдын жакшы-жаманы, жакшы кыз, кишидеги баатырдык, марттык сапаттар, бузуктук, ушакчылык, желөпкө, келесоо жандар ж.б. чагылдырылган.

### Суроолор

1. «Ак пейилдүү адамды азгыруучу шумдукту айт», – дейт Барпы акын. Бул адамды азгыруучу шумдук эмне? Аракпы, баңги затпы, эмгекпи, уурулукпу, арзуу сезимби, дүнүйөбү, билимби, зордукчулукпу, акчабы? Өнөрбү, кумарпоздукпу, эрдикпи, талантпы, ач көздүкпү, байлыкпы? Кайсынысы азгыргыч? Ар бирине далилдүү пикир айтуу керек.
2. «Өмүр бою эзилип уу тырмакта калганды айт» – мында уу тырмак ким?
3. «Ачкалыктын айынан ач, жыланач кулдукту айт». Буга кандай түшүнөсүң? Бүгүнкү проблемалар менен байланыштыр.

## ЫНТЫМАК

Ынтымагы бар элдин
Таалайы, багы ачылат.
Ынтымагы жок элдин
Тапканы бекер чачылат.
Ынтымагы бар элдин

Эли чогуу жыйылат.
Ынтымагы жок элдин
Эли качып суюлат.
Ынтымагы бар элдин
Кары, жашы тоюнат.
Ынтымагы жок элдин
Кара көзү оюлат.
Ынтымагы бар элдин
Калага карды ток болот.
Ынтымагы жок элдин
Бириге бири октолот.
Ынтымагы бар элдин
Дүркүрөп өсөт балдары.
Ынтымагы жок элдин
Сөзүнөн чыгат жалганы.
Ынтымагы бар элдин
Адил болот улугу.
Ынтымагы жок элдин
Ичинен чыгат бузугу.
Ынтымагы бар элдин
Кеңеш берет карысы.
Ынтымагы жок элдин
Тозуп качат баарысы.
Ынтымагы бар элдин
Катар конот айылы.
Ынтымагы жок элдин
Эч билинбейт дайыны.
Ынтымагы бар элдин
Жарып сүйлөйт чечени.
Ынтымагы жок элдин
Жабырап сүйлөйт нечени.
... Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тийген ок болот.
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качып жок болот.
Ынтымактуу биригет,
Ынтымаксыз бүлүнөт.

**Тапшырмалар**

1. Көп чекиттин ордуна кайсы ыр саптарын коюуга болот?

| Ынтымагы бар элдин | Ынтымагы жок элдин |
|---|---|
| 1. Таалайы, багы ачылат | 1. Тапканы бекер чачылат. |
| 2. ... ... ... | 2. ... ... ... |
| 3. ... ... ... | 3. ... ... ... |
| 4–9. ... ... ... | 4–9. ... ... ... |



2. Эки окуучу алым сабак түрүндө окуйт (Комуз менен коштоп, ырдаса да болот).
*Үлгү:* 1-окуучу. Ынтымагы бар элдин
Таалайы, багы ачылат.
2-окуучу. Ынтымагы жок элдин
Тапканы бекер чачылат. (Калганы да ушул өңдүү окулат).

**Суроолор**

1. «Ынтымактуу эл болсо, душманга тийген ок болот, ынтымаксыз эл болсо, дыркырап качып жок болот», – дейт акын. Эмне үчүн?
2. «Ынтымагы бар элдин жарып сүйлөйт чечени. Ынтымагы жок элдин жабырап сүйлөйт нечени» дегенин кандайча түшүнөсүң?
3. «Ынтымагы жок элдин кара көзү оюлат», – дейт. Кара көзү оюлганы кандай? Ким оёт? Кантип? Эмне үчүн?
4. «Ынтымагы бар элдин катар конот айылы», – дейт. Анда азыркы кезде катар көчөлөрдө, кабат үйлөрдө, жанаша жашаган эл өтө ынтымактуу экен да. Же башкачабы?
5. «Ынтымагы бар элдин кеңеш берет карысы». Албетте, бул – элдин эң сонун касиети. Бул жөнүндө пикириңерди айткыла.
6. «Ынтымагы бар элдин адил болот улугу», – дейт акын. Барпынын эшенге каяша кылып ырдаган ырын эстечи («Ыр азабын» кара). Дыйкан болуш бул жерден адилеттүүлүк кылдыбы?

**Кошумча маалыматтар**

I. «Манас» эпосунан алынган осуяттар: 1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги. 2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.
*(Манастын жети осуятынан.)*

II. «Манаста» эмне ыйык? Ата журт ыйык, анын боштондугу ыйык. Алатоонун бүтүндүгү, ак калпактуу журттун биримдиги ыйык. Акыйкаттыкка, актыкка, адилеттүүлүккө негизделген достук ыйык
*(С. Байгазиев)*

III. «Ырыс алды – ынтымак,
Ынтымагын жок болсо,
Алдыңдан таяр алтын так»
*(Калыгул Бай уулу)*

IV. Тилекмат чечендин Калыгулга айтканы: – Кереге ажыраса, көктөлөр. Ээр ажыраса, эптелер. Жер жарылса, сел менен толор. Эл жарылса эмне болор, касиеттүү карыя?
Калыгул олуянын жообу:
– Кулаарды кол токтотот. Ураарды тирөөч токтотот. Ажырагандын ал жээгинен бул жээгине көпүрө өткөрөт. Көпүрөнүн бир устунуна жарайын деген тилек менен келипсиң. Экинчи устунуна мени болуп бер деп келген экенсиң. Экөөбүз эки элди ажыратпай сунулуп калсак, ал өйүзүнөн бул өйүзүнө бекем чубоочу адамдар көбөйөр бекен?
*(К. Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы» романынан.)*

V. Ынтымак болсо калкыңда,
Душманыңдан тартынба
*(Токтогул)*

### ДҮНҮЙӨ

Бир адамды ыйлатып,
Буркураттың, дүнүйө.
Жокко бардан жалынтып,
Пул сураттың, дүнүйө.
Бирдин малын таратып,
Чыркыраттың, дүнүйө.
Бирдин малын бирөөгө
Ширин кылдың, дүнүйө.
Бирге бирди өлтүртүп
Кыйын кылдың, дүнүйө.
Бир адамды кан соргон
Залим кылдың, дүнүйө.
...Бирдин акын бирөөгө
Талаштырдың, дүнүйө.
Сени ээрчиген нечени
Адаштырдың, дүнүйө.
Бир адамга залалды
Анык кылдың, дүнүйө.
Бир неченди мээнеттүү
Карып кылдың, дүнүйө.
Жокчулуктан неченди
Зарыктырдың, дүнүйө.
Кээ бирөөнүн малы көп
Бардам кылдың, дүнүйө.
Барган сайын көбөйтүп
Жардам кылдың, дүнүйө.
... Калтыратып кедейди
Карып кылдың, дүнүйө.
Бутундагы кийгенин
Чарык кылдың, дүнүйө.
... Бир туугандан артыкча
Көрүнөсүң, дүнүйө.
Билинбей өзүң бир күнү
Бөлүнөсүң, дүнүйө.
Келеринде, дүнүйө,
Көл мелтиреп толгондой.
Кетеринде, дүнүйө,
Көзүңдү чукуп, ойгондой.
Келеринде, дүнүйө,
Сууну арыкка бургандай,
Төрүндө жолборс тургандай.
Кетеринде, дүнүйө,
Арыктын суусун тарткандай



Төрүндөн жолборс качкандай.
Келеринде, дүнүйө,
Калыпка күмүш куйгандай,
Кашында чолпон тургандай.
Кетеринде, дүнүйө,
Калыбың жерге сынгандай,
Чолпонуң качып жылгандай.
Келеринде, дүнүйө,
Коктуга коюң толгондой,
Коздоп салган коргондой.
Кетеринде, дүнүйө,
Коюнду бөрү кыргандай,
Коргонуң жалаң тургандай.
Келеринде, дүнүйө,
Күмүштөн дубал ургандай,
Чырагың жанып тургандай.
Кетеринде, дүнүйө,
Дубалың көчүп жылгандай,
Чырагың өчүп сынгандай.

#### Суроолор

1. Ушул ырды маанисине жана түзүлүшүнө карата канча бөлүккө ажыратышка болот? Кайсы жерден? Эмне үчүн?
2. «Бир адамды кан соргон залим кылдың, дүнүйө» дейт акын. Канды кантип сорот?
3. «Бирдин малын бирөөгө ширин кылдың, дүнүйө» дегенди кандайча түшүнөсүң?
4. «Бир неченди мээнеттүү карып кылдың, дүнүйө» дейт. Чындыгында мээнеткеч адам көп иш бүтүрөт, анан анын карып болуп калганы кандай?

#### Тапшырмалар

1. Улуу акын Токтогулдун да «Дүнүйө» деген ыры бар. Ошол ыр менен Барпынын «Дүнүйөсүн» салыштырып көрсөң. Окшоштугу жана окшошпогону кайсы?
2. Токтогулдун «Дүнүйө» деген ырынын этегинде эки көз караш берилген. Аларды кайталап оку жана Барпынын «Дүнүйөсүн» ошол көз караштар менен карап көрсөң.
3. Салыштырып оку.

### ДҮНҮЙӨ
(Жеңижоктон)

Асман, Ай, жылдыз бүткөндө,
Улангансың, дүнүйө.
Жер титиреп бүткөндө,
Куралгансың, дүнүйө.
Он сегиз миң ааламды,

Бир жараттың, дүнүйө,
Кемтиги жок эч жерде,
Куп жараттың, дүнүйө.
Аял менен эркекти
Жуп жараттың, дүнүйө.
Эки беттин албырган
Нурун алдың, дүнүйө.
Атасынан баласын
Мурун алдың, дүнүйө.
Сайдагы жолду карачы:
Сары килем жаптырып,
Сары аркан менен тарттырып,
Санжырга менен тоо өткөн.
Саймалуу калпак кийгенден,
Сайышып жоого киргенден,
Санатсыз эчен эр өткөн.
... Байыстабай бир азга
Өткөнүн көрчү дүйнөнүн.
Артынан жоо кууганcып
Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн.
Бир жалбырттап, бир жерде
Өчкөнүн көрчү дүйнөнүн.
... Күн менен түндү камчылап,
Өтүп жаткан дүнүйө.
Журттан журтка ташынып,
Көчүп жаткан дүнүйө.
... Күндүн нуру сыяктуу
Күйүп турган дүнүйө.
Баласындай алпештеп,
Сүйүп турган дүнүйө.

(Байкасаң, бул дүнүйө Барпынын дүнүйөсүнө окшошпу?)

**4.** Барпы акындын «Дүнүйө» деген ырын көркөм оку. (Элдик обон менен ырдап үйрөнсөң да болот.)

**5.** Ырды 3–4 окуучу алым сабак түрүндө үн кубултуп окугула.

## КӨЗ

Бул көздөн ырлар курап турам өзүм,
Укканга тарых болуп калсын сөзүм.
Канатсыз улуу сууну кечкен көзүм,
Тиктесем алыскыга жеткен көзүм.
Өзүмө бирге бүткөн ынак көзүм,
Түнкүсүн жарык кылган чырак көзүм.
Таң менен ширин жолдош болгон көзүм,
Мандайда жарык нурум – эки көзүм.
Алысты жакын кылган сенсиң, көзүм,
Жаралган алтын жанга теңсиң, көзүм.
Кереxсиң көпчүлүктүн баарына сен,



Көз менен эчен ишти тааныган эл.
Жарык дүйнө мээрбаны сенсиң, көзүм,
Биз менен ажырашпас элсиң, көзүм.
Сен менен таза кийим кийдим өзүм,
Кагылбай тоодо, ташта жүрдүм өзүм:
Көз экен дүнүйөнүн жыргалы да,
Өмүрдүн гүлдөп өсүп турганы да!
Өнөргө көздүн нуру жардам болот,
Өнөр да, көз болбосо кайдан болот?
Алтын көз – чын табият берген белек,
Жаралдың барчабызга бирдей керек!
Дүйнөдө көздөн кымбат эч нерсе жок,
Көзсүздүк, о калайык, билсең тозок.
Көрбөсө эки көзүм кейишим жок...

**Тапшырмалар**

**1.** Барпы көздөн ыр курап турганын, алар укканга тарых болуп айтыларын ырдаптыр. Ошол көзгө баа берип көрчү.

*Үлгү.* 1. Көз, ап канатсыз улуу сууну кечет (3-сап). 2. Көз, тиктесең алыска жетет (4-сап). 3. Көз – бирге бүткөн ынак (5-сап).

(Калганын өз алдынча үлгүгө окшоштуруп иште да, ар бирине баа бер. Маселен, 3-сапта көз канатсыз эле улуу сууну кечип кетет. Кантип? Себеби аркы өйүздү көрүү үчүн суудан кечүүнүн же үстүнөн учуп өтүүнүн кереги жок. Бир көз чаптыруу менен тиктегениңди көрөсүң, көз ошондой керемет.)

**2.** Салыштырып оку:

**Осмонкул:** «Барпы аке
Жарыкты сүйгөн ырчы эле,
Жан бүткөндүн курчу эле.
Анын
Жараткан көзүн алса да,
Жүрөгү көрүп турчу эле».

**Байдылда:** «Томого кийген бүркүттөй,
Той берген жерде шаңшычу.
Көр болгон менен, ыр жактан
Көздүүнү артка калтырчу».

**Эдуардас Межелайтис (Литва акыны):**

«Эки көз
Жылдыздай жер дүйнөгө жаркыраган,
Куш сымак ок жаңылып алсыраган,
Жашырып карегине кайгы-зарын,
Бир кезде кирпик какпай калтыраган...
Эки көз
Нан сурап ачарчылык жылдарында,
Жалдырап жан талашкан, муңга толгон.
Эки көз эки кызып туудай болгон.
Эки көз

Эки октой –
Жүрөгүн жат душмандын жара аткан...
Эки көз –
Шалдырап эки булак агат чөлдө...
Эки көз каш астында жалт-жулт этет,
Булактай бак түбүнөн аккан тунук...»

### ДААНЫШМАН АКЫН

«Барпынын поэзиясына көп жактуу маани, мазмундук терендик, өзгөчө көркөм күч берип, ырчынын бой-келбетин башкалардын фонунда айырмалуу кылып көрсөтүп турган бир артыкчылык сапат – анын философиялык ыр түрмөктөрүндө жатат. Бул жанрды акын өмүрү өткөнчө кастарлап сүйгөн, бир талант ышкы, ойчулдук жөндөмү менен күчөп өнүктүргөн. Даанышман нускасы Барпынын окуп же угуп, бирөөлөрдү ээрчип үйрөнүп алган билими эмес.Чыгармачылык машыгуу ыкмалары да эмес. Жалаң турмуштук тажрыйбасы да эмес. Ал акындын нукура табигый стихиясы болгон. Мындан тагыраак айтсак, Барпы энеден ырчы болуп төрөлгөндөй эле, акылман да болуп төрөлгөн адам. Сөз ойчул акындын «Айт, айт десе...», «Күн», «Жер», «Аккан суу», «Шамал», «От», «Адам», «Ажал», «Болбойт», «Санат», «Дүнүйө» «Ала-Тоо көркко келбейт, эл болбосо» ж.б. шедеврлери жөнүндө баратат»,– дейт акындын ырларын уучуна бириктире кармап, аларга саресеп салып изилдеген илимпоз К. Даутов. Демек, улуу акын көргөн, билген, туйган, сезген, байкаган кубулуштарын Барпыча гана түшүнгөн, анын чоң даанышман экендиги ушунда. Айталы, баарын тескеп, башкача ойлоого жылчык калтырбай бүтөп, ар бир кадамды, аракетти, ийгиликти да кудай тааланын аркасы менен далилдеп, беш убак намаз ыйгарып, ушунун баарын пендеден талап кылып турган кубаттуу диний таасирге да акын берилбеген. Ооба, дүйнөнү терендеп көрө алган, анын ар түркүн кубулуштарын көкүрөгүндө калчап, сезген, туйган нерсесин кайра ошондой табигый түрүндө айта алган акылман гана ушинте алат.

Өзүнүн карандай акылынын күчү менен жаратылыш жана анын кубулуштары жөнүндө шедеврлерди жаратышы анын кемчилигиби же артыкчылыгыбы? Анда төмөнкү ырга көңүл бөл.

### КҮН

Угуп турган, калайык,
Күн – өмүрдүн азыгы.
Күндү кошуп ырдаган
Акын Барпы ашыгы.
...Күндүн нуру белгилүү.



Күчтүү оттон жаралган.
Күн кубаты бардыктан,
Адамга кан таралган.
...Жамгырды, сууну жараткан,
Чыккан күндүн жарыгы.
Жамгыр, суудан жанданат,
Өсүмдүктүн тамыры.
...Күндүн нуру болбосо,
Дарак өсүп бүрдөнбөйт,
Тоо жашарып түрдөнбөйт.
Күндүн нуру болбосо,
Чынар өсүп шактабайт,
Дыйкандар буудай каптабайт.
... Бардыгына Күн себеп,
Чыгыш жактан Батышка
Жүрүп турган – чыккан Күн.
Жарык нуру дүйнөгө
Тийип турган – чыккан Күн.
Суукту айдап, ысытып,
Сунган боюн кызытып.
Күйүп турган – чыккан Күн.
Карыны да, жашты да
Нуру менен кучактап,
Сүйүп турган – чыккан Күн.
...Кыбыраган жандарга,
Ал киргизген – чыккан Күн.
Арык малды семиртип,
Кан киргизген – чыккан Күн.

Адам менен айбанга,
Өмүрү жок жайларга,
Жан киргизген – чыккан Күн.
... Чыккан Күн менин күнөсүм,
Чыкыроонду сүрөсүң.
Эртең менен болгондо,
Тоо башынан күлөсүң.
Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң.
Миң-миндеген кылымга
Жалгыз өзүң күбөсүң.
Замандар өттү, сен калдың,
Адамдар өттү, сен калдың.
Өлбөстүккө ашкере
Түркүксүңбү бир өзүң?

... Калар бекен калкыма,
Азбы, көппү ырларым.
Канат кылып өзүнө
Карыбас Күндүн нурларын.

### Суроолор

1. «Күн кубаты бардыктан адамга кан таралган. Жамгырды, сууну жараткан чыккан Күндүн жарыгы» деген ыр саптарын чечмелеп, маанисин айтып көрсөң?

2. «Күндүн нуру болбосо», демек, дайыма түн болсо, жашоо-тиричиликти элестетип көрчү?..

3. Чыккан Күндүн кандай сапаттары бар экен? Мисалы, дарак өсүп бүрдөбөйт... (дагы тексттеги тогуз сапатын аныктап айтып бер).

4. Күн күчтүү отпу?

### Тапшырмалар

**1. Сүрөттөп жаз.**

Сен таянар ыр саптары: «Эртең менен болгондо
Тоо башынан күлөсүң.
Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң».

**2. Эсиңе тут.**

«Миң-миңдеген кылымга жалгыз өзүң күбөсүң. Замандар өттү, сен калдың, адамдар өттү, сен калдың. Өлбөстүккө ашкере, түркүксүңбү бир өзүң?

Бардыгына Күн себеп,
Бардыгына Күн керек.
Эртең менен болгондо,
Тоо башынан күлөсүң.
Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң.
Калар бекен калкыма,
Азбы, көппү ырларым.
Канат кылып өзүнө
Карыбас Күндүн нурларын.

**3. Салыштырып оку.**

Барпынын «Күн» деген ыры менен бул пикирлер кандайча байланышкан?

1. «Барпынын ой жүгүртүп чечмелөөсүндө Күн – Жердин өзүнөн баштап, адамга чейин, өсүмдүктөрдөн баштап, жамгыр, сууга чейин бардык болгон жашоо-тиричиликтин өмүр азыгы, бардыгы жашоосун Күндөн алат, алардын өмүр сүрүү тагдыры Күндө. Жаратылыштагы ар кандай кубулуштардын болушу да, алардын бир абалдан экинчи абалга өтүп турушу да Күндөн, Күн – бүт ааламдын борбору, ал түбөлүк кыймылда, өзү да түбөлүккө карыбайт» *(К. Даутов)*.

2. «Революцияга чейинки элде физикалык терминдер белгисиз болгондуктан, Күндү, «күчтүү от» менен салыштырган: ... Акындын бул түшүнүктөрүнүн, ой жүгүртүүлөрүнүн тууралыгын кийинки астрофизикалык ачылыштар менен да далилденип отурат (Күндүн өзүндө тынымсыз термоядролук реакция жүрүп турат, б.а., секундасына 564 000 000 тонна суутектин ордуна 560 000 000 тонна гелий пайда болот, ал эми жетишилбеген 40 000 000 тоннага жакын масса күндүн энергиясына айланып, бүт ааламга тарайт). Адамдар пайдаланып жаткан энергиялардын дээрлик бардыгынын булагы Күн болуп саналат. Күндүн энергиясынын эсебинен Жердеги жылдык орточо температура он беш градуска чейин барат. Жердеги бардык тиричилик – өсүмдүктөрдүн жана жан-жаныбарлардын тиричилиги – Күнгө көз каранды. Мына ушул илимдеги ачылыштарды ойчул акын туура баамдай алган. Акын жердин бети күндүн нурлары менен бир калыпта ысыбагандыктын натыйжасында шамалдар, бороон-чапкындар пайда болорун түшүнгөн» *(А. Байбосунов, философ)*.

**4. Билип ал.**

Күн – шар формасындагы өтө ысык плазма (жалпы заряды нөлгө барабар болгон, оң жана терс заряддалган бөлүкчөлөрдөн турган газ) абалындагы асман телосу. Жерге өтө жакын жана башка жылдыздарга караганда толугураак изилденген орточо өлчөмдөгү жылдыз, Күндүн диаметри 1 391 000 км, Жердин диаметрине караганда 109 эсе чоң. Күндүн бетинин температурасы 5785 К (К–Кельвин, температура бирдиги) борборунда 10–15 млн градуска жетет. Жерден Күнгө чейинки аралык болжол менен 149, 5 млн км.

Күн системасындагы борбордук тело – Күн. Анын массасы Күн системасындагы бардык телолордун массасынан 750 эсе артык. Күн Галактиканын жылдыздар системасын түзө турган жылдыздардын бири жана Күн системасындагы бардык телолор менен бирге Галактика менен кошо айланат.

Күн системасына кирген планеталар: Меркурий, Чолпон, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон.

**5. Төмөндө эки өспүрүм Күн, Кудай, Жер, жашоо-тиричилик боюнча өз-пикирлерин ортого салат. Ошого жараша сенин пикириң кандай?**

1-окуучу. Ошол Барпы акын айтып жаткан Күндү да кудай таала жараткан. Кудайдын буйругусуз кумурсканын да буту сынбайт. Ошондуктан баарыбыз «Буйруса», «Кудай буйруса» деп айтабыз. Күндү жердеги жан-жаныбар, макулук, адам жана өсүмдүктөр дүйнөсү үчүн, ошолордун жашап, тирлик кылып, жашыл ааламда куллуруп өмүр сүрүшү үчүн пайда кылган. Бул – гениалдуу түзүү. Ал эми Күн сыяктуу эле суу, от, шамал, жамгыр, жер – баары кудайдын касиетинен бүткөн. Башканы кой, бир эле сууну бербей койсо, эмне болмокпуз? Жашоо да, ойлоо да болбойт эле да. Ошондуктан кудайды көзүң менен көрбөсөң да, акылың менен тааны. Келме келтир.

2-окуучу. Мен да илим-билимди, акыл-эсти пайдаланып, өзүмчө бир ой айтып көрөйүн да. Жактырсаң да, жактырбасаң да өзүң бил. Күндүн тегерегинде көптөгөн планеталар айланып жүрөрү баарыбызга маалым. Менин жеке пикирим – Жердеги жашоо-тиричилик ошолорго байланыштуу. Эмне үчүн? Себеби Жерден Күнгө чейинки аралык 149, 5 млн км. Ушул аралык, сөзсүз, Жердеги тиричиликтин пайда болушуна шарт түзөт. Айталы, эгер бул аралык жакын болсо, Жер планетасы – Күндүн ысыктыгынан какшып, тиричилик болмок эмес. Ал эми ошол аралык алыс болсо, анда Жер шарын бүт катмар-катмар муз басып жатмак, демек, мында да тиричилик ойгонмок эмес. Ошентип, бул жерде аралык – чечүүчү нерсе. Жердин Күндөн көп алыс эмес, көп жакын эмес мелүүн алкакта жайгашып калышы – жер бетиндеги тиричиликтин бирден бир негизи. Барпы мындай эсептөөлөрдү жүргүзбөсө да, ал «Бардыгына Күн себеп, бардыгына Күн керек» экендигине даанышмандык менен туюп билген.

### ШАМАЛ

Бүт кыдырып ааламды,
Айткым келди шамалды.
Аягы жок, башы жок,
Шамал кайдан жаралды?
Анын сырын чечүүгө
Жүгүртөйүн санаамды:
Төгөрөктү каптаган
Көлдөн чыгып жүрбөсүн?
Кашык сууга зар болгон
Чөлдөн чыгып жүрбөсүн?
Жандуу, жансыз энеси,
Жерден чыгып жүрбөсүн?
Кармайын десең колу жок,
Сыйрыйын десең тону жок,
Минейин десең кому жок,
Арызданып баруута,
Айыбын айтып калууга
Башкарган анын чоңу жок.
Байкап көрсөм башы жок,
Айдардан бөлөк аты жок,
Аңдап көрсөм буту жок,
Айдап жүргөн киши жок.
Жарышканы Күн менен,
Жолдоштугу Түн менен.
Биле албадым эмгиче,
Сыр сурашат ким менен?
Көрүнбөгөн кишиге
Канаты бар шамалдын.
Чакырганда келбеген
Адаты бар шамалдын.
Түшүнгөнгө өзүнчө
Санаты бар шамалдын.
Куюн болуп куушкан,
Кудуранып урушкан
Жаңжалына карабай,
Кардары бар шамалдын.
Айдай жүргөн ой-тоого
Туманы бар шамалдын.
Тоонун ташын уратар,
Ак теректи сулатар,
Начар үйдү кулатар
Куралы бар шамалдын.
Тердегенди сергиткен,
Чөксө көңүл эргиткен –
Акибети шамалдын.
Тоого, чөлгө барабар
Касиети шамалдын.
...Көзгө илинер түсүң жок,
Бирок чатак мүнөзүң.
Деңиздин суусун терметип,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Тоодой толкун түзөсүң.
Толкун менен кошулуп
Жээкти келип сүзөсүң.
...Төгүлбөстөн, сынбастан,
Кетесиң кайда сен өзүң?
Кылыч менен чапса да,
Мылтык менен атса да,
Бөлүнбөйсүң, шамал сен.
Дүрбү салып көрсө да,
Мерген болуп өнсө да,
Көрүнбөйсүң, шамал сен.
...Бороондуу күнү ышкырат,
Болжолу жок иш кылат.
Жаандуу күнү шуулдайт,
Дарчаны бузуп куюндайт.
Тумандуу күнү түн курат,
Туурдукту үзүп булкунат..
Чарчабастан бел ашат,
Чабыттап келсе эл шашат.
... Уулуу тили жалмаңдап,
Жыланы бар шамалдын.
Керимсел деген кер ооз
Ылаңы бар шамалдын.
Баарын көккө сапырган,
Куюну бар шамалдын.
Тегерегин чарк уруп,
Уюлу бар шамалдын.

Барпы акындын эң күчтүү ырларынын бири – «Шамал». «Барпы Жер, Аккан суу, Күн, От жайында, – деп жазат К. Даутов, – кандай көз караштан туруп, кандай шыктануу менен ырдаса, «аягы жок, башы жок» шамал жөнүндө да кудум ошондой бийиктиктен келип терең ишеним, ободогон эргүү менен жар салат. Шамалдын суугун денең менен тосуп, ышкырык, шуулдагын кулагың менен эшитип, тумандуу күнү түн курап, туурдукту үзүп жулкулап» атканын кадимкидей көрө аласың. Тирүү сүрөт,

кол менен кармалап баксаң да болот. Картина да, кыймыл да, живопись да, дабыш да, музыка да, көркөм сөз да. Бул – таланттын керемети».

Мына эми ошол эргүү менен тартылган «тирүү сүрөткө» үңүлүп көз салып көрөлү. Ыр эки бөлүктөн куралган. Биринчиси – акын шамалдын сырын чубап, ага баа берет. Экинчиси – шамал менен улуу ырчы кадыресе сүйлөшөт, албетте, мунусу өтө чакан көлөмдө.

**Биринчиси:** Барпы акын шамалды мындайча элестеткен:

– аягы жок, башы жок,
– кармайын десең колу жок,
– сыйрыйын десең тону жок,
– минейин десең кому жок,
– айыбын айтып калууга башкарган анын чону жок,
– жарышканы күн менен, жолдоштугу түн менен,
– көрүнбөгөн кишиге канаты бар,
– чакырганда келбеген адаты бар,
– түшүнгөнгө өзүнчө санаты бар;
– куюн болуп куушкан жаңжалы бар,
– айдай жүргөн ой-тоого туманы бар,
– ак теректи кулатар куралы бар,
– тердегенди сергитет,
– чексе көңүл эргитет,
– көзгө илинер түсү жок,
– мүнөзү чатак,
– дениз суусун терметип, тоодой толкун түзөт,
– толкун менен кошулуп, жээкти келип сүзөт,
– бороондуу күнү ышкырат,
– жаандуу күнү шуулдайт,
– дарчаны бузуп куюндайт,
– тумандуу күнү түн кылат,
– туурдукту үзүп булкунат,
– чарчабастан бел ашат,
– уулуу тили жалмаңдап, жыланы бар,
– керимсел деген кер ооз, ыланы бар,
– баарын көккө сапырган куюну бар.

**Экинчиси:** Мында акын тике эле шамал менен мындайча сүйлөшөт:

– көзгө илинер түсүң жок, бирок чатак мүнөзүң,

– дениздин суусун терметип, көрбөгөндү көрсөтүп, тоодой толкун түзөсүң,

– толкун менен кошулуп, жээкти келип сүзөсүң,

– кылыч менен чапса да, мылтык менен атса да, бөлүнбөйсүң, шамал, сен,

– дүрбү салып көрсө да, мерген болуп өңсө да, көрүнбөйсүң, шамал, сен.



Бул экөөнөн башка бул ырда «шамал кайдан жаралды?» деген собол коюлуп, анан ага «төгөрөктү каптаган көлдөн, кашык сууга зар болгон чөлдөн, жандуу жансыз энеси Жерден чыгып жүрбөсүн» деген жооп берилет. Ырасында эле шамал аба басымынын бирдей эместигинен пайда болот, басымдын кескин өзгөрүшүнөн, аба жогорку басымдан төмөнкү басым тарапка багытталат. «Күн» деген ырда, «суукту айдап ысытып, суунган боюн кызытып, күйүп турган чыккан Күн» дейт. Демек, Күн Жерди бир учурда баарын тегиз ысыта албайт, ошонун негизинде шамал пайда болот.

### Тапшырмалар

**Көрктүү оку**

1. 1–12-сап. Бир окуучу обонго салып ырдайт.
2. 13–26-сап. Эркек балдар хор менен кырааты боюнча үн кубултуп окушат.
3. 27–44-сап. Кыздар хор менен кырааты боюнча окушат.
4. 45–56-сап. Эркек балдар хор менен үн кубултуп окушат.
5. 57–64-сап. Кыздар хор менен окуйт.
6. 65–80-сап. Бул ыр саптарын үн кубултуп окууга бир класс катышат. Жекече, балдар өзүнчө, кыздар өзүнчө хор менен окушат. Айрым сөздөр өзгөчөлөнүп окулушу зарыл. «Бороондуу күнү ышкырат» эмес, «Бороондуу күнү ыш-ш-кырат» болуп окулат. «Үзүп» – «үззүп» болуп. « Ш», «з», «с» тыбыштары шамалдын дабышын берүүгө тийиш.

### Суроолор

1. Көлдөн чыккан салкындык менен чөлдөн чыккан «куландын туягын, куштун канатын куйкалаган» («Манаста») ысык аптап, үп экөө шамалды жарата алабы?
2. Аягы жок, башы жок, колу жок, тону жок болгону кандай?
3. Кол менен кармоого, көз менен көрүүгө болбогон бул кубулуш денизди кантип толкутат?
4. «Жарышканы күн менен, жолдоштугу түн менен, биле албадым эмгиче сыр сурашат ким менен»–дейт. Баса, шамал ким менен сырдашат? Жарышканы күн, жолдошу түн менен сырдашар да. Же шуудураган камыш сыр чубашар бекен?
5. Шамалды акын «жаңжалы бар», «бирок чатак мүнөзүн», «уулуу тили жалмаңдап, жыланы бар» – деп айтат. Муну кандай түшүнсө болот?
6. Төгүлбөйсүн, сынбайсың, кылыч менен чаап, мылтык менен атса да бөлүнбөйсүң, дүрбү салса да, мерген болуп өңсө да көрүнбөйсүң дегени кандай? Суу болсо төгүлөт, арыкка бөлүнөт, көзгө көрүнөт эле. Ал эми шамал кандай кубулуш? Балким, абанын өзөн суу, дайра сыяктуу агымы бар болуп жүрбөсүн?
7. Эң кызык жери, акын шамал менен тең ата болуп сүйлөшөт. Мындай шарттуу сүйлөшүү жомоктордо («Алтын кушта» карышкыр, «Тоштүктө» Чалкуйрук сүйлөйт), адабий чыгармаларда («Саманчынын жолу» повестинде Толгонай менен Жер эне маектешет) көп кездешет. Барпы да чыгармачылыктагы ушундай мүмкүнчүлүктү пайдаланганбы? Же акындын кыялы, ойлонуусу да шамалдай касиетке ээдир, ошондон улам сүйлөшүп жүрбөсүн?

* * *

Ошентип, Барпы акын – «Күн», «Шамал» деген ырларында байкалгандай, даанышман ырчы. Аны сынчы К. Даутовдун төмөнкү тыянактары менен корутундулоого болот. «Барпынын ойчул катары сапаттык айырмачылыгы ааламдын жаралыш картинасы жөнүндө философиялык көз караштарынын өзүнчө бир бүтүн системасын түзгөн акын экендигинде. Эгерде элдик философия менен байыркы даанышмандардан башталган идеялар боюнча дүйнө төрт кубулуштун – жер, суу, шамал жана оттун бирдигинен турат деп каралып келсе, Барпы ошол төрт кубулушту толук айткан ырчы. Акылман ойлорунан тургузган өздүк имаратынын төрт дубалын төрт түбөлүк өлбөс, өчпөс заттан – жер, суу, от, шамалдан туташтырып, үстүн Күн менен жаап бүтүргөн. Мындай керемет оригиналдуу дүйнөгө кыргыз ырчыларынан жалгыз гана Барпы эгедер».

## АРЗУУ ЛИРИКАСЫ

Барпыны Барпы кылып турган үч чоң нерсе бар. Ал үчөөн кайнар булак деп туюнуу пастык кылат, аларды тике чыгармачылыктын опол тоосу дешке болот. Бири – жаратылыш («Күн», «Шамал», «От», «Аккан суу» ж.б.) жөнүндөгү философиялык ырлар, экинчиси – адам тууралуу санаттар, үчүнчүсү – ашыктык лирикасы. Акындын арзуу лирикасына «Ак Дилбар», «Тартип», «Карай көз», «Гөзал кыз», «Дилбарым», «Мырзайым», «Буракжан», «Лөлүкан», «Мөлмөлүм», «Арзыкан», «Ак жылдыз» «Гүл кыздар», «Коноюн», «Алтын» ж.б. ырлары кирет. Барпы так ушул ырлары менен кайталангыс. Адамдын өзүнчөлүк сапаттарын сезүү, көрө билүү, аларды жүгөндөп келип, так, элестүү чагылдыруу, башкача айтканда, сөз токуу өнөрү боюнча туу чокуда турат. Ал ушул турмушунда сулуулугу жана мээрими менен бүткүл дүйнөнү таң калтырган атактуу мадоннанын автору, италиялык живописчи Рафаэль (1484–1520) «Венеранын төрөлүшү» деген өлбөс-өчпөс картинасы менен атагы чыккан Боттичелли (1445–1510) кейиптенет. Бул бийиктик – Барпынын жеке гана инсандык тагдыры.

Ошол эле учурда Барпы – кайталанган сүрөткер. Кайталануу – бул анын каңылтак ээр, как токумдан же какшыган такыр жерден көтөрүлгөн кокустук эместигинин далили. Акындын таманынан өйдө тиреп турган жерпайы, колтугунан өйдө көтөрүп турган таянар тоосу бар. Барпы өйдө басса өбөк, ылдый тиресе жөлөк болчу ошол элдик кыртыштан тикеден-тике оожалып, көрөңгөлөнүп өсүп чыгат. Ал жерпай, таянар тоо – элдик оозеки чыгармачылыктагы түркүн түс менен көз жоосун ала кубулган ашыктык ырлары. «Өзгөчөм», «Тасма бел», «Моймолум», «Зирегим», «Жайдарым», «Ак Суусар», «Ак селки», «Мөлмөлүм» (мунун элде эки варианты бар) өңдүү жүздөгөн элдик ырлар – Барпынын мектеби болгон.

Акын «Көчкөндө минген көкчөнүң көк жалыдан кыркылсын. Ак бетинди жашырган, оромолуң жыртылсын», «Көчкөндө минген көкчөнө, така бир болсом дечи элем, көкүрөккө тагынган жака бир болсом дечи элем», «Кылыкдар бала Ак Салкын, кылыгынды ойлосом, кылгырып жашым төгүлгөн» деген сыяктуу элдик ырлардын чордонунда чоңойгон. Мындай мыкты тек, бекем жерпай, кыртыш, чабал жана орточо акындарды жутуп коет, кайталап ырдоо деңгээлинен өйдө көтөрүлбөйт. Ал эми Барпы сыяктуу дөө, лөк акындарга тирек болот, кыл чокуга чыгышына шаты болуп берет. Ошол шаты менен бийикке чыгып баратып, акын орто жолдо баш чайкап, «мага ушул жагы эле жетет» деп ыраазыланып туруп калган эмес, шатыга шаты улап, барпылык чеберчилик менен кынаптап, барпылык көз менен саймалап, барпылык акыл-эс менен шөкөттөп, барпылык жүрөк менен ырдаган.

Бул тубаса аракет болуучу. Натыйжада улуу туунду жаралган. Ал көлдүн бетинде чыбырчыктаган толкундар сыяктуу кубулмалуу. Ал А. Осмонов айткандай, «Кымыздай чөйчөгүндө сапырылат, жаштыктай күр-шар этип көбүк чачат», ооба, Барпынын ырлары «Ак шуру, күмүш алкак тоо кызындай шарактайт, жорго минип мени карай, шарп этип чала-була тийип кетип, тартылат кайра артына уялгандай...» (Бул да Алыкулдан). Бир туруп сулуу кыз жети кар баскан түлкүдөй чубала басат. Элестетип көр, көз уялткан аппак кар бетинде чубала баскан кызыл түлкү – кызыл жалын ойноп барат, гүл чайыт, жылдыз чайыт издерин тамгалап... Кайра бул кубулуш жети алыштын боюнан суу алып келаткан кыз менен алмашат, чака толгон мелткалт суу, төгүлүп-төгүлбөй, чайпалып келет...

Сынчы К. Даутов «Махабаттын улуу ырчысы» деген макаласында минтип жазат: «Барпынын чыгармачылыгында Барпынын лирикасы сан жагынан да, сапат жагынан да өзгөчө орундардын бирин ээлейт. Сүйүү Барпынын жалындаган ышкы кумары менен тереңден-тереңге шуңгуп, бийиктен-бийикке эргип, асмандагы куштай эркин чабыттап, көңүл черин каалаганча жазып бар акындык дараметин шаркыратып төгүп ырдаган ыры. Ырдаган деш аздык кылат, аны менен **жашаган**, сүйүү акындын **тагдыры** болгон. «Сүйүүнү сүйүп ырдап», аны ыйык күтүп, кылчалык кыянат кылбай, сүттактай таңды атырып, сүйүү деп өткөн адам гана махабат менен чындап таза сезимден сырдашып төгүлүшө алат».

## ГӨЗАЛ КЫЗ

Ар ким ырдайт сүйгөнүн,
Акылына түйгөнүн.
Ашык болуп жете албай,
Арасат күндө жүргөнүн.
Аманат жанга белек деп,
Ашыглык гүлүн кармадым.
Анан ошо гүлдү беришке,
Гөзалды издеп баргамын.
Булактан көрүп чак түштө
Булбулдай аваз салгамын:
Көрбөгөнсүп сен мени,
Көп макташат эл сени,
Көрүшөлү шул жерде,
Көркөмүм, Гөзал, кел бери!

Көйнөгүң кызыл башайы,
Көргөнү келдим атайы.
Күйүткө салсаң, өзүң сал,
Көркөм Гөзал сыпайы.
Кыйланы көрдүм кыдырып,
Карасуу менен Чарбактан.
Каш-кирпиги төгүлүп,
Карасаң кумар таркаткан.
Ошолордун бири да
Окшобойт сага, чын айтсам!

Көзүм сүйсө – миң сулуу,
Көңүл сүйдү – бир сулуу!
Көңүл сүйгөн сен болдуң,
Көрүнөө ашык мен болдум.
Белегим – кызыл гүлүм бар,
Бериш үчүн болдум зар.
Зыяда болсоң, кулак сал,
Зарымды угуп, гүлүмдү ал.
Керек болсо Гөзал кыз,
Көрө турган күнүмдү ал!
Караңгыда жол бассаң,
Чырагың болуп жүрөйүн.

Кайда барсаң жаныңда,
Ынагың болуп жүрөйүн.
Күндө келип суу алган,
Булагың болуп жүрөйүн.
Жүрөгүнөн илинген
Туткунуң менмин торунда.



Сыйласаң да өзүң бил,
Кыйнасаң да өзүң бил,
Тагдырым сенин колунда!

### Суроолор

1. «Көзүм сүйсө – миң сулуу, көңүл сүйдү – бир сулуу» – дейт Барпы акын. Бул саптарды чечмеле.
2. «Көрө турган күнүмдү ал», «Туткунуң менмин», «Тагдырым сенин колунда» деген саптардан эмнени түшүнөсүң?

### Тапшырмалар

1. «Каш-кирпиги төгүлүп...» Ушул каш-кирпиги төгүлгөн Гөзал кызды кара сөз түрүндө сүрөттөп жаз. Планы: 1) кыздын көрүнүшү, 2) кызыл гүл, 3) тилек.

2. **Жатта**
«Белегим – кызыл гүлүм бар» деген саптан аягына чейин.

## МЫРЗАЙЫМ

Алты алыштын боюнан,
Суу аласың, Мырзайым.
Алты кар баскан түлкүдөй,
Чубаласың, Мырзайым.
Ашыглыкты ырдасам,
Уяласың, Мырзайым.

Жети алыштын боюнан,
Суу аласың, Мырзайым.
Жети кар баскан түлкүдөй,
Чубаласың, Мырзайым.
Жашчылыкты ырдасам,
Уяласың, Мырзайым.

Көлдө ойногон өрдөктөй,
Парпырайсың, Мырзайым.
Көмөкөйдө күмүштөй
Жаркырайсың, Мырзайым.
Туландуу жерде эрмендер,
Түлкүнү атат мергендер.
Ана ушу мерген мен болуп,
Түлкүнү атып алгамын.
Мырзайым, сенин дартыңдан,
Түпөйүл дартка калгамын.
Бизди мынча боздотуп,
Койбос деймин, Мырзайым.
Жамалыңа эч киши
Тойбос деймин, Мырзайым.

Күндүз сайрап, түн жаткан,
Күкүк деймин, Мырзайым.
Имаратты көтөргөн
Түркүк деймин, Мырзайым.
Орогунду үч-төрт күн,
Орсом деймин, Мырзайым.
Күндө үч убак мен сени,
Көрсөм деймин, Мырзайым.
Күнү-түнү сени ырдап,
Жүрсөм деймин, Мырзайым.

### Суроолор

1. Мырзайымды түлкүгө салыштырганын кандай карайсың?
2. Түлкү ашыктыктын символубу? Алты кар баскан түлкү болуп чубалып турган кооз жандыкты атууга мергендин кантип колу барды? Бул ыйыктыкка кол салуу эмеспи?
3. Же мерген деген мерген эмес, жөн-жай эле адам. Мырзайымга ашык болуп калып, аны мергендей кароолго алып, сыртынан багып жүргөн жанбы?
4. «Ашыглыктан ырдасам, уяласын, Мырзайым» – дейт. Муну кандай карайсың? Уялганы туурабы? Демек Мырзайым кандай кыз?

### Тапшырмалар

1. Ырды толук жатта.
2. Көлдө ойногон өрдөктү төрт-беш сүйлөм менен сүрөттөп бер.
3. Мырзайымга, айталы, ошол мерген кандай баа берет?

## БУРАК ЖАН

Топурак-Бел, Шыбак-Бел,
Каттап жүрөм, Бурак жан.
Калың элге жарыя
Мактап жүрөм, Бурак жан.
Белек алдым бир сага
Сактап жүрөм, Бурак жан.
Кызыл манат кыргагың,
Кызыкты, Бурак, ырдадым.
Алыста туруп ак Бурак
Астыртан колду булгадың.
Базар-Коргон аралап,
Сайга түштүң, Бурак-жан.
Баркыңды түзүк билбеген,
Жайга түштүң, Бурак жан.
Алганым сендей болбосо,
Арман дүйнө, Бурак жан,
Элет кыштак Из-Баскан,
Базарыңыз, Бурак жан.
Өттү бизге өзгөчө
Азарыңыз, Бурак жан.
Бурак жан, сен деп боздодум,
Боздогонум койбодум.
Ар качан сизге жетсем деп,
Уйкуда жатсам ойгоомун.

### Суроолор

1. «Баркыңды түзүк билбеген жайга түштүң, Бурак жан» дегенди кандайча түшүнөсүң?
2. Бурак жандын бул ырды ырдап жаткан адамга көңүлү болгонбу? Ал кайсы саптарда берилген?

## МӨЛМӨЛҮМ

Беттин көркү нур менен,
Белдин көркү кур менен.
Биз сүйгөн сулуу Мөлмөлүм,
Белгилүү болот ыр менен.
...Эки илебиң – кызыл гүл
Ачылгандай, Мөлмөлүм.
Бир карасаң – жүрөккө от
Чачылгандай, Мөлмөлүм.

Мандай чачың маргалаң
Жибегиндей, Мөлмөлүм.
Сенин ышкың баланын
Тилегиндей, Мөлмөлүм.
Гүлзар кылчы жүрөктүн
Какшып жаткан чөлдөрүн.
Серпилишиң чынардын
Чырпыгындай, Мөлмөлүм.
Ыргылашың майдан тал,
Кырчынындай, Мөлмөлүм.
Түшүндүрөм канткенде
Чын сырымды – ай, Мөлмөл.
Өтүмдүүсүң Өзгөндүн
Күрүчүндөй, Мөлмөлүм.
Созулганың зергердин
Күмүшүндөй, Мөлмөлүм.
Майиндигиң жоргонун
Жүрүшүндөй, Мөлмөлүм.
...Ышкысы күчтүү жаштыкты,
Ыксыз жакка чачпагын.

Башымды берем тартууга
Кедей деп менден качпагын.
Секин баскан бутундан,
Сейдана мончок жытындан.
Кадам койгон бутундан,
Калемпир мончок жытындан.
Чыныга куйган бал болсоң,
Чымындай ага малынсам,
Чыгалбай жатып ошондо
Чын өзүңө багынсам.
Чыгарып койсоң боор ооруп,
Чырагың болуп жагылсам.
Алты оролуп мойнуңа
Ак маржан болуп тагылсам.
...Угар белең үнүмдү,
Алар белең тилимди.
Алкымына жарашкан,
Алтын иймек сабагын,
Ай тийгенсип көрүнөт,
Ак бермет таккан тамагын.
...Айдап-айдап мал бербей,
Айры өркөчтүү нар бербей,
Сүрүп-сүрүп мал бербей,
Сүйрү өркөчтүү нар бербей.
Тартууга берсем өзүмдү
Алар белең, Мөлмөлүм?
Ашыглыкка бир дабаа
Табар белең, Мөлмөлүм?
Же мал бербей өзүн берет ,– деп,
Өлсө кимге керек, – деп,
Чанар белең, Мөлмөлүм?
Берейин десем малым жок,
Мал табууга алым жок.
Кедейликтин дартынан
Тышым жалын, ичим чок.
Миң азапка кайылмын
Көрүнүп койчу бир жолу
Булуттан чыккан айга окшоп.

* * *

*«Молмолум»* – өзүнчө бир асылзаада, изги ыр. Ал Барпынын ашыктык лирикаларынын канышасы кебетелүү. Аны көрсөң көзүң талбайт, укса кулагың талбайт. Окусаң танбайсың, көзүңдү тартып ала албай, кайра-кайра окуйсуң. Аркан-жипсиз байлап алган сыйкыры бар бул ырдын. Көңүлдү көлдөй толкуткан сүйкүмү бар бул ырдын. «Мөлмөлүмдү» окуганда төрүңдө жолборс тургандай сезимде болосуң. Бул өзү – шам чырагы нур чачып турган бүтүн дүйнө. Аны ошол бүтүндүгүнөн бузбай кабыл аласың. Ошентсе да бул бүтүндүк өзүнчө чынжырлаша байланышкан бир нече бөлүктөн турат.

Биринчи бөлүк – сулуунун сыпаты. Мөлмөлүмдүн эки илеби кызыл гүл, мандай чачы –Маргаландын жибеги, серпилиши чынардын чырпыгындай, ыргалышы майдан талдын кырчынындай, өтүмдүүлүгү Өзгөндүн күрүчүндөй, созулганы зергердин күмүшүндөй, майиндиги жоргонун жүрүшүндөй бир перизат жан. Анан ага жигиттин «Башымды берем тартууга кедей деп менден качпагын» деген күчтүү өтүнүчү айтылып, ага узакка сүйүү сезими, ашыктыгы ырдалат. Жигит: «Секин баскан бутундан, сейдана мончок жытындан, кадам койгон бутундан, калемпир мончок жытындан» дейт. Анан: «Чыныга куйган бал болсоң, чымындай ага малынсам, чыга албай жатып ошондо, чын өзүңө багынсам, чыгарып койсоң боор ооруп, чырагың болуп жагылсам, алты оролуп мойнуңа, ак маржан болуп тагылсам» деп тиленет. Бул саптар – Барпынын тубаса талантынан, нукура сүрөткерлигинен, ырчылык генийлигинен жаралган туундулар. Элибиздин «бир сөзү – бир аттык» деген баасы, калыстык менен айтууга болот, так ушул сапаттарга тиешелүү. Андан ары ырда боз уландын өкүнүч-өтүнүч, арман-арзуу маанайы аралаша келет. Булуттан чыккан айга окшоп көрүнгөн Мөлмөл кыздын ай тийгенсип көрүнөт ак бермет таккан тамагы, алкымында алтын иймек сабагы жарк-журк этет. Ошондо «Айдап-айдап мал бербей, айры өркөчтүү нар бербей, сүрүп-сүрүп мал бербей, сүйрү өркөчтүү нар бербей, тартууга берсем өзүмдү алар белең, Мөлмөлүм? Же мал бербей өзүн берет – деп, өлсө кимге керек деп, чанар белең, Мөлмөлүм» – дейт. Кайра чын сырын, ал-абалын жашырбай айтат: «Берейин десем малым жок, мал табууга алым жок, кедейликтин дартынан тышым жалын, ичим чок». Жигит: «Угар белең үнүмдү, алар белең тилимди» – дейт. Мөлмөл кыз угар бекен, тилди алар бекен?!

### Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү

**сейдана** – жытуу, аш болумдуу өсүмдүк, кара түстөгү уругу тамакка, нанга кошулат
**майин** – үлпүлдөк, назик, жумшак
**нар** – жалгыз өркөчтүү төө
**дартинан** – дартынан
**сагак** – ээк алдынан өткөрүлүп, эки сойкону бириктирип туруучу күмүш (алтын) чынжыр
**илеп** – тажиктин «лаб» деген сөзүнөн алынган, бизче эрин

## Суроолор

1. Салтта сүйлөшүп жүргөн кызына үйлөнсө, жигит аны өз үйүнө алып келет. Куш кармап келген сыяктанат. Ошон үчүн ага курдаштары «Куш боон бек болсун!» деп айтышат. Бул ырда боз улан «Башымды берем тартууга» дейт, муну кандай түшүнсө болот?
2. «Гүлзар кылчы жүрөктүн какшып жаткан чөлдөрүн». Муну чечмелеп айтып көрсөн?
3. «Мин азапка кайылмын» деген сапты кантип түшүнөсүн?

### Тапшырмалар

1. «Мөлмөлүмдөн» каалаган жеринди жатта. Кыраатты менен үн кубултуп айт.Обону менен ырдоого да уруксат.

**2. Салыштырып оку.**

1. Айчүрөк

Мандайы жарык бото көз,
Моймолжуган ширин сөз,
Күмүш үндүү, колоң чач,
Кош каркыра керме каш,
Акак тиштүү, ай нурдуу,
Алма моюн, түймө баш.
Жер бетине кар түшсө,
Карды көр да, этин көр.
Кар бетине кан тамса,
Карды көр да, бетин көр. *(«Манастан»)*

2. «Сен менин өз оюмда момундайсың:

Асмандын көгүш бети жарык, ачык. Татынакай тазалыктын мөлтүр терең тунугуна батып, көзүнөн бир укмуштуу кызык кыял тартып турасың, сен баланды бийик көтөрүп, токойду көздөй кеткен, тумандарга ак нур сепкен жарык жолду каратып...

Сен менин өз оюмда момундайсың:

Тең жарылган булуттан чыга келип, жылуу нурун тараткан күн сыңары, бир аз гана ачылган эриниңден эң мээримдүү күлүңдөйсүң – түн чырагы, күлүңдөшүң өз мээримиңе жылытат жер шарына окшогон кичинекей жүрөгүмдү...

...Жылдыздуу, жылуу жүзүн ойго баткан, гүл сымак эриндерин аз-аз ачкан, көкүрөгүн кере-кере дем алган, артка серпкен эки колун, кош канаттын элесин, көгүлтүр аппак кардай денесин, теңээр элем көлдөгү аппак кушка Аккуу деген, жамынган жээктеги туман менен...

Ооба, сен чындыгында ушундайсың,
Түшүмдө да, өңүмдө да. *(Э. Межелайтистин «Адам» поэмасынан)*

3. Ак мөөр

Мөөр сыны: аппак ыраң, кара көз,
Кырдач мурун, субагай бой чарчылуу.
Ичке кашы жүрөккө урчу жебедей,
Саал ийилип, саамай жакка тартылуу.
...Ичке бели, шоола төккөн бурагы,
Узун кирпик – мепт деп жаңсоо ыраагы.
Кызгылт тарткан эриндери мөлтүрөп,
Кыз деминдей жылуу, таза бу дагы.
Тең төгүлүп жибек талдуу чачтары,
Жука үлбүрөп алкымынын туру агы.
...Оолжуй түшкөн суйсалыңкы басыгы,
Жылмаюусу – окшоп өмүр азыгы.
Сөз соңунда ойлуу калат кылгырып,
Же бул күткөн сулуу кыздар назыбы? *(С. Эралиев)*



## СЫНЧЫНЫН СЫН БАШТЫГЫНАН

...Барпы сүйүүнүн гана теңдешсиз ырчысы эмес, ченде жок сүрөткер экендигин ушул эле чыгармадан дагы бир жолу көрүп өтсөк болот.

... Барпынын рухий дүйнөсү менен нурга улангандай жымылдап жиксиз жуурулушуп кеткен Чыгыш поэзиясынын жагымдуу таасири жатат.

... Лөлүкан, Тартип, Мөлмөлдөр тагдырдын тамашасына айланып, өмүрдө ак сүйүүсүнө жетпей арманда кетишкени менен, алар Барпыдай улуу акынга сүйүлүп, анын оозуна түшүп калганы үчүн чексиз бактылуу болушкан экен. Анткени ырчы бактылуу-бактысыз махабаттын урматына жүрөк оту, көңүл мээри менен кыналыштырылган кырмызы сөз граниттеринен суукка тоңбос, аптапка оңбос, мезгилге тозбос, өлбөс эстеликтер тургузуп, «ашык жарлардын» аялуу ысымдарын кылымдарга айтылып жүргүдөй кылып калтырыптыр.

... Анын ар бир ыры өзүнчө ачылыш, өзүнчө ачылган жаңы дүйнө болуп кабыл алынат. Мөлмөлдүн мүнөзүн ачып, сын-сыпатын түшүргөн көркөм асемдер «Гүл кыздарда» кайталанбайт, «Мырзайымда» колдонгон көркөм ыкмаларды «Самаргүлдө» пайдаланбайт, Лөлүкандын мончогун Гөзал кызга такпайт. Ар бир ырда өзүнчө табылга, өзүнчө боёк, өзүнчө чеберчилик, өзүнчө акындык мамиле бар.

... Бул чыгармалар – жер шарынын бир сызыгында катар жайгашып калган майда аралдарга окшоп, өз-өзүнчө толук башаяктуу бүткөн чакан дүйнөлөр. *(К. Даутов)*

## ГҮЛ КЫЗДАР

*(Кошумча окуу үчүн)*

Элимде эки бала бар,
Экөөн бирдей караңар.
Эгип койгон теректей
Экөөнүн бою барабар.

Бириң – кыздын улугу,
Бириң – кыздын тунугу.

Бириң – алма бактагы,
Бириң – жүзүм шактагы.

Бириң – гүлдүн шооласы,
Бириң – талдын ноодасы.

Бириң – дутар, бириң – кыл,
Бириң – дастан, бириң – ыр.

Бириң – тандай, бириң – тил,
Бириң айтсам, бириң бил.

Бириң – чынар, бириң – бак,
Бириң – булбул, бириң – шак.

Бириң – набат, бириң – кант,
Бириң – жоомарт, бирин – март.

Бириң – жалын, бириң – от,
Бириң – өкүм, бириң – сот.

Бириң – баар, бириң – жай,
Бириң – Чолпон, бириң – Ай.

Бириң – комуз, бириң – үн,
Бириң – аалам, бириң – Күн.

### «КУЛМЫРЗА МЕНЕН АК САТКЫН» ДАСТАНЫ

Бул – кыргыз элине кеңири таралган дастан. Анын сегизден ашык варианты бар. Эл арасында «Мырза уул», «Шамамат менен Ак Саткын» деген аттар менен да белгилүү. Бул дастанга Тоголок Молдо (288 сап) менен А. Осмонов (168 сап) кайрылып, өз варианттарын да жазышкан. Ошолордун арасынан төрт тарабы төп келип иштелиши жагынан Барпынын варианты айырмаланып турат. Поэма Ак Саткындын атынан баяндалат:

Экөөбүз экөө болгону, досум,
Экөөбүз атка конгону, досум,
Бой жеткен кезим буралып, досум,
Боз жигит элең сыланып, досум.
Айылга келсең ар качан, досум,
Айбыгып жүргөм уялып, досум.
Ырдаган доошуң укчумун, досум,
Ыргалып үйдөн чыкчумун, досум.
Ак-Мойнок ылдый түшчүсүң, досум,
Айран бир куйсам иччүсүң, досум.



Сыртыман сүйүп сен жүрдүң, досум,
Сызылып күйүп мен жүрдүм, досум.
Кыргыйдай боюң тарайсың, досум,
Кырандан тиктеп карайсың, досум.
Алтындан түймө бүчүңдө, досум,
Айталбай сырың ичинде, досум...

* * *

Торгойлор сайрап шаңданып, досум,
Топ айыл көчтү камданып, досум,
Атакем кеткен журт чалып, досум,
Агайым кеткен куш салып, досум.
Баштаган көчтү энекем, досум,
Ортосу көчтүн женекем, досум.
Кийинки көчтүн мен элем, досум,
Алдыңкы төөм бакырчаак, досум,
Арттагы төөм тартынчаак, досум.
Ортосу эле нартайлак, досум,
Нартайлак жүгү ооптур, досум.
Ондошуп койсоң сооптур, досум.
Оогон бир жүккө карабай, досум,
Оолжуй карап өтөрдө, досум,
Жыгылган жүккө карабай, досум,
Жылмая карап өтөрдө, досум:
– Арканым алып тартып бер, – дедим,
– Атанга жүгүм артып бер, – дедим,
– Ашыглык сырын айтып бер, – дедим,
– Ата-энем жокто кайтып кел, – дедим,
– Кайрылбай кете бербе сен, – дедим,
– Кадырың билер Саткын мен, – дедим.
Арканым алып тартыштың, досум,
Атанга жүгүм артыштың, досум,
Жүктөшүп жатып жүгүмдү, досум,
Жүзүмө көзүң тигилди, досум.
Төөлөрдү тартып мен кеттим, досум,
Дөбөдөн ашып сен кеттиң, досум.

Ошентип, эки жаш – Кулмырза менен Ак Саткын бирибирине ашык болуп калышат. Бирок кыздын короосу менен мал алып, куржунга шыкап зер алып, кудалап койгон жери бар, кууратан куу баш тени бар. Демек, башы байлануу. Бирок кыз ага карабайт. Өмүрүндө өз башына келген улуу бакытты – аруу сезимин кантип тебелеп кете алат. Тебелемек кайда? Бул кол тийгизгис, баш тарта алгыс, кыздын ички рухий дүйнөсүнө, адам-

дык турпатына жарк эте нур чачкан, бешенесинен ылдый балкыта жарык шоола төккөн эркелетип да турган, эрдик-шердик сезимине, инсандык бийик кудуретке көтөргөн таалай болучу. Ак Саткын ошол арзуу бактысын колдон чыгаргысы келген жок. Ашык болгон жигити Кулмырзанын колун кармамак болду. Жок, эшикке шыбырт келди. Кош шыбырт... Жигит кулады. Аны сүйрөп барышты да, күл дөбөгө көөмп салып, билмексен болушту. Бул ишти кылгандар Ак Саткындын агалары эле. Кулмырзанын атасы баш болгон топ атчан баланы сурамжылап келип кетишти. Мына бүгүн да келди. Ак Саткын жигиттин кайда көмүлгөнүн билет. Айтса, атасы кун төлөйт. Айтпаса, сүйгөн жигити Ак Саткынды жакшы көргөндүгү үчүн өлтүрүлүп, күл дөбөдө жатат. Кимиси артык? Ак Саткын бир чечимге келди. Кууугунчуларга Кулмырзанын кайда жатканын айтып берди да, өзүнө өзү шамшар урду...

Алтындан терек сен элең, досум,
Алманын гүлү мен элем, досум.
Жигиттин гүлү сен элең, досум,
Жийденин гүлү мен элем, досум.
Күмүштөн терек сен элең, досум,
Күнөстүн гүлү мен элем, досум.
Алтындан терек ыргалбай калды,
Ачылган гүлдөр ырдалбай калды.
Алманын гүлү күбүлсүн, досум,
Адамдар бизден түңүлсүн, досум,
Кун берген атам куурасын, досум,
Кун алган атаң жыргасын, досум.
Кулмырза өлүп куп болду, элим,
Ак Саткын экөө жуп болду, элим!

«Бул дастан-поэманын сюжети абдан чакан. А бирок ага шыкалган сырдуу дүйнө, – деп ой жүгүртөт К. Даутов, – карекке баткан чоң ааламдай: кенен да, терең да, бийик да, чылкый асылдык менен коодукка тунган, кайталангыс бөтөнчөлүккө эгедер. Бул ээ-жаа бербей ташкындаган зор руханий күч, обологон эргүү менен өмүрдө бир ырдалып калган керемет чыгарма. Аны эч кандай ойлонбой да, тайманбай да туруп эле Чыгыштын улуу класcиктери калтырган «Жусуп менен Зулайка», «Лайли менен Мажнун» өңдүү нукура шедеврлердин катарына койсо болот. «Кулмырза менен Ак Саткынды» ошончолук бийик даражага көтөрүп турган зор жалпылоочу кудурет кайсында, чыгарманын жан жүрөгүн түзгөн башкы ой кайда катылган? *Чыныгы ашыктык эмне экенин таанытуу, өмүрдө бир гана жолу сүйүү, бир гана жолу сүйүлүү болорун көрсөтүү, бир келген улуу махабатты улуу урмат менен тосуп, ардактай билүүнүн үлгүсүн даңазалоо, ан-дай ыйык сүйүүдөн ажыроо – бардык өмүр күнүн аяктоо дегенди айтуу, эки тараптан тең жанган махабаттын түбөлүк кошулушуна каргаша чыккан кара күчтөрдү наалаттоо...* Бул – чыгарманын баары дайын болуп турган үстүнкү катмары. Айсбергдин түбү нары ичкери пафосто жатат.

«Кулмырза менен Ак Саткындагы» суроолордун суроосу – жеке адамдын каалоо-идеалы менен таптык коом күткөн кызыкчылыктын ортосундагы жарык менен караңгыдай эч качан жаалмаштыруудан баштап, трагедиялык финалга чейин ушул ичнашпаган карама-каршылык маселеси. Баарына, адамды малга кертен келишпеген кайчылык себепчи... Чыгарма зор кумардануу, бир дем менен айтылган, машыккан устат комузчу бир чоң күүнү бир тыным менен чертип таштагандай, бир жерде кичинекей басыгын бошондотуп, азыраак кылт-култ этип койбой, кандай башталса, ошондой темпте аягына чыгат. Окурман да бир дем менен окуп коёт».

### Суроолор

1. К. Даутов дастанды «карекке баткан чоң ааламдай» дейт. Буга кандай түшүнөсүң?
2. К. Даутов чыгарманын жалпылоочу кудурети, жан жүрөгү деп кайсыларды эсептейт?
3. Сынчы бул поэманын адабияттагы ордун кандайча белгилейт?

### Тапшырмалар

1. Берилген суроолордун тегерегинде ой жүгүртүп, пикир алышуу уюштургула.
2. Ата-эне баласына жамандык ойлобойт. Көзүнүн тирүүсүндө анын турмуштан орун-очок алышына, өз жайын табышына кам көрөт. Ак Саткындын ата-энеси да кызын кудалап, берер жерин камдап коюшат. Мунун эмнеси жаман?..
3. «Кызга кырк үйдөн тыюу» деген акылман кеп бар. Балким, ушул кеп Ак Саткынга тиешелүү болуп жүрбөсүн?
4. Болор иш болуп, боёосу кангандан кийин кыз атасын кунга жыгып бериши акылга сыярлыкпы? Анан өзүн өзү өлтүрүшүн кечирүүгө болобу?
5. Кулмырза атасынан да артыкпы?
6. Эки ашыктын тилегине жетпей калышы эмне үчүн калк тарабынан кадырлап, дастанга айландырылган? Эгер эки жаш тилегине жетип, баш кошсо, ушундай күчтүү дастан жаралар беле?
7. Ак Саткындын өзүн өзү өлтүрүшү айласыздыктан жасалдыбы? Же ак сүйүүгө берилгендиктин курмандыгы болдубу?
8. «Өлүү аркылуу алар өлбөстүккө айланды» дегенди кандай түшүнөсүң? Муздак жер эчак алардын сөөгүн сөпөт кылса да, поэзияда Ак Саткын менен Кулмырза жашап келет. Бул кандай?
9. Анда өзүн-өзү өлтүргөндөрдү даңктоо керекпи? Теңинен ажырагандан кийинки жашоонун эмне үчүн кереги жок? Балким кереги бардыр?..

**Төкмөлүк** – алдын ала даярдыксыз ар кандай көрүнүштөр жөнүндө оозеки ырдоо өнөрү. Ал эми залкар ырчы Барпы: «Сөздү сөзгө кынай бил, маш зергердей чегелеп, ырчы болсоң – төкмө бол, ак жаандай себелеп», – деген. Бул ырда төкмөлүктүн эмне экендиги таасын белгиленген, демек:

1) сөзгө сөз мааниси менен кыналат, ал маш зергердин чегелегениндей болот;

2) ыр ак жаандай себеленип турат.

Төкмөлүк ошону менен бирге алдын ала даярдыксыз жана оозеки ырдалат. Кыргыз элдик оозеки көркөм чыгармачылыгында ырчылар менен манасчылар төкмө өнөрүнүн пирлери болушкан. Мисалы, Арстанбек, Женижок, Токтогул, Эсенаман, Барпы, Эшмамбет, Калмырза, Калык, Осмонкул, Алымкул, Ысмайыл сыяктуу эл ырчылары менен катар Балык да, Келдибек да, Тыныбек да, Сагымбай да, Саякбай да төкмө ырчы. «Жалаң үйдүн порумун жарым күнү ырдаган» («Манас») Жайсаң, кара жаак ырчы Токтогул, «байыркы көчмөн философу» (Ч. Валиханов) Асан Кайгы да төкмөлүк өнөрдүн көч башындагылардан. Айрымдары күндөп-түндөп, башкасы жумалап, дагы бирөөлөрү бир нече айлап төгүшкөн.

Жеңижоктун бир шыбакты эт бышканча сүрөттөп бүтпөгөндүгү, көлдөн учкан чүрөктү жолоочулар эки белди ашып, коно турган жайына жеткенче айтып түгөтө албагандыгы, кыргоолдун корозун Карасуу айлынан Наманганга барганча ырдап бүтпөй калганы сыяктуу мисалдар төкмөлүк өнөрдүн болуп көрбөгөндөй дараметин айгинелейт.

«Аа» дегенде эле оздон шаркырап куюлган, нөшөрлөп төгүлгөн, «ак жаандай себеленген», «кулактан кирип бойду алган» (Абай) ыр да толгон-токой мээнеттин, ички толгонуулардын жемиши. Мисалы, Барпы ээн жерге барып алып, өзү менен өзү айтышып, кемчиликтерди чукуп, ага дароо жооп берип машыккан. Качан өзүн өзү жеңгенде гана, ал айтышка, ар кандай күтүлбөгөн кырдаалда ырдап, түйүндү чечип, өзүнө урулган «сокуну» майтарып, кыйынчылыктан суурулуп чыгып кетүүгө, дароо жооп берүүгө даяр болгон. Оболу, каршысындагы ырчынын өксүгүн, жаңылыштыгын тап жылдырбай кармап, аны акыл, жүйө менен тушап, жеңилүүгө кириптер кылууну болжолдогон. Демек, ырчынын акыл-эси, жан-дүйнөсү төгүлүп ырдалган ырдын маанилүүлүгүнө, мазмундагы курчтукка, билгирликке, тапкырлыкка таянган. Ошон үчүн Барпы көп ырчыларды оңой эле жеңип койгон.

Ал эми Барпы Токтогулга жолукканда, учурашуудан кийин, Токоң жаш ырчыны сынынан өткөрөйүн деген го, ырдап баратып, улам бир санатка салып, «Аягын улап кой, Барпы балам» дейт. Жаш ырчы көрөңгөсү начар болсо, абдырап, ойдогудай улай албай, оозунан сөзүн түшүрүп коймок. Же жоргосунан танып, желмек – элдир-селдир ырдамыш болмок. Жок, Барпынын жөн эле ырды эмес, санатты да төгүп жиберме өнөрү күчтүү экен. «Эски пахта бөз болбойт, эсептешкен дос болбойт» өңдүү санаттарды берметтей чуурутуп, шурудай тизип, Токтогул айткан мааниге илгертпей улады. Жеңижок да Барпыны түркүн электен өткөрүп, сынап келет да, анан:

> Өйдө өтөт көк дөбөт,
> Ылдый өтөт боз дөбөт.
> Эки дөбөт айрымын,
> Акыл менен ким көрөт? – дейт.

Мындай суроого ыр түгүл кара сөз менен жооп берүү кыйын. Барпы мындай күтүлбөгөн суроого да жооп таап кетет:

> Өйдө өткөн көк дөбөт,
> Амал болот, Жеңижок.
> Ылдый өткөн көк дөбөт,
> Шамал болот, Жеңижок.
> Муну Барпы билбесе,
> Жаман болот, Жеңижок.

Демек, мында Барпы өзүн жөн эле ырчы эмес, даанышман төкмө экенин да көрсөтө алган. Кыскасы, кыргыз улутунун дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы да (мисалы, «Манас» эпосу) ушундай төкмөлүк өнөргө байланыштуу.

VI БАП

# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН МУРАСТАРЫНАН

## «ОГУЗ НААМА» ЭПОСУ ЖӨНҮНДӨ

*«Эстээри бар улуу журт гана эртегисин эскиртпей муундан-муунга мурастап ала жүрөт»*
Чоюн Өмүралы уулу

**1. Учкай маалымат.** «Огуз наама» – түрк элдеринин байыркы турмушун чагылткан эпос. Анда Огуз каган (Огуз – «кыргыз элинде Угуз, Уз, Өгүз болуп айтылат) жөнүндө баяндалат. Бул чыгарма байыркы учурда жаралып, куюлушкан жорго сөз менен санжырада, улама-аңыз кептерде жашаган, ошондой эле анын жазма түрүндөгү нускалары да сакталып калган. Алардын **биринчиси** – **XIII** кылымда табылган, уйгур ариби менен жазылган нуска, ал азыр Париж шаарындагы улуттук китепканада сакталып турат. **Экинчиси** – араб ариби менен жазылган нуска. Бул жазма белгилүү тарыхчы жана Хиванын ханы Абылгазыга (1603–1674) таандык. Абылгазы – жер чечегин безеген чоң санжырачы. Ал китептен окугандары менен эл оозунан уккандарын кыйыштырып, 9 баптан турган «Түрк санжырасы» деген китебин жазган (анын бир бабы гана кыргызчалаган). Бул эмгек 1720-жылдан баштап Европага белгилүү болуп, көөнө түрк тилиндеги нускасы 1824 жана 1906-жылы Казан шаарынан басылып чыккан. «Түрк санжырасынын» баалуулугу – Огуз кан жөнүндө айтылып, анын алты уулу менен 24 небересинен түрк элдерин тараткандыгында. Ошол 24 неберенин бири – кыргыздар. **Үчүнчүсү** – «Огуз нааманын» Стамбул нускасы.

**2. Изилдениши.** «Огуз нааманын» уйгур арибиндеги нускасын немис окумуштуусу Ф. Дитц 1815-жылы немисче которгон. Бул эпоско орус илимпоздору Н. Я. Бичурин, В. В. Радлов, А. Бернштам, А. Щербак, С. Кононов, кыргыз окумуштуусу Ч. Өмүралы уулу ж.б. кайрылган. Ч. Өмүралы уулу «Огуз наама» эпосун «Өгүз каган» деп, анын 42 ыр түрмөгүн, акын Абдылда Карасарт уулу эпостун 39 ыр түрмөгүн кыргызчалаган.

«Огуз наама» баяны окумуштууларды өзү белгилүү болгон **XVIII** кылымдан бери кызыктырып келет. Н. Я. Бичурин Огуз каганды биздин заманга чейинки 209-жылы такка отурган хунндардын кол башчысы Модэге, И. Маркварт деген окумуштуу аны Чыңгыз канга окшоштурат. Айрым изилдөөчүлөр Огуз каган бул Зулкарнайн (Македонский) болушу мүмкүн дешет. «Түндүк Кытайды 1115–1234-жылдары бийлеген Жүржүт каган чыгаар» дегендер да бар. С. Кононов «огуз» дегенди уруу, тайпа аты, жүрө жүрө ал адам атына айланган деген ойду айткан. «Өгүз кагандын тили» деген темада изилдөө жүргүзгөн казак окумуштуусу К. Өмүралиев да Н. Я. Бичуриндин оюн бекемдеп, Огуз каганды Модэ деп эсептейт. Бир туугандар Кабир Туйка менен Фазыл Туйка 1919-жылы жазган «Түрк тарыхы» деген китепте мындан 3400 жыл мурун башында Огуз каган турган түрктөр фин урууларын, Кытай, Иран, Индия өлкөлөрүн бой сундуруп, Сирия менен Египетке бийлик жүргүзгөнү жазылган. Ал эми эпосту кылдат изилдеген А.Н. Бернштам анда төмөнкү беш доор катмарланып уюп жаткандыгын белгилейт: 1) энелик доордон аталык доорго оошкон чак; 2) таптык мамилелердин калыптануу мезгили; 3) гунн доору, Огуз менен Модэ ортосундагы жалпылык; 4) байыркы түрк доору, V–VIII кылымдар; 5) печенег-кыпчак доору, IX–XII кылымдар.

**3. Ч. Өмүралы уулунан.** Бул окумуштуу мындай деп жазат: «Бернштамдын жогорку бүтүмүнүн алгачкы үчөө ынанымдуу болгону менен, акыркы экөө арсарлуу. Жалпысынан Огуз кагандын байыркы башатын андоодо Бернштам башкалардан чындыкка жакын барган. Чыгыш тарыхын мыкты үйрөнгөн Абылгазы беш миң жыл мурда өткөн Кеймурас менен Огуз каганды замандаш эле дейт. Бул айтылган жыл эсеби агалы-инии Туйканын айткандарына төп үндөшөт: ... Илимде Тазмин маданияты деп аталган, биздин доорго чейинки III миң жылдыктын башында жаралган, байыркы түштүк Сибирь, Энесай, Алтай көчмөндөрүнөн калган бай маданият бар. Аска боюна чегилген өгүздүн, багыштын, өгүзгө курулган арабанын, жер-суу ээлеринин миң түрлүү элеси баба кыялынын көккө эргиген бир ажайып доору болгондугун тастыктайт. Азыркы Орто Азиянын түштүк аймагынан табылган, жашы биздин доорго чейинки III миң жылдыктын этеги менен белгиленген Алтын-Дөбө маданиятынын жаркын үлгүлөрү – ай кашкалуу өгүздүн алтын башы, бөрүнүн алтын башы да «Өгүз каган» эпосундагы бизге тааныш образдарга таң каларлыктай үндөшүп турат».

**4. Кыргыз санжырасынан.** Кыргыз элинде Огуз эки маанide колдонулат. Биринчиси, Огуз – бул адам аты. Осмоналы Сыдык уулунун, Талып молдонун, Үсөйүн ажынын жазган санжыраларында Огуз кандын (Угуз кандын деп да аталат) 6 уул, 24 небересинен түрктөр тарайт. Бир небересинин аты Кыргыз кан, ал кыргыздарга башчы болот. Бул маалыматтар Абылгазынын санжырасына окшош. Демек, Осмоналы Сыдык уулу ж.б. санжырачылар Абылгазынын «Түрк санжырасы» деген китеби менен тааныш болгондуктан, ушундай окшоштук болушу мүмкүн. Бирок Абылгазы эл оозунан Осмоналы Сыдык уулунукуна окшогон маалыматтарды топтоп жазгандыктан да, окшоштук болбой коюшу мүмкүн эмес. Тоголок Молдо да өз санжырасында «Түрктүн

сегизинчи муундагы тукуму – Угузкан» деп, анын Бурат, Бурут, Кыргыз деген үч уулу болгондугун айтат. Бул санжыра Абылгазынын Огуз каган жөнүндө айткандарынан айырмаланат. Ал эми чоң манасчы Балык Кумар уулу Огузду, негизинен, мамлекеттин, элдин аты катары эсептеген. Анда: «Алгыр куштай кыраандар, Угуздан чыккан берендер, кол баштаган ноендор, ал берендин жайын айтайын, Самарканды куткарып, Отор шаарын салдырган, Угуз элин куткарган Оторкандай берендер», «Өз ишинен тутулуп, айыпкер болуп Угузга» деген саптар учурайт. Балыктын санжырасы менен жакшы тааныш болгон окумуштуу С. Закиров минтип жазат: «Ал убакта түрк уруулары дешпей, Угуз уруулары деген. Урааны да Угуз деп чакырылган».

## «ӨГҮЗ КАГАН» ЭПОСУ

Бул – «Огуз нааманын» Ч. Өмүралы уулу которгон кыргызча нускасы. Ал көөнө түрк тилинен кыргызчаланган. Түп нускада *«Кырк шире, кырк бендең чаптырды»* деп жазылган. А. Щербак «сорок столов, сорок скамей заставил вырубить» деп которот. Казак окумуштуусу К. Өмүралиев аны «Кырык орундук, кырык стол шаптырды» деп берет. «Шире» азыркы кыргыз тилинде «шири», «ширге» болуп айтылат. «Бендең» – мааниси күңүрт калган көөнө түрк сөзү. Ушуларды эске алган Ч. Өмүралы уулу жогорку саптарды «Кырк ширге ийлеп, кырк челек чаптырды» деп которгон. Демек, Ч. Өмүралы уулунун таржымалдаган «Өгүз каганы» көөнө түрк тилине жакындыгы, түп нусканы так бергендиги менен айырмаланат.

* * *

Ал ошол менен ошо болду.
Дагы андан соң кубанычка тунду.
Ай каган көз жарды да, болду уулдуу...

Андан ары эпостун I–XXXV түрмөктөрүндө төмөндөгүлөр жөнүндө айтылат.

... Ооба, эне көз жарат. Тектүүдөн тендеши жок, чачы, кашы кара, эрини алоо, көзү оттой жанган бала төрөлөт. Энесинин бир жолу ак уузун оозанып, кайтара эмбейт. Дароо сүйлөйт. Чийки эт, аш менен тамактанат. Кырк күндөн соң, балдар менен ойноп кетет. Көрүнүшү: бука сан, бөрү бел, аюу көөдөн. Күтүрөтүп жылкы күтүп, күлүк тандап минет. Кийик уулайт. Ай, жыл өтөт. Бала жигит болот. Ошо заманда бир калың черде кыят деген жырткыч жашап, жан бүткөндү, мал бүткөндү жечү экен. Жигит болуп жетилген Өгүз каган кыятка ууга чыгууну ойлойт. Карыга калкан, далыга саадак асып, колго найза, жалаң кылыч жанга алып, аң уулайт. Бир бугу алды, аны даракка байлап койду Өгүз. Эртең менен келсе, бугуну кыят жеп жатат. Бир аюуну кармады, аны да даракка таңып койду. Таң куланөөк келсе, кыят аны да жептир. Анан Өгүз кыят менен алышат. Оозунан жалын бүрккөн жырткычты бырча-бырча найзалап, кылыч менен шылый чаап, канжыгага байланат. Бурулуп караса, шумкар кыяттын ичегисин жеп жатат. Жаасын бетке кармай берди эле, шумкар өлдү. Өгүз уудан кайтты. Анан ал Көк Теңирге сыйынмай болду. Күүгүм уюду... Көк Теңирден көгүлжүм нур куюлду. Күндөн жарык, айдан нурлуу. Аңгыча ал жарыктын арасынан жандан жалгыз, нурдай сулуу, алтын казык дегидей бир кыз көрүндү. Мандайында шоолаланган мени бар. Күлсө Көк Теңири кошо күлөөр, ыйласа Көк Теңирде түн түнөрөөр. Өгүз ага ашык болду. Үйлөндү. Күндөн күн өтүп, ал бийкеч көз жарып, үч уул тапты. Абалкысына Күн, андан соңу Ай, акыркысына Жылдыз деген ат койду. Жана дагы бир күнү Өгүз ууга чыкты. Көөлгүп көл жатат. Көлдүн уюлунан бир дарак көрүнөт. Ошол дарактын көңдөйүндө бир сулуу кыз отурат. Көздөрү көктөй тунук мелтиреген, чачтары дарыядай шаркыраган, тиштери – тизген бермет! Аны да Өгүз каган сүйүп калды. Үйлөндү. Ай-күнү жетип, ал бийкеч да балкайган үч уул төрөдү. Абалкысына Көк, андан соңу Таг (тоо), акыркысына Деңиз деген ат коюлду. Уулдарынын урматына улуу той берди. Жамаатка жар салдырып, мыктылар менен кеңешет. Аш-тамагын жайнатып, кыжылдаган калың элге казы, карта чайнатып коноктойт. Анан жарлыгын айтты Өгүз каган:

– Жаа, калкан болсун куралың, көк бөрү болсун урааның! Найза учтуу жышың коргонуң болсун! Куушуп кумда куланың ойносун! Өзөнүң ташысын, нугунан соолбосун! Күн алдында Көк ордосу бар болсун!

Анан жардык менен мамлекеттерге элчи кетти. Алардан минтип айттырды:

– Мен Уйгур каганымын. Төгөрөктүн төрт бурчунун да каганы болуум керектир, силерди баш урууңарды каалап турам, тилиме көнүүң керектир. Тилиме көнсөң эгерде, тартуу тартып дос тутам. Тилиме көнбөй, жиниме тиер болсоң, черик жыйып кас тутам, такыр басып тоздуруп, тукумкурут кылам!

... Оң жагында Алтын каган бар эле. Ал кагандан элчи дүйнө, кызыл зер, кымбат асыл таш алып, эңилип зыяпатын кылып келет, Өгүздүн кагандыгын тааныйт.

... Ошол кезде Урум каган күчтүү, жер солкулдаган сансыз колу, баяналуу көп шаары бар эле. Ошол Урум Өгүз сөзүн кенебей, бучкагына теңебей:

– Мунун дегенин кылар алым жок, жардыгына табым жок, жолун билсин! – дейт.

Өгүз каган Урумга аттанат. Кырк күнү тынбай жүрүп, Көк жалтаң Муз тоого бет келет, анын көк челген учу тумандайт.

Кош түшүрдү. Түн менен түн болуп уюп жатты. Буурул таңда кан чатырга күндөй бир жарык акты. Ал жарыктан бир силкинип көк жал бөрү чыкты, ошол бөрү минтип адамча сүйлөйт:

– Ай, каганым, каганым, беттеп Урум бараарың... Жол берсе Теңир жортоюн, жолундун ачып оңтоюн.

Ошондо Өгүз кагандын кошууну көзгө илешпей жорткон көк бөрүнүн соңунан жөнөйт. Чыканактап тыным албай, чырм этип уйку канбай... Канча бир күн жол баскан соң, Көк бөрү токтойт, көп аскер да токтойт. Бул Эдил суусунун этегиндеги Каратоонун жаны эле. Ушул жерден Урум аскери менен Өгүздүн колу кармашат. Ок жаңылып тарсылдап, найза үзүлүп карсылдап, кылыч сынып жаркылдап... Калк башына түн түшүп, кандын жыты бурлоолоп... Эдилде күрүлдөп кара кочкул кан агат... Бул согушта Урумду Өгүз жеңет. Ошол Урумдун жатындашы Урус бек деген жан экен. Ал уулун Өгүзгө каршы үндөйт. Бирок ал агар алтын, ак күмүштү чачып, Өгүзгө баш иет да, минтет:

– Атамдын алы келбеген арстанга кантип батынам. Жарлыгынды айт, баш урам... Биздин кутубуз сенин кутуң болсун, өзүңдөн өсүп уруктайлы, өзүң буйруган жайды туруктайлы, башымды калтыр, жанымды ал, алман төлөп, достук жолун куп туталы.

Ошондо каган ал жигиттин айтканын жактырат, каары жанып, каалгадай тишин кашкайтып каткырат да:

– Мага карк алтын тарттың, карк таптың, калааны сактап барк таптың. Кашыңа калкың кут болсун, башыңа Саклаб ат консун! – дейт. Анан Өгүздүн колу артка тартат. Эдил дайрасынан Улуг Ордо бек деген шакшак тал кесип, андан сал жасап, суудан аскерди аман-эсен өткөрөт. Буга да Өгүз ыраазы болот да:

– Кысылган элге баш болгун, бегим, Кыпчак ат сага ат болсун, бегим, – дейт.

Баягы көк жал бөрү: «Эреним, элиң жыйна, эге бол тегерекке» – деп алдыга жортот. Артынан бөкөн жүрүш менен кошуун козголот. Ошондо кагандын чаар кызыл аргымагы жоголот. Өркөчүндө муз уюган, туу кырында туман ойноп, шамал ырдаган Муз тоону беттеп кетет. Жорукка чыкса жолу ачык, оорукта калса колу ачык, бир бек бар эле, тогуз күнү из чалып, онунчу күнү элиртип аргымакты коштоп келет. Каган каткырып күлүп, атын Карлык коюп, өзүн башчы кылат. Жол боюнан керегеси чылк алтын, түндүгү түгөл күмүш үй көрөт. Черикте ченебеген чебер бар, аты Кагул эле, ошону ошол үйгө калтырат. Ошондон Кагул Калач аталып калат. Бөрү желиш менен келаткан көк жал бөрү бир күнү тык токтойт. Келберсиген кең жазык – Жүржүт чеги. Эли дөөлөткө мас, ай туяк, ача мүйүз жерге батпай, алтын, күмүш агылып төргө батпай чалкып жаткан экен Жүржүт каган. Ошону чапты Өгүз кан. Сан дүнүйө олжого алат. Ат, качыр, өгүз түтпөйт жүктөгөнгө... Черикте бир чебер канга арнап араба жасайт да, үстүнө катарлап мүлк жыят. Канды карай катарлап канга жетет. Каган ал чеберге Каңгалуу деп ат коет. Андан кийин Өгүз каган Теңири колдоп, көк бөрү жолдоп, Чынды (Кытайды), Таң Кутту алды, Андан ооп Шамга аттанды, шамын өчүрүп бек шаттанды. Барака деген жер бар эле, күтүрөп кийиги үрккөн, канаттуу кушу – көгүнө көшөгө, казына-мүлкү жолуна босого. Элинин өңү ынды кара. Каганы Масар. Кыл чайнап кырчылдашып Өгүз каган ошону чапты. Сан жеткис мүлк, көз тойбос көй күлүктөрдү олжолоду да, кайтты үйүнө. Кагандын Түрүк деген жайкалган ак сакалдуу кеңешчиси бар эле. Ошол:

XXXVI

Түндөрдүн бир түнүндө түш көрүптүр,
Түшүндө мындай кызык иш көрүптүр:
Күн тууштан Күн жүрүшкө
Керилет алтын жаа дейт.
Түн жагын түптүз мелжеп,
Тебилет күмүш ок дейт.
Ойгонуп уйкусунан, толгонуп тынчы кетип,
Таңында каганына таазим этип,
Түшүн аян кылат, баян кылат:

XXXVII

– Ай каганым, өмүрүң узун болсун
Төрөлүк болсун түзүк!
Теңирим түштө көргөнүңдү оңго келтирсин,
Тең дүйнө жерин уругуна бердирсин! –
Каган кары үгүтүн куп көрдү дейт,
– Түшүң түш эмес, туш келсин – дейт.
Анан кашына жыйып бар уулун айткан экен:
– Көңүлүм күсөйт салбыруун,
Бирок ой жеткенге кол жетпей мында турум.

XXXVIII

Эми Күн, Ай, Жылдыз – үч уулум,
таң атаар жакка силер бар.
Көк, Таг, Дениз – алты уулум
түн түнөөр жакка силер бар.
Салбыруун мыктап салынар да,
санаада дартты табынар.
Үч улуусу таң атарга барышты.
Үч кичүүсү түн түнөккө чабышты.
Күн, Ай, Жылдыз уу сапарын карытты,
Кайткан жолдо бир алтын жаа табышты.

XXXIX

Каганга тартуулашты,
Карт каган карс-карс күлөт, жааны иет.
Карс сындырып үчкө бөлөт:
– Жаага эми силер эге,
Жаа атар көккө жебе...
Жана да бир күн Көк, Таг, Деңиз уудан кайтты,
Жолунан бирдей күмүш үч ок тапты.
Каганга тартуулашты,
Карт каган карс-карс күлөт.

XXXX

Жебени үчөөнө үлөштүрөт да, айтат:
–Үч жебе үчөөңө энчи,
Жаа атса ок көккө төнчү...
Ошондон соң Өгүз каган көңүлү тынып, элин жыйып,
Улуу курултай чакырды дейт,
Таңдайлашкан билги чечендерин,
Маңдайлашкан баатыр, кашка эчендерин
Кашына алып, каган наркы менен
Калкайып ордосунда отурду дейт.

XXXXI

Оң жагында он эки канат ак өргөө,
түндүгүндө алтын шумкар,
оң ирегеде он эки айры бугу.
Сол жагында он эки канат ак өргөө,
түндүгүндө күмүш ылаачын,
Сол ирегеде мүйүзү карыш кулжа.
Оң жагына бузуктар олтурушту
Сол жагына үч октор олтурушту.
Каркыттап кырк күнү той курушту.

XXXXII

Анан каган үлүштөп журтун бөлүп уулдарына,
айтыптыр: – Канчама ашуу аштым,
Канча жоо менен салгылаштым,
аргымак минип алкынттым,
Найза сайып, жоо жыктым.
Касым кан жутту.
Досум шаң күттү. Баары бүттү.
Эми өтөөр чагым Көк Теңириме. Ыкыбал,
Кайыр кош!.. Калың журтуң күтүп ал...



### Суроолор

1. «Огуз наама» кандай эпос? Кандай нускалары бар?
2. Огуз каган жөнүндө кандай пикирлер бар?
3. А. Н. Бернштам белгилеген беш доор катмары кайсылар?
4. Ч. Өмүралы уулу бул эпос жөнүндө кандай ой-пикирлерди айткан?
5. Кыргыз санжырасынын Абылгазынын санжырасы менен окшоштугу кайсы?
6. «Огуз нааманын» кыргызча котормосунун кандай өзгөчөлүгү бар?

### Тапшырмалар

**1.** Ч. Өмүралы уулу которгон «Өгүз каган» эпосун толук оку да, төмөндөгүлөрдү сүйлөп бер:
– Өгүз кагандын төрөлүшүндөгү өзгөчөлүктөрү;
– кыятты жок кылышы;
– кагандын үйлөнүшү жана балалуу болушу;
– жортуулу, Урумдун жеңилиши, Урустун багынышы;
– Кыпчаак (кыпчак) деген аттын берилиши;
– аргымактын табылышы жана Карлык (карлук) деген аттын коюлушу;
– Калач менен Каңгалуу (Каңгы) аттарынын коюлушу;
– Жүржүттү, Кытайды, Шамды, Таң Кутту, Масар каганды чабышы;
– Туруктун түшү;
– үч уулунун таң атаар жакка кетип, алтын жаа таап келиши;
– кичүү үч уулунун түн түнөктөн үч күмүш ок табышы;
– кагандын журтун уулдарына үлөштүрүшү.

**2.** Буурул таңда кан чатырга күндөй бир жарык акты.

Ошол жарыктан бир силкинип көк жал бөрү чыгат да, кошуундун алдында жүрөт, жортуп жол ачат. Бул эмне болгон? Түрктөрдүн колдоочусубу? Кудайбы? «Манас» эпосундагы Манасты колдогон, чилтен болуп коргогон бөрү менен окшош болуп жүрбөсүн? Биздин заманга чейинки үч миң жыл мурунку маданиятты чагылткан Алтындөбөдөн табылган бөрүнүн алтын башы Өгүз кагандын көк жал бөрүсү менен байланыштуу деп ойлоого болобу?

**3.** V класстын «Биздин адабиятында» «Алтын куш» жомогу бар. Ошондогу карышкыр балага көп жакшылык кылып, аны тилегине жеткирет. Балким ошол карышкыр менен Өгүз кагандын кошуунун баштаган бөрүнүн түбү бир болбосун?

***Сөз берметтери***

*1. Калкан илип карыга, саадак асып далыга. 2. Күлсө, Көк Теңири кошо күлөөр, ыйласа, Көк Теңирде түн түнөрөөр. 3. Көлдүн уюлунан бөлүнөт бир дарак дейт, ал дарак көңдөйүнөн көрүнөт бир сулуу дейт. Көздөрү көктөй тунук мелтиреген, чачтары дарыядай шаркыраган. 4. Жаа, калкан болсун куралың! Көк бөрү болсун урааның! 5. Керегеси чылк алтын, түндүгү түгөл күмүш. 6. Ай туяк, ача мүйүз, ыңкып жерине батпай, алтын, күмүшү агылып, төрүнө батпай. 7. Кутүрөп кийиги үркkөн, канаттуу кушу – көгүнө көшөгө, казына-мүлкү – жолуна босого. 8. Күн туушган, Күн жүрүшкө керилет алтын жаа. 9. Түшүң түш эмес, түш келсин! 10. Таңдайлашкан билги, чечендерин, маңдайлашкан баатыр, кашка эчендерин.*

VII БАП

## БАЙЫРКЫ КЫТАЙ ПОЭЗИЯСЫНАН

*«Ким билет, жүздөгөн жана миңдеген жылдар өткөндөн кийин менин ырларымды сенчелик түшүнүп, сенчелик сүйгөн адамдар табылар бекен?*

Бо Цзюй-и

Байыркы дүйнө урунарга тоо, урушарга жоо таппаган баатырларды, укмуштуу окуялуу уламыштарды, жомокторду гана эмес, адамдын жан дүйнөсүн термелтип, бейпилдикке бөлөгөн, назик жана оюн онго, санаасын санга бөлгөн чакан керемет ырларды да жараткан. Ошол ырлар мезгилдин сынагынан өтүп, миңдеген жылдарды кечип өтүп, бүгүнкү күндүн окурмандарынын жүрөгүнөн да түнөк таап отурат. Ошондой көөнө адабий дүйнөнүн бири – байыркы кытай адабияты. Ал өзүнүн улуу акындары менен сыймыктанат. Цюй Юань – биздин заманга чейинки IV–III кылымдарда жашаган кытай элинин улуу акыны. Ага кытай ырларын кыргызчалаткан акын Сагын Акматбекова мындайча баа берет: «Көз тиксең көзүң талыган мейкин талаанын түпкүрүнөн көгөрүп көрүнүп турган дөңсөөдөй бир ысым». Кытай элинин экинчи бир улуу акыны – Тао Юань-мин. Ал 365-жылы төрөлгөн. Тао Юань-мин күндөлүк тиричилик менен кадимки турмуштан жаркын жана жөнөкөй поэзия жараткан. Ал салган из, чыйырдын андан ары арымын арылтып, кулачын узарткан акындар пайда болгон. Алар: Ду Фу (712-жылы туулган), Ли Бо (701-ж. т.), Бо Цзюй-и (772-ж.т.), Ван Вей (701-ж.т.). Булар кытай элинин гана эмес дүйнөлүк поэзиянын да көрүнүктүү өкүлдөрү болуп саналат. Төмөндө алардын бир нечесинин айрым чыгармалары (акын С. Акматбекова которгон) сунуш кылынат.

**Тао Юань-мин**

### АЗА ЫРЛАРЫНАН

Тогузунчу ай туулуп, күз келгенде,
Күз келгенде беришти мени жерге.

Дөбө болуп бир жаңы, дөң үстүндө,
Кала бердим караңгы көр ичинде.

Шуудурашат кайдандыр шибер чөптөр,
Шуулдашат кайдандыр тал-теректер.

Кайдасың деп мени издеп ат кишенейт,
Кайдасың деп даракты шамал термейт.

...Көзүң өтүп дүйнөдөн бир кеттиңби,
Көрө албайсың кайрылып чыккан күндү.

Агат сенсиз шаркырап агын суулар,
Агат сенсиз аркырап сан-миң жылдар.

Бир өттүңбү дүйнөдөн кай күч сени,
Кай акылман тирилтет, кай теңири?!

...Коюп, тарап кетишкен калайык калк,
Кайгысы жок кайра эле жатат чардап.

Эске салып өзүмдү сур ай нуру,
Муңайса бир дос тууган муңайгандыр.

... Кандайча мен туюнтсам өлүм жөнүн? –
Топуракка айланды денем менин.

**Бо Цзюй-и**

### ЛИ БОНУН БЕЙИТИ

Цайши жакта, талаасында ошонун,
Жар башында, аккан суунун боюнда.
Эскирген бир бейит жатат бозоруп,
Ал бейитке акын сөөгү коюлган.

Аттиң, ушул акын тирүү кезинде,
Жаралгандын жаны менен сүйлөгөн.
Бир суу эле өчүрбөстү өчүргөн,
Бир жалбырттап күйүп турган дүйнө эле.

Абалтадан акындар оор жашаптыр,
Көрбөгөнү көр болгону канча бар.
Бир жарыкта жан көтөрбөс азапты,
Ли Бо сындуу тарткан бирөө жок чыгар.

### БОЗ ҮЙ

Таза аба, төрү жайлуу, жүк жыйылуу,
Турпаты мажүрүм тал, жупжумуру.
Жайкысын жамгырынды тоготпогон,
Кышкысын жылуулугун жоготпогон.

Боз үйдүн бурчу да жок, дубалы жок,
Босого мындан башка чубагы жок.
Туурдугу бороон чапкын тосуп турат,
Түндүгү Көк Теңирге кошуп турат.

Ду Фу

## ООРУГАН АТ

Баспадык кандай жерлерден,
Байкушум, атым, сен менен.

Ыраак чеп. Кыштын кечтери,
Ызгаары, кары эстеби?

Тырыштың, кошо тырмыштың,
Тартыштың жүгүн турмуштун.
Калганча минтип жарабай,
Күчүңдү бердиң аябай.

«Ат экен»–дешер мерестер,
Акылы тунук эместер.

«Обу жок» – дешер көргөндөр,
Жеринен дээри керендер.

Ордунан козгоп ала албай,
Ооруңа даба таба албай,

Кайыша түшүп кабыргам,
Карайлап турам жанында.

## ЛИ БО ТҮШҮМӨ КИРДИ

Айрыса өлүм айла жок,
Көнөбүз ага унчукпай.
Тирүүлөй туруп айрылуу,
Санааны койду тынчытпай.

Цзаннань деген саздуу жер,
Алдыртан жаңсап мерт кылар.
Сүргүндө жүргөн досумдан,
Кат да жок, такыр жок кабар.

...Үч ирет кирдиң түшүмө,
Тирүү деп сени жорудум.
Ансайын күдөр үзө албай,
Карадым тиктеп жолунду.

А кокус түштө көргөнүм,
Арбагың сенин болбосун.



Жел болуп же бир нур болуп,
Келбегин сызып, о досум.

Кармалбас нурдай, шамалдай,
Кайрадан учуп кетерсиң.
Дайныңды билбей дагы эле.
Сар санаа менен өтөр күн.

...Агарып түшүп айнектен,
Ай нуру салат аян, доош.
Ал сенин үнүң эмеспи?
Түшүмө кирдиң Ли Бо дос.

Ташыса деңиз, эскирген,
Тал кайык чөгөөр, бирок сен.
Чыдайсың, барын жеңесиң,
Ишенем, аман элесиң.

### Суроолор

1. Байыркы кытай адабияты кимдер менен сыймыктанган?
2. Жаркын жана жөнөкөй поэзиянын автору ким? Ага кайсы ырды мисал келтирүүгө болот?

### Тапшырмалар

**1.** Көрктүү оку: Тао Юань-мин, «Аза ырларынан»; Бо Цзюй-и, «Ли Бонун бейити», «Боз үй»; Ду Фу «Ооруган ат»; Ду Фу «Ли Бо түшүмө кирди».

**2.** Аныкта

– «Аза ырларында» чыгарманын маанайы кандай? Көңүл чөгүү, кашкайган чындык – ырда экөөнүн кайсынысы үстөм?

– «Ли Бонун бейити» деген ырда акындын күчтүүлүгү кайсы саптарда берилген?

– «Ооруган атта» боор ооруу, баа берүү, кайышып кыйналуу, айласы куруу сезимдери чагылдырат. Бул Ч. Айтматовдун Гүлсараты менен Танабайын эске салбайбы?

**3.** Оозеки сүйлөп көрсөң: «Аза ырларын», «Ли Бонун бейитин», «Ооруган атты», «Боз үйдү».

*Үлгү:* Ду Фунун ырында сүргүндө жүргөн досу аны сар-санаа кылат. Кат-кабар жок. Тирүүлөй айрылуу жанга батат. Бирок Ли Бо үч жолу түшкө кирет. Кармалбас нурдай, шамалдай болуп. Бул нур болуп, жел болуп сызып келген арбак го. Бул Ай нуру болуп айнектен агарып, куюлуп түшкөн жарык, анын аяны го. Бирок ишенич зор. Деңиз ташыса, эски тал, кайык чөгөр, ал эми Ли Бо чөкпөйт. Ал чыдап, баарын жеңет.

VIII БАП

# ЧЫГЫШ КЛАССИКАСЫНАН

*«Арманын Тариэлдей арстандын,*
*Энтигип кандай төгүп көздүн жашын,*
*Мен, Шота Руставели, ырга салдым»*

## ШОТА РУСТАВЕЛИ

### «ЖОЛБОРС ТЕРИСИН ЖАМЫНГАН БААТЫР» ПОЭМАСЫ



**1. Кыскача маалымат.** Шота Руставели – грузин элинин улуу акыны, ошол эле учурда дүйнөлүк адабиятта Гомер (байыркы грек акыны, «Илиада», «Одиссея» поэмаларынын автору), Фирдоуси (940–1020–1030-жылдарда жашаган, тажик, перс акыны, «Шахнаменин» автору), Данте (1265–1321, италиянын акыны, гениалдуу «Ажайып комедиясын» жазган), Гёте (1749–1832, немис акыны, ойчул, илимпоз, атактуу «Фауст» трагедиясынын автору), Навои (1441–1501, өзбек акыны, ойчул, «Лайли–Мажнун», «Фархат – Ширинди» жазган) сыяктуу поэзия алптарынын катарында турат. Тилекке каршы, бул улуу адамдын качан туулуп, качан кайтыш болгону жөнүндө так маалымат жок. Дагы да болсо, Шотанын жазган чыгармасы – «Жолборс терисин жамынган баатыр» (грузинче «Вепхчсткоасаки» деп аталат) поэмасы жардамга келет. Андан тышкары 1966-жылы өткөрүлгөн Шота Руставелинин 800 жылдык мааракеси акын жөнүндөгү көп даректерди дүйнөлүк коомчулукка кабардар кылды. Улуу акын XII кылымдын экинчи жарымында төрөлүп, XIII кылымдын биринчи жарымынын аяк ченине чейин жашаган. Туулган жери – Грузиядагы Руставн кыштагындагы Руставн коргон сарайы. Ал имарат кийин «Нино коргон-сарайы» деп аталып калган. Мындай деп атоого Руставелинин сүйгөн кызы Нинонун бийик дубалдан кулап кетип өлүшү себеп болуптур. Дагы бир кабарда Руставели томолой жетим калат, башынан көп азап-тозок өтөт. Ушундан көрө өлүп тынууну артык көргөн бала Кура суусуна бой таштап чөгүп өлмөкчү болот. Жардан бой таштаарда аны Григорий III көрүп калып, үйүнө алып келип, жалгыз кызы Тамара менен бирге бөпөлөп өстүрөт. Жакшы тарбия алат. Гелат академиясынан окуйт. Ар тармактуу илимди гана эмес, Руставели өнөрдүн бардык түрүн эң мыкты өздөштүрөт. Жаа тартуу, кылыч чабышуу, аң уулоо сыяктуу эр жигитке таандык сапаттарга түгөл ээ болот. Шота академияны бүтүргөн күнү чоң той болуп, ага падыша кыз Тамара да катышат. Ал Шотанын өнөрүнө таңданат да, ыраазы болуу менен акындын башына алтын гүлдүү таажы кийизет. Ошондон соң Шота падыша сарайында турат. Тамара Шота менен балалык кездин балдан таттуу доорун сүрүп гана тим болбойт. Экөө бири-бирине ашык болгон. Эр жетип, бири-биринен ажырабаска антташат. Бирок алардын тилеги ишке ашпайт. Себеби, Тамаранын катардагы адамга турмушка чыгышын жогорку коомдун өкүлдөрү каалаган эмес. Экөөнү ажыратуунун айласы табылды. Шотаны Грецияга (башка бир маалыматта Аравияга) жөнөткөн. Коштошордо Тамара: «Жүрөк сезимиң телегейи тегиз махабат ырына айланып, кагаз бетине түшсө»,– деген тилегин айтат. Ошентип, чет өлкөдө баштаган дастанын Шота кайра өз элине келген кезде жазып бүтүргөн. Демек, «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынын жаралышына Тамара себепкер болгон. Тагдырдын катуу соккусу арман ырга айланган.

Давид Сослани Тамарага 1189-жылы үйлөнгөн. Демек, Шота дастанын 1189-жылга чейин баштаган да, болжол менен Давид кайтыш болгон 1207-жылга чейин жазып бүткөн. Чет өлкөдөн келгенден кийин Шотаны Тамара каржы-казына увазири кылып дайындайт. Бирок диний коомдо акындын поэмасын найзанын учу менен каршы алышкан. Аны чиркөөнүн душманы дешкен. Акындыктан жана акылдан азап тарткан Шота Грузияны биротоло таштап, Иерусалимге кетип, ошол жерде кайтыш болгон.

«Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасы акын өлгөндөн кийин да куугунтуктан арылган эмес. 1712-жылы, б.а. беш кылымдан кийин гана падыша Вахтанг VI нын тушунда жарык көргөн. Ошондон кийин да куугунтуктоочулар китепти өрттөп, күлүн көккө сапырган, дайрага салып жиберген. Бирок поэма грузин элинин эсинде жашай берген. Анткени дастан элдин рухий жөлөгү, илгери үмүттүн кайнар булагы эле. Ал бүтүндөй бир элди кайраттандырып, эрдикке, тазалыкка, чыныгы сүйүүгө шыктандырып турган кубаттуу акын куралы болгон. Ошон үчүн анын сулп-сулп үзүндүлөрүн мукамына келтирип жатка айтып берүү боюнча эл арасында мелдештер уюштурулган. Күйөөгө чыккан кыздарга поэма сеп катары берилген. Бирок дастанды жалаң Грузин элине таандык кылууга болбойт. Ал бүткүл адамзаттын энчисине айланды. Жер жүзүндө ал 37 тилге которулуп, 250 жылдын ичинде чыгарма 136 ирет китеп болуп басылып чыгып, анын ичинде кыргыз тилине да которулган.

**2. Поэманын кыргызча котормосу.** Шотанын «Жолборс терисин жамынган баатыр» дастанын кыргызчага таланттуу акын Алыкул Осмонов которгон. 1938-жылдын майында баштап, 1939-жылдын апрелинде бүткөн. 1940-жылы котормо өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Андан кийин бул котормо 1951–1982-жылдардын аралыгында беш мертебе жарык көргөн. Ушундан эле кыргыз эли дастанды канчалык сүймөнчүлүк менен кастарлап окуганын түшүнүүгө болот. «Бир жылдан соң, – деген Алыкул «Жазуучулук баяным» аттуу макаласында, – айылдан Тариэл, Автандил, Тинатин, Дарежан деген жаңы туулган балдардын, кыздардын атын уга баштадым. Демек, китеп кыргыз элине жетип, аябай жаккандыгы билинет. Мындай ысым менен жашап жүргөн атуулдар ар бир эле айылда бар. Андан тышкары, Тариэлдин жолборс менен алышып жатканын сүрөт кылып тарткан ышкыбоздор да көп болгон. Баракка эле эмес, тамдын жол жак капталына дубал бети толо тартылган сүрөт бир кезде «мода» болуп кеткен да жайы бар».

Грузинче түп нуска «шаири» деген түр менен жазылган, ал аяккы саптарынын баары уйкашкан да 14–16 муундуу төрт сап ырдан куралган. Алыкул шаиринин ордуна 11–12 муундуу алты саптан турган ырдесте менен которгон. «Осмонов, – деп жазган С. Жигитов,–камтып турган мазмунду төкпөй-чачпай кыргызчалап жүрүп отурган эмес, тек анын сюжеттик сызыктарын, идеялык логикасын, образдык мүнөздөмөлөрүн өз акындык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кайрадан **эркин баяндап** берген. Руставелинин поэмасын Осмонов жан-дили менен берилип, бүткүл акындык мүмкүнчүлүктөрүн жана тажрыйбасын, жаштык жалынын аябай сарп кылып, чыгармачылык кыялын эркинче чабыттатып кое берип, өзгөчө эргүү абалында которгон. «Жолборс терисин жамынган баатыр» жарык көрөрү менен кат-сабаттуулар кайра-кайра маашыркыныл окуган, кат таанычагандар улам-улам окутуп уккан чыгармага айланган, жалпы кыргыз арасында **болуп көрбөгөндөй кызыгуу туудуруп,** өтө зор кадыр-барк тапкан».

**Алыкул Осмонов мындай деген:**

«Поэмадан ажырай албайм, көп убактарда таң атканга чейин отурам. Окуйм, котором, таң калам, кубанам. Дүйнөдө мен гана бактылуумун деп ойлойм. Себеби анын кызыгы ошондой болду. Котормо **эң эркин которулду.**

**3. Кеңеш Жусупов (жазуучу) котормо жөнүндө.** «Дастанды тери тонубузга катып жүрдүк, башыбызга жазданып уктадык. Далайга чейин дастанды Алыкулдун өзү жазган экен деп жоромолдоп жүрүпмүн. «Жолборс терисин жамынган баатырда» арманыбыз деле калган жок: ат үстүндө жүрүп, көк чөп үстүндө өбөктөй жатып, боз үйдүн түбүндөгү ыңырчакка минип алып, дөңдөгү ак ташка соксое отуруп, үйдөгү шайтан чырак алдында көз майды түгөтүп, кыраатына салып окудук бейм. Бул китеп бизди кыял тулпарына мингизди. А биз чөл талаалардан тулпарга минип, арстандар алышкан түнт токойдон, дарыя, тоолордун үстүнөн зымырап, учуп кетчү элек.

... Чоң ата, чоң энелерибиз китепти кайра башынан түшүрүп, окута беришчү. Намазын унутуп уккан күндөрү болор эле. Эч ким ыйлата албаган немелерди биз ыйлатар элек. Алар биз канчалык саймедиреп окуган сайын, көздөрүнө жаш алышчу.

...Элүүнчү жылдары Тариэлдин каттарын көчүрүп, кыздарга кат жазган күндөр биздин да башыбыздан өткөн эле. Алыкул эл арасында айтылган Шота Руставели жөнүндөгү уламыштан жазып калтырган: «Биздин аскерлер чабуул коюп бара жатканда Рейн боюнан кыргыздын жаш солдатынын өлүгүн көрүшүптүр. Жанында кан болгон, бирок барактары бүтүн кыргызча: «Жолборс терисин жамынган баатыр» деген китеп бар экен дейт». Бул жалган сөз эмес эле. Нарын тараптан Шотанын дастанын майданга (Улуу Ата Мекендик согушта) ала кеткен жоокерлер болгонун өз кулагыбыз менен укканбыз». *(«Ыр сабындагы өмүр» китебинен.)*

### Суроолор

1. Шота Руставели ким?
2. Шота кайсы мезгилде жашаган?
3. «Жолборс терисин жамынган баатыр» дастаны биздин күнгө кантип жеткен?
4. Сынчы С. Жигитов Алыкулдун котормосуна кандайча пикир айтат?
5. Алыкулдун өзү бул котормо жөнүндө эмнелерди жазып калтырган?
6. Жазуучу Кеңеш Жусуповдун эскерүүсү эмнеси менен кызыктуу?

## ПОЭМАНЫН КЫСКАЧА МАЗМУНУ

*«Шота аба, чын достуктун эң кымбаты,*
*Эр үчүн керек жерде ак кызматы.*
*Жөнөй бер дагы сонун жерге алпарат,*
*Алдагы мен берген ат – кыргыз аты.*

*Таарынба, белегимдин көрдүң азын,*
*Сынагын, кандай экен, ичин ачкын.*
*Ал белек – сага тааныш сулуу Нестан,*
*Мен аны кыргызчалап кайра жаздым».*

*Алыкул*

**1. Бет ачар.** Мында акын «Айрылгыс чынжырдан бек сөз жасадым, берметтей тизмектешкен удаама-удаа» – дейт. Ошол берметтей тизилишкен чынжырдан бек ыр саптарында Тамара падышанын ысымы аталат. Анан өзү жазган ырларга күйүп-жа-

нып, андагы ашыктардын дартын ээрчип, өзү да мажнун болуп эстен танганын ырдайт. «Күлүктү сынаар болсоң – жарышка чык» деген да сап кездешет. Чынында эле, бул дастан ыраакка – 800 жылдык аралыкка чабылып, чыгып келет. Шотанын астындагы мингени – Алыкул мингизген кыргыз күлүгү. Ал оозун кемирип, закым менен закым болуп кошо учуп, дагы сонун жерлерге – келечек ээлеринин жүрөгүнө алып барат.

**2. Тинатиндин такка отурушу.** Аравияда колу ачык март, баатыр, кызыл тилден теңи жок Ростеван деген хан жашаган. Анын Тинатин деген жалгыз кызы бар. Башка перзенти жок. Тинатин – көргөндөрдүн жүрөгү эрип түшкөн чүрөктөй жан. Ростеван хандык тактысын кызына берет. Башына алтын таажы кийгизет, үстүнө күмүш кымкап жабат. Анан кызына минтип айтат:

– Гүл бакчага көктө жамгыр куйгандай,
Менин күнүм, көтөр башты ыйлабай!
Улуу араптын урматтуу, улуу канысың,
Көрөгөч бол, акылман бол жалтанбай.
Жакыр дебей, жарды дебей көз салгын,
Нуруңду чач бардык элге тартынбай.
Күн жаркырап гүлгө нурун чачкандай,
Тегиз нур чач, шордууларды калтырбай.
Ким март болсо – береке да ошондо,
Сараң болгон өлүп кетет жарыбайт.
Берекеңди жая бергин кең-кесир,
Булак-булак суусун болгон дайрадай.

Тинатин ата сөзүн аткарат. Казына оозун ачтырат. Алтын, күмүш, каухар, жакут – асылдар, төрт түлүктүү миң сан мал, булут менен учкан тулпарлар элге таратылат.

**3. Эмне болду?** Эл-журт дүйнөгө карк. Тойлоп, ырдап, бийлеп жатат. Ал эми Ростеван ойго баткан, кабагы бүркөө, кападар. Үшкүрөт. Кыязы, кандык кылган кызы байлыкты желге чачып түгөткөнүнө Ростевандын кабыргасы кайышып, кабагынан кар жаап жатса керек. Кол башчы Автандил менен увазир Саграт Ростевандын ал-абалын сурашат. Ошондогу кандын жообу.

– Жок, вазирим, кайгы-касирет анда эмес,
Кайран жаштык бир кайрылбай болду элес...
Адамзаттан беттешкен эр болбоду,
Чактар кетти, арстанга да эп бербес...
Эрдигимди алып калар медер жок,
Мына ушинтип кетип барат кайран кез.

Сен, алпештеп багып берген кызым бар,
Эркек бербей кең кудайым кылды тар.



Арт жагымда таянычым калган жок,
Найза саяр, сызгырылтып жаа тартар,
Автандил шер бул да менден үйрөнгөн,
Бирок мага кайдан болсун барабар.

Бул сөздү угуп Автандил жылмаят. Анда кан сурданып: «Эмне болду – мен тараптан сен күлөр», – дейт. Автандил: «Кулдук таксыр! Эрдигиме мен эмесмин мактанган. Бирок найза сайып, керилип жаа тарткандан кем эмесмин!»,–дейт.

Ошентип, экөө жаа тартышып өнөр сынашмай болот. Ким жеңилсе, үч күн жылаңбаш жүрүү мелдештин жазасы болот. Так эсеп үчүн Ростеван жанына 12 кул, Автандил Шермадин деген баатырды кошуп алат. Атайы илбээсини, кийиги көп жерди тандап алышып, аң уулоого чыгышат.

Ар түрлүү аңдар үйрү менен качты бейм,
Эки баатыр жаанын огун чачты бейм.
Эчки, теке, кулжа, кулан, аркарлар
Жан коргоого жер таба албай качты бейм.
Качкан менен кайда барып кутулат,
Эки мерген бир жаңылбай басты бейм.
Аттар учат, чаң гана ызгыйт, адам ай,
Миң-миң аскер күндүн көзүн көрө албай...
Эки эрди көр, жаа огунан кан акты,
Топ-тобунан кулап жаткан аңдар ай,
Ок берүүгө элдер араң жетишет,
Булар эле көктөгү учкан жагалмай.

Мелдештин жыйынтыгы калыстык менен туура чыгарылган. Эки миң кийик атылган, Автандилдин атканы Ростевандан жыйырмага ашык чыгат. Ростеван бул жыйынтыкка каткырып күлүп, кубанат. Жүрөгүндөгү каткан чер жибийт.

**Суроолор**

1. Ростеван эмнеге кейийт?
2. Анын жүрөгүндөгү каткан чер кайсы?
3. Эмне үчүн ал мелдештеги жеңилип калуудан кийин жүрөгүндө чер жибип, каткырып күлөт, сүйүнөт?

**4. Табышмак, сырдуу шер.** Ростевандын шаттыкка батышы көпкө созулган жок. Капыстан сары санаага кабылды.

Ошол аска, ошол чексиз дайрадан
Көрүнгөнсүйт таанылбаган бир караан...
Кара кулак шер сыяктуу эр неме,
Минген аты, шумдуктуу ат-жарагы.
Берметтенип аккан жашын карачы,
Кайдан келген, бул не болгон башка адам?

Кийингени чаар жолборс териси,
Күркүрөгөн анык жолборс белгиси,
Жолборс башын жаап алган башына,
Жашын төгөт күчтүү белем кейиши?
Колунда бар өрмө жоон камчысы,
Кайгысы оор, бул не болгон чет киши.

Ростеван улам бир кулду табышмактуу шерге жиберет. Аларды шер карап да койбойт. Анан кан жарактанган он эки кулду жөнөтөт. Шер атына минет. Кармоо үчүн жетип келген топту бири менен бирин согуп, эби келгенин камчы менен жыга чабат. Баарын жолго торойтот. Ошондо кан өзү баштап куугун салат. Жер дүнгүрөйт. Шер артын бир кылчайып карайт да, анан теминет. Көздөн кайым болот. Таң каларлык иш. Дайра жээгин, ойкырларды карашты. Шердин өзү түгүл, атынын изи да жок. Бир болуп өткөн түшкө окшош. «Таалайымдын тарыганы ушубу?» – деп Ростеван убайымга батат.

Атасын санаадан арылтуу үчүн белгисиз шерди Тинатин издетет. Кылкылдаган миң сан колду төгөрөктүн төрт бурчуна аттантат. «Көрдүм, билдим» деген бир жан жок. Кыязы, бул киши эмес, закымдаган жел окшойт. Тинатин өзүнүн сүйгөн жигити Автандилди ошол белгисиз шерди таап келүүгө жөнөтөт.

– Ким болду экен ыйга баткан ошол шер?
Булуттарды аралап чык, болсо эгер,
Асмандан да табылбаса, кайра түш –
Күн кылкылдап баткан жерден таап кел.
Бир жыл эмес, таамай үч жыл карагын,
Көлгө түшүп кетсе дагы караанын.
Табаарсың дейм, таап келсең жаркыным,
Мен да гүлдөп миң түрдөнүп калармын.
Таппай кайтсаң аянычтуу көрөсүң,
Кызыл гүлдүн соолуп калган сабагын.
Күдөр үзбөй, үч жыл күтөм антымды ук,
Менин антым – ак тилегим туптунук.
Сени унутсам, жете албасмын бейишке
Ашыктыктын тозогунда тумчугуп.
Жан чыкканча, күнүм, сени күтпөсөм,
Жок болгонум махабаттын анты урсун.

Бул жөн эле жумшоо эмес, Автандилдин эрдигин, мыктылыгын, сүйүү сезиминин туруктуулугун сыноо эле. Автандил да кыздын сынап турганын түшүнөт. Жолго аттанмай болот. Автандилдин белгисиз шерди издешине Ростеван да каршылык кылбайт, макулдук берет. Ошентип алдыда – жол. Таанылбаган чоочун жерде Автандилге тулпардын дүбүрттөгөн табышы гана эрмек. Нечен эрме чөл басат. Жок! Нечен адыр, бел ашат. Жок! Нечен токой, талаа кезет, суу кечет. Жок! Автандил барбаган жер калбады. Укканы бирдей жооп: «Билген жокпуз. Андай укмуш укпадык. Көрбөдүк». Үч айы кем үч жыл тентип издеди. Чарчаган баатыр таш агызып күркүрөгөн суунун боюна, токой жээгине эс алмай болот. Жаа менен кулан атып алып, куу шилбини жагып, этти таш кордо кылып бышырат.



Аңгыча алты атчан киши келип калат, арасында башы таңылган жаш жигит бар. Шердин кабарын Автандил ошолордон угат. Бир туугандар эриккенин жазууга сейилге чыгып теке, кулжа, улар, тоодак атып ойноп-күлүп жүрүшөт. Анан кабагы салыңкы, жолборс терисин кийген шерди көрүп калышат. «Байлап алалы» деген ой менен аны карай жабыла чабышат. Бир туугандардын кичүүсү курчтук менен шердин жанына жетип барат. Шер камчы менен бир чапканда, жаш жигит аттан кулайт, баш сөөк сынып кеткен. Шер болсо жай бастырып кете берет.

Муну уккан Автандил шыр атына минип, салбыруунчулардын көрсөткөн багыты боюнча жөнөйт. Көрдү! Автандил: «Акмалайын, бир жерге акыр конот го, ат чалдырып уктоочу орду болот го» – деп ээрчип кете берет. Эки күн, эки түн өтөт ортодон. Түн жарымы болгондо алиги шер айланасы камыш менен курчалган бир үңкүргө токтойт. Автандил жашынып, карап турат. Үңкүрдөн үлбүрөгөн бир жаш кыз чуркап чыгат. Шер жарагын алып кайра кетет. Автандил алиги кызга жолугуп, максатын – сүйгөн кызынын тапшырмасы боюнча Шерди издеп жүргөнүн айтат. Кыздын аты Асмат экен. Ал эки шерди бири-бири менен жолуктурууга бел байлайт.

Аңгыча Тариэл келип калат. Асмат айтат: «Кем түшпөгөн өзүнө окшош жолборстон, бир сен үчүн эл-жеринен тентиреп бирөө келди, кабылан баатыр жолдоштон. Бер антыңды, карындашың көрсөтсүн, чочуп кетип майып кылып койбосоң». Тариэл от көзүнөн жаш чыгып кубанат. Ант берет. Анан Асмат экөөнү жолуктурат. Эки шер кучакташып көрүшөт, адегенде сүйлөшө албай туруп калышат. Анан Автандил Ростевандын белгисиз шерди көрүп сары санаага батканынан тартып, сүйгөн кызы Тинатиндин тапшырмасы боюнча үч айы кем үч жылдан бери аны издеп жүргөнүнөн бери айтып берет. Андан соң Тариэл башынан өткөндөрүн баштайт.

Дейт Тариэл: «Асмат, бери жакын кел,
Жүрөгүмдөн жалын түтөп чыкса эгер,
Сөзгө кызып, долулансам билерсиң,
Өрттөнбөйүн, муздак суудан куя бер,
Азапты эстеп, сен дагы ыйла кошулуп,
Элестетсин баштап өткөн-кеткендер.

**5. Тариэлдин сыры.**

Эмесе, сырды айтайын чын курбулук,
Автандил, талаа шери, кангын угуп.
Ашыктык – сырдын ушул түйүндөрү,
Ашыктык – оору кылды тумчуктуруп...

Айыкпас илдет оору, менин оорум,
Жаралуу көтөрүлбөйт, жерден боорум,
О, курдаш, мен да бирди сүйгөн элем,
Сүйгөнүм калды ичинде темир тордун.
Жете албай акырында мына минтип,
Карчыты талкаланган шумкар болдум.

Андан ары Тариэл Индостанда алты кан биргелешип, Парсаданга караганын, жетинчи болуп Парсаданга Саридан (Тариэлдин атасы) кандыгын өткөрүп бергенин, ага ыраазы болгон кан Сариданды аскер башчысы кылганын айтат. Анан Саридан Тариэл деген уулдуу, Парсадан андан беш жылдан кийин Нестан-Дарежан деген кыздуу болот. Тариэл арстандарды желкесинен кармап мышыктай ыргыткан, алышканды бүркүттөй илип алган, аскер өнөрүн эң мыкты өздөштүргөн баатыр жигит болуп жетилет. Анан Саридан кайтыш болуп, Тариэл бир жыл бою аза кийимин чечпейт. Ошол кезде аны Парсадан чакыртат да, атасынын ордуна аскер башчысы кылып дайындайт.

**6. Тариэлдин Нестанга ашык болушу.** Күндөрдүн биринде аң уулоодон кайткан соң, Парсадан Тариэлди кыздын эсен-соолугун сурап кетели дейт. Гүл бакчага келишет.

Бах, ыракат – гүл бакчаны мындан көрдүм,
Миң бир кыл түр чачканды мындан көрдүм.
Тандалып жер үстүнүн чечен кушу
Кыз менен ырдашканды мындан көрдүм.
Секирип бири-бирине түшүп турат,
Балыгы боору аппак, тунук көлдүн.
Парсадан өзү кирди эшик ачып,
Бир үйдөн экинчи үйгө кеттик басып...

Парсадан кызына кыргоол бермей болот. Аны Тариэлден суратат. Ошондо аскер башы терезеден бир кызды көрөт, өңү – периште...

Ошондо күйгөн оттой жалындадым,
Ээ, жүрөк, неге ошондо жарылбадың?
Таалайсыз Индостандын эркин кушу,
Ал жерге кайдан учуп барып калдым.
Автандил, акырында мына минтип,
Махабат дартын тартып, каңгып калдым.



Ушуну айтып Тариэл эстен танат. Асмат анын оозуна суу тамызып эсине келтирет. Тариэл үзүлгөн кебин кайрадан улантат. Тариэл периште кызды көргөндөн кийин, талып жыгылат. «Жин тийиптир балага» дешет. Табыпмын дегендерди чакыртат. Алар дем салышат: «Мунуку дарт оорусу эмес, санаа оорусу» дешет. Үч күндөн кийин жигит туруп, Парсадан менен аң уулап кетет.

... Учкан куштай дир-дир этип кош тизгин, тулпарлар бүркүт менен жарышат. Жагалмайдай жагалданып, кош канаты шамалданып, жашыл кырларды, дайра жээгин, талааны кыдырышат. Кечинде Тариэл үйүнө келсе, бирөө кат алып келип берет. Баягы периште кыз – Нестан сыяга ашыктыктын балын төгүп, жазыптыр жүрөгүнүн каны менен. Тариэл жооп жазат да, дагы ооруп калат. Билгичтер дем салып киришет. Дагы бир күнү Нестандын курдаш кызы Асмат кат алып келет. Анда мындай саптар бар эле.

7. Нестан-Дарежандын каты *(бул катты Нестандын жандай көргөн курбусу Асмат алып келет).*

«Не болдуң, баарын билем, баарын сезем,
Кабыланга ый ылайык келет бекен?
Жаркыным, кайгырбачы, мен сеники,
Калганын айтып берет Асмат эжем.
Мен сени сүйгөнүмө көп күн болду,
Болбоду сүйлөшүүгө иштин орду.
Булактын жээгинде өскөн бир гүл элем,
Жүрөгүм сен деп жүрүп дартка толду,
Эсиң ооп бая күнкү жыгылганың,
Мага да тиешелүү ошол «оору».
Ашыгым мени сүйсөң, эрдик көрсөт,
Майданда күчүңүздү сынап көрсөк?
Талоого Индостанды хатавалар
Ыракатка уу төгүүгө жүрөт көксөп.
Жарасын жүрөгүмдүн ырбатпагын,
Ушул кат тиер замат жарактангын.
Дагы айтам, мени сүйсөң, эрдик көрсөт,
Эр болсоң – кана эмесе, жоого аттангын».

Тариэл макул болот. Индостанга коркунуч келтирген жоону талкалап, Нестандын сыноосунан өтүш керек эле. Аңгыча жаш баатырды кыз чакыртат да, көзмө-көз минтип айтат: «Сен мага, мен өзүңө болдум ашык, эмесе, мен сендикмин, ал колумду, калп айтсам, чөптөй солуп калсын жаштык, душмандын кулата көр кара туусун: күтпөсөм алтымыш жашка чыкмайынча, Тариэл, ашыктыктын анты урсун».

**8. Тариэлдин хатаваларды жеңиши.** Жаш баатыр Хатаванын каны Рамазанга кат жазат. Ал: «Силер дөө да, хатава эли чөп эмес, кыргын салып тоз кыламын шаарыңды,» – деп жооп берет. Бирок Рамаз кан куулук кылат. Тариэлди алдап, жойпуланат. «Оозумдан жаңылыпмын, жеримди алгын, тилесең күн, кул кылып элимди алгын. Жок, эгер кесем десең – мынакей баш. Аз гана кол менен келип кал. Баатырларың келсе, эл чоочур», – деп элчилерден айттырат. Тариэл да кеңешчилердин акылы боюнча аскерди жашырын коюп, хатаваларга аз кол менен барат. Рамазандын максаты жөнөкөй болгон, ал Тариэлди тосуп чыкмак, ошондо баатырлары курчай калып, жаш кабыландын мойнуна чалма салып, байлап алмак. Бирок ал тилек ишке ашкан жок. Кыргын согуш башталат.

«Мас кылдым кызыл канга кара жерди,
Бириңе бирин соктум бет келгенди.
Эр башын шыгыраттым сай ташындай,
Тепселип өлгөндөрдүн жок эсеби»,– дейт Тариэл.

Баягы жашырылган кол жарымы бүткүттөй шукшурулуп кирет. Душмандын чечекейин чыгара аткан жебелер жаайт. Хатавалар жеңилет. Миң качыр, он миң төөгө дүнүйө жүктөп, Тариэлдин колу элине аттанат. Нестанга тартуулоо үчүн торко алат. Парсадан кубанып тосуп алат. Рамазды боштотуп, кайра ага тартуу кылып, «Экинчи кол көтөрбө» деп элине жөнөтүшөт. Кан ошондон кийин Тариэл менен ит агытып, куш салган сейилге чыгат. Кечинде келишкенде, кан эл көрсүн деп Тариэлге жамбы аткызат. Жаш баатыр бир деп санаганча он беш ок чуурутат. Ошондон соң үлпөт болот. Нестан-Дарежан тартууга ыраазы болот жана жакут шакегин белек кылып Асматтан Тариэлге берип жиберет.

**9. Парсадандын кеңеши.** Күндөрдүн бир күнүндө Парсадан Тариэлди чакыртат да, ага минтип айтат:

– Уулум, өмүр өтүп баратат. Тагдыр мага эркек бала берген жок. Нестан бойго жетти. Бирөө куда түшсө, кызымды ошого берер элем. Хваразмша – падышанын баласы. Дүйнөдө жок бир азамат. Ошого кызды берсек...

– Нестан ата акылын укпай коймок беле. Хваразмшадай арстанды чанбайт. Кызга мындан артык ылайыктуу күйөө жок,– деп каныша күйөөсүн сүрөп кетет.

– Ырас, апа, – деген сөздөн башкасын Тариэл айта албайт.

Дароо кат кетет, анда «Бойго жеткен Нестан аттуу кызым бар, жактырганы сенин уулуң Хваразмша... Кудалап, уулду жибер күйөөлөтүп», –деген сөздөр жазылган. Ал тарап да макул болот, көрсө, «Парсадан кокус кагып коёбу деп айтуудан оозу батпай» жүрүптүр.



**10. Нестандын Тариэлге айтканы:**

– Тариэл, жан курдашым, антың кана?
Ал антың мына ушул кара чалма,
Тариэл, ушул беле жигиттигиң?
Ушинтип салмак белең убарага?
Сүйүүнүн жел кайыгы турбайсыңбы?
Мейли эми, жете албадык убадага...
– Жаштык кылдым, мен жаңылдым, алдандым,
Хваразмшага бермек болгон кеңеште,
Өз сөзүңдү кантип даап айта алдың.
Ашыктыктын антын саткан башкага
Иши эмеспи анык жүзү караның?
Ай, Тариэл, көздөн аккан жаш кана?
Ырайымың суук беле таштан да?
Өзүң деген өз жарыңды, Тариэл!
Ушунчалык уста белең сатканга!
Махабаттын баары жалган турбайбы,
Мени ушинтип кылмак белең маскара.
Тууган жерим, өз Индия, өз калкым,
Көргүм келбейт кайдагы бир падышанын
Тактымды ээлеп, баатырларды башкарып,
Бир жолбундун келип бийлик кылганын...
Көзүм барда, өзүмдүкү Индостан,
Эл журтумду өзүм сактайм душмандан.
Кош эмесе, колуңду бер, Тариэл,
Эстей жүргүн эселектик кылбасаң.

**Нестанга Тариэл мындайча жооп айтат:**

– «Сүйүүнүн антын неге буздуң» дедиң,
Жок, Нестан, алар биздин колдон келбейт,
Ачык айт, эгер болсо билгендериң?
Чын оюң – менден болсо ажырашуу,
Ороном топурагын кара жердин.
Атаңыз чакырыптыр мени кечээ,
Жашырын сен тууралуу кеңешмекке:
«Нестанды Хваразмшага бермек болдук»
Дей салып, хан тырышты сездирбеске.
О, Нестан, ошол жерде жок деп айтсам,
Ал менин макоолугум болбос беле?
Ошондо мындай деген ойго келдим:
Намыскөй Индостандын айбаттуу элин,
Парсадан ал гана эмес өз тактысын,
Тентиген бир уулуна Хваразмшанын
Өткөрүп беремин дейт, биле албадым,
Максатын атаңыздын эмне экенин...

**Нестан:** Токтоо болот эр жүрөгү берендин,
Жолу оң болот акылдуумун дегендин.
Хан тоюна каршы чыксаң, Тариэл,
Анда сенин бир чоң жаздым этериң.
Эгер күтсөк, күйөө келер болжолун,
Иш бүткөнү, сен айрылдың, жок болдум,
Боз ингендей ботосунан айрылган.
Сен деп зарлап, соолуганча бозормун.
**Тариэл:** «Тариэл шер» деген атым барында,
Келген эрлер кетер жолун таба албай,
Белден батар өздөрүнүн канына.
**Нестан:** Сен эң мурда күйөөнү өлтүр, эр болсоң,
Жалгыз гана ошол башын кесериң...
Башкалардын күнөөсү жок бекерге
Канын төгүп не кыласың, секетим?
Байка, бирок адамзатты кор кылба,
Туш келгенин кыра берип бекерге.
Жашоо – өмүр, бул бир ширин нерсе го,
Убал деген жаман болот дечү эле.
Хваразшманы согуп өлтүр эпкинге,
Өлтүргөн соң Парсаданга мындай де:
«Мунун баарын, каным, бекер кыласың,
Алтын тагың, мына менин энчимде.
Каршы чыксаң, Индостанды жок кылам,
Бийлеткенче четтен келген немени».
Сүйүүбүздөн шек албасын ата-энем,
Ошондо анын көнбөскө алы канча экен...

**11. Тойго даярдык.** «Күйөө келди» деген кабар угулат. Керней, сурнай бапылдайт. Парсадан Тариэлге: «Балам, тойду өзүң башкарыш», – дейт. Чатырлар тигилет. Ошол жерде жаш күйөө бир күн эс алмак.

...Түн. Тариэл Хваразмша жаткан алтын түркүк ак чатырга келди да, күйөөнү шыйрагынан эңип алып, устунга чаап өлтүрөт. Кароолчулар көз ачкыча, куюндап түштүк жерге кетип калат.

... Куугун. Жигиттер жөнөп жатты жарактанып. Куугунчулар барса – Тариэл. Алар кайра артка качып жөнөшөт.

**12. Парсадандын каты.** «Болду го, балам, сенин бул кылганың, жүрөккө кош миз канжар сайылгандай. Мурунтан Нестанымды сүйгөнүңдө, бизге айтсаң болмок эле кандай күнөө, айтчы, шер, эми эмне олжо таптың, бирөөнүн жалгыз уулун өлтүргөндө?»

**13. Тариэлдин жообу.** «Анын чын, кылмыш кылдым, эр өлтүрдүм, кордуктан жанга баткан, таппай айла. Жок, жалган! Кызыңызга көз артпадым. Санжыргал ыракаты адамзаттын, эмеспи мына ушул Индостаның. Намысын өз элиндин Хваразм-



шанын кулуна уялбастан неге саттың? Ата, сен өзүң ойлоп билбейсиңби, меники экендигин индус калкың! Жараткан, кор кылба деп душмандарга, Кул кылып жараткан соң өз калкыма. Эл үчүн, эне сүтүн актоо үчүн, батмакмын кыргын салып тамашага. Чоочун эр тулпар изи түшмөк эмес, астымда ат, жанда кылыч бар чагында. Күн сулуун, кызың Нестан-Дарежанды, ишим жок, күйөөгө узат өзүң каалап. Чыккыла, Индия үчүн согуш ачам, суракcыз кыл даргага ассаң дагы».

**14. Нестан-Дарежандын жоголушу.** Парсадан ачууланат. «Тариэл Нестанды сүйгөнү чын, ошон үчүн Хваразмшаны өлтүрдү», – дейт. Кызымды азгыргандар бар, баарын кылган Давар, ошонун башын жутам!» – дейт. Давар – анын карындашы, жесир аял. Нестан турган сарайга көзөмөлдүк кылчу. Мына эми Парсадандын каардуу сөзү ага жетти. Өч алмак болду. «Күйөөнү өлтүрткөн сен, ошондуктан Тариэлден ажыратам», – деп кыздын бетине тырмак салды. Анан кыйкырып, эки чоочун элдик адамды чакырды да, аларга чүмкөлгөн Нестанды көтөрттү. Алар жөнөп кетер менен, Давар өзүн-өзү канжар менен жүрөккө уруп өлөт.

Ошентип, Нестан жоголот. Тариэл кайраттуу жигиттерден тандап 160ты алат да, Нестанды издеп кетет. Деңизден-деңизге өтөт кеме менен, айлар сызат, жылдар өтөт катарлап. Нестандан дайын жок. Алган азык түгөнүп, кол кырылат. Төрт эле адам калат: Тариэл, Асмат жана эки кул.

**15. Нурадин - Фридонго жолугуу.** Ошентип, Нестанды издеп жүргөн күндөрдүн биринде аларга баатыр кездешет. Жараланган, сынган кылыч колунда. Бул Мулгазанзар жеринин падышасы Нурадин-Фридон эле. Чоң атасы энчи бөлгөндө, ага бактуу арал тийген экен. Аны улуу агасы тартып алмакчы болуп жүрөт. Нурадин, оюнда эч нерсе жок, арал менен сейилдеп келе жатса, сансыз жоо тегерегин курчап калат, алардын арасында агасы бар. Айла канча, кармаш болот. Акырында Нурадин аралды таштап, качып чыгат. Мына эми ошол эр Тариэлге жолугуп отурат. Экөө достошот. Тариэлдин жардамы менен Нурадин душмандык кылган агасын жеңет. Ошондон кийин эс алуулардын биринде Нурадин бир кемени көргөнүн баяндайт. Кеме шашкан, катуу сүзөт. Ичинде эки кажет. Капка оролгон бир нерсе жатат, суурup чыгышса – кыз. Алар жээкке чыгышат. Кыздын чолпондой көзү бал-бал этет, кымча бел, билектен жоон колоң чачы бар. Бир жагы күн, бир жагы ай алмадай бет... Нурадин ошолорду көздөй чабат, ал жеткенче каракчылар кемеге түшүп, көздөн кайым болот... Нурадин Тариэлге жардамын көрсөтүп, жүз-жүздөн топ-топ кылып суучулдарды деңиз жээгин кыдыртып кызды издетет. Шаарларды каратат. Бирок кабар жок. Акыры Тариэл кетмей болот. Ага Нурадин кундуз жүндүү кара тулпарды тартуу кылат. Күлүк айлык жерге быш этип койбой чуркаган канаттуу мал экен.

Дагы издөө... Жолдон жез тумшуктарга кез болушат. Алар үйдөй таштарды кулатып, кыйкырышат. Ошолор менен кармашта эки кул жок болот, башын бөлөк, колун бөлөк кылып жез тумшуктар мүлжүп кетет.

Эми Асмат экөө эле калды. Ал Тариэлге жолборстун терисинен кийим тигет... Ушулардын баарын Автандилге айтып болуп, Тариэл дагы талып жыгылат. Оозуна Асмат суу тамызып, эс алдырат. Андан кийин Автандил өз элине кетет. Бирок «Бир түн кем, бир түн ашык да эмес, он эки ай толгон кезде келем. Эгер андан кечиксем да, баары бир келем. Нестанды издешем» – деген убада менен кетет.

### Суроолор

1. Сырдуу шердин көрүнүшү кандай эле?
2. Ростеван эмнеликтен санаага батты?
3. Тинатин Автандилге кандай тапшырма берди?
4. Автандил Тариэлди кантип тапты?
5. Тариэл деген ким?
6. Ал Нестанга кандайча ашык болду?
7. Нестан Тариэлди хатаваларга кандай максат менен жумшады?
8. Тариэл Хваразмшаны кандайча өлтүрдү?
9. Нестан кандайча жоголду?
10. Нурадин-Фридон менен Тариэл кантип достошту?

### Тапшырмалар

**1.** Белгисиз шер үчүн Ростеван санаага батпай койсо, Тинатин Автандилди издөө салдырып, убайымга чөкпөй койсо болот беле?

**2.** Автандил жокту издеп неге азаптанат? Эгер издебей жолдон кайра тартса, аны Тинатин сүйбөй коет беле? Же убадага туруксуз болуп калмакпы? А кокустуктан жолдон Автандил кырсыкка учураса эмне болот? Же убада, ант ошонун баарынан жогорубу?

**3.** Тариэл Нестан-Дарежанга ашык болуп калат, кыз да ага ашык болот. Анан сүйгөн жигитин сыноо үчүн хатаваларга согуш ач дейт. Салгылашта Тариэл курман болсо, Нестанга жеңил болмокпу? Баса, сүйгөнү, кокус баатыр болбосо, жөн-жай эле адам болсо, кантмек?

**4.** Тинатин да, Нестан да ашык болгон жигиттерин сыноодон өткөрөт. Бул эки сыноодо окшоштук же айырмачылык барбы? Сенин сүйгөн адамың ушундай тапшырма берсе, аткарар белең? Эгер уурулукка жумшасачы?

**5.** Парсадан кызын Хваразмшага колукту кылып берүүгө тилек кылат. Эмне, бул чал жаңылып калдыбы? Балким Тариэлди өз баласы катары көргөндүктөн, Нестанды ага берүүнү ойлонбогондур. Же чандыбы? Эгер ак батасын берип, Тариэлди күйөө бала кылып алса, окуя андан ары кандай өнүкмөк?

**6.** Нестан Тариэлге Хваразмшаны өлтүр дейт. Анан: «Мени сүйгөндүгүңдү ата-энеме айтпа, Индостанды бөлөктөр бийлөөгө тийиш эмес», – дейт. Деги бул кыздын эмне билгени бар? Тариэл Парсаданга кызын сүйө турганын айтса, эмне болмок? Тариэл да жаңылдыбы?

**7.** Эгер Нестанды Давар жоготпосо, окуя андан ары кандай өрчүмөк? Болжолдоп айтып берсең?



### Көрктүү оку

**1.** «Табышмак, сырдуу шер» деген бөлүмчөнү. Кара сөздү диктор, ырларды жеке бир окуучу (же бүт окуучулар хор менен) окуса болот. Ал эми Тинатиндин сөзүн бир гана окуучу окуйт.

**2.** «Нестандын Тариэлге айтканы», 10-тема. (Бул эки каармандын сөзү эки окуучунун катышуусу менен окулат.)

**16. Автандилдин кайрадан Тариэлди издеп чыгышы.** Ошентип, Автандил сүйгөн кызы Тинатиндин тапшырмасын аткарып, туулган жерине кайтат. Уккан-билгенин бүт Тинатинге айтып берет. Бирок кыз Автандилди кайра дагы жумшайт.

– Орундат бир бооруңа берген шертти,
Издеп тап, кайра барып Тариэлди.
Бирге бол тозокто да, жыргалда да,
Шордуунун табылганча издегени.
Айрылуу сенден күнүм – караңгы түн,
Айла жок, эрдик үчүн – эр жүрөгү...
– Жөнөймүн башка түшсө, баарын көрөм,
Ичинде бышуу керек ажалдардын.
Эстерсиң, сагынганда карап жүр – деп
Кол жоолук берүүгө да жарабадың.
– Ме, – деди алып чыгып, – сакта жаным, –
Тинатин бетке назик жоолук берет.

Кайрадан жол. Ростеван бул жолку сапарга макул болбосо да, берген анты үчүн, достун башына түшкөн мүшкүлдү кошо көтөрүү жана издегенин табышуу үчүн Автандил жолго чыгат. Жүрүп отуруп баягы үңкүргө келет. Асматжан аларды бир тууғандарча тосуп алат. Бирок Тариэл жок. Токтоно албай чыгып кеткен, ошол боюнча үңкүргө кайрылып келбеген... Автандил андан ары досун издеп кетет. Үч күн, үч түн жол басат. «Тариэл!» деп кыйкырат. Дайын жок. Бир белеске келсе, жошулган кумдуу жерге ат туягы тийиптир. Акмалап дагы азыраак барса, досу – Тариэл...

Бир нерсе күр деп келип тиет ага,
Ал аны артка ыргытат каардана.
Тамтык жок кийимдери бүт тытылган,
Айкырып калың камыш арасында.
Баатырдын бети-башы канталаган,
Бул өзү кандай шумдук, кандай балаа?
Автандил эмне экен деп турса байкап,
Каны агып дирт-дирт эткен арстан жатат.
Бир жолборс жаны чыгар-чыкпас болуп,
Тура албай көзү жайнап, оозун ачат.
Кылычы колундагы жерге түшүп,
Тариэл алдан кетип, болгон чарчап.

Эки шер кучакташып көрүшөт. Тариэл:

– Болду эми, мен ыраазымын, сени күтүп сактагам жарты нанды. Өлсөм эми арманым жок, анткени көмөрүм бар топуракты. Дос, сен кете бер, кызыксыз мага өмүрдүн ыракаты, – дейт. Автандил анда:

– Асмандан таш жааса да, Тариэл, жеңүү керек максаттарды. Турмушта ажалдарды кечип өтпөй, эч качан ала албайсың махабатты. Эр жигит – эрдик деген улуу урмат, жигитке эрдик актоо кымбат! – дейт. Маек уланат.

– Канат талды, дарманым жок учууга мындан ары. Кайда барсам көрө албайм, жер караңгы. Бир уктаса – ойгонуп азап чекпес, түбөлүктүү таттуу уйку болду дары. Жададым жер үстүндө жашагандан, чыдоого мындан ары жетпес чамам. Мени кой, күнүңдү көр, элиңе кайт, жолуңа түшүп алып, ушул келген.

– Бүгүнкү иш бүгүн колдон чыгуу керек, кезеги эртеңкинин эртең келер. Тариэл, атка мингин, ыр ырдасак, жарышсак талааларды артка таштап. Күүгүмдөп көз алдыңа пайда болор, ошондо алыс калган алтын жаш чак.

Анан экөө үзөңгүлөрү кагышып чаап жөнөйт. Үңкүргө келишет. Асмат эки агасын тосуп алат.

**17. Маек.** Чатырап от жагылып, таш казанда эт кайнайт. Тамак ичилет. Анан узун сабак сөз башталат. Эртеси, үлбүрөп таң атканда, Тариэл мындай дейт.

– Убадаң чын, антың чын, эр экенсиң,
Актай алдын, береним, курбулукту.
Сени менен учууга дарманым аз.
Байлап койгон тагдырым колду, бутту.
Билесиң го, соолгон гүл – гүл болбосун.
Гүл болсо да түрлөнгөн түр болбосун?
Башка келген өлүмдү ким ала алмак,
Ошондуктан мага эч ким жол тоспосун?
– Өмүр деген каухардай сууда жаткан,
Бир дегенче кубулган алда нече.
Бакытты белен бойдон суна бербейт,
Тагдырым текеберлүү пендесине.
Кулак сал, менин айткан акылыма,
Достукта баш иймек бар улуусуна.
Бел байлап жер дүйнөнү кыдырайын,
Көп эмес, туура он эки ай – бир жыл чыда.
Кыркына күттүң эми, бири калды,
Саргайган жетер деген муратына.
Тулпардын изин таштап, ай-ааламга,
Түшөйүн жер үстүнө, жер астына.
Биле алсам Нестандын амандыгын,
Кайтармын жазгы гүлдөр гүл ачканда.



– Сен да эр, мен да эр – эки жолборс,
Тагдырым издеп жүрүп кошкон жолдош.
Милдетим: буйругуна моюн сунмак,
Үйрөткөн насаатыңды сабак кылмак.

Автандил Нурадин-Фридондун шаарынын дарегин сурап билет. Ошентип, бирөө кетти күн батышка, жөнөдү экинчиси күн чыгышка.

**18. Автандил Нурадин-Фридонду тапты.** Ооба, үч ай жол жүрүп, араң издеп таап келген Автандилди Нурадин мыктылап коноктойт. Белине алтын кур тагат. Аңчылыкка чыгып сейилдешет. Жолго чыгарында Автандилге төрт баатыр берет. Кереги тиет деп, жанына акча салат. Алдына тукуму кун жеткис күлүк бедөө тартылат.

**19. Соодагерлер менен.** Жыргалдуу даамын татпай таттуу уйкунун деңиз жээктеп жүрүп отуруп Автандилдин тобу жүздөн төө чиркеген кербенге жолугат. Соодагерлердин айласы түгөнүп туруптур, шаарга кайтса зыян таап, деңизге сүзсө, каракчылар тономок. Автандилдин кеңеши боюнча кербенчилер кемеге отурат. Жолдон каракчылар тосот. Автандил заматта каракчыларды тыптыйпыл мойсойт. Тирүү калганы качып кетет. Алардын кемесиндеги кап-кап дилделер олжолонот. Соодагерлер байлыкка тунат, сактап калган баатырга бата беришет. Оболу, колубутун өпкүлөп да жиберишет. Бир карыясы: «Бизге олжо – кара жандын соо калганы, алалы өзүң билип бергендерди», – дейт. Автандил аларга минтип айтат: «Менде алтын, күмүш жыюу максаты жок, кызыксыз. Суранарым мени араңарга кошуп алгыла, туугандар, жер көрөйүн, барайын силер барган шаарларга. Кокустан бирөө сурап калса, мени өлсөңөр да айтпагыла. «Мүлк башчыбыз» деп койгула. Соодагерче кийинип мал сатайын. Соодагерлер сүйүнүп, «Айтпайбыз, шек билдирсек куран урсун!» – деп ант беришет. Ошентип, жол андан ары уланат.

**20. Гүланшоро шаарында.** Бул шаардан да Автандил бир жакын дос табат. Ал көпөстөрдүн башчысы Үсөйүндүн колуктусу – Батма. Бул аял нечен жылдар бою Тариэл издеп таппаган, Автандил саргара тартып, сан жыргалдан кечип коюп, издеп жүргөн Нестан-Дарежандын дарегин угузат.

**21. Батманын айтканы.** Гүланшоро шаарында Нооруз майрамы өткөрүлөт. Ошол күндөрү кеме токтоп, шаарга жол жабылат экен. Жүз түрлөнтүп тамак жасалып, шаардыктар бирин бири меймандыкка чакырышат. Падышага белек беришет. Анан тааныштар, кошуналар өздөрүнчө үлпөт курушат. Ыр ырдалат, бий бийленет. Ошол үлпөттөн кийин, Батма деңиз жээктеп келатып, бир окуяга туш болот.

Шумдук ай... Эмне экенин таануу кыйын,
Көз учума сур караан элестелет.
Жакшылап байкап турсам, ошол жакты.

Бир нерсе куштай учуп катуу келет.
Куурайдай катып калдым, көз айырбай,
Аңгыча кайык көрдүм, байкай-байкай.
Ичинде көөдөй кара бир эки адам,
Өндөрү түштө көрчү желмогуздай.
Ортосунда таңылуу бир сулуу кыз,
Чиркин ай, күн десең күн, ай десең ай.
Бат буруп жар түбүнө кайыктарын,
Сактанып жалт-жалт карап эки жагын.
Кургакка жанагылар ыргып чыкты,
Карааны жок болгон соң эч адамдын.
Балким, мени жытымдан сезер беле,
Гүл бактагы чатырга далдаландым.
Бирөө туруп жээкте, бирөө сууда,
Туткунду көтөрүштү шапа-шупа,
Айдай бетин сулуунун жаап койгон
Ак көйнөгү аз калган жыртылууга.
Суналыңкы мүчөсүн окшоштурдум,
Көлбүп учкан көк менен, куду ак кууга.
Жууп кетти шооласы ай жарыгын,
Табалады асмандын жылдыздарын.
Сүттөй аппак, жибектей үлбүрөгөн
Нур ороду эки айдын араларын.
Түн кезеги алмашып күн чыккандай
Уялгандан көзүмдү жаба калдым.
Төрт кулумду чакырдым ошол замат,
Даяр болду жолборстой төрт азамат.
«Каракчылар бир кызды алпаратат,
Тээ тигине! Артынан жеткиле бат!
Индостандын элиндей, түспөлү сулуу,
Максаттары алардын болсо сатмак.
Канча десе ошончо төлөгүлө!
(Паланча деп алардын көңгөнүнө)
«Жок» десе эгер, «мына» деп башын алып,
Кызды сууруп мен жакка жөнөгүлө.
Күзгү болор алдымда мелтиреген
Күндө үч убак жүзүмдү көрөрүмө.
Жетишти. «Миң дилде» деп эсептешет,
Караманча кашайып жок-жок жешет.
Сатпас оюн билген соң, белги бердим,
«Өлтүргүлө» дегендей колду кезеп.
Айтканымдай эки өлүк жолдо жатты,
Кулдарым сулууну алып тез келишет.
Боорума кучактадым жаш туткунду –
Ай жамалдуу ак чырай, күн сулууну.



Олуя акын болсоң да, колдон келбейт
Жазуу үчүн кагазга мына ушуну.
Көзүнүн бир тал гана кирпигине
Бааласа болор эле мен кургурду.

Ошентип, кызды Батма үйүнө алып келет. Бир боорундай сооротуп, чачын өрүп, ал үшкүрсө үшкүрүп, ыйласа ыйлап.

Моймолжуган өң кирди күндөн-күнгө,
Үлпүлдөгөн кебездей иреңине.
Балакетти башына салбасын дейм,
Көрүп коюп кокустан дагы бирөө.
Көшөгөсүн түшүрүп терезенин
Катып жаттым сулууну караңгы үйдө.
Муңканат, ыйлайт да, терең арман,
Көз жашы акпай турбас адат алган.
Торго түшкөн кептердей кебетеси,
Эркин учуп чыгууга азаптанган.
Көргөн күнүм тыптыйпыл өчүүчүдөй,
Кайсы күнү айрылсам бул сулуудан.
Сүрөттөсөм, кундуздай капкара каш,
Жерге жете сүйрөлгөн өрүлгөн чач.
Маңдайынан жалжылдап жылдыз жанат,
Алкымынан көрүнөт жутулган аш...
Ушунчалык боору таш ай, боору таш!
Кирпик какпай чырм этип уктаган жок,
Бал тамактан тырмактай даам алган жок.
Жүрөгүнө чынында барган да жок,
Кейийт, боздойт, буркурайт шолок-шолок.
Байкап турсам – зыркырап учкан өмүр –
Алсыздарга артыкча тирүү тозок.

**22. Батма Үсөйүнгө айтып койду.** Адегенде кыздын жайын күйөөсү Үсөйүнгө да айтпайт. Анткени ачык ооз, жеңил немнин элге жайып жибериши ыктымал. А эгер бир күнү кызды көрүп койсочу? Батмажан күйөөсүнө айтмай болот. Бирок «Шек билдирбейм» деп ант алат.

Ай жамалдуу сулууну көрөр замат,
Мас болгондой баса албай, сандырактап.
«Бул жалгандын биз көрчү пендеси эмес,
Күндөн түшкөн канаттуу жаш перизат», –
Деп күңгүрөп, жыгылат эстен кетип,
Уялыңкы күн сулуу жал-жал карап.

Үсөйүндүн эстен кетип жыгылганы эч нерсе эмес эле. Нечен күндөр өткөн. Үсөйүн падыша Сурхап-Меликке кошоматтанып, кыз жөнүндө айтып коет. Жөн да эмес, мындай дейт:

– Камдаган белегим бар кымбат баада,
Ылайык, башкага эмес, Сизге гана!
Сулууга жанды эритип жолуктурам –
Таксырым Сизге арналган колуктуга.

Ошентип, Үсөйүн антын бузат да, Нестанды падышага колукту кылып бермей болот. Сурхап-Мелик дароо эле кызды сарайына алдырат. Батма «тиер сага кереги» деп Нестандын кемерине наркына бир нече калаа келерлик жакут тагууга үлгүрөт. Падыша кызды алыста жоо менен кармашып жүргөн уулуна берүүнү ниет кылат да, Нестанды алтын менен жасалгаланган үйгө киирип, сыртынан карool коет. Үсөйүн падышадан белек алганына кудундап сүйүнөт.

**23. Нестандын эрдиги.** Туткундагы кыздын учайын десе канаты жок, көзүндө мөлтүрөгөн жаш. Түпсүз ой биринин артынан бири келет.

«Бактысы жок кулдардай байкуш болдум,
Кайда элем? Тентип жүрүп кайда кондум?
Кайда өстүм? Сүйгөн жарым кайда калдың,
Жайнаган ак гүл элем, неге соолдум?
Мен туткунду чоочун эл эрге бермек,
О кудай, таалайым тар, татаал жолум!
...Кордуктун дагы миңин көтөрө алам,
Милдетим – сүйүү антын жүрүү сактап.
Өлүмгө моюн сунсаң – бийлик кылат,
Өлүмгө кайрат кылсаң – алыс качат!

Сулуу кыз сакчыларга басып келди да, мындай деди:
– Тогуз кул, көз алдында шейит болом, капаста камалганча чоочун шаарда. Алтын тактын мага кызыгы жок. Баалабайм падыша уулунун атак-даңкын. Ушул жерден өзүмө канжар малам, жыргап уктайм кутулуп азаптардан. Мен үчүн канкор падыша баарыңардын башыңарды чаптырат. Андан көрө, мен качайын, муну алгыла. Жибек кур, алтын, каухар, чылк жакуттан.
– Жакут курду жаркылдатып сакчыларга ыргытты.

Дүнүйө чиркин – кимдерди алдандырбайт?
Дүнүйө – өзүнө кимдерди тамшандырбайт?
Дүнүйө качып түлкүдөй буландаса,
Кимдер аны ат минбей кубалабайт?
Дүнүйө деген суктанткан түрү менен,
Бир дегенче – миң түрлүү көздү байлайт.

Сакчылар макул болушат. Кыз башка кийим менен качып чыгып, Батманыкына келет. Ал сарайдан бир күлүктү алып чыгып, ага шапа-шуп ээр токуп, Нестанды аткарат. Ошентип, кыз түнү менен Гүланшоро шаарынан качып кетет. Эртеси куугунчулар келип Батманын үйүн тинтип таппай кетишет.



Ушул окуянын баарын Батмадан Автандил угат. Батма баянын андан ары улайт.

**24. Кажеттик карыянын маеги.** Нестандын кайда кеткени белгисиз. Батма ошону билгиси келет, тумчукkансыйт. Айласы куруганда бир кеп угулуп калар бекен деп, далдага отуруп алып, кербен сарайдан жолоочулардын сөзүн тыңшайт. «Жолоочунун эрмеги – жомок» дешип төрт жолоочу көргөн-билгенин сүйлөшүп отурат. Ошондо кептин кезеги тийген карыя буларды айтат.

– Кажет деген шаарда туулдум. Падышабыз ооруп өлүп калды. Дулардух деген карындашы анын тактысына ээ болду. Ошол учурда деңиздин тиги өйүзүнөн Дулардухтун эжеси кайтыш болуп, анын кайгысын дүнүйө менен ачмак болгон кол башчы Рошак жортуулга чыкты. Чогултту миң-миңдеген жигиттерди. Кербендерди талады. Мен ошол аскерлердин тобунда элем. Боз талаага туш болдук. Түн жарымы. Алыстан шоола көрдүк. Окшоттук көктөн түшкөн сулуу айга. Түн ичин жарык кылган бул эмнеси, ооз ачып туруп калдык бир далайга. Бирөө айтты: «Таң аткандын белгиси го». Дагы бирөө: «Кең бейиштин периси» – дейт. Ошол жарык жаныбызга жылып келди. «Эй, атчандар, жол ачкыла, баратам элчиликке Кажет шаарга» – дейт. Байкасак, дүйнөдө жок бир сулуу кыз, тулпарга минип алган баатырларча.

Сүттөй аппак нур басты чар тарапты,
Асманда ай уялып батып калды.
Дүйнө өзгөрүп, жер көктөй, көк асмандай
Жерден көккө ай нуру чачырады.

Күн сулуу колго түштү. Рошак аны канышa Дулардухка жеткирди.

**25. Сепилдеги кыз.** Батма жолоочуну чакырып, анын аңгемесин дагы бир жолу кайталатып угат да, кыздын ал-абалын билүү үчүн эки амалкөйүн чакырып, Кажетке жиберет. Ал эки сыйкырчы «сүф» деп койсо, аларды эч ким көрбөй калат экен. Үч күндөн кийин эки амалкөй кайтып келет да, буларды баян кылат. Кыз аман-эсен. Дулардух аны баласы Росанга арнады. Каныша узак жолго сапарга кетти. Ошол жактан келмейинче, той болбойт, токтотулуптур. Кыз азыр сепилде. Сепил куш учуп өтө алгыс бийик, аскалардан көчүрүлүп согулган. Сепилдин кылда учун булут орогон. Ал эми каалгасын сансыз дөөлөр кайтарып жатышат.

...Бул кабарды уккан Автандилдин сүйүнүчүн айтпа. Самандай сары өңүнө кызыл жүгүрдү. Анан чын сырын, сүйгөнү Тинатиндин тапшырмасын аткарып жүргөндүгүн, Тариэлди, Нестанды, алардын башына түшкөн тагдырдын соккусун, досторду түйшүктөн куткаруу үчүн азапка түшүп, жердин жүзүн кыдырып, тентигенин айтып берип, «Батмажан, мен шордуууга жардам көрсөт» – дейт. Батма макулдук берет.

**26. Батманын Нестанга жазган каты.**

Жашырдың сурасам да сырларыңды,
Алдыңда токсон айла кылбадымбы?
Кокустан сен айтпаган сырды билдим,
Катылган тумандаган муңдарыңды.
Тезинен Тариэлге кат жиберткин!
Кор кылбай кур азапка курманыңды.
Өзүңдү туткундуктан кутултууга,
Автандил шер келди мында.
Улуу кан Ростевандын көрөр көзү,
Күчүнө титиреген Аравия!
Билгениңдин бардыгын ушуга жаз,
Жаралган чын сүйүүнүн таалайына.
Катыңда билгениңдин бардыгын жаз,
Өткөрбөй бир мүнөттү учууга шаш.
Ишенсин бардыгына Тариэлиң
Колуңдан белек берип, көңүлүн бас.
Биз болсок, экөөңөрдү кошултууга
Күзгүдөй жол салабыз, жааса да таш.

Сыйкырчы бул катты алып, чапанынын эки бурчу эки канатка айланып, «бир» дегиче Кажет сепилине кетип барат. Кыздын бөлмөсүнө жеткенде, «сүф» деп койсо, кайра киши болуп калат. Катты берет. Нестан жооп жазат. Жооп менен кошо сыйкырчыга бир кезде Тариэл тартуулаган жоолукту берет. «Түшүнсүн Тариэлим бул белгиден кайгыда жатканымды туткун болуп», – дейт. Аяр кат менен жоолукту Батманын колуна жеткирет.

**27. Автандилдин шашканы.** Шер Нестандын каты менен жоолукту алып, Тариэлге жөнөйт. Кажеттерге чабуул жасап, Нестанды бошотуунун учуру келген эле. Жолдон Нурадин-Фридонго баягы өзү кошуп берген баатырлардан салам айттырат: «Чамам жок, убакыт тар жолугууга, жан кыйышпас жан досум угуп калсын. Жакын күндө аттанам чоң чабуулга. Каракчыдан түшүргөн олжолорду тартуу кылам, курдаштар баарыңарга» – дейт. Колунда болгон алтын, каухар, күмүштөрдү төртөөнө берет. «Нурадинге берип койгула» деп кат тапшырат. Ал катта «Досум болсоң, достук кыл ушундайда, даярдагын кол курап, кан майданга. Не кылам деп ойлосоң, кыла аласың, сенден качып кутулбайт токсон айла. Бузам десең бузасың аска тоону, жетем десең жетесиң асман, айга».

Автандил күн-түндөп жүрүп отуруп, Тариэлге жетет. Барса, ал адатынча жолборс менен алышып жатыптыр. Алдында кулап жатат бир арстан. Кылычы кан. Эки курдаш кучакташат. Автандил жакшы кабарын айтат. Нестандын катын сунат. Тариэл катты аягына чыгара окууга алы жетпейт. Эс-учун жоготуп кулап түшөт. Козголбойт. Автандилдин айласы түгөнөт. Суу издейт. Жок! Ошондо арстандын ысык канынан кочуштап келип, суу ордуна шер оозуна ууртатат. Тариэл ошондо эсине келет. Анан катты аягына чейин окуп чыгат. Сүйүнгөнүнөн айтаарга сөз таппайт.

Не десем, чын азамат сендей эрге?
Актармын акыркы күч менде болсо.
Биз үчүн сенин кылган жакшылыгың,
Эч качан эстен чыкпас өмүрүмдө.

Эки дос аттарына ыргып минип, Асмат турган кара үңкүрдү карай чаап жөнөшөт. Асматжан экөөн көрүп таң калат. Ырдашат! Ар дайым ыйлап жүрөр Тариэл жок: жулкунат жер тепкилеп, аты ойноктоп. Анан алардан кеткен бак, качкан куштун табылганын угат. Автандил Нестандын Тариэлге жазган катын колуна карматат.

**28. Үңкүрдө.** Бул жерде өзүнчө бир жашырын сакталган казына бар экен. Аны жез тумшуктардан Тариэл араң зорго тартып алган. Үчөө ээрчишип үңкүргө кирет. Ичи жалт-жулт эткен жакут таш, каухар, алтын... Көз көргүс караңгыда кырк бир каалгалуу кырк бир үй турат. Ар бир үйдө өмүр бою санасаң эсеп жеткис дүнүйө: алтын, кымбат баа жалтырактар, жоо жарагы. Эч бир кандын үйүндө мындайлар жок. Көркү он түрдүү кубулуп, көздү уялтат. Кыдырата илинген кылыч, найза, ай балта, болот соот, миң-сан кол болсо да жетерлик. Үчөө төркү үйгө кирсе, бет алдында чоң сандык, бетинде мындай жазуу бар:

«Бул сандыкты ачпасын күнөөлүү адам,
Күйүп өлөөр андайлар турган жайдан.
Сандыкты ачсын – кубатсыз, бечара адам,
Күч сураган жалынып махабаттан.
Шилтегенде, узарчу кылычтар бар,
Бир чапканда сан жоону кыра турган».

Сандыкты ачышты, ичинде чарайна, чопкут, соот, кылыч, мылтык. Эки шер ок өтпөстөй жасанышты. Дагы бир, өздөрү эмне кийсе, так ошондой шер кийимин алышты. Бул үчүнчү доско – Нурадинге арналган эле. Дилдеден бир аз алышып, кенч казынанын оозун үйдөй таш менен бекитишет.

**29. Фридондун сарайында.** Асмат, Тариэл, Автандил үчөө жол жүрүшүп отуруп Нурадинге келишет. Баарынан да анын «Даярмын – кул болууга кул ордуна, курдаштар, өлмөйүнчө ажал жетип» –деген сөзү досторду ыраазы кылат. Баягы казынадан алган эр жарагын Нурадинге беришти. Досторуна колунан келген бүт сыйын көрсөтүп отуруп, жаш падыша мындай дейт:

– Биз минтип бекер карап отурбайлы!
Кажеттер кайтып калса жолдорунан,
Курдаштар, ишибиздин болоор айыбы.
Аскердин көбү зыян, эске алалык,
Душманга шек билдирер уу-чуу болуп.
Тандалган үч жүз эрди ээрчители,
Басалы түн ичинде аңдып жатып.
Кажеттин сепилдери мага тааныш,
Коргону адам күчү кулата алгыс.
Эгерде жашырынбай ачык чыксак,
Нечен ай, нечен жылы урушабыз.
Шондуктан абайлатпай кириш керек.
Чыгарбай баскан изден эч бир дабыш.

Үч баатыр кан майданга камданат. Асматты баш-көз болууга Нурадиндин шаарына калтырат. Опокшош үч жүз бууданды минген жоокерлер Кажетти беттеп жолго чыгышат.

**30. Үч баатырдын кеңеши.** Ошентип, баатырлар түн ичинде Кажет сепилинин жанына келишет. Кантип жеңишке жетишүү керек?

**Нурадин:** Акылым эгер жакса көңүлүңөргө,
Үйрөнгөн бала кезден өнөрүм бар,
Мындан да бийиктерге ыргып чыгар.
Бириңер кыл аркандын бир жак учун
Сепилдин кырбуусуна илинте урсун,
Жол кылып мына ошону чуркап чыгам,
Кыйратам канча болсо кароолчусун.
Ичине ыргып түшөм жол ачылат,
Силерге эгер жакса бул сунушум.
**Автандил:** Көрүшөр сени дароо, коңгуроо урар,
Уктап жаткан колдору ойгонушар.
Түшүнбөй ошол жерден сени кармап,
Достуктун үзүлбөөчү наркын бузар.
Кантсең да көпкө жалгыз алың жетпес.
«Күч көптө» деп айтышат карыялар.
Күткүлө колдор менен мында калып,
Качырга көп дүнүйө артып алып,
Соотту, жарактарды кошо катып,
Болоюн соодагерден айырыбастык.
Сакчылар өткүн дешер жолун ачып,
Лып этип мен жөнөйүн ылдам басып.
Эрлерин сепилдеги бүт талкалап,
Бирин койбой кыйратып баштан-аяк,
Кыйраткан соң сепилдин каалгасын,
Шарт ачайын, чыккыла силер аттап,
**Тариэл:** Тыңдадым, жогоркудай сүйлөдүңөр.



Оюңар – менден мурда черди жазуу,
Кажетке кыргын салуу тилегиңер.
Башталса, кызыл кыргын, кан түтөсө,
Кара жер Кажеттерге дүңгүрөсө
Угулган чуудан коркуп ашык жарым,
Бийиктен биздин кылган ишти көрсө.
Ошондо экөөңөрдү болжоп таанып,
Не болом «Тариэлим жокко» десе.
Менимче үч тарапка бөлүнөлү,
Жүз-жүздөн үч күз колду тең бөлөлү.
Эки топ бер жагында аңдып туруп,
Бир тарап аз болгонсуп көрүнөлү.
Кажеттер ошол жакка ат койгондо,
Шап этип чыга калып өлтүрөлү.
Өлтүрмөк оңой эмес душмандарды,
Бирок да курчалмакчы бүт тарабы.
Бир жагын сепил өзү тосуп калмак,
Ошентип ээн-эркин алышалы.
Артына соо калтырбай бирин дагы,
Женгенче жан аябай чабышалы.

Ушул кеңеште Тариэлдин айтканын туура табышат.

**31. Сепилди талкалоо.** Баары Тариэлдин айтканындай болду. Жаракты ичтерине байланышкан бир топ сепилге шек бербей жүргүнчүдөй чачыла жөнөштү. Кыңылдап ырдап да коюшат. Ишенди Кажеттердин сакчысы да. Анан кармаш! Чочуган кажеттиктер керней тартып, коңгуроо урду. Баатырлары каптап чыкты. Бирок үч шер кез келгенин кыйратууда. Фридон бир чапканда кыркты өлтүрөт. Тариэл кирген жагын чөп чапкандай мойсогон. Туура он миң балтаке дөө жеңилип, жан соогалайт. Сепилдин коргондору омкорулуп, каалгасы майтарылат. Нестан-Дарежан отурган мунарага Тариэл биринчи жетип келет. Каргашадан улам көп жылдар азап чеккен эки ашык жолугушат. Анан Автандил менен Фридон кирип келип, ызаат кылып, колдорун бооруна алып, баш ийишет. Нестан экөөнү тең бир боорундай кучактап көрүшөт. Кажеттин алтын салган кампаларын ачып, андагы дүнүйөлөрдү он миң жорго, эсеп жеткис качырларга артып, үч баатыр Гүланшоро шаарына жөнөшөт.

**32. Жакшылыкка жакшылык.** Гүланшоронун падышасы Сурхап-Меликке Тариэл Кажет шаарын тартуу кылат. Мелик падыша бул кубанычка дүңгүрөтө той берет. Оюн-күлкү, таң-тамаша жумадан-жумага созулат. Ал эми Нестан Батмажанды өөп улам:

Гүл элем, кыш айланып соолуй турган,
Күн элем, ак жүзүмдү баскан туман.
Батмажан, жардам тийди өз колуңдан.
Ыраазымын, керек десең ушу азыр да.

24*

Сен үчүн менин жаным болсун курман,– дейт. Тариэл: «Биз үчүн жакын болдуң бир боордон да, дүнүйөм бар артып алган он миң нарга. Жана да санак жеткис качырларга, өзүңө мунун баарын тартуу кылам! Кантейин, аздык кылар ошондо да» – дейт Батмажанга. Ал: «Унутпа, качан сообу тиет, жардам бер кайда жүрсөң шордууларга», – деп коштошот. Мелик берген кемеге түшүп, Мулгазанзар шаарына жөнөшөт. Той бул жерде да уланТылат. Асмат менен Нестан – эки чолпон кучакташып көрүшөт. Нестан: «Жанымды сууруп берсем – актай алам, өзүңдүн чын бир боорлук кызматыңа» – десе, Асмат: «Сен күлсөң, менин күлкүм, шаттанганым. Дем алсаң, ошол менин дем алганым. Ыйың ый, сенин бактың – менин бактым, акталмак мына ошентип жашоо баркым». Сегиз күн, сегиз түн сайран болот. Фридон Автандилге түндө да күндүзгүдөй жанып турган чоңдугу жумурткадай тогуз бермет тартуулайт. Ал эми үңкүрдөгү казына толугу менен Фридонго берилет. Тариэл, Нурадин, Автандил, Нестан, Асмат – баары Аравияга жол тартат. Ростеван Тариэлди өз баласындай урматтап тосуп алат. Анан Тинатин менен Автандилдин үйлөнүү тою болот. Ошондон соң үч баатыр калың кол менен Индостанга аттанышат. Жолдон Индияны Хатайлардын басып алганын, Парсадан кызы менен баатырынын күйүтүнөн бир күн мурда кайтыш болгонун угушат. Хатайлар менен согуш кырк бир күнгө созулат. Тариэл жеңип чыгат, Парсаданга аш берет. Жети кандыктын бийлигин Тариэл алат. Анан Тариэл менен Нестандын үйлөнүү тою болот. Асматжанга Индостандын жетинчи шаарынын канышалыгы тартууланат.

Айрылышуу канчалык кыйын болсо да, достор өз элине кайтууга аргасыз болушат. Автандил Аравияга, Фридон өзүнүн түрк элине кетет. Үчөө үч жерде кандыгын жүргүзүп, эли жардысы жок, бардыгы бай, жыргал турмушта жашашат.

**33. Тамамы.** Мында Шота өзү жөнүндө айтат.

Дүйнөдөн жакшы да өтөр, жаман да өтөр,
Боору таш өлүм чиркин ылгабаган.
Бир жерден – Месх деген Руставиден
Мен ырчы жогоркудай ыр чыгарган.
Давидге – Грузиянын кудайына,
Арнадым анын жаркын ырайымына.
Таң атып, күн батканча ай-ааламды
Кармаган калтыратып ызгаарына
Күч берип жоо жеңе алгыс досторуна,
Уу төгүп кара ниет жамандарга...

### Суроолор

1. Автандилдин кайрадан Тариэлди издеп чыгышынын себептери кайсы?
2. Автандил Батмага жолукканга чейин кимдерге кездешти?



3. Батма Автандилге кыз жөнүндө эмнелерди айтып берди?
4. Нестан Кажеттердин колуна кандай себептен түштү?
5. Эмне үчүн Батма сепилдеги кыз менен кат аркылуу байланыш жасады?
6. Автандил Нестанды куткаруу үчүн кандай чараларды көрдү?
7. Үңкүрдөгү казына кандай экен?
8. Үч баатыр сепилди алуунун кандай жолдорун сунуш кылышты жана Нестанды кантип бошотушту?
9. Поэма кандай жыйынтыктар менен аяктады?

### Тапшырмалар

**1. Ой жүгүрт.**

1. Автандилдин мурунку үч жыл азап менен Тариэлди издеши жетиштүү эле да. Тинатин ошого эле ыраазы болсо болмок. Эми талаптын үстүнө талапты күчөтүп, Тариэлге кошо Нестанды табышасың дейт. Деги Тинатинде адамды аёо сезими барбы? Же канышалык бийлик анын жүрөгүн таш кылып салганбы?

2. Жолборс менен алышуу Тариэлдин оор кайгысын жеңилдетеби? Алар деле жашоого акылуу жаныбар да. Тийбей эле койбойбу?

3. Эмне үчүн соодагерлер жарым жандуу? Макул, жарым жаны өзүндө болсун, а жартысы кайда?

4. Үсөйүн Нестанды падышаа Сурхап Меликке тартуу кылып, белек алгысы келген. Белек алууну ойлонбогон Батма адамгерчилиги үчүн Тариэлден он миң нарга, эсеп жеткис качырга жүктөлгөн дүнүйөнү тартууга алат. Тариэл «Бул да аз болуп калды» – дейт. Бул кандайча?

5. Сакчылар Нестанды бошотуп жиберишти. Ошол жерде мындай ой айтылат: «Дүнүйө бардыгын алдайт, баарын өзүнө тамшандырат. Эгер ал түлкү болуп булаңдап качса, аны кубалабаган киши калбайт. Дүнүйө – суктанткыч, бир дегенче миң түрлүү көздү байлайт». Ушул туурабы? Дүнүйө – бул мүлк, байлык, көп акча. Аны менен ар кандай кылмышты, чыккынчылыкты жана бузукулукту жашырып калууга, башка бирөөгө оодара салууга да мүмкүн эмеспи? Же кандай?

6. Батмажан коштошордо Тариэлге: «Унутпа, качан болсо сообу тиет, жардам бер кайда жүрсөң шордууларга»– дейт. Бул насаат сөздү Тариэлге эле тийиштүү дешке болобу?

7. Сен бул поэмадан өзүңө кайсы сапаттарды алар элең?

**2. Көрктүү оку.**

«17. Маек» деген тема боюнча катышуучулар: диктор, Тариэл, Автандил. «21. Батманын айтканы» (жекече жана хор менен да окулат). «30. Үч баатырдын кеңеши». Катышуучулар: Нурадин, Автандил, Тариэл.

**3. Тез жооп бер** (бир аз токтоп калууга да болбойт).

Кара атты Тариэлге ким берген?
Тариэл Батмага кылган жакшылыгы үчүн кандай белек берди?
Нурадин-Фридон Автандилге кандай белек берди?
Казынадагы сандыктын бооруна эмне деп жазылган?
Асматка кандай сыймыктуу иш ыйгарылды?
Үңкүрдөгү казына кимге тартууланды?
Жолборс терисинен жасалган кийимди ким тиккен?
Шота Руставели дүйнөлүк кайсы алп акындардын катарында турат?
Дастан канча тилде, канча жолу китеп болуп чыккан?
Алыкул Осмоновдун кыргызча котормосу канча жолу китеп болуп басылган?

**4. Кызыктуу салыштыруу** (Каалоочуларга гана тиешелүү).

Шота Руставели Автандилге, Тамара Тинатинге окшош. Ростеван менен Парсадандын айрым жактары падыша Георгийге окшош.

Байкоо жүргүзүү үчүн төмөнкү тарыхый даректер сунуш кылынат.

1. Шота Руставелини Григорий III чоңойткон, зээндүү бала билимди да, өнөрдү да үйрөнгөн. Тамара экөө бирин-бири жактырып, бүлө болуу үчүн анттташкан. Бирок тилектери ишке ашкан эмес. Шотаны чет өлкөгө кетирип жиберишкен да, Тамараны Давид Сосланиге күйөөгө беришкен. Шота өзүнүн Тамарага болгон арзуу сезиминин күчүн «Жолборс терисин жамынган баатыр» дастанын жазуу менен билдирген. 2. Григорий IIIнүн өмүрүндөгү эркек уулсуз болуп, падышалыкты кызына өткөрүп берүүсү Ростеван менен үндөш (себеби Хваразмша – падышанын тукуму), Давид да ошондой, ал эми Шота төмөнкү карапайым адамдардын тегинен чыккан, ошондуктан акынга Тамарага жубай болууга жол берилген эмес. 3. Грузия XII кылымдын экинчи жарымында гүлдөгөн өлкө экен. Ал кезде Григорий III падышачылык кылып, 1184-жылы кайтыш болот. Кызы 1213-жылга чейин падышачылык кылган, өлкөдөгү чачкындыкты жоюп, бирдиктүү, экономикасы көтөрүлгөн, маданияты өскөн мамлекетке айландырган. Бул тарыхый дарек Ростеван менен Тинатин кандык кылган кездеги өлкөнүн бардар, дөөлөттүү турмушуна үндөш.

Ал эми окшош эмес жактары кайсылар? (Далилдеп айтып бер.)

### *«ЖОЛБОРС ТЕРИСИН ЖАМЫНГАН БААТЫР» ПОЭМАСЫНДАГЫ ОКУЯЛАР ТОПТОМУ*

1. Бет ачар.
2. Тинатиндин такка отурушу.
3. Эмне болду.
4. Табышмак сырдуу шер.
5. Тариэлдин сыры.
6. Тариэлдин Нестанга ашык болуусу.
7. Нестан-Дарежандын каты.
8. Тариэлдин хатайларды жеңиши.
9. Парсадандын кеңеши.
10. Нестандын Тариэлге айтканы.
11. Тойго даярдык.
12. Парсадандын каты.
13. Тариэлдин жообу.
14. Нестан-Дарежандын жоголушу.
15. Нурадин-Фридонго жолугуу.
16. Автандилдин кайрадан Тариэлди издеп чыгышы.
17. Маек.
18. Автандил Нурадин-Фридонду тапты.
19. Соодагерлер менен.
20. Гүланшоро шаарында.
21. Батманын айтканы.
22. Батма Үсөйүнгө айтып койду.
23. Нестандын эрдиги.
24. Кажеттик карыянын маеги.
25. Сепилдеги кыз.
26. Батманын Нестанга жазган каты.
27. Автандилдин шашканы.
28. Үңкүрдө.
29. Фридондун сарайында.
30. Үч баатырдын кеңеши.
31. Сепилди талкалоо.
32. Жакшылыкка жакшылык.
33. Тамамы.

### Тапшырмалар

**1.** Ушул окуялар топтому боюнча өзүңдү-өзүң текшер.

**2.** Калем менен ар бир теманын тушуна билсең «+», чала билсең «?», билбесең « –» белгилерин кой.

**3.** Суроо (?), кемитүү (–) белгилери турган темаларды кайра көз жүгүртүп, эсиңе түшүр.

**4.** Ошондон соң калем менен коюлган белгилерди өчүргүч менен өчүрүп сал.

### БЕЙНЕ ТОПТОМУ

Образ (бейне) окуялар аркылуу ачылат. Демек, жогорудагы окуялар топтому образдарды, алардын иш-аракетин, мүнөзүн, көз карашын, эмнеге жетишкендигин, өксүк, кем-карчын ж.б. түшүнүүгө кызмат кылат. Төмөндө каармандын тушуна ага тиешелүү окуянын өзү эмес, анын катардык сан белгиси гана коюлат.

| | |
|---|---|
| 1. Ростевандын бейнеси: | 2, 3, 4, 32. |
| 2. Парсадандын бейнеси: | 5, 6, 8, 9, 11, 12, 14, 32. |
| 3. Асматтын бейнеси: | 4, 5, 7, 14, 15, 16, 27, 32. |
| 4. Батманын бейнеси: | 20, 21, 22, 23, 24, 25, 26, 32. |
| 5. Нурадин-Фридондун бейнеси: | 15, 18, 27, 29, 30, 31, 32. |
| 6. Тинатиндин бейнеси: | 2, 4, 16, 32. |
| 7. Нестан-Дарежандын бейнеси: | 5, 6, 7, 8, 10, 14, 21, 22, 23, 24, 25, 26, 31, 32. |
| 8. Тариэлдин бейнеси: | 4, 5, 6, 7, 8, 9 10, 11, 12, 13, 15, 17, 27, 28, 29, 30, 31, 32. |
| 9. Автандилдин бейнеси: | 3, 4, 5, 16, 17, 18, 19, 20, 25, 26, 27, 28, 29, 30, 31, 32. |

*Үлгү.* Ростевандын бейнеси: 2, 3, 4 , 32. 2-темада Ростеван – Аравиянын колу ачык, март, баатыр, кызыл тилден теңи жок сөзмөр каны. Анын Тинатин деген кызы бар. Башка перзенти жок. Ростеван кандык тактысын ошол кызына берет. Анан кызына: «Көрөгөч бол, акылман бол, жакыр дебей, жарды дебей көз салгын. Тегиз нур чач, шордууларды калтырбай. Ким март болсо, береке да ошондо, сараң болгон өлүп кетет жарыбай. Берекеңди жая бергин кең-кесир, булак-булак суусун болгон дайрадай», – дейт.

Демек бул темада Ростеван баатыр март, чечен кан экендиги, кызы Тинатинге тактысын бергендиги, акылмандыгы ачылып берилет. Кызына айткан кеңешинен анын гумандуу, акыйкатчыл инсан экендиги айкын түшүнүлөт. Сөзү да кургак эмес, кулакка угумдуу, М.: «Тегиз нур чач», «Берекеңди жая бергин кең-кесир, булак-булак суусун болгон дайрадай». Бул саптар Тинатинге эле эмес, окуган кишиге да тез жетет. Ушул окуя аркылуу Шота акылмандыкты, берешендикти, жардыларга үзгүлтүксүз жардам берүүнү даңазалаган.

3-темада Ростеван 2-темадагыдай насаат айтуу менен чектелбейт. Ал сырткы көрүнүшү, кабагынын бүркөлүшү, ойго батышы, утуру үшкүрүшү менен айланасындагыларды тынчсыздандырат. Бул да өзүнчө табышмак,

чечидишин талап кылган кейгей. Ошон үчүн кол башчысы менен увазири кайгыруунун жөнүн Ростевандан сурашат. Көрсө, кан кызы чачкан дүнүйөгө капаланбаптыр. Ойго батып, үшкүрүшү башкада экен. Анын эрдигин алып калар Аравияда бир медер жок, арт жагында таянычы калбаптыр, ал эми Автандил болсо, андан үйрөнгөн өнөрү, эрдиги ага барабар эмес турбайбы? Кайран киши, бул жерде жеке мүшкүлү, кандык тактынын сакталышы гана эмес, купуя түрдө анын көзү өтсө, өлкөсүн коргой алар өзүнө тең эрдин жоктугуна, Ата Мекендин келечегине түйшөлүп, санаасы-санга бөлүнүп жаткан экен! Ушул ой, ушул санаа. Ростевандын адамдык турпатындагы, бейнесиндеги – өзөк, ошол эле учурда башкаларга да сабак болгон жана сабак боло берүүчү башкы тема. Ростевандан найза сайып, жаа тартуу боюнча кем калбаган баатыр бар экен. Ал – Автандил. Анан экөө жаа тартышуу боюнча өнөр сынашып, Автандил утуп кетет. Ошондон кийин гана Ростеван каткырып күлөт, жүрөгүндөгү каткан чер жибийт. Демек, ал Аравияны коргоп калар эр, баатыр бардыгына көзү жетип, сүйүнөт. 4-темада Ростеван табышмактуу жерди көргөндөн кийин дагы сары санаага кабылат. Бул убайымдан кутулуш үчүн ал жерди Автандилдин издешине макулдук берет. Кандын сары убайымга батышы 3-темадагы өлкөнүн келечеги үчүн жүрөктөгү чер болуп каткан кайгыдан көп эле бөксөлүк кылат, бирок ал андан аркы окуянын келип чыгышына башкы себеп болот. 16-темада Ростеван Автандилдин Тариэлди 2-жолу издешине макулдук бербейт. Себеби эл коргоор баатырды колунан чыгаргысы келбеген. Ошентсе да, 32-темада карыя Тариэлди өз уулундай тосуп алып, Автандилдин Тинатинге үйлөнүшүнө уруксат берет. Демек, Ростеван – элинин, өлкөсүнүн келечегине кам көргөн мыкты адам.

### Тапшырмалар

Төмөнкү тапшырмаларды үлгүгө окшоштуруп иште. Алар оозеки же жазуу түрүндө аткарылат. Тапшырмалар эки топко бөлүнөт.

**1.** Милдеттүү аткарыла тургандар: 1) Тариэл менен Нестандын бейнелери, 2) Автандил менен Тинатиндин бейнелери.

**2.** Каалагандар гана аткарат: 1) Парсадандын бейнеси; 2) Батманын бейнеси; 3) Нурадин-Фридондун бейнеси.

### Сыпат топтому

Бул топтомго дастандагы адамгерчилик, достук, Ата Журтту сүйүү, акылмандык, ашыктык, биримдик темалары кирет. Бул темалар да окуялар топтомунун жардамы менен түзүлөт. Көрсөтүлгөн сан окуялардын катарын билдирет.

1. Адамгерчилик: 2, 5, 15, 16, 17, 18, 20, 27, 28, 5, 32..
2. Достук: 15, 16, 18, 20, 21, 26, 32.
3. Ата Журтту сүйүү: 3, 8, 13, 32.
4. Акылмандык: 3, 28 (сандыктагы жазуу), 29, 30.
5. Ашыктык: 4, 6, 7, 10, 27.
6. Биримдик: 5, 30, 31.

### Эсиңе тут

1. Бул топтом сага тема боюнча кайталоодо керек.
2. Дилнаама, конспект, баяндама жазууда бул топтомду пайдалана аласың.



3. Бир эле окуяда бир нече тема тогошо келет. 3-окуяда «Өлкөнү коргой ала турган мендей эр жок» деген ой акылман аракет менен коштолот. Демек, анда Ата Мекенди сүйүү менен акылмандык темасы бар.

### Кайтала

147-беттеги «Ой сандык».

1) «Манас» дүйнөсүнө саякат» деген темадан «Ой сандыкты» кара. Окуядан ойду, образды кантип чубап алуу керек? Бул ыкма Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» сыяктуу кылымдарды карыткан чыгармасын үйрөнүү ишинде сага кызмат көрсөтөт, чыгарманын терениндe катылган сырды табууга, өздөштүрүүгө көмөктөшөт.

2) Өзүң тандаган окуяны схема боюнча талдап, анда берилген беш багыт боюнча ой тыянактарыңды чагылдырып баян жазсаң да болот.

## МАЗМУНУ


*АЛКОО* ........ 3

I БАП

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БАЙЫРКЫ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ

Байыркы кыргыздар жөнүндө ........ 4
Байыркы Орхон-Энесай жазма эстеликтери ........ 8
Барс-бекке арналган эстеликтеги жазуу ........ 11
Күлтегиндин эстелигиндеги жазуулар жөнүндө ........ 14
Күлтегин эстелигиндеги ташка чегилген жазуунун тексти ........ 14

II БАП

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ КӨРКӨМ КАЗЫНАСЫ

Жалпы маалымат ........ 21
*Адабият теориясынан. Фольклор* ........ 26
«Манас» үчилтиги.
«Манас» эпосу жөнүндө
«Манас» – кыргыз рухунун туу чокусу ........ 27
Кыргыз эли жана «Манас» ........ 29
«Манастын» жыйналуу жана изилденүү тарыхы ........ 31
Манасчылар ........ 32
Үч залкар. Сагымбай ........ 37
Саякбай ........ 42
Жусуп Мамай ........ 47
«Манас» жана азыркы учур ........ 49
«Манас» эпосу
Манас баатырдын төрөлүшү ........ 52
Баатырдын бала чагы ........ 57
Алгачкы эрдиктер ........ 59
Алтайдан Алатоого көчүү ........ 65
Алмамбеттин баяны ........ 68
Баатырдын үйлөнүшү ........ 76
Көзкамандар окуясы ........ 78
Көкөтөйдүн ашы ........ 80
Чоң казат ........ 85
Баатырдын набыт болушу ........ 91
Окуялар топтому ........ 93
Бейне топтому ........ 95
«Семетей» эпосу
Каныкейдин Көбөштөн чабылышы ........ 97
Семетейдин чоңоюшу ........ 102
Семетейдин Таласка келиши ........ 111
Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү ........ 115





Семетейдин Коңурбай менен согушу ........ 122
Семетейдин кайып болушу ........ 124
Окуялар топтому ........ 129
Бейне топтому ........ 129
«Сейтек» эпосу
Сейтектин төрөлүшү жана бала чагы ........ 132
Кыяздын өлүмү ........ 139
Сейтектин Таласка келиши ........ 140
Окуялар топтому ........ 144
Бейне топтому ........ 144
«Манас» дүйнөсүнө саякат ........ 145
*Адабият теориясынан. Баатырдык эпос* ........ 149

III БАП

ОРТО КЫЛЫМДАГЫ АДАБИЙ МУРАСТАРДАН

Жусуп Баласагын ........ 150
«Куттуу билим» поэмасынын кыскача мазмуну ........ 152
«Куттуу билим» дастаны боюнча корутундулар ........ 176
*Адабият теориясынан. Дидактикалык чыгармалар. Бейт* ........ 178
Махмуд Кашгари ........ 180
«Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» ........ 180
«Түрк тилдеринин сөз жыйнагынын» кыргызча таржымалы ........ 184

IV БАП

УЛАМЫШКА АЙЛАНГАН АКЫНДАРДЫН МУРАСТАРЫНАН

Асан Кайгы ........ 192
Кантти экен? ........ 193
Асан Кайгынын айткандарынан ........ 197
Асан Кайгынын санаттары ........ 197

V БАП

XIX – XX КЫЛЫМДАРДАГЫ ЭЛ ЫРЧЫЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

Жалпы маалымат ........ 200
Калыгул Бай уулу ........ 208
Маселдер ........ 210
Санаттар ........ 214
Арстанбек Буйлаш уулу ........ 218
Тар заман ........ 221
«Тар заман» жөнүндө ........ 223
Токтогул Сатылганов ........ 227
Гүлдөп ал ........ 230
Алымкан ........ 231

Жаштарга ..... 233
Кош, апаке ..... 234
Айланган тоонун бүркүтү ..... 235
Эңсеген элим, аманбы? ..... 236
Токтогул менен Эшмамбеттин учурашуусу ..... 238
Дүнүйө ..... 243
Өмүр ..... 248
Карылык ..... 249
Токтогулдун өлүм алдында ырдаганы ..... 252
«Кедейкан» дастаны ..... 253
*Адабият теориясынан. Философиялык лирика* ..... 255
Жеңижок Көкө уулу ..... 257
Жалгыз тал менен сүйлөшүү ..... 262
Үй-бүлө ..... 266
Балалык ..... 269
Өмүр мунарасы ..... 275
Ак куржун толо ыр калды ..... 278
Аккан суу ..... 281
«Аккан суу» – агып турган кыргыз руху ..... 289
*Адабият теориясынан. Ассонанс жана аллитерация* ..... 293
Барпы Алыкулов ..... 295
Кыскача өмүрү ..... 295
Барпы мунарасынын бийиктиги ..... 299
Айт, айт десе ..... 303
Ынтымак ..... 304
Дүнүйө ..... 306
Көз ..... 309
Даанышман акын ..... 310
Күн ..... 311
Шамал ..... 314
Арзуу лирикасы ..... 319
Гөзал кыз ..... 320
Мырзайым ..... 322
Бурак жан ..... 323
Мөлмөлүм ..... 324
Сынчынын сын баштыгынан ..... 327
Кошумча окуу үчүн:
Гүл кыздар ..... 328
«Кулмырза менен Ак Саткын» дастаны ..... 329
*Адабият теориясынан. Төкмөлүк* ..... 332

## VI БАП

## ТҮРК ЭЛДЕРИНИН МУРАСТАРЫНАН

«Огуз наама» эпосу жөнүндө ..... 334
«Өгүз каган» эпосу ..... 336



## VII БАП

## БАЙЫРКЫ КЫТАЙ ПОЭЗИЯСЫНАН

Тао Юань-мин
Аза ырларынан ..... 342
Бо Цзюй-и. Ли Бонун бейити ..... 343
Боз үй ..... 343
Ду Фу. Ооруган ат, Ли Бо түшүмө кирди ..... 344

## VIII БАП

## ЧЫГЫШ КЛАССИКАСЫНАН

«Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасы ..... 346
Окуялар топтому ..... 373
Бейне топтому ..... 374
Сыпат топтому ..... 376

Учебное издание

**Исаков Бектур Сыдыкович, Исакова Чолпон Бектуровна**

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ**

Учебник для 8-классов средней школы

*Второе издание*

Окуу басылмасы

**Исаков Бектур Сыдыкович, Исакова Чолпон Бектуровна**

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ**

Орто мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби

*Экинчи басылышы*

Редактору *С. Дуулатова*
Дизайнери *Ж. Субанов*
Техникалык редактору *М. Курбанбаева*
Компьютердик калыпка салган *С. Дуулатова*
Корректору *Р. Бектурова*

**Терүүгө** 20.11.2006. берилди. Басууга 27.12. 2006. кол коюлду.
**Офсет** кагазы № 1. Форматы 60Х90 $^{1}/_{16}$. «Мектеп» ариби.
**24,0 физ.** басма табак. Нускасы 50 000. Заказдын № 3.

Басмага "Билим+компьютер" басмасында даярдалды

«Учкун» ААК басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көч. 24.

